ЖУСУП БАЛАСАГЫН
атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН
ЖАРЧЫСЫ

Ар бир кварталда чыгуучу илим-билим
жана маалымат журналы

Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.А. Асипованын 80 жылдыгына арналган «Кыргыз Республикасында педагогикалык илимдин жана билим берүү технологияларынын абалы, көйгөйлөрү жана өнүгүү келечеги» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын илимий-практикалык конференциясынын жыйынтыгы

АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ

Бишкек – 2026

ВЕСТНИК
КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

Ежеквартальный научно-образовательный
и информационный журнал

СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК

Международная научно-практическая конференция, посвященная 80-летию заслуженного работника образования КР, д.п.н., профессора Асиповой Н.А. на тему: “Состояние, проблемы, перспективы развития педагогической науки и технологии обучения в Кыргызской Республике”

Бишкек – 2025

Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы»
журналынын редакциялык коллегиясы
Башкы редактор:
Чонтоев Д.Т. – география илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы КУУнун ректору.
Башкы редактордун орун басары
Камчыбек уулу Мырзабек – психология илимдеринин кандидаты, доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий иштери боюнча проректору.
Редколлегия:
Асипова Н.А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор;
Борубаев А. А. – КР УИАнын академиги, физика-математика илимдеринин доктору, профессор;
Галиева З. И. – тарых илимдеринин доктору, профессор;
Искаков И. – экономика илимдеринин доктору, профессор;
Ишекеев Н. – КР УАИнын корр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
Карабаев С. О. – химия илимдеринин доктору, профессор;
Мамбетакунов Э. – КР УИАнын корр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор;
Маразыков Т.С. - филология илимдеринин доктору, профессор;
Саякбаева А. А. – экономика илимдеринин доктору, профессор;
Сманалиев К. М. – юридика илимдеринин доктору, профессор;
Тиллебаев С. А. – филология илимдеринин доктору, профессор;
Чыманов Ж. А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор;
Шамшиев А.Б. –биология илимдеринин кандидаты, доцент;
Чет өлкөлүк мүчөлөрү:
Анисимов А. П. - юридика илимдеринин доктору, профессор, Дон мамлекеттик техникалык университети;
Ахунбаев А. – Евразия Өнүгүү Банкынын изилдөө секторунун башчысы (Dr.PhD);
Бердибаева С. К. - психология илимдеринин доктору, профессор, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети;
Бешимов Р. Б. – физ.-мат. илим. д-ру, проф., М.Улугбек атын. улуттук Өзбек уни-ти;
Бородкин Л. И. – М.В. Ломоносов атындагы ММУнун проф., т.и.д. РТИА корр.-мүчөсү;
Буркитбаев М. М. - химия илимдеринин доктору, профессор, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети;
Ковальская Л. А. – биол. илим. д-ру, БРМжТИИ лаб. башчысы;
Козлов К. Л. – физ.-мат. илим. д-ру, проф.,М.В. Ломоносов атындагы ММУ;
Мусурманов Р. К. – методология жана билим сапатын көзөмөлдөө боюнча проректору, М.Улугбек атын. улуттук Өзбек уни-ти;
Перегудин С. И. – физ.-мат. илим. д-ру, проф.Санкт-Петербург мамлекеттик уни-ти;
Садовничий Ю. В. – физ.-мат. илим. д-ру, проф.,М.В. Ломоносов атындагы ММУ.
Сманов Б. –педагогика илимдеринин доктору, профессор, Казак Улуттук Илимдер Академиясынын академиги.

КУУнун редакциялык-басма бөлүмү:
Шакирова К. К. – экономика илимдеринин доктору, РБ бөлүмүнүн башчысы;
Даровских Н.М. – редактор;
Рашитова А.Ж. – башкы адис.

Редакционная коллегия журнала «Вестник КНУ им. Ж. Баласагына»

Главный редактор

Чонтоев Д.Т. –доктор географических наук, профессор, ректор КНУ им. Ж. Баласагына.

Заместитель главного редактора

Камчыбек уулу Мырзабек – кандидат психологических наук, доцент, проректор по научной работе КНУ им. Ж. Баласагына.

Редколлегия:

Асипова Н.А. – доктор педагогических наук, профессор;
Борубаев А. А. – академик НАН КР, доктор физико-математических наук, профессор;
Галиева З. И. – доктор исторических наук, профессор;
Искаков И. – доктор экономических наук, профессор;
Ишекеев Н. – чл.-корр. НАН КР, доктор педагогических наук, профессор;
Карабаев С. О. – доктор химических наук, профессор;
Мамбетакунов Э. – чл.-корр НАН КР, доктор педагогических наук, профессор;
Маразыков Т.С. - доктор филологических наук, профессор;
Саякбаева А. А. – доктор экономических наук, профессор;
Сманалиев К. М. – доктор юридических наук, профессор;
Тиллебаев С. А. – доктор филологических наук, профессор;
Чыманов Ж. А. – доктор педагогических наук, профессор;
Шамшиев А.Б. – кандидат биологических наук, доцент;

Зарубежные члены редакционной коллегии:

Анисимов А. П. - доктор юридических наук, профессор, Донский государственный технический университет;
Ахунбаев А. – зав. сектором исследования стран Евразийского банка развития (Dr.PhD);
Бердибаева С. К. - доктор психологических наук, профессор, КазНУ им.аль-Фараби;
Бешимов Р. Б. – д-р физ-мат. наук., профессор, Национальный университет Узбекистана им. М. Улугбека;
Бородкин Л. И. – доктор исторических наук, профессор, МГУ им. М.В Ломоносова, чл.-корр. РАЕН;
Буркитбаев М. М. - доктор химических наук, профессор, КазНУ им.аль-Фараби;
Ковальская Л. А. - доктор биологических наук, зав. лаб. ВНИ и ТИБП, г. Щелково, Моск. обл.;
Козлов К. Л. – д-р физ.-мат.наук, проф. МГУ им. М. В. Ломоносова;
Мусурманов Р. К. - Проректор по методологии и контролю качества образования Национального университета Узбекистана имени Мирзо Улугбека;
Перегудин С. И. – д-р физ.-мат. наук, проф. Санкт-Петербургского государственного университета;
Садовничий Ю. В. – д-р физ.-мат. наук, проф. МГУ им. М. В. Ломоносова;
Сманов Б. – академик НАН РК, д-р педагогич. наук, проф.

Редакционно-издательский отдел КНУ:

Шакирова К.К. – доктор экономических наук, зав. отделом РИО КНУ им. Ж. Баласагына;
Даровских Н. М. – редактор;
Рашитова А.Ж. – главный специалист.

Editorial Board of the Journal "Bulletin of Kyrgyz National University Jusup Balasagyn"

Editor in chief

Chontoev D.T. – doctor of geographical sciences, professor, rector of Kyrgyz National University named after J. Balasagyn.

Deputy editor in chief

Kamchybek uulu Myrzabek – candidate of psychological sciences, associate professor, vice-rector for research of Kyrgyz National University named after J. Balasagyn.

Editorial Board

Asipova N.A. – doctor of pedagogical sciences, professor;
Borubaev A.A. – academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, doctor of physical and mathematical sciences, professor;
Galieva Z.I. – doctor of historical sciences, professor;
Iskakov I. – doctor of economic sciences, professor;
Ishekeev N. – corresponding member of the NAS KR, doctor of pedagogical sciences, professor;
Karabaev S.O. – doctor of chemical sciences, professor;
Mambetakunov E. – corresponding member of the NAS KR, doctor of pedagogical sciences, professor;
Marazykov T.S. – doctor of philological sciences, professor;
Sayakbaeva A.A. – doctor of economic sciences, professor;
Smanaliev K.M. – doctor of juridical sciences, professor;
Tillebaev S.A. – doctor of philological sciences, professor;
Chymanov Zh.A. – doctor of pedagogical sciences, professor;
Shamshiev A.B. – candidate of biological sciences, associate professor.

Foreign Members of the Editorial Board

Anisimov A.P. – doctor of juridical sciences, professor, Don state technical university;
Akhunbaev A. – head of the country research sector, Eurasian Development Bank (Dr.PhD);
Berdibaeva S.K. – doctor of psychological sciences, professor, Al-Farabi Kazakh National University;
Beshimov R.B. – doctor of physical and mathematical sciences, professor, National University of Uzbekistan named after M. Ulugbek;
Borodkin L.I. – doctor of historical sciences, professor, M.V. Lomonosov Moscow State University, corresponding member of the RAoNS;
Burkitbaev M.M. – doctor of chemical sciences, professor, al-Farabi Kazakh National University;
Kovalskaya L.A. – doctor of biological sciences, Head of Laboratory, All-Russian Scientific Research Institute of Biotechnology and Plant Breeding (ARSRIoTaBoFeB), Shchyolkovo, Moscow region;
Kozlov K.L. – doctor of physical and mathematical sciences, professor, Lomonosov Moscow State University;
Musurmanov R.K. – vice-rector for methodology and quality assurance in education, National University of Uzbekistan named after Mirzo Ulugbek;
Peregudin S.I. – doctor of physical and mathematical sciences, professor, Saint Petersburg State University;
Sadovnichy Yu.V. – doctor of physical and mathematical sciences, professor, Lomonosov Moscow State University;
Smanov B. – Academician of the National Academy of Sciences of the Republic of Kazakhstan, doctor of pedagogical sciences, professor.

Editorial and Publishing Department of KNU

Shakirova K.K. – doctor of economic sciences, Head of the editorial and Publishing Department of KNU named after J. Balasagyn;
Darovskikh N.M. – editor;
Rashitova A.Zh. – chief specialist.

Урматтуу кесиптештер, кадырман коноктор жана Нурбүбү Асаналиевна!

Бүгүн Кыргыз Республикасынын жана эл аралык илимий-педагогикалык коомчулукта терең урмат-сыйга ээ, педагогика илимдеринин доктору, профессор Нурбүбү Асаналиевна Асипованын 80 жылдык маараке син белгилөө менен анын илимий мектебинин калыптанышы, өнүгүү жолу жана билим берүү илимине кошкон зор салымы тууралуу сөз кылуу биз үчүн чоң сыймык.

Профессор Н.А. Асипова - Кыргыз Республикасында гана эмес, анын чегинен тышкары да кеңири таанылган көрүнүктүү окумуштуу, өз алдынча илимий мектепти түптөп, аны ийгиликтүү жетектеп келе жаткан илимпоз. Анын көп жылдык илимий ишмердүүлүгү билим берүүнүн теориясын жана практикасын тереңдетүүгө, өзгөчө көп маданияттуу билим берүү маселелерин илимий негизде иштеп чыгууга жана азыркы жаш муундун маданияттар аралык коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган.

Окумуштуунун изилдөөлөрүнүн концептуалдык өзөгүн советтик доордо үстөмдүк кылган интернационализмдин таптык түшүндүрмөсүнөн баш тартып, аны адамдардын күнүмдүк турмушундагы өз ара мамилелерди жөнгө салган адеп-ахлактык категория катары кароо идеясы түзөт. Бул көз караш 1980-жылдары эле мектеп окуучуларынын улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууга багытталган жаңы парадигмалдык илимий-теориялык багыттын негизин түзүп, педагогика илиминде олуттуу жаңычылдык катары кабыл алынган.

Профессор Н.А. Асипованын жаштар арасында маданияттар аралык коммуникацияны жана көп маданияттуу билим берүүнү өнүктүрүүгө арналган илимий эмгектери 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашаган Кыргыз Республикасынын социалдык-маданий шарттарына толук шайкеш келип, бүгүнкү күнгө чейин өз актуалдуулугун жоготпой келет. Бул изилдөөлөр билим берүү системасын гуманизациялоого, толеранттуулукка жана өз ара урматтоого негизделген коомдук мамилелерди калыптандырууга олуттуу салым кошууда.

Нурбүбү Асаналиевна 1971-жылдан бери Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде үзгүлтүксүз эмгектенип, 35 жыл мурда жогорку мектептин педагогикасы кафедрасын негиздеп, узак убакыт бою ага жетекчилик кылды. 55 жылдан ашуун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө ал республикада кеңири таанылган академиялык илимий мектепти түптөп, педагогика илимдеринин 3 докторун, 30 кандидатын, 20дан ашык магистрлерди жана PhD докторлорун даярдады. Ошондой эле жалпы педагогика, билим берүүнүн теориясы жана тарыхы багытында жогорку квалификациялуу эксперт катары 60тан ашуун кандидаттык жана доктордук диссертацияларга расмий оппонент, эксперт жана рецензент болуп, көптөгөн жаш окумуштуулардын илим жолуна түшүүсүнө өбөлгө түздү.

Бүгүнкү күндө профессор Н.А. Асипованын илимий мектеби республиканын билим берүү уюмдары, мугалимдер жамааты, жогорку окуу жайлардын окутуучулары менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барып, чет өлкөлүк илимий борборлор жана окумуштуулар менен активдүү илимий байланыштарды улантып келет. Анын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары 270тен ашуун илимий-методикалык эмгектерде, жеке жана жамааттык монографияларда, окуу китептеринде жарык көрүп, педагогика илиминин теориялык-методологиялык базасын байытуу менен бирге практикалык мааниге да ээ болууда.

Профессор Н.А. Асипованын илимий мектебинин концептуалдык негизи илимий-педагогикалык изилдөөлөрү билим берүүнүн заманбап парадигмаларына, инсандын көп маданияттуулукка калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, ааламдашуу шартында улуттук-маданий идентүүлүктү сактоо маселелерине, мугалимдердин кесиптик өсүшүндөгү акмеологиялык проблемаларга, ошондой эле альтернативдик билим берүү шартында классикалык университеттин миссиясын кайра кароого багытталган идеяларга таянат.

Нурбүбү Асаналиевнанын эл аралык деңгээлдеги илимий ишмердүүлүгү өзгөчө белгилөөгө татыктуу. Ал IREX, НАТО, Фулбрайт сыяктуу абройлуу эл аралык программалардын алкагында АКШнын жана башка мамлекеттердин университеттеринде тажрыйба топтоп, эл аралык эксперт

жана конок профессор катары иш алып баруу менен кыргыз билим берүү илимин дүйнөлүк илимий мейкиндикке тааныта алды.

Анын билим берүү тармагына кошкон зор салымы жана активдүү коомдук ишмердүүлүгү мамлекет тарабынан жогору бааланып, Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы, “Педагогикасынын каарманы” ардактуу наамы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Министрлер Кабинетинин Ардак грамоталары, “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер” наамы жана башка бир катар жогорку сыйлыктар менен белгиленди.

Урматту Нурбүбү Асаналиевна!

Сиздин 80 жылдык мааракӗңизди белгилөө менен, университет жамааты сиздин илимий-педагогикалык мурасыңызды, адамдык сапаттарыңызды жана улуттук билим берүү системасын өнүктүрүүгө кошкон салымыңызды терең урматтоо менен таазим этет. Сизге чың ден соолук, кажыбас кайрат, узак өмүр жана илим жолундагы ишиңиздин мындан аркы да үзүрлүү уланышын чын дилибизден каалайбыз.

Урматтоо менен, Ж. Баласагын атындагы КУУнун
ректору Чонтоев Д.Т.

«Дагы бир адамдар бар билими мол,
Билими жалпы журтка көрсөтөт жол.
Кадырлап, сыйлуу болгун алар менен,
Азбы-көппү билимин алгының сен.
Жаман менен жакшыны билет алар,
Ак жолду ажыратып баарын табар.

Билими даанышмандын элге жарык,
Жарык болсо түндө да жолуң анык.
Илими андайлардын сага керек,
Ак жолунду адашпас айтып берет.»

Жусуп Баласагын "Кут алчу билим"

УДК 37(092)

Сулайманова Рахат
Сулайманова Рахат
Sulaymanova Rakhat

УСТАТ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ
СЛОВО О МАСТЕРЕ
A WORD ABOUT THE MASTER

Кыскача мүнөздөмө: Макалада Кыргыз педагогика илиминин көрүнүктүү өкүлү, залкар окумуштуу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин доктору, профессор Нурбүбү Асаналиевна Асипованын заманбап педагогика илимине кошкон салымы, 55 жылдык эмгек жолунда катардагы мугалимдиктен баштап, эл аралык деңгээздеги окумуштуу-педагог жөнүндө сөз болот. Айрыкча замандаш коллегалары белгилеген сынчылдык, илимге карата такыбалык, адилеттүүлүк, талыкпаган эмгектен илимий мектеп жана анын шакирттеринин пикирлери берилген.

Аннотация: В статье рассматривается вклад профессора Нурбубу Асаналиевны Асиповой, видного представителя кыргызской педагогической науки, выдающегося ученого, заслуженного деятеля образования Кыргызской Республики, доктора педагогических наук, в современную педагогическую науку, об ее 55-летней карьере, от рядового учителя до ученого-педагога международной научной деятельности. В частности, приводятся мнения современников, коллег и учеников об ее критичности, скрупулезности по отношению к науке, справедливость и неустанный труд, результатом которых является созданная ею научная школа.

Abstract: This article examines the contributions of Professor Nurbubu Asanalievna Asipova, a prominent figure in Kyrgyz pedagogical science, an outstanding scholar, an Honored Educator of the Kyrgyz Republic, and a Doctor of Pedagogical Sciences, to modern pedagogy. She explores her 55-year career, from an ordinary teacher to a leading scholar and educator active in international research. Specifically, it presents the opinions of her contemporaries, colleagues, and students about her critical approach, meticulousness in her approach to science, her fairness, and tireless work, which resulted in the scientific school she founded.

Негизги сөздөр: окумуштуу, илимпоз, насаатчы, илимий мектеп, шакирттер, илимдеги из, көп тилдүүлүк, көп маданияттуулук

Ключевые слова: ученый, научный руководитель, научная школа, ученики, следы в науке, многоязычие, мультикультурализм

Keywords: scientist, scientific supervisor, scientific school, students, traces in science, multilingualism, multiculturalism.

Кыргыз педагогика илиминин көрүнүктүү өкүлү, залкар окумуштуу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, педагогика илимдеринин доктору, профессор Нурбүбү Асаналиевна Асипованын шакирти болуу педагогика илиминин кудугун ийне менен казууга белсенген бардык эле изденүүчүнүн бактысына туш келген эмес. Бул жагынан алганда анын билим-тажрыйбасын, устаттык улуу жолун улантканар бир шакирти өзүбүздү бактылуубуз деп эсептейбиз.

Жаш адамдын өз турмушунда туу туткан, идеал деп эсептеген, жан бүткөнгө теңегис, рухун тазарткан, шам чырак сымал жарыгын чачып, жылуулугун тартуулаган, барар багытын аруулаган инсаны болот тура. Көбүнчө адамзат жашоосундагы эң кымбат адамы катары келечек жашоо турмушуна жол ачып, билим-тажрыйбасын үйрөткөн, асыл максаттарды ишке ашырууга шыктандырган, ийгиликке жетелеген, кесиптик чөйрөдө саяпкердей таптаган, коомдук азан-казан жашоодо өзүн кумга сиңген суудай ордун таппай калуудан сактаган улуу мугалими, турмушта көзүн ачкан устаты эсептелет. Карт тарыхтын саргайыңкы барактарынын кайсы бүктөмүн ачып карабайлы буга мисалдар ого эле арбын. Мыкты устатка туш келген адам жашоодо абдан жолдуу болору анык. Анткени анын кийинки турмуш жолу ошого жараша аныкталары калетсиз.

Теңир-Тоонун сыймыктуу кызы

Кыргыз педагогика илиминин тарыхында аты алтын тамгалар менен жазылган, феноменалдуу окумуштуу, кайталангыс талант Асипова Нурбүбү Асаналиевна - Теңир-Тоонун сыймыктуу кызы. Ал – Ата-Мекендин намысына жаралган атактуу педагог, абройлуу илимпоз, чыныгы устат, шакирттердин сыймыгы, аялзатынын эталону.

Нурбүбү Асипова 1946-жылы 3-февралда Кочкор айлында жарык дүйнөгө келген. Ата-энеси көрөгөч, билимди баалаган адамдар болгондуктан, кичинесинен чыйрак өскөн, тиригарак кызынан келечегинде мыкты инсан чыгаарына терең ишенип, 1956-жылы 4-класска келгенде Фрунзе шаарында жаңы ачылган №1 мектеп-интернатына орноштурушкан. Ушул мезгилден тартып Нурбүбү эже турмуштун чоң даңгыр жолуна түшкөн. Ошол жерден өзүнүн алгачкы досторун тапкан. Алардын жакын мамилеси али күнчө уланып келет. Ал эми ошол окуучулук курактан бир класста билим алып, кийин соңу өмүрлүк жары болуп калган жан шерик жолдошу, адамгерчилик бийик сапаттарга сугарылган улуттун мыкты уулу Салморбек байке экөөнүн ортосундагы сый мамиле, тунук сезимдер ошол эле бойдон сакталып калган.

Турмушта бала кезинен жылдызы туура келип, оту күйүшкөн кыргыздын эки залкарынын 80 жаштын белесин багындырган мезгилдин мерчеминде быйыл экөөнүн мектепти аяктаганына туптуура 70 жыл толушу дагы адамзат тарыхында сейрек кездешүүчү узак жана бактылуу үй-бүлөлүк тагдырдын бар экенин күбөлөндүрөт. Себеби биз сөз кылып жаткан элибиздин эки сыймыгынын өмүр агымы 10 жашынан баштап бир дайрага бириккен.

Нурбүбү Асаналиевна менен Салморбек Асиповичти мектепте кыргыздын кеменгер окумуштуусу, чыгаан устат Исак Бекбоев математика сабагынан окуткан. Көрсө, ошол кезде эле келечегинде мугалимдик кесипти тандап, педагогика тармагынын дыңын бузган изилдөөчүнүн сапарын алууга улуу устаттан бала кезинен туура багыт алган экен.

Кичине кезинен өз алдынчалыкка тарбияланган Нурбүбү Асаналиевна, үйдүн улуусу катары кичүү бир туугандарын да бутунан тургузуу милдетин өз мойнуна алып, жаштайынан түйшүкчүл болуп чоңойгон. Ушул шарттар аны кийинки тагдырында жалпынын жүгүн көтөрө билген жоопкерчиликтүүлүккө, максатка жетүүдөгү өжөрлүккө, тырышчаактыкка, тыкандыкка, сарамжалдуулукка, баарына жетише билген убакытка болгон сарандыкка, камкорчулдукка калыптандырса керек.

Мугалимдик улуу кесиптин чыйыр жолу аркылуу залкар педагог-окумуштуунун бийиктигин багындырган кыргыздын лидер аялзаты

Нурбүбү эженин балалык курагынан дегдеп, эңсеп сүйгөн кесиби - мугалим болуу эле. Болгондо да чет тили мугалими болуу. Дал ушул асыл максаттар менен мектеп-интернатын аяктаган соң, 1964-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Ж.Баласагын атындагы КУУ) чет тилдер факультетине келип тапшырган. Жаштайынан тил үйрөнүүгө өтө шыктуу, сезимтал, зээндүү студент 1969-жылы университетти дагы эң мыкты деген баалар менен аяктап, көксөгөн тилегине жетүү максатында алгачкы эмгек жолун окуу жайдын жолдомосу менен Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарынын №4 орто мектебине чет тили мугалими болуу менен баштайт. Мектеп босогосун аттаган күндөн тарта окуучуларынын сүймөнчүлүгүнө татыган эжейге айланат. Барган сайын аны иштеп жаткан кесиби ого бетер арбап, балдарга болгон педагогдук сезими күч ала берет.

Бирок үй-бүлөлүк турмуш-шартка байланыштуу арадан бир жарым жыл өткөн соң борбор калаага кайтууга туура келет. Нурбүбү эжейдин кесиптик сапарындагы экинчи жашоосу мына ушул жерден башталат. Шаарга келген соң, ал өзү билим алган Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасына кирип, мугалимдик кесибин эми изилдөөчүлүк чыгармачылык эмгек менен айкалыштырууну чечет. Чындыгында мугалимдик түйшүктүү кесип чыгармачылык эмгек менен коштолушу керектигин астыртан сезген, жаштайынан кыраакы педагог илим жолунда да кыргыз билим берүүсүндөгү алгачкы окумуштуу кыздардын катарында өзүн татыктуу алып кете алды. Ушундан тарта улуу устаттары катары кыргыз педагогика илиминин чолпон жылдыздары А.Э.Измайлов, М.Р.Балтабаев, А.Я.Арет, Г.Т.Токтаров, И.Б.Бекбоев, И.С.Гершун ж.б. мектебинен таалим алып, изденүүчүлөрдүн чөйрөсүнө аралашкан жаш илимпоз өзүнүн чыныгы устаты, бир туугандан артык эжеси, санаалашы, кыйналса камкору, өйдө болсо өбөгү, ылдый болсо жөлөгү, акылчысы, кеңешчиси болгон кыргыз педагогикасынын Курманжан даткасы Нуриля Имаевага жолугат. «Эжени көрүп, сиңди өсөт» демекчи, илимий жетекчиси Нуриля Имаевнадан кайраттуулукка, бекемдикке, чечкиндүүлүккө, чапчаңдыкка, өжөрлүккө, жалпыны алып кете алган лидерликке үйрөнөт.

1976-1979-жылдары Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунун алдындагы күндүзгү аспирантурада окуп, аны 1980-жылы аяктаган соң, профессор Нуриля Имаевнанын жетекчилиги астында «Взаимосвязь интернационального и нравственного воспитания в школах с несколькими языками обучения» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Демек, жаш окумуштуунун келечегинен көптү үмүттөндүрөрү ошол кезде эле ириде адамды туура калыптандыруу, ага татыктуу тарбия берүү маселесин илимий өңүттө изилдөөдөн баштагандыгынан эле көрүнөт. Илимий ишинде негизги жыйынтык катары интернационализм жөнүндөгү “Бүткүл дүйнөнүн пролетариаттары бириккиле” деген калыптанып калган лозунгдун, таптык интернационализмдин ордуна ар улуттун өкүлдөрүнүн арасындагы өз-ара адамгерчилик мамиле, кызматташтык, түшүнүүчүлүк, сый-урмат, кайрымдуулук сыяктуу жалпы адамзаттык, адеп-ахлактык баалуулуктарга ширелишкен эл достугун тарбиялоо керектиги тууралуу көз карашты алып чыккан.

Ал эми 1998-жылы Казакстан Республикасынын Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университетинен 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын теориясы жана тарыхы адистиги боюнча «Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников» аттуу докторлук диссертациясын чет элдик окумуштуулардын зор кызыгуусу жана колдоосу менен ийгиликтүү коргогон. Себеби маселени тереңинен көрө билген, дасыккан окумуштуу өз изилдөөсүндө КМШ өлкөлөрүндө биринчилерден болуп улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууда ар бир өсүп келе жаткан инсанды өз улутунун маданий өзгөчөлүктөрүн алып жүрүүчү субъект катары кароо аркылуу ар улуттун өкүлдөрү ортосундагы бири бирине карата терең сый мамилелерди жалгаштырууну жалпы адамзаттык жана этникалык баалуулук катары кабыл алуунун илимий-теориялык негиздерин аныктап, маданияттаануучулук парадигмага негизделген педагогикалык шарттарын иштеп чыккан.

Натыйжада окумуштуу тарабынан жүргүзгөн изилдөөлөр өзүнүн социалдык жактан актуалдуулугу, илимий фундаменталдуулугу, методологиялык оригиналдуулугу менен айырмаланып, барган сайын дүйнөлүк педагогикада изилдөөчүлөр арасында өз маанисин арттырууда. Себеби Н.А. Асипованын илимий тыянактары бүгүнкү ааламдашуу доорунa мүнөздүү көп улуттуулук, көп тилдүүлүк, көп маданияттуулук шартында келечек муундун адеп-ахлактык түшүнүктөрүн улуттук маданий идентүүлүктүн алкагында калыптандыруу маселелерин чечүүгө багытталган.

"Изденген ийгилик жаратат" демекчи, Нурбүбү Асипова чарчап-чаалыкпастан, дамаамат чыгармачылык менен айкалышкан кумурскадай талыкпаган эмгектин натыйжасында илимдин бийик чокуларын багындырып, 1999-жылы педагогика илими боюнча профессор илимий наамын алса, 2000-жылы Москвадагы Эл аралык педагогика жана социалдык илимдер академиясынын анык мүчөсү, академик наамына ээ болгон.

Окумуштуунун педагогдук тагдыры

"Дарак бир жерден көгөрөт" демекчи, окумуштуунун педагогдук өмүрүнүн дээрлик бардык бөлүгү өзү окуган куттуу билим бешиги - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен байланыштуу. Башта белгиленгендей, ал аталган окуу жайдын жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында эмгек жолун адегенде лаборанттыктан баштап (1971-1973), андан кийин ассистент, мугалим (1973-1981); 1981-1989-жылдары доценттин милдетин аткаруучу; 1989-1998-жылдары доцент; 1998-жылдан бүгүнкү күнгө чейин профессор катары эмгектенүүдө.

Нурбүбү эже өзү окумуштуу катары жетилген бул кафедрада далай жылдары жетекчилик кызматты да аркалаган. Ал жетекчилик кылган жылдары кафедранын жалпы деңгээли бир кыйла көтөрүлүп, көптөгөн илимий долбоорлор менен иш алып баруу да жолго коюлган. 1996-жылы биринчи жолу Кыргызстандагы окуу жайлардын тарыхында анын демилгеси жана жеке салымы менен кафедра «Жогорку мектептин педагогикасы» деген аталышка өтүп, өзүнүн статусун жогорулаткан. Ошол мезгилдерден тартып аталган кафедра жогорку билим берүү системасындагы бирден-бир жетектөөчү кафедралардын башкы сабында турат. Бүгүнкү күндөгү педагог-окумуштуулардын көпчүлүгү ушул кафедрада илимпоз-окумуштуу катары калыптанышкан. Мына ушундай өз иштеген жерин гүлдөй асырап турган чакта, көптөгөн талапкердин ичинен жалгыз Нурбүбү эженин педагогдук ишмердиги жактырылгандыктан, атайын чакыруу менен 2001-жылдан тартып 2016-жылга чейин Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жалпы илимий педагогикалык деңгээлин көтөрүү, эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү миссиясы менен педагогика бөлүмүнүн башчысы кызматына дайындалып, бул окуу жайда дагы көрүнүктүү көзгө басар жетекчи-окумуштуу катары 15 жыл эмгектенип келген.

Нурбүбү Асаналиевна - "Ж. Баласагын атындагы КУУнун эң мыкты лектору» ардактуу наамынын ээси. Учурда ал Улуттук университетте ири окумуштуу, ардактуу профессор катары студенттерге «Жалпы педагогика», "Жогорку мектептин педагогикасынын негиздери", «Билим философиясы жана тарыхы», «Социалдык тарбия», «Өнүгүү жана окутуу» ж.б. дисциплиналар боюнча лекция жана семинардык сабактарды өтүү менен магистранттардын илимий иштерине жетекчилик кылат.

Эже менен бир катар окуу жайларда дээрлик жаштайынан чогуу иштешип келген кесиптеши катары кыргыз этнопедагогикасын калыпка салган, таалим-тарбия илиминин белгилүү өкүлү, профессор Акматали Алимбеков: *"Нурбүбү Асаналиевна жөн эле окумуштуу педагог эмес, сөздүн кеңири маанисиндеги интелектуалдык маданияты жогору инсан. Ал педагогикалык иште болобу, илимде болобу – моралдык жоопкерчиликти жогору койгон, ички эркиндикке ээ, маданиятка кызмат кылган, диалогго жана сынчыл ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, социалдык милдетин биринчи орунга койгон инсан. Ал кулк мүнөзүндө ушундай сапаттарды ыраатуу өнүктүрүп олтуруп, өзүнөн аялзатынан чыккан чыгаан илимпоз педагог, инсан идеалынын образын жарата алды.* ***Нурбүбү Асаналиевна студентттерге жөн эле билим берген окутуучу эмес, алардын руханий дүйнөсүн, инсандык сапаттарын, шаардык же айылдык чөйрөсүнө карабай өзүнө болгон ишенимин жогорулаткан, өз элинин маданиятын дүйнөлүк маданияттын өрнөк үлгүлөрү менен***

жуурулуштуруп, балдарды билим жана маданият чөйрөсүнө баштоочу "гид", устат" – деп, улуу педагог-окумуштуу тууралуу өзүнүн терең баасын берген.

Илимдеги изги жол

Нурбүбү Асипова өзүнүн илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн коомдук иштер менен да ийгиликтүү айкалыштыра билген инсан. Ал 2002-жылдан тартып, бүгүнкү күнгө чейин И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча диссертациялык кеңештин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окумуштуулар кеңешинин, илимий-техникалык кеңешинин мүчөсү болуу менен бирге өлкөдөгү илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн абалын талдоо боюнча Кыргыз Республикасынын мурдагы Билим берүү жана илим, азыркы Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин эксперти болуп саналат. Илимий-педагогикалык милдеттерди чечүүдө окумуштууга терең компетенттүүлүк жана чыгармачылык мамиле, ар бир жаңы ишти баштоого карата чечкиндүүлүк, демилгечилдик жана аны аягына чейин так аткарууга болгон чоң жоопкерчилик сыяктуу сапаттар мүнөздүү.

Нурбүбү Асаналиевнанын илимге арнаган өмүр жолун кыргыз педагогикасынын көрүнүктүү өкүлү, залкар окумуштуу Назаркул Ишекеев **"илимдеги парасаттуу тагдыр"** деп атап, өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө билим берүү менен тарбиялоонун төрт парадигмасын жетекчиликке алып келе жаткандыгын мындайча белгилейт: *"1) билим берүүнүн, тарбиялоонун максат-маанисин так жана даана айкындай билет; 2) билим берүүнүн мазмунун фундаменталдуу негизде уюштурууга ар дайым жана тынымсыз маани берет; 3) билим берүүнүн методикасы менен технологиясы инновациялык дөөлөткө, касиетке ээ болуп турушуна үзгүлтүксүз жана дамамат умтулат; 4) билим берүүнүн натыйжасын баалоодо академиялык чынчылдык үстөмдүк кылып турушун пир тутат. Дал ушул уңгулуу педагогикалык өрнөктөр эженин профессордук бейнеси менен портретин аныктап турат" - деп сыпаттайт.* Анын баамында, берген баасында *"Н.А. Асипова - Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун, маданиятынын, экономикасынын, билим берүүсүнүн өткөнүнүн, бүгүнкү күнүнүн жана келечегинин көйгөйлөрүн окумуштуу катары аналитикалык талдоого алып, ишенимдүү, кынтыксыз аргументтер менен эркин ой чайкаган кыргыздын көрүнүктүү кыздарынын бири".*

Агартуу ааламынын Айчүрөгү атанган, илимде Нурбүбү Асаналиевнаны үлгү туткан, педагог-окумуштуу А.Т. Калдыбаева эженин илимдеги изги жолун мындайча корутундулайт: *"Есть люди, чья жизнь становится частью истории – не только личной, но и истории целой отрасли, поколения, страны. К таким личностям относится доктор педагогических наук, профессор Нурбубу Асаналиевна Асипова – женщина, которая посвятила всю свою жизнь служению образованию, педагогической науке и формированию нового поколения исследователей и педагогов. Путь Асиповой в науке – это путь постоянного труда, самосовершенствования и подвижничества. Педагогика стала её жизненным стержнем, делом, которому она была верна без остатка".* Ырасында эле, эмгекчилдиктин, изденүүчүлүктүн, максатка жетүүдө өжөрлүктүн символу болгон, билим жана илимди пир тутуп, ага жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген зор кызыгуусу, берилгендик сезими аркылуу баш-оту менен киришкен Нурбүбү эже тууралуу айтылган бул ойго "адамды тарбиялоо" илими менен алектенген ар бир окумуштуу кошулат.

Белсенген ашат белести

Бүгүнкү күндө Нурбүбү Асаналиевна Кыргызстанда жана КМШ өлкөлөрүндө педагогика багытындагы белгилүү адис, белдүү окумуштуу.

Илимий-теориялык жана практикалык бай тажрыйбанын ашташкан жеринен келип чыккан изилдөөлөрдүн натыйжалары профессор Н.А. Асипованын 260тан ашык илимий-методикалык эмгектеринде, монографияларында жана окуу китептеринде чагылдырылган. Алардын арасынан: "Мектеп окуучуларынын этностор аралык маданиятын калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери" (1994); "Социалдык тарбия" (2004); "Билим философиясы жана тарыхы" (2010);

“Маданияттар аралык коммуникация жана көп маданияттуу билим берүү” (2015); “Студенттик жаштарды тарбиялоонун жана окутуунун актуалдуу көйгөйлөрү” (2016-жыл); “Заманбап билим берүү парадигмалары” (2019); “Көп маданияттуу билим берүү” (2022); “Педагогикалык психология” (2023); “Окутуу жана өнүгүү” (2024), “Кыргызстандагы коомдук жана гуманитардык илимдердин абалы жана өнүгүүсү” (2025) ж.б. окуу китептерин жана окуу куралдарын, SCOPUS басылмаларындагы 15тен ашык, РИНЦке кирген көптөгөн макалаларын белгилөөгө болот.

Н.А. Асипованын эмгектери ата-мекендик жана чет элдик көрүнүктүү окумуштуулар менен жаш изилдөөчүлөр арасында чоң кызыгууну жаратып келгендиги, анын эмгектерине методологиялык таяныч катары көп кайрылып, өз изилдөөлөрүндө аларга берилген шилтемелерден ачык көрүнүп, эженин окумуштуулук рейтингинин бийик экендигин тастыктап турат. Учурда окумуштуунун Н-индекси 10ду түзөт.

“Белсенген ашат белести” демекчи, Нурбүбү Асаналиевна өзүнүн көп жылдык талыкпаган, үзүрлүү эмгеги үчүн КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин ардак грамотасы (1987), КРнын эл агартуусунун отличниги (1989), Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча мамлекеттик комиссиясынын “Кыргыз тили” төш белгиси (2019); Кыргызстан педагогдор коомунун “Педагогиканын каарманы» ардак наамы (2020-жыл), илим жана билим чөйрөсүндөгү көп жылдык эмгеги үчүн КРнын Жогорку Кеңешинин ардак грамотасы (2020-жыл), КРнын Министрлер Кабинетинин ардак грамотасы (2021-ж.), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер ардак наамы (2022) менен сыйланган.

Көп тилдүүлүк аркылуу кыргыз педагогикасын дүйнөгө таанытткан окумуштуу-педагог

«Канча тил билсең, ошончо жолу инсансың» демекчи, улуттук жана расмий тилдерди эсепке албаганда да англис, түрк тилдерин мыкты билүү менен төрт тилде илимий көз карашын таамай чагылдыра алган окумуштуу, дүйнөлүк аренада чоң кызыкчылыкты жаратуу менен 1997-жылы АЙРЕКС программасынын грантын утуп алып, АКШнын Индиана университетинде конок окутуучу катары чакырылып, иштеп келген.

2007-жылдын мартынан 2009-жылдын аягына чейин НАТОнун гуманитардык өнүгүү программасы боюнча КМШ өлкөлөрү боюнча көз карандысыз эксперт катары тандалып алынып, серепчилик милдет аткарган. 2012-жылы АКШ тарабынан негизделген эл аралык Фулбрайт программасынын грантынын жеңүүчүсү катары Американын Огайо штатындагы Кент Стейт университетинде тогуз ай изилдөөчү окумуштуу катары эмгек өтөгөн. Мунун өзү профессор Н.А. Асипованын дүйнөлүк деңгээлдеги профессионал адис экендигинен кабар берет.

Чет өлкөлөргө барып иштөө, алардын тажрыйбасын үйрөнүү, чет элдик окумуштуулар менен жолугушуу, баарлашуулар Нурбүбү Асаналиевнанын билимин, тажрыйбасын байытууга жол ачты. Жаңычыл педагогдун чет мамлекеттерден алган тажрыйбасы учурдун талабына ылайык болгон Болонья процессине кирүүгө, жогорку билим берүү системасынын педагогика багытында көп баскычтуу бакалавр, магистратура, докторантура программаларын иштеп чыгууга илимий-практикалык өбөлгө түздү.

Окумуштуунун эмгектери Россия, АКШ, Канада, Польша, Түркия, Казакстан сыяктуу ж.б. жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө жарык көргөн. Анын илимпоз катары кыраакылыгы өзгөчө белгилеп көрсөтүүгө арзыйт. Анткени ал өзү изилдеген маселелердин өзөгүн көрүү менен анын өнүгүү тенденциясын аныктай билет. Ошол эле мезгилде илимий чыгармачылыгын бир нече тилде бирдей алып бара алган артыкчылыкка ээ.

“Из калтыр бул дүйнөдө, жакшылык ишиң менен” же профессор Н.А. Асипова түзгөн илимий мектеп

“Адам өмүрүнүн чыныгы баалуулугу анын артында калтырган изи менен өлчөнөт. Коомго билим, илим, акылмандык жана руханий дөөлөт тартуулаган инсан улуу мурас калтырат. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Нурбүбү Асаналиевна Асипова мына ушундай залкар инсан. Ал акылмандыктын, руханий гармониянын жана устаттык мээримдин булагы. Анын жарык жолу келечек муундарга дем берип, кыргыз педагогикасынын өнүгүшүнө дагы узак жылдар бою

багыт көрсөтө берет”- деп, залкар педагог-окумуштуу Абакир Мамытов белгилегендей, Н.А. Асипова Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары мамлекеттерде кеңири таанылган жана белгилүү окумуштуу, илимий мектептин жетекчиси болуп саналат. Ал өзүнүн 55 жылдан ашык илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүндө республикада кеңири таанылган академиялык мектепти түзө алды. Окумуштуунун педагогика илимине кошуп келе жаткан салымын эске алып, 2025-жылы Ж. Баласагын атындагы КУУда “Профессор Н.А. Асипованын илимий мектеби” расмий түрдө ачылган. Ал педагогика илимдеринин 3 докторун (Г.Т. Карабалаева, Р.Т. Сулайманова, М.А.Сатыбекова), 30 кандидатын жана бир канча PhD докторлорун даярдап чыгарды. Учурда алар Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн ЖОЖдорунда үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Н.А. Асипованын эмгектери гуманитардык жана студентке багытталган билим берүүнүн ар кандай аспектилерин, педагогикалык маселелерди изилдөөдөгү жаңы парадигмаларды, жаңы муундагы мугалимдерди даярдоону, заманбап технологиялык талаптарга жооп бере турган билим берүүнүн мазмунун модернизациялоого арналган. Ал жалпы педагогика, билим берүүнүн теориясы жана тарыхы боюнча жогорку квалификациялуу эксперт катары 60тан ашык кандидаттык жана доктордук диссертациялардын расмий оппоненти, эксперти жана рецензенти катары көптөгөн жаш окумуштуулардын тушоосун кести. Учурда Н.А. Асипованын илимий мектеби өзүнүн өнүгүү жолунда республиканын билим берүү уюмдары, мугалимдери, жогорку окуу жайлардын окутуучулары менен тыгыз байланышта болуп, башка өлкөлөрдүн окумуштуулары менен кызматташтыкты үзбөй келет.

Профессор Н.А. Асипованын илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү анын илимий мектептин негиздөөчүсү катары чет мамлекеттерде кеңири таанылган. Мунун анык мисалы катары ага 2015-жылдын 10-ноябрында Россиянын Табигый илимдер академиясынын (РАЕН) чечими менен «Илимий мектептин негиздөөчүсү» наамынын ыйгарылгандыгын айтууга болот.

Профессор Н.А. Асипова ар кандай илимий-практикалык долбоорлорго да жигердүү катышып келет. Алардын ичинен эң маанилүүсү катары батыш моделинин үлгүсүндө педагогика илимдери боюнча PhD докторлорун даярдоонун илимий-методикалык негиздеринин иштелип чыгышын белгилөөгө болот. Долбоордун жыйынтыгы менен педагогика илимдери боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде PhD докторлор даярдала баштады. Натыйжада 2024-жылы Кытай Эл Республикасынан келген сегиз PhD докторант диссертациялык иштерин жакташты. Учурда бул программада Кытай, Казакстан жана Кыргызстандан 60 докторант билим алышууда.

Иш дегенде ичкен ашын таштай жүгүргөн, кыргыз үчүн, анын билим берүүсүнүн, илиминин өнүгүшү үчүн өмүрүн арнаган, кара жанын карч уруп, мандай тер төгүп, түйшүк тартканы, элибиздин намыска бек, сыймыктуу, мекенчил кызы Нурбүбү эженин дал мына ушундай талыкпаган эмгегин, илим жолундагы устаттык беделин, көрөгөчтүгүн бийик баалаган кесиптештеринин бири Э. Лайлиева төмөнкү ойду берет: **“***Нурбубу Асипова - личность, которая посвятила подготовке достойных учеников, продолжателей своей научной школы всю свою профессиональную деятельность. Эже, несмотря на годы, очень востребована как педагог, как руководитель научной школы, как ученый. Нурбубу Асаналиевна относится к плеяде национальной интеллигенции, которая совершила цивилизационный скачок от маленькой “айылдык кыз” до “крупного ученого”, признанного в Центральной Азии, при этом сохранив традиции и обычаи своего народа. Это дорогого стоит!”*

Адамдык аруулукту туу туткан өтөлгөлүү өмүр

Нурбүбү Асипованы башкалардан өзгөчө айырмалап турган сапаты - бул анын адамга тиешелүү бардык ийгиликтерге жетише билгендиги. “Ийгиликке жеткиң келсе, деңиздеги сууга эмес, мээнетиңден аккан терге чөмүл”-деген сөз бар. Анын сыңарындай, эженин өз өлкөсүнүнүн илим жана билим берүү тармагына арнаган талыкпаган эмгеги менен жетишкен ийгиликтери жалпы кыргыз жаштарын туура жолго багыттап, “саргара жортсоң, кызара бөртө” турганыңдан кабар берет. Дал ушул сапаттары менен ал коомдо, жумушта, илимде, замандаштарын, шакирттеринин арасында үлгү тутарлык инсан.

«Өз өмүрүңдү сүйсөң убакытыңды бош өткөрбө, себеби убакыт өмүрдүн так өзү» деген даанышман ой корутундунун негизинде Нурбүбү Асаналиевна убакытка өтө сараңдык менен мамиле кылат. Ал кайсы иш болбосун, кандай учур келбесин милдетти аркалоодо, алдыга койгон максатты ишке ашырууда башкалардан мурда алгач өзүнүн алдына талапты катуу кое билген адам. Алдына койгон турмуштук туура позициясынын негизинде ушул сапаттары анын шакирттерине чоң үлгү. Себеби ал курулай акыл, кеңеш менен эмес, өз аракети, тажрыйбасы аркылуу турмушка туура багыт берип келет. Эң негизгиси, максатка умтулууда адам алгач өз күчүнө гана ишениши керек деген пикирди ар бир аракети аркылуу бекемдейт.

Нурбүбү эже шакирттерин окуучусу катары эле эмес, өз баласындай көрөт. Алар ийгилик жаратса көңүлү толкуп сүйүнөт, жабыркап турса жүрөгү менен күйүнөт... бирок ар дайым аны колдоп, эч качан кароосуз калтырбайт. Өзү кыйналышы, чайналышы мүмкүн, бирок шакирти үчүн кандай кыйынчылыктар болсо да, аска-зоодой тирек болуп туруп берет. Ал ошонусу менен күчтүү, ошонусу менен асыл, ошонусу менен бийик. Эженин ар бир шакирти ага башкаларына караганда жакын болгусу келет. Антсе да, устаттык жолундагы алгачкы шакирттери катары бизди өзгөчө жакын сезет деп түшүнөм, тагыраагы, жеке менин өзүмө карата эженин мамилеси ушундай сезилет. Мен эженин колдоосун, мага карата түйшөлүүсүн, чыныгы энелик мээримин ийгиликтүү иштеримде да, кыйналган учурларымда да жүрөгүм менен сезе алдым. Нуска сөзү, насаат кеби гана эмес, АПАлык караанынан дем-күч алдым. Анын бийик адамгерчилигинен, сыртынан караганда кол жеткис көрүнгөнү менен ички жан дүйнөсүндө турмуш сабактарын жакшы түшүнгөн жөнөкөй мүнөзүнөн ак менен караны, жакшылык менен жамандыкты, оң менен терсти, ачуу менен таттууну, ийгилик менен көрө албастыкты, адамдарды бири биринен ажыратууну үйрөндүм. Мен эжеден ***“Адегенде адам бол, андан кийин адис бол”*** деген педагогикалык философияны кабылдадым.

Улуу устат катары ушунусу менен ал менин жүрөгүмдүн төрүнөн орун алды. Мен ЭЖЕге өмүр бою ыраазымын жана карызмын. Башкаларды баса белгилеп айтпаганда да, эженин жеке мен үчүн жасаган эмгегине баа жеткис. Мына ушундай түйшүк менен ал ар бирибизди бутубузга тургузду, турмуштан туура жана татыктуу орун таап берди, илим жолуна салды. Анткени ал адамдын дараметин астырган байкап, Толубай сынчы сымал, көрөгөчтүк менен идиреги бар шакиртине ишеним артат, аны алдыга сүрөп, ийгиликти жаратууда ыкчам кыймылдаганга дымак берет, өзүнө ишенбестик, камырабастык сезимдерди түп-тамыры менен жоюп, жакшы иштерди жаратууга канат байлатат.

Мугалим окуучуга билим, тарбия берүү менен эле чектелбестен, аны турмуш жолуна туура багытташ үчүн сөзсүз түрдө ага өзүнүн бүтүндөй өткөргөн өмүрү менен өрнөк боло алышы керек деген ойду айткым келет. Дал мына ошол өрнөктүү өмүр менин ардактуу устатым, аздектеп барктаган инсаным, улуу мугалимим Асипова Нурбүбү Асаналиевнага таандык.

Сиздин агартуу айдыңынын Акыл Карачачы катары таанылган өрнөктүү өмүрүнүздөн ар бир кыргыз атуулу сабак алса, өлкөбүздүн келечек тагдыры үчүн кайдыгер карабаган адам болуп калыптанат. Калайык калың калкыңыз мына ошол келечектин ээлерин эли-журтун, улут намысын коргоого калыптаган, УЛУТТУН УЛУУ УСТАТЫ катары жасаган ак эмгегиңиз бул чыныгы баатырдыктын жеткен чеги деп түшүнөт.

Шакирттериңиз сиз менен ар убак сыймыктанат! ***Мааракеңиз кут болсун, менин УЛУУ МУГАЛИМИМ, АСЫЛ УСТАТЫМ!***

Пайдаланылган адабияттар:

Замандаштардын, кесиптештердин, шакирттердин Н.А. Асипова тууралуу пикирлери төмөнкү китептерден алынды:

1. Ийгилик сапары – путь к успеху: Био-библиографиялык очерк / Түзүүчү авторлор: Н.А. Асипова, Р.Т. Сулайманова. – Б.: Фаст принт, 2016. – 191 б.
2. Биз тандаган жол: Био-библиографиялык очерк / Түзүүчү авторлор: Н.А. Асипова, Р.Т. Сулайманова. – Б.: Ж. Баласагын атындагы КУУ, 2026. – 172 б.

УДК 37.012.3

Байжуман Балтабевич Кашхынбай, Калкеева К.Р.
Байжуман Балтабевич Кашхынбай, Калкеева К.Р.
Kashkhynbay Baizhuman, Kalkeyeva K.

ИЛИМДЕГИ ТУРМУШ: ПРОФЕССОРДУН ЮБИЛЕЙЛИК САЯКАТЫ НУРБУБУ АСАНАЛИЕВНА АСИПОВА
ЖИЗНЬ В НАУКЕ: ЮБИЛЕЙНЫЙ ПУТЬ ПРОФЕССОРА НУРБУБУ АСАНАЛИЕВНЫ АСИПОВОЙ
LIFE IN SCIENCE: ANNIVERSARY JOURNEY OF A PROFESSOR NURBUBU ASANALIEVNA ASIPOVA

Кыскача мүнөздөмө: Макала окумуштуу аял Асипова Нурбүбү Асаналиевнанын инсандыгын азыркы коомдун маанилүү баалуулугу жана байлыгы катары талдоого арналган. Бул эмгекте жогорку окуу жайында илимий жана педагогикалык ишмердүүлүктү көп жылдар бою жүзөгө ашырган өмүр жана кесиптик жолу каралат. Анын илимий билимдерди өнүктүрүүгө, академиялык маданиятты калыптандырууга, ошондой эле студенттерди жана жаш адистерди тарбиялоого жана кесиптик жактан калыптандырууга кошкон салымына өзгөчө көңүл бурулат. Заманбап билим берүү жана илимди трансформациялоо шарттарында окумуштуунун инсандык сапаттарынын - жоопкерчиликтин, илимге берилгендиктин, интеллектуалдык чынчылдыктын жана жарандык позициянын ролу ачылат. Жогорку окуу жайында окумуштуу аялдын ишмердүүлүгү илимий салттарды сактоо жана өткөрүп берүү, гуманисттик баалуулуктарды бекемдөө жана коомдун туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү фактор болуп саналат.

Аннотация: Статья посвящена анализу личности женщины-учёного Асиповой Нурбубу Асанлиевны, как значимой ценности и достояния современного общества. В работе рассматривается жизненный и профессиональный путь, на протяжении многих лет осуществляющей научную и педагогическую деятельность в высшем учебном заведении. Особое внимание уделяется ее вкладу в развитие научного знания, формирование академической культуры, а также воспитание и профессиональное становление студентов и молодых специалистов. Раскрывается роль личностных качеств ученого - ответственности, преданности науке, интеллектуальной честности и гражданской позиции - в условиях трансформации современного образования и науки. Показано, что деятельность женщины-учёного в вузе выступает важным фактором сохранения и передачи научных традиций, укрепления гуманистических ценностей и устойчивого развития общества.

Abstract: The article is devoted to the analysis of the personality of a female scientist, Asipova Nurbubu Asanlievna, as a significant value and asset of modern society. The work examines the life and professional path of a woman who has been engaged in scientific and pedagogical activities at a higher educational institution for many years. Special attention is paid to her contribution to the development of scientific knowledge, the formation of academic culture, as well as the education and professional development of students and young professionals. The role of a scientist's personal qualities - responsibility, dedication to science, intellectual honesty and citizenship - in the context of the transformation of modern education and science is revealed. It is shown that the work of a female scientist at a university is an important factor in preserving and transmitting scientific traditions, strengthening humanistic values and sustainable development of society.

Негизги сөздөр: окумуштуу ИНСАН, илимдин насаатчысы, трансформация, ачыктык жана тынымсыз жаңылануу, жасалма интеллект, ааламдашуу, санариптештирүү, академиялык идентүүлүк, илимдин ааламдашуусу, академиялык мобилдүүлүк.

Ключевые слова: личность ученого, наставник науки, трансформация, открытости и постоянного обновления, искусственный интеллект, глобализация, цифровизация, академическая идентичность, глобализации науки, академическая мобильность.

Keywords: personality of a scientist, mentor of science, transformation, openness and constant renewal, artificial intelligence, globalization, digitalization, academic identity, globalization of science, academic mobility.

В этом году свое 80-летие отмечает выдающийся ученый, педагог и наставник - доктор педагогических наук, «Заслуженного работника образования Кыргызской Республики», профессор Нурбубу Асаналиевна Асипова, чья жизнь и деятельность стали ярким примером преданности науке, образованию и духовному развитию общества.

XXI век по праву называют эпохой глобальных трансформаций, в которой наука стала одной из ведущих сил, формирующих облик человечества. Современная научная деятельность развивается в условиях глобализации, интернационализации и цифровизации, что кардинально меняет роль и облик ученого. Сегодня ученый - не просто исследователь в лаборатории, а гражданин мира, включенный в единую систему международных научных коммуникаций, цифровых технологий и глобальных образовательных процессов. Вот такую мы знаем «Заслуженного работника образования Кыргызской Республики», доктора педагогических наук, профессора Нурбубу Асаналиевну Асипову - выдающуюся ученую и педагога, внесшая значительный вклад в развитие педагогической науки и подготовку научных кадров.

Современная наука - это пространство сотрудничества, открытости и постоянного обновления. А современный ученый - это человек, который учится всю жизнь, соединяет в себе исследователя, педагога, гражданина мира и хранителя человеческих ценностей. Нурбубу Асаналиевна всегда находила новые горизонты взаимодействия и могла использовать безграничные возможности науки для сотрудничества. Для нее научные исследования перестали быть делом отдельных государств, она всегда понимала интернациональный характер науки и образования, объединяющие ученых из разных стран вокруг общих проблем человечества: экологии, здоровья, образования, искусственного интеллекта, генетики.

Стало очевидной, что глобализация делает науку более открытой, но и более конкурентной. Поэтому пройденный путь в науке Нурбубу Асаналиевны подтверждение тому, что ученый должен быть не только исследователем, но и коммуникатором, способным презентовать свои идеи на международных площадках, понимать культурные коды разных академических традиций и работать в многонациональных командах.

- Окуучулардын функционалдык сабаттуулугун жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүү.
- Билим берүүнүн инклюзивдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.
- Эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграциялоо.

Бул концепцияны ишке ашыруу аркылуу Кыргызстан билим берүү системасын заманбап талаптарга ылайыкташтырып, келечек муунду сапаттуу билим менен камсыздоого умтулат.

Жыйынтык

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, 12 жылдык билим берүү системасы окуучулардын жекече өнүгүүсүнө, чыгармачылыгына жана заманбап көндүмдөрүнө басым жасайт. Кыргызстанда бул системага өтүү билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана эл аралык стандарттарга шайкеш келүүгө багытталган. Бул өзгөрүүлөрдү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн мугалимдерди даярдоо, окуу программаларын жаңылоо жана мектептердин инфраструктурасын жакшыртуу зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Нуруева Ж.Б. Билим берүүнүн заманбап тенденциялары // Bulletin of the Kyrgyz National University named after J.Balasagyn, 2024, No. 3 (119), p.27

2. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. (2024) Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Bulletin of the Kyrgyz National University named after J.Balasagyn, 2024, No. 3 (119), p.39

3. Кутбилим: kutbilim.kg/analytics/inner/zaman-talaby-bilim-ber-n-n-mazmunun-zha-yloo/?utm_source=chatgpt.com

4.[Электронный ресурс]: kabar.kg: www.kabar.kg/news/12-zhyldyk-bilim-berg-t-zhashtardyn-djnlk-emgek-rynogunda-z-ordun-tabyshyna-blg-tzt-ministr/?utm_source=chatgpt.com

5. [Электронный ресурс]: Кутбилим:kutbilim.kg/analytics/inner/12-zhyldyk-6-3-3-model-tandaldy/?utm_source=chatgpt.com

6. [Электронный ресурс]: kabar.kg: www.kabar.kg/news/kyrgyzstanda-12-zhyldyk-mekteptik-bilim-bern-etap-menen-kirgiz-ulantylat-ministrlik/?utm_source=chatgpt.com

7. [Электронный ресурс]: https://kutbilim.kg/analytics/inner/bilim-sapatyn-zhogorulatuu-ch-n-tarmakty-reformaloonun-zholdoru/

8. [Электронный ресурс]: Statista:www.statista.com/statistics/986919/pisa-student-performance-by-field-and-score-finland/?utm_source=chatgpt.com

9. [Электронный ресурс]: Wikipedia:en.wikipedia.org/wiki/Education_in_Finland?utm_source=chatgpt.com

10. [Электронный ресурс]: Global Education Park Finland: www.globaleducationparkfinland.fi/about-global-education-park-finland/the-finnish-education-system?utm_source=chatgpt.com

11. [Электронный ресурс]: Financial Times: www.ft.com/content/26c56174-76ab-493b-9770-6d1ed4996505?utm_source=chatgpt.com

12. [Электронный ресурс]: ischool Connect: ischoolconnect.com/blog/features-of-finlands-education-system-all-you-need-to-know/?utm_source=chatgpt.com
13. [Электронный ресурс]: Finland Toolbox: toolbox.finland.fi/life-society/future-skills/?utm_source=chatgpt.com
14. [Электронный ресурс]: travelerwin.com: wforstudy.com/singapore-education-system-a-global-benchmark-of-excellence/?utm_source=chatgpt.com
15. [Электронный ресурс]: Singapore Travel: singaporetravel.online/articles/why-singapore-education-system-is-so-successful/?utm_source=chatgpt.com
16. [Электронный ресурс]: Very well Family: www.verywellfamily.com/singapore-math-pros-and-cons-620953?utm_source=chatgpt.com
17. [Электронный ресурс]: The Conversation: theconversation.com/why-is-singapores-school-system-so-successful-and-is-it-a-model-for-the-west-22917/?utm_source=chatgpt.com
18. [Электронный ресурс]: Scottish Government: www.gov.scot/publications/guidance-presumption-provide-education-mainstream-setting/pages/3/?utm_source=chatgpt.com
19. [Электронный ресурс]: Education Scotland: education.gov.scot/about-education-scotland/what-we-do/embedding-inclusion-wellbeing-and-equality/?utm_source=chatgpt.com
20. [Электронный ресурс]: Them: www.them.us/story/scotland-first-country-require-lgbtq-history-school?utm_source=chatgpt.com
21. [Электронный ресурс]: Education Scotland: education.gov.scot/parentzone/curriculum-in-scotland/anti-racist-education/?utm_source=chatgpt.com
22. [Электронный ресурс]: The Times: www.thetimes.co.uk/article/edinburgh-university-snobbery-scottish-curriculum-b8vps8sjp?utm_source=chatgpt.com
23. [Электронный ресурс]: kyrgyz Education Ministry: edu.gov.kg/posts/3614/?utm_source=chatgpt.com
24. [Электронный ресурс]: Кут билим: kutbilim.kg/analytics/inner/12-zhyldyk-bilim-ber-n-n-kontseptsiyasy-zhaktyryldy/?utm_source=chatgpt.com

Рецензент: пед. и.к., доцент Абдыкапарова А.О.

УДК: 37.013.42

Асипова Н. А.
Асипова Н.А.
Asipova N.A.

МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЙ КРИЗИС И ПАРАДИГМАЛЬНЫЕ СДВИГИ В СОВРЕМЕННОЙ ПЕДАГОГИКЕ
ЗАМАНБАП ПЕДАГОГИКАДАГЫ МЕТОДОЛОГИЯЛЫК КРИЗИС ЖАНА ПАРАДИГМАТИКАЛЫК ЖЫЛЫШТАР
METHODOLOGICAL CRISIS AND PARADIGM SHIFT IN MODERN PEDAGOGY

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада 20-кылымдын аягында постсоветтик мейкиндикте болуп өткөн трансформациялык процесстер менен шартталган педагогикадагы методологиялык кризистин учурдагы көйгөйлөрү каралат. Социалдык-экономикалык факторлорду эске алуу менен макалада методологиялык плюрализмдин жана парадигмалык жылыштардын актуалдуулугу негизделип, алардын билим берүү теориясы менен практикасында мааниси ачыкталат. Методологиялык плюрализмдин негизги багыттары катары синергетикалык, акмеологиялык, герменевтикалык жана башка методологиялык жагдайлардын мааниси, алардын азыркы педагогикадагы көрүнүштөрү мүнөздөлөт.

Аннотация: В статье рассматриваются современные проблемы методологического кризиса в педагогике, обусловленные трансформационными процессами имевших место в постсоветском пространстве в конце XX столетия. С учетом социально-экономических факторов обосновываются актуализация методологического плюрализма и парадигмальных сдвигов, раскрываются их сущность и значение в теории и практике образования. В качестве основных направлений методологического плюрализма охарактеризованы значение синергетического, акмеологического, герменевтического и др. подходов и их проявления в современной педагогике.

Abstract: This article examines the contemporary challenges of the methodological crisis in pedagogy, driven by the transformational processes that took place in the post-Soviet space at the end of the 20th century. Taking socioeconomic factors into account, the article substantiates the relevance of methodological pluralism and paradigmatic shifts, revealing their essence and significance in educational theory and practice. The main directions of methodological pluralism are characterized by the importance of synergetic, acmeological, hermeneutic, and other approaches and their manifestations in modern pedagogy.

Негизги сөздөр: методология; методологиялык кризис; парадигматикалык жылыштар; методологиялык плюрализм; синергетикалык мамиле; акмеология; герменевтика.

Ключевые слова: методология; методологический кризис; парадигмальные сдвиги; методологический плюрализм; синергетический подход; акмеология; герменевтика.

Keywords: methodology; methodological crisis; paradigmatic shifts; methodological pluralism; synergetic approach; acmeology; hermeneutics.

Современные педагогические процессы отличаются сложностью и динамичностью, обусловленных диалектичностью внешних влияний на сферу образования и условий их реализации. Это отражается на проводимых в постсоветском пространстве реформ образования. Реформы охватывают структурную перестройку и обновление всех звеньев системы образования, модернизацию содержания и технологии педагогического процесса, установление новых форм связи между образованием и реальной жизнью, обновление системы подготовки и переподготовки педагогических кадров. Самыми главными факторами, которыми обусловлены стратегические ориентиры развития педагогической науки и образования, являются трансформационные процессы, имевшие место во всем постсоветском пространстве в конце XX столетия, а также глобальные информационно-технологические вызовы существенно влияющие как на предметную, так и процессуальные аспекты образования. На фоне революционных преобразований, начатых на постсоветском пространстве в 1990-е гг., наряду с экономическими и социальными проблемами, стали проявляться симптомы глубокого мировоззренческого кризиса, которые проявились как потеря идеологических ориентиров, растерянность и апатия в общественном сознании, искажение исторического наследия, не всегда обоснованное увлечение разными моделями образования и т.д. В образовательной практике вузов дошли до прямого сокращения объема и сожержания социогуманитарных дисциплин в образовательных программах. Следовательно, сегодня существует реальная необходимость изучения методологических оснований современной педагогики, так как этим обусловлена объективность получаемого научного результата в педагогических исследованиях. Ибо методологическими подходами научных исследований определяется общие ориентиры, содержание и пути реализации образовательных стратегий.

В теории научного познания понятие «методологический подход» отождествляется с определенной мировоззренческой позицией исследователя, который задает модель авторского видения, понимания и интерпретации педагогических явлений, как системы знаний об основаниях и структуре педагогической теории, о принципах подхода и способах добывания знаний, отражающих педагогическую действительность. Исходя из этого **целью данной статьи** является раскрытие сущностных характеристик основных методологических подходов в исследовании педагогических процессов, которыми обусловлены как стратегии, так и конечные результаты образования.

Следует заметить, методологическое многобразия основывается на признании полипарадигмального подхода как научно-методологического ориентира в изучении педагогических явлений, обусловленных методологическим кризисом в педагогике. «Полипарадигмальность в данном случае рассматривается как многообразие подходов в решении задач профессионального образования. Обращение к методологическому многообразию основывается на понимании и признании полипарадигмальности как научно-методологического ориентира в изучении педагогических явлений и преподавании социально-гуманитарных наук, в том числе педагогических дисциплин в вузе [1, 63].

Как показывает изучение теоретических источников (Беляев Г.Ю., Берков В.Ф., Горбачева, В.В., Осадчук О.Л., Галянская Е.Г., и др.) основные черты методологического кризиса проявляется как: недостаточность единых, общепризнанных подходов к исследованию педагогических явлений и достижению образовательных целей; разрыв между теорией и практикой, когда методики, разработанные в теории, не всегда дают ожидаемые результаты; профессиональный кризис педагогов, который ощущается как разниц между профессиональными замыслами, возможностями и достигнутыми результатами педагогической деятельности; недостаточная целостность, проявляющаяся как несовпадение принципов и методов обучения для достижения образовательных целей и формирования целостной личности и др. «В итоге исследовательский процесс, как способ производства нового знания, замещается его имитацией. Резко обостряется «застарелая болезнь» обществоведческой литературы – ее описательность, фрагментарность и эклектизм» [3, 88]. В тоже время именно методологический кризис, неопределённость будущего и фрагментарность сценариев современного социального развития диктуют необходимость поиска новых научно-методологических ориентиров современной педагогики. Как ни парадоксально, но "...именно в этой неопределенности и скрыты не выявленные пока возможности образования благодаря цифровизации образовательной среды и социальных институтов, ее использующих (средняя и высшая школа, научные сообщества, органы управления образованием) [2, 111]. Естественно, неопределенность в будущем вызывает растерянность, смятение, раздвоенность в сознании и даже отчуждение от профессиональной деятельности. В тоже время очевидно, что неопределённость и сложность будущего не являются препятствием для исследования методологических основ современной педагогики и прогнозирования их дальнейшего развития, с учетом того, что государство и бизнес-сообщество перейдут на более высокий уровень стратегического планирования, или будут найдены такие точки роста, которые позволят университетам обрести новое качество [2]. Из вышеизложенного следует, что современная педагогика и образование нуждается в исследованиях, направленных на поиск путей решения новых методологических задач в области педагогической науки и образования, обусловленных трансформационными процессами происходящих в обществе.

Парадигмальные изменения направлены на **фундаментальное развитие и трансформацию** систем, включая социально-гуманитарные науки. Смена парадигм (англ. paradigm shift) — термин, впервые введён в социальные науки американским историком Томасом Куном в книге «Структура научных революций» (1962). Т. Кун выдвинул революционную идею о том, что наука развивается не линейно, а скачкообразно, через смену «парадигм» — общепринятая система научных взглядов, методов и теорий, которая происходит во время «научных революций». Он ввел термины **парадигма** и **парадигматический сдвиг (paradigm shift),** показав, что «нормальная наука» в рамках одной парадигмы прерывается кризисами из-за «аномалий», ведущими к революции и принятию новой парадигмы.

Исходя из вышеизложенных позиций, попытаемся охарактеризовать основные методологические направления и парадигмальные изменения, которые имеют место в современной педагогической науке. Для начала заметим, что на смену кибернетической парадигмы (теоретические подходы, основанные на идеи управления образованием, обучением и воспитанием), господствовавшей в социальных науках многие годы пришла плюралистическая парадигма. Сущность плюралистической парадигмы состоит в том, что она допускает сосуществование и

взаимодействие разных научных школ и теорий, отвергая жесткие рамки господства одной доминирующей системы и стремясь к всестороннему пониманию объекта через разные подходы. Такая парадигма позволяет понять и принять многообразие методологических подходов, которые могут противоречить друг другу, и в то же время допускают сосуществование множества различных подходов, таких как системный, целостный, личностный, деятельностный и другие, и в то же время направлены на получение объективных результатов. На наш взгляд наиболее дискутируемым и в то же время вызывающим научный интерес является синергетическая парадигма, которая основывается на использовании комплексной системы, включающий в себя идеи, понятия, приемы и методы исследования и координации открытыми нелинейными системами, способными к самоорганизации. Исследователи отмечают, что «…мы можем многому научиться, если рассматривать хаос и перегруппировку как возможности, а не рваться к стабильности как иллюзорной цели в самой себе. Все это предполагается, если мы сможем превзойти механистические рамки, которые всё ещё доминируют в стратегическом мышлении» [7, 16].

Синергетический подход, как новая научная парадигма стала использоваться не так давно и направлен на раскрытие закономерностей открытых, сложных, диалектичных систем, которые не поддаются решению другими способами**.** Синергетический подход в педагогике базируется на идее о том, что процессы воспитания и образования всегда будут носить нелинейный и ассиметричный характер, поскольку они подвержены воздействию социально-экономических факторов. Здесь субъекты педагогического процесса рассматриваются, как отдельные подсистемы, поэтапно развивающиеся и переходящие к саморазвитию. Синергетическое понимание процесса воспитания, указывает непредсказуемость, нелинейность, вероятностный характер и субъектность поведения его участников, в силу чего в воспитательной системе присутствует неопределенность и отдаленность его результатов. Источником самоорганизации и саморазвития личности служат его внутренние резервы и возможности. В свете синергетического подхода – человек – не винтик системы, развивающийся вместе с ней, а сила, способная к преодолению кризисов и упорядочиванию системы, ее стабилизации. Раскрывая специфику синергетического подхода относительно к педагогическим системам Т.И. Шамова, Т.М. Давыденко обращают внимание на то, что с позиции синергетики человек рассматривается как открытое и динамическое явление, обладающее большими собственными возможностями для саморазвития; в рамках синергетического подхода педагогическая система предстает как независимое явление с внутренним содержанием и логикой развития, эффективное управление которой возможно лишь при осознании ее характерных особенностей и закономерностей развития [12].

Другим методологическим ориентиром современной педагогики, в частности, профессионального образования, является наука **акмеология**. Акмеология (от греч. акте — вершина) - наука, изучающая развитие человека на ступени взрослости и достижения им вершины в развитии как природного существа (индивида), личности и субъекта деятельности (главным образом профессиональной). Акмеологический подход позволяет понять и изучить жизненные обстоятельства и условия, способствующие человеку достичь вершины профессионального мастерства, типичные для данного возраста. Данная методология позволяет намечать пути педагогической компенсации не достигнутого на предыдущем отрезке жизненного пути оптимума развития (А.А. Бодалев), а также проектировать этапы профессионально-личностного продвижения от одной вершины к другой. Субъектом созидательной деятельности является взрослый, а стадия зрелости человека или вершина этой зрелости это – акме, многомерное состояние человека, охватывающее период его развития и показывающее, насколько он состоялся как гражданин, как специалист в определенной профессиональной деятельности. Предполагается, что у каждого человека имеется свое акме, которое оценивается с учетом конкретных условий и выделяются такие характеристики акме, как время достижения и продолжительность. Следовательно, суть акмеологии заключается в рассмотрении в единстве процессов профессионального и личностного развития и указании пути достижения профессионального мастерства на основе реализации творческого потенциала личности.

Не менее важным методологическим подходом является г**ерменевтическая парадигма в образовании,** суть которой состоит в понимании смысла и интерпретации чаще всего текста. Общепринятое понимание герменевтики исходя из древнегреческого (ἑρμηνευτική «искусство толкования», от термина ἑρμηνεύω («толкую, толковать»). Следовательно – это наука об принципах интерпретации (например, принципов интерпретации каких-либо текстов или (систем) понятий. В современных гуманитарных науках герменевтика может применяться как:

- искусство толкования, теория интерпретации и понимания текстов, в том числе текстов классической древности;

- направление в философии XX века, выросшее на основе теории интерпретации литературных текстов. Теоретик и (или) практик в области библейской (богословской), философской или филологической герменевтики называется герменéвтом.

Сторонниками и философами, внесшими значительный вклад в герменевтику, являются Гадамер, Шлейермахер и Поль Рикёр, философ и историк Вильгельм Дильтей. В. Дильтей предложил методику изучения природы путем внешнего наблюдения; он был активным сторонником «вчувствования». Он призывал путем проникновения в сущность изучаемого «сопереживания» реконструировать исторические события.

В современных гуманитарных науках существуют различные трактовки термина «герменевтика», отражающие исторические этапы развития герменевтики. Актуальность герменевтической проблематики в современной **педагогике** связана с задачами переосмысления природы педагогического знания и образования в решении теоретико-познавательных проблем. Основываясь на этом, герменевтика понимается как учения о принципах гуманитарных наук, как методология интерпретации в гуманитарных науках.

Опыт герменевтики в преодолении ограниченности традиционной теории познания и необходимость учета этого опыта подчеркивается многими современными авторами. Так, Л. А. Микешина обращается к опыту герменевтики, в которой **познающий человек предстает не как отражающий, но как интерпретирующий и само интерпретирующийся субъект. «**Интерпретация произведения оказывает такое же воздействие, как оно само…» [8, 105]. Оставаясь субъектом познания, он предстает теперь как задающий предметные смыслы, непрерывно понимающий, интерпретирующий, расшифровывающий глубинные смыслы, которые стоят за очевидными, поверхностными смыслами, буквальными значениями. Такая деятельность мышления оказывается не менее значимой, чем обычная кумуляция знаний, которую она существенно дополняет, поэтому интерпретация (истолкование) должна быть признана фундаментальным феноменом. Для педагогики герменевтика имеет особое значение, поскольку субъекту образовательного процесса постоянно приходится иметь дело с текстом, понятиями смысл, которых надо понимать и интерпретировать. Поэтому мы неизбежно сталкиваемся проблемами понимания и интерпретации, прочитывания текстов и контекстов, определением соотношения смысла и референции, значения языковых знаков и их понимания, т.е. осуществлять логические герменевтические операции, связанные с текстом.

Современный методологический плюрализм не исключает **антропологического подхода,** который предполагает соотнесение знаний о педагогических явлениях со знаниями о природе человека. В основе применения антропологического подхода к анализу педагогических процессов и явлений лежит требование представить динамику человека в образовании как телесного, душевного и духовного существа в различных исторических обстоятельствах. Целью педагогической антропологии, считает Г.М. Коджаспирова выступает гуманизация педагогического сознания, «очеловечивание» деятельности субъекта педагогического процесса, что позволяет воспринимать личность включенного в педагогическую систему человека в целостности и индивидуальности [6].

На наш взгляд не теряет своего методологического значения **культурологический подход** к анализу педагогических явлений, который обусловлен принятием объективной связи человека с культурой. Согласно данному подходу, образование, выступает средством трансляции культуры,

овладевая которой человек не только адаптируется к условиям постоянно изменяющегося социума, но и становится способным к неадаптивной активности, позволяющей выходить за пределы заданного, развивать собственную субъектность и приумножать потенциал своего окружения. Следовательно, человек не только развивается на основе освоенной им культуры, но и вносит в нее нечто принципиально новое, т.е. он становится творцом новых элементов культуры. По мнению Е.В. Бондаревской, С.В. Кульневич культура представляет собой, во-первых, развитие самого человека и, во-вторых, становление его как творческой личности. Культурологический подход, исходит из представлений о педагогическом процессе как о расширенном воспроизводстве социокультурного опыта, а потому ориентирует педагогов на отбор предметного и непредметного содержания образования с позиции целостной культуры личности (анализ общечеловеческих ценностей с учетом исторического развития) [4].

В современных парадгмальных сдвигах достойное место занимает **деятельностный подход,** согласно которой деятельность выступает как основное средство и главное условие развития личности. Деятельностный подход составляет методологическую основу анализа педагогических процессов, ориентированных на управление педагогом познавательной деятельностью учащихся. В соответствии с деятельностным подходом, процесс обучения есть всегда обучение деятельности (предметно-практическим и умственным действиям).

С точки зрения методологического плюрализма наиболее популярным является разрабатываемая российскими педагогами (В.И. Байденко, И.А. Зимняя, А.В. Маркова и др.) **компетентностный подход**, Смысл компетентностного, профессионально-ориентированного образования заключается в развитии у обучающихся способности к самостоятельному принятию решений на основе полученного жизненного и профессионального опыта. Следовательно, компетентностный подход рассматривается как условие формирования способности выпускника вуза действовать эффективно за пределами изученных под руководством преподавателей учебных ситуаций.

В условиях методологического плюрализма не теряет своего значения **личностно-ориентированный подход,** так как основной ценностью образования является личность с ее уникальным внутренним миром, а важнейшим результатом образования и воспитания. В соответствии с данным подходом основным вектором построения педагогических процессов предстает личность. Личностно-ориентированный подход предполагает признания уникальности личности, ее интеллектуальной и нравственной свободы, права на уважение, позиционируя и отражая тем самым главный ориентир гуманистической парадигмы. В рамках этого подхода предполагается, что и педагоги, и ученики относятся к каждому человеку как к самостоятельной ценности, индивидуальности, а не как к средству для достижения своих целей; это требует персонализации (индивидуализации) педагогического взаимодействия и адекватного включения в этот процесс личностного опыта.

И наконец, именно методологический кризис и парадигмальные сдвиги, характерные для современных социально-педагогических наук, диктуют необходимость обращения **материалистическим традициям** объяснения социальных явлений и процессов. В категориях деятельностно-практической концепции возможно наиболее полное раскрытие сущности всякого общественного явления [3, 91]. Основанная на диалектическом подходе материалистическое понимание социальных явлений исходит из того, что личность одновременно является объектом и субъектом общественных отношений. Ее развитие детерминировано внешними обстоятельствами и природной организацией человека. Ведущую роль в развитии личности играет воспитание, которое в широком смысле представляет собой сложный социальный процесс, имеющий социально-исторический характер. Убедительным подтверждением диалектичности педагогического процесса является обращение к синергетическому подходу, который исходит из признания человеческого существования как открытой, в тоже время сложной, диалектической системы. Таким образом, расширяющиеся горизонты познания в педагогике знаменуют собой актуализацию

методологического плюрализма, допускает возможность частичных эволюционных **парадигмальных сдвигов** в этой области знания. Теоретический анализ научной литературы показывает, что в настоящее время при исследовании педагогических процессов и явлений ученые используют разные методологические подходы, обеспечивающие целостность, объективность и продуктивность научного познания. Дальнейшего исследования требуют вопросы о возможности и границах применимости различных идеалов научной рациональности к анализу и проектированию образовательной реальности: о дополнении традиционных методов педагогического исследования "мягкими" методами гуманитарного познания: о соотнесении "жестких" и "гибких" методов, научных и вне научных способов познания: о взаимодействии, взаимовлиянии и взаимопроникновении в педагогику естественнонаучного и гуманитарного знания.

Список использованной литературы

1. Асипова Н.А. Контекстный подход как методологическая основа обучения. //Вестник Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына. №3 (119), 2024. – С. 62-67. //https://vestnik.knu.kg/wp-content/uploads/2025/06/%D0%92%D0%B5%D1%81%D1%82%D0%BD%D0%B8%D0%BA3-2024...pdf
2. Беляев Г.Ю. Социально-цифровая среда как источник новых возможностей и новых рисков для современного образования // Отечественная и зарубежная педагогика. 2020. Т. 1. № 4 (69). С. 109–123. URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=43792567 (дата обращения: 12.12.2025)
3. Берков В.Ф. На путях преодоления методологического кризиса в социально-гуманитарных науках. Журнал Белорусского государственного университета. //Социология Journal of the Belarusian State University. Sociology. С. 87-92
4. Бондаревская Е.В., Кульневич С.В. Педагогика: Личность в гуманистических теориях и системах воспитания: учеб. пособие. – М.: Ростов н/Д: Академия, 1999. – 560 с.
5. Горбачева, В.В. Смена парадигмы и методология ориентированного образования // Юбилейн. сб. тр. учен. РГАФК, посвящ. 80-летию акад. - М., 1998. - Т. 5. - С. 66-70.
6. Коджаспирова Г.М. Педагогическая антропология: учеб. пособие. – М.: Гардарики, 2005. – 287 с.
7. Mann, S. (1992). Chaos Theory and Strategic Thinking. // Parameters. Vol. 22, pp. 54-68. Available at: https://archive.org/details/1992Mann (accessed 08.04.2022).
8. Микешина Л.А.] М59 Философия науки: Современная эпистемология. Научное знание в динамике культуры. Методология научного исследования : учеб. пособие / Л.А. Микешина. — М. : Прогресс-Традиция : МПСИ : Флинта, 2005. — 464 с;
9. Науменко Л. К. «Наше» и «мое». Диалектика гуманистического материализма. - М., 2012.- 463 с.
10. Осадчук О.Л., Галянская Е.Г. Современные методологические подходы к исследованию педагогических процессов // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. 2016. № 3-3. С. 463-467; URL: https://applied-research.rru/article/view?id=8756 (дата обращения: 15.12.2025)
11. Т. Кун. Структура научных революцийю - М., 1962. -288 с.
12. Шамова Т.И., Давыденко Т.М. Управление образовательным процессом в адаптивной школе: моногр. – М.: Педагогический поиск, 2001. – 384 с.

Рецензент: д-р пед. наук., профессор Чалданбаева А.К.

УДК: 7(07)

Бакытова А.Б.
Бакытова А.Б.
Bakytova A.B.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА ЭСТЕТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
ОСОБЕННОСТИ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
FEATURES OF AESTHATIC EDUCATION IN THE SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Кыскача мүнөздөмө: Макалада Кыргыз Республикасынын кошумча билим берүү системасында эстетикалык билим берүүнүн мазмуну жана өзгөчөлүктөрү талдоого алынат жана балдардын эстетикалык табитин, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүдөгү маанисин ачыкталат. Кошумча билим берүү мекемелериндеги искусствонун түрлөрү, алардын мазмуну окуучулардын көркөм сезимин жана инсандык сапаттарын калыптандыруу жолдору баяндалып, эстетиалык тарбиянын мазмуну, окутуу ыкмалары аркылуу окуучулардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселелери каралат. Изилдөөнүн жыйынтыгында Кыргызстандын кошумча билим берүү мекемелеринде эстетикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган сунуштар берилет.

Аннотация: В статье анализируются содержание и особенности эстетического воспитания в системе дополнительного образования Кыргызской Республики и раскрывается его важность в развитии эстетического вкуса и творческих способностей детей. Описываются виды искусства в учреждениях дополнительного образования, их содержание и способы формирования художественного чувства и личностных качеств учащихся, а также рассматриваются вопросы формирования эстетического вкуса учащихся посредством содержания эстетического воспитания и методики обучения. Результаты исследования содержат рекомендации, направленные на повышение эффективности эстетического воспитания в учреждениях дополнительного образования Кыргызстана.

Abstract: This article analyzes the content and characteristics of aesthetic education in the supplementary education system of the Kyrgyz Republic and reveals its importance in developing children's aesthetic taste and creativity. It describes the types of art in supplementary education institutions, their content, and methods for developing students' artistic sense and personal qualities. It also examines the development of students' aesthetic taste through the content of aesthetic education and teaching methods. The study's results provide recommendations for improving the effectiveness of aesthetic education in supplementary education institutions in Kyrgyzstan.

Негизги сөздөр: эстетикалык билим, эстетикалык тарбия, билим берүү, искусство, көркөм сабактары, кошумча билим, педагогикалык ыкмалар.

Ключевые слова: эстетические знания, эстетическое воспитание, образование, искусство, уроки искусства, дополнительное образование, педагогические методы.

Keywords: aesthetic knowledge, aesthetic education, education, art, art lessons, additional education, pedagogical methods.

Азыркы коомдук өнүгүү шартында ар тараптуу жана гармониялуу өнүккөн инсанды калыптандыруу маселеси педагогикадагы приоритеттүү илимий-теориялык жана практикалык маселелердин бири катары каралууда. Бул багытта жүргүзүлүүчү эстетикалык тарбия - балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө, көркөм табитин калыптандырууга жана маданиятка болгон кызыгуусун арттырууга багытталган тарбиянын маанилүү багыты экендиги талашсыз. Андыктан кошумча билим берүү мекемелеринде искусствонун ар кандай түрлөрүнө тартуу, улуттук баалуулуктарды даңазалоо, заманбап педагогикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын ар тараптан өсүп-өнүгүүсүн камсыз кылуугу өзгөчө ролун талдоо азыркы учурда актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында кошумча билим берүү өзгөчө мааниге ээ, анткени калктын экономикалык абалы жогорулаган сайын, алардын

балдарынын сапаттуу билим алуусуна, ар тараптан өсүп-өнүгүүсүнө кошкон салымы да өсөт [2].

Кошумча билим берүү тармагы расмий окутуу программасынан тышкары, балдардын жана жаштардын интеллектуалдык, руханий жана эстетикалык өнүгүүсүнө шарт түзөт. Бул жерде айрыкча эстетикалык билим берүү бул процессте негизги ролду ойнойт, анткени ал баланын ички дүйнөсүн байытып, көркөм чыгармачылыкка кызыгуусун арттырат.

Көркөм-эстетикалык тарбиянын натыйжалуу жүргүзүлүшү жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоонун бардык дэңгээлдеринде - мектепке чейинки билим берүү уюмдарында, жалпы билим берүүчү башталгыч жана орто мектептерде, ошондой эле кошумча билим берүү мекемелеринде - артыкчылыктуу багыттардын бири болуп саналат. Бул багытта жүргүзүлгөн иштер жаш муундардын эстетикалык табитин, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана коомго ылайыкташкан, толук кандуу инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

XX кылымда көркөм-эстетикалык тарбиянын теориялык жана практикалык маселелери бир катар белгилүү орус педагогдору жана окумуштууларынын илимий изилдөөлөрүнүн предмети болгон. Алардын катарында Б.Т. Неменский, Б.Т. Лихачева, В.А. Сухомлинский, Т.С. Комарова жана В.Н. Шацкий сыяктуу изилдөөчүлөр өзгөчө орунду ээлешет [5]. Аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан көркөм-эстетикалык тарбиянын концепциялары жалпы билим берүү мекемелеринде жана кошумча билим берүү системасында кеңири колдонулуп, практикага ийгиликтүү киргизилген. Алардын теориялык иштемдери фундаменталдуу деп таанылып, учурдагы билим берүү программаларында эстетикалык тарбия берүүнүн методологиялык негиздери катары пайдаланылууда. Бул концепциялар балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө, көркөм табитти калыптандырууда жана руханий-адептик тарбия берүүдө маанилүү илимий-методикалык база болуп саналат. Натыйжада, XX кылымдагы орус педагогдорунун эстетикалык тарбия жаатындагы илимий-практикалык мурасы заманбап билим берүү процесстеринде дагы актуалдуулугун жоготкон жок.

Көркөм-эстетикалык тарбиянын негизги мазмуну - жеке инсандын өз элинин гана эмес, башка элдердин да маданий мурастарына, тарыхый өткөнүнө болгон урмат-сый, сүйүү жана сыймыктануу сезимдерин калыптандыруу болуп саналат. Бул процесс улуттук өзүн-өзү аң-сезимди өнүктүрүүгө багытталып, адамдын руханий дүйнөсүнүн тереңдешине, айлана-чөйрө, табияттагы кубулуштарды кабыл алууда эстетикалык табитин калыптандырууга өбөлгө түзөт. Туулуп-өскөн жердин көркөмдүүлүгүн элдик ырлар, улуттук бийлер жана жаратылыш кооздугун чагылдырган сүрөттөр аркылуу өспүрүмдөр өз элинин руханий баалуулуктарын жана чет элдик, дүйнөлүк маданияттын кабылдоого, түшүнүүгө даяр болушат. Мындай өз ара байланышкан улуттук жана дүйнөлүк руханий-эстетикалык баалуулуктарды кабыл алуу жана баалоо таалим-тарбиялык процесстин натыйжалуу жолдорунун болуп эспетелет.

Демек, Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарында белгилегендей, «инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгында кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу, кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү жана негизги билим берүү программаларынан тышкаркы билим берүү жана маалыматтык иш-чараларды жүзөгө ашыруу аркылуу тарбиялоонун жана окутуунун максаттуу процесси» [1] катары аныкталган кошумча билим берүү системасында көркөм-эстетикалык тарбия өзгөчө орунга ээ. Учурлагы кошумча билим берүү системасында көркөм-эстетикалык тарбиянын түзүмү өзүнүн мазмундук жана функционалдык компоненттери боюнча төмөнкү негизги багыттарды камтыйт:

Биринчи багыт – көркөм тарбия, анын максаты – балдардын жана жаштардын искусствого болгон кызыгуусун, сүйүүсүн калыптандыруу, ошондой эле көркөм чыгармалар менен системалуу баарлашууга жана аларды кабылдоого болгон ички зарылчылыкты өнүктүрүү. Көркөм тарбия адамдын чыгармачылык жөндөмдөрүн, көркөм табитин өркүндөтүү аркылуу руханий дүйнөсүн байытууга багытталган.

Экинчи багыт - эстетикалык тарбия, ал жашоо чөйрөсүнүн бардык аспектилеринде сулуулукту кабылдоо, сезүү жана баалоо жөндөмүн калыптандырууга багытталат. Эстетикалык

тарбия аркылуу индивиддин көркөм-эстетикалык сезими, дүйнө таанымы жана руханий адептик баалуулуктарга болгон мамилеси калыптанат [3].

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасында балдардын көркөм-сүрөт чыгармачылыгын окутуу системасы социалдык-маданий өнүгүүнүн маанилүү багыттарынын бири катары каралууда. Көркөм-эстетикалык билим берүү баланын интеллектуалдык, эмоционалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүдө өзгөчө роль ойнойт. Бул багыттагы окутуунун абалын илимий жактан баалоо үчүн 2018–2024-жж. аралыгындагы расмий статистикалык маалыматтарды талдоо актуалдуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин [6] ачык маалыматтарына ылайык, 2018–2024-жылдар аралыгында балдар көркөм мектептеринин саны жана аларда билим алып жаткан окуучулардын контингенти динамикалык өзгөрүүлөргө дуушар болгон (диаграмма 2.1).



Диаграмма 1 - Кыргыз Республикасында балдар көркөм мектептеринин санынын динамикасы (2018–2024-жж.) [6]

Диаграммадан көрүнүп тургандай, 2018–2024-жылдар аралыгында балдар көркөм мектептеринин саны туруктуу эмес мүнөзгө ээ. 2018-жылы 18 мектеп катталса, 2019–2020-жылдары бул көрсөткүч 16 жана 15ке чейин төмөндөгөн. 2021-жылы кайрадан өсүү байкалып (18 мектеп), 2022-жылы убактылуу төмөндөө орун алган. 2023–2024-жылдары өсүү тенденциясы калыптанып, 2024-жылы мектептердин саны 20га жеткен. Бул динамика көркөм-эстетикалык билим берүү тармагы инфраструктуралык жана уюштуруучулук факторлорго көз каранды экенин көрсөтөт.



Диаграмма 2 - Балдар көркөм мектептеринде билим алган окуучулардын санынын динамикасы (2018–2024-жж.) [6]

Экинчи диаграмма балдар көркөм мектептеринде окуган окуучулардын санынын туруктуу өсүшүн айкын чагылдырат. 2018-жылы 20 миңге жакын окуучу катталса, 2020-жылга карата алардын саны 31 миңге жеткен. 2021–2023-жылдары өсүү темпи улантылып, 2023-жылы 45 миң окуучу катталган. 2024-жылы бул көрсөткүч мурунку жылдагы деңгээлде сакталып калган. Бул тенденция балдардын көркөм-сүрөт чыгармачылыгына болгон кызыгуунун артканын жана кошумча билим берүүнүн социалдык маанисинин өсүшүн тастыктайт.

Диаграммалардын салыштырма талдоосу көрсөткөндөй, 2018–2024-жылдар аралыгында балдар көркөм мектептеринин саны салыштырмалуу өзгөрмөлүү болсо да, окуучулардын саны туруктуу өсүү тенденциясын сактаган. Бул көрүнүш бир мектепке туура келген окуучулардын санынын көбөйгөнүн жана көркөм-эстетикалык билимге болгон суроо-талаптын артып жатканын билдирет. Ошол эле учурда мектептердин санынын жай өсүшү аймактар аралык инфраструктуралык теңсиздикти жана кошумча инвестициялоонун зарылдыгын көрсөтөт.

UNICEFтин 2023-жылдардын отчеттук документтерине ылайык, Кыргыз Республикасында балдардын билим берүү калыбы жагынан оң көрсөткүчтөр бар — мисалы, көпчүлүк мектеп жашындагы балдар негизги билимге кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ошентсе да, Окуу жана өнүгүү боюнча айрым көрсөткүчтөр татаал бойдон калууда — мисалы, 2021-жылга карата республиканын жалпы калкынын 38 % 18 жашка чейинки балдар экендиги белгиленген, бул билим берүү системасына жана балдардын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө болгон суроо-талабын бир кыйла көбөйтөт [7]. Мындан тышкары, ЮНИСЕФ белгилегендей, балдардын мектепке катышуусу менен алардын өнүгүүсү аймактар аралык жана социалдык айырмачылыктар менен шартталган. Окуучулардын билим алуу мүмкүнчүлүгү шаардык жана айылдык аймактарда айырмаланып, айрым этникалык, миграцияга байланыштуу же мүмкүнчүлүгү чектелген балдар стандарттуу билим берүү мүмкүнчүлүгүнө жетүү жагынан чектөөлөргө дуушар болууда. Бул көйгөйлөр билим берүү сапатынын гана эмес, ошондой эле балдардын чыгармачылык, социалдык жана эстетикалык билим боюнча мүмкүнчүлүктөрүнө да терс таасирин тийгизет.

ЮНИСЕФтин Кыргыз Республикасы боюнча аналитикалык отчетторунда балдардын толук кандуу өнүгүүсү үчүн билим берүү процессинде чыгармачылык жана эстетикалык компоненттердин ролу өзгөчө баса белгиленет. Уюмдун маалыматына ылайык, баланын көркөм, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсү билим берүүнүн сапатына түздөн-түз таасир этет, айрыкча көркөм-эстетикалык сабактар балдардын ички потенциалын ачууда маанилүү инструмент болуп эсептелет (UNICEF, 2021;

2023). Көркөм-сүрөт сабагында эстетикалык тарбия берүү ар түрдүү уюштуруучулук формалар аркылуу ишке ашырылат. Алардын ичинен эң негизгилери төмөнкүлөр болуп саналат.

Биринчи форма — сабактын өзүндөгү көркөм-чыгармачылык ишмердүүлүк. Сүрөт тартуу, боёо, композиция түзүү, түстөрдү айкалыштыруу процессинде бала кооздукту аң-сезимдүү кабыл алып, өзүнүн эстетикалык табитин өнүктүрөт. Бул форма өзгөчө башталгыч жана орто класстарда натыйжалуу болуп, балдардын көрүү, элестетүү жана образдуу ой жүгүртүүсүн активдештирет.

Экинчи форма — көркөм чыгармаларды кабыл алуу жана талдоо. Репродукциялар, улуттук жана дүйнөлүк сүрөтчүлөрдүн эмгектери, декоративдик-кол өнөрчүлүк үлгүлөрү менен иштөө балдардын эстетикалык тажрыйбасын байытат. Кыргызстандын шартында бул форма улуттук көркөм маданиятты (кыргыз элдик оймо-чиймелери, салттуу сүрөт искусствосу) таанытуу менен айкалышканда өзгөчө тарбиялык маниге ээ.

Үчүнчү форма — класстан жана мектептен тышкаркы иш-чаралар. Көргөзмөлөрдү уюштуруу, музейлерге, көркөм галереяларга экскурсиялар, чыгармачылык сынактар балдардын эстетикалык дүйнөтаанымын кеңейтет. ЮНИСЕФ белгилегендей, формалдуу эмес билим берүү формалары балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн жана социалдык адаптациясын күчөтөт (UNICEF, 2023).

Айылдык шартта материалдык-техникалык база чектелүү болгондуктан, программа арзан, жеткиликтүү материалдарга, табиятка жакындыкка жана улуттук көркөм мураска таянуу менен түзүлдү. Программанын өзгөчөлүгү - бул айылга ылайыкташтырылган (таблица 1).

Таблица 1.

Айылдык шарт	**Программалык чечим**
Материалдык база чектелүү	Табигый жана колдо бар материалдар
Музей/галерея жок	Табиятты жана айыл турмушун көркөм объект катары колдонуу
Кадр жетишсиз	Интеграцияланган сабактар, жөнөкөй методдор
Балдардын жаш курагы аралаш	Дэңгээлге ылайык тапшырмалар

Таблицада келтирилген ар бир көйгөйдү кантип чечсе болоорун төмөндө талдап кеттик. Айылдык кошумча билим берүү борборлорунда көркөм-эстетикалык тарбияны уюштуруудагы негизги өзгөчөлүк — ресурстук, инфраструктуралык жана кадрдык чектөөлөрдүн болушу. Ушул факторлорду эске алуу менен иштелип чыккан программалык чечимдер билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыз кылууга багытталган. Төмөндө ар бир шарт жана ага сунушталган чечим өзүнчө илимий-педагогикалык жактан талданат.

Төмөндө программанын мазмундук блокторуна токтоло кетебиз (таблица 2).

Таблица 2. Мазмундук блоктору

Блок	Айылдык мазмун
Табият эстетикасы	Тоо, талаа, суу, жаныбарлар
Көркөм ишмердүүлүк	Сүрөт тартуу, аппликация
Улуттук мурас	Оймо-чиймелер, кол өнөрчүлүк
Чыгармачылык оюн	Ролдук оюндар, топтук иш
Рефлексия	Көргөзмо, оозеки талкуу

Жогоруда талданган айылдык шарттарга ылайык программалык чечимдер көркөм-эстетикалык тарбия берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган. Табигый ресурстарды пайдалануу, табиятты көркөм объект катары кабыл алуу, интеграцияланган сабактар жана деңгээлге ылайык тапшырмалар айылдык кошумча билим берүү борборлорунда көркөм-

эстетикалык тарбия берүүнүн реалдуу жана туруктуу моделин түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул чечимдер Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен балдардын гармониялуу өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Демек, айылдык борбордо төмөнкү методдор артыкчылыктуу колдонулат:

- Көрсөтмөлүү метод (табият, предметтер);
- Практикалык-чыгармачылык метод;
- Оюн жана интерактивдүү методдор;
- Сүйлөшүү жана талкуу методу.

Бул аталган методдор ЮНИСЕФ сунуш кылган балдарга багытталган жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу моделине шайкеш келет (UNICEF, 2021). Изилдөө Кыргыз Республикасынын айылдык кошумча билим берүү борборунун базасында жүргүзүлдү. Экспериментке 55 бала (7–11 жаштагы, 1–4-класстар) катышты. Балдар аралаш курактагы топ түзүп, көркөм даярдык деңгээли боюнча бирдей эмес болгон. Изилдөөнүн негизинде негизги этаптын ортосунда балдардын активдүүлүгү жана өзүнө ишеними жогорулаганы байкалды, айрыкча башында төмөн деңгээлде болгон балдарда (диаграмма 1).



Диаграмма 3 - Эстетикалык өнүгүү деңгээли: баштапкы жана акыркы салыштыруу (55 бала)

Диаграммада 55 бала катышкан эксперименттин баштапкы (диагностикалык этап) жана акыркы (жыйынтыктоочу этап) жыйынтыктары салыштырылган. Эстетикалык өнүгүү деңгээли үч категория боюнча аныкталган: жогорку, орточо жана төмөн деңгээл.

Диаграмманын маалыматына ылайык, эксперимент башталган учурда жогорку деңгээлдеги балдардын саны 11 (20%) болсо, эксперименттен кийин бул көрсөткүч 21 балага (38%) чейин өскөн. Орточо деңгээлдеги балдардын саны 29 баладан 27 балага бир аз кыскарган, бул алардын бир бөлүгүнүн жогорку деңгээлге өткөнүн көрсөтөт. Төмөн деңгээлдеги балдардын саны 15тен 7ге чейин азайган, бул эстетикалык өнүгүүнүн оң динамикасын айкын далилдейт.

Тажрыйба көрсөткөндөй, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин чыгармачыл билим берүү мейкиндигинде балдардын көркөм-эстетикалык өнүгүүсүн ишке ашыруу педагогдор тарабынан түзүлгөн төмөнкү уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды сактоо менен камсыз кылынат:

1. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин билим берүү мейкиндигинде балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн формаларын долбоорлоо;

2. Мугалим менен баланын биргелешип чыгармачылыгында маданий баалуулуктарга негизделген чыгармачылык иш-аракеттерди ишке ашыруу;

3. Балдардын көркөм чыгармачылыктагы демилгесин жана өз алдынчалыгын колдоо;

3. Искусствонун ар кандай түрлөрүнүн көркөм каражаттарынын синтези;

4. Чыгармачылык процессте көркөм ишмердүүлүктүн түрлөрүн интеграциялоо ж.б.

Жогоруда белгиленген багыттарды эске алуу менен учурдагы кошумча билим берүү мекемелеринде оң натыйжаларга жетишүү үчүн төмөнкү принциптерди эске алуу менен көркөм-эстетикалык системасы түзүлүшү керек:

- билим берүүнүн мазмунун жаңылоо (программаларды жана технологияларды тандоо);

- мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдардын көркөм-эстетикалык өнүгүүсү үчүн билим берүү шарттарын түзүү (кадрлар менен камсыз кылуу, окуу-методикалык камсыздоо, өнүгүп жаткан предметтик-мейкиндик чөйрөсүн түзүү);

- мугалимдердин, балдардын жана алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) өз ара аракеттенүүсүнө негизделген билим берүү иштерин уюштуруу;

- башка маданий уюмдар жана мекемелер менен биргелешкен иштерди координациялоо (өз ара кызматташуу).

Ошентип, эстетикалык билим берүү келечек муундардын руханий жана маданий деңгээлин жогорулатууда маанилүү роль ойнойт. Кыргыз Республикасынын кошумча билим берүү системасы эстетикалык тарбия берүү балдардын жан дүйнөсүн байытып, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган таалим-тарбиянын орчундуу багыттарынан болуп эспетелет. Бул максатта жүргүзүлүүчү таалим-тарбиялык иштер улуттук баалуулуктарга таянуу, заманбап билим берүү, окутуу, тарбиялоо ыкмаларын колдонуу, ата-энелер жана жергиликтүү коомчулук менен биргелешкен ишмердүүлүктү күчөтүү аркылуу эстетикалык тарбия берүүнүн натыйжалуулугун арттырууда. Демек, учурда педагогдорунун кесиптик ишмердигинин аталган багыттары, алардын максаттуу жана макулдашылган иш-аракетинин уюштуруучулук-педагогикалык шарттары жана принциптери балдардын көркөм-эстетикалык өнүгүү маселелерин чечүүдө оптималдуу стратегияны түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитети, 2022.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Кыргыз Республикасында кошумча билим берүү тармагын өнүктүрүү концепциясы. – Бишкек, 2021.

3. Бутенко, Н.В. Теоретико-методологический регулятив художественно-эстетического развития детей дошкольного возраста: теоретико-методологический аспект [Текст] : монография / Н.В. Бутенко. - М. : ВЛАДОС, 2012. - 410 с.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы боюнча статистикалык жыйнак, 2018–2022-жж. – Бишкек: Кыргызстат, 2023. www.stat.kg

5. Ткачёва Д.М. Эстетическое воспитание подростка средствами художественного творчества / Д.М. Ткачёва, Л.М. Миляева // Педагогическое мастерство: материалы III Междунар. науч. конф. (г. Москва июнь 2013 г.), М.: Буки-Веди, 2013. С. 95-97.

6. https://stat.gov.kg/media/publicationarchive/fa3392ca-c76e-456f-badd7a324ff5204d.pdf?utm_source=chatgpt.com (кайрылуу күнү 11.11.25)

7. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/media/8021/file/EducationJointSectorReview.pdf?utm_source=chatgpt.com (кайрылуу күнү 12.11.2025)

Рецензент: пед.и.к., доцент Байтокова А.С.

УДК:37.01:37

Бинь Лу
Бинь Лу
Bin Lu

ORCID:0000-0003-4329-4929

БАЗАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БАЙЫТУУ ҮЧҮН САЛТТУУ МАДАНИЙ ОЮНДАР ТҮРҮНДӨГҮ ЖАҢЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ИННОВАЦИЯЛАРЫНА СЕРЕП САЛУУ
ОБЗОР НОВЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ИННОВАЦИЙ В ВИДЕ ТРАДИЦИОННЫХ КУЛЬТУРНЫХ ИГР ДЛЯ ОБОГАЩЕНИЯ ШКОЛЬНОЙ ПРОГРАММЫ БАЗОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ
A REVIEW OF NEW EDUCATIONAL INNOVATIONS IN THE F TRADITIONAL CULTURAL GAMES TO ENRICH THE BASIC EDUCATION CURRICULUM

PISA изилдөөсүндөгү функционалдык сабаттуулуктун негизги багыттарына кошумча ар бир 3 жылда бир инновациялык баалоо боюнча жаңы компетенциялар киргизилет: - Финансылык сабаттуулук; Санариптик сабаттуулук (2009); - Тапшырмаларды өз алдынча аткаруу (2012); - Тапшырманы биргеликте аткаруу (2015);- Глобалдык компетенттүүлүк (2018);- Креативдүү ой жүгүртүү (2022). Табигый илимдер боюнча изилдөө (2025). Ар бир мамлекет кошумча багытты тандоону же андан баш тартууну өзү чечет. [1, 3. 7 64-69-бб.]

Бул илимий макалада PISAгы тексттердин классификациясына таянып, функционалдык сабаттуулукту калыптандыруудагы тексттин кызматын, практикада колдонуу шарттарына изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасындагы илимий табылгалар: - инсандын жашоо-турмушка, социалдык чөйрөгө аралашуусуна өбөлгө түзүүчү; ар түрдүү предметтерди айкалыштыруучу тексттин классификациясын, форматын тандоонун талаптарынын теориялык негиздери такталды. Демек, теориялык негиздери такталгандан кийин анын практикалык моделдерин иштеп сунуштоого киришебиз.

Окурмандык сабаттуулукту изилдөөнүн негизги *каражаты – текст,* ошондой эле, функционалдык сабаттуулукту калыптандыруунун негизи – *текст.*

Тексттерди - жазуу, сактоо, көбөйтүү үчүн каражаттар:

- Басылып чыккан тексттер
- Электрондук тексттер болуп бөлүнөт.

Жыйынтыктасак, бизди курчаган сүрөттөр, жарнамалар, афишалар жана башкалардын бардыгы тексттер. Алардын фоматы туташ текст (сплошные тексты), туташ эмес текст(несплошные тексты), аралаш текст(смешанные тексты),курама текст (составные тексты) текст болуп эсептелгендигин билдик.

3-таблица. PISA изилдөөчүлөрү тарабынан түзүлгөн текстердин классификациясы

Окурмандык сабаттулуктун алкагында инфографиканы жана интеграцияланган текстти колдонуу технологиялары боюнча PISAга таянып, окутуунун жаңы ыкмалары аркылуу функционалдык сабаттуулукту калыптандыруучу туташ, туташ эмес, аралаш, курама текстердин форматынын түшүнүгүн аныктап алдык. Алар:

***1. Туташ текстер - а*бзацтар менен байланышкан сүйлөмдөрдөн турган текст.**

Баяндоо (повесть, тамсил, нускама, жарнама, макала, китептин, фильмдин мазмуну); Сүрөттөө (ыр, адамды затты, жерди, процессти сүрөттөө,*);* Ой жүгүртүү (комментарий, аргументештирүү, эссе, дил баян, божомолдоо гипотеза); Чечмелөө (терминдер, аныктамалар, эрежелер); Нускама(эскертүү) Кептин стилдери: илимий, көркөм, публицистикалык, расий –ишкер, сүйлөшүү(жолугушуу боюнча жазуу, баарлашуу, диалог, монолог); Жанрлар(аңгеме,пикир, жомок, детектив, фэнтези, комикс, фантастик)

2. Туташ эмес текст - графикалык уюштургучтар, графиттер, диаграммалар, схемалар, кластерлер, географиялык карталар, жергиликтүү карталар, имараттардын, үйдүн, бөлмөнүн планы, бир жакка кирүү, баруу билеттери, чектер, унаанын жүрүү расписаниеси- жүгүртмөлөр, афишалар, сайттын карталары, таблицалар

***3.* Аралаш текст** - интеграцияланган текст жана туташ эмес текстти камтыйт. Аралаш текстердин оозеки жана вербалдык эмес текст сүйлөмдөрдөң, графикалык элементтердин мисалдары кошумчаланп, бири-бирин толуктап турат. Заманбап авторлор өз идеяларын сунуштоонун аралаш түрүн барган сайын көбүрөөк колдонулууда. Азыркы журналдар, илимий маклалар, веб баракчалар көбүнчө аралаш текст түрүндө түзүлүүдө.

Курама текст- бир нече текстердин курамынан түзүлөт. Курама текстер ар бир текст бири-биринен көз карандысыз түзүлгөн, ырааттуу жана толук болгон бир нече текстер бириктирилген. Мисалы текстер айкалыштырылышы мүмкүн, алардын авторлору бири-бирин жокко чыгарган же бири-бирин толуктаган көз караштарын билдирет. Мисалы бир туристтик компаниялардын жарнамалары саякатчыларга окшош же карама-каршы багыттарды көрсөтүшү мүмкүн. Курама текстердин бөлүктөрү бир форматка ээ болушу мүмкүн(мисалы эки туруктуу текст) же форматы боюнча айкалыштырылыш мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтуна квалификациясын жогорулатууга келген мугалимдери PISA боюнча алган теориялык маалыматтары менен камсыз болушат. Андан кийин аны практикада бекемдөө жана биздин илимий темабыздын

алкагындагы окурмандык сабаттулуктту калыптандырууда инфографиканы жана интеграцияланган текстти колдонуу технологиялары ишке ашат.

Практикалык иш.

«Бишкек шаарындагы **«Шоро» фирмасынын суусундуктары»** темасына боюнча берилген тапшырмага (бир нече тема боюнча дүмүрчөктөрдөн - туташ эмес тексттен) ылайык, PISAнын тексттеринин классификациясына таянып,тексттердин форматтарын түзүү боюнча аталган институтун 8-агымдын мугалимдеринин 3-тобу иштеп чыккан практикалык мисалдын модели сунушталды. [7.92-93-б.б.]

Практикалык иштин-көнүгүүнүн критерийи:

10дон кем эмес бирдей (же газ, же электр, же жылуулук ж.б.) дүмүрчөктөрдү тандап алып, андагы төлөмдөрдүн негизинде - туташ текст, туташ эмес, аралаш, курама тексттерди контексттеринде интеграциялап түзүш керек. Убактысы сүйлөшүлөт.

1-сүрөт. Туташ текст



2- сүрөт. Туташ эмес текст



3- сүрөт. Аралаш текст



№4 сүрөт. Курама текст



Корутундуда, окурмандык сабаттуулуктун негизинде ар түрдүү предметтин алкагындагы текстерди окуп түшүнүү - функционалдуу сабаттуулук боюнча тапшырмаларды аткарууга окуу убактты көбүрөөк бөлүү зарыл.

Кыргыз тили сабагында, табигый жана так илимдер боюнча предметтердин алкагындагы жогоруда аталган текстердин форматын түзүү жана окутуп-үйрөтүүнүн мазмуну өндоп, түзөтүүлөрдү талап кылат. Алар бир катар жөндөмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзүшү керек. Мисалы: кубулуштарды түшүндүрүү, божомолдорду (гипотезаларды) текшерүү жана сунуштоо, окуяларга болжолдуу баа берүү («эгер … болсо кандай кылыш керек?»); туура маселени коё билүү жана изилдөөнүн негизги этаптарын пландаштыруу; ар түрдүү формадагы маалыматтарды анализдөө; эксперименттердин жыйынтыктарын негиздөө; талкуулоо, ырааттуу тыянак чыгаруу боюнча текстердин мазмунунда, суроолорунда чагылдырылышы керектиги аныкталды.

Колдонулган адабияттар

1. © АО «Издательство «Просвещение», Москва 2022 /
2. Artelt, C., Schiefele, U., & Schneider , Predictors of reading literacy. European Journal of Psychology of Education. / W. 2001.
3. Аналитический отчет «Комплексный анализ результатов Мониторинга образовательных достижений обучающихся организаций среднего образования» /Астана: 2024. – 253 с.

4. Развитие востребованных навыков в целях человеческого капитала: образование, навыки и продуктивность в ыргазской республике// Диньенг Хоу, Карина Асеведо, Джуст де Лаат и Дженника Ларрисон. Июнь 2020. _107с.
5. Эсеналиева К. Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө деңгээлдер боюнча компетенттүүлүктөрдү баалоо. КР Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасынын алдындагы «Типография» мамлекеттик ишканасы./ Бишкек, БбИМ грифи, 2014. – 246 б.
6. Эсеналиева К. Заманбап сабакты жаңы стандарттардагы компетенттүүлүктөргө негиздеп пландоонун технологиялары «Maxprint»./ Бишкек 2022-ж 90 бет, 2,514 б.т.
7. Эсеналиева К. Модернизацияланган стандарттарга жана PISAга негиздеп окутуу, баалоо, сабакты пландоо. - Б.: - 2024. 126 б. 7.9 басма табак (п.ч.)
8. Эсеналиева К. …автордук тобу. Предметтик стандарт «Кыргыз тили жана окуу» окутуу орус, тажик, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын **1-6**-класстары үчүн. **Предметтик** стандарттар (КББА, апрель, 2025-жыл)
9. Эсеналиева К. …автордук тобу. Предметтик стандарт «Кыргыз тили» окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын **7–12**-класстары үчүн **Предметтик** стандарттар (КББА, апрель, 2025-жыл)
10. Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты. 2025-жылдын 14-мартындагы N 131 токтомунда КР Министрлер Кабинети бекиткен
11. "12 жылдык жалпы мектептик билим билим берүүгө өтүү **концепциясы (**2024-жыл, 30-октябрь, МК № 654 токтому)
12. **”**КР Билим берүү уюмдарынын 2025-2026-окуу жылына базалык окуу пландарын бекитүү жөнүндө”(2025-ж.)
13. Эсеналиева К. PISA изилдөөсүндөгү окуп-түшүнүү сабаттуулугу боюнча тексттердин классификациясы жана баалоо.//«Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү дене тарбиясы жана жарандык аң-сезими – учурдагы өзөктүү маселеси» аттуу XII Эл аралык илимий-практикалык симпозиум. Илимий-педагогикалык жана методикалык журнал. Эл агартуу, Атайын чыгарылыш. 427-432-б.б. Жалал-Абад. 2023-ж.
14. Эсеналиева К. PISA тексттеринин классификациясынын үлгүсүндө STEM, STEAM, STREAM контексттеринде интеграциялап окутуу// «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик Уңгужолу – таалим-тарбияда» аттуу илимий-практикалык симпозиум. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак белгиси» ордендүү илимий, педагогикалык жана методикалык журнал. Эл агартуу, 265-271-б.б. Бишкек. 2025, №5-6
15. OECD. (2014). PISA 2012 results: What students know and can do (Volume I, Revised edition, February 2014): Student Performance in Mathematics, Reading and Science, PISA, OECD Publishing, Paris. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: DOI: http://dx.doi.org/10.1787/9789264208780-en
16. HIGH TECHNOLOGY PARK of the Kyrgyz Republic «TECHAIM» общественный фонд [Электронный ресурс]. – Режим доступа:IN @techaim.kg

Рецензент: пед. и.к., доцент Асанакунов Т.А.

УДК 371.13

Абдраимова Б. Н., Мелисбекова С.
Абдраимова Б. Н., Мелисбекова С.
Abdraimova B. N., Melisbekova S.

КЕЛЕЧЕК МУГАЛИМДИ АЗЫРКЫ ШАРТТА ТАРБИЯЛЫК ИШКЕ ДАЯРДОО
ПОДГОТОВКА БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ К УЧЕБНО-ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЕ В СОВРЕМЕННЫХ УСЛОВИЯХ
PREPARATION OF FUTURE TEACHERS FOR EDUCATIONAL WORK IN MODERN CONDITIONS

Кыскача мүнөздөмө: Макалада заманбап коомдук, технологиялык жана билим берүү шарттарында болочок мугалимдерди окуу-тарбия иштерине даярдоо маселеси каралат. Педагогикалык билим берүүдөгү теориялык жана практикалык даярдыктын ортосундагы карама-каршылыктар, тарбиялык компетенттүүлүктү калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү жана окутуу менен тарбиялоону интеграциялоонун зарылдыгы белгиленет. Инклюзивдүү билим берүү, санариптештирүү, өзгөчө муктаждыктары бар жана социалдык жактан аялуу окуучулар, шыктуу балдар менен иштөө боюнча маселелерге айрыкча көңүл бурулат. Тарбиялык компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган практикалык моделдер, технологиялар жана инструменттер сунушталган: долбоордук окутуу, педагогикалык кырдаалдарды моделдештирүү, медиация, устаттчылык ж.б. маселелер каралат. Макаланын практикалык мааниси – мугалимдердин кесиптик даярдыгынын сапатын жогорулатууга жана тарбиялоо ишинин натыйжалуулугун күчөтүүгө көмөктөшүүсүндө жатат.

Аннотация: Статья посвящена проблеме подготовки будущих учителей к учебно-воспитательной работе в условиях современных социальных, технологических и образовательных трансформаций. Рассматриваются противоречия между теоретической и практической составляющими педагогического образования, особенности формирования воспитательных компетенций, а также необходимость интеграции обучения и воспитания. Особое внимание уделено инклюзивному образованию, цифровизации, работе с одарёнными учащимися, детьми с особыми образовательными потребностями и социально уязвимыми категориями школьников. Предложены практико-ориентированные модели, технологии и инструменты формирования воспитательных компетенций, включая проектное обучение, моделирование педагогических ситуаций, медиативные практики и наставничество. Показана практическая ценность данных подходов для повышения качества подготовки педагогов и эффективности воспитательной деятельности.

Abstract: The article examines the preparation of future teachers for instructional and educational work in the context of modern social, technological, and educational transformations. It highlights the gap between theoretical training and practical readiness of teacher-education graduates, analyzes the formation of educational competencies, and emphasizes the need to integrate learning and upbringing within the educational process. Special attention is given to inclusive education, digitalization, work with gifted students, learners with special educational needs, and socially vulnerable groups. The study proposes practice-oriented models and methods for developing teachers' educational competencies, including project-based learning, pedagogical situation modeling, mediation techniques, and mentoring programs. The practical significance of these approaches is demonstrated through their potential to improve teacher training quality and enhance the effectiveness of educational work in contemporary schools.

Негизги сөздөр: мугалимдерди даярдоо; педагогдордун кесиптик даярдыгы; окутуу-тарбиялык иш; заманбап билим берүү; педагогикалык ишмердүүлүк; компетенттүүлүккө негизделген ыкма; педагогикалык билим берүү.

Ключевые слова: подготовка учителей; профессиональная подготовка педагогов; учебно-воспитательная работа; современное образование; педагогическая деятельность; компетентностный подход; педагогическое образование.

Keywords: teacher training; professional preparation of educators; instructional and educational work; modern education; teaching activity; competency-based approach; teacher education.

Современные социальные трансформации, изменения социально-экономических условий, технологические вызовы требуют усиления внимания к психоэмоциональному развитию учащихся, а также переосмысления научно-методологических подходов к подготовке педагогических кадров. Сегодня необходимо формировать у будущих учителей компетенции, позволяющие включать учебный процесс воспитательные компоненты. Особую значимость приобретает ориентация на принципы инклюзивного образования, способствующего формированию у школьников устойчивых моральных ценностей и адаптивных навыков.

Ключевой проблемой в подготовке будущих учителей остается существенный разрыв между теоретическими знаниями, получаемыми в вузе, и практическими умениями в области воспитательной работы.

Исходя из вышеизложенного целью настоящего исследования является разработка путей оптимизации подготовки будущих учителей к учебно-воспитательной работе в современных условиях, в особенности с детьми особенностями здоровья. Для достижения поставленной цели поставлены следующие задачи: анализ и характеристика современных условий воспитательной деятельности, выявление пробелов в программах педагогического образования, разработка практических путей и методических возможностей для усиления воспитательного компонента образовательного процесса, с учетом инклюзивного образования.

Наиболее значимой для сегодняшнего дня является преодолении дисбаланса между учебной и воспитательной составляющей в подготовке педагогов, решением которого можно внести существенней вклад в практическую подготовку будущих педагогов. Практическая ценность исследования состоит в создании адаптивных механизмов, позволяющих будущим учителям эффективно отвечать на запросы современного общества. Она направлена, в том числе, на повышение качества профессиональной подготовки и улучшение образовательных результатов учащихся.

Современные реалии ставят под сомнение эффективность привычных методов воспитания. Учителям приходится менять подходы к взаимодействию с учениками, учитывая многообразие культур и социальных ориентаций. Это связано с изменениями в семьях, роли других институтов, воспитывающих детей, и влиянием глобализации. Технологические вызовы, цифровизация образования также требуют от педагогов новых навыков: они должны быть медиаграмотными и разбираться в кибербезопасности, чтобы безопасно вести учеников в онлайн-мире. Рост кибербуллинга и фейковых новостей среди молодежи делают наиболее важными умения критически воспринимать поступающую информацию. Следовательно, возрастает значение цифровой культуры, знания и умения пользоваться с искусственным интеллектом, которые стремительно входят в нашу жизнь и становятся ключевыми компонентами профессиональной деятельности.

Как показывает изучение научных источников [1], [9] воспитательная компетентность педагога представляет собой интегративное качество личности, включающее три взаимосвязанных компонента: когнитивный, деятельностный и рефлексивный. Когнитивный компонент подразумевает наличие у будущего учителя системы теоретических знаний о закономерностях воспитательного процесса, возрастных особенностях учащихся и современных воспитательных технологиях.

Деятельностный компонент выражается в практических умениях проектировать и реализовывать воспитательную работу, используя различные методы и формы организации.

Рефлексивный компонент обеспечивает способность педагога анализировать собственную деятельность, оценивать её эффективность и вносить необходимые коррективы. Совокупность данных компонентов создаёт основу для системного педагогического воздействия.

Методологической основой формирования воспитательных компетенций у будущих учителей выступают системно-деятельностный, компетентностный, аксиологический и личностно-ориентированные подходы, интеграция которых в образовательный процесс позволяет обеспечить комплексное развитие профессиональных компетенций будущих педагогов в сфере воспитания.

Основной проблемой в подготовке будущих учителей является существенный дисбаланс между теоретической подготовкой и практическим освоением воспитательных технологий [1]. Как показывает практика, программы педагогического образования часто делают акцент на изучении концептуальных основ воспитания, оставляя недостаточно времени для формирования практических навыков. Это приводит к тому, что выпускники испытывают трудности при применении теоретических знаний в реальных школьных условиях. Недостаток практической ориентации учебно-методических пособий не дает студентам возможности полноценно подготовиться к работе в школе. Другой значительный дефицит заключается в недостаточной развитости психолого-педагогических навыков проектирования индивидуальных траекторий развития учащихся. Учебные материалы содержат поверхностные описания форм работы с детьми, что не позволяет студентам освоить необходимые методики. Отсутствие заданий для выработки собственной позиции по спорным вопросам воспитания ограничивает развитие профессионального мышления. Ложная ориентация на то, что знание закономерностей воспитания автоматически обеспечит успех, делает только хуже.

Современные модели формирования воспитательных компетенций предполагают комплексный подход, объединяющий когнитивные, эмоциональные и поведенческие аспекты [6]. Такой интегративный подход позволяет обеспечить целостное развитие личности будущего педагога, формируя не только теоретические знания, но и практические умения и навыки воспитательной работы. Интеграция этих компонентов позволяет создать устойчивую основу для эффективной воспитательной деятельности в динамичной образовательной среде.

Среди технологий, доказавших свою эффективность в формировании воспитательных компетенций, выделяются проектное обучение и моделирование. Эти методы позволяют будущим учителям развивать практические навыки через решение реальных или смоделированных педагогических проблем. «Новые формы воспитательной работы в вузах (волонтерские проекты, студенческое самоуправление в вузе, студенческие отряды, видеоблоги студенческих движений, спортивные и культурно-досуговые мероприятия и проекты, на занятиях по различным дисциплинам, в научно-исследовательской деятельности)» [3]. Перечисленные формы являются конкретными примерами реализации проектного подхода.

Для работы с одаренными учащимися могут применятся дифференцированные кейс-стади (обучение по кейсам-реальные или смоделированные ситуации) и рефлексивные дневники [4]. Эти инструменты позволяют учитывать индивидуальные особенности и потребности данной категории школьников. Кейс-стади стимулируют исследовательскую активность и развитие творческого мышления. Рефлексивные дневники способствуют осознанию собственных возможностей и раскрытию потенциала.

Воспитательная работа с учащимися с поведенческими отклонениями требуют специальных методических подходов и практических действий. Сегодня для поддержки детей с особыми нуждами разработаны адаптивные сценарии групповой работы и технологии медиации (мирное урегулирование конфликтов при участии посредника – медиатора). Данные инструменты способствуют формированию коммуникативных навыков и конструктивному разрешению конфликтов. Они обеспечивают создание безопасной образовательной среды для данной категории обучающихся.

Социально незащищенные категории школьников нуждаются в особом внимании педагогов. Под незащищенными категориями мы понимаем детей из многодетных семей, из неполных семей, сироты, детей с ОВЗ, детей вынужденных переселенцев и дети, оказавшиеся в трудной жизненной ситуации. Эффективными инструментами подготовки будущих педагогов для работы с такими детьми выступают социокультурные тренинги и программы наставничества. Эти методики направлены на развитие социальной адаптации и повышение самооценки учащихся. Программы наставничества обеспечивают индивидуальную поддержку и способствуют интеграции в образовательное пространство.

Сегодня особую социально-педагогическую значимость приобретает инклюзивная педагогика. Она выступает ключевым элементом в подготовке будущих педагогов, формируя у них компетенции, связанные с индивидуализацией образовательных траекторий развития детей с особыми нуждами. Одновременно данный подход предполагает учет особых образовательных потребностей каждого обучающегося, что требует от учителя владения методами дифференцированного подхода в обучении и воспитании. Освоение этих компетенций позволяет будущим специалистам проектировать индивидуальные маршруты развития учащихся с различными возможностями [2]. Таким образом, инклюзивное образование способствует развитию профессиональных умений в области психолого-педагогического сопровождения.

Воспитательная работа с детьми с особыми образовательными потребностями в рамках инклюзивного образования дает будущим педагогам ценный опыт. Они учатся адаптировать учебные материалы, чтобы они были понятны всем ученикам, независимо от их индивидуальных особенностей восприятия. В условиях обучения в классах, где есть дети с разными потребностями, будущим учителям необходимо освоить методы создания доступной образовательной среды. Это включает в себя как методические приемы, так и психологическую подготовку. Такие навыки формируются непосредственно в процессе общения и работы с детьми, нуждающимися в особой поддержке. К примеру, внедрение инклюзивного образования в школах, таких как НООФ «Школа Газпром Кыргызстан» города Бишкек, является важным шагом к созданию равных возможностей для всех детей и формированию гуманного общества. Обратимся к опыту НООФ «Школа Газпром Кыргызстан», где успешно реализуется практика инклюзивного образования. В этой школе созданы специальные условия для обучения детей с ограниченными возможностями здоровья: оборудованы кабинеты, подготовлены педагоги, разработаны индивидуальные программы обучения. Например, в одном из классов учится мальчик с нарушением слуха, который благодаря поддержке учителей и одноклассников активно участвует в учебном процессе и школьной жизни. Этот пример показывает, что при правильной организации и поддержке инклюзивное образование помогает детям с особыми потребностями раскрыть свои способности и чувствовать себя полноценными членами школьного коллектива. Таким образом, практические занятия по инклюзивному образованию являются неотъемлемой частью подготовки будущих учителей, помогая им стать готовыми к работе в современных школах. Наиболее адекватным современным требованиям относится компетентностный подход. Этот подход подразумевает оценку не только того, что они знают (теоретические знания), но и того, что они умеют делать на практике (практические навыки), а также их личных качеств как педагогов. Критерии оценки должны показывать, насколько выпускники способны применять полученные знания в реальных педагогических ситуациях. Объективность этих критериев обеспечивается их соответствием современным требованиям к профессии учителя.

Определение показателей сформированности профессиональных умений учитывает современные образовательные вызовы, такие как цифровизация и инклюзивность [7]. Эти показатели включают умение проектировать учебно-воспитательный процесс с учетом индивидуальных особенностей учащихся. Важным аспектом является способность учителя адаптировать методики к изменяющимся условиям образовательной среды [8]. Имеющаяся система системно-структурного оценивания профессионально-педагогических компетенций включает в себя следующие элементы:

объект оценки; модель критериального оценивания; методика оценки; имеющиеся инструментальные (аппаратные) средства оценивания.

Основанное на контекстном подходе, использование педагогических ситуаций в качестве моделей – это действенный способ проверить, насколько хорошо будущие учителя готовы к работе [5]. Согласно контекстному подходу, создавая в вузе ситуации, максимально приближенные к реальным школьным будням, мы даем студентам возможность окунуться в атмосферу будущей профессии. Такая практика помогает им развить необходимые навыки для решения сложных воспитательных задач. Анализ результатов этих "пробных" ситуаций позволяет вовремя скорректировать обучение, выявить сильные стороны студентов и определить, над чем еще нужно поработать. Это, в свою очередь, помогает улучшить учебные программы и методы преподавания, делая подготовку учителей более эффективной.

Как правило, содержание контекстного обучения отбирается из двух источников: конкретного содержания изучаемых наук, то есть содержания образования будущей профессиональной деятельности, которые задаются в виде модели деятельности специалиста, как описания функций, задач, компетенций. Реализация предметного содержания обучения предусмотрена государственным стандартом образования, учебным планом, образовательными программами, подкрепляется учебным материалом, разрабатываемым преподавателем, содержащаяся в них информация задает предметный и социальный контексты (- контекстное) будущей жизни и деятельности учащегося

Контекстный подход, как методологический ориентир в формировании навыков самостоятельной работы, предполагает осознанно отбирать организационные формы и методы обучения, соответствующие целям и задачам профессионального образования, может быть использован как базовый подход к формированию специалиста нового типа, способного квалифицированно решать аналитические и прикладные задачи, связанные с профессиональной деятельностью. Самое главное достоинство данного подхода состоит в трансформации умений и навыков учебной деятельности в профессиональную, которая осуществляется путем трансформации учебной деятельности в профессиональную, созданием ситуации, максимально приближенной к производственной, и решением ситуационных практических задач [10].

Предложенные выше рекомендации обладают значительной практической ценностью для модернизации педагогического образования. Их внедрение позволит повысить качество подготовки будущих учителей к решению современных воспитательных задач. Разработка моделей развития навыков будущих учителей, ориентированных на современную образовательную реальность, позволит предотвратить выгорание учителей на этапе введения в курс педагогической деятельности. Для успешной интеграции предложенных методик необходим поэтапный план их внедрения в систему профессиональной подготовки учителей. Первоначальный этап должен включать адаптацию рекомендаций к существующим образовательным программам педагогических вузов. Последующие шаги предполагают разработку учебно-методических комплексов и проведение пилотных апробаций в отдельных образовательных организациях. Заключительная фаза предусматривает масштабирование успешного опыта и внесение корректировок в нормативную базу.

В современных условиях ускоренных социальных трансформаций и гуманизации образования подготовка будущих учителей требует фундаментальной переориентации на интеграцию учебной и воспитательной деятельности. Интегративный подход является ключевым элементом современного образования и научных исследований, так как он позволяет преодолевать узкую специализацию и способствует развитию целостного мышления. Обратимся к трудам Л.С. Выготского, который в своей педагогике подчеркивал важность комплексного развития личности через взаимодействие различных сфер знаний и опыта. В частности, Выготский рассматривал процесс обучения как интеграцию культурных и социальных элементов, что способствует формированию высших психических функций. Его теория зоны ближайшего развития показывает, как обучение может быть организовано с учетом взаимодействия разных уровней знаний и умений, что является примером интегративного подхода. Как показал анализ, это является ключевым фактором формирования у

учащихся устойчивых моральных ценностей и практических навыков адаптации к изменяющейся реальности. Такая интеграция соответствует актуальным потребностям общества, связанным с гармоничным развитием личности в условиях культурного разнообразия и глобальных вызовов.

Проведенное исследование выявило существенные пробелы в программах педагогического образования, включая недостаточную практическую подготовку к воспитательной работе. Несоответствие теоретических знаний реальным вызовам инклюзивного обучения снижает эффективность образовательного процесса. Эти дефициты затрудняют реализацию комплексного подхода к развитию учащихся в динамичной социальной среде.

Таким образом, предлагаемые практико-ориентированные подходы и методические инструменты учитывают возрастные и социальные особенности учащихся. Они создают основу для системного усиления воспитательного компонента в подготовке педагогов. Предложенные модели и технологии обеспечивают дифференцированный подход к работе с разнообразными категориями обучающихся. Апробация рекомендаций через моделирование педагогических ситуаций подтвердила их эффективность и применимость в реальной практике. Проведенная оценка демонстрирует жизнеспособность предложенных подходов к интеграции воспитательных компонентов. Результаты открывают перспективы для внедрения этих методик в образовательную практику и дальнейших исследований в области педагогического образования.

Список использованной литературы

1. Алексеев О.А., Давлетова А.А. Интегральный подход к формированию и оцениванию профессиональных компетенций преподавателей образовательных учреждений // Экономика и управление: научно-практический журнал. — 2021.- №1. - С. 166-169.
2. Алешанова Л.В. Инклюзивная форма образования для детей с ОВЗ в условиях общеобразовательной школы // Логопед. — 2015. — №1. — С. 120–124.
3. Сидорова, Е. А. Проектное обучение как средство формирования профессиональных компетенций у студентов педагогических вузов. Научные записки. – 2019. - №5. – С. 110-115.
4. Гусев, А. Кейс-стади в образовательном процессе: методические рекомендации. Издательство "Образование". – М,2020.
5. Баранов, А. И. (2019). Моделирование педагогических ситуаций как средство подготовки будущих педагогов. Вестник педагогического образования. – 2019. - №. – С. 45-50.
6. Дружинина А.А., Гарашкина Н.В. Модель развития у будущих учителей навыков решения проблем целостным педагогическим коллективом школы: концептуально-теоретическое обоснование // Science for Education Today. — 2025. — №2. — С. 71–94.
7. Макаренко А.Н., Смышляева Л.Г., Минаев Н.Н. и др. Цифровые горизонты развития педагогического образования // Высшее образование в России. — 2020. — №6. — С. 113–121.
8. Петрова Н.П. Особенности организации педагогической практики в условиях цифровизации образования // Проблемы современного педагогического образования. — Ялта, 2021. — С. 194–275.
9. Шермаганбетова С.З. Развитие педагогической компетенции будущих педагогов в работе с родителями детей с особыми образовательными потребностями. Мир науки, культуры, образования. – 2025. - №4. – С. 165-166.
10. Асипова Н.А. Контекстный подход как методологическая основа обучения самостоятельной работе студентов педагогических направлений. Вестник КНУ им. Ж Баласагына. – Бишкек. - 2024.- №3 (119). - С.62-67

Рецензент: д-р пед. наук., профессор Узакбаева С.А.

УДК 371.4

Абдымомунова Г.А., Жуматаева А.С., Тургуналы кызы А.
Абдымомунова Г.А., Жуматаева А.С., Тургуналы кызы А.
Abdymomunova G.A., Zhumataeva A.S., Turgunaly kyzy A.

КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНСАНДАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ ЭМПАТИЯНЫН ДЕҢГЭЭЛИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
ОСОБЕННОСТИ УРОВНЯ ЭМПАТИИ В МЕЖЛИЧНОСТНЫХ ОТНОШЕНИЯХ УЧАЩИХСЯ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ
FEATURES OF THE LEVEL OF EMPATHY IN INTERPERSONAL RELATIONSHIPS OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

Кыскача мүнөздөмө: Макала кенже мектеп окуучуларынын инсандар аралык мамилелериндеги эмпатиянын деңгээлин изилдөөгө арналган. Азыркы коомдо социалдык өз ара аракеттенүүнүн татаалдашы, балдардын коммуникациялык кыйынчылыктары жана эмоционалдык ажырымдары эмпатия маселесин актуалдуу кылууда. Айрыкча башталгыч мектеп курагы эмпатиянын, боорукердиктин жана моралдык сезимдердин калыптанышында маанилүү этап болуп саналат. Изилдөөнүн максаты – кенже мектеп окуучуларынын инсандар аралык мамилелериндеги эмпатиянын деңгээлин аныктоо жана анын көрүнүш өзгөчөлүктөрүн талдоо. Макалада эмпатия феномени, инсандар аралык мамилелер түшүнүгү жана алардын кенже мектеп курагындагы психологиялык өзгөчөлүктөрү теориялык жактан каралат. Ошондой эле эмпатиянын өнүгүшүнө үй-бүлө, мектеп чөйрөсү жана теңтуштар менен болгон өз ара аракеттенүүнүн таасири ачып көрсөтүлөт.

Аннотация: Статья посвящена исследованию уровня эмпатии в межличностных отношениях младших школьников. В современном обществе усложнение социальных взаимодействий, коммуникативные трудности детей и эмоциональные разрывы делают проблему эмпатии особенно актуальной. Младший школьный возраст является важным этапом формирования эмпатии, сочувствия и нравственных чувств. Цель исследования – определить уровень эмпатии младших школьников в межличностных отношениях и проанализировать особенности её проявления. В статье теоретически рассматриваются феномен эмпатии, понятие межличностных отношений и психологические особенности их формирования в младшем школьном возрасте. Также подробно раскрывается влияние семьи, школьной среды и взаимодействия со сверстниками на развитие эмпатии.

Abstract: The article is devoted to studying the level of empathy in the interpersonal relationships of primary school children. In modern society, the complication of social interactions, children's communication difficulties, and emotional gaps make the issue of empathy particularly relevant. Primary school age is an important stage in the development of empathy, compassion, and moral feelings. The purpose of the study is to determine the level of empathy in primary school children's interpersonal relationships and to analyze its characteristics. The article theoretically examines the phenomenon of empathy, the concept of interpersonal relationships, and the psychological features of their formation at the primary school age. The influence of family, school environment, and peer interaction on the development of empathy is also highlighted.

Негизги сөздөр: эмпатия; инсандар аралык мамилелер; кенже мектеп окуучулары; боорукердик; социалдык өз ара аракеттенүү.

Ключевые слова: эмпатия; межличностные отношения; младшие школьники; сочувствие; социальное взаимодействие.

Keywords: empathy; interpersonal relationships; primary school children; compassion; social interaction.

Максаты жана изилдөө методдору

Бул макаланын негизги максаты - кенже мектеп окуучуларынын инсандар аралык мамилелериндеги эмпатиянын деңгээлин аныктоо жана анын психологиялык өзгөчөлүктөрүн талдоо.

Изилдөөдө төмөнкү илимий-изилдөө методдору пайдаланылды:

Теориялык анализ – эмпатия феномени, социалдык эмоциялар жана инсандар аралык мамилелер боюнча илимий адабияттарды системалаштыруу;

Психологиялык-педагогикалык талдоо – үй-бүлөнүн, мектеп чөйрөсүнүн жана теңгуштар менен өз ара аракеттенүүнүн эмпатияга таасирин изилдөө;

Педагогикалык практикалык ыкмалардын сүрөттөлүшү – жомок терапиясы, ролдук оюндар, музыка терапиясы, бий жана фототерапия колдонуу принциптери талданган.

Бул усулдардын натыйжалуулугу теориялык жана практикалык жактан негизделип, ар тараптуу мисалдар менен бекемделген [16].

Эмпатикалык сезимдер кенже мектеп окуучулары үчүн өзгөчө маанилүү инсандык сапат болуп саналат. Алар баланын адеп-ахлактык өнүгүүсүн чагылдырып, алардын башкалар менен болгон мамилесинин мүнөзү жана мектеп жамаатына интеграциялоонун өзгөчөлүгү менен тыгыз байланышта.

Балдар - бул өлкөнүн келечеги. Аларда адеп-ахлакты жана эмпатияны өнүктүрүү - мамлекеттик жана жеке билим берүү мекемелеринин маанилүү милдети, анткени эмпатия жөндөмү өнүккөн инсан - бул боорукердикке жана анын жыргалчылыгына кам көрүү менен адамга жан дили менен жардам берүүгө жөндөмдүү инсан. Демек, бул изилдөөнүн темасы мамлекеттик масштабда маанилүү.

Адам коомдук жандык, ошондуктан жашоодо ийгиликтүү өнүгүүсү үчүн айланадагы адамдар менен натыйжалуу өз ара мамиле түзүү сапаттары жогорку деңгээлде өнүгүүсү керек. Мындай сапаттардын бири - эмпатия. Эмпатия көйгөй инсандар аралык таанып-билүү көйгөйлөрүнүн катарында борбордук орундардын бирин ээлейт. Ал адамдардын бири-бирин түшүнүүсүнө, баарлашуусуна жана мамилелерине көңүл бурат.

Психологияда эмпатия бир катар психикалык кубулуштарды камтыйт, мисалы, эмпатия, башканын абалын "сезүү", адамдардын башынан өткөн окуялар дүйнөсүнө "кирүү", адамдын башка адамдардын эмоцияларын жана сезимдерин түшүнүүсү, өзүн башканын ордунда коюу жөндөмү, жада калса башка адамдын эмоционалдык абалын жана тажрыйбасын түшүнүү.

Кенже мектеп - окуучулардын моралдык-адеп-ахлактык тарбиялоонун негизги этаптарынын бири болуп саналат. Бул жаш курагы баланын жүрүм-туруму, анын бүт дүйнө менен болгон мамилесинин жалпы мүнөзүн аныктаган, психиканын касиеттерин белгилеген мезгил болуп саналат.

Коомдун жашоосунун бардык тараптарын гумандаштыруу жана демократиялаштыруу маселелерин чечүү адам мамилелеринин бүтүндөй жыйындысын, анын ичинде чоңдор менен балдар жамааттарынын өз ара мамилелерин кайра куруу менен байланышкан.

Бул процесс мурунку баалуулуктарды четке кагуунун жана жаңыларын ырастоонун татаал жана карама-каршы шарттарында, анын ичинде эмоционалдык маанайды өнүктүрүү, башка адамга көңүл буруу, алар менен өз ара аракеттенүүгө даярдык маселелеринде болот.

Инсандын өнүгүү концепцияларын (Б.Г. Ананьев, К.А. Абульханова-Славская, Л.И. Божович, Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, В.Н. Мясищев, А.В. Петровский, К.К. Платонов, С.Л. Жакобсон ж.б.) талдап, бала менен чоңдордун ортосундагы мамилелердеги эмоционалдык аспект анын жалпы психикалык өнүгүүсүнүн маанилүү фактору экендигин далилдешкен.

Инсандар аралык мамилелердин эмоционалдык жагын психологиялык изилдөө азыркы психологиялык изилдөөлөрдүн эң актуалдуу багыттарынын бири экендигин билдирет. Чыгармаларда баланын психикалык жана инсандык өнүгүүсүндө маанилүү жөнгө салуучу ролду аткарган, анын

башка адамга жана өзүнө болгон мамилесин аныктаган социалдык эмоцияларды (Г.М. Бреслав, В.К. Вилюнас, А.В. Запорожец, Я.З. Неверович, В.К. Котырко, М.И. Лисина, С.В. Мухина, П. В. Симонов ж.б.) изилдөөгө көбүрөөк маани берилет. Жеке инсандын калыптанышынын негизи болуп - социалдык эмоциялар өсүп келе жаткан адамдын социалдашуу процессин жетектөө эсептелет, ага чоңдор жана теңтуштар дүйнөсүнө "кирүүгө" жардам берет. А.В. Запорожец социалдык эмоциялар жүрүм-турумдун мотивдерин калыптандырууда баланы курчап турган дүйнөнүн объектилеринде жана кубулуштарында багыттоо функциясын аткарарын белгилеген.

Бир катар социалдык эмоцияларда эмпатиянын өз ара таануунун, өз ара кабыл алуунун натыйжасы катары, инсандар аралык мамилелерди оң оптималдаштыруучу психологиялык кубулуш катары ролун изилдөө өзгөчө мааниге ээ.

Кыргыз педагогика илиминде инсанга багытталган окутуунун теориялык негиздери А. Алимбеков жана И. Бекбоевдин эмгектеринде кеңири иштелип чыккан. Авторлор окутуу процессинде окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүн, эмоционалдык абалын жана социалдык тажрыйбасын эске алуунун маанилүүлүгүн белгилешет. Бул жоболор кенже мектеп окуучуларында эмпатиянын жана конструктивдүү инсандар аралык мамилелердин калыптанышын камсыздоочу маанилүү шарт катары каралат.

Эмпатия жөндөмдүүлүгү өнүккөн адам - бул башкалардын жыргалчылыгына кам көрүү, боорукердик жана жан дили менен жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү адам. Бул баланын инсандыгын калыптандырууда, жалпы эле жашоосунда чоң роль ойнойт [15].

Балага сиңирилген адеп-ахлактык сапаттар жана сезимдер бара-бара инсандык өзгөчөлүктөргө «айланып», кийин анын айланасындагы адамдар менен болгон мамилесинде байкалат.

Эмпатия аркылуу балдар башкаларды жана алардын ички тажрыйбасын түшүнүүгө үйрөнүшөт, алардын баалуулугун баалай баштайт жана жардам берүү, кам көрүү каалоосун өрчүтүшөт.

Капа сезими эмпатияны калыптандырууда жана өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул наристенин ыйы энеде мээримдүүлүктү пайда кылып, аны көңүл бурууга, сооротууга, жардам берүүгө түртөт. Ошол сыяктуу эле, сүйүктүү адам менен байланышкан кайгылуу окуяны эскерүү боорукердикти, жардам берүү каалоосун ойготот.

Эмпатиянын өнүгүшүнө жана көрсөтүлүшүнө адамдын эгоцентризми жана психологиялык жактан кыйналуусу (депрессия, тынчсыздануу, агрессия ж.б.) тоскоолдук кылышы мүмкүн. Мындан тышкары, бала кезинен эле адамда калыптанган мамилелер эмпатияны өнүктүрүүгө жана билдирүүгө тоскоол болушу мүмкүн. Мындай мамиле төмөнкүлөрдү камтыйт: жеке байланыштан качуу, башкаларга кызыгуу көрсөтүү жана башка адамдардын көйгөйлөрүнө сабырдуу мамиле кылуу.

Кенже мектеп окуучуларында эмпатиянын эки түрү пайда болот: гуманисттик жана эгоцентрист. Гуманисттик эмпатия адам башка бирөөнүн жыргалчылыгына жооп берген тажрыйба менен байланышкан, ал эми эгоцентрдик тажрыйба башка бирөө үчүн эмес, өзү үчүн тынчсыздануну камтыйт. Гуманисттик эмпатиянын мисалдарына боорукердик, боор оруу кирет. Эгоцентрдик эмпатиянын мисалдары: капа болуу, коркуу, азап чегүү, башка бирөөнүн кайгысына жооп катары кайгыруу, кубанычка жооп кайтаруу (көрө албастыктын көрүнүшү).

Кенже мектеп окуучусу боорукердик, жан тартуу, адамгерчилик ж.б.у.с. жөндөмдүүлүк менен (тубаса) төрөлбөйт. Бул жөндөмдөрдү өнүктүрүү жана тарбиялоо баланын жакын чөйрөсүнүн - ата-энелердин, тарбиячылардын жана мугалимдердин милдети. Мектептерде эмпатия сабак учурунда жана сабактан кийин балдар менен болгон иш-чаралар аркылуу өнүктүрүлөт.

Кенже мектеп окуучуларында эмпатияны тыныгуу учурунда, алар менен болгон терс же, тескерисинче, позитивдүү мамилелерди талкуулоо аркылуу да өнүктүрүүгө болот.

Кенже мектепте окуу ишмердүүлүгүнүн өнүгүшү менен баланын сезимдери өзгөрүп, көбүрөөк аң-сезимге, туруктуулукка жана токтоолукка карай өнүгөт [9].

Эмпатия феномени көптөгөн психологдордун изилдөө объектиси болуп келгенине карабастан, анын кенже мектеп курагындагы балдарда пайда болуу, өнүгүү жана калыптануу өзгөчөлүктөрү жетиштүү деңгээлде изилденбей келет. Айрыкча, эмпатиянын дал ушул курактык этаптагы

көрүнүштөрүнө арналган илимий эмгектердин саны чектелүү. Ошол эле учурда, азыркы билим берүү практикасына ылайык, мектеп шартында балдардын эмпатиясын максаттуу өнүктүрүүгө жана калыптандырууга тийиштүү деңгээлде көңүл бурулбай жаткандыгы байкалат.

Балдардын социалдык эмоцияларынын, анын ичинде эмпатиясынын калыптанышы негизинен чоңдор менен болгон түз өз ара аракеттенүү процессинде жүзөгө ашат. Бул багытта үй-бүлө, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелер жана өзгөчө ата-эне менен баланын өз ара алакасы өзгөчө мааниге ээ. Үй-бүлөдөгү тарбия процессинде баланын баалуулук багыттары, кызыкчылыктары жана социалдык жүрүм-турум үлгүлөрү калыптанып, бул факторлор келечекте анын инсандык сапаттарынын өнүгүшү үчүн негиз түзөт [1].

Ата-эненин ортосундагы мамиле жана ата-эненин балага болгон мамилеси баланын келечекте башкалар менен болгон мамилесинин негизи болуп саналат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бала кичинекейинен ата-энесинин бири-бирине жана аларга карата боорукер мамилесин байкаса, аларда да эмпатия пайда болот. Ошентип, эмпатия, моралдык сезимдер сыяктуу эле, катаалдык жана жазалоо аркылуу эмес, жеке үлгү жана балага адеп-ахлак нормаларын түшүндүрүү аркылуу «таңдалуусу» керек [7].

Ата-эне тарабынан баланы эмоционалдык түшүнбөстүк жана кабыл албоо, ошондой эле бала менен ата-эненин ортосундагы эмоционалдык байланыштын бузулушу жана жоктугу анын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип, психикасын жабыркатат.

Үй-бүлөдөгү чыр-чатактар, ата-эненин ырайымсыздыгы, ата-эненин мээриминин жоктугу, педагогикалык кайдыгерлик коомдо “кыйын” балдардын пайда болушуна алып келген факторлор.

Мындан тышкары, эмпатияны өнүктүрүү үй-бүлөдөгү балдардын санына жана баланын төрөлүү тартибине жараша болот. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, тун балдар, ошондой эле жалгыз балдар боорукердикти негизинен эмпатия объектиси алардан айырмаланган макамга ээ болуп, аларга көз каранды болбогон жана атаандаштык мамиледе болбогон шартта көрсөтүшөт. Мындай учурда эмпатиянын деңгээли жеке ийгиликке жетүү мотивинин күчтүүлүгүнө байланыштуу болот: жетишкендикке умтулуу мотиви канчалык басымдуу болсо, эмпатиянын көрүнүшү ошончолук төмөндөйт. Ал эми үй-бүлөдө кеч төрөлгөн балдар, эгерде эмпатия объектиси менен социалдык макамы окшош болуп, өз ара көз карандылык жана тыгыз өз ара аракеттенүү орун алса, боорукердикти көбүрөөк көрсөтүшөт. Айрыкча атаандаштык кырдаалдарында кеч төрөлгөн балдар тун балдарга жана жалгыз балдарга салыштырмалуу жогорку деңгээлде эмпатияга жөндөмдүү болушат [13].

Жыйынтыктап айтканда, балдарда адеп-ахлактык сезимдердин жана эмпатиянын калыптанышы негизинен үй-бүлөлүк чөйрөдө жүзөгө ашат. Ата-энелер тарабынан берилген тарбиялык негиздер менен бала адегенде мектепке чейинки билим берүү мекемелерине, андан соң мектепке кирет. Бул этапта мугалимдердин негизги милдети – кесиптик компетенттүүлүктү колдонуу аркылуу окуучулардын эмпатиясын жана моралдык сезимдерин өнүктүрүү болуп саналат. Мындан тышкары, теңтуштар менен болгон өз ара мамилелер эмпатиянын калыптанышына олуттуу таасир этет. Биринчи класска келген учурда баланын социалдык чөйрөсү кеңейип, ал үй-бүлөдө өздөштүргөн коммуникациялык көндүмдөрүн классташтары жана мугалимдери менен болгон өз ара аракеттенүүдө активдүү колдоно баштайт.

Балдар бара-бара башкалардын абалын түшүнүүгө, боорукер мамиле кылууга жана эмоционалдык жактан колдоо көрсөтүүгө үйрөнүшөт. А.А. Бодалёв менен Т.Р. Каштанованын изилдөөлөрүндө баланын теңтуштары менен болгон социалдык чөйрөсүнүн кеңейиши анын боорукердик жана эмпатиялык жөндөмдөрүнүн өнүгүшүнө оң таасирин тийгизери далилденген [14].

Эмпатиянын деңгээли курактык жана жыныстык өзгөчөлүктөргө байланыштуу өзгөрүп турат. Айрым эмпирикалык жактан толук тастыкталбаган маалыматтарга ылайык, кыздар балдарга салыштырмалуу эмпатияны көбүрөөк көрсөтүшөт. Т.П. Гаврилованын эмгектеринде эмпатия башталгыч мектеп курагындагы балдарга көбүрөөк мүнөздүү болуп, ал эми боорукердик сезими өспүрүм куракта басымдуулук кылаары белгиленет. Мындан тышкары, балдар көбүнчө

жаныбарларга жана чондорго карата боорукердик көрсөтсө, кыздар эмоциялык колдоону көбүрөөк билдиришет. Ошол эле учурда, кыздар теңтуштарына боорукердик менен мамиле кылышса, балдар боорукердикти башка объекттерге карата көбүрөөк көрсөтүшөт [11].
Заманбап балдардын жүрүм-турумунда жеке тажрыйбага же маанилүү адамдардын үлгүсүнө таянуу эмес, социалдык нормаларга жана эрежелерге байланышкан билимдердин ролу барган сайын жогорулап баратканы байкалууда.

Жыйынтыктап айтканда, эмпатия баланын башкаларга карата оң эмоционалдык мамилесинин түзүмүндөгү негизги компонент болуп саналат. Ал башкалардын эмоционалдык абалын түшүнүүгө жана ага жооп кайтарууга гана эмес, ошондой эле реалдуу жардам көрсөтүүгө да шарт түзөт. Эмоционалдык чөйрөнүн өнүгүүсү негизинен үч багытта ишке ашат: жүрүм-турумдук, когнитивдик (тааным процесстери аркылуу) жана гуманисттик (жеке сапаттарды өнүктүрүү аркылуу) [14].

Бул багыттардын алкагында бихевиоралдык мамиленин өкүлдөрү катары И.П. Павлов, Э.Л. Торндайк, Б.Ф. Скиннер, Дж. Уотсон жана А. Бандура белгиленсе, когнитивдик ыкманын өкүлдөрүнө Ж. С. Брунер жана Ж. Пиаже кирет. Ал эми гуманисттик багыт А.Х. Маслоу жана К.Р. Роджерс сыяктуу окумуштуулардын эмгектери менен байланыштуу.

Жүрүм-турумдук (бихевиоралдык) мамиле балдардын эмоционалдык өнүгүүсүн эмоционалдык реакцияларды шарттаган факторлор аркылуу изилдөөгө багытталган. Бул факторлорго жазалоо, бекемдөө, стимулдаштыруу, жүрүм-турумду өзгөртүү сыяктуу таасир этүүчү каражаттар кирет. Бул ыкманын алкагында мугалимдин негизги милдети – балдарда белгилүү көндүмдөрдү жана ассоциацияларды калыптандыруу болуп саналат, мында бекемдөө өзгөчө маниге ээ.

Когнитивдик ыкмада балдардын эмоционалдык чөйрөсүнүн өнүгүшү баланын кабыл алуусун жана таанып-билүү процесстерин талдоо аркылуу ишке ашат. Бала маалыматты иштеп чыгуу процессинде ар кандай көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө үйрөнөт. Бул шартта мугалим баланын эмоцияларынын маанисин түшүндүрүп, алардын чечим кабыл алууга, когнитивдик жана маалыматтык процесстерге тийгизген таасирине өзгөчө көңүл бурушу зарыл.

Гуманисттик багыт баланын эмоционалдык өнүгүүсүн анын индивидуалдуулугун жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен камсыз кылууга багытталган. Бул ыкма өзүн актуалдаштыруу, өзүн таанып-билүү жана өзүн баалоо сыяктуу инсандык сапаттарды өнүктүрүүнү көздөйт. Мугалимдин ролу – баланын социалдык ыңгайлашуусуна, психологиялык бакубаттуулугуна басым жасоо менен анын аффективдик чөйрөсүн өнүктүрүү.

Аталган ыкмалардын алкагында жомок терапиясы, ролдук оюндар, музыка терапиясы, бий жана фототерапия сыяктуу ар кандай педагогикалык жана психологиялык ыкмаларды колдонууга болот.

Жомок терапиясы – бул жомокторду колдонуу аркылуу психологиялык таасир этүү ыкмасы. Бала кезинен тартып эле ата-энелер, андан соң мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдору балдарда жомокко болгон кызыгууну калыптандырышат. Жомоктор психологдордун жана медицина кызматкерлеринин практикасында да кеңири колдонулат, анткени ар бир адис жомок аркылуу конкреттүү профессионалдык маселелерди чечүүгө жардам берүүчү мүмкүнчүлүктөрдү таба алат [5]. Жомок терапиясы адамдын ички руханий дүйнөсүнө таянган, анын социалдык ишке ашуусуна багытталган билим берүүчү жана өнүктүрүүчү ыкмалардын жыйындысы катары каралат [9].

Бүгүнкү күндө мектептеги билим берүү иштеринде элдик маданиятты жандандыруу, оозеки элдик чыгармачылыкты сактоо маселеси өзгөчө курч турат, анткени аталган максаттарды ишке ашырууга карата Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары аныкталган [2]. Бул милдетти окуучулардын көркөм-эстетикалык билими аркылуу ишке ашырууга болот, ошондой эле салттуу маданияттарды изилдөө коомдун чыныгы маданий жана эстетикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, айрыкча педагогикалык ишмердүүлүктө окуучуларды өнүктүрүүдө абдан натыйжалуу. Оозеки элдик чыгармачылык – элдик маданияттан жаралган оозеки салттардын искусствосу; элдик дүйнө таанымда түбөлүктүү баалуулуктар бар деген ишеним мүнөздүү, жана ал баалуулуктар күнүмдүк жашоону толуктайт: каада-салт, ыр, жомок, адамдын табият жана өзү менен болгон мамилеси, жакшылык менен жамандык, сулуулук менен жийиркеничтүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөр.

Демек, эстетикалык жана адеп-ахлактык тарбия берүү үчүн элдик жомоктор, элдик поэтикалык чыгармачылык, тарыхый жана баатырдык ырлар, тегерек бийлер, оюн-зооктук, каада-салттык, лирикалык жана башка фольклордук чыгармалар зарыл. Алар элдин эстетикалык жана нравалык баалуулуктарын алып жүрөт.

Жомоктордун мааниси бир нече аспектиде каралат:

1. *Тарыхый жана маданий контекст* – жомоктор аркылуу мурунку замандардын жашоо образы, салттары жана баалуулуктары сакталат. Мисалы, “Сулуу келин” жомогунда каармандардын бири-бирине болгон урмат-сыйы жана сүйүүсү, коомдук нормалары чагылдырылат.
2. *Нравалык баалуулуктарды берүү* – жомоктор чынчылдык, адилеттүүлүк, боорукерлик сыяктуу сапаттарды окуучуларга окуялар аркылуу жеткирет. “Коргон” жомогунда негизги каарман туура чечим кабыл алып, башкаларга жардам берүү менен мисал көрсөтөт.
3. *Кыялы жана чыгармачылыкка өбөлгө түзүү* – жомоктор окуучулардын ой жүгүртүүсүн, фантазиясын жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрөт. “Арман ай” жомогунда каармандын кыял дүйнөсү жана эрктүүлүгү жаш окуучуларга шыктандыруучу ролду ойнойт.

Элдик жомоктордо окутуу менен тарбиялоо бирге жүрөт. Мисалдар аркылуу окуучулар кыйынчылыктарды кантип жеңүүнү, туура чечим кабыл алууну жана башкаларга жардам берүүнү үйрөнүшөт.

Нравалык тарбиянын негизги компоненттери жана кенже мектеп окуучуларынын өзгөчөлүктөрү

Кенже мектепте (6–10 жаш) нравалык тарбиянын негизги максаты – балдардын туура жана туура эмесди айырмалоо жөндөмүн калыптандыруу, социалдык мамилелерде жоопкерчиликти үйрөтүү жана өз ара сый-урматты бекемдөө [3]. Бул курактагы окуучулар мындан ары ишенимдүү, чынчыл жана боорукер инсандарга айлануу үндөлөт.

Нравалык тарбиянын компоненттери *адамгерчиликтин негиздери:* боорукерлик, чынчылдык, адилеттүүлүк, *социалдык баалуулуктар:* достук, урмат-сый, жоопкерчилик, *эмоционалдык жактан тарбиялоо:* эмоцияларды туура түшүнүү, башкаларга карата мамилени жөндөөгө үйрөнүүнү камтыйт.

Бул компоненттерди элдик жомоктор аркылуу жеткирүү натыйжалуу, себеби окуучулар окуялардын каармандары аркылуу нравалык чындыкты сезип, өз жүрүм-турумун калыбына келтире алышат.

Элдик жомоктор аркылуу нравалык сапаттарды калыптандырса болот. Кенже мектеп окуучуларынын нравалык тарбиясы жомоктор аркылуу бир нече деңгээлде ишке ашырылат. Бул

жерде каармандардын аракеттери жана окуялардын өнүгүшү балага адеп-ахлактык сапаттарды түшүндүрүп, күнүмдүк турмушта туура чечим кабыл алууга үйрөтөт.

1. Чынчылдык жана адилеттүүлүк. Мисалы, “Сулуу келин” жомогунда баш каарман кыйынчылыктарга карабастан чынчылдык менен жүрүм-турумун сактайт. Бул окуя аркылуу окуучулар: туура жана туура эмесди ажыратууну, адилеттүү чечим кабыл алууну, адамдарга урмат менен мамиле жасоону үйрөнүшөт.

2. Боорукерлик жана жардам берүү. “Коргон” жомогунда каарман башкаларга жардам берүү менен сыймыкка ээ болот. Бул мисал окуучуларга: башкалардын муктаждыгын сезүүнү, боорукер болууну, коомдук жоопкерчиликти түшүнүүнү үйрөтөт.

3. Кыйынчылыктарды жеңүү жана чыдамкайлык. “Арман ай” жомогунда каарман өз максатына жетүү үчүн кыйынчылыктардан өтөт. Бул окуялар балдарга:

- чыдамкайлыкты жана сабырдуулукту,
- максатка жетүү үчүн аракет кылууну,
- чыгармачылыкты өнүктүрүүнү үйрөтөт.

Педагогикалык сунуштар

Нравалык тарбияны эффективдүү жүргүзүү үчүн мугалимдер төмөнкүлөрдү колдонушу мүмкүн:

1. *Жомокторду интерактивдүү окутуу* – окуучуларга каармандардын ролун ойнотуу, диалог түзүү, окуяны улантууга мүмкүнчүлүк берүү.
2. *Талкуу жана анализ* – окуялардан кийин каармандардын аракеттерин талдап, туура жана туура эмес жагдайларды аныктоо.
3. *Практикалык тапшырмалар* – каармандардын сапаттарын күнүмдүк турмушта колдонууга чакыруу, мисалы, досторго жардам берүү же сабырдуулукту көрсөтүү.
4. *Көркөм чыгармачылык менен айкалыштыруу* – окуучулар жомоктун негизинде сүрөт тартуу, театрлаштыруу же кыска сценарий жазуу аркылуу нравалык баалуулуктарды бекемдөйт.

Кенже мектеп окуучуларынын нравалык тарбиясын элдик жомоктор аркылуу калыптандыруу – натыйжалуу педагогикалык ыкма болуп саналат. Жомоктор окуучуларга чынчылдык, адилеттүүлүк, боорукерлик, жардам берүү жана чыдамкайлык сыяктуу моралдык баалуулуктарды түшүндүрүп, күнүмдүк турмушта туура чечим кабыл алууга жардам берет. Жогоруда мисал келтирилген “Сулуу келин”, “Коргон” жана “Арман ай” жомоктору аркылуу балдар [4]:

- Каармандардын адеп-ахлактык сапаттарын баалап, туура жана туура эмес аракеттерди айырмалоо жөндөмүн өркүндөтөт;
- Башкаларга жардам берүүнүн жана коомдук жоопкерчиликти сезүүнүн маанисин түшүнөт;
- Кыйынчылыктарга чыдамкай карап, максатка жетүү үчүн аракет кылуунун маанилүүлүгүн үйрөнөт.

Педагогикалык ишмердүүлүктө жомокторду интерактивдүү окутуу, талкуу, практикалык тапшырмалар жана көркөм чыгармачылык менен айкалыштыруу аркылуу нравалык тарбия натыйжалуураак болот. Мындай ыкма окуучуларды жөн гана билим берүү менен чектелбестен, алардын инсандык өнүгүүсүнө жана коомдук баалуулуктарга болгон мамилесин тереңдетет.

Жыйынтыктап айтканда, элдик жомоктор – мектептик нравалык тарбиянын таасирдүү куралы болуп, балдардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүгө чоң салым кошот.

Кенже мектеп окуучуларынын нравалык тарбиясынын өзгөчөлүктөрү

Кенже мектеп курагындагы балдар эмоционалдуу жана таасирленгич болушат. Алар жомоктогу каармандардын аракеттерине активдүү реакция кылышат, алардын абалын өзүнө жакын кабыл алышат. Бул өзгөчөлүк элдик жомокторду нравалык тарбиялоодо кеңири пайдалануга мүмкүнчүлүк берет.

Жомоктор аркылуу балдар: жакшы менен жаманды ажырата билүүгө, каармандардын жүрүм-турумуна баа берүүгө, өз аракеттерин талдоого үйрөнүшөт.

Элдик жомоктордун нравалык тарбиядагы ролу [5]. Элдик жомоктор балдардын нравалык сапаттарын түздөн-түз насаат айтуу жолу менен эмес, көркөм образдар аркылуу калыптандырат. Бул ыкма балдар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү болуп саналат.

Элдик жомоктор төмөнкү нравалык сапаттарды өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт: улууларды сыйлоо жана ата-энеге баш ийүү, кичүүлөргө кам көрүү, достукка жана жардамдашууга даяр болуу, чынчылдык жана адилеттүүлүк, эмгекчилдик жана жоопкерчилик.

Башталгыч класстарда элдик жомокторду пайдалануу. Башталгыч класстарда элдик жомокторду адабий окуу сабактарында, тарбиялык сааттарда жана класстан тышкаркы иштерде колдонууга болот. Жомокту окугандан кийин каармандарга мүнөздөмө берүү, жомоктун моралын аныктоо, роль менен ойноо сыяктуу тапшырмалар балдардын нравалык аң-сезимин тереңдетет. Практикалык бөлүк 1-таблицада чагылдырылган.

Элдик жомоктор аркылуу кенже мектеп окуучуларынын нравалык тарбиясы

Сабактын максаты	Жомок мисалы	Убакыт	Иш-аракеттер	Күтүлгөн натыйжа	Рефлексия
Чынчылдыкты жана боорукердикти түшүндүрүү	«Карышкырдын камкордугу»	30 мүнөт	- Жомокту окуу (5–7 мүнөт) - Каармандарды талдоо (чынчылдык, боорукердик) - Суроо-жооп: “Эгер сен ошол жерде болсоң, эмне кылмаксың?”	Окуучулар нравалык дилеммаларды түшүнүп, туура чечим кабыл алууну үйрөнүшөт	“Мен кайсы каарманга окшошумду көрдүм жана эмне үчүн”
Чынчылдык, калыстык сапаттарын бекемдөө	«Сулуу келин»	40 мүнөт	- Ролдук оюндар: каармандардын ролуна киришүү - Окуяны сахналап ойношуу - Каармандардын нравалык сапаттарын көрсөтүү	Чынчылдык, калыстык, боорукердик сапаттары эмоционалдык тажрыйба аркылуу бекемделет	“Эң жаккан сапатым кайсы болду жана эмне үчүн?”
Боорукердик жана жардам берүүнү өнүктүрүү	«Жолборстун ак жүрөгү»	45 мүнөт	- Сүрөт жана кол өнөрчүлүк аркылуу окуянын маанилүү учурларын көрсөтүү - Сюжетти кайра жазуу - Поэзия же чакан пьесаларды түзүү	Окуучулардын чыгармачылыгы өнүкүп, нравалык баалуулуктарды практикада көрсөтүүгө көнүшөт	“Бул окуядан кандай сабак алсам болот?”
Достук жана жоопкерчиликти өнүктүрүү	Ар кандай элдик жомоктор	60 мүнөт	- Достук клубдар: жомокту окуп талкуу - Үй-бүлөлүк иш-аракеттер: ата-энелери менен окуу - Социалдык акциялар: жардам көрсөтүү мисалдарын мектеп ичинде колдонуу	Нравалык баалуулуктарды практикалык турмушта колдонуу көндүмү пайда болот	“Менин эң жакшы жасаган иш-аракетим кайсы болду?”
Бардык жомокторду интеграциялоо жана рефлексия	Бардык окулган жомоктор	20 мүнөт	- Окуучулар топто талкуу жүргүзөт - Өз пикирлерин жазып, класска айтып чыгышат - Мугалим баалоо жана кеңеш берет	Нравалык ой жүгүртүүнү бекемдөө, эмгек, боорукердик жана жоопкерчилик сезимин өнүктүрүү	“Мен кандай өзгөрүүлөрдү байкадым?”

Жогоруда каралган материалдан көрүнүп тургандай, элдик жомоктор кенже мектеп окуучуларынын нравалык тарбиясын калыптандырууда абдан маанилүү ролду ойнойт. Алар көркөм образдар, сюжеттик окуялар жана каармандардын аракеттери аркылуу балдардын моралдык аң-сезимин өнүктүрүүгө, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө, эмгекчилдик, боорукерлик, чынчылдык жана жоопкерчилик сыяктуу нравалык сапаттарды өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Элдик жомоктордун тарбиялык таасири жөнөкөй логикалык ой жүгүртүүнү талап кылбаган кызыктуу жана жеткиликтүү формада берилет, бул кенже мектеп курактагы балдардын эмоционалдык өзгөчөлүктөрүнө жана аң-сезимине ылайык келет. Ошондой эле, жомок аркылуу билим берүү процессинде драмалык, көркөм, музыкалык жана поэтикалык чыгармачылык компоненттери колдонулуп, тарбиялык эффект күчөтүлөт [6].

Башталгыч класстарда элдик жомокторду адабий окуу сабактарында, тарбиялык сааттарда жана класстан тышкаркы иш-чараларда колдонуу педагогикалык тажрыйбада натыйжалуу болуп, балдардын нравалык жана эстетикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, элдик жомоктор – балдарды нравалык жактан калыптандыруунун, алардын социалдык жана руханий баалуулуктарын өнүктүрүүнүн маанилүү жана натыйжалуу каражаты болуп эсептелет.

Колдонулган адабияттар

1. Сулайманова Р.Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.
2. Сулайманова Р.Т. жаңы муундагы педагогикалык кадрларды даярдоонун модели // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – No. S. – P. 260-267. – EDN ORRVJC.
3. Абдухамидова Б., Токтомаметов А., Баимбетова Н. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт. -Б.:2015.
4. Акматов К., Абдыманап к А. Класс жетекчинин китеби -Б.: 2017.
5. Башталгыч класстардын программасы. - Б.: 2016.
6. Козуева А. Сабак берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу. -Ф.: 1979.

Рецензент: пед. и.к., доцент Джумагулов Э.К.

УДК: 373.2: 37.035.6

Айдарова Ж.М., Тажикова Б.Ш., Сүйүнбаева М.С.

Айдарова Ж.М., Тажикова Б.Ш., Сүйүнбаева М.С.

Aidarova Zh.M., Tazhikova B.Sh., Suyunbayeva M.S.

МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООДО ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫ ПАЙДАЛАНУУ

ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ ШКОЛЬНИКОВ

USING ETHNOPEDAGOGY IN MORAL EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада окуучуларды адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоодо этнопедагогиканын орду жана анын билим берүү процессиндеги практикалык мааниси кеңири изилденет. Этнопедагогика – бул ар бир элдин тарыхый-маданий тажрыйбасына, улуттук салт-санаасына, үрп-адатына жана руханий баалуулуктарына

негизделген тарбия берүү системасы. Кыргыз этнопедагогикасында ата-энени жана улууларды сыйлоо, боорукердик, меймандостук, ак ниеттүүлүк, адамгерчилик жана өз ара жардамдашуу сыяктуу асыл сапаттарды өстүрүү чоң мааниге ээ. Макалада элдик жомоктор, макал-лакаптар, каада-салттар, улуттук оюндар жана театрлаштырылган сценкалар аркылуу окуучуларга адептик түшүнүктөрдү жеткирүүнүн усулдары баяндалат. Ошондой эле этнопедагогиканын мамлекеттик билим берүү программаларындагы орду, тарбия берүү тармагындагы илимпоз-педагогдордун пикирлери, сунуштары жана окуу-тарбия процессин байытуу үчүн иштелип чыккан ыкмалары камтылган. Бул макала мектеп тарбия ишмердүүлүгүндө этнопедагогикалык багыттагы методикалык колдонмо катары маанилүү булак болуп саналат.

Аннотация: В данной статье всесторонне и глубоко исследуется роль этнопедагогики в воспитании учеников в духе нравственности и морали, а также её практическое значение в образовательном процессе. Этнопедагогика представляет собой систему воспитания, основанную на историко-культурном опыте каждого народа, его национальных традициях, обычаях и духовных ценностях. В кыргызской этнопедагогике особое значение придаётся воспитанию таких высоких качеств, как уважение к родителям и старшим, доброта, гостеприимство, искренность, человечность и взаимопомощь. В статье описываются методы донесения нравственных понятий до учеников посредством народных сказок, пословиц и поговорок, обычаев, национальных игр и театрализованных сценок. Также рассматривается место этнопедагогики в государственных образовательных программах, мнения и предложения учёных-педагогов в области воспитания, а также разработанные ими методы, направленные на обогащение учебно-воспитательного процесса. Данная статья является важным источником в качестве методического пособия этнопедагогической направленности в школьной воспитательной деятельности.

Abstract: This article comprehensively and deeply examines the role of ethnopedagogy in educating students in the spirit of morality and ethics, as well as its practical significance in the educational process. Ethnopedagogy is a system of education based on the historical and cultural experience of each nation, its national traditions, customs and spiritual values. In Kyrgyz ethnopedagogy, special attention is paid to the education of such high qualities as respect for parents and elders, kindness, hospitality, sincerity, humanity and mutual assistance. The article describes methods of conveying moral concepts to students through folk tales, proverbs and sayings, customs, national games and theatrical scenes. The place of ethnopedagogy in state educational programs, opinions and proposals of scientists-educators in the field of education, as well as the methods developed by them aimed at enriching the educational process are also considered. This article is an important source as a methodological manual of ethnopedagogical orientation in school educational activities.

Негизги сөздөр: этнопедагогика, адептүүлүк, тарбия, билим берүү, макал-лакаптар, жомоктор, улуттук нарк-насил, педагогика, моралдык баалуулуктар, тарбиялоо методдору.

Ключевые слова: этнопедагогика, нравственность, воспитание, образование, пословицы и поговорки, сказки, национальные традиции, педагогика, моральные ценности, методы воспитания.

Keywords: ethnopedagogy, morality, education, formation, proverbs and sayings, fairy tales, national traditions, pedagogy, moral values, methods of education.

Билим берүү – бул коомдун өнүгүүсүнүн негизи, ал эми тарбия берүү анын ажырагыс бөлүгү экенин тануу мүмкүн эмес. Бүгүнкү күндө билим берүү системасы жөн гана билимди берүү менен чектелбестен, адамды ар тараптуу өнүктүрүүгө, анын руханий жана адептик сапаттарын калыптандырууга багытталган. Окуучуларды адептүүлүккө, маданияттуулукка жана моралдык тазалыкка тарбиялоо – бул билим берүү мекемелеринин негизги максаттарынын бири болуп калды. Адептүүлүк деген түшүнүк адамдын ички маданиятынын,

жүрүм-турумунун жана жашоого болгон мамилесинин чагылышы болуп саналат. Кыргыз элинин тарыхына көз чаптырсак, бул сапаттар байыркы доорлордон бери жашоонун негизги принциптеринин катарында болуп келген. Нарк-насилди сактоо, улууну урматтоо, кичүүгө мээрим төгүү, боорукерлик жана адилеттүүлүк кыргыз элинин руханий баалуулуктарынын өзөгүн түзгөн.

Глобалдашуу дооруна кадам таштаган бүгүнкү коомдо этнопедагогиканын мааниси мурдагыдан да күчөдү. Батыш маданиятынын материалисттик дүйнө таанымы жаштардын аң-сезимине күчтүү таасир этүүдө, ал эми этнопедагогика болсо улуттук өзүн-өзү таануну сактап калуудагы маанилүү механизм болуп калды. Кыргыз этнопедагогикасы өзүндө адеп-ахлактык баалуулуктарды, ыймандуулукту, руханий тазалыкты камтып, аларды жаш муундун аң-сезимине жеткирүү үчүн бай ресурстарды сунуштайт. Бул ресурстар аркылуу жаштарды улуттук өзгөчөлүктөрдү баалоого, маданиятка урмат менен мамиле кылууга үйрөтүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Мамлекеттик деңгээлде да бул багытта бир топ кадамдар жасалып келет. Мисалы, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы» (2012), 2019-2040-жылдарга карата билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы жана ыйман, адеп, маданият жылына карата кабыл алынган концепциялар – булар ар бири тарбиянын адептик негиздерин бекемдөөгө багытталган маанилүү документтер. Бирок тилекке каршы, бул программалардын жана мыйзамдардын айрымдары иш жүзүндө толук кандуу ишке ашпай, теориялык деңгээлде гана калып жаткан учурлар арбын. Бул болсо этнопедагогиканын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонууга жолтоо болуп, адептүүлүк маселесин коомдук турмушта жетишсиз чагылдырууга алып келүүдө.

Этнопедагогика – бул жөн гана тарбиянын бир формасы эмес, бул – элдин кылымдар бою топтогон руханий жана маданий тажрыйбасынын жыйындысы, ал келечек муунга жол көрсөткөн тарбиялык көпүрө катары кызмат кылат. Анын өзөгүндө ата-бабалардын турмушундагы адептүүлүк, адамгерчилик, ынтымак, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, уят, намыс сыяктуу адептик баалуулуктар жатат. Мындай түшүнүктөрдү балага жаш кезинен баштап сиңирүү, анын ички дүйнөсүн байытып, инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берет. Мектеп жашындагы бала – бул дүйнөнү жаңы таанып жаткан, айлана-чөйрөсүнөн таасир алып, өзүнүн инсандык негиздерин калыптандырып жаткан мезгилде турат. Эгерде бул кезеңде этнопедагогиканын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү туура пайдаланылса, бала руханий бай, моралдык жактан бекем, коомдо өз ордун билген инсан болуп өсөт. Бул ойду илимпоз А. Муратов да өзүнүн эмгегинде белгилеп: “Этнопедагогика – бул ата-бабанын акылмандыгынын мурасы, улуттун жан дүйнөсүнүн күзгүсү” – деп айткан [6]. Ошентип, этнопедагогика – бул тарбиянын улуттук модели катары ар бир элдин өз маданиятына, каада-салтына жана дүйнө таанымына негизделген, жаш муунга адеп-ахлактык нормаларды жеткирүүдө негизги курал болуп эсептелет. Кыргыз этнопедагогикасы кылымдар бою элдин турмушунда адептүүлүктү жана адамдык баалуулуктарды сактап келген. Анын негизги принциптери ата-энени урматтоо, үй-бүлө ичинде тарбиялоого көңүл буруу, коомдук жүрүм-турум нормаларын карануу, табият менен гармонияда жашоо жана боорукердик, кайрымдуулук сыяктуу сапаттарга негизделет. Бул принциптер азыркы коомдо да өз актуалдуулугун жоготпостон, тескерисинче, муктаждык жаратып жатат.

Кыргыз элинин тарбиялоо маданияты кылымдар бою калыптанып, ар бир сөзүндө акылмандык, ар бир жөрөлгөсүндө философиялык тереңдик жашап келген. Бала – бул жөн гана үй-бүлөнүн мүчөсү эмес, коомдун жана келечектин ээси катары кабыл алынган. Ошондуктан тарбия берүүдө ата-эне менен бирге туугандар, кошуна-чөйрө, жамаат да чоң жоопкерчиликти бөлүшүп келген. Ар бир кыймыл, ар бир айтылган сөз тарбиялык маниге ээ болгон. Мисалы, “жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет” деген накыл сөз – бул жөнөкөй эле сөз эмес, бул ар бир адамдын сүйлөгөн сөзүнө жоопкерчилик менен мамиле кылуусунун зарылдыгын көрсөтөт. Элдик педагогиканын бул өңүтү – балага терең урмат,

ишеним жана ак ниет мамиле жасоого үндөп, аны коомдо өз ордун таап, жоопкерчиликтүү инсан болууга түрткү берет.

Мындай тарбиялоо системасынын өзөгүн түзгөн негизги каражаттар – бул элдик чыгармалар, макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, дастан, эпостор жана тарыхый инсандардын өмүр баяндары. Бул чыгармалар аркылуу окуучуларга адептүүлүк, адилеттүүлүк, мээримдүүлүк жана кайрымдуулук сыяктуу баалуулуктар жеткиликтүү, кызыктуу жана түшүнүктүү формада берилет. Ар бир элдик чыгармадан жаштар өзүнө үлгү болчу каармандарды табат, алардын жүрүм-туруму аркылуу туура менен жаңылышты айырмалап, өзүн-өзү таанып, коомдо туура багыт алууга үйрөнөт. Ошондуктан этнопедагогиканын каражаттарын билим берүү системасында кеңири колдонуу – бул тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатуунун жана жаш муунду руханий жактан байытуу мүмкүнчүлүгүнүн ачкычы болуп саналат.

Кыргыз фольклору – бул тарбиянын терең тамырлашкан булагы. Айрыкча эпостордо чагылдырылган окуялар менен каармандар балдардын жан дүйнөсүн байытып, коомдук жана адеп-ахлактык жүрүм-турумду калыптандырууда чоң роль ойнойт. “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” сыяктуу эпостордо баяндалган баатырлардын эрдиги, мекенге болгон сүйүүсү, адилеттүүлүк үчүн күрөшү – булар азыркы муун үчүн жандуу сабак. үлгү болуп бере алат. А. Муратовдун сөзү менен айтсак: «Ал жеке эле физикалык күчтүн, катаал образдын ээси эмес, ал адамды өзүнө тартып турган, элине мүнөздүү адамгерчиликти, кең пейилдүүлүктү, боорукердикти сиңире алган, ар кандай шартта туруктуулугу, токтоолугу менен үлгү боло ала турган баатыр» [7]. Манас баатырдын элдин тагдыры үчүн жан аябай күрөшкөндүгү, анын досторуна болгон ишенимдүүлүгү, акыйкаттуулук үчүн күрөшү – бул баалуулуктар бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготкон жок.

“Эл – ыйык, журт – кут” деген саптар ар бир баланын жүрөгүндө патриоттук сезимди ойготот. Мындай идеялар менен сугарылып чоңойгон бала элге кызмат кылууга, коомдун турмушуна жоопкерчилик менен мамиле кылууга умтулат. Ушул эле ойду кыргыз этнопедагогикасынын көрүнүктүү өкүлү А. Алимбековдун “Жакшы адам элге пайда, жаман адам элге жаза” деген сөзү да тастыктайт [1]. Бул ой аркылуу ар бир адамдын коом алдындагы жеке жоопкерчилиги, ал эми баланын татыктуу тарбиясы – коомдун келечеги экени бекемделет.

Элдик акыл-эстин жана бай тажрыйбанын жыйынтыгы катары калыптанган макал-лакаптар дагы адептик тарбиянын өзөктүү бөлүгү болуп саналат. Алар – элдин турмуштук акылмандыгын, жүрүм-турум эрежелерин, адептүүлүк чен-өлчөмдөрүн камтыган тарбиялык кодекс десек болот. “Улууну урматта, кичүүнү ызаатта”, “Уят – улуулук”, “Уят кайда барса, ыйман ошону ээрчийт” сыяктуу макалдар ар бир баланын жүрөгүндө уят, жоопкерчилик, адамдык мамиле, боорукерлик, кечиримдүүлүк сыяктуу сапаттарды өрчүтөт. Алардын таасири менен бала коом менен туура мамиле түзүүгө, өзгөлөрдүн укугу менен эсептешүүгө, айлана-чөйрөгө этият мамиле кылууга үйрөнөт. Педагогикалык илимде Жан-Жак Руссонун “Баланы тарбияласаң – коом оңолот” деген кыска, бирок терең маанилүү кебинен көрүнүп тургандай, бардык коомдук кайра түзүүлөр баланын жүрөгүнөн башталат [4]. Балага бала кезинен тартып улуттук баалуулуктарды сиңирүү аркылуу гана биз аны адептүүлүккө, руханий бекемдикке багыттап, бара-бара толук кандуу инсан катары калыптандыра алабыз.

Чындыктын инсан турмушундагы мааниси ар тараптуу. Ал ден-соолукка, жумуштагы ийгиликке, турмуштук мамилелерге жана жада калса жеңишке жетүүнүн негизи катары каралат. Кыргыз элинин макал-лакаптарында чындыкка болгон мамиле терең жана даанышман көз караш менен чагылдырылган. «Томуктай чындык, тоодой жалганды жеңет» дегендей, коомдогу туруктуулук менен адилеттүүлүктүн өзөгү дал ушул чындыкты тутунууда жатат. «Чындык үчүн эмгектен, теңдик үчүн жаша» деген макал болсо, чындыкка умтулуу менен бирге, коомдук теңдикти сактоо зарылдыгын билдирет [8]. Мындай макалдардан байкалгандай, кыргыз эли чындыкты өмүрдүн өзөгү катары баалап келген.

Чындык менен катар токтоолук да адамдын руханий байлыгы катары эсептелет. Токтоо адам – бул көп угуп, аз сүйлөгөн, терең ойлонуп, сабырдуу чечимдерди кабыл алган инсан. «Көптү бил, аз сүйлө», «Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп, көп тыңшайт» деген макалдар бул сапаттын тарбиялык маанисин ачып берет. Кыргыз маданиятында токтоолук акылмандык менен байланыштуу каралат жана мындай сапаттар адамды коомдо сыйлуу, урматтуу кылат. Мындан тышкары, токтоо адам башкалар менен мамиле түзүүдө сылыктыкты жана тартипти карманат. Бул болсо өз кезегинде үй-бүлөдө, мектепте жана коомдо ынтымактуу мамиленин негизин түзөт.

Токтоолук жана сылыктык, айрыкча улгайган адамдарга болгон сый-урмат аркылуу да көрүнөт. «Улууну укпаган узабас», «Жаш кезде сыйлай жүр аксакал-карыны, картайганда өзүнө тиет сыйдын жарыгы» сыяктуу макалдар аркылуу муундар ортосундагы урмат-сыйдын маданий негизи түптөлөт. Улууларга урмат көрсөтүү – бул жөн гана салт эмес, руханий жетилүүнүн белгиси. Бул баалуулуктар мектеп жашындагы балдарга этнопедагогикалык усулдар аркылуу жеткирилсе, алар социалдык жана моралдык жактан туура калыптанышат.

Кыргыз элинин каада-салттарында дагы баланын аң-сезимин тарбиялоого багытталган терең маанилүү элементтер орун алган. Алардын бири катары "тушоо кесүү" салтын айтууга болот. Бул салт, бир караганда, наристенин алгачкы кадамын майрамдоо сыяктуу көрүнсө да, өзүндө чоң философиялык маани камтыйт – бул бала өз алдынча кадам таштап, жоопкерчилик алууга даяр экенин коомчулук алдында таануу. Ушундай эле маанилүү салттардын бири – бул "бата берүү". Ар бир жакшы тилек менен берилген батада чоң жашоо философиясы, адептүүлүккө, ак жолго үндөө камтылган. "Бата менен жер көгөрөт" деген элдик накыл сөз бата сөзүнүн күчүн баса белгилейт. Бул салт аркылуу балага позитивдүү энергия, ак ниет үмүт, руханий колдоо берилет. Бата – бул жөн гана тилек эмес, бул баланын ички дүйнөсүнө жарык берүүчү, аны жакшылыкка багыттоочу күч.

Мындай адеп-ахлактык баалуулуктарды мектеп жашындагы балдарга жеткирүүдө мугалимдин орду өзгөчө. Мугалим – бул экинчи ата-эне, жана ал өзүнүн сөзү менен эле эмес, жүрүм-туруму, көрүнүшү, мамилеси менен да окуучуга үлгү болушу зарыл. Сабак учурунда мугалим элдик фольклор элементтерин – эпосторду, жомокторду, макал-лакаптарды, салттык түшүнүктөрдү пайдаланса, анда окуучу билим менен кошо адептик баалуулуктарды да кабыл алат. Ар бир мугалимдин айткан кеби, сабакка болгон мамилеси, окуучуга жасаган мамилеси – баары балага чоң таасир берет. Ушуга байланыштуу Ян Амос Коменскийдин "Мугалим – жандуу үлгү" деген таамай айтылган пикири эстен чыкпашы керек [4]. Эгерде мугалимдин өзү адептүү болбосо, анын айтканы да тарбиялык күчкө ээ боло албайт. Тарбия – бул, эң алгач, жеке мисал аркылуу жүргүзүлө турган процесс.

Кыргыз этнопедагогикасында өзгөчө орунду ээлеген дагы бир баалуулук – бул жамаатчылык, коллективизм түшүнүгү. Кыргыз элинин жашоо образы, каада-салттары ар дайым жамаат менен иш кылууга багытталган. Үйлүү болуу, той өткөрүү, аш берүүнү уюштуруу сыяктуу учурларда бүт айыл эли жапа тырмак жардамдашып, бир максат үчүн биригип келген. Бул салттар аркылуу өз ара колдоо көрсөтүү, урматтоо, башкалардын муктаждыгына кайдыгер карабоо сыяктуу маанилүү сапаттар өнүккөн. Мындай жамааттык дух бүгүнкү күндө мектептик чөйрөдө дагы сакталууга тийиш. Биргелешкен иш-чаралар, улуттук оюндар, салттуу ыр-бийлердин күндөрү, улуттук кийимдерди кийүү аркылуу окуучулар арасында өз ара колдоо, кызматташуу, жамаатта иштөө көндүмдөрү калыптанат. Мындай ишмердүүлүк баланын социалдык жактан жетилишин гана эмес, ошондой эле адеп-ахлактык жактан калыптанышына өбөлгө түзөт. Бул багытта немец педагогу Адольф Дистервегдин "Жакшы тарбия – бул баланы жекече гана эмес, коомдук инсан кылып тарбиялоо" деген кеби маанилүү жол көрсөтөт [4]. Демек, баланын коомдогу ордун сезүүсүнө көмөктөшкөн, жамаатта иштөө көндүмдөрүн берген тарбия – бул адамдын инсан катары толук калыптанышына салым кошуучу чечүүчү фактор болуп саналат.

Этнопедагогика – бул улуттун тарыхый эсин, руханий байлыгын жана маданий өзгөчөлүгүн сактап калуунун бирден-бир жолу. Анын тарбиялык потенциалы өзгөчө – ал

балага жалаң эле жүрүм-турум эрежелерин эмес, улуттук аң-сезимдин терең катмарларын да сиңирет. Улуттук аң-сезимди калыптандыруу аркылуу бала өзүнүн ким экенин түшүнүп, элдин тарыхына, тилине, маданиятына жана каада-салтына сый-урмат менен мамиле кылууга үйрөнөт. Бул өз кезегинде, мекенчилдиктин пайдубалын түзөт. Өзүнүн элинин нарк-насили менен тарбияланган бала дүйнө таанымында да бекем болот, ал башка маданияттар менен жолукканда өзүнүн баалуулуктарын жоготпойт, тескерисинче, аларды сыймыктануу менен коргой алат. Глобалдашуу заманы балдарды тез таасирге алат, бирок эгер бала ата-бабасынын мурасы менен сугарылып чоңойсо, ал ар кандай жат идеологияга туруштук бере алат. Бул жагынан алганда, этнопедагогика – бул руханий тирек, ал эми мугалим – ошол тиректи балага карматкан жол көрсөтүүчү. Г.Н. Волков белгилегендей, этнопедагогика – бул улуттук рухтун тунуктугуна алып баруучу көпүрө [3]. Бул көпүрөнү үзбөй, муундан муунга өткөрүү – ар бир ата-эне менен мугалимдин парзы жана миссиясы.

Мындай парзды ишке ашыруунун негизги жолу – этнопедагогиканы билим берүү процессине натыйжалуу сиңирүү. Бул багытта мектеп өзгөчө мааниге ээ, анткени ал – жаш муундун дүйнө таанымын калыптандыруучу чөйрө. Мектептик билим берүүдө этнопедагогикалык элементтерди колдонуу балдардын адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зор салым кошот. Каада-салт, макал-лакап, жомок, эпикалык образ сыяктуу каражаттар баланын аң-сезиминде сакталып, кийин анын турмуштук чечимдерине таасир этет. Аларды колдонуу менен балдар жогорку моралдык сапаттарды – ыймандуулук, боорукерлик, калыстык жана адамкерчилик сыяктуу асыл касиеттерди өздөштүрүшөт. Ошентип, мектеп балага жөн гана билим бербестен, аны толук кандуу инсан катары калыптандырат. Бул – тарбия менен билимдин айкалышы.

Тарбия берүүнүн бул процесси конкреттүү методдор аркылуу ишке ашат. Жомокторду колдонуу булардын ичинде эң жеткиликтүү жана таасирдүү ыкмалардын бири. Жомоктор – элдик акыл-эс менен түзүлгөн, жашоонун философиясын камтыган баяндоолор. Алар балдардын аң-сезимине түздөн-түз жетип, жүрөгүндө акылмандык жана адептүүлүк уясын түптөйт. Мисалы, “Акылдуу дыйкан” жомогундагы каармандардын мүнөзү аркылуу акылдуулук, сабырдуулук жана мээримдүүлүк сыяктуу сапаттар балага үлгү болот. Ошол эле учурда, макал-лакаптар да баланын моралдык багытын түзүүдө маанилүү курал болуп саналат. Алардын кыска формасына карабай, мазмуну абдан терең жана тарбиялык жүгү чоң. “Адеби жок адам – жүгөнү жок атка окшош” сыяктуу макалдар аркылуу бала өз жүрүм-турумуна баа берип, коомдо кандай адам болуш керек экенин аңдайт.

Бул тарбиялык иштердин натыйжалуулугун арттыруу үчүн, балдардын аң-сезиминде үлгүлүү инсандарды таанып-билүү маанилүү. Кыргыз тарыхында жана адабиятында улуттук аң-сезимди, адеп-ахлактык жогорку сапаттарды чагылдырган инсандар көп. Курманжан Датканын акылмандыгы, Токтогулдун адилеттүүлүгү, Чыңгыз Айтматовдун гуманизми – мунун баары жаш муун үчүн тирүү сабак, руханий жол. Бул инсандар аркылуу окуучулар улуттук асыл сапаттарды баалап, өзү да ошол деңгээлге жетүүгө умтулат. Алардын өмүр жолу аркылуу жаштар адилеттүүлүккө, акыйкаттыкка жана боорукердикке багыт алышат. Бул болсо, коомду жаңылоонун жана чыңдоонун негизи болуп саналат. Андан сырткары, окуучунун өзүн-өзү аңдоосу – адептүүлүктү калыптандыруунун дагы бир натыйжалуу жолу. Рефлексия жана талдоо усулдарын колдонуу менен окуучу өзүнүн жүрүм-турумун баалап, туура же туура эмес кадамдарын аңдай алат. Мындай ишмердүүлүк окуучу менен мугалимдин ортосундагы ишенимдүү мамилени да бекемдейт. Өзү жасаган иш-аракетке баа бере алган бала келечекте да жоопкерчиликтүү инсан болуп чоңоёт. Рефлексия аркылуу бала өзүнүн ички дүйнөсүн ачып, адептүүлүк менен ыймандуулуктун маанисин терең түшүнөт.

Акырында, жашоодогу конкреттүү кырдаалдарды чагылдырган театрлаштырылган оюндар – адептик тарбиянын өзгөчө формасы. Бул ыкма балдарды жандуу жана активдүү катышууга түртөт. Ролдук оюндарда ар кандай жашоодогу дилеммалар боюнча чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Мисалы, достору арасындагы кыйын кырдаалдан чыгуунун адилеттүү жолу, чындыкты айтуунун маниси, же болбосо бирөөгө жардам берүү керек

болгон учурлар. Мындай практикалык тажрыйба баланы турмуштук чечим кабыл алууга даярдайт жана ошол чечимдин моралдык негизде болушуна шарт түзөт. Ошентип, этнопедагогикалык ыкмалар аркылуу тарбия баланын жан дүйнөсүн байытып, коомго пайдалуу инсанды калыптандырууга жол ачат.

Ошентип, этнопедагогика – бул элибиздин кылымдар бою топтолгон тажрыйбасына таянган, жаш муунга туура багыт берүүчү күчтүү тарбиялык курал. Анын негизинде балдарды адептүүлүккө, ыймандуулукка, токтоолукка жана чындыкты туу тутууга үндөө мүмкүн. Этнопедагогикалык билим – бул билимдин эле эмес, руханий байлыктын жана инсандык калыптануунун да булагы. Бүгүнкү күндө билим берүү процесстеринде этнопедагогиканын мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануу – келечек муундун улуттук идентүүлүгүн сактап калуудагы маанилүү кадам. Анткени ар бир бала – бул элдин эртеңки күнү, ал эми ошол баланын тарбиясы – мугалимдин жана коомдун колунда. Этнопедагогика ушул процессте руханий тазалыктын, маданияттын жана адамгерчиликтин жандуу булагы катары өз ордун ээлейт. Ал тарбиялоонун жүрөгү, адамды адам кылган нарктык системанын өзү.

Колдонулган адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1999. – 83.
2. Бекембай Апыш, Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. – Б., 2002. – 438 б.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика / Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. – М.: ACADEMA, 2000. – 174 б.
4. Джуринский А.Н. История образования и педагогической мысли: учебник для вузов. – М.,

Рецензент: пед. и.к., доцент Аблабекова Ж.К.

УДК. 37.013.42:39

Алимбеков А.
Алимбеков А.
Alimbekov A.

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА УЛУТТУК НАРК-БААЛУУЛУКТАРДЫН САКЧЫЛАРЫ КАТАРЫ КАРЫЯЛАР ОБРАЗЫ: ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК АСПЕКТ
ОБРАЗ СТАРИКОВ КАК ХРАНИТЕЛЕЙ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА: ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИЙ АСПЕКТ
THE ROLE OF ELDERS AS GUARDIANS OF NATIONAL MORAL AND SPIRITUAL VALUES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV: AN ETHNOPEDAGOGICAL ASPECT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Ч. Айтматовдун көркөм чыгармаларындагы карыялар образы улуттук нарк-баалуулуктардын сакчылары катары этнопедагогикалык аспекте талдоого алынат. Изилдөөдө жазуучунун бир катар чыгармалары сапаттык талдоо жана контент-анализ ыкмалары аркылуу каралып, карыялардын тарыхый эстутумду, салт-санааны, адеп-ахлакты муундан муунга өткөрүүдөгү социалдык-педагогикалык функциялары ачып көрсөтүлөт. Жазуучунун эскерүүлөрүндө баяндалган Айымкан чоң эне, капысынан жолуккан карыя образдары, ошондой эле чыгармаларындагы Момун, Эдигей, Чекиш сыяктуу каармандардын мисалында балдарда айкөлдүк, кечиримдүүлүк, табият жана ата-бабалардын адеп-салттарынын алдындагы жоопкерчилик, элчилдик сыяктуу баалуулуктарды калыптандыруудагы карыялар институтунун орду талдоого алынат.

Аннотация: В этой статье Ч.Айтматова образ стариков в художественных произведениях, как

хранителей национальных ценностей, анализируется в этнопедагогическом аспекте. В исследовании рассматривается ряд произведений писателя с помощью методов качественного анализа и контент-анализа, раскрываются социально-педагогические функции пожилых людей в передаче исторической памяти, традиций, морали из поколения в поколение. На примере таких персонажей, как бабушка Айымкан, случайно встреченный старик, описанных в воспоминаниях писателя, а также на примере таких персонажей, как Момун, Едигей, Чекиш, анализируется роль института стариков в формировании у детей таких ценностей, как щедрость, прощение, ответственность перед природой и нравами предков, апостольство.

Abstract: This article examines the image of the elderly in the literary works of Chingiz Aitmatov from an ethnopedagogical perspective, viewing them as guardians of national moral and spiritual values. The study analyzes a number of the writer's works using qualitative analysis and content analysis methods, revealing the socio-pedagogical functions of the elderly in transmitting historical memory, traditions, and moral-ethical norms from generation to generation. Using the examples of Aymkan grandmother and the accidentally encountered old man described in the author's memoirs, as well as the characters Momun, Edigei, and Chekish in his literary works, the article analyzes the role of the institution of elders in fostering such values in children as generosity, forgiveness, responsibility toward nature and the traditions of their ancestors, and diplomacy.

Негизги сөздөр: этнопедагогика; карыялар образы; улуттук нарк-баалуулуктар; балдар; тарбия.

Ключевые слова: этнопедагогика; образ стариков; национальные ценности; дети; воспитание.

Keywords: ethnopedagogy; image of the elderly; national moral and spiritual values; children; education.

Киришүү

Көркөм сөз өнөрү калыпка түшкөн байыркы доорлордон азыркы күнгө чейин карыялардын образы бардык чыгармаларда салттуу адеп-ахлактын, табигыйлыктын жана руханий тереңдиктин сакчылары катары сыпатталып келет. Байыркы рух башаты болгон элдик жомоктордун дээрлик баарынын мазмунунда карыялар карапайым калк эле эмес хандардын басар жолун, барар багытын аныктаган руханий күч кубаттын булагы катары сыпатталат. Ошондуктан элдик жомоктордун аталышында жана образдар контекстинде «Акылман карыя», «Акылдуу чал» деген эпитеттер арбын кездешет. «Манас» эпосунда карыялар калк тарыхын чебер чечмелей билген, дээрлик акылы тунук, ата мурас, акыл тажрыйбаларга канык, караңгыда көз тапкан, капилетте сөз чапкан, ар кандай өнөр - билимге жөндөмдүү, өмүрүн элдин келечек таалайына багыттаган адеп - наркы, нускасы, таалими менен бүтүндөй улуттун урмат - сыйына ээ болгон адамдар сыпатында моделдештирилген [6, 130-6].

Карыялардын образы классикалык жазма адабияттын аймагында да кеңири кездешет. Алсак, Горькийдин "Изергил кемпири" салттарды сактоочу, руханий устат жана жер, тарых менен байланыштын символу. М. Шолоховдун «Тынч Дон» романынын эпизоддорунда орус-казак коомундагы карыялар институтунун социалдык-педагогикалык ролу айкын чагылдырылат. Коомдун атаманын тандодо да, коомдук эрже салттарды сактабагандарды жазалоодо да карыялардын пикири, чечими акыйкаттын чен-өлчөмү эл тарабынан легитимденштирилүүнүн күчтүү формасы катары кабылданат. [12]

В. Шукшиндин «Күн, чал жана кыз» аңгемесиндеги карыя образы салттуу адеп-ахлактын жана табигый жашоо философиясынын сакчысы катары этнопедагогикалык мааниге ээ. Карыянын руханий тазалыгы, жөнөкөйлүгү жана чындыкка берилгендиги жаш муунду тарбиялоодо үлгү аркылуу таасир этүүнүн жогорку натыйжалуулугун далилдейт. [13, 215–220б.]

В. Распутиндин «Матёра менен коштошуу» повестиндеги Дарьянын образы — элдик эстутумдун, ата-бабалардын руханий мурасынын символу. Ал үчүн жер, үй, көрүстөн — бул

турмуштук объекттер эмес, уруунун жана элдин тагдыры менен байланышкан ыйык түшүнүктөр [10, 145–320б.].

Азыркы этнопедагогика илиминде салттык педагогикалык маданияттагы карыялар феномени тууралуу маалыматтар айрым изилдөөлөрдүн контекстинде гана учкай сөз болуп келет [8; 5; 9]. Бирок, макалада коюлган маселе атайын изилдөөнүн предмети боло элек. *Изилдөөнүн максаты:* Ч.Айтматовдун көркөм чыгармаларынын жана эскерүүлөрүнүн материалында карыялардын улуттук нарк-баалуулуктардын сакчылары катары образдарын этнопедагогикалык аспектте изилдөө.

Изилдөөнүн материалы жана методдору

Изилдөөнүн негизги материалы катары Ч. Айтматовдун «Ак кеме», «Кылым карытар бир күн», «Биринчи мугалим», «Эрте келген турналар» чыгармалары жана эскерүүлөрү пайдаланылды. Этнопедагогика боюнча илимий булактар жана элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү да кошумча материал болду. Изилдөө сапаттык багытта жүргүзүлүп, документтерди жана көркөм тексттерди талдоо ыкмасы колдонулду. Контент-анализ аркылуу карыялар образы жана улуттук нарк-баалуулуктар менен байланышкан негизги категориялар аныкталды. Алынган материалдар этнопедагогикалык контекстте талдоо аркылуу системалаштырылып чечмеленди.

Изилдөөнүн натыйжалары жана талкуулоо

Чынгыз Айтматов ойчул даанышман сүрөткер жана инсан катары чыгармаларында улуттун муундан муунга өтүп келген адеп-ахлактык нормаларын, руханий нарк-баалуулуктарын, салттык жүрүм-турум моделдерин терең талдап каармандардын үлгүсүндө жандуу сүрөттөп жандандырып жашатууга олуттуу маани берген сөздүн толук маанисиндеги элдик жазуучу. Ч. Айтматовдун чыгармаларында карыялар салттык баалуулуктар контекстинде каралышы анын балалык чагы, жашоо турмушка карата көз караштарынын калыптануу этаптары менен тикеден тике байланыштуу. Анткени, жазуучуун балалык чагы айылда салттык педагогикалык баалуулуктардын таасири активдүү жашап турган чөйрөдө өткөн. Ал эми балалык А. Платонов таамай белгилегендей «…биздин эс тутумубуздун шамалсыз өлкөсүндөгү көл сыяктуу кыймылсыз жатат, анын образы адамдын ичинде өмүрүнүн акыркы учуна чейин өзгөрбөй сакталат» [7, 17–22с.]. Айтматовдун баамында карыялар сөздүн ээси, сөздүн кенчи. Ал эми акылман сөз кыргыз дүйнө таанымында улуттук рухту, акыл ойду, адеп наркты, салтты түгөл ичине камтыган өзгөчө феномен. Бул жагдай тууралуу ал *“Бала кезимде айылыбыздын бир сыйлуу карыясы өзүнөн өзү кейип кепчип: Сүйлөшө турган киши да калбай бара жатат”, - деп калаар эле. Көчөгө чыксаң, толуп турган эле киши, аксакалдын мынчалык жалгызсыраганы эмнеси деп таңданаар элем. Кийин ойлосом ал карыя өзү менен тең олтуруп ой бөлүшкөн, сөз кадырын өз кадырындай баалаган, терең акылдуу, куйма кулактуулар эңсеген экен”* –деп жазган. [1, б. 125] Ушундан улам Айтматовдун калеми аркылуу айлампага алынган кандай гана карыя болбосун улуттук уңгу салттардын алып жүрүүчүсү, элдин атынан акыл насаат сөз айткан жана алардын келечек муундардын пейилинде, жүрүм турумунда уланышы үчүн социалдык педагогикалык жоопкерчилик ташыган инсандар катары моделдештирилген.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы аксакал карыялар Момун, Эдигей, Чекиш чал жана башкалар элдик акылмандыктын, турмуштук тажрыйбанын, тарыхый эстутумдун, салт-санаанын сактоочу, жана адеп наркты муундан муунга өткөрүүчү активдүү социалдык институттун функциясын аткарган субъекттер. Алардын образы жашоо өрнөктөрү кыргыздардын кылымдап калыптанган салттык баалуулуктары менен өзөктөш, тамырлаш. Өткөн замандарда карапайым адамдар өзгөчө жаштар арасында адеп нарктын бузулбай уланышына атайын камкордук көрүүгө умтулган нускалуу карыясы жок бир дагы уруу же айыл болгон эмес. «Кокус тигил же бул айыл элинде пейил бузулуп, жосунсуз жоруктар байкалып калса "кой-ай!" деп тыйып койоор аксакалы жок бекен” - деп айың кеп кылышкан [5]. Салтка ылайык адатта аксакалдар төрдөн орун алышкан. Бул тек жашы улуулуктун эле эреже тартиби болгон эмес. Төрдө олтурган карыя ызаат сыйга ээ болуу менен бирдикте зыяпатты руханий сабакка айландырып, урпактар айтып жүрөр акыл-насаат сөздөрү менен бөлүшүп олтурууга милдетүү болгон. Эски түрк тили боюнча изилдөөлөрдө **«төр»** сөзү **«төрө»**

деп өзгөрүлүп жазылбаган укуктук нормалардын, адат-салттардын жана коомдук жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы катары түшүндүрүлгөн **[11].**

Биз изилдөөбүздө Айтматовдун аталган категориядагы каармандарын *«Карыялар элдик тарыхый эс тутумдун, улуттук адеп нарктын жандуу казынасы», «Карыялардын балдарды, жаштарды жаңылыштыктардан, орунсуз жоруктардан коргоо, жол көрсөтүү милдеттери», «Карыялардын жаш муундарга акыл-насаат айтып салттык коомго социалдаштыруу милдеттери», «Карыяларга урмат сый коомдук адеп ахлактын көрсөткүчү катары»* **деген этнопедагогикалык контекстте талдоого алдык. Карыялар элдик тарыхый эс тутумдун, улуттук адеп нарктын жандуу казынасы** Ч.Айтматовдун карыя каармандары тууралуу сөз болгондо эң оболу өзүнүн чоң энеси Айымкандын элеси келет. Ырасында эле салттык коомдо чоң эне, чоң аталар микросоциалдык педагогикалык мейкиндик, анткени алар өсүп келе жаткан муундардын жана башка жаш курак топторунун социалдашуусунун микрофакторлорунун бири болгон. Жазуучу эскерүүсүндө Айымкан чоң эне аркылуу ошол мезгилдеги чоң энелердин социалдык педагогикалык бейнесин көз алдыга тартат. *«Балалыгымдын баштальыш курагын чоң энем Айымкандын жаркын элеси менен энчилеш эстейм. Ал киши башкача бир инсандык касиеттерге ээ болуу менен айылдагы зоболосу зор, акыл-парасаты тунук, кудай өзү ыроологон тубаса билимдүү адам эле. Атам да андан көп нерсени үйрөнүптүр жана дайыма ошондой энеси бар үчүн сыймыктанып турчу».* [2, б. 11].

Кат-сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү» [1, б. 12].

Ал эми «Ак кеме» повестиндеги Момун үчүн жомок бул тек гана балдарды бош убакта кызыктар дүйнөсүнө тартуучу каражат эмес, бабалардын акыл ойлорунун, керээз нускаларынын жандуу үнү.

Момундун «Бугу-Эне» жомогунда бүгүнкү күндүн татаал социалдык педагогикалык проблемасына айланган проблемалар түйүндөлгөн. Алар *«Адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып жумганча»; «Жылдыздар адам болсо көккө батмак эмес, балыктар адам болсо сууга батмак эмес»; «Адам акылынын жаркыны өчүп, дүнүйө тепкен кесири башынан ашса, арты жаман, кесепети калайман журтка тиет»; «Ырчылар ой маңызын унутуп, карандай сөз кубалап калганда ыйык ырдын кусуру урат»; «Байлык адамды эсиртет, эсирген адамдын кесири көпкө тиет»; «Акчанын арааны жүргөн жерде адалдык орун таппай чыркырап качат»* тарыхый социалдык практикадан агып чыккан руханий адеп нарк акыйкаттары. Момун жаш муундарды бабалардан калган мурас, керээздерге туташтыруу милдетин аркалаган өз жомоктору аркылуу небересинин адам менен табияттын ажырагыс биримдиги, ата бабалар алдындагы жоопкерчилик, жакшылык менен жамандык жөнүндөгү салттык түшүнүктөргө карата ишенимдерин бекемдеп улуулук тарбиялык миссиясын аткарган сөздүн толук маанисиндеги - элдик педагог. Ал өзүнүн жомокторунун тарбиялык сабактарын балага өтө таасирлүү айтып бере алгандыктан балада жомокко жомоктун башкы идеясы болгон өзүнүн тегине, жаратылышка ошондой эле өзүнө болгон сүйүүсүн ишенимин ойгото алат. Момундун жомоктору бала үчүн жашоо турмуштагы жакшылыктарды, ыйык асылдыктарды таануунун мектеби катары кызмат өтөйт. Ошондуктан бала башкалар анчейин этибарга алып кадыр сый көрсөтпөсө да чоң атасы Момунду жанынан артык көрөт. Башкалар кандай кабыл алса мейли. Бала өзүн өзгөчө дүйнөдө жашаткан чоң атам бар экени кандай жакшы деп бактылуу сезет. Чоң атасынын жомокторундагы жакшылыктын башатын жеткилең түшүнө албаган Орозкулду жек көрөт. Жыйынтыктап айтканда мында Момун карыя жомоктогу «элдик педагогиканын генийин» (К.Д. Ушинский) чындыкка айландырып, бабалардын осуятын балдардын жан дүйнөсүндө жашатууга далалат кылган улуу муундагы карыялардын типтүү өкүлү.

Карыялардын балдарды, жаштарды жаңылыштыктардан, орунсуз жоруктардан коргоо, жол көрсөтүү милдеттери

Салттык кыргыз коомунда эл тарабынан кабыл алынган адеп нарктардын балдардын жүрүм турумунда туура өнүгүшү курчап турган чөйрө, өзгөчө улуу муундар тарабынан тыкыр көзөмөлгө алынган. Эгерде кандайдыр бир бейчеки көрүнүштөр байкалса улуулар тарабынан эскертилип, туура багыт берилген. Кылым тажрыйбасына канык карыялар адамдардын дүйнө таанымы, адамгерчилиги өзүнүн тегин таануу аларга урмат менен мамиле кылуудан көрүнөт деген ишенимди карманышкан. Буга байланыштуу адеп наркка тарбиялоо системасында жети ата тарыхын билүү талаптары орчундуу мааниге ээ болгон. Адатта санжырада тигил же бул уруунун улуу муундарынын өрнөктүү өмүр жолу, адеп салттары соңку муундарга нускалуу насыят формасында өзүнчө сабакталып айтылат. Аларга өзүн-өзү тарбиялоо үчүн өрнөк, үлгү катары сунушталат. Бирок, көпчүлүк балдар жети атасын атап бере алса да, алардын өмүр жолунун дурус жана буруш жактарын алардын алдындагы кишилик жоопкерчиликтин наркын жеткилең билишкен эмес. Андай маалыматтар аңыз санжырага айланып көбүнесе аксакал карыяларга гана маалым болгон. Муну Ч.Айтматов да ырастап М. Шаханов менен маегинде “Биздин айылдын абышкалары ар бир баладан: “Кана, жети атаңды айт!” деп катуу талап менен сурашаар эле. Элдин акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген” -деп айткан. [4,б.11]. Адатта жаңы төрөлгөн наристеге «ата-бабаларыңдын арбагы колдосун», «ата-бабаларыңдай адеп ариеттүү бол» деп бата берилет. Улуулар жаштардын кылык-жоругундагы терс көрүнүштөрдү теске салуу иретинде: «Ата-бабаларга, жети атаңа кеп тиет» деп эскертишкен. Чыңгыз Айтматов өзүнүн «Ак кеме» повестинде бул жөрөлгөнү билбегендиктин кесепетин азыркы муунга жеткирүү үчүн бала менен айдоочунун төмөнкүдөй диалогун киргизген. *“Бала турмушта жети атасын билбей эле жашап жүргөн адамдар бар экенине аябай таң калат:*

- Жети атаңдын аттарын үйрөткөн жок беле атаң? – деди бала. -

Ит билеби. Ага неге таңсык болдуң? Жети атамы билбейм, бирок, көрүп турасың го, көп катары жашап жүрөмүн. -

Атам айтат, адамдар ата-тегин унутуп койсо, бузулуп кетет дейт. -

Эмне үчүн?

- Анда дейт, атам айтат, баары бир балдарым, балдарымын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат дейт. Баары бир балдарым, балдарымдын балдары билбей калат деп, адамдар жакшылык кылбай калат дейт... [2, б.218].

Ч. Айтматовдун пикиринде жети ата кодексин үйрөтүү «…жашап өткөндөрдү эстөөгө жана алардын кадыр-баркын төмөндөтпөөгө бизди – кийинки муундарды милдеттендирет...» [4, б.11].

Ырасында эле салттык турмушта жети ата салтын жетекчиликке алуу – бул менин жакшы жоругум жети муунга үлгү болот же осол жоруктарым үчүн алды жактагы жети муунум жер карап, кепке кемтик сөзгө сөлтүк болот деген жоопкерчилик.

Ошентип, бала тарабынан ачыкталган эреже салтта бүтүндөй улуу муундагылардын балдарга карата салттык маданиятты сактоо жана жетекчиликке алуу тууралуу талабы, эскертүүсү жатат.

Көчмөн кыргыз коомунда кек сактабоо кечиримдүүлүк, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк адеп нарк баалуулуктардын эң башкыларынын бири болгон. Мындай баалуулукту сактоонун мааниманызын терең аңдаткан окуялар элдик дастандарда арбын кездешет. Бабалардын өткөн тарыхый турмушу аркылуу тастыкталган акыйкаттар макалдарда жашоо турмуштун эреже талабы катары төмөнкү макалдарда таамак так тризделген: *«Жакшылыкка жакшылык ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык эр кишинин иши»; «Жакшылыкка жамандык ар кишинин ишидир, жамандыкка жакшылык кем кишинин ишидир, жакшылыкка жамандык көр кишинин ишидир, жамандыкка жакшылык эр ишидир»; «Жакшынын ачуусу бар - кеги жок», «Кеменгердин теңтушу бар – теңи жок»* [6, 130-6].

Мындай акылман элдик адеп нарктардын балдардын жашоо турмушуна көчүп жүрүм турумунда уланышы улуулардын өзгөчө нарктуу карыялардын таасирдүү ишмердүүлүгү аркылуу камсыз болгон.

Буга байланыштуу Ч. Айтматов балалык турмушунан алынган бир окуя өзгөчө мисал боло алат. Чыңгыз жалгыз апасы жана бир туугандары согуш жылдары оор турмушту эптеп кечирип жатканда жалгыз саан уйун ууру какшатып уурдап кетет. Чыңгыз колуна мылтык алып уурунунун сары изине түшүп өлгүрөм деп издеп бара жатса алдынан үстүндө эскилиги жеткен тери тебетей кийген ак сакалын жайкалтып, төрт буту жерге тийип-тийбей тыпырап баскан эшек минип келаткан бир кембагал бечара карыптай мискин чал алдынан чыгат. Касиеттүү карыя Чыңгыздын өч алуу үчүн жолго чыкканын уккан соң аны бул жолдон кайтаруу үчүн төмөнкүдөй акыл айтат: *« - Сени түшүнүп жатам, уулум, ушу абалыңа аябай кайгырып, кандай шартта экениңди билип турам. Мендей карыяны ук! Өлтүрбө! Мындай нерсени ойлоп да койбо! Үйүңө кайт! Бу жашоодо ушундай наамарттыкка баргандар сөзсүз жазасын алат. Бул сөзүмө ишен. Жаза ар дайым аны менен кошо жүрөт, кошо жатып, кошо турат. Бирок, сен үйүңө кайтып, уруларды өлтүрүү тууралуу кайра ойлонбосоң гана акыр аягы бактылуу болосуң. Бакыт сени өзү эле издеп таап келет. Сен мени жөн эле сүйлөп жатат деп ойлобо. Бир учур келгенде менин бул сөздөрүмдү эстеп, туура айтканымды билесиң. Үйүңө кайт, каралдым! Апаңа да ушуларды айта бар. Мен да өз жолума түшөйүн. Сага бирөө кандай жамандык кылса да, сен аны өлтүрүү тууралуу эч качан ойлонбо?* – деди». [2, б. 50]. Чыңгыз Айтматов балалык курагында жолуккан ошол олуя сыяктуу карыянын осуятын бүт өмүрүндө бекем принцип катары тутунган жана анын көсөмдүк менен айткандары өзүнүн тагдыры менен тастыкталган.

Карыялардын жаш муундарга акыл-насаат айтып салттык коомго социалдаштыруу милдеттери

Айтматовдун балдарды социалдаштырууга багытталган карыялардын ишмердүүлүгүн чагылдырган чыгармаларынын ичинен *«Эрте келген турналар»* повестин өзүнчө бөлүп кароого болот. Повестте Султамурат сыяктуу өспүрүмдөрдүн элдик салттык баалуулуктардын баркын түшүнүү менен гана чектелбестен кадыресе аткарууга тикеден тике катышып социалдашуу мектебинен өтүшүнө Чекиш чал сыяктуу ар бир айылда кезиге калуучу даанышман карыялардын образы берилген. Ал балдарга ат таптоо өнөрүнүн сырларын үйрөтүп, жакын адамынын башына түшкөн кыйынчылыкты тең бөлүшүүнүн ата-бабалык улуу салтын, ырасмисин жеткирди. Анатайдын атасы окко учкандыгын балдарга айтып: *«Силер эми бала эмессиңер, жигитсиңер. Жаш эмессиңер. Баргыла, батага келген элдин атын алып дегендей, каралашып тургула. Эл барып атат, силер да ошерде болгула. Анан Анатайдын жанына туруп алып, сай-сыздатып бышактай бербей, ыйласаңар жакшылап өкүргүлө. Анатайдын досу экениңерди эл билсин. Силерди шаштырганым ушул жүргүлө, чогуу барабыз»...*— деп, *Чекиш чал аларды өзү ээрчитип, өкүргөнгө алып барды* [1,б.145].

Чыгармада автор өспүрүмдөрдүн жетилүү, социалдашуу процессиндеги ар бир позитивдүү өнүгүштү даанышмандык парасат менен баамдап чебер мүнөздөп берет. Баштапкы эпизоддордо башка курбалдаштарындай эле, Султанмураттын баладай эркелегиси келет. Балдардын эрте жетилиши объективдүү кырдаал, б.а. согушка аттанып кетип аталдын оор милдетин аркалап калышы менен шартталат.

Кыргыздар балдарды позитивдүү маанай аркылуу тарбиялоого умтулушкандыктан алардын тарбия практикасында жазага караганда алардагы жакшы шыктандыруу методдору басымдуулук кылат. Баланын шагын сындыруу акыл парасаттын, адеп нарксыздыктын белгиси катары кабылданган. Мисал катары Ч. Айтматовдун “Эрте келген турналар” повестинде кошко чегерүүчү аттарды чаап ойношуп тентектик кылган балдарды жазалоого батына албай турган Чекиш карыя өзүнүн психологиялык абалын төмөнкүчө билдирет: *“ ……..тартып жиберишке камчы көтөрдү да, эсине келе калып, үнү буула кыйкырды: - Кач, иттин баласы! Кач дейм! Сабап салам! Кач! Кач десем мисирейип туруп бергенин карасаң мунун, атакей оой! Качып берсең шыйрагың сынат беле Мен баары бир жетпейт элем го? Силерди кубалап жетиш кайда мага! Жок дегенде сыйлап качып койсоң мен жеңилдене түшпөйт белем!* [2,б.159].

Карыяларга урмат сый коомдук адеп ахлактын көрсөткүчү катары

Улуу муунга болгон урматтын азайышы – бул жеке маданияттын гана жетишсиздиги эмес, коомдун руханий коопсуздугуна түздөн-түз коркунуч жараткан көрүнүш. Карыялар урматталбай калган коомдо муундардын ортосундагы байланыш алсырап, тарыхый эстутум үзүлүп, ата-бабалардан келе жаткан тарбиялык тажрыйба мурасталбай калат. Натыйжада жаш муунда нарк, уят, намыс, жоопкерчилик сыяктуу түшүнүктөр формалдуу мүнөзгө ээ болуп, алардын жүрүм–турумунда практикалык жетекчи күчүнө айлана албай калат. Карыяларды урматтабаган коомдо салттык руханий адептик баалуулуктар тайыздайт. Ч. Айтматовдун чыгармаларында да карыялардын сөзүн эки кылуу алдардын акыл кеңештерин этибарга албоо руаханий маданияттын улумалуулугуна олуттуу кедергисин тийгизээри өтө олуттуу коомдук кризистер контекстинде чемеленет.

Ч.Айтматов өз чыгармаларында дээрлик бардык каармандарды улууларды урматтоо сыяктуу элдик адеп нарк өлчөмү менен карап баалайт. «Ак кемеде» Момундун жомогуна ишенбеген, чоңдордун насаатына кулак салбаган Орозкулдай типтер пайда болуп, жаратылышка жана адамга карата ырайымсыздык күчөйт. «Кылым карытар бир күндө» Эдигейдин үнү угулбай калган коомдо тарыхый эстутум менен адамдык абийир басмырланып, техника менен бийлик үстөмдүк кылган руханий «чөлкөм»» жаралат. Едигей улууларды өткөндү урмуттоонун бийик үлгүсүн Казангапка тирүүсүндө да, өлгөндөн кийин да татыктуу көрсөтө алат. Бирок, аны азыркынын маңкурту Сабитжандан көрө албайт. Ал атасын акыркы сапарга узаттуу учурунда да сый ызаат көрсөтө албайт. Коомдук адеп нарктын тайыздыгы — улуу муундун эскертүүсүн четке кагуудан, наркты инструменталдуу кызыкчылыктарга алмаштыруудан башталары романда көркөм-публицистикалык күч менен ачылган.

Карыя урматталбаган жерде бала да өзүнүн келечегин урматтабай калат. Анткени бүгүн улууну тебелеген муун эртең өзү улгайганда ошол эле мамилеге туш болору элдик педагогикада «Эмне сепсең – ошону аласың» деген накыл менен бекеринен айтылган эмес. Демек, карыяга урмат – улуттун өз келечегине кылган салымы, урмат-сыйдын бузулушу – келечек муундун моралдык-таянычынын кыйрашына барабар.

«Биринчи мугалим» повестинде Алтынай Сулайманованын мектептин ачылышына байланыштуу салтанаттан шашылыш кетип калышы жөн гана катардагы сюжет эмес. Ал Алтынайдын жан дүйнөсүндөгү терең толгонуу, моралдык конфликттин *натыйжасы.* Анткени, Алтынай төр ээси, сый ээси катары кадырланып жатканда бир кезде өзү теңдүү балдарды түрдүү карама каршылыктарга карабай тагдырын баталгага коюуп мектепке тартып окутуп, жашоосуна жарык жол ачкан эң биринчи мугалим Дүйшөн мектептин ачылышына байланыштуу кабар ташыган почточу катары ал мектепке эч бир тиешеси жок адамдай көпчүлүктүн назарына илинбей калат. Бул кырдаал Алтынайды олуттуу толгонтот.

Улуттук адамдык салттык баалуулуктардын ыдырап бара жатканына жаны кейип, ага өзүн да айыптуу сезет, өзүнүн жан дүйнөсүндөгү абийирдин үнүнө баш ийет, «абийир сотуна» койот. Аны өзүнүн жазган катында төмөнкүчө ачык түшүндүрөт: «*...өзүмдүн кетирген билбестигиме өтө капа болуп, өтө нааразыланып, бул бойдон Дүйшөн карыянын астына барып жүз көрүшүп салам бералбастыгымды сезип, жана да бул иш жалаң гана бизге эле тийиштүү эмес, көпчүлүккө керек экенин түшүнүп, эртерээк жолго чыгып, эртерээк ойлорумдун башаягын жыйнап, өткөнкеткенди тактап, тийиштүү сөзүмдү кат жүзүндө кабарлоону туура таптым. Анткени ошондо жаңы мектептин кадырлуу төрүндө мен эмес, сиз да эмес, башкалар да эмес — биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал отуруш керек эле. Мектептин ачылышын ушул киши жарыялап, жана башка урмат сыйын ушул киши көрүш керек эле. Тескерисинче, биз үлпөттүн үстүндө отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграммаларды ала чаап келди. Түшүнсөк, уят эле иш болду*». [1,б.95].

Алтынай Сулайманованын катарсиси өзүнүн мугалими аркылуу өзүнүн адамдык жүзүн кайрадан баалоо, улуу муундагыларды урматтоого карата өзүнүн айылдаштарынын ичинде орун алган көрүнүштөр менен келишпестик. Ошондуктан ал мындай чекилиги үчүн Дүйшөндөн кечирим суроону парыз катары эсептейт: «Аман турсак, мен али Дүйшөн мугалимиме барып,

кечирим суранып өтүнөм. Менимче, ал киши экөөбүз бирибиризди түшүнө турган жалпы тил табарбыз». [1,б.95].

Корутунду жана сунуштар.

Ч.Айтматовдун көркөм мурастарында карыялар образы улуттук руханий-адептик баалуулуктардын, тарыхый эстутумдун жана салттык жүрүм-турум нормаларынын негизги сакчылары катары көркөм–философиялык жана этнопедагогикалык өңүттө ачыкталып, чечмеленет.

Айтматов каармандарынын мисалында улуу муундун социалдык-педагогикалык функциялары төмөнкүдөй көп кырдуу мүнөзгө ээ экени аныкталды: тарыхый эстутумду жана элдик тажрыйбаны муундан муунга өткөрүү; мекенге, ата-журтка, ата-баба арбагына жана салттык адепке урматты калыптандыруу; балдарды жана өспүрүмдөрдү терс жосундардан коргоо, туура чечимге багыт берүү; кечиримдүүлүк, айкөлдүк, сабырдуулук, жоопкерчилик сыяктуу баалуулуктарды сиңирүү ж.б.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгына таянып төмөнкү *сунуштарды* тариздөөгө болот:

– мектептин адабият сабактарында Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы карыялар образын өзүнчө темалык блок катары карап, *«улуу муун – улуттук нарк-баалуулуктардын сакчылары»* деген багытта атайын сабак, класстык саат, факультативдерди уюштуруу;

– мугалимдерге улуу муундун, айрыкча чоң ата, чоң энелердин нускаларын реалдуу тарбиялык ресурска айландыруу боюнча практикалык методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

– Мектептерде «Карыялар –тарыхый эстутум менен адеп нарк сакчылары» деген темада көргөзмө, адабий кечелерди өткөрүү.

Бул сунуштарды ишке ашыруу Айтматовдун көркөм мурасын билим берүү жана тарбия практикасына тереңирээк интеграциялоого жана балдардын руханий-адептик маданиятын улуттук нарк-баалуулуктардын негизинде калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы:2 том.- Бийиктик, 2009.-432 б.
2. Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. 4-т. — Б.: Бийиктик, 2014. — 512 б.
3. Айтматов Ч. Балалык: Автобиографиялык эскерүүлөр.Түз. М.Айтматова. – Б.:Турар, 2014. – 224 б.
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы:7 том. - Бийиктик, 2009.-528.
5. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы. - Б., 2018. – 112 б.
6. Алимбеков А. Педагогический потенциал пословиц и поговорок // Русский язык и литература в школах Кыргызстана. — Бишкек, 2000. — № 5–6. — С. 129–140.
7. Аюпова Е. И. Концепт «ребенок» в рассказах Андрея Платонова / Е. И. Аюпова // Вестник Челябинск. гос. ун-та. – 2008. – № 30. – С. 17–22.
8. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед.учеб. заведений. –2е изд., испр. и доп. – М.: Издательский центр «Академия», 2000. – 176 с.
9. Муратов А.Ч. Айтматов — жазуучу-этнопедагог. — Бишкек, 2006. — 180 б.
10. Распутин В.Г. Прощание с Матёрой // Распутин В. Г. Повести. — М. : Современник, 1984. — С. 145–320
11. Салтуклу З. Türklerde töre // *Ankara Uluslararası Sosyal Bilimler Dergisi*. — 2019. — Т. 2, № 4. — С. 61–66
12. Стюфляева Н.В. Соборный идеал жизни «по совести» и его художественная реализация в романе Шолохова ««Тихий Дон». – Липецк: ЛГПУ, 2008. – 258 с
13. Шукшин В.М. Солнце, старик и девушка // Шукшин В. М. Рассказы. — М.: Советский писатель, 1973. — С. 215–220.

Рецензент: пед. и.к., доцент Карыбекова Н.

УДК:37.013

Аркабаева А.С.
Аркабаева А.С.
Arkabaeva A. S.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ МУГАЛИМИ БЕКМУРЗА БАТЫРКУЛОВ САБАКТЫ ӨНӨРГӨ АЙЛАНТКАН МУГАЛИМ
НАРОДНЫЙ УЧИТЕЛЬ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ БЕКМУРЗА БАТЫРКУЛОВ - УЧИТЕЛЬ, ПРЕВРАТИВШИЙ УРОК В ИСКУССТВО
BEKMURZA BATYRKULOV, PEOPLE'S TEACHER OF THE KYRGYZ REPUBLIC - A TEACHER WHO TRANSFORMED LESSONS INTO AN ART

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Кыргыз Эл мугалими Бекмурза Батыркуловдун педагогикалык ишмердүүлүгү, сабак өтүүнү өнөргө айлантуу жаатындагы инновациялык методдору жана чыгармачылык тажрыйбалары кенен изилденет. Батыркуловдун “сабак-сахна”, “сабак-жомок”, “сабак-таймаш” сыяктуу ыкмалары мугалимдерге сабакты жаңы форматта өткөрүүгө дем-шык берип, окуучулардын активдүүлүгүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө салым кошот. Анын сабактары билим берүү менен катар эле тарбиялык жана эстетикалык максаттарды да көздөйт. Бекмурза Батыркуловдун тажрыйбасын заманбап педагогика үчүн үлгү катары карап, сабак өтүү формасын жаңылоонун маанисин ачып берет. Б.Батыркуловдун педагогикалык тажрыйбасы жана чыгармачылыгы азыркы жана келечектеги мугалимдер үчүн баа жеткис сабак болуп саналат.

Аннотация: В данной статье подробно рассматривается педагогическая деятельность Народного учителя Бекмурзы Батыркулова, его инновационные методы и творческий опыт в преобразовании урока в искусство. Такие методы, как «урок-сцена», «урок-сказка», «урок-состязание», вдохновляют учителей проводить занятия в новом формате, способствуют активизации и развитию творческих способностей учащихся. Его уроки преследуют не только образовательные, но и воспитательные, эстетические цели. Опыт Бекмурзы Батыркулова рассматривается как пример для современной педагогики и раскрывает значение обновления форм проведения уроков. Педагогический опыт и творчество Б.Батыркулова являются бесценным уроком для нынешних и будущих педагогов.

Abstract: This article provides a detailed study of the pedagogical work of the People’s Teacher Bekmurza Batyrkulov, focusing on his innovative methods and creative experience in transforming lessons into an art form. His approaches such as “lesson-stage,” “lesson-fairytale,” and “lesson-competition” inspire teachers to conduct classes in a new format, promoting student engagement and the development of their creative abilities. His lessons pursue not only educational but also educational and aesthetic goals. Batyrkulov’s experience is considered a model for modern pedagogy, highlighting the importance of renewing lesson formats. The pedagogical experience and creativity of B. Batyrkulov remain invaluable lessons for current and future teachers.

Негизги сөздөр: Эл мугалими; билим берүү; илимий ишмердүүлүгү; сыйлыктар; “сабак-сахна”; “сабак-жомок”; “сабак-мелдеш”.

Ключевые слова: Народный учитель; образование; научная деятельность; награды; “урок-сцена"; " урок-сказка";" урок-соревнование".

Keywords: National teacher; education; scientific activity; awards; “lesson-scene"; "lesson-tale";"lesson-competition".

Сабак – бул мугалимдердин жетекчилигинде белгилүү программага ылайык, туруктуу расписание боюнча, таанымдык тажрыйбасы жана курагы жагынан кескин айырмаланбаган, курамы туруктуу окуучулар тобу менен белгилүү убакыт алкагында уюштурулган окуу ишинин формасы.

Сабак балдарды билим, билгичтик көндүмдөрдүн системасына ээ кылуу, өздөштүргөн билимин иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү, таанымдык дараметин, чыгармачылык жөндөмшыктарын өстүрүү, инсандык касиеттерин калыптандыруу үчүн ар тараптуу мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ю.А. Конаржевский белгилегендей окуу-тарбия процесси сабак менен башталып сабак менен бүтөт. Мектептеги башка жумуштардын баары сабакта түзүлгөн нерселерди толуктоо жана өнүктүрүүгө багытталып көмөкчү роль ойнойт. Сабак аркылуу мугалимдин, бүт педагогикалык коллективдин ишинин мазмуну жана стили, тутунган философиясы ошондой эле окуучулардын интеллектуалдык көрөңгөсү, окуу ишине куштарлыгы же кош көңүлдүгү тууралуу реалдуу маалыматтарга ээ болууга болот. [2]

Ар бир сабак – өзүнчө сахна, ал жерде мугалим – режиссер да, актер да, көрүүчү да болуп чыга келет. Ушундай өзгөчө мамиле менен сабакты өнөргө айландырган мугалимдер сейрек. Алардын бири – Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Бекмурза Батыркулов.

Бирок, Эл мугалими Батыркулов Бекмурза Батыркулович сыяктуу чыныгы педагогдор үчүн сабак – бул жөн гана билим берүү эмес, жашоого үйрөтүү, дүйнө таануу, адам болууну үйрөтүүчү чоң сахна. Ал сабакты көркөм өнөр, чыгармачылык жана улуттук рух менен айкалыштырган.

Кыргыз ССРинин жана СССРдин Эл агартуусунун отличниги, методист-мугалим, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, Кыргыз Республикасынын Эл агартуу отличниги наамдарынын ээси, новатор Батыркулов Бекмурза Батыркулович 2025-жылы 95 жашка чыкмак. Чыгаан педагог көп жылдык педагогдук эмгегинде эксперименттерди үзгүлтүксүз жүргүзүүгө, окуучулардын практикалык машыгууларын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган.

Бекмурза Батыркулов 1930-жылы Нарын дарыясынын жээгинде жайгашкан, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Кара-Жыгач аттуу чакан айылда жарык дүйнөгө келген. Балалык чагы оор мезгилге — Улуу Ата Мекендик согуштун катаал жылдарына туш келет. [2] 1943-жылы, согуштун кызуу жүрүп турган маалында, айылындагы «Кызыл-Жазы» деп аталган жети жылдык мектепке кирип, алгачкы сабатын ачат. Мектепти 1950-жылы ийгиликтүү аяктап, ошол эле жети жылдык билими менен өз аймагындагы мектепке мугалимдикке киришет. Анткени ал кездеги шартта Кара-Жыгач айылында жана анын айланасында Бекмурзадай билимдүү жаштар өтө аз болгон. Ушундан улам, ал жаштыгына карабай айылдагы билим берүү ишине эртелеп аралашып, келечектеги улуу педагогдук жолунун башатын ошол жерден баштаган[1,4].

Эки жыл мугалим болуп иштеген соң, Бекмурза Батыркулов Нарын дарыясынын аркы өйүзүндөгү коңшу айылдын мектебине мугалим катары жиберилет. Бул жерде ал өз ишинин мыкты уюштуруучусу, чыгармачыл окутуучу катары таанылып, 1961–1963-жылдары ошол эле мектепке директорлук кызматка көтөрүлөт.

Жогорку билим алууга умтулган Батыркулов 1966-жылы Ош шаарындагы педагогикалык окуу жайды сырттан окуп аяктайт. Ал мезгилде анын педагогикалык тажрыйбасы кыйла байып, билим берүүдө өз алдынча чечим кабыл алып, реформалык демилгелерди көтөрө турган деңгээлге жеткен болчу. Мунун далили катары, 1969-жылы мурдагы жети жылдык мектепти орто мектеп макамына көтөрүп, жаңы типтеги мектепти ачууга жетишет. Бул аймак үчүн чоң жетишкендик эле. [8]

Илим менен практиканы айкалыштырууну максат кылган Батыркулов 1972-жылы Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунун аспирантурасына тапшырып, илимий изилдөөгө киришет.

Анын ар бир сабагы – экспериментке айланган чыгармачыл лаборатория болчу. Жаңы сабак – жаңы методикалык идея, кесиптештер үчүн үлгү, кеңеш жана тажрыйба катары кызмат кылган. [7]

Бул үзүрлүү эмгектери эске алынып, 1977-жылы ага «методист-мугалим» деген ардактуу наам ыйгарылат. Ал эми 1983-жылы – «СССРдин билим берүү отличниги». Бекмурза Батыркуловдун элге сиңирген көп жылдык үзүрлүү эмгеги мамлекет тарабынан да жогору бааланган. 1988-жылы Кыргыз ССРинин Билим берүү министрлиги аны жаңычыл мугалим катары расмий таанып, аты Ардак тактага сүрөтү менен илинген. Бул — ал кездеги мугалимдер үчүн өзгөчө сыймык жана зор баа болчу. Арадан бир жыл өтпөй, 1989-жылы, анын эмгек жолун баштаган жана узак жылдар иштеген «Кызыл-Жазы» орто мектеби расмий түрдө Бекмурза Батыркуловдун автордук мектеби деп атала баштаган. Бул чечим анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өз алдынча методикалык системага айланып, билим берүү тармагында өз жолу, өз мектеби бар экендигин тастыктаган. 1995-жылы болсо – «Кыргыз Республикасынын мектептерине эмгек сиңирген мугалим» наамдары менен сыйланат. [5]

2002-жылы Бекмурза Батыркуловдун көп жылдык эмгеги жана педагогикалык өнөрү эң жогорку баага — Кыргыз Республикасынын эл мугалими наамына татыды. Бул наам — республикадагы мугалимдердин арасында эң көрүнүктүү, улук сыйлык болуп саналат. Батыркуловдун педагогикалык ишмердүүлүгү, чыгармачылык жактан жаңычылыктары жана муундарды тарбиялоодо кошкон салымы өлкөдө кеңири таанылып, улуу мугалим катары тажрыйбасы кийинки муундарга үлгү болуп калды.

Бекмурза Батыркулов 2014-жылы узак оорудан кийин дүйнө менен кош айтышкан.

Педагогика илимдеринин доктору Сулайман Рысбаев Бекмурза Батыркулов тууралуу мындайча эскерет:

Мен Бекмурза агай менен алгач 1986-жылы мугалимдердин август кеңешмесинде бетме-бет жолуктум. Ошол кезде мен Токтогул районундагы айылдык мектепте мугалим болуп иштеп жүргөн элем. Агайдын үлгүлүү кабинети жана жаңычыл тажрыйбалары алыскы айылда да аңыздай белгилүү болчу. Бирок анын ишмердүүлүгүн жакындан билген эмесмин.

Бир жылдан кийин, 1987-жылдын күзүндө мен КирНИИПте (азыркы Кыргыз билим берүү академиясы) иштеп калдым. Республикалык деңгээлде жаңычыл мугалимдерди издеп табуу иши башталганда, атайын командировка менен Бекмурза агайдын мектебине жөнөтүлдүм.

Бир жумадай агайдын үйүндө жашап, сабактарына катыштым, окуучулары менен маектештим, кесиптештери менен аңгемелештим. Мектептеги кыргыз тили кабинетинин үлгүлүү иштелип чыкканын, анын ичинде тил илиминин бардык маанилүү аспектилерин камтыган китептер жана материалдар топтолгонун изилдеп чыктым. Бул кабинет — республиканын бир бурчунда, элге анча таанымал эмес мугалимдин көп жылдык эмгегинин жемиши экенине таң калдым.

Ошондой эле, дүйнөлүк педагогикада кездешпеген көптөгөн жаңычыл табылгаларды таптым. “Өмүргө шоола чачкан сабактар” аттуу очерк жазып, 1988-жылы 14-февралда “Мугалимдер газетасына” жарыяладым. Бул материал ошол күнү өткөн мектептер аралык чыгармачыл мугалимдердин слётунда чоң резонанс жаратты. “Сабак-сахна”, “сабак-жомок”, “сабак-мелдеш” сыяктуу мурда угулбаган педагогикалык түшүнүктөр, жаңыча сабак өтүү ыкмалары айылдык мугалимдин чыгармачылыгынан бүткүл республикага жайылды.

Ошол учурдан баштап республиканын мугалимдерине чыгармачылык эркиндик келди. Көптөгөн жаңы жана стандарттык эмес сабактар мектептерде киргизиле баштады. Батыркуловдун эмгеги аркылуу кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин чыгармачылыгы жаңы деңгээлге көтөрүлдү.

Бекмурза Батыркулов көп кылымдардан бери өзгөрбөй келаткан “сабак” формасын жаңылап, дүйнөлүк педагогикада өзгөчө орун алды. Бирок жергиликтүү методисттер менен инспекторлор жаңычылдыкка каршылык көрсөткөн учурлар да болгон. Бул болсо жаңылыктын алгачкы этаптарда мурунку нормага карама-каршы кабыл алынышы табигый көрүнүш экенин далилдейт.

Ошол учурда СССРде Ш. Амонашвили, В. Шаталов, М. Давыдов, А. Ильин сыяктуу новатор мугалимдердин ысымы эл арасында кеңири тарап жаткан мезгил эле. Биз да алардан кем эмес

жаңычыл мугалимдерге ээ экенибизди далилдей алдык. Алардын катарында таластык Бектур Исаков жана биздин Бекмурза Батыркулов өзгөчө орунду ээлеп турган.

Бекмурза агайдын чыгармачылык жолу жана педагогикалык жаңылыктары — “сабак-сахна”, “сабак-жомок”, “сабак-таймаш” сыяктуу методдор бүгүнкү күнгө чейин мугалимдерге дем-шык берип келет.[6]

Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Батыркулов салттуу сабак өтүү формаларын жаңылап, чыгармачылык менен иштөөгө өзгөчө маани берген. Ал «сабак-сахна», «сабак-жомок» түшүнүктөрүн киргизип, сабакты эпикалык жана драмалык чыгармалар менен айкалыштырып өткөргөн. Бул ыкмаларда окуучулар текстти жөн гана окуп койбостон, каармандардын образдарына кирип, ойлонуп, сезип, терең түшүнүп үйрөнүшкөн.

Анын сабактары билим берүү менен катар тарбия берүүнү, улуттук баалуулуктарды жеткирүүнү жана эстетикалык сезимди ойготууну да максат кылган. Ар бир сабак — сахналаштырылган, терең ойлонулган жана эмоционалдык жактан бай процесске айланчу. Мындай формалар окуучулардын кызыгуусун арттырып, билимин тереңдетип, жүрөгүндө унутулгус таасир калтырган.

Батыркулов үзгүлтүксүз түрдө педагогикалык эксперименттерди жүргүзүп турган. Анын негизги максаты — сабакты практикага жакындатуу, окуучулардын активдүүлүгүн ойготуу жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү болгон. Бул аракеттери улуттук педагогиканын теоретикалык жактан өрчүшүнө чоң салым кошуп, заманбап окутуу методикасынын пайдубалына айланган.

Агайдын иштери бүгүнкү күндөгү педагогдор үчүн да үлгү болуп кызмат кылууда. Сабакты сахнага айлантуу ыкмасы азыр да актуалдуулугун жоготпой келет. Бул ыкманын өзгөчөлүгү — мугалимдин окуучунун жүрөгүнө да, акылына да терең таасир эте алышында.

Жыйынтыктап айтканда, ал сабак өтүүнү өнөргө айлантып, педагогика тармагында өзгөчө из калтырган улуу мугалим болуп калды. Анын мурастаган тажрыйбасы бүгүнкү жана келечектеги мугалимдер үчүн баа жеткис сабак болуп саналат. Себеби сабак — жөн гана күнүмдүк милдет эмес, ал чоң жоопкерчилик жана чыныгы миссия. Бул миссияны Батыркулов сыяктуу чыныгы педагогдор гана терең түшүнүп, аны жогорку чеберчиликке жеткирип башкалар үчүн үлгү боло алгандай искусствону жарата алгандыгында.

Колдонулган адабияттар

1. Аркабаева А.С. Эл мугалимдеринин педагогикалык концепциялары жана аларды болочок мугалимдердин тарбиялык потенциалын калыптандыруудагы ролу // Вестник КНУ, 2010, Серия 5, Выпуск 4, 323-324-б.
2. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Бишкек, 2011. – 13б.
3. Бекмурза Батыркулов [Электрондук ресурс]. https://ky.wikipedia.org/wiki/ (Кирүү датасы: 5.12.2025)
4. Раимкулова А.С. Педагогикалык чеберчиликке жүз кадам. Бишкек, 2010. – 70б.
5. Рысбаев С.К., Батыркулова А.Б. Нагыз элдик педагог жана асыл инсан. Б, 2015.
6. Рысбаев С.К. Кыргыз эл мугалими Бекмурза Батыркуловдун ысымын унутабызбы? [Электрондук ресурс]. https://kyrgyztuusu.kg/archives/13053 (Кирүү датасы: 5.12.2025)
7. «Кыргызстан». Улуттук энциклопедия: 2-том. Башкы редактору Асанов А. К. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2007. – 66б.
8. Расулова З.А., Тороев Ы.Т. Устаттык улуу өнөрдүн ээлери. [Электрондук ресурс]. https://www.elibrary.ru/contents.asp?id=49605718 (Кирүү датасы: 5.12.2025)
9. Сулайманова Р.Т., Нурбаева А. Кыргыз Республикасынын эл мугалимдери // Вестник КНУ, 2023, №2 (114), 64-68-б.

Рецензент: пед. и.к., доцент Байтокова А.С.

УДК 821.1

Батыралиев А., Жусупова А. А.
Батыралиев А., Жусупова А. А.
Batyraliev A., Jusupova A.A.

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ –УЛУУ ЖАЗУУЧУ ЖАНА ДААНЫШМАН ПЕДАГОГ
ЧИНГИЗ АЙТМАТОВ – ВЕЛИКИЙ ПИСАТЕЛЬ И МУДРЫЙ ПЕДАГОГ
CHINGIZ AITMATOV IS A GREAT WRITER AND A WISE TEACHER

Кыскача мүнөздөмө: Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын авторлор изилдеп келишип ал жазуучу гана эмес, аны чыгаан педагог- окумуштуу катары окурмандар тааный тургандыгын белгилеп кетишет. Алар бир нече чыгармаларга токтолуу менен эмгектеги педагогикалык идеяларды, көз караштарды жана проблемаларды ачып көрсөтүшкөн. Авторлор илимий эмгектерге таянуу аркылуу чындыкты жана адамдардын жан дүйнөсүн таанып билүүдө илим менен искусствонун дарамети бирдей баскычта тура тургандыгын белгилешет. Илим теориялар, аныктамалар, анализдер, салыштыруулар, гипотезалар, акыл жыйынтыгы жолдору менен чындыкты түшүндүрүп кетсе, экинчиси көркөм образдар, сүрөттөөлөр жана ой толгоолор аркылуу түшүндүрөт. Айтматов да эмгектеринде тарбия жана билим берүүнүн маселелерин көркөм каражаттар аркылуу коомчулукка ишенимдүү жеткирип, окурмандардын жүрөгүнөн түнөк алып келет деген ойду айтышат. Макалада элге белгилүү чыгармаларга токтолушуп андагы педагогикалык баалуулуктардын, курч ойлордун, көз караштардын маныз- маниси көрсөтүшөт. Айтматовдун чыгармаларындагы идеяларды педагогика предметин окутууда жана болочок мугалимди даярдоо процессинде колдонуунун жолдорун көрсөтүп кетишет.

Аннотация: В статье авторы, изучая творчество писателя Чингиза Айтматова, отмечают, что он известен общественности не только как великий писатель, но и как выдающийся педагог. Анализируя произведения писателя, раскрывают его педагогические идеи, взгляды и проблемы.По мнению авторов, наука и искусство играют равноценную роль в познании мира и реальности. Одна объясняет посредством определений, анализов, сравнений, гипотез и т. д., а другая — посредством художественных образов и размышлений героев. В статье анализируются некоторые произведения и представляются читателю заложенные в них педагогические идеи и взгляды. Показано применение педагогических идей и взглядов Айтматова в процессе преподавания педагогических дисциплин и подготовки будущих учителей.

Abstract: In this article, the authors, studying the work of the great writer ChingizAitmatov, note that he is known to the public not only as a great writer but also as an outstanding educator. Analyzing the writer's works, they explore his pedagogical ideas, views, and challenges.According to the authors, science and art play an equal role in understanding the world and reality. One explains through definitions, analyses, comparisons, definitions, hypotheses, etc., while the other uses artistic imagery.Aitmatov also expresses the idea that problems of education are conveyed to the reader through artistic means in his works.This article analyzes several works and introduces the reader to the pedagogical ideas and views embedded within them. It also demonstrates the application of Aitmatov's ideas in the training of future teachers.

Негизги сөздөр: жазуучу, педагог, чыгармалар, идеялар, көз караштар, илим, искусство, анализ, даярдоо, колдонуу

Ключевые слова: писатель, педагог, произведения, идеи, взгляды, наука, искусство, анализ, подготовка, использование

Keywords: writer, teacher, works, and deeds, views, science, art, analysis, preparation, use

Ч. Айтматов окурмандарга улуу жазуучу катары да, чыгаан педагог - окумуштуу катары таанылып, чыгармалары коомчулукта өлчөөсүз тарбиялык вазипаны аткарып келе жатат. Анын бардык чыгармалары педагогикалык актуалдуу проблемаларды камтып, адамдардагы таалим-тарбияга болгон көз караштарды өзгөртүп келет. Ал боюнча педагогикалык энциклопедияда мындайча жазылат: «Айтматов чыгаан жазуучу гана эмес, таланттуу педагог да болгон. Анын бир катар чыгармаларынын каармандары - мугалимдер жана балдар (Инкамал апай, Айша, Абуталип ж. б.). Айтматов өзүнүн публицистикалык макалаларында педагогдордун социалдык маселелерин жана билим берүүнүн курч проблемаларын козгогон. Ч. Айтматовдун педагогдук кредосу – турмушка чыгармачылык менен мамиле жасаган, ички терең ишенимге эгедер, өз алдынча кайталангыс индивидуалдуу мени бар, ыйман-абийири бийик, эркин инсан» [1, 49]. Чындыгында эле, чыгармаларда ошол тоталитардык мезгилде ачык айтууга мүмкүн эмес ойлор көркөм каражаттар аркылуу искусствонун өзгөчөлүгү аркылуу окурмандарга берилип келген. Айтматовдун өзгөчөлүгү ушунда. Ал мезгилде саналуу гана жазуучулар өз ойлорун айта алышчу.

Белгилуу педагог - окумуштуу А. Алимбеков Айтматовдун эмгектерине мындайча баа берет: «Эгерде таалим-тарбияны инсандын дүйнө таанымында, ойлоо багытында, пейилинде, ишенген нарк-нускаларында кандайдыр бир өзгөрүш, өнүгүш жаратуучу дөөлөт катары карасак, анда Айтматовду мына ошол дөөлөттөрдү жаратууга, өнүктүрүүгө өлчөмсүз эмгек сиңирген XX кылымдын эң таасирдүү, эң улуу таалимчи педагогу деп айтууга да толук негиз бар», - деп жазган [2, 29-39 б.б.]. Чындыгында эле окумуштуу белгилегендей “XX кылымдын эң таасирдүү, эң улуу таалимчи педагогу” деген номинацияны берсек болчудай. Өзүбүз билгендей, XX кылымдын эң таасирдүү педагогдору деп ЮНЕСКОнун чечими менен А.С. Макаренко, Д. Дьюи, М. Монтессори жана Г. Кершенштейнерлерге 1988-жылы берилген болчу. Биздин оюбузча Ч. Айтматов ушул педагогдордон кем калбаган педагогикалык баалуулуктарды, идеяларды элге тартуулап келген. Анын “ манкурт”, “манкуртчулук” деген терминин мазмунунда кандай терендиктеги философиялык, педагогикалык проблемалар көтөрүлгөн!

Искусство, көркөм образдар аркылуу курчап турган дүйнөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн бизге ачып берет. Мейли тарыхый чыгарма болсун, мейли философиялык дүйнө таанымы болсун, мейли психологиялык- педагогикалык проблема болсун биз чындыктын кандайдыр бир аспектисин андап билебиз. Өзгөчө психологиялык чыгармалар адамдардын жан дүйнөсү тууралуу таанып билүүнү илимге салыштырмалуу бийик денгээлде ишке ашыра алат. Ал жөнүндө көптөгөн окумуштуу-психологдор далилдеп келе жатышат. Убагында А.С. Макаренко укук бузган кылмышкер балдар менен иштөө мезгилинде эч кандай педагогикалык, психологиялык адабияттардан тийешелүү маалыматтарды ала албай көркөм чыгармалардан гана адамдардын өзгөчөлүктөрүн, алардын ой жүгүртүүсүн, адамдарга болгон мамилелерин окуп үйрөнүп, аларды практикамда ийгиликтүү колдоно алдым дегени буга далил боло алат. Кийинчерээк окуурмандарга жеткиликтүү болсун деген ой менен өз педагогикалык тажырыйбаларын “ Педагогикалык поэма”, “ Мунарадагы желекчелер” деген көркөм чыгармаларын жарыкка чыгарган. Мына ушул чыгармалар аркылуу таалим- тарбиянын татаал дүйнөсүн, Макаренконун ишмердигин ынанымдуу көрө алдык. Илимий татаал жазылган педагогикалык эмгектерге караганда Макаренконун көркөм чыгармаларынан таалим- тарбия жана “ оор тарбиядагы” балдардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө илимий педагогикага караганда жеткиликтүү билим ала алабыз. Демек, Айтматовдун эмгектеринен биз да таалим- тарбиянын табиятын тереңирээк түшүнөбүз деп айтсак болот.

Мисалга алсак, Айтматов «Кылым карытар бир күн» романында педагогикадагы эң курч маселелерди көтөрөт. Турмушта тарбия негизгиби же билим берүүбү деген проблемалардын көтөрүлүшү Едигейдин сөзү аркылуу мектептерде жана жогорку окуу жайларында берилип жаткан

таалим-тарбияга жан кейиткен сөздөрү аркылуу айтылат: «Көрүнгөн курста, ар жердеги курстан окуп чыккандагы майнап ушубу? А балким окуп бүтүп, иштегенде дал ушундай болсун деп атайы окутушкан чыгар? Балким, бир жерде акылы тетик, көзү жетик бир киши олтургандыр, же, балким, ал өзү киши эмес адамдын башын маң кылган жин-шайтандыр, ал Сабитжанды кантип окутушка митаамчылыгын коротуп, Сабитжанды башка киши кылып чыгарбай, дал ушул Сабитжан кылып чыгарышка максат күткөндүр?..» – деп Сабитжанга окшогондордун тарбияланып жаткандыгы, окуу жайларда түрдүү предметтердин окулуп жатышы, билим беребиз деп жатып, адам болуу, адамды тарбиялоо маселесинин көмүскөдө калып калгандыгы көтөрүлөт. Мектептин негизги функциясы эмне деген суроо коомчулуктун алдына коюлуп жатат. Чындыгында эле анын айткандары бүгүнкү күндүн реалындагы кашкайган чындык. Биз эмне деген предметтерди окуу планына киргизбедик. Жаштарыбыз түрдүү илимдердин негизин окуйбуз деп жатып адам болуу маселелеринен алыстап кеткендигин тана албайбыз. Же тарбияда, же билим берүүдө алгылыктуу көрсөткүч көрсөтө албадык. Мисалга алсак дүйнөлүк ПИЗА сынагынын эле жыйынтыктарын айтсак болот. Коомчулук тарбия маселелеринин талапка ылайык жүргүзүлбөй жаткандыгын көтөрүүдө. Бул маселе өкүмөттүк деңгээлде көтүрүлүп тарбиянын ролуна басым жасоо керек экендиги курч коюлду.. Министрлик бул маселени талдап чыгып мындайча билдирүү берет: «Жакында министрликте боло турган структуралык өзгөрүүлөрдө, атайын тарбия багытында иш алып бара турган сектор ачылат. Бул багытта чоң жоопкерчиликти сезе билишибиз керек. Ошондуктан аларды өз доорлоруна ылайык келе тургандай этикалык, эстетикалык, руханий дүйнөсү бай болгондой кылып тарбия, билим беришибиз парз. Эгер биз куштун эки канатын элестетсек, ошонун бири тарбия болушу парз. Тарбияны билим деген түшүнүктөн ажыратып карап, аларды материалдык билимге сиңирип, тарбиядан өксүтсөк болбой турганын турмуш өзү тастыктоодо. Бул мамлекеттик стратегиялык багытка айланып отурат», — деп айтылат [3]. Мына жазуучу көтөргөн проблемалар мамлекет тарабынан колго алынып өлкөдө тарбия концепциясы кабыл алынды жана тарбиянын ролу коомдо көтөрүлө баштады. Азыркы убактагы Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужол жарлыгындагы көрсөтмөлөр жазуучунун идеясынын логикалык уландысы десек болот.

Ушул эле чыгармада мугалим Абуталиптин образы да педагогикалык жактан так даана берилген. Абуталипти калп жалаалар менен мектептен кетиришип сүйүктүү кесибинен айдашканы менен анын ички сезиминдеги педагогикалык баалуулуктарынан, мотивациясынан, ишенимдеринен кетире алышпайт.

Канчалык тоскоолдуктар болсо дагы айылдагы балдарды өз демилгеси менен окута берет. Ал жөнүндө Эдигей мындайча айтат: “Билимдүү киши, окутуучу деген ушу тура. Чоң эле кишилер бала менен бала болуп, балдарга кандай мамиле жасарын карап олтуруш өзүнчө кызык…», - педагогикалык маданиятын айтып суктанып калчу. Абуталип өзү окуткан балдардын келечеги жөнүндө оптимисттик сөздөрдү айтып, мугалим өздөрүнүн окуучулары менен түбөлүктүү экендигин көрсөтүп кетет: «Турмуш мени жоготоюн деп ар качан ушуякка түргкүлөп, сүрүп туруп алды, мен эми балдарыма ой-санаамды жазып кетем, качандыр бир кезде балдарымдын пейилинен кайра жаралам. Мен жетпегенге, менин колуман келбегенге, балким балдарым жетер, колунан келер… Бизге караганда балдардын турмушу татаалыраак болоор, кыйыныраак болор. Андай болчу болсо жаштайынан мээси толо берсин…». Абуталиптин “ окуткан балдарымдын пейлинен кайра жаралам” деп айткан сөздөрү кандай гана педагогикалык баалуулук экендигин көпчүлүгүбүз андап түшүнө элекпиз. Анын көз карашын жана балдарга жасаган мамилесин «Педагогика» курсунда «Мугалимге коюлган кесиптик талаптар» деген темадагы сабакта кеңири колдонуп таасирдүү жыйынтык ала алдык. Лекциянын материалдарын жеткирүүдө ушундай таасирдүү мисалдарды колдонсок сабак максатына жете тургандыгына ишендик.

«Фудзиямадагы кадыр түн» чыгармасында да педагогдун ишмердигинин актуалдуу маселесин көтөрөт. Айша эжеке көп жылдардан кийин жолуккан классташтардын арасында класс жетекчиси катары конок болуп отуруп, Иосиф Татаевич, Исабектердин адам же инсандык жактан таалим-тарбия албагандыгын байкап көрүп, ушул балдарды тарбиялоодо кантип кемчилдик кетирип

койгондугун айтып кетет: «…Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчү элем… Мына эми, мынтип кабыргам кайышып, жаным катуу кейип олтурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас, анда өзүмдө да айып бар… Кай жерден… эмнеден жаңылыш кетирдик». Билбейм, башым маң…» - деп адепсиз, адамгерчиликсиз көрүнүштүн түпкү себебин өзүнүн жана кесиптештеринин таалим-тарбия иш-аракетинен издеп, кайсыл жерден ката кетиргендиктерин ойлоно баштайт. Бул ой толгоодон мугалимдик кесиптин жаштарды калыптадыруудагы мааниси көрсөтүлөт. Эжекенин ой толгоосу биз үчүн педагогикалык процессте тарбиянын ордунун өзгөчөлүгүн дагы бир жолу көрсөтүп кетет. Биз бул идеяларды педагогика курсунда « Тарбия жараянынын маныз- мазмуну» деген темада инсандын калыптанышындагы факторлордун маанисин ачууда кенири колдонуп кеттик. Айлана-чөйрө, тарбия жана тукум куучулук факторлорун ачып көрсөтүүдө баа жеткис материал боло алды.

«Саманчынын жолу» повестинде өзүн «…эң бир асыл ишке мугалимдикке даярдап жүргөн» Майсалбектин согуштан өлүм сапарына аттанып олтуруп жазган катында педагогикалык кесиптин маңыз-мааниси камтылган: «Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң бир жөнөкөй, эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарды тамга таанытып, окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум. Ал менин айыбым эмес. Мына, азыр мектепте окуучу жаштарга менин биринчи жана эң акыркы берип кетер сабагым ушул, аларга окутуп кеткен билимим да ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан бардык билимимди, бардык дилимди жумшайм... Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү - ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин - ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы - ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баарын мен, мен деп билип жүргүн, апа!

Ыйлаба, апа, эч ким ыйлабасын. Мындай өлүм үчүн эч ким ыйлабасын. Кош, түбөлүккө кайрып кош! ...Кош, караанындан айланайын, Ала-Тоо! Сенин мугалим уулуң-лейтенант Майсалбек Субанкулов». Бул айтылган сөздөрдү да биз “Педагогикалык кесипке киришүү” предметинде кенири колдондук. Студенттер бул боюнча мини- доклад даярдашып өз ойлорун, көз караштарын талкуулашат. Ал сөздөрдүн бүгүнкү күндүн реалына туура келиши тууралуу талкуу өткөрүшөт. Педагогикалык кесиптин маныз- мазмунун тереңирээк түшүнүшөт.

«Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн агайдын ишмердиги аркылуу мугалимдик кесипке жан дүйнөсүн арнаган, окуучуларына келечек жана билимдин маанилүүлүгү тууралуу мотивация берген, бала деп жашаган адамды көрө алабыз. Чыгармадагы бир үзүмгө токтолуп кетеличи: «Мына ушул теректерди сага арнап тиктим. Ушулар жетилип чоңойгондо, сен дагы жетилип жакшы киши болуп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң окумуштуу адам болосуң. Айтты–айтпады дээрсиң, сенин таалайында жазылып турат. Зээниң бар, акылың тунук… Аман болсоң жакшылыктын баары алдыда…», - деп Алтынайга дем-күч берет. Азыр гумандуу педагогиканын идеялары кеңири жайылып жатат. Белгилүү педагогдор В.А. Сухомлинский, Ш.А. Амонашвили, Бектур Исаков, О. Сайдилканов, Г. Мадаминовдор бул идеяларды көтөрүшүп жаткандыгы Айтматовдун идеясына туура келип жатат. Дүйшөндүн айткан сөздөрүн « Мугалимдик кесиптин өзгөчөлүктөрү» деген темада кеңири колдонсо болот. Өзүбүз көргөндөй Ч. Айтматов педагогикалык коомчулуктун алдында таалим-тарбиянын курч проблемаларын дайыма көркөм каражаттар менен коюп келген. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө кээ бир адамдар анын чыгармаларынан эч кандай идея ала албайбыз, адамдын өнүгүүсүнө таасир бербейт деген сөздөрдү угуп жатабыз. Эмне дешсе дагы Айтматовдун генийлигин, анын чыгармаларынын жаштарды таалим- тарбия берүүдөгү маанисин тана албайбыз. Ч. Айтматовду жазуучу эле эмес, кыргыздын даанышман улуу педагогу катары чыгармаларындагы педагогикалык идеяларды мугалимдерди даярдоо процессинде кеңири колдонуу максатка ылайык деп эсептейбиз. Чыгармалары инсанды ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган терең педагогикалык мазмуну менен айырмаланат. Анын көркөм мурастарында адамдык баалуулуктар, моралдык жоопкерчилик,

гуманизм жана коом алдындагы парз сыяктуу түшүнүктөр негизги орунду ээлейт. Айтматов каармандары аркылуу жаш муунду ой жүгүртүүгө, өзүн таанууга жана туура тандоо жасоого үндөйт. Жазуучунун чыгармаларында тарбия маселеси үй-бүлө, коом жана мектеп сыяктуу социалдык институттар менен тыгыз байланышта каралат. Бул болсо педагогикалык илим үчүн маанилүү теориялык жана практикалык материал болуп эсептелет. Айтматовдун педагогикалык идеялары бүгүнкү билим берүү системасында актуалдуулугун жоготпойт, тескерисинче, заман талабына шайкеш келип, жаштарды руханий жактан байытууга кызмат кылат. Анын чыгармаларын мугалимдерди даярдоодо колдонуу болочок педагогдордун кесиптик жана инсандык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Айтматовдун гуманисттик көз караштары окутуу процессинде тарбиялык иш-чараларды уюштурууда методикалык негиз катары кызмат кыла алат. Ошондуктан Чынгыз Айтматовдун адабий мурасын педагогикалык контекстте изилдөө илимий жактан да, практикалык жактан да маанилүү деп эсептейбиз. Жыйынтыктап айтканда, Чынгыз Айтматовду улуу жазуучу гана эмес, элдин руханий мугалими, даанышман педагог катары баалоо толук негиздүү.

Колдонулган адабияттар:

1. Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы, Б.2004. 49-б.
2. Алимбеков А., Ч. Айтматовдун чыгармаларынын көркөм педагогикалык концепциясы/ /Коомдук илимдер журналы. 2009,№22. -29-39 б.б.
3. Токторов М. Тарбиянын жаңы пайдубалы курулууда // “Кутбилим”, 02.2021.

Рецензент: пед. и.к., доцент Даминова И.Д.

УДК: 37.01:316.774

Гао Тянь Цзин
Гао Тянь Цзин
Gao Tianjing

ФАН-МАДАНИЯТ КОНТЕКСТИНДЕ УНИВЕРСИТЕТ СТУДЕНТТЕРИ АРАСЫНДА НЕГИЗГИ БААЛУУЛУКТАРДЫ ТААНУУНУ КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨ ИССЛЕДОВАНИЕ ПО ВОПРОСАМ ВОСПИТАНИЯ ПРИЗНАНИЯ ОСНОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ СРЕДИ СТУДЕНТОВ УНИВЕРСИТЕТОВ В КОНТЕКСТЕ ФАН-КУЛЬТУРЫ RESEARCH ON MAINSTREAM VALUE IDENTIFICATION EDUCATION AMONG UNIVERSITY STUDENTS WITHIN THE CONTEXT OF FAN CULTURE

Кыскача мүнөздөмө: Бул изилдөө фан-маданияттын таасири астында заманбап кытай университеттеринин студенттеринин негизги баалуулуктар менен өзүн-өзү аныктоосуна жана андан келип чыккан билим берүү көйгөйлөрүнө таасирин карайт. Фан-маданияттын жаштар субмаданияты катары өсүп жаткан таасиринин фонунда изилдөө бул феноменден улам студенттердин баалуулуктарды аныктоонун түзүүчү логикасын ачып көрсөтүүнү, негизги баалуулуктарды окутуудагы практикалык дилеммаларды талдоону жана максаттуу стратегияларды сунуштоону көздөйт. Жыйынтыктар көрсөткөндөй, фан-маданияттын таасири астында университет студенттеринин баалуулуктарды аныктоосу үч өлчөмдүү түзүлүш логикасын ээрчийт: коомчулуктун өз алдынчалыгына жана кумирге сыйынууга негизделген өзүн-өзү түрткөн муктаждыктар; жамааттык ритуалдарда жана коомдук катышууда символикалык өз ара аракеттенүү аркылуу пайда болгон эмоционалдык резонанс; жана фан-айлампалар ичинде баалуулуктарды жайылтуу жана топтук өзүн-өзү аныктоо аркылуу жамааттык жугуштуулук. Ошол эле учурда негизги чакырыктар катары фан-

маданияттын негизги баалуулуктардын авторитетин эрозиялоосу, негизги маданий баалуулуктардын траекторияларынан четтөө жана негизги баалуулуктар дискурстарынын жайылыш натыйжалуулугунун төмөндөшү саналат.
Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн изилдөө үч багыттуу стратегияны сунуштайт. Бул изилдөө жаштардын субкультуралары менен негизги баалуулуктарды окутуунун кесилишкен чекитиндеги теориялык алкакты байытып, билим берүү администраторлоруна жана тиешелүү башкаруу органдарына практикалык көрсөтмө берет.

Аннотация: В данном исследовании рассматривается влияние фан-культуры на идентификацию современных китайских студентов с основными ценностями и связанные с этим проблемы в области образования. На фоне растущего влияния фан-культуры как молодежной субкультуры, цель исследования состоит в том, чтобы раскрыть генеративную логику идентификации ценностей студентами, обусловленную этим явлением, проанализировать практические дилеммы в области образования в области основных ценностей и предложить целевые стратегии. Результаты показывают, что под влиянием фан-культуры идентификация ценностей студентами университетов следует трехмерной логике формирования: самомотивированные потребности, основанные на автономии сообщества и поклонении кумирам; эмоциональный резонанс через символическое взаимодействие в коллективных ритуалах и социальное участие; и заражение сообщества через распространение ценностей и формирование групповой идентичности в кругах фанатов. В то же время, к числу основных проблем относятся эрозия авторитета основных ценностей фан-культурой, отклонение от траекторий основных культурных ценностей и снижение эффективности распространения дискурсов об основных ценностях. Для решения этих проблем в исследовании предлагаются три целевые стратегии. Данное исследование обогащает теоретическую базу на стыке молодежных субкультур и образования в области основных ценностей, а также предоставляет практические рекомендации для администраторов образовательных учреждений и соответствующих органов управления.

Abstract: This study examines the impact of fan culture on contemporary Chinese university students' identification with mainstream values and the resulting educational challenges. Against the backdrop of fan culture's growing influence as a youth subculture, the research aims to reveal the generative logic of students' value identification driven by this phenomenon, analyse the practical dilemmas in mainstream values education, and propose targeted strategies. Findings indicate that under fan culture's influence, university students' value identification follows a three-dimensional formation logic: self-driven needs rooted in community autonomy and idol worship; emotional resonance through symbolic interaction in collective rituals and social participation; and community contagion stemming from intra-circle value dissemination and group identity formation. Concurrently, significant challenges emerge: fandom culture undermines the authority of mainstream value recognition, deviates from mainstream cultural value trajectories, and diminishes the communicative efficacy of mainstream value discourse. Consequently, the study proposes three targeted strategies to address these issues. This research enriches the theoretical framework at the intersection of youth subcultures and mainstream values education, while also providing practical reference for educational administrative bodies and relevant governance entities.

Негизги сөздөр: фан-айлампалар; фан-маданият; университет студенттери; билим берүү; негизги баалуулуктар; баалуулуктарды аныктоо

Ключевые слова: Фан-клубы; Фан-культура; Студенты университетов; Образование; Основные ценности; Идентификация ценностей

Keywords: Fan circles; fan culture; university students; education; mainstream values; value identification

1. Introduction

The articulation of "societal mainstream values" remains a globally significant topic. Contemporary cultural, political, and economic interactions invariably reflect the permeation of national value systems. With the advent of globalisation and expanded international engagement, seeking universally recognised values to foster harmonious relations has become a shared imperative. The advancement of social civilisation and the maintenance of societal order likewise necessitate guidance from core mainstream values.Amidst the rapid advancement of new media and internet technologies, coupled with the scaled development of the idol economy, "fan circle culture" has gradually emerged, profoundly influencing societal cultural trends and value recognition. As one microcosm of cyberspace, the "fan circle" can be defined as a collective term for fan communities formed around one or several idols, relying on the internet and new media social platforms (Peng Lan, 2020)."Fan circle culture" refers to the cultural practices undertaken by these communities, centred around their idol, encompassing collective ideology production and dissemination alongside community building, presenting a distinct cultural landscape (Xu Huaizhi, 2023).As "fandom culture" intensifies, the fandom groups' expansion and youthification become increasingly pronounced. The detrimental aspects of this culture—manifesting as poor taste, extremism, and obsessive behaviour—are challenging the dominance of mainstream societal values.In the era of internet culture, university students prioritise individual expression and self-actualisation, emphasising personal experience and independent thought, with a strong sense of agency and desire for autonomous choice. Regarding value recognition, they are subtly influenced by their nation's fine traditional culture while also profoundly impacted by multiple cultural elements such as popular culture, global subcultures, and online community culture.

The detrimental effects of "fan circle culture" on the construction of mainstream societal value recognition have not only sparked widespread public debate but also become a focal point of academic research. Current scholarly investigations into the negative impacts of "fan circle culture" and potential governance pathways primarily concentrate on the following aspects.

Талдоо көрсөткөндөй, болочок мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө "кызыгуудан — көндүмгө" өтүү механизми толук иштебей жатат. Мотивациянын жогорулугуна карабай, технологиялык даярдыктын төмөндүгү ЖОЖдогу билим берүү программаларында практикалык-усулдук иштерге, анын ичинде педагогикалык практика учурунда этнопедагогикалык технологияларды колдонууга басым жасоо зарылдыгын шарттайт. Демек, окутуу процессинде теориялык лекциялардан практикалык долбоорлоо иштерине (мисалы, этно-сабактардын моделдерин иштеп чыгуу) багыт алуу керек.

Жогорку окуу жайларында студенттерди даярдоо процессинде этнопедагогикалык материалдарды "Педагогика", "Психология" жана "Мекен таанууну окутуунун методикасы" сыяктуу дисциплиналарга интеграциялоо зарыл. А. Алимбеков белгилегендей, этнопедагогикалык билимдер студенттин кесиптик дүйнө таанымынын ажырагыс бөлүгү болушу керек [1]. Компентенттүүлүк үч негизги багытта өнүгөт:

Когнитивдик: Студенттин элдик педагогиканын тарыхы, идеалдары жана методдору боюнча билими [4], [7].

Операционалдык: Студенттин сабакта элдик оюндарды, макалдарды жана "Манас" эпосунун үзүндүлөрүн заманбап технологиялар (мисалы, интерактивдүү такта) менен айкалыштырып колдоно алуусу [7].

Аксиологиялык: Улуттук баалуулуктарды жеке инсандык принцип катары кабыл алуу [7].

Келечектеги мугалимдин этнопедагогикалык компетенттүүлүгү билим (когнитивдик), жөндөм (операционалдык) жана баалуулук (аксиологиялык) деңгээлдеринин биримдигинен турат.

Келечектеги мугалимдердин компетенттүүлүгүн арттыруу үчүн төмөнкүдөй формаларды киргизүү сунушталат:

1. ”Кесиптик ишмердүүлүктөгү этнопедагогикалык тажрыйбанын модели” же "Кыргыз оюндарын математика сабагында колдонуу" сыяктуу долбоорлорду иштеп чыгуу.
2. Студенттердин арасында коммуникативдик көндүмдөрдү элдик этикеттин (саламдашуу, бата берүү) негизинде өнүктүрүү зарыл.

Келечектеги башталгыч класстын мугалимдеринин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу — бул улуттук билим берүү системасынын туруктуулугун камсыз кылуучу стратегиялык багыт. Психологиялык установкалар менен педагогикалык технологиялардын айкалышы гана мугалимге ааламдашуу шартында окуучулардын руханий иммунитетин бекемдөөгө мүмкүндүк берет.

Колдонулган адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: окуу куралы. – Бишкек: Техник, 2013. – 280 б.
2. Асанова Р.А. Башталгыч класстарда кыргыз этнопедагогикасынын материалдарын пайдалануу. – Ош, 2011.
3. Байгазиев С. Педагогикалык антропология жана руханий тарбия. – Бишкек: Билим, 2015. – 320 б.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. – М.: Академия, 1999. – 168 с.
5. Зеер Э.Ф. Психология профессионального образования: учебник для студ. высш. учеб. заведений. – М.: Академия, 2009.
6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Окуучуларды тарбиялоонун концепциясы (2021-2030). – Бишкек, 2021.
7. Муратов А. Кыргыз элдик педагогикасы: окуу куралы. – Бишкек, 2011.
8. Пиримбаева Ж. Башталгыч класстын окуучуларын элдик салттар аркылуу тарбиялоо // Эл агартуу журналы. – 2019. – №4. – 12–18-бб.

9. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования // Народное образование. – 2003. – №2. – С. 58–64.

Рецензент: пед. и.к., доцент Алиева Б.М.

УДК: 37.03:39

Жээнбекова Ү.Ж., Таалайбекова А.Т., Жусупова Н.Т.
Жээнбекова.У.Ж., Таалайбекова А.Т., Жусупова Н.Т.
Zheenbekova U.Zh., Taalaibekova A.T., Zhusupova N.T.

ГЛОБАЛДАШУУ ШАРТЫНДА КЕЛЕЧЕК МУУНДАРДЫ УЛУТТУК-МАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАР АРКЫЛУУ ТАРБИЯЛОО
В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ ВОСПИТАНИЕ БУДУЩИХ ПОКОЛЕНИЙ ЧЕРЕЗ НАЦИОНАЛЬНО-КУЛЬТУРНЫЕ ЦЕННОСТИ
IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION, THE UPBRINGING OF FUTURE GENERATIONS THROUGH NATIONAL AND CULTURAL VALUES

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада глобалдашуу шартында билим берүү системасында улуттук маданий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү маселеси комплекстүү каралат. Глобалдашуу билим берүүгө жаңы технологияларды, эл аралык стандарттарды жана көп тилдүүлүктү алып келгенине карабастан, улуттук идентүүлүктүн солгундашына шарт түзүүдө. Изилдөөнүн негизги максаты келечек муундарды улуттук маданий баалуулуктар аркылуу тарбиялоонун теориялык негиздерин ачып берүү жана аны практикада ишке ашыруунун жолдорун аныктоо болуп саналат. Макалада улуттук маданий баалуулуктардын маңызы, алардын жаш муундун инсан катары калыптанышындагы ролу жана глобалдашуу шартында жаралган негизги проблемалар талданат. Ошондой эле улуттук тарбияны окуу программаларына интеграциялоо, санариптик технологияларды улуттук мазмун менен айкалыштыруу, билим берүү практикасында колдонулуп жаткан тажрыйбаларды кеңейтүү жана үй-бүлө менен коомдун ролун күчөтүү маселелери негизделет.

Аннотация: В данной статье рассматриваются проблемы сохранения и развития национальных культурных ценностей в системе образования в условиях глобализации. Глобализация, способствуя внедрению международных стандартов, цифровых технологий и многоязычного образования, одновременно усиливает угрозу ослабления национальной идентичности. Цель исследования заключается в анализе теоретических и практических аспектов воспитания подрастающего поколения на основе национальных культурных ценностей. В статье раскрывается сущность национальных культурных ценностей, их роль в формировании личности и духовной устойчивости молодежи, а также анализируются основные проблемы, возникающие в условиях глобализации. Особое внимание уделяется интеграции национального воспитания в учебные программы, сочетанию цифровых технологий с национальным содержанием, расширению положительного педагогического опыта и усилению роли семьи и общества в воспитательном процессе. Полученные выводы подчеркивают необходимость комплексного подхода к национальному воспитанию.

Abstract: This article examines the issue of preserving and developing national cultural values in the education system under the conditions of globalization. While globalization promotes the adoption of international standards, digital technologies, and multilingual education, it also creates challenges related to the weakening of national identity. The main purpose of the study is to analyze the theoretical and practical foundations of educating the younger generation through national cultural values. The article explores the essence of national cultural values, their role in shaping personality and spiritual stability, and the key problems arising in the globalized educational environment. Particular attention is paid to integrating national education into curricula, combining digital technologies with national content, expanding effective

educational practices, and strengthening the role of family and society in the educational process. The findings emphasize the importance of a comprehensive and balanced approach to national education in modern conditions.

Негизги сөздөр: глобалдашуу; санариптик технология; улуттук-маданий баалуулуктар; улуттук тарбия; маданий идентүүлүк; жаш муундар; интеграция.

Ключевые слова: глобализация; цифровые технологии; национально-культурные ценности; национальное воспитание; культурная идентичность; молодое поколение; интеграция.

Keywords: globalization; digital technologies; national cultural values; national education; cultural identity; young generation; integration.

Азыркы замандын эң таасирдүү процесстеринин бири болгон глобалдашуу коомдук турмуштун бардык тармактарын камтып, билим берүү системасына да олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келди. Билим берүүнүн мазмуну эл аралык стандарттарга шайкеш келтирилип, санариптик технологиялар кеңири колдонулуп, көп тилдүү билим берүү артыкчылыкка ээ болууда. Бул процесстер Кыргызстан үчүн да жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жана ошол эле учурда олуттуу чакырыктарды жаратты.

Глобалдашуу билим сапатын жогорулатууга, дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграциялануунга шарт түзгөнү менен, улуттук маданий баалуулуктардын экинчи планга жылышына алып келүү коркунучун да жаратат. Айрыкча жаш муундун аң-сезиминде улуттук идентүүлүктүн солгундашы, эне тилге болгон кызыгуунун төмөндөшү, салттуу дүйнөтаанымдан алыстоосу коомдун келечеги үчүн олуттуу маселе болуп саналат. Ушул себептен глобалдашуу шартында келечек муундарды улуттук маданий баалуулуктар аркылуу тарбиялоо маселеси өзгөчө актуалдуу мааниге ээ.

Улуттук маданий баалуулуктар элдин тарыхый өнүгүүсүнүн жыйынтыгы катары калыптанган руханий байлык болуп эсептелет. Аларга эне тил, каада-салт, үрп-адат, элдик оозеки чыгармачылык, улуттук адабият, музыка жана тарыхый эстеликтер кирет. Бул баалуулуктар муундан муунга өтүп, коомдун ички биримдигин жана руханий туруктуулугун камсыз кылат.[1, 41–43-бб.].

Жаш муун улуттук маданий баалуулуктар аркылуу өзүнүн ким экенин, кайсы элге таандык экенин аңдап, коомдо өз ордун табат. Улуттук тарбия инсандын моралдык сапаттарын – мекенчилдикти, улууну урматтоону, кичүүнү сыйлоону, жоопкерчиликти жана жамаатчылдыкты калыптандырат. Мындай сапаттарсыз глобалдык дүйнөдө атаандаштыкка жөндөмдүү, бирок руханий жактан бош инсан өсүп чыгышы мүмкүн. [2, 34–36-бб.]

Кыргыз элинин тарыхында даярдык, акылмандык, тапкычтык жана улуттук баалуулуктар маанилүү орунду ээлеп келген. Көчмөн турмуштагы боз үйлөр, улуттук оюндар, кол өнөрчүлүк жана салт-санаа – жаштарга эрдикти, чабандестикти, коомдук жоопкерчиликти, маданий баалуулуктарды үйрөткөн. Бул баалуулуктар аркылуу жаш муунга Бүгүнкү глобалдашуу доорунда, дүйнө рыногу, технология жана массалык маалымат каражаттары жаштардын аң-сезимине олуттуу таасир этүүдө. Бул шартта ата-энелер жана коомдун ролу өтө маанилүү: көпчүлүк учурда балдарды адеп-ыйман жолуна багыттоо ордуна, материалдык кызыкчылыктарга басым жасалууда. Ата-энелер мыйзамсыз байлыкка умтулуу, материалдык баалуулуктарды баарынан жогору коюу менен балдарын тарбиялоодо терс үлгү көрсөтүүдө.Мектептерде тарбиянын сапаты төмөндөп, сабатсыздык, жарандык жана коомдук маданияттын баалуулуктарынын азайышы байкалып жатат. Бул көрүнүш глобалдашуу доорундагы терс таасирлерге каршы туруштук бере турган руханий жана маданий бекемдиктин жоктугун көрсөтөт. Мектептерде тарбиянын сапатынын төмөндөшү «мектеп рекети», мыйзамсыз аракеттер, эки жүздүүлүк жана жоопкерсиздик сыяктуу терс көрүнүштөргө алып келүүдө.Заманбап маалыматтык мейкиндик жаштардын аң-сезимине күчтүү таасир этүүдө.

Социалдык тармактар жана массалык маданият аркылуу чет элдик баалуулуктардын үстөмдүгү күчөп, улуттук маданий элементтер экинчи планга жылууда

Мунун натыйжасында:

-эне тилде сүйлөөгө кызыгуунун азайышы;

-улуттук каада-салттардын турмушта сейрек колдонулушу;

-жаштардын маданий идентүүлүгүнүн солгундашы байкалууда. Бул көрүнүштөр билим берүү системасында улуттук тарбиянын ролун кайра карап чыгууну талап кылат

Глобалдашуу жаштарды дүйнөлүк маданият менен таанышстырып, кеңири билим алууга мүмкүнчүлүк берсе да, руханий азыксыздык, улуттук баалуулуктарга көңүл бөлбөй калуу көйгөйүн күчөтөт. Балдарды китеп окууга, улуттук жана дүйнөлүк маданият менен таанышууга үйрөтүү – глобалдашуу мезгилинде алардын аң-сезимин коргоонун жана ой-эсин өнүктүрүүнүн негизги жолу болуп саналат.

Мамлекет тарабынан мугалимдердин социалдык абалын жакшыртуу, билим берүү сапатын жогорулатуу аракеттери кубандырат, бирок глобалдашкан дүйнөдө тарбиялык милдеттер ата-эне, мектеп жана коом тарабынан биргелешип аткарылышы зарыл. Баланы тарбиялоо – туруктуу эмгек жана жоопкерчилик. Улуттук маданий жана тарыхый баалуулуктарды жаш муунга жеткирүү, руханий азык менен камсыз кылуу аркылуу гана келечектеги муунду билимдүү, адептүү жана маданияттуу кылууга болот.[3, 10-11-бб.] Эл аралык тажрыйба бул багытта маанилүү сабактарды берет. Мисалы, **Японияда** глобалдашууга карабастан, билим берүү системасы улуттук баалуулуктарга бекем таянат. Мектептерде балдарды кичинесинен тартып тартипке, эмгекчилдикке, улууну урматтоого, жамааттык жоопкерчиликке үйрөтүшөт. Балдар мектепте классты өздөрү тазалашат, бири-бирине кызмат кылууну үйрөнүшөт. Бул тарбиялык ыкма баланын инсандык маданиятын жана коомго болгон жоопкерчилигин калыптандырат.

Финляндия билим берүү системасында баланын инсандыгын биринчи орунга коёт. Ал жакта атаандаштык эмес, өз ара жардамдашуу, мугалимге ишеним жана баланын ички мүмкүнчүлүгүн ачууга басым жасалат. Китеп окуу маданияты абдан жогору өнүккөн: үй-бүлө, мектеп жана китепкана бирдикте иш алып барып, бала үчүн окуу – табигый муктаждыкка айланат. Бул тажрыйба руханий жана интеллектуалдык өнүгүүнүн негизги фактору катары китептин ролун далилдейт.

Еврей элинин тарбия системасында билим жана суроо берүү маданияты өзгөчө орунда турат. Балдарды кичинесинен ой жүгүртүүгө, суроо берүүгө, талдоого үйрөтүшөт. Ата-эне баланын кичинекей жетишкендигин да жогору баалап, ишеним көрсөтөт. Бул ишеним баланын өзүнө болгон ишенимин бекемдеп, ийгиликке жетишине өбөлгө түзөт. Мында руханий баалуулуктар менен билим айкалышып, глобалдашуу шартында да улуттук өзөктү сактоого мүмкүндүк берет. Ал эми **Батыш өлкөлөрүндө** акыркы жылдары материалдык байлыкка ашыкча басым жасоонун кесепетинен руханий кризис күч алып жатканы ачык айтылууда. Бул өлкөлөрдө да азыр адеп-ахлактык тарбияга, психологиялык колдоого, үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөөгө кайрадан көңүл бурула баштады. Бул көрүнүш руханий тарбиянын жоктугу коом үчүн канчалык коптуу экенин далилдейт. [4.].

Кыргызстан үчүн бул тажрыйбалардан чыгара турган жыйынтык- глобалдашууга каршы туруу эмес, ага **улуттук руханий иммунитет** менен кирүү зарыл. Жаштар дүйнөлүк билимди, технологияны өздөштүрүү менен катар, өз элинин тарыхын, тилин, маданиятын, адабиятын, «Манас» эпосун, элдик каада-салттарын терең билиши керек. Улуттук маданий негизге таянбаган билим – тамыры жок дарак сыяктуу.Кыргыз эли улуттук-каада салттарды сактап келгендигинин аркасында өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн жоготпостон бүгүнкү күнгө чейин жеткирген. Бирок бүгүнкү күндө глобалдашуу жана технологиялардын өсүшү менен жаштардын каада салтарга болгон мамилеси өзгөрүүдө [5]. Жогорудагы саналып өткөн көйгөйлөрдү чечүү үчүн төмөнкү кадамдар аткарылышы зарыл:

1. Улуттук тарбияны окуу программаларына интеграциялоо Улуттук маданий баалуулуктарды билим берүүнүн мазмунуна системалуу түрдө киргизүү – улуттук тарбияны камсыз кылуунун негизги шарты болуп саналат. Бул багытта улуттук тарбия эпизоддук иш-чаралар менен чектелбестен, бардык предметтердин мазмуну менен органикалык байланышта болушу керек. Айрыкча кыргыз тили, тарыхы жана адабияты сабактары улуттук аң-сезимди калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ [6, 134–136-бб.].

Мисалы, кыргыз тили сабактарында улуттук макал-лакаптарды, накыл сөздөрдү жана элдик оозеки чыгармаларды тил үйрөтүүчү материал катары колдонуу окуучулардын тилдик компетенциясын гана эмес, улуттук ой жүгүртүүсүн да өнүктүрөт. Тарых сабактарында кыргыз элинин мамлекеттик түзүлүшү, тарыхый инсандары жана элдик баатырлар тууралуу темаларды долбоордук ыкма аркылуу окутуу окуучулардын изилдөө жөндөмүн арттырат. Адабият сабактарында «Манас» эпосун, Ч.Айтматовдун чыгармаларын заманбап коомдук маселелер менен байланыштырып талдоо окуучулардын критикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга шарт түзөт.Мындай интеграцияланган окутуу улуттук баалуулуктарды заманбап билим берүү талаптары менен айкалыштырууга мүмкүндүк берет. **2. Санариптик технологияларды улуттук мазмун менен айкалыштыруу** Заманбап билим берүү санариптик технологияларсыз элестетилбейт. Бирок санариптик ресурстарда улуттук мазмундун жетишсиздиги улуттук тарбиянын таасирин алсыратат. ЮНЕСКОнун илимий изилдөөлөрүндө санариптик билим берүү улуттук маданий контент менен айкалышканда гана туруктуу жана натыйжалуу болору баса белгиленет [7, 22–24-бб.].Кыргызстанда учурда колдонулуп жаткан электрондук окуу платформаларында (bilim.edu.gov.kg, Moodle негизиндеги системалар) улуттук тарых, маданият жана салт-санаа боюнча видеосабактарды, анимациялык роликтерди жана интерактивдүү тапшырмаларды көбөйтүү зарыл. Мисалы, «Манас» эпосу боюнча интерактивдүү карталар, тарыхый инсандардын өмүр жолу тууралуу мультимедиялык презентациялар окуучулардын кызыгуусун арттырат.Мындан тышкары, мобилдик тиркемелер аркылуу улуттук оюндарды, макал-лакаптарды жана салттуу музыка элементтерин үйрөтүү санариптик мейкиндикте улуттук маданиятты сактоонун заманбап жолу болуп саналат.

3. Практикада колдонулуп жаткан тажрыйбаларды кеңейтүү Кыргыз Республикасында улуттук тарбияга багытталган бир катар практикалык тажрыйбалар ийгиликтүү колдонулуп келет. Мисалы, мектеп программасына киргизилген «Манас таануу» сабагы аркылуу окуучулар эпостун тарыхый жана тарбиялык маанисин терең өздөштүрүшүүдө. «Адеп» сабактары жаш муунду моралдык-этикалык баалуулуктарга тарбиялоодо маанилүү роль ойнойт.Айрым мектептерде уюштурулган комуз, ооз комуз, чоор ийримдери окуучулардын эстетикалык табитин жана улуттук музыка маданиятына болгон кызыгуусун арттырат. Ошондой эле улуттук майрамдарды – Нооруз, Манас күнү сыяктуу маданий иш-чараларды өткөрүү жаштардын коомдук активдүүлүгүн жогорулатып, улуттук баалуулуктарды жандандырат.

Бул тажрыйбаларды республика боюнча кеңири жайылтуу жана методикалык жактан колдоо зарыл.

4. Үй-бүлө жана коомдун ролун күчөтү

Улуттук тарбиянын негизи үй-бүлөдө түптөлөт. Үй шартында эне тилде сүйлөө, улуттук каада-салттарды сактоо жана балдарды элдик баалуулуктарга ылайык тарбиялоо баланын руханий дүйнөсүн байытып, улуттук идентүүлүгүн бекемдейт.Мисалы, үй-бүлө ичинде улуттук майрамдарды белгилөө, улуулардан тарыхый уламыштарды угузуу, улуттук тамак-ашты даярдоого балдарды тартуу тарбиялык мааниге ээ. Коомдук уюмдар, маданий борборлор жана массалык маалымат каражаттары улуттук тарбияны пропагандалоодо активдүү иш алып баруусу керек. Телерадио берүүдө улуттук маданиятка арналган программаларды көбөйтүү, социалдык тармактарда улуттук баалуулуктарды чагылдырган контентти жайылтуу жаштарга оң таасир берет.

Жыйынтыктап айтканда, глобалдашуу шартында билим берүү системасы дүйнөлүк өнүгүүгө ылайык өзгөрүп жаткан учурда улуттук маданий баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ болууда. Глобалдашуу бир тараптан билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, эл аралык тажрыйбаны өздөштүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачса, экинчи тараптан улуттук идентүүлүктүн солгундашына жана маданий өзгөчөлүктөрдүн жоголушуна алып келүү коркунучун жаратат. Мындай шартта келечек муундарды улуттук маданий баалуулуктар аркылуу тарбиялоо билим берүү тармагынын негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө улуттук тарбияны окуу программаларына интеграциялоо, санариптик технологияларды улуттук мазмун менен айкалыштыруу, практикалык тажрыйбаларды кеңейтүү жана үй-бүлө менен коомдун ролун күчөтүү улуттук маданий баалуулуктарды сактоонун натыйжалуу жолдору экени аныкталды. Бул багыттар бири-бири менен тыгыз байланышта ишке ашканда гана жаш муундун улуттук аң-сезими, руханий туруктуулугу жана жарандык жоопкерчилиги калыптанат.

Демек, глобалдашуу шартында билим берүү системасы улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктардын тең салмактуулугун камсыз кылууга багытталышы зарыл. Улуттук маданий баалуулуктарды сактоо жана аларды жаш муундун аң-сезимине сиңирүү мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнүн, коомдун руханий биримдигинин жана маданий мурастын улануусунун негизги шарты болуп эсептелет.

Колдонулган адабияттар

1.Айтматов Ч. Улут, маданият жана заман. – Бишкек: Кыргызстан, 2009. – 64 б.
2. Абдылдаев Э. Глобалдашуу доорунда улуттук идентүүлүк. – Бишкек, 2018. – 96 б. 3.Ж.Бородоев АКИпресс Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары жана жаштарга билим,тарбия берүүдөгү көйгөйлөрү жөнүндө-Бишкек 2022.-11 б. 4.Tobin, J., Hsueh, Y., Karasawa, M.Preschool in Three Cultures: Japan, China, and the United States.University of Chicago Press, 2009.
5.Сабырова Э.С. Улуттук каада салттардын негизгинде жаштарды тарбиялоо.БМУ жарчысы 2025-№2 (72) 164-165 б
6.Осмоналиев К. Педагогиканын негиздери. – Бишкек: Билим, 2016. – 256 б.
7.UNESCO. Education for Global Citizenship. – Paris, 2015. – 48 p.

Рецензент: пед. и.к., доцент Абдыракунова Ж.С.

УДК: 37.159

Карабалаева Г.Т., Нургазинова С.Ж., Кубатбеков М.М.
Карабалаева Г.Т., Нургазинова С.Ж., Кубатбеков М.М.
Karabalaeva G.T., Nurgazinova S.Zh., Kubatbekov M.M.

КООМДУН ЖАНА БИЛИМДИН ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА ЖОЖДОРДУН СТУДЕНТТЕРИНИН МЕКЕНЧИЛДИГИН КАЛЫПТАНДЫРУУ
ФОРМИРОВАНИЕ ПАТРИОТИЗМА СТУДЕНТОВ ВУЗОВ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ ОБЩЕСТВА И ОБРАЗОВАНИЯ
FORMATION OF PATRIOTISM OF UNIVERSITY STUDENTS IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION OF SOCIETY AND EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала ааламдашуу шартында жогорку окуу жайлардын студенттеринин арасында патриоттуулукту калыптандыруунун заманбап педагогикалык жолдорун жана ыкмаларын изилдөөгө арналган. Жаштардын улуттук өзгөчөлүгүнө глобалдык процесстердин таасири, ошондой эле мекенчилдикти жана жарандык жоопкерчиликти бекемдөөгө багытталган ЖОЖдордогу тарбиялык иштердин өзгөчөлүктөрү талданат. Макалада патриоттук баалуулуктарды калыптандыруунун теориялык негиздери, ошондой эле студенттердин өз өлкөсүнө таандык болуу сезимин өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү практикалык стратегиялар жана инновациялык педагогикалык технологиялар каралат. Билим берүүнү интернационалдаштыруу жана маданий алмашуу шарттарында улуттук каада-салттарды жана баалуулуктарды сактоо маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. Эксперименттик иштин жыйынтыктары берилип, студенттерде интегративдик сапат катары патриоттуулуктун калыптануу деңгээлин изилдөө максатында Л.Н.Гумилев ат. ЕУУ жана

Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университетинин студенттеринин арасында анкетирование жүргүзүлдү. Тажрыйбалык-эксперименттик иш көрсөткөндөй, орун алган кемчиликтерди жоюуга чаралардын атайын системасын колдонуу, методикалык башкаруу өбөлгө түзөт, ал төмөнкүлөрдү камтыйт: Чыгармачыл, жаратмандык маанилүү мүнөздөгү студенттердин өз алдынча ишин активдештирүүгө багытталган окуу жана окуудан тышкаркы иштин Активдүү формаларынын комплекси. Натыйжада, билим берүү ишин өркүндөтүү жана заманбап билим берүү чөйрөсүндө жаштар арасында мекенчилдикти өнүктүрүү боюнча сунуштар сунушталууда, бул глобалдык өзгөрүүлөрдүн шартында социалдык активдүү, жарандык жоопкерчиликтүү жана мекенчил жарандарды калыптандыруунун маанилүү шарты болуп саналат.

Аннотация: Данная статья посвящена исследованию современных педагогических путей и методов формирования патриотизма среди студентов высших учебных заведений в условиях глобализации. Анализируется влияние глобальных процессов на национальную идентичность молодежи, а также особенности воспитательной работы в вузах, направленной на укрепление патриотизма и гражданской ответственности. В статье рассматриваются теоретические основы формирования патриотических ценностей, а также практические стратегии и инновационные педагогические технологии, способствующие развитию у студентов чувства принадлежности к своей стране. Особое внимание уделяется проблемам сохранения национальных традиций и ценностей в условиях интернационализации образования и культурного обмена. Представлены результаты экспериментальной работы, с целью изучения уровня сформированности патриотизма у студентов как интегративного качества был проведен мониторинг среди студентов ЕНУ им Л.Н. Гумилева и Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына. Опытно-экспериментальная работа показала, что преодолению имеющихся недостатков способствует применение специальной системы мер, методического управления, которая включает: комплекс активных форм учебной и внеучебной деятельности, ориентированных на активизацию самостоятельной работы студентов, имеющей творческий, созидательно значимый характер. В результате предлагаются рекомендации по совершенствованию воспитательной работы и развитию патриотизма среди молодежи в современной образовательной среде, что является важным условием формирования социально активных, граждански ответственных и патриотичных граждан в условиях глобальных изменений.

Abstract: This article is devoted to the study of modern pedagogical ways and methods of forming patriotism among students of higher educational institutions in the context of globalization. The influence of global processes on the national identity of young people is analyzed, as well as the features of educational work in universities aimed at strengthening patriotism and civic responsibility. The article examines the theoretical foundations of the formation of patriotic values, as well as practical strategies and innovative pedagogical technologies that contribute to the development of students' sense of belonging to their country. Special attention is paid to the problems of preserving national traditions and values in the context of internationalization of education and cultural exchange. The results of experimental work are presented. In order to study the level of patriotism among students as an integrative quality, monitoring was conducted among students of L.N. Gumilyov ENU and J. Balasagyn Kyrgyz National University. Experimental work has shown that overcoming existing shortcomings is facilitated by the use of a special system of measures and methodological management, which includes: a set of active forms of educational and extracurricular activities aimed at activating students' independent work, which has a creative, creatively significant character. As a result, recommendations are proposed for improving educational work and developing patriotism among young people in a modern educational environment, which is an important condition for the formation of socially active, socially responsible and patriotic citizens in the context of global changes.

Негизги сөздөр: патриотизм; глобалдашуу; жарандык жоопкерчилик; студенттер; патриоттук тарбия; өзүн-өзү тарбиялоо; педагогикалык шарттар; анкета; технология.

Ключевые слова: патриотизм; глобализация; гражданская ответственность; студенты; патриотическое воспитание; самовоспитание; педагогические условия; анкета; технологии.

Keywords: patriotism; globalization; civic responsibility; students; patriotic education; self-education; pedagogical conditions; questionnaire; technology.

Мировые процессы глобализации и информатизации, открытость Казахстана и Кыргызстана мировому сообществу обусловливают пристальное внимание ученых к исследованию вопросов патриотического воспитания подрастающего поколения. Современный мир характеризуется усилением межнациональных связей, распространением глобальных ценностей и культурных влияний. Это способствует снижению уровня национальной идентичности и патриотизма среди молодежи, что требует поиска новых подходов к его формированию.

Современные образовательные программы ориентированы на развитие компетенций, необходимых для деятельности в условиях глобального рынка и многообразия культур. В этой связи возрастает роль вузов как платформ для воспитания гражданских и патриотических ценностей. В условиях изменений внутри страны и на международной арене важно сформировать у студентов чувство ответственности за будущее государства, укреплять национальное самосознание и гражданскую позицию. Студенты как будущие лидеры и профессионалы должны обладать высоким уровнем патриотизма для активного участия в развитии общества и предотвращения угроз разрушения национальной идентичности.

Таким образом, исследование методов и стратегий формирования патриотизма в условиях глобализации является востребованным для гармоничного развития личности и устойчивого социального прогресса общества.

Патриотизм выступает одной из ценностей гражданской культуры и проявляется прежде всего в уважительном отношении к историческому прошлому своей страны, к ее традициям и ценностям. Важные сведения о представлениях и ориентациях по развитию гражданской культуры встречались в трудах Аристотеля, М. Вебера, Г. Гегеля, П.А. Гольбаха, И. Канта, Дж. Локка, Платона, К. Поппера, Ж.Ж. Руссо; казахских ученых-просветителей аль-Фараби, Абая, И.Алтынсарина, А. Байтурсынова, Ч.Валиханова, М.Жумабаева, русских философов и ученых Н.А. Бердяева, В.И. Вернадского, И.А. Ильина, Б.А. Костяковского, М.К. Мамардашвили, П.И. Новгородцева, П.А. Сорокина [1]. Теоретической основой статьи явились идеи и концепции многих видных авторов. Проблема патриотического воспитания является предметом значительного числа исследований отечественных и зарубежных ученых.

В Казахстане проблемами патриотического воспитания в педагогическом аспекте исследуют проблему патриотизма Н.С. Алгожаева, Д.М. Джусубалиева, С.К.Калиев, К.К. Кунантаева, С.Т.Иманбаева, Б.Ы. Муканова, А.К. Мынбаева, Л.Т. Сайдахметова и др. В Кыргызстане исследование по патриотическому воспитанию представлена у ученых: С.Б. Сыргабаева, Г.Т. Карабалаевой, Б.М. Кошбаковой, Б.С. Масамирова, М.К. Мамбетовой, С.Т. Жаманбаевой, Б.Т. Назарканова и др.

Так, например, в статье С.А. Сагидаевой представлены многочисленные исторические сведения о кыргызах, охватывающие широкий период времени в стихах эпоса "Манас". Считается, что эти данные были очень важным источником для своего времени. Отраженные в стихах эпоса исторические данные свидетельствуют о первых признаках, атрибутах государственности кыргызского народа, что можно использовать в работе по патриотизму со студентами. Вместе с этим рассматривается роль Великого Шелкового пути [2].

В статье исследователя А.С. Аркабаевой раскрыты гуманистические концепции народных учителей Кыргызстана, тех личностей, которые внесли свой вклад в систему построения современного общества, где высшей ценностью является педагогическая наука. Все народные учителя в своих научных трудах акцентируют внимание на вопросах воспитания нового поколения на основе традиционных ценностей народа, а все их педагогические идеи направлены на патриотизм, гуманизм, чтобы сделать педагогическую науку максимально продуктивной и модернизировать методы обучения в соответствии со стандартами международного уровня образования [3].

Исследование литературных источников по теме выявляет, что в условиях глобальных

перемен государстве и обществе некоторые научные и практические подходы требуют уточнения и доработки. В системе высшего образования существуют работы, посвящённые вопросам воспитания патриотизма, однако проблема формирования патриотических ценностей среди студенческой молодежи при глобализации остается недостаточно изученной. Актуальность данной темы определяется также недостаточной теоретической разработанностью педагогических методов и механизмов воспитания патриотизма в контексте интеграции в международное образовательное пространство.

В современном понимании патриотизм представляет собой эмоциональную привязанность к родной стране, уважение к её государственным символам, связь с народом, ответственность за прогрессивное развитие общества и государства, осознанное соблюдение законов, а также готовность к активным действиям по защите национальных и общественных интересов [4]. В то же время, под патриотизмом можно понимать и любовь к своему вузу, стремление к высокой учебе, желание стать конкурентоспособным специалистом, умение представлять свою страну и образовательное учреждение как на международной арене, так и за её пределами. За последние годы многие университеты Казахстана и Кыргызстана перешли на программы двудипломного образования в сотрудничестве с ведущими вузами мира. Это требует воспитания у студентов новых аспектов патриотизма, позволяющих им достойно представить страну в рамках международных партнёрских программ и в глобальном сообществе. В рамках этого важно освоение истории, культуры, традиций и обычаев своего народа, знания иностранных языков, а также умение представить свою страну достойно и уверенно на мировой арене.

Формирование чувства патриотизма посредством прямых и целенаправленных методов обучения представляет определённые сложности, поэтому перед педагогами и обществом в целом стоит задача поиска новых подходов к развитию патриотических ценностей в условиях современного глобализационного процесса. Важной составляющей является интеграция национальной идеи — конкурентоспособности страны — в контекст мирового пространства, что подчеркивает роль воспитания патриотизма в реализации стратегических задач государства. Таким образом, актуальным остается противоречие между необходимостью формирования высокого уровня казахстанского патриотизма в условиях глобализации и международной интеграции системы образования и недостаточной разработанностью как теоретических, так и практических аспектов этого вопроса в вузовской среде.

С целью изучения уровня сформированности патриотизма у студентов как интегративного качества был проведен мониторинг среди студентов ЕНУ им Л.Н.Гумилева (100 студентов), Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына (80 студентов). Итого на констатирующем этапе было охвачено 180 студентов.

За основу была взята анкета по выявлению уровня сформированности патриотизма студентов вышеназванных вузов. Анкетирование проводилось в он-лайн формате (Google форма), что дало возможность студентам быть откровенными при выборе ответов. Анкетируемым предлагалось оценить себя по следующим направлениям, входящим в понятие «патриотизм»: любовь к Отечеству; интернационализм; продвижение имиджа Казахстана на международной арене. Внутри каждого направления предлагаются несколько вопросов, например:

***Направление 1.* Любовь к Отечеству:**

1) патриот - это тот, кто...

2) Благодаря каким из этих условий Вы в наибольшей мере ощущаете себя гражданином своей Республики.

3) Влияние на состояние у жителей нашей республики чувства казахстанского/кыргызстанского патриотизма оказывают.

и другие вопросы.

***Направление 2.* Интернационализм:**

1) Уважаете ли Вы культуру и традиции других национальностей, проживающих в нашей Республике.
2) Какие из перечисленных ниже социальных общностей и институтов, на Ваш взгляд, могут вызывать наиболее заметное влияние на формирование у казахстанской молодежи чувства патриотизма?
и другие вопросы.

Направление 3. **Продвижение имиджа Казахстана/Кыргызстана на международной арене:**
1) были ли Вы за рубежом, в каких странах.
2) владеете ли Вы государственным языком.
3) можете ли Вы рассказать о Казахстане/Кыргызстане, своем вузе и о себе на иностранном языке.
и другие вопросы.

Анализ данных представлен в диаграмме Рис.1. На диаграмме видно, что уровни сформированности патриотизма у студентов вуза убедительно свидетельствуют о том, что в экспериментальной группе по сравнению с контрольной заметно возросло число студентов, которые достигли высокого (на 12%) и среднего уровня развития исследуемого качества (на 29%), и намного уменьшилось количество студентов с низким уровнем его развития (на 41%). Значительное повышение результатов в экспериментальной группе и относительная устойчивость в контрольной свидетельствует об эффективности проведенной нами работы. Работа проводилась на основании выделенных нами педагогических условий: совершенствование руководства патриотическим воспитанием и самовоспитанием студентов в системе высшего образования; реализация патриотического потенциала содержания учебных дисциплин в процессе их преподавания; развитие комплексного подхода к воспитанию у студентов вузов патриотических качеств.



Рисунок 1. – Результаты опытно-экспериментальной работы по формированию патриотизма у студентов вузов разного типа

Достижение высокого показателя полученных результатов обеспечивалось применением фольклорных праздников как средства формирования патриотизма студентов и реализацией целостной системы разработанных нами условий включения их в воспитательный процесс вуза. По третьему направлению сравнивались показатели констатирующего и формирующего эксперимента. Констатирующий этап исследования показал, что среди студентов группы «А»- экспериментальной

только 4 % готовы (оптимальный уровень), 22,% недостаточно готовы (допустимый уровень) и 73,9 % - не готовы (критический уровень) к работе по патриотическому воспитанию детей. Среди студентов контрольной группы «Б» практически столько же, 4,4 % показали оптимальный уровень готовности, 22,4 % - недостаточно готовы (допустимый уровень) и 73,2 % - не готовы (критический уровень) к работе в данном направлении. Показатели готовности групп «А» и «Б» были низкими и объяснялись недостатком методологической и теоретико-методической подготовленности.

Результаты формирующего эксперимента выявили заметную динамику возрастания уровня готовности в группе «А». Полученные данные свидетельствуют о том, что у студентов группы «А» произошли заметные изменения в «оптимальном» и «допустимом» уровнях готовности педагогов к осуществлению патриотического воспитания школьников. Соответственно до 31,6 % и 37 % уменьшилось число обучающихся студентов с критическим уровнем готовности; на 66 % - для группы «А» и на 39 % - для группы «Б» увеличилось число оптимально подготовленных к воспитательной работе со школьниками. В группе «А» недостаточно готовых нет, а в группе «Б» их 24%.

У студентов сформировался осознанный и устойчивый интерес к духовно-нравственным ценностям, их эмоциональное принятие на уровне нравственных чувств, сформировались представления о духовных и нравственных ценностях, этических системах, проявилась самостоятельность в суждениях и нравственном выборе, признаки духовно-нравственной позиции.

Таким образом, доказано, что комплекс педагогических условий: активизация познавательных мотивов студентов на восприятие и изучение традиций, истории Казахстана/Кыргызстана; обогащение содержания воспитания образцами духовной культуры народа Казахстана/Кыргызстана; создание духовно-нравственной среды, ориентирующей студента на идеалы выдающихся личностей-патриотов Казахстана/Кыргызстана, обеспечивает эффективность и повышает качество патриотического воспитания студентов высших учебных заведений. Это дает основание считать, что поставленные в исследовании задачи решены, гипотеза подтверждена.

Список использованной литературы

1. Снопко Н.М. Философские, психологические и педагогические основы патриотического воспитания студентов средних специальных учебных заведений. - М.: Изд-во НОУ «ИСОМ», 2007.- с. 97.
2. Сагидаева С.А. Отражение символов государственности и великого шелкового пути в эпосе "Манас". //Вестник КНУим. Ж. Баласагына, №1 (117), 2024. С. 144-151.
3. Аркабаева А. Кыргызстандын Эл мугалимдеринин гуманисттик концепциялары жана алардын педагогикалык кадрларды даярдоодо чагылдырылышы. //Вестник КНУим. Ж. Баласагына, №2 (118), 2024. С. 9-12.
4. Конгайтиева С.А., Джееналиева Э.О. Практические основы воспитания патриотизма у учащихся начальной школы через эпос «Манас»// Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2025, №2, с.131-135

Рецензент: к. пед. наук, доцент Баялиева А.С.

УДК 821. 82-14.

Кудайбергенова З.С., Жапаралиева Н.Ж.
Кудайбергенова З.С., Жапаралиева Н.Ж.
Kudaibergenova Z.S., Dzhaparalieva N.Zh.

ЭРНИС ТУРСУНОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖАНА УЛУТТУК НАРКТУУЛУК
ПРОИЗВЕДЕНИЯ ЭРНИСА ТУРСУНОВА И ИХ НАЦИОНАЛЬНАЯ ЦЕННОСТЬ

THE WORKS OF ERNIS TURSUNOV AND THEIR NATIONAL VALUE

Кыскача мүнөздөмө: Э.Турсунов дүйнөлүк поэзиянын үлгүлөрүнөн таалим алып, кыргыз поэзиясын жүз элүүдөй сонет менен байытты. Анын бул сонеттерин калың окурмандар кайра-кайра тамшанып окушуп, жылуу пикирлер айтылганын билебиз. Айтор, акындын мейли сегиз саптан, алты сап тан, төрт саптан турабы, мейли поэма, баллада, ода, реквием, сонет болобу сыдыргыга салгандай көркөм-эстетикалык жактан чеберчиликте жазылган. Акындын сонеттери дүйнөлүк классикалык поззиянын таасиринен жаралган. Сонеттер көбү үч түрмөк ырдан куралып аягында философиялык жалпылыкка көтөрүлгөн эки калык сап коштоп турат. Сонеттин акырындагы ырында бийик ойдун тыянагын баамдаткан ыкма байыркы грек акындарынын чыгармаларынан, Эзоптун тамсилдеринде кездешет. Ата журтун көздүн карегиндей сактоо; сүйүүгө да, жыргалчылыкка да бой уруштун алды, артын байкаган. Автопортрет акындын өмүр жолун, өнөрканасын жана жан дүйнөсүн, абийир, ар-намысын бул жыргалчылыкта кармалган улуу максаттарын туйгузат. Анын жазуучулугу кыраан бүркүттүкүндөй бийик, анын жан дүйнөсү кийинки коомду сезген даанышман, анын жан далбасы - күн санап, эли, жери үчүн күрөшкө аттанган жоокер.

Анотация: Э. Турсунов, опираясь на примеры мировой поэзии, обогатил кыргызскую поэзию примерно ста пятьюдесятью сонетами. Известно, что его сонеты многократно перечитывались многочисленной аудиторией и получали тёплые отзывы. Тем не менее, независимо от того, состоит ли стихотворение поэта из восьми строк, шести строк, четырех строк, баллады, оды, реквиема или сонета, оно написано с художественным и эстетическим мастерством, столь же впечатляющим, как застежка-молния. Сонеты поэта находились под влиянием мировой классической поэзии. Большинство сонетов состоят из трех строф, каждая из которых заканчивается двумя народными строками, поднимающимися к философским обобщениям. Прием завершения высокой мысли в последней строке сонета встречается в произведениях древнегреческих поэтов и баснях Эзопа. Защищая родину, словно зеницу ока, он наблюдал за борьбой за любовь и процветание со всех сторон. Автопортрет передает жизненный путь поэта, его трудолюбие и душевность, его совесть, честь и великие цели, которые нашли отражение в этом процветании. Его произведения возвышенны, как слова сокола-орла, его душа – душа мудреца, чувствующего будущее общества, а его родственная душа – солдат, который день за днем идет сражаться за свой народ и землю.

Abstract: E. Tursunov, drawing on examples from world poetry, enriched Kyrgyz poetry with approximately one hundred and fifty sonnets. His sonnets are known to have been reread many times by numerous audiences and received warm reviews. Yet, whether the poet's poem is eight lines, six lines, four lines, a ballad, an ode, a requiem, or a sonnet, it is written with an artistic and aesthetic mastery as impressive as a zipper. The poet's sonnets were influenced by classical poetry. Most sonnets consist of three stanzas, each ending with two folksy lines that rise to philosophical generalizations. The technique of concluding a lofty thought in the last line of a sonnet is found in the works of ancient Greek poets and in Aesop's fables. Defending his homeland like the apple of his eye, he observed the struggle for love and prosperity from all sides. The self-portrait conveys the poet's life path, his hard work and sincerity, his conscience, honor and great goals, which were reflected in this prosperity. His works are sublime, like the words of a falcon-eagle, his soul is the soul of a sage who senses the future of society, and his kindred soul is a soldier who goes to fight day after day for his people and land.

Негизги сөздөр: ата журт; поэзия; ар-намыс; сонет; уйкаштык; поэма; баллада; ода; реквием; чебер.

Ключевые слова: родина; поэзия; честь; соне; рифма; стихотворение; баллада; ода; реквием; учитель.

Keywords: homeland; poetry; honor; sonnet; rhyme; poem; ballad; ode; requiem; teacher.

Маалымат агымдарынын жана инновациялык процесстердин өсүшү билим берүү системасына жаңы талаптарды коюуда [14]. Мындай шартта Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2021-жылдын 29-январындагы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” тууралуу Жарлыгында мекенчилдик сезими күчтүү, адеп-ахлактуу, улуттук баалуулуктар менен дүйнөлүк жетишкендиктерди айкалыштыра алган инсанды калыптандыруу өлкөдөгү биринчи кезектеги маселелерден экендиги белгиленген [13], анткени кыргыз эли байыркы тарыхы, каада-салттары, үрп-адаты жана меймандостугу менен башка улуттардан өзгөчөлөнүп келген бай улут катары белгилүү. Нечеден доорлор өтсө да, биздин кан-жаныбызга сиңген ата салтыбыз, улуу наркыбыз биз менен жашап келген жана жашай бермекчи. Кыргыздын улуттук наркын кадырлап, өз чыгармаларында, эмгектеринде баса белгилеп айтып келген, көөдөнүндө көөрүктөй жалын үйлөгөн, жалбырттап жанган, майтарылбаган, эрки күчтүү инсандарыбыздын бири – Кыргыз эл акыны, көрүнүктүү прозаик, таланттуу котормочу, драматург жана жалындуу публицист Эрнис Турсунов. “Тагдыр акын-жазуучуга талант шыбагасын тарта да, арта да тартуулап, кай бирине кайнар булагына чөмөрүп, кагаз үстүндө кайкып учар канат бүтүрүп, оозуна ой-акылды түкүрүп өтөбү деп таңданасың. Калкыбызды акындын лирикалык ырлары көңүлүн жубатып, жүрөгүн жашартып, сезимин тазартып, оюн бийиктетип келет. Оттуу жүрөктөн оргуп чыккан ырлар окуучунун тула боюна ысык канды үрөп, сезимине курч ойлордун учкунун бүркүтөт. Толук кандуу, нары жандуу сөз кунаны, ой булагы оргуштаган ыр түрмөк сезимтал окуучуну чексиз ырахатка батырып, ар бир сабын көкүрөгүнө түйгүчө ашыгат” – деп адабиятчы К.Ашымбаев мүнөздөгөндөй акын көп кырдуу жана бийик талант[3.10].

Акыныбыз дүйнөлүк поэзиянын үлгүлөрүнөн таалим алып, кыргыз поэзиясын жүз элүүдөй сонет менен байытты. Анын бул сонеттерин калың окурмандар кайра-кайра тамшанып окушуп, жылуу пикирлер айтылганын билебиз. Айтор, акындын мейли сегиз саптан, алты сап тан, төрт саптан турабы, мейли поэма, баллада, ода, реквием, сонет болобу сыдыргыга салгандай көркөм-эстетикалык жактан чеберчиликте жазылган. Ойго каныкк, күчтүү эмоция менен, эргүү менен эркин жазылган ырлары лаззатка бөлөйт. Айрыкча анын "Автопортретинде" лирикалык каармандарын жан дүйнөсү залкар, назик, таза сезимталдыгын менен бийликте туруп кайнаган турмушка бой урат [11.12]. Акын "Дениз" деген ырында:

Акын болуу-дениз болуу деген кеп,
Айта жүргүн күн-түн түйшүк жеген деп.

Же болбосо:

Шамал, добул, жамгыр деген ырынын жыйынтыгында,
Жамгырдын да, добулдан да, шамалдын
Жанын сууруп, тилин билген адаммын!

Баардык сонеттериндеги эки саптык макал, ылакапка айланып кетээр уютмалуу ойлорду акындын табылгасы деп баалайбыз. Демек, издемчил акындын сүргүндө жашагандай азап-тозок менен терең ойлуу ырларды тапканына ыраазы болосуң. Экинчиден, акындын албуут мүнөзү аркылуу турмуштун кыйын кыстоосунан шар да, күрөш менен да бийикке атырылып чыгасын. Адамдык парз. Ата журтун көздүн карегиндей сактоо; сүйүүгө да, жыргалчылыкка да бой уруштун алды, артын байката. Автопортрет акындын өмүр жолун, өнөрканасын жана жан дүйнөсүн, абийир, ар-намысын бул жыргалчылыкта кармалган улуу максаттарын туйгузат; анын “жазуучулук кези”-кыраан бүркүттүкүндөй кийинки коом алгыр, анын жан дүйнөсү кийинки коомду сезген даанышман, анын жан далбасы - күн санап, эли, жери үчүн күрөшкө аттанган жоокер. Мисалга "Бабалар мурасы" аттуу сонеттин далил карманалы.

Кайда десем жер шарынын борбору
Жер борбору биздин өргөө болжолуу
Бул өргөдөн башталыптыр дүйнөгө,
Буура минген бабалардын чоң жолу.

Кайда десем жер шарынын турагы
Жер булагы биздин тоодо сыягы
Төмөн жакта деңиз болуп чайпалат,
Терден ылдый шаркыраган кыялы.
Кайда десем анын мындай кубаты,
Камтып турат жер асманды кулачы
Байыркы тоо, чалкыган Көл, Көк конуш
Бабалардын бизге берген мурасы.
Актайм десең Ата Журттун ак нанын,
Ал мурасты карегиндей сактагын [11.8].
"Парнас тоосу" деген ырынан бир кайрык алып туруп айтаар ойдун учугун улайлы
Чын акынды ыргытсаң да дайрага,
Чыгып келет ташкын болуп кайра да,
Сыйкырынан Көкөтеңир даарыган,
Сырга канат, ырга канат айлана.
Калп акынды чыгарсаң да аскага,
Караан болуп ал көрүнөөр аскада.
Ала салып ыйык Парас тоосунан
Ат айланат акынга эмес башкага [4.10]

Жогоруда далил кармаган ыр түрмөктүн өзүндө сырткы уйкаштык, ички ыргак, аллитрация таасын байкалып, жугуму артып, көркөмүнө жараша ойдун терендиги жуурулушуп жатпайбы. Акындын сонеттери дүйнөлүк классикалык поэзиянын таасиринен жаралган. Сонеттер көбү үч түрмөк ырдан куралып аягында философиялык жалпылыкка көтөрүлгөн эки калык сап коштоп турат. Сонеттин акырындагы ырында бийик ойдун тыянагын баамдаткан ыкма байыркы грек акындарынын чыгармаларынан, Эзоптун тамсилдеринде кездешет. Эзоп тамсилдерин айтып келип, акырында даанышман ой менен бекемдейт. Нак ушул ыкма Шекспирдин жана башка улуу акындардын сонеттеринен кыйла кездешет.

Акын адамзаты ыйык тугуп келген “Эне” темасында мыкты ырларын жараткан. Мен келгенде мени күтүп сагынып,

Мээнетинди алайын деп жалынып.

Босогодон калдаландап чыкчуу элең [11.4]

Жаза басып, этегинە чалынып...Акындын эл мүдөөсүн аркалап, мамлекеттик ой менен торолушуна ата- энесин ак сүтү, адал эмгеги, бийик маусаттары, акыл насаттары, алпештөөсү жан дүйнөсүнүн ченемсиз күл азыгына айланган. Акын «Ай, энеке, кайда кеттиң?», «Энемди эскерип», «Энелер», «Арга болсо, энеке» аттуу ырларында эненин көркөм элесин философиялык жалпылоонун чокусуна жеткирген. Окурманды энени аздектөөгө, сыйлоого, наркты бузбай түбөлүккө сый мамиле кылууга чакырган. Элибизде «Атанын сөзү, акылдын көзү» наркын эске салып, “Атам айткан” деген даанышмандыкка сугарылган ырын тартуулаган.

Атам айтты акыйкатка кулак сал,

Акыйкатта жер силкинтээр кубат бар.

Бир жыл он жыл мейман болуп турмушка [6.7].

Биз кетебиз билбегенди сурап кал - деп келип, адам өлөмүн деп ыйлап келип, адамдарга шаттык кылсын деп күлүп кетет деп - жыйынтыктайт. Тирүүлүктө атанын акылын мурас катары алып калууга, жашоодо жакшылыкка гана шерик болууга багыттаган. Дагы бир кайрымдуулук, боорукерлик, кеменгерлик, таш менен урганды аш менен ур, бекем досчулук сыяктуу улуу нарктарыбызга дагы кайрылып, өзүнүн көрөңгөлүү ырларын мурас катары калтырып кеткен.

Артта калган алсызына бир бурул,

Касты сыйлап, досторуна кулдук ур-деген ыр саптары чындыгында эле бүтүндөй бир турмуштун сабагы катары сезилет. Акындын “Сегиз аяк”, “Аксак аяк” аттуу философиялык маанайда жаралган

ырлары поэзия дүйнөсүн өзүнчө түр, терең мазмун, көөнөрбөс көркөмдүк менен байытты. Акын адам баласынын тирүүчүлүгүнүн баалуулугун, өз учурунда бири-бирибизди кадырлап калуу зарылдыгын, келген өмүр кайра келбеген соң жөнү жок туура эмес иштерге баруунун кереги жок экендигин Алыкулга арнаган ырында баса белгилейт:

Жалтанбай не бир дайра, не бир суудан,
Жарышта байге алса да кээ бир буудан.
Толгон жок Алыкулдун өлгөн орду,
Толкуну көккө атылып, жерге урунган
Жол барбы өтө турган.

Жоктоонун бөксөөсүнө жете турган. Ооба ал бөксөлүктү акындын Ата Журтун даңазалап, элине таазим этип, алардын жан дүйнөсүнө байлыкты көөнөрбөс ырларды толуктап турат. Автор кыргыз аялдарын ыйык туткан наркын баалап, өзүнүн өмүрлүк жарын дагы кадырлай билгенин журналистке берген интервьюсунан көрүүгө болот: «Жамийла ары акылдуулугу, ары туруктуулугу менен никебизди өмүрлүккө сактап калды десем жаңылышпайм. "Сүйүү ичтим" деген ырымды жубайыма арнагам.

Жашоодо барда тамак ичтим, суу ичтим,
Бокал толо сүйүү ичтим, уу ичтим.
Байкабапмын табышмагын бул иштин.
Жаштыгыман башка далай күн түштү
Мен ошентип сүйүү ичтим капыстан,
Мээ сокулдадып торго илинде чатышкан
Чыгымдын деп жибе тордон чыгалбай,
Чындык менен бир казанга батышкам
Жаным кирип ошол күндөн тирилип
Жашап келем сулуу менен биригип [6.6].

Эрнис Турсунов поэзияга карата өзүнүн нарктуу ойлорун айта билген адабиятчы дагы болгон. Анын айрым талдоолоруна көңүл буралы:

Жалбырак учуп дилдиреп,
Жабыккан түрүн билдирет,
Жашылдуу кезде жайнайлы,
Жашообуз канча ким билет?.. А. Токомбаев «Ырдап жүр».

Лириканы таттуу түшкө, назик гүлгө, асыл ташка, шингил жүзүмгө, канаттуу кушка, бир тамчы сууга, бир тал жалбыракка, кыз өбүүсүнө, бала эмүүсүнө, кыз жүрөгүнө… койчу, деги эмнелерге гана салыштырбайлы, ал баары бир ширин кыялдардан, ак тилектерден, буулугуудан, толгонуудан, толкундардан, элестерден, фантазиялардан туулат. Ошолордон куралып-буралып келип конкреттүү лирика же лирика предмети - ыр жаралат. Ал чындыкка айланат. А чындык ачуу да, таттуу да болот. Акын ага да, буга да бирдей. Лирика кубанганда, кумарланганда гана эмес, кайгырганда, көксөгөндө, өксүгөндө да чыгат. Акын бейкуттукту сүйөт, ошондой эле дүрбөлөңдө, капсаланда, опсолоңдо, козголондо күрдөөлдүү, триумфтуу марш менен да жүрөт. Бирок качан болбосун акындын музасы менен лирасы деңиз желпигендей жүзүңдү сылап, жүрөгүңдү эркелетип турат. Ал гүл таажысындай үлбүрөк, жер кыртышындай борпоң, хрусталдай морт, кыпындай жеңил, тоскоктой майда,ошондой эле тоодой залкар, күндөй даркан, дарыядай шар, деңиздей ташкын.

Көңүлүмдө: добул алдында
Көл шарпылдап ашып-ташканы,
Жыгылууга сулуу балтырга,
Жыйрылышып келип жатканы.
Ээрчип келип деңиз толкунун,
Эки тизең өбөт болчумун.
О, мынчалык түтөп жалынга,

Оттой жанган азоо чагымда,
Армиданын ысык жамалын
Аймалоого, жыттап, өбүүгө,
Кош алмасын кармап көрүүгө
Козубаган мынча талабым.
Жок, эч качан кумар жалыны,
Кыйнабаган мынча жанымы! А. С. Пушкин. «Евгений Онегинден» [10.7].

Акын эмне үчүн деңиз жээгине келет? Эмне үчүн айлуу түндө деңиз толкунун тыңшап, эл уйкуда жатканда сейилдеп жүрөт? Эмне үчүн селкиге жолугууну эңсейт? Анткени, жүрөк каалап турат, жүрөктөн бирдеме ыргыганы турат, жүрөк буулугат, өзүнө түгөй издейт, тулкусун тепкилеп туйлап турат. Ашыктар кезиккен жер жүйөөлөшүп,, шынаарлашып, сырдашкан кез - лирика. Көз-көзгө, жүрөк-жүрөккө сыр берет. Карек-каректи көрөт, жүрөк-жүрөктү эңсейт. Көз мененби, сөз мененби, мамиле мененби, ишаарат мененби, ички сезимин билдирет. Ал кунт коюп угат же уялат. Кол колго тийип кетсе, жүрөк дүрг этип от алат. Эгер ыр жандуу, мухабаттуу, сергек жан болсо, жүрөктүн дирилдеп, ыр кагып турганын сезет. Болбосо ал
күрөк кармагандай эле орой кол, таш кармагандай эле муздак кол. Кол колго жетет же жетпейт, дене денеге биригет же бирикпейт, адам адамга кошулат же кошулбайт. Ал кеп эмес, кеп жүрөктө. Жүрөк алыстан да тартышат. Айдан, күндөн, желден салам берет. Анткени, ортодо көзгө көрүнбөс жибек жип бар. Бул - сүйүү, а сүйүү - лирика!
Сагынып, самап жүргөн уулсуңбу?
Жыттайын моокум кана ууртунду!..
Эстебей не жүрөсүң кырың салып,
Сүйлөчү, жүрөк сырын айтышалык!.. Ж. Бөкөнбаев. «Арчада».

Ай нуру деңизге түшүп, андан кайра чагылып, дирилдеп тургандай жүрөк илеби жүрөккө өтүп дирилдейт.Бул жүрөк ыры. А жүрөк ыры кимге ырдалыш керек? Так ошого! Ал жүрөк ырын жүрөгүнө алып жүрчү адам. Жүрөк ыры жабыкта жатканда эч ким укпайт, атылып сыртка тээп чыкканда бардыгы угат. Жараткан керең кулак, дүлөй жүрөк, жаман сөздөн гана сактасын! Калкыбызды акындын лирикалык ырлары көңүлүн жубатып, жүрөгүн жашартып, сезимин тазартып, оюн бийиктеттп келет.Оттуу жүрөктөн оргуп чыккан ырлар окуучунун тула боюна ыссык канды үрөп, сезимине курч ойлордун учунун бүркөт. Толук кандуу, нары жандуу сөз кунары , ой буларгы оргуштаган ыр түрмөктөрү сезимтал окуучуну чексиз ырахатка батырып, ар бир сабын көкүрөгүнө түйгүчө ашыгат. Айткан сөзүбүзгө “Бабалар мурасы” аттуу сонетин далил карманалы:
Кайда десем жер шаарынынын борбору,
Жер булагы биздин өргөө болжолу..
Төмөн жакта деңиз болуп чпйпалат,
Буура минген бабалардын чоң жолу.
Кайда десем анын мындай кубаты.
Жер булагы биздин тоодо сыягы:
Төмөн жакта деңиз болуп чайпалат.
Төрдөн ылдый шаркыраган кыялы. Эрнис Турсунов “Чындык деген эмне?” аттуу макаласында мындай дейт: “Жогорку окуу жайларда, техникумдарда кызмат өткөргөн: Абдыкадыр Орозбеков, Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстынов, Кадыркул Ботолаиев, Имаш Токтобаев, Жайлак Саадаев, Батыркан Мээрканов, Төрөкул Айтматов Эркинбек Эсенаманов, Сыдык Чоңбашов, Сыдык Карачев, Касым Бегалиев, Токчоро Жолдошов, Сейдигерим Ибрагимов, Сатар Кулматов, Асанкан Жээнбаев, Осмон Тынбаев, Иманбек Текеев, Акын Мыктыбеков, Курман Камбаров, Абдылда Айылчинов, Сабира Телтайева, Кенжекан Бектаева, Мариям Тууганбаева, Фатима Курманалиева, Галия Ибрагимова, М.Д. Коменский, Узюков, Шубриков, Шахрай, Белодски, Амосов жана башкалардын өмүрү али күнгө дейин жакшылап изилдене да, жазыла да элек. Алар биздин жакынкы тарых, алардын ар биринде азабы тагдыр, кайгылуу драма жатат.

Биздин энебиз көзү барында ушулардын барын атап, жазып ал балам, көзүм өтүп кетсе билбей каласын алардын ким болгонун, адамгерчилигин, маданиятын, маалыматын, эмгектерин кан какшап айтаар эле. Жашаганы чын болсо эмнеге жарыкка чыкпайт? Чындык барбы кайда биздин чыныгы тарых?-деп туталанып сураганыбызда: -Э, балам мындан артык чындыкты кайдан табасын? Болгондо да кандай чындык. Кайран гана кишилер социализдин ишине изден тайбай берилген маркстик-лениндик идеяларга терен сугарылган, орусча да кыргызча да акцентсиз шар сүйлөгөн чечен, революция духундагы темирдей эрктүү большевиктер. Алар менен бирге окуп, бирге иштеп, бирге жүргөндүктөн жакшы билем го! Алар кайда жиберсе, ошол жерде үлгү көрсөтүшкөн. Азыркыдай үй салуу, дүнүйө мүлк күтүү, туугандык, ач көздүк, паракорлук сыяктуу зыяндуу көрүнүштөр майда түшүнүк болгон эмес. Болмок тургай партиянын мамлекеттик, элдик ишин, элдик кызыкыгын бардык кызыкчылыктан жогору коюшкан. Эч качан аларды күнөөлөй албайм. Улутчул дегендин өзү улутчул, уруучул дегендин өзү уруучул алар ак кеткен күйүп кеткен [6.89].

Э.Турсунов улуттун адабиятына, маданиятына зор салымын кошуу менен бирге орус элинин дагы адабиятын, маданияты мыкты өздөштүрө алды. Анын “Толстойдун улуулугу көп тилдерди мыктап өздөштүргөнүнө карабастан, өзү мурдагы эле нагыз орус бойдон калганында. Эгерде Толстой башка элдердин рухий байлыктарын өздөштүрбөй, өз улутунун мүмкүнчүлүктөрү менен эле чектелип калса, ушунчалык улуулукка жетише алат беле? Ай, ким билет. Демек чыгармачыл адам үчүн өз эне тилин, өз улуттук маданиятын гана жакшы билиш өтө аздык кылат экен. Айрыкча азыр, жалпы адамзат маданияты, илим-билими дүркүрөп өнүккөн учурда улуттук чектелип калуудан зыяндуу эчтеме жок. Кыскасы, биздин алдыбызда дүйнөлүк рухий казынага сүңгүп кирүү, аны олуттуу өздөштүрүү, ички дүйнөбүздү тынымсыз байытуу милдети турат. Бирок бизге ал казынанын дарбазасы оңой-олтоң ачылып бербейт. Аны ача билиш үчүн биз касиеттүү алтын ачкыч улуу орус тили менен куралданышыбыз керек. Анткени адамзат генийи жараткан эң негизги, эң маанилүү эмгектердин бардыгы ошол тилде жазылган же ага которулган. Биз ошол тил аркылуу гана Маркс менен Энгельстин, Дарвин менен Эйнштейндин, Шекспир менен Гетенин, Гегель менен Гейненин адамзатка калтырып кетишкен залкар мурастарын өздөштүрө алмакчыбыз. Ал тил бизге Пушкин, Лермонтов, Некрасов, Салтыков Щедрин, Гоголь, Толстой, Белинский, Добролюбов, Герцен, Чернышевский, Горький, Маяковский, Луначарский, Шолохов, Леонов, Твардовскийлердин чыгармаларын түп нускада окуш үчүн керек. Жыйынтыктап айтканда, кептин баары жазуучунун рухий байлыгында. Ал эми ал байлык адамдын аң-сезимине эки жол менен куралат. Биринчиси: өз башынан өткөн табыйгый турмуш, объективдүү дүйнөдө өзүн көрүп, өзүн таап, өзүн ичинен ачкан нерселер жана ошолорго байланыштуу пайда болгон ой-сезимдерин. Экинчиси: китептен окугандарын, башка бирөөдөн уккандарын, искусство аркылуу кабыл алгандарын жана ошолорго байланыштуу. Кыскасы, өз байлыгын жана башкалардан алганын иштеп чыгуу менен бийиктикке жетсе болот экен [7.8]. Эрнис Турсунов чыгаан прозаик. Анын “Ата Журт”, “Балбай” , “Боронбай” , “Эл душманы» романдары; “Бадахан” , “Достук сыры “ повесттери жана даректүү баяндары, тарыхый очерктери, публицистикалары элдин тереңине сиңип, көркөм адабий казынабызды калыңдады. Айрыкча “Ата Журт” ,”Балбай” романдары кыргыз жорго тили менен акындыктын күүсү айкашкан стилде жазылып, Гоголдун «Өлүү жандар” аттуу поэмасы сымал күчтүү эмоция жана эргүүдөн жаралган .

Акын драмматургия жагынан чеберчилигин арттырып , “Айчырайлуу кыздар” , “Эрки күчтүүлөр” , “Ак ийилет, сынбайт” , “ Замандаш” , “ Баш мээси менен”, «Байтик баатыр” , “Генералдын балдары”, “Олжобай менен Кишимжан”, (2 актылуу опера) , “ Ормон жана Балбай” , “ Жусуп баласагын”, аттуу пьесаларын жазды. Булардын көбү көрүүчүлөргө тартууланып, калкыбыздын руханий кенчине айланды. “Замандаш” драмасында ак менен каранын, жалган илимпоз менен чыныгы окуммуштуунун ортосундагы айгышкан күрөш көрсөтүлгөн. Адамдын өмүрү үчүн болгон акыйкатчыл күрөштө арампөөш алдамчылардын жүзү каралык иштери ишенимдүү ашкереленип, адилдик жеңет. Айрыкча кийинки жылдарда отоо чөптүн үрөөнү чачырагандай, жугуштуу илдеттин вирусу таркагандай ыпластык, эки жүздүүлүк, сатылгычтык, жалган илимпоздук

тамырлаган маалда алардын өзөгүнө өрт коер “Замандаш” драмасы күрөш куралына айланды. 1970-жылдардын ичинде СССР Жазуучуларынын союзунун котормо секциясы тарабынан Кыргызстанда көчмө пленуму өткөрүлгөн. Ошол пленумда Эрнис Турсунов которгон А.С.Пушкиндин “Евгений Онегин” кыргыз тилине мыкты которулганы жөнүндө адилеттүү баа берилген. Пленумдун жүрүшү жөнүндө “Кыргызстан маданияты” гезитине кормочулук устатын тааныткан Эрнис Турсуновдун Н.В.Гоголдун “Үйлөнүүсүн”, Н.А.Некрасовдун “Русь жеринде ким жыргайт”, У. Шекспирдин “Антоний жана Клеопатрасын”, В.Вишневскийдин “Оптимисттик трагедия”, Б.Брехтин “Сычуандагы ак пейил адаммын” , Назым Хикметтин “Махабат баянын”, Карло Гоццинин “Айымпаша Трандотун” мындан сырткары Библия , Куран , Баха Улла китептерин кыргыздын ширелүү сөзүнө которгондугу сыймыктануу менен жарыяланган. Эрнис Турсунов Ала -Тоо аймагына көркөм сөз чебери атыгып, топ жарган чечен экендиги маалым, сөзго такалбай, тизгин тартса да ээлигине жөнөп берген күлүктөй шыбыргактата жаңшап берсе угуп тургуң келээри менен жыйынтыкталган. Мындай чечендик өнөр сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт [15].

Пайдаланылган адабияттар

1.Асаналиева К.А. Э.Турсуновдун поэзия жанрындагы көркөм изденүү чеберчиликтери [Текст] /К.А.Асаналиева //Вестник Иссык-Кульского университета. –2006. -№ 16. -221-226-б.

3. Асаналиева К.А. Сонет жанрындагы Э.Турсуновдун изденүү чеберчилиги [Текст] /К.А.Асаналиева //Кыргыз тили жана адабияты. - 2008. -№ 14. -88-96-б.

4. Ашымбаев К. Сан кырлуу талант. Адабий Ала-Тоо.№7.(15) 2006.10-бет.

5. Мырзаян Төлөмүшөв. Акындын автопортрети. Алас.2005. 15-декабрь.

6. Саалиева Н. Кыргыз эл акыны Эрнис Турсунов жубайы Жамийла Исмаилова менен маек. Бишкек таймс. №14. 28.04.06. 12-бет.

7. Турсунов Э. Евгений Онегинди которуу озуйпасы. Кыргызстан Маданияты.№20 (1111) 12-май. 1988. 2-бет.

8. Турсунов Э. Тарыхый романдар эмне үчүн жазылат?. Адабий Ала-Тоо. 2005.№2.5-бет.

9. Турсунов Э. Улуу акындарды которуудагы кылдаттык. Кыргызстан маданияты.№31.(1018)31-июль. 1986. 5-бет.

10. Турсунов Э. Достук жаштыкта ширелет. Ленинчил жаш. 1988.12-июль. 4-бет.

11. Турсунов Э. Лириканын саябаны. Кыргызстан маданияты.№26. (1065).25-июнь.1987-жыл.5-бет.

12. Турсунов Э. Чындык деген эмне?. Кыргызстан маданияты.№6.(1149) 9-февраль.1989. 10-бет.

13. Сулайманова, Р. Т. Ориентация будущих учителей на гражданское воспитание учащихся через эпос “Манас” / Р. Т. Сулайманова, К.А. Таалайбек // Вестник физической культуры и спорта. – 2021. – № 1(27). – С. 61-67. – EDN BOIHTB.

14. Калдыбаева, А.Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү / А.Т. Калдыбаева, Р.Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – No. 2(114). – P. 43-50. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-43-50. – EDN MPGMXM.

15. Сулайманова, Р.Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р.Т. Сулайманова, Н.А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.

Рецензент: пед.и.к., доцент Сабырова Э.С.

УДК: 370/247-91

Мадмуратова З. Г., Толубаев Ж. О., Жолдошева З. Г.
Мадмуратова З. Г., Толубаев Ж. О., Жолдошева З. Г.
Madmuratova Z. G., Tolubaev Zh. O., Zholdosheva Z. G.

ДЕН СООЛУК МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН БАЛДАРГА БИЛИМ ЖАНА ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ПЕДАГОГДУН РОЛУ
РОЛЬ ПЕДАГОГА В ОБРАЗОВАНИИ И ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ ЗДОРОВЬЯ
THE ROLE OF THE TEACHER IN THE EDUCATION AND UPBRINGING OF CHILDREN WITH LIMITED HEALTH OPPORTUNITIES

,

Кыскача мүнөздөмө: Ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын билим алуудагы укуктары, окутуунун жана тарбиялоонун жеткиликтүү технологиялары соңку жылдары көп айтылып жаткан маселелердин бири. Ушул маселелерди аткарууда жана чечүүдө педагогдун ролу өтө чоң. Анткени окуучуларга билим, тарбия берүү менен алардын инсандык сапаттарынын калыптанышына таасирин тийгизет. Изилдөөдө, ДМЧ балдардын өзгөчөлүгүнө карай, инклюзивдик билим берүүдөгү мугалимдердин ролун аныктоо менен макаланын актуалдуулугу баяндалган. Макалада ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын психологиялык-педагогикалык “портреттери” каралган жана интегративдик окутуу (инклюзия) шарттарында балдардын бул категориясында мектептеги ийгиликсиздикти жеңүү боюнча сунуштар берилген. ДМЧ балдарга билим берүүдө жана тарбиялоодо психологиялык-педагогикалык коштоодо педагогдун ролу каралган .Анын негизинде Лейлек районундагы «Кулунчак» балдарды калыбына келтирүү билим борборунун ишмердүүлүгү, тарбияланган балдардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар камтылган. Ошондой эле, Лейлек району, Сүлүктү шаарында «Стимул» фондунун бул багытта алып барган иш-чаралары да изилденди.

Аннотация: Права детей с ограниченными возможностями здоровья на образование и доступные технологии обучения и воспитания являются одними из наиболее часто обсуждаемых вопросов в последние годы. Роль педагога в решении и решении этих проблем очень велика. Потому что образование, воспитание учащихся влияет на формирование их личностных качеств. В нашем исследовании излагается актуальность статьи, требующей, в свою очередь, подготовки высококвалифицированных учителей. В статье рассмотрены психолого-педагогические “портреты” детей с ограниченными возможностями здоровья и даны рекомендации по преодолению школьной неуспеваемости у данной категории детей в условиях интегративного обучения (инклюзии). Также предусмотрена роль педагога в психолого-педагогическом сопровождении в обучении и воспитании детей со СМИ. В ней содержится информация о деятельности детского реабилитационного образовательного центра «Кулунчак» Лейлекского района, достижениях воспитанников. Также были изучены мероприятия, проводимые фондом «стимул» в этом направлении в Лейлекском районе, городе Сулюкта.

Abstract: The rights of children with disabilities to education and accessible technologies of education and upbringing are among the most frequently discussed issues in recent years. The role of the teacher in solving and solving these problems is very great. Because the education and upbringing of students affects the formation of their personal qualities. Our study outlines the relevance of the article, which, in turn, requires the training of highly qualified teachers. The article examines the psychological and pedagogical “portraits” of children with disabilities and provides recommendations for overcoming school failure in this category of children in conditions of integrative learning (inclusion). The role of a teacher in psychological and pedagogical support in the education and upbringing of children with the media is also provided. It contains information about the activities of the Kulunchak children's rehabilitation educational center in the Leilek district, and the achievements of the pupils. The activities carried out by the Incentive Foundation in this direction in the Leilek district, the city of Sulukta were also studied.

Негизги сөздөр: реаблитация; инклюзивдик билим берүү; визуалдык ой жүгүртүү; интеллект; психомотордук өнүгүүнүн артта калуусу; аутизм; когнитивдик активдүүлүк.

Ключевые слова: реабилитация; инклюзивное образование; визуальное мышление; интеллект; задержка психомоторного развития; аутизм; когнитивная активность.

Keywords: rehabilitation; inclusive education; visual thinking; intelligence; delayed psychomotor development; autism; cognitive activity.

Бүгүнкү күндө билим берүү тармагына ар түрдүү толуктоолор кирип жатат. Ал өзгөрүүлөрдүн бири – ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүүнүн өлкөбүздө колго алынуусу. Бул балдарды жалпы билим берүүчү мекемелерге кабыл алууну уюштуруу, балдарга билим берүүнүн негизги аспектиси катары каралат. Балдар бири-биринен дүйнө таануусу, көз карашы, иш аракети жана кабыл алуусу, үйрөнүү ылдамдыгы жагынан абдан айырмаланат. Ошол эле учурда, окуу процессин уюштурган педагогдун иш-аракети, инсандык сапаттын жогору болуусу, инклюзивдик билим берүүнүн негизги критерийи катары бааланат. Бул билим берүү процессинде мугалим балдардын эмоционалдык жана руханий баалуулук-тарына жоопкерчиликтүү болуп, балдар үчүн жагымдуу микро-климатты түзүүсү эң маанилүү. Анткени, өлкөбүздүн ар бир жараны ден соолугуна, социалдык абалына карабай бирдей укукка ээ экенин айтып келебиз жана кандайдыр бир факторлордун тиешеси менен өз мүмкүнчүлүктөрдөн ажыратууга болбосун далилдейбиз. Баарыңыздарга белгилүү ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын да коомдук-саясий турмушка катышуусу, эркин жүрүүсү, медициналык кызмат алуусу, билим алуусу, реаблитациядан өтүүсү үчүн баардык мүмкүнчүлүктөр каралган. Бул багытта азыркы мезгилде өлкөбүздө шарттар жеткиликтүү түзүлүп жаткан учуру [1-5]. Мамлекет башчыбыз С.Н.Жапаров «Майыптарды коомдун бардык чөйрөсүнө камтуу, өлкө үчүн эң маанилүү приоритеттердин бири» - деп таамай айтып белгилеп кеткен жери бар. Демек, коомдун ар бир жаранынын негизги максаты-ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга коюлган чектөөлөрдү жок кылып, коомдун толук кандуу жараны катары кабыл алуу, социалдык турмуштун бардык тармагында укуктарын коргоого, алардын өз учурунда билим алуусуна шарт түзүү болуп саналат.

Белгилүү болгондой мүмкүнчүлүгү чектелген балдар - өзгөчө көңүл бурууну талап кылган балдар. Бул балдарга билим берүүдө педагог төмөнкүдөй кыйынчылыктарга кабылат:

- Кабыл алуусунун төмөндүгү - маалыматты кабыл алууга жана иштеп чыгууга көбүрөөк убакытты талап кылат;
- Көңүл буруусу туруксуз, чачыранды - балдар бир иштен экинчисине өтүүдө кыйналышат;
- Эс тутумдун чектелүүсү - узак мөөнөткө караганда кыска мөөнөттүү, логикага караганда механикалык, сөзгө караганда визуалдык кабылдоо;
- Когнитивдик активдүүлүктүн төмөндүгү - жаңы маалыматты жай темп менен иштеп чыгуусу;
- Кеп функциясынын бузулуусу;
- Психомотордук дезинфекциянын пайда болушунан улам чарчоонун күчөшү. [2-15]

Натыйжада балдарда билим берүү ишмердигинде көндүмдөрдү толук кандуу өздөштүрүү үчүн психологиялык өбөлгөлөр жетишсиз өнүккөн. Бирок ошого карабастан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын дени сак балдар сыяктуу эле таланты, жөндөмдүүлүгү, шыктуулугу болушу мүмкүн. Мындай өзгөчөлүктөрүн байкап, аларга багыт берип, колдоо көрсөтүп алга жылдырууда жана өнүктүрүүдө албетте педагогдун ролу чоң. Бул сөзүбүзгө Кыргызстандагы, дүйнө жүзүндөгү ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгенине карабай ар тармактын мыктысы болгон жарандар мисал боло алат. Атап айтсак, Кыргызстандагы «Тумар» инклюзивдик бий тобу, чет өлкөлөрдө өткөн конкурстардын жеңүүчүсү болуп келе жаткандыгы белгилүү. Ошондой эле дүйнөдөгү белгилүүлөр:

- Стивен Хокинг (амиотрофический склероз, физик)
- Франклин Д.Рузвельт (диагноз: полиомиелит, АКШ президенти)
- Ник Вуйчич (диагноз: синдром тетра-амелия, колу-буту жок, мотивациялык оратор)

- Питер Динклейдж (диагноз: ахондроплазия, боюнун өспөй калуусу, актер)
- Джон Нэш (диагноз: параноиддүү шизофрения, Нобел сыйлыгын алган белгилүү математик). [3-88]:

Жогорудагы мисал болгон белгилүү инсандардай ийгиликтүү болуу, баланын өзгөчөлүктөрүн ачуу үчүн педагогдун балага жардамы жана колдоосу абдан маанилүү. Дегеле, мамлекетибиз тарабынан бул багытка көп колдоо болуп жатат. Ошондой эле жеке жарандар, коомдук-кайрымдуулук фонддор тарабынан да жетишээрлик салым кошулуп жатат. Анын ичинен борбордон 1000 чакырым алыстыкта жайгашкан Сүлүктү-Лейлек чөлкөмү да мындай колдоолордон куру эмеспи? – деген суроонун негизинде изилдөө жүргүзүү менен мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын коомго аралашуусуна кайдыгер карабаган «Стимул» коомдук фондунун 60-70% ДМЧ жарандар менен иш жүргүзүлгөндүгү кубандырды. Аталган фонддун координатору Ташматов Замирбек агай менен байланышып, фонддун бул багытта алып барган иш-чаралары, долбоорлору боюнча маалымат алдык.

Негизинен:

- ДМЧ балдардын реабилитациялык борборлору менен иш алып барышкан;
- ДМЧ балдардын ата-энелерине психологиялык жардамдар берилген;
- ДМЧ жарандардын үй-бүлөсүнө кошумча киреше табуусу үчүн кыска мөөнөттүү курстар уюштурулуп кесиптердин түрлөрү үйрөтүлгөн;
- ДМЧ жарандардын көйгөйлүү маселелерин өз учурунда чечүү үчүн жергиликтүү бийлик менен байланыштыруу иштери жүргүзүлгөн.

Ошондой эле бул багытка тиешелүү көптөгөн долбоорлор, конференция, семинар, мониторинг, ар тараптуу тренингдерди өткөрүп, районубуздун майыптуулугу бар жарандары үчүн өзгөчө колдоо көрсөтүп жаткандыгы маалым болду.

Жогорудагыдай колдоолорго карабастан тилекке каршы, жыл сайын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны күн санап өсүүдө. Бул балдарга билим берүүдө инклюзивдик билим берүүнүн артыкчылыктары өз жыйынтыгын берүүдө.

Инклюзивдик билим берүү-өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар балдарды жалпы билим берүүчү мектептерде окутуу процессинде колдонулуучу термин. Бул багыт боюнча ЖОЖдор аралык инклюзивдик билим берүү лабораториясынын методисти З.Б.Джапарова изилдөөсүндө: «Инклюзивдик билим берүүнүн негизине балдарды басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу, бардык балдарга бирдей мамилени камсыз кылуу идеологиясы жатат жана бул балдарга өзгөчө шарттарды түзүү зарылчылыгы бар»-деп баса белгилеп айткан[4- 265]. Инклюзия ар кандай жөндөмдүү окуучуларды бириктирет. Алар командада иштөөнү, баарлашууну жана дос болууну үйрөнүшөт. Демек бул процессте өзөктүү позицияны педагог ээлейт. Ал үчүн педагогдон жогорку денгээлдеги профессионалдуулук, сабырдуулук, ийкемдүүлүк, балдарды уга билүү жана түшүнө билүүчү жөндөмдүүлүк жана жоопкерчилик талап кылынат.

ДМЧ балдарга билим берүүдө жана тарбиялоодо педагогдун таасирин, ролун изилдөө максатында Лейлек районундагы «Кулунчак» балдарды калыбына келтирүү билим борборунда эксперимент иштери жүргүзүлдү.

«Кулунчак» балдарды калыбына келтирүү билим борбору 2015-жылдан бери ДМЧ балдарга билим-тарбия берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жатат. Балдар билим алган имараттын оңдоп-түздөө иштери жергиликтүү бийлик тарабынан, ички керектүү жабдууларды ЮНИСЕФ тарабынан каржыланып ачылган. Билим берүү борбору И.Раззаков шаарынан жана чектешкен жакын айылдардан 3-18 жашка чейинки жалпы 30 баланы 2 нөөмөт менен 3 сааттык окутууга кабыл алган. Жалпысынан билим берүү мекемесинде 8 мугалим (медсестра, логопед) балдарга билим –тарбия берип, ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.

Балдар акыл-эс жөндөмдүүлүгүнө, интеллектисине жараша тайпаларга бөлүнүп, ар бир балага индивидуалдуу окутуу, камкордук жүргүзүлөт.

Кабыл алынган балдардын диагноздору:

- ДЦП;
- Аутизм;
- ЗПР;
- Даун синдрому;
- Эпилепсия.

Билим берүү борборунда 9 жылдан ашык эмгектенген психолог- тарбиячы Юсупова Чолпонай Абдинабиевна менен баарлашып, алгач келгендеги балдардын абалы, азыркы учурда кандай өзгөрүүлөр, жыйынтыктар болуп жатканы менен бөлүштү. Анын айтымында Наврузов Сүннөтилла ДЦП диагнозунун оор түрү менен жабыркайт, башында келгенде жайында жаткан абалда кабыл алынган, 8 айдагы тарбиянын негизинде азыркы учурда, жөрмөлөп, колунан кармаган абалда басууга аракет кылгандыгын мисал катарында белгилеп, мугалимдердин ишмердүүлүгүнө токтолду. Демек, ДМЧ балдардын өнүгүүсү үчүн реабилитациялык борборлордун, тарбиячы-педагогдордун салымы чоң экендигине далил боло алат. Мекеменин директору Дилбар Атанова 2023-жылы Баткен облусундагы ДМЧ балдарды тарбиялоочу мектептердин арасында 1-орунду камсыздаганын, бул алдынкы сапты көз карандысыз эксперттер «Кулунчак» борборунда тарбияланган балдардын жетишүүсүнө, өнүгүүсүнө карап баа бергенин баса белгилеп кетти. ДМЧ балдарды үй кароосунда эмес, атайын билими бар педагогдор билим берүүчү борборлорго алып барып, коомго аралашуусуна камкордук көрсөк туура болот. Бул борборлордо мугалимдер ар бир типтеги баланын өз кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө жараша иш алып барат. Ошондой эле балдар үчүн бул борбордо логопед, медициналык кызматкер (массажист) да иштейт.

Эксперимент учурунда технология (ийлеп-чаптоо) сабагынын негизинде психомотордук өнүгүүсү артта калган Мажитов Билал менен иштешип жаткан учурга көз салдык. Бул класста ДМЧ балдардын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүү үчүн ынгайлуу шарттардын түзүлгөндүгү кубандырды. Сабак учурунда Билал мугалимдин берген тапшырмасын гана аткарбастан, өзүнүн каалоолоруна ылайык аракет кылып жатты. Билалдын өз эмгегине эмоционалдык позитивдүү мамиле кылгандыгы, иштөө көндүмдөрүнүн жакшырганы байкалат. Сабак учурунда кабыл алуу, ой жүгүртүү, майда моторика, көз-кол координациясы, көңүл буруу жана эс тутуму өнүгүшүн мугалими баса белгилеп кетти.

Балдардын чыгармачылык фантазиясына карап натыйжага жетүү үчүн жигердүү умтулуусу калыптангандыгын билүүгө болот. Мугалим берилген жаңы маалымат жакшыраак кабыл алуусу үчүн алгач, оюн түрүндө колдонду. Балада өзүнө ишенимдүүлүк, кызыгуу пайда болду. Булардын баары ДМЧ балдар үчүн эң зарыл сапат. Мугалим Билал менен мамиле түзүп, окуу процессин жогорку денгээлде өткөндөгү биз байкаган сапаттар:

- Бала кандай болсо, ошондой кабыл алгандыгы;
- Бала менен тез-тез баарлашууга аракет кылгандыгы;
- Дайыма өз аты менен кайрылганы;
- «Кел, чогуу жасайбыз», «Карап көрчү, мен муну кантип жасайм», «Мени үйрөт, бул форманы жасоого мага жардам бер» деген колдоо сөзү менен өз ара иштешүүгө шарт түзүүсү;
- Ашыкча физикалык-моралдык иштин жоктугу;
- Эс алдыруучу көнүгүүлөрдүн уюштурулуусу;
- Жөндөмүнө жараша мактоо сөзүн айтты.

Жогорудагы процессте, муктаждыктары бар балдар менен иштөөдө мугалимдин абдан чоң чыгармачылыкты колдонгондугун байкадык. Ал эми чыгармачылык өз ишин сүйгөн ар бир мугалимде бар деп ойлойбуз. Бул сабактан улам, билим берүү эффективдүү болуусу үчүн педагогдун көз карашы өзгөрүүсү керек экенине ынандык. Демек, изилдөөбүздө ДМЧ балдарга билим тарбия берүүдө педагогдун инсандык сапатынын жогору болуусу жана профессионалдуулугу инклюзивдик билим берүүнү алдыга жылдыруучу фактор катары каралып, мугалим моралдык жактан туруктуу,

профессионалдык жактан компетенттүү, маданий жактан жогору болуусу негизги мугалимге коюлуучу талап экендиги белгилүү болду.

Колдонулган адабияттар

1. Акимова О.И. Инклюзивное образование как современная модель образования лиц с ограниченными возможностями здоровья [Электронный ресурс] / О. И. Акимова // Образование без границ : информ. - метод. портал по инклюзив. и специал. образованию. — Режим доступа: http://www.edu-open.ru.
2. Джапарова З.Б. Мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды жалпы билим берүүчү мектептерде окутуудагы педагогикалык шарттар. // Илимий методикалык журнал: Башталгыч мектеп. №1, 2017. 14-15-бет.
3. Варёнова Т.В. Инклюзия как новая концепция международной образовательной политики: вариативные формы образования детей с разными стартовыми возможностями. // Нар.асвета. — 2013. — № 6. — С. 87—91.
4. Джапарова З.Б. Атайын жана инклюзивдик билим беруу – тарых, келечек, көйгөйлөр. // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы; 2017ж: 264-266-бет.

Рецензент: пед. и.к., доцент Байышова Г.Ж.

УДК: 37:01:316.01

Мамбетакунов Э.
Мамбетакунов Э.
Mambetakunov E.

УЛУТТУК САЛТТАР, БААЛУУЛУКТАР, НАРКТУУЛУК ЖАНА ТААЛИМ ТАРБИЯ
НАЦИОНАЛЬНЫЕ ТРАДИЦИИ, ЦЕННОСТИ, НРАВСТВЕННОСТЬ И ОБРАЗОВАНИЕ
NATIONAL TRADITIONS, VALUES, MORALITY AND EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз элинин улуттук салттары менен баалуулуктарынын мазмуну, аларды бириктирген факторлор, салттардын пайда болушу жана калыптанышы, салттардын өзгөрүшү жана жок болуп кетиши, баалуулуктардын такталышынын жана калыптанышынын шарттары, адамдын баалуулуктарды өздөштүрүүсүнүн көрсөткүчтөрү, нарк жана нарктуулук, ошондой эле салттар менен баалулуктардын таалим-тарбияга тийгизген таасири жана аталган проблеманы изилдөөнүн мерчемдери берилген.

Аннотация: В статье приведены содержание народных традиций и ценности, основа моральных норм и стандартов, идентичности и сплоченности общества, традиционные ценности, зарождение и формирование традиций, исчезновение традиций, условия формирования ценностей, показатели сформированности, современные ценности и др. Также показана роль традиций и ценностей в образовании, в воспитании молодого поколения.

Abstract: The article presents the content of folk traditions and values, the basis of moral norms and standards, identity and cohesion of society, traditional values, the origin and formation of traditions, the disappearance of traditions, the conditions for the formation of values, indicators of formation, modern values, etc. The role of traditions and values in education and in the upbringing of the younger generation is also shown.

Негизги сөздөр: улут; салт; баалуулук; нарк; нарктуулук; коом; жүрүм-турум; маданият; үй-бүлөө; майрам; таалим-тарбия.

Ключевые слова: нация; традиция; ценность; нрава; нравственность; общество; поведение; культура; семья; праздник; воспитание.

Keywords: nation; tradition; value; morality; morality; society; behavior; culture; family; holiday; education.

Азыркы учурда жаштарга таалим-тарбия берүү маселесине өзгөчө көңүл бурулууда. Анын себеби өтө эле көп. Алар мугалимдерге, ата-энелерге, соиалдык кызматкерлерге, ал эмес жаштардын оздөрүнө да белгилүү. Тарбия деген сөздү айта берип, анын маани-маңызынын да баркы кетип калгандай сезилет. Талдап көрсөк тарбиялоо-бул жаштарды жакшылыкка үндөө, жетелөө, бирөөлөргө жакшылык жасоонун үлгүсүн көрсөтүү, жакшылыкка багытталган ар кандай иштерди жасаганга үйрөтүү, жакшылыктын баасын билгизүү, жакшылык жасоонун пайдалуу экендигине ишендирүү дегенди билгизет. Булар жөнүндө педагогика илиминде, анын ажырагыз бөлүгү болгон элдик педагогикада кеңири сөз болуп келет. Илимий педагогика элдик педагогикасыз жашай албайт. Анткени ар бир элдин жашоого болгон аракетинде өздөрүнө гана мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрү, адаттары жана салттары бар. Алар ошол элдин алмаштыргыз баалуулуктары. Ошол баалуулуктар менен салттардын кандай байланышы бар? Алар жаштарды тарбиялоого кандай таасир берет? Бул билдирүүдө ошол маселелердин уңгусуна токтолууну туура көрдүк.

Бир жолу окуучу мугалимге мындай суроо берди. “Азыркы заман тап-такыр башка. Эмне үчүн биз илгерки каада-салттарга кайрылышыбыз керек?

Мугалимдин жообу: “Суу аккан арыкты элестетип көрчү. Анда суу бирде көп, бирде аз. Кайсы бир учурда арыкта суу жок. Бирок арык өз ордунда турат. Ал арык болбосо, келген суу ар тарапка жайылып, тарап кетмек. Демек, аккан суунун нугу ошол арык аркылуу аныкталат. Элдин жашоосунда салт да ошондй мааниге ээ. Ал адамдардын жашоосунун агымын жөнгө салып турат.

Элдердин салты, алардын баалуулуктарын түзөт. Баалуулук менен салт коомдун моралдык нормаларынын, стандарттарынын, идентүүлүгүнүн жана биримдигинин негизи. Салт – кайсы бир элдин тарыхында калыптанган, муундан муунга берилип келген жашоо аракеттеринин образы (майрамдар, адаттар, ырым-жырымдар, ритуалдар, өз ара мамилелердин эрежелери ж.б.).[1] Ал элдин тарыхы, жашоо шарттары, кулк-мүнөзү менен аныкталып, жашоо эрежеси катары сакталат да, милдеттүү турдө аткарылышы камсыздалат. Элдик баалуулуктар – адамдар менен коомдун жашоосу үчүн социалдык-экономикалык, маданий-укуктук, жүрүм-турумдук эрежелердин элдин аң-сезиминде орношу, калыптанышы, аларды аткарууга болгон жоопкерчилик жана аларга болгон ишеним.

Элдик салттар алардын баалуулуктарын түзөт, ал эми баалуулуктар салттарды өнүктүрөт. Баалуулук менен салттын тыкыз байланышы төмөнкү факторлор аркылуу аныкталат:

- алар элдик маданияттын негизги элементи болуп, элдин идентүүлүгүн (өзгөчөлүгүн) аныктайт;
- алар муундан муунга өткөрүлүп, элдин маданий мурастарын сактап турат;
- алар адамга коомдо өзүн татыктуу алып жүрүүгө багыт берет, жүрүм-турумдун эрежелерин сактоого шарт түзөт, өз ара мамилелердин нормаларын орнотот.

Элдик баалуулуктарды эки түргө бөлүп кароого болот. Биринчиси, уңгулуу баалуулуктар, экинчиси жасалма баалуулуктар.

Уңгулуу баалуулуктарга:

- **үй-бүлөлүк баалуулук** – ата-энеге болгон сый урмат, балдарга болгон камкордук, үй-бүлөнү сактоо;
- **моралдык баалуулук** – адамдын жеке өзүнө, башка адамдарга, эмгекке, материалдык нерселерге гумандуу мамиле жасоо;
- **религиялык баалуулук** – жашоонун законченемдерине болгон ишеним, ички жан дүйнөнүн тазалыгы, религиялык окууларга негизделген пайдалуу нормалар;
- **социалдык баалуулук** – жашоонун эрежелерин, законченемдерин сактоо, сыйлоо, жасоого мүмкүн болгондор менен тыюу салынгандарды ажырата билүү, аткаруу жоопкерчилиги;

- **маданий баалуулук** – майрамдардын, үрп-адаттардын, этникалык өзгөчөлүктөрдүн эрежелерин сактоо менен сырдашуу, баарлашуу, мамилелешүү чеберчилиги ж.б. кирет

Жасалма баалуулуктарга:

- билгиликтүү болуп көрүнүүгө багытталган жасалма аракеттер;
- материалдык байлыгына таянып, ар кандай каадаларды ойлоп табуу;
- адамдарга ээлеген кызматына карап сый көрсөтүү;
- шайлоолордогу, кызматка көтөрүлүүдөгү, жеке кызыкчылыкка жетүүдөгү жасалма жоомарттык ж.б. кирет.

Салттардын келип чыгышына жана эл ичинде калыптанышына таасир берүүчү факторлор:

- **тарыхый контекст:** конкреттүү тарыхый, социалдык, экономикалык шарттарга жооп катары пайда болот (коопсуздукка болгон зарылчылык, биримдикти-ынтымакты камсыздоо, жашоого болгон муктаждык ж.б.);
- **социалдык практика:** күндөлүк жашоонун ажырагыз бөлүгү болуп, элдин өзгөчө маанидеги аракеттеринин жыйынтыгы катары пайда болот жана калыптанат;
- **группалык иденттүүлүк:** үй-бүлөдөгү, этникалык топтордогу биримдикти - ынтымакты түзүүдө пайда болот, кийин адатка айланып калыптанат;
- **ритуалдаштыруу:** майрамдар, жашоодогу ар кандай окуялар менен байланышкан аракеттер аркылуу пайда болуп, улантылат (үйлөнүү тою, жаңы үйгө кирүү, бешик той, маркумду узатуу, түшүм майрамы, кесиптик майрамдар ж.б.)

Убакыттын өтүшү, социалдык жаңы шарттардын жаралышы менен салттар жоголуп же өзгөрүп кетиши мүнкүн. Алар төмөнкү факторлордон коз каранды болот:

- **социалдык өзгөрүүлөр:** урбанизация (жашоонун шаарга ыңгайланышы), глобализация (ааламдык аралашуу), технологиялык инновациялар (жаңы методдордун, ыкмалардын, каражатттардын пайда болушу), социалдык нормалардын өзгөрүшү, жаңы идеялардын түзүлүшү;
- **салттын маанилүүлүгүнүн жоголушу, азайышы:** жаңы муундун талаптарына жооп бербей калуусу, толук канагаттандыра албашы (бул учурда салттын элементтерине жаңылык киргизилиши же айрым элементтин жоголушу мүмкүн);
- **баалуулуктардын ичиндеги конфликттер:** көп маданияттуу коомдогу түркүн эрежелердин дал келбей калышы;
- жаңы түзүлгөн шарттарга жараша салттардын айрым элементтери өзгөрүп же жаңылары трансформацияланып адаптацияланышы мүмкүн

Баалуулуктар элдин жашоосунда пайда болуп, акырындык менен адатка айлануусуна жана калыптанышына таасир берүүчү шарттар:

- **социалдык чөйрөнүн таасири:** үй-бүлөнүн жашоо эрежелери, улуулардын, ата-энелердин көрсөтмөлөрү, социалдык нормалар;
- **таалим-тарбия:** илимдердин негиздерин окуп-үйрөнүү, кишичилик, адамкерчилик, билгиликтүүлүк сапаттарга көнүү, кругозордун кеңейиши, сынчыл ой жүгүртүү, креативдүүлүк;
- **жеке тажрыйба:** жашоодо кезигүүчү ар кандай жагдайлар, жашоодогу жетишкендиктер менен кетирген кемчиликтер, кемчиликти түшүнүү жана оңдоого болгон аракеттер, ар кандай сунуштардын башкалар тарабынан колдоо табышы;
- **маданият менен салттын байланышы:** ар түрдүү элдин маданияты менен таанышуу, ар башка элдин майрамдарына, ритуалдарына катышуу, аларды салыштыруу, мазмунуна жана формасына адилет баа берүү;
- **рефлексия:** баалуулуктардын маңызын талдоо, түшүнүү, жыйынтык чыгаруу, айрым түзөтүүлөрдү, оңдоолорду киргизүү;
- **медианын таасири:** массалык маалымат каражаттарынын, маалыматтык коммуникациялык технологиялардын оң таасирлерин кабыл алуу, түшүнүү, колдонуу жана алардын тууралыгына ишенүү;

Элдик баалуулуктардын аң-сезимде, жүрүм-турумда, жашоодо калыптанышынын көрсөткүчтөрү:

- **баалуулуктардын маңызына адамдын жүрүм-турумунун төп келүүсү:** адамдын жүрүм-туруму тигил же бул баалулуктун талаптарына жооп берет; тигил же бул баалуулуктун элементтери жеке адамдын аракетинде байкалып, көрүнүп турат; кесиптик жана социалдык практикада ар дайым байкалат жана жакшы ийгиликтерди жаратат;
- **баалуулуктун адамдын жан дүйнөсүнө сиңирилиши:** адам өзүндө болгон баалуулуктарды сезип, таанып-билип, аларды эреже катары аныктап алат, салттардын адамдын жеке өзүнө жана коомго тийгизе турган таасирине ишенет;
- **адамдын сынчыл ой жүгүртө билүүсү:** баалуулуктарды талдоо, салыштыруу, синтездөө, жаңы пайдалуу нерсени жактарды көрө билүү жана башкаларга көрсөтө билүү, тууралыгын далилдөө, креативдүү чечим чыгара алуу;
- **бир нече адамдын эмоционалдык жактан берилгендиги:** баалуулуктарды кабыл алуусу, аларды сактоосу, көрсөтө билүүсү, канагаттануу жана сыймыктануу сезиминин даана көрүнүшү;
- **социалдык активдүүлүгү:** коомдук турмушка активдүү катышусу, башкаларга көмөк көрсөтүү формасындагы аракеттердин натыйжалуу аткарылышы;
- **коммуникация жана өз ара аракеттешүү:** өзүнүн баалуулуктарын башкалар менен бөлүшө билүүсү, башкалар менен оңой тил табыша алышы, ар кандай мазмундагы баалуулуктарды бири-бири менен айкалыштырып колдонуп кетүү жөндөмүнүн болушу.

Азыркы глобалдашуу жана маалымат алмашуунун тездеген шартында пайда болгон заманбап баалулуктар:

- **индивидуализм:** эркиндик жана өзүн өзү башкаларга таанытуу;
- **толеранттуулук:** көп түрдүүлүктөрдү көңүлгө алуу жана аны таануу; маданияттын ар кандай түрлөрүнө жараша пайда болгон баалуулуктарды сыйлоо, аны кабыл алуудагы токтоолук, сабырдуулук;
- **ден соолук:** дене тарбиясынын маанисине түшүнүү, спортко кызыгуу, туура тамактануу, жашоонун сергек образын сактоо, жакшы адаттарды өзүнүн күндөлүк турмушунда алып жүрүү;
- **экологиялык жоопкерчилик:** жерге жана анда жашаган адамдарга кам көрүү, табигый жана социалдык экологияны сактоо, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалана билүү деңгээли;
- **технологиялык прогресс:** маалыматтардын көптүгү, аларды издеп-табуу жана иштете билүү, инновацияларды өздөштүрүү, колдонуу, айрымдарын жаңыдан түзүү.

Адамзат баалулуктары бардык учурда өз өзүнчө жашай беришет. Алар өз ара аракетке келишкенде айрым пикир келишпестиктер пайда болот. Анын натыйжасында баалуулуктардын мазмуну такталат, жаңы элементтери түзүлөт, аны аткаруу аракеттерине өзгөртүүлөр киргизилет. Алар төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- **маданий алмашуу жана синтез:** ар түрдүү маданияттардын ортосундагы баалуулуктарды алмашуу, салттуу баалуулуктарды заманбап шарттарга адаптациялоо (гендердик тең укуктуулук, мода, таалим-тарбиядагы өзгөрүүлөр , эмгектин түрлөрүнүн өзгөрүшү жана аларды аткаруучуларга коюлган талаптардын жаңыланышы ж.б.)
- **конфликттердин болушу:** салттуу баалуулуктар менен заманбап жашоонун ортосундагы карама-каршылык (гендердик мамиле, эркин ника, индивидуализм, секуляризм (динге киришүү же андан алыстоо ж.б.)
- **унификация (бир системага келтирүү) жана адаптация (ыңгайлашуу):** баалуулуктарды өркүндөтүү, жаңылоо же майрамдарды жаңы формада өткөрүү, ресурстарга сарамжалдуу мамиле жасоо, жекече иштөө менен коллективде иштөөнү айкалыштыра билүү ж.б.).

Жаштардын аң сезиминде жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктардын маңызын калыптандыруу – бул татаал жана көп баскычтуу процесс. Ал көптөгөн маданий, социалдык жана психолого-педагогикалык факторлордон көз каранды. Ошондой болсо да анын натыйжалуу ишке ашырылышында мамлекеттик деңгээлдеги расмий документтердин мааниси зор. Андай

документтердин катарына Кыргыз Республикасынын Президентинин бири-бири менен тыкыз байланышкан төрт Жарлыгын кошууга болот.

1. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасынын Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндөгү Жарлык. ПЖ №39, 13.11.2020 [2]
2. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү Жарлык. ПЖ №1, 29.01.2021 [3]
3. Улуттук нарк жөнүндөгү Жарлык. ПЖ № 157, 20.05.2022 [4]
4. "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндөгү Жарлык. ПЖ № 369, 18.13.2024 [5]

Ушул Жарлыктарда жогоруда биз сөз кылган улуттук салттар менен баалуулуктар жөнүндө эң маанилүү маалыматтар бар. Алар азыркы жаштарга улуттук дем бере турган таалим-тарбиянын методологиялык негизи болуп эсептелет. Эгер алардын мазмунун терең талдап өздөштүрсөк мектепте, жогорку окуу жайларда жаштарды жакшы жакка жетелөөнүн фундаменталдуу максаты келип чыгат. Аны биз төмөнкүчө формулировкаладык.

Билим берүү уюмдарынын максаты Кыргыз жаранын калыптандыруу. Кыргыз жараны – руханий- адептик жактан жетилген, ден соолугу чың, кыргыз наркыу жан дүйнөсүнө сиңирген, улуттун деми менен дүйнөлүк бийиктикке жетүүнүн уңгу жолун өздөштүргөн жана аны ишке ашыра алган инсан. Азыркы ата-эненин, педагогдордун, коомдук органдардын, мамлекеттин алдындагы келечектүү максаттардын негизиси ушул.

Мектеп мугалимдери жана жогорку окуу жайдын окутуучулары жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн атайын Жарлыктардан сырткары Президент С.Н. Жапаровдун “Улут деми-уңгу жол”: (Тандалган сөздөр) [6] китебинен баалуу маалыматтарды таба алышат. Мында С.Н.Жапаровдун Кыргыз Республикасынын Президенти кызматына киришүү аземинде сүйлөгөн сөзүнөн баштап эл аралык жана жалпы улуттук деңгээлдеги иш чараларда, жолугушууларда, жыйындарда сүйлөгөн сөздөрүнөн, учурдун урунттуу маселелерине арналып, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган кайрылууларынан иргелип алынган материалдар топтолгон. Мисалы, “Бакубат келечекке алып баруучу Уңгу жол”, “Мүдөөбүз бир: Кыргызыстанды өнүккөн өлкөгө айлантуу!”, “Аймактар өнүкмөйүнчө, өлкөбүз алга жылбайт”, “ Биздин башкы күчүбүз – ынтымак менен биримдикте”, “Турдакун Усубалиев- жалпы журттун намысын жогору койгон атуул”, “Биз руху күчтүү улуу элденбиз!” сыяктуу сөздөрүндө таалим-тарбияга ылайыктуу эң сонун маалыматтар бар.

Ушул багытта аткарылган илимий-педагогикалык эмгектерге (А.Э. Измайлов, И. Бекбоев, Э. Мамбетакунов, Н.Асипова, Н.Ишекеев, С.О. Байгазиев, Ж. Сааданбеков, А. Муратов, С.Рысбаев, Ж. Чыманов, А. Калдыбаева, С. Калдыбаев ж.б.) таянып [7-10], келечекте аткарыла турган педагогикалык изилдөөлөрдүн болжолдуу мерчемин сунуштоого болот:

1. Улуттук салт менен баалуулуктардын маңызын дидиактикалык принциптердин талаптарына ылайык иштеп чыгуу.
2. Кыргыз элинин салттуу билимдеринин негиздерин азыркы таалим-тарбиянын мазмунуна шайкеш келтирүү.
3. Билим берүүнүн, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн инновациялык ыкмаларын улуттук уңгу жолдун нугуна салуу.
4. Таалим-тарбия процессин уюштурууда теория, технология менен практиканын биримдигин камсыздоо.
5. Таалим-тарбия процессин технологиялаштырууну санариптик негизде өнүктүрүү.
6. Жаштардын өз алдынча билим алуусуна, инсан катары калыптануусуна жасалма акылдын тийгизген ар түрдүү таасирин объективдүү талдап, дидактикалык материалдарды даярдоо.
7. Жаш адамдын руханий өнүгүүсүн, ден соолугунун бекемдигин, нарк-насилди жан дүйнөсүнө сиңиргендигинин деңгээлин, Кыргыз элинин тумары болгон Манастын деми менен дүйнөлүк бийиктикке жетүүнүн уңгужолун өздөштүрүүсүнүн деңгээлин баалоонун сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн аныктоо, практикага киргизүү ж.б.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз тилинин сөздүгү. – Б.: 2010. – 1460б.
2. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасынын Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндөгү Жарлык. ПЖ №39, 13.11.2020
3. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү Жарлык. ПЖ №1, 29.01.2021
4. Улуттук нарк жөнүндөгү Жарлык. ПЖ № 157, 20.05.2022
5. "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндөгү Жарлык. ПЖ № 369, 18.13.2024
6. Жапаров С.Н. "Улут деми – уңгу жол": (Тандалган сөздөр)/ Түзүүчүлөр: А.К. Койчиев, А.Кулматов, Нурбек Асаналы уулу. – Б.: "Кыргыз Туусу" басма үйү, 2025. – 472б.
7. Сааданбеков Ж. Президент Садыр Жапаров – Жаңы Кыргызстандын жаратманы. –Б.: "Учкун", 2025. -360б.
8. Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик, уңгужолу: илимий жыйнак. – Б.: Университет, 2025. – 456б.
9. Кыргыз элинин салттуу билимдеринин негиздери: Окутуучулар үчүн колдонмо. – Б.: 2014. – 620б.
10. Рысбаев С. Кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун антологиясы. – Б.: 2021. –592б.

Рецензент: пед. и.д., профессор Сулайманова Р.Т.

УДК: 371.180.6

Машанова А.С., Джаркимбаева Ч.Т.
Машанова А.С., Джаркимбаева Ч.Т.
Mashanova A.S., Dzharkimbaeva Ch.T.

ГЛОБАЛДАШУУ ЖАНА САНАРИПТЕШТИРҮҮ ШАРТЫНДА ИННОВАЦИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН ИШКЕ АШЫРУУДА ПЕДАГОГДУН РОЛУ
РОЛЬ ПЕДАГОГА В РЕАЛИЗАЦИИ ИННОВАЦИОННЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В УСЛОВИЯХ ЦИФРОВИЗАЦИИ И ГЛОБАЛИЗАЦИИ
THE ROLE OF THE TEACHER IN THE IMPLEMENTATION OF INNOVATIVE EDUCATIONAL TECHNOLOGIES IN THE CONTEXT OF DIGITALIZATION AND GLOBALIZATION

Кыскача мүнөздөмө: Макалада дүйнөлүк глобалдашуу шартында билим берүү системасын санариптештирүүдөгү инновациялык педагогикалык технологияларын ишке ашырууда педагогдордун ролу каралат. Санариптик билим берүү платформаларын, окутуунун интерактивдүү каражаттарын жана окуу процессин уюштуруунун дистанттык формаларын киргизүү менен шартталган кесиптик ишмердүүлүгүн трансформациялоого өзгөчө көңүл бурулат. Макалада заманбап педагогдун негизги кесиптик компетенциялары, анын ичинде санариптик сабаттуулук, окутуу дизайны, инновациялык технологияларды билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоо жөндөмү жана окуучуларда 21-кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүү жөндөмү талданат. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде педагогикалык колдоонун, окутууну индивидуалдаштыруунун жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн маниси баса белгиленет. Инновациялык билим берүү технологияларын ишке ашыруунун натыйжалуулугу көбүнчө педагогдун өзгөрүүгө болгон кесиптик даярдыгынан жана санариптик коомдун заманбап чакырыктарына ылайыкташуу жөндөмүнөн көз каранды деген тыянак чыгарылды.

Аннотация: В статье рассматривается роль педагогов во внедрении инновационных педагогических технологий в процессе цифровизации системы образования в контексте глобальной глобализации. Особое внимание будет уделено трансформации профессиональной деятельности, которая облегчается внедрением цифровых образовательных платформ, интерактивных инструментов обучения и дистанционных форм организации учебного процесса. В статье анализируются ключевые профессиональные компетенции современного педагога, включая цифровую грамотность, разработку учебных программ, умение интегрировать инновационные технологии в образовательную среду и способность развивать у учащихся навыки XXI века. Подчеркивается важность педагогической поддержки, индивидуализации обучения и межкультурного взаимодействия в глобальном образовательном пространстве. Сделан вывод о том, что эффективность внедрения инновационных образовательных технологий во многом зависит от профессиональной готовности педагога к изменениям и его способности адаптироваться к современным вызовам цифрового общества.

Abstract: The article examines the role of the teacher in the implementation of innovative educational technologies in the context of digitalization and globalization of the education system. Special attention is paid to the transformation of the professional activity of a teacher, due to the introduction of digital educational platforms, interactive learning tools and distance learning forms of the educational process. The main competencies of a modern teacher are analyzed, including digital literacy, pedagogical design, the ability to integrate innovative technologies into the educational environment and the formation of 21st century skills among students. The importance of pedagogical support, individualization of learning and intercultural interaction in the global educational space is emphasized. It is concluded that the effectiveness of the implementation of innovative educational technologies largely depends on the teacher's professional readiness for change and his ability to adapt to the modern challenges of the digital society.

Негизги сөздөр: педагог; инновациялык билим берүү технологиялары; билим берүүнү санариптештирүү; билим берүүнү глобалдаштыруу; санариптик билим берүү чөйрөсү; кесиптик компетенттүүлүк; педагогикалык коштоо.

Ключевые слова: педагог; инновационные образовательные технологии; цифровизация образования; глобализация образования; цифровая образовательная среда; профессиональная компетентность; педагогическое сопровождение.

Keywords: teacher; innovative educational technologies; digitalization of education; globalization of education; digital educational environment; professional competence; pedagogical support.

Бул стратегияларда Глобалдык жана улуттук баалуулуктарды айкалыштыруу маанилүү элемент болуп саналат, анткени билим берүү аны тизгиндеп гана тим болбостон, жаштардын дүйнөгө ачык мамилесин колдоп, ошол эле учурда алардын улуттук тамырларын бекемдөөгө шарт түзөт. Үлгү катары билим берүү тутумун улуттук маанилүү темалар менен глобалдык компетенцияларды бирдиктүү мазмунга киргизүү мүмкүнчүлүктөрү каралат - бул Ааламдашуу тенденциялар менен улуттук өзгөчөлүктөрдү бири-бирине каршы койбой, сыймыктануу жана түшүнүү менен жуурулуштурат (мисалы, улуттук баалуулуктарды билим берүү программаларына киргизүү).

Ааламдашуу жана көпмаданияттуу билим берүү стратегиялары жаштардын башка этностордун маданиятын терең түшүнүүсүнө жана урматтоосуна өбөлгө түзөт [7, 8]. Бул стратегиялар Ааламдашуу коомчулуктун ар түрдүү маданий контексттеринде жаштардын табигый жана урматтуу байланыш түзүүсүнө жардам берип, улуттук идентүүлүктү сактоого шарт түзөт. Алсак, ЮНЕСКО тарабынан Кыргызстанда уюштурулган долбоорлордо жарандык компетенциялар жана улуттук өзүн-өзү түшүнүү менен Дүйнөлүк маданияттардын ортосунда байланышты бекемдөө каралган, бул болсо, өз учурунда, социалдык биримдикти жана маданий өз ара түшүнүүнү бекемдейт [9].

Проекттик, диалогдук жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу - бул жаштардын практикалык катышуусун камсыз кылган педагогикалык стратегиялардын бири. Ал билим берүүчүлөргө жаштарды улуттук баалуулуктарды, тарыхый материалдарды жана коомдук темаларды талкуулоого, өз пикирлерин билдирүүгө жана улуттук ойлор менен глобалдык идеяларды салыштырып көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай окутуу жаштардын өз ордун табууга, өз алдынча чечимдерди кабыл алууга жана коомго активдүү катышууга өбөлгө түзөт, бул болсо алардын улуттук жана Ааламдашуу аспектте өз идентүүлүгүн бириктирүүгө жардам берет.

Жаштардын жарандык активдүүлүгүн жана социалдык жоопкерчилигин өнүктүрүү - бул стратегиялардын дагы бир өзөгү болуп эсептелет. Жарандык билим берүү, коомдук долбоорлорго катышуу, жаштар форумдары жана бейөкмөт уюмдар аркылуу жүргүзүлө турган иш-аракеттер жаштардын өздүк маанилүү маселелерине көңүл буруп, коомдук пикир түзүүгө жана социалдык жоопкерчиликти сезүүгө шарт түзөт. Кыргызстанда ЮНЕСКО менен EdNet уюмдарынын биргелешкен программалары улуттук өзүн-өзү түшүнүүнү жогорулатууга жана социалдык биримдикти бекемдөөгө багытталган, бул жаштардын коомдо активдүү катышуу жөндөмдөрүн өнүктүрөт [9].

Ошентип, улуттук идентүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү интеграциялык стратегиялар көпөлчөмдүү болуп, глобалдык жана улуттук баалуулуктарды айкалыштырууну, дүйнөлүк деңгээлде билим берүүнү, жоболорго, диалогго жана компетенцияга багытталган окуу ыкмаларын, ошондой эле жаштардын жарандык активдүүлүгүн арттырууну камтыйт. Бул стратегиялар жаштарды улуттук маданиятка жана коомго активдүү катышууга өбөлгө түзүп, глобалдык билим жана компетенттүүлүк менен кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүн бекемдөөгө жардам берет.

Салыштырмалуу талдоо көрсөткөндөй, Кыргызстандагы билим берүү практикасы Чыгыш Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн улуттук идентүүлүктү сактоо жана маданияттар аралык окутуу

тажрыйбалары менен шайкеш келет. Бирок жергиликтүү шарттарда глобалдык медианын терс таасирлери жана жаштар арасында гибриддүү идентүүлүк феномени белгилүү бир көйгөйлөрдү жаратууда. Мындай көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн патриоттук тарбия берүү жана маданий программалар аркылуу иш алып барса, жаштардын улуттук аң сезимин көтөрүүгө жана бекемдөөгө болот.

Практика жүзүндө коюлган максатка - улуттук идентүүлүккө жетүү үчүн аткарылуучу иш-чаралардын мааниси төмөнкүлөргө негизделет:

1. Билим берүү программаларына улуттук темаларды кошуу аркылуу жаштардын маданий аң сезимин жогорулатуу.
2. Класстан тышкаркы иш-чаралар аркылуу улуттук салт-санааларды жана каада-салттарды таанып-билүү.
3. Санариптик жана медиа ресурстарды колдонуу менен Глобалдык жана улуттук баалуулуктар ортосундагы тең салмактуулукту сактоо.
4. Мугалимдерди улуттук идентүүлүктү калыптандырууда диалогдук жана компетентүүлүккө негизделген ыкмалар менен камсыз кылуу.

Ошентип, изилдөөнүн жыйынтыктары глобалдык жана улуттук баалуулуктарды айкалыштыруунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана интеграциялык стратегияларын практикалык жана теориялык жактан негиздейт, ошондой эле башка изилдөөлөр менен шайкеш келип, улуттук идентүүлүктү калыптандырууда заманбап билим берүү ыкмаларын колдонуу зарылдыгын көрсөтөт.

Тактап айтканда, педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, улуттук идентүүлүктү калыптандырууда негизги педагогикалык шарттар төмөнкүлөр:

1. Билим берүү системасынын мүмкүнчүлүктөрү. Мектептер жана жогорку окуу жайлар улуттук баалуулуктарды таанытуу жана сактоо үчүн негизги институттар болуп саналат. Формалдык сабактар, курстар жана долбоордук иш-чаралар аркылуу билим алуучуларга когнитивдик жана мотивациялык компоненттерди өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү берилет.
2. Класстан тышкаркы жана коомдук-тарбиялык иштер. Маданий фестивалдар, клубдар жана коомдук уюмдар улуттук салт-санааларды практикалык түрдө өткөрүүгө шарт түзөт жана жаштардын социалдык катышуусун арттырат.
3. Мугалимдин инсандык жана профессионалдык позициясы. Педагогдордун компетентүүлүгү, диалогдук окутуу жана компетентүүлүккө негизделген ыкмаларды колдонуу жаштардын улуттук жана глобалдык баалуулуктарды бириктирүүсүнө өбөлгө түзөт.
4. Санариптик билим берүү жана медиасабаттуулук. Замандын талабы боюнча санариптик платформалар жана медиа ресурстар улуттук материалдарды жаңы форматта таанып-билүүгө мүмкүндүк берет жана глобалдык медианын терс таасиринен коргонуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.

Ошентип, изилдөө көрсөткөндөй, улуттук идентүүлүктү калыптандырууда билим берүү системасынын, мугалимдин ролунун жана интеграциялык стратегиялардын комплекстүү колдонулушу маанилүү, бул жаштардын улуттук аң сезимин бекемдөө жана глобалдык коомго активдүү катышууга шарт түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Асипова Н.А. Поликультурное образование: теория и практика формирования толерантной личности учащихся. — Бишкек: КНУ им. Ж. Баласагына, 2010. — 180 с.
2. Асипова Н.А. Көп маданияттуу билим берүү: окуучулардын толеранттуу инсанын калыптандыруунун теориясы жана практикасы. — Бишкек: Ж. Баласагын атындагы КУУ, 2010. — 180 б.
3. Эриксон Э. Н. Психология идентичности и этапы развития личности. - Москва, 1968.
4. Пинни Ж.С. Өспүрүмдөрдөгү жана Чоңдордогу этникалык идентификация: изилдөө // психологиялык бюллетенди карап чыгуу. — 1990. - Том.108, №3. — 499–514-б.

5. Камчыбек уулу М. Психологический анализ самопонимания личной и социальной идентичности в современном кыргызском обществе // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. -2024. -№ 108. -С. 45-53.
6. Апсаматова Э.Дж., Стемпковская Э.К. Кризис идентичности молодёжи и поиск смысла жизни // Вестник Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына. -2024. -№2(118). -С.94-99. -DOI:10.58649/1694-8033-2024-2(118)-94-99.
7. Кошбакова Б.М. Социокультурная идентичность киргизов в контексте глобализации // Вестник КНУ им. Ж. Баласагина. -2022, -№1 (109). -С.137-143.
8. Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүү улуттук стратегиясы (2018–2040)// https://bafe.edu.kg/media/uploads/2022/04/15/national-strategy-of-kyrgyz-republic-2018-2040.pdf?utm_source=com
9. UNESCO and EdNet Joint Activity. Fostering Civic Identity and Social Cohesion in Kyrgyzstan // UNESCO. -2025. -6 May. (unesco.org)

этно-социология и.к., доцент Кокомбаев К.С.

УДК: 373.5

Орозакунова Р.О., Карасартова Ж.Б.
Орозакунова Р.О., Карасартова Ж.Б.
Orozakunova R.O., Karasartova Zh.B.

ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН ИНСАНДЫК КАЛЫПТАНУУГА ПСИХОЛОГИЯЛЫК ТААСИРИ (ЫСЫК-КӨЛДӨГҮ АКЕЛЕР МУРАСТАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ)
ПСИХОЛОГИЧЕСКОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ НАРОДНЫХ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ИДЕЙ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТИ (НА ПРИМЕРЕ НАСЛЕДИЯ СТАРЦЕВ ИССЫК-КУЛЯ)
PSYCHOLOGICAL INFLUENCE OF FOLK PEDAGOGICAL IDEAS ON PERSONALITY DEVELOPMENT (BASED ON THE HERITAGE OF ELDERS OF ISSYK-KUL)

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада элдик педагогикалык идеялардын инсандык калыптанууга психологиялык таасири илимий жактан терең изилденген. Изилдөөнүн объектиси катары Ысык-Көлдөгү акелер мурастары алынган, алардын тарбиялык, моралдык жана руханий мааниси талданган. Макалада инсандык калыптануунун психологиялык механизмдери идентификация, эмпатия, мотивация, рефлексия жана когнитивдик өнүгүү илимий негизде каралган. Изилдөөдө белгиленгендей, элдик педагогика адамдын ички дүйнөсүн, эмоционалдык жана социалдык сапаттарын өнүктүрүүдө негизги фактор болуп саналат. Элдик насааттар, макал-лакаптар жана акелердин турмуштук мисалдары адамдын моралдык ишенимдерин жана баалуулуктарын бекемдөөгө кызмат кылат. Изилдөөнүн жүрүшүндө замандын талабына ылайык, элдик идеяларды мектеп жана жогорку билим берүү процессине интеграциялоонун практикалык жолдору сунушталган. Мындай жолдор балдардын жана жаштардын өзүн-өзү аңдоо, жоопкерчилик, эмпатия жана ички мотивациянын өнүгүүсүнө шарт түзөт. Жыйынтыгында, акелер мурастарынын идеялары инсандык өнүгүүнүн психологиялык жана педагогикалык процесстерин жөнгө салууда маанилүү роль ойной тургандыгы көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары заманбап билим берүү жана психологиялык практика үчүн маанилүү болуп саналат.

Аннотация: В статье научно исследуется психологическое влияние народных педагогических идей на формирование личности. В качестве объекта исследования рассматривается наследие старцев Иссык-Куля, анализируется их воспитательное, моральное и духовное значение. В статье подробно рассматриваются психологические механизмы формирования личности

идентификация, эмпатия, мотивация, рефлексия и когнитивное развитие. Исследование показывает, что народная педагогика является ключевым фактором развития внутреннего мира человека, его эмоциональных и социальных качеств. Народные наставления, пословицы и жизненные примеры старцев способствуют укреплению моральных убеждений и ценностей личности. В работе также предложены практические пути интеграции народных идей в школьное и высшее образование с учетом современных требований. Эти подходы создают условия для развития самопознания, ответственности, эмпатии и внутренней мотивации детей и молодежи. В заключении подчеркивается, что наследие старцев играет важную роль в регулировании психологических и педагогических процессов личности. Результаты исследования представляют практическую ценность для современной педагогической и психологической практики.

Abstract: This article scientifically examines the psychological influence of folk pedagogical ideas on personality development. The study focuses on the heritage of the elders of Issyk-Kul, analyzing their educational, moral, and spiritual significance. The psychological mechanisms of personality formation - identification, empathy, motivation, reflection, and cognitive development - are thoroughly discussed. The research demonstrates that folk pedagogy is a key factor in developing a person's inner world, emotional capacities, and social skills. Folk proverbs, advice, and life examples of elders help strengthen moral beliefs and values. The study also proposes practical ways to integrate folk ideas into school and higher education curricula according to modern requirements. These approaches foster self-awareness, responsibility, empathy, and intrinsic motivation in children and youth. In conclusion, the elders' heritage plays an important role in regulating the psychological and pedagogical processes of personality development. The study's findings are of practical significance for contemporary pedagogical and psychological practice.

Негизги сөздөр: инсандык калыптануу; элдик педагогика; акелер мурастары; психологиялык механизмдер; тарбия; моралдык баалуулуктар; эмпатия; идентификация; мотивация.

Ключевые слова: личностное формирование; народная педагогика; наследие старцев; психологические механизмы; воспитание; моральные ценности; эмпатия; идентификация; мотивация; рефлексия.

Keywords: personality development; folk pedagogy; elders' heritage; psychological mechanisms; education Upbringing; moral values; empathy Identification; motivation; reflection.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасы коомдун социалдык, маданий жана руханий өнүгүүсүнүн негизги фактору катары каралууда. Инсанды ар тараптуу өнүктүрүү, өзүнүн улуттук баалуулуктарын таанып-билүүгө жана дүйнөлүк цивилизациянын жетишкендиктерин өздөштүрүүгө үйрөтүү заманбап билим берүүнүн башкы максаттарынын бири болуп саналат. Ушул жагдайда элдик педагогикалык идеяларды кайра изилдеп, алардын бүгүнкү билим берүү процесси менен айкалышын камсыз кылуу өзгөчө маанаге ээ.

Элдик педагогика элдин көп кылымдык турмуштук тажрыйбасынан, салт-санаасынан, дүйнө таанымынан жана тарбиялык баалуулуктарынан жаралган тарбия системасы болуп саналат [8]. Ал инсандын руханий дүйнөсүн байытуу, адамдык сапаттарды калыптандыруу жана коомдо гармониялуу жашоо маданиятын өнүктүрүү максатында колдонулган билимдердин, салттардын жана ишенимдердин жыйындысы болуп эсептелет. Элдик тарбиянын негизги өзгөчөлүгү анын табигыйлыгы, турмуш менен тыгыз байланыштуулугу жана ар бир муун тарабынан жаңыланып, байытылып турушунда.

Кыргыз элинин тарбиялык маданиятынын өзөгүн акылмандык, каада-салттар, элдик оозеки чыгармалар жана ата-бабалардын осуят-насааттары түзөт. Элдик педагогиканын бул баалуулуктарынын ичинде өзгөчө орунду "акелер мурастары" ээлейт. Ысык-Көл аймагындагы акелер эл ичинде акылмандык жана адилеттүүлүк менен айырмаланган, жаштарды адамгерчиликке, эмгекчилдикке, ыймандуулукка жана жоопкерчиликке чакырган руханий мурас калтырган инсандар

[3]. Алардын насааттары, макал-лакаптары жана үлгүлүү жүрүм-туруму элдик педагогиканын жандуу булагы болуп саналат.

Аке мурастарынын тарбиялык маңызы инсандын калыптануу процессине түздөн-түз таасир этет. Адамдын инсан катары калыптанышы бул көп кырдуу психологиялык жана социалдык процесс. Анда үй-бүлө, коом жана маданий чөйрөнүн таасири өзгөчө роль ойнойт. Элдик педагогикалык идеялардын негизинде калыптанган баалуулуктар, мисалы: улууну урматтоо, кичүүгө боорукердик, чынчылдык, эмгекти сүйүү, сабырдуулук жана руханий тазалык адамдын инсандык сапаттарын бекемдөөгө жардам берет. Демек, элдик мурастар аркылуу инсандык өнүгүүнүн психологиялык шарттарын талдоо бүгүнкү күндүн зарылдыгына айланган [8].

Изилдөөнүн актуалдуулугу элдик педагогиканын бай мазмунун жана анын адамдын инсандык калыптанышына болгон психологиялык таасирин азыркы билим берүү системасында пайдалануунун маанисинде турат. Глобалдашуу жана маданий бир тектешүү шартында жаш муундун улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуу, руханий баалуулуктарга негизделген инсанды тарбиялоо маселеси өзгөчө курч турат [6]. Бул жагынан алганда, Ысык-Көлдөгү акелер мурастарын изилдөө улуттук тарбиянын психологиялык потенциалын ачып берүүдө чоң салым кошот.

Элдик педагогиканын психологиялык негизи адамдын ички дүйнөсүн, сезимдерин, ойлорун жана жүрүм-турумун башкаруунун табигый ыкмалары кирет [4]. Кыргыз эли бала тарбиялоодо анын психологиялык өзгөчөлүктөрүн жаш курактан таргып эске алган. Элдик тарбиядагы «жакшы сөз жан эргитет», «балага мээрим жол ачат» деген сыяктуу принциптер позитивдүү психологиянын жана эмпатиялык мамиленин элдик формаларын көрсөтөт.

Элдик психологияда баланын жүрүм-туруму, каадасы жана коомго болгон мамилеси анын үй-бүлөдөгү жана жамааттагы тарбиясына жараша бааланган. Ушундан улам кыргыз тарбиясында мүнөз, абийир, намыс, ыйман сыяктуу түшүнүктөр өзөктүк маниге ээ болгон. Элдик тарбиянын бул элементтери адамдын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы негизги психологиялык факторлор катары кызмат кылган.

Психологиялык жактан алганда, элдик педагогиканын баалуулугу анын инсандык өнүгүүнүн бардык деңгээлин камтый алуусунда: когнитивдик (акыл-эс), эмоционалдык (сезимдер), социалдык (жүрүм-турум жана баарлашуу) жана руханий (өзүн-өзү аңдоо, моралдык ишеним) аталат [2]. Бул төрт багыт аркылуу элдик тарбия адамдын толук кандуу инсан болуп жетилишине өбөлгө түзгөн.

Кыргыз элдик тарбиясында “инсан” түшүнүгү бул жөн гана биологиялык адам эмес, руханий жана коомдук жоопкерчилиги бар жандуу акыл ээси. Элдик насааттарда “жакшы адам – элдин байлыгы”, “адамдык уяттан башталат”, “адамдын адамдыгы ыйманынан билинет” деген сыяктуу сөздөр адамдын ички дүйнөсүнүн маанисин баса белгилейт [4].

Бул философиялык-психологиялык түшүнүк адамдын өзүн-өзү аңдоо, өзүн башкара билүү жана коомго пайдалуу болуу жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган.

Элдик тарбиядагы “инсандык калыптануу” процесси бала кезден башталып, үй-бүлө, жамаат жана коом аркылуу уланат. Бул жерде эң маанилүү ролду ата-эне менен чоңдордун үлгүсү ойнойт. Элдик психологияда бала тарбиялоодо “көргөнүн кылат, укканын айта берет” деген элдик акыл моделдөөчү үйрөнүүнүн (моделирование) эрте формасы болуп эсептелет.

Бул психологиялык мыйзам ченем азыркы социалдык үйрөнүү теориясында (А. Бандура) да тастыкталган. Демек, кыргыз элдик педагогикасы илимий психологиялык түшүнүктөргө дал келген универсалдуу идеяларды камтыйт [9].

Бүгүнкү билим берүү процессинде элдик педагогиканын психологиялык мазмунун колдонуу баланын инсандык өнүгүүсүн улуттук баалуулуктар менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Мугалимдер жана психологдор элдик сөздүн, жомоктун, макалдын жана каада-салттын тарбиялык-психологиялык таасирин пайдаланып, окуучулардын эмоционалдык жана социалдык компетенцияларын өнүктүрө алышат.

Бул жагдайда элдик педагогиканын философиялык жана психологиялык мурастары азыркы заманбап билим берүү теориялары менен өз ара шайкеш келет.

Элдик тажрыйба позитивдүү психологиянын, эмпатиянын жана руханий өнүгүүнүн эң бай булагы [6]. Ал ар бир мугалим үчүн студенттерди инсан катары калыптандырууда үлгү боло ала турган педагогикалык модель болуп саналат. Ошондуктан элдик педагогиканын мазмунун системалаштыруу жана анын психологиялык аспектилерин терең изилдөө улуттук билим берүү илиминин өнүгүүсүндөгү маанилүү багыт болуп эсептелет.

Кыргыз элинин тарыхында "акелер" деп аталган элдик насаатчы, адилеттик жана ыйман жолундагы акылман инсандар өзгөчө орунду ээлешет. Алар коомдун моралдык абалын сактоодо, эл биримдигин бекемдөөгө жана жаш муундарды тарбиялоодо зор роль ойногон. Айрыкча Ысык-Көл өрөөнүндө жашаган акелер өз доорунда элдин руханий турмушун жана тарбия системасын өнүктүрүүдө маанилүү иш-аракеттерди жүргүзүшкөн [7]. Алардын өмүр жолу жана чыгармалары элдик педагогиканын эң жандуу үлгүсү катары бүгүн да актуалдуу маанисин жоготкон жок.

Ысык-Көлдөгү акелер коомдук жашоодо адеп-ахлактык жана руханий тарбиянын башкы алып жүрүүчүлөрү катары таанылган. Алар эл арасындагы талаш-тартыштарды адилет чечип, улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салган. Ошол эле учурда акелер жаштарды тарбиялоо боюнча өздөрүнүн насааттары, осуяттары жана элдик акыл сөздөрү аркылуу чоң иш жасаган.

Акелердин ишмердиги элдик педагогиканын жандуу формасы катары жаш муундардын адамдык сапаттарын калыптандырууга багытталган [1]. Алардын негизги максаты "адамды адам кылуу", башкача айтканда, жаштардын ыйманын, намысын жана жоопкерчилигин ойготуу болгон.

Эл ичинде айтылып келген акелердин сөздөрүндө моралдык-философиялык жана психологиялык терең мазмун жатат. Алар ар дайым: "Адамдын көркү – адебинде", "Билим – байлык, тарбия – жарык", – деп элге үлгү көрсөтүшкөн. Бул насааттар адамдын ички дүйнөсүн өнүктүрүүгө, руханий тазалыкка жана коомдук гармонияга үндөгөн.

Ысык-Көл өрөөнүндө элдик тарбиянын өнүгүшүнө чоң салым кошкон бир катар акелер белгилүү. Алардын арасында Сарт Аке, Карга аке, Мойт аке, Кыдыр аке, Тилекмат аке сыяктуу руханий мурастарды көтөргөн инсандар элдин аң-сезиминде терең из калтырган [7].

Бул инсандар өзүнүн осуяттарында, элдик сөздөрү жана турмуштук үлгүсү аркылуу жаш муундарга адамгерчилик, адеп, эмгекчилдик жана билимге умтулуу сыяктуу сапаттарды үйрөтүшкөн.

Сарт Акенин мурасы элдик педагогиканын үлгүсү катары жашоонун маңызын, элге кызмат кылуунун баалуулугун даңазалайт. Анын айтуусундагы осуяттарындагы көптөгөн бөлүктөрүндө эл биримдиги, адамдык намыс, ата-энеге жана жерге болгон сүйүү темалары басымдуулук кылат. Бул көркөм сюжеттер элдик тарбиянын психологиялык механизмдерин эмпатияны, моралдык жоопкерчиликти, жана баатырдык духту калыптандырууда зор роль ойнойт [5].

Мойт акенин мурастары да педагогикалык мааниге ээ. Ал өзүнүн насаат сөздөрүндө билимге чакыруу, сабырдуулук жана ыйманды сактоо темаларына өзгөчө көңүл бурган. Анын "жакшы сөз – жан дарысы" деген түшүнүгү бүгүнкү позитивдүү психологиянын негизги принциптерине дал келет.

Карга аке болсо билим берүү системасында элдик маданиятты сактоо менен бирге, илимдин жана билимдин ролун жогору баалаган осуяттарын айткан. Анын осуяттарында элдик педагогиканын модернизацияланган формасы катары каралууга тийиш.

Акелердин мурастары педагогикалык жактан төмөнкү негизги идеяларды камтыйт: ыйман жана адептин жогору болушу инсандык калыптануунун негизи. Акелер "ыймансыз адам тамыры жок дарак" деп бекеринен айтышкан эмес; эмгек аркылуу адамдык өнүгүү - элдик тарбиянын философиялык өзөгү; улууну урматтоо жана кичүүгө мээрим көрсөтүү социалдык жана эмоционалдык интеллекттин элдик формасы; билимге жана акылга умтулуу инсанды коомдун активдүү мүчөсүнө айланткан психологиялык стимул; элге кызмат кылуу жана биримдикти сактоо коомдук жоопкерчиликти тарбиялоонун негизги багыты [3].

Бул принциптердин бардыгы азыркы педагогикалык жана психологиялык илимдер менен толук шайкеш келет. Мисалы, моралдык өнүгүү теориялары (Кольберг, Пиаже) акелердин насааттарында айтылган инсандын ички мотивациясын түшүндүрүп берет.

Азыркы мезгилде акелердин руханий мурастарын билим берүү системасына интеграциялоо - улуттук идеологиянын, маданий баалуулуктардын жана тарбиянын жанданууусуна өбөлгө түзөт. Айрыкча Ысык-Көл аймагындагы мектептерде жана жогорку окуу жайларда элдик педагогика элементтерин колдонуу окуучулардын руханий маданиятын, адамкерчилигин жана эмпатиялык жөндөмүн өнүктүрөт.

Мугалимдер акелердин насааттарын сабактарда колдонуу менен окуучуларга:элдик сөздүн терең маанисин түшүндүрүүгө, моралдык баалуулуктарды аңдоо жөндөмүн өнүктүрүүгө,улуттук идентүүлүк сезимин калыптандырууга жардам бере алышат.

Акелердин идеяларын психологиялык жактан талдоодо алардын ар бир насааты адамдын ички дүйнөсүнө, өзүн-өзү аңдоосуна жана коомдук жүрүм-турумуна тийгизген таасири чоң экени көрүнөт. Демек, бул мурастарды билим берүү процессинде колдонуу - заманбап инсанды тарбиялоонун эффективдүү улуттук модели катары каралышы мүмкүн [5].

Инсандык калыптануу бул адамдын биологиялык, социалдык жана руханий өнүгүүсүнүн үзгүлтүксүз процесси болуп саналат. Ал тарбиялык таасирлердин, коомдук шарттардын жана ички психологиялык факторлордун өз ара байланышы аркылуу ишке ашат. Элдик педагогикалык идеялар ушул процесстин табигый жана маданий негизи катары адамдын руханий дүйнөсүн, моралдык сапаттарын жана социалдык жүрүм-турумун калыптандырууда чоң ролду ойнойт.

Психологиялык илимде инсандык калыптануу – бул инсандык сапаттардын, баалуулуктардын жана жүрүм-турум моделдеринин туруктуу системасынын пайда болуу процесси катары аныкталат. Л.С. Выготский, С.Л. Рубинштейн, А.Н. Леонтьев сыяктуу окумуштуулар инсанды коомдук-тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы катары карашкан. Инсандык сапаттардын калыптанышында социалдык чөйрө, маданий баалуулуктар жана тарбиянын системалуу таасири негизги ордуна ээ [8].

Элдик педагогикалык идеялар дал ушул социалдык жана маданий факторлордун концентралдык чагылуусу болуп саналат. Кыргыз элинин элдик тажрыйбасында инсандын өнүгүүсү “жаштан баштап үйрөнүү”, “уулуга урмат”, “ата-энени ыйык тутуу”, “адилеттик жана сабырдуулук” сыяктуу принциптер аркылуу камсыз кылынган. Бул принциптер өз кезегинде инсандык калыптануунун психологиялык механизмдерин шарттайт.

Элдик педагогиканын инсандык калыптанууга тийгизген таасирин психологиялык аспектиде төмөнкү негизги механизмдер аркылуу түшүндүрүүгө болот:

Идентификация – бул адамдын башка инсандардын жүрүм-турумуна, баалуулуктарына жана дүйнө таанымына окшошууга умтулуусу. Кыргыз элдик тарбиясында бала ата-энесине, акеге, улууларга окшош болууга умтулат. “Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат” деген макал дал ушул идентификациялык процессти чагылдырат [7]. Адам өзүнүн инсандык сапаттарын социалдык үлгү аркылуу калыптандырат.

Элдик насааттар, макал-лакаптар жана осуяттар баланын аң-сезимине терең сиңип, ички ишенимдер системасын түзөт. Мисалы, “Эмгекчил эл ырыска тойот”, “Чынчыл адамдын жолу жарык” деген сыяктуу осуяттар адамдын моралдык-коммуникативдик багытын аныктайт. Бул процесс интроекция механизминин негизинде ишке ашат - башкача айтканда, коомдук баалуулуктар адамдын ички дүйнөсүнө өтүп, анын инсандык “Менин” бөлүгүнө айланат [1].

Элдик педагогикалык идеяларда боорукердик, жакшылык жана мээрим өзөктүк орунда турат. “Боорукер адам бар жерде бейпилдик болот” деген элдик түшүнүк эмпатия сезимин өнүктүрөт. Эмпатия - бул башка адамдын абалын түшүнүп, ага моралдык жактан боор ооруй билүү жөндөмү [6]. Психологиялык жактан бул инсандын социалдык интеллектин жана эмоционалдык өзүн-өзү жөнгө салуу жөндөмүн өнүктүрөт.

Элдик идеялар инсандык өнүгүүнүн ички түрткүсүн (мотивациясын) калыптандырат. Мисалы, “Эмгек – адамды бийик кылат” деген элдик түшүнүк максат коюу, аракеттенүү жана өзүн-өзү ишке ашыруу мотивин күчөтөт 4]. Бул механизм аркылуу адам өзүнүн ички энергиясын позитивдүү ишмердикке багыттайт.

Аке мурастарында “Адам акылы менен бийик” деген түшүнүк өзгөчө орунда турат. Бул идея когнитивдик өнүгүүнү – ой жүгүртүү, чечим кабыл алуу, өз иш-аракетин талдоо жана баалоо жөндөмүн өнүктүрөт. Рефлексия – бул адамдын өзүн түшүнүү, өзүнүн кемчиликтерин көрүү жана оңдоого умтулуу процесси. Элдик педагогикалык идеялар бул механизмди жашоонун ар бир стадиясында колдойт.

Элдик педагогиканын негизинде инсандык сапаттар төмөнкү моделдер аркылуу калыптанат:

1. Моралдык модель – чынчылдык, адилеттик, сабырдуулук, ыйман сыяктуу сапаттарды бекемдөө;
2. Социалдык модель – коомдук жоопкерчилик, биримдик, өз ара жардамдашуу, улууну урматтоо;
3. Эмоционалдык модель – позитивдүү сезимдерди, ички тынчтыкты, боорукердикти өнүктүрүү;
4. Интеллектуалдык модель элдик акылмандык аркылуу ой жүгүртүүнү, логиканы жана чыгармачылыкты өрчүтүү [4].

Бул моделдердин баары бирдиктүү системада иштеп, инсандык калыптануунун көп кырдуу процессин камсыз кылат.

Заманбап билим берүү системасында элдик идеяларды колдонуу төмөнкүдөй практикалык жолдор менен жүзөгө ашырылат: психологиялык-педагогикалык программаларда элдик баалуулуктарды интеграциялоо; тренингдерде жана сабактарда инсандын өзүн-өзү баалоо, өз ара түшүнүү көндүмдөрүн элдик философия аркылуу өнүктүрүү; ата-энелер менен иштөөнүн формаларында улуттук тарбия принциптерин колдонуу; жаш муунга руханий баалуулуктарды сиңирүүдө элдик үлгүлөрдү мотивациялык фактор катары пайдалануу.

Элдик педагогикалык идеялардын инсандык калыптанууга тийгизген таасирин изилдөө кыргыз элинин тарыхый-маданий тажрыйбасын, руханий мурастарын жана адамдын ички дүйнөсүнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жаңыча түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Элдик таалимдин терең маңызы бул адамды жөн гана билимдүү эмес, ыймандуу, боорукер, адилет жана жоопкерчиликтүү инсан катары тарбиялоодо [1].

Элдик педагогика - инсандык калыптануунун психологиялык негизи, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталгандай, элдик тарбия инсандын руханий жана моралдык өнүгүүсүнүн табигый системасы болуп саналат [4]. Элдик идеялар аркылуу бала жаратылыш менен, коом менен жана өзүнүн ички дүйнөсү менен гармониялуу жашоого үйрөнөт. Ысык-Көл аймагындагы акелер мурастары элдик акылмандыктын жандуу булагы болуп саналат. Акелердин осуяттары, насааттары жана турмуштук мисалдары кыргыз коомунда адеп-ахлактын, руханий тазалыктын жана акыл-эстин символу катары калыптанган. Алардын идеялары инсандык өнүгүүнүн психологиялык механизмдерин идентификация, эмпатия, мотивация, рефлексия жана когнитивдик өнүгүүнү активдештирет. Элдик идеялар инсандык калыптануунун ички (психологиялык) жана тышкы (социалдык) факторлорун бириктирет. Инсандык өнүгүү процесси бир гана билим берүү системасы аркылуу эмес, элдик маданияттын баалуулуктары аркылуу да ишке ашат. Элдик акылмандык адамдын жүрүм-турумун жөнгө салып, ички эрктүүлүк, жоопкерчилик жана моралдык туруктуулук сапаттарын бекемдейт. Элдик педагогиканын гуманисттик жана психотерапевтик функциясы, элдик сөз, жомок, макал, осуят аркылуу адамдын ички дүйнөсү айыгат, тынчтанат, жашоого ишеними бекемделет [1]. Бул процесс азыркы психологиядагы позитивдүү ой жүгүртүү, эмоционалдык интеллект жана өзүн-өзү актуалдаштыруу теориялары менен шайкеш келет. Заманбап билим берүүдө элдик идеяларды колдонуу зарыл, бүгүнкү муун үчүн глобалдашуу шартында улуттук өзгөчөлүктөрүн сактоо, руханий тамырын таануу жана моралдык принциптерге таянуу өтө маанилүү. Элдик педагогикалык идеяларды билим берүү процессине интеграциялоо инсандык туруктуулукту жана коомдук биримдикти бекемдейт. Элдик идеялардын психологиялык механизмин изилдөө улуттук руханий мурастарды заманбап илим менен айкалыштыруу жолу. Бул процесстин натыйжасында билим берүү системасы адамдын ички дүйнөсүнө, эмоциясына жана руханий өнүгүүсүнө багытталган гуманисттик мүнөзгө ээ болот.

Ысык-Көл аймагындагы акелердин педагогикалык мурастары элдик акылмандыктын, руханий тазалыктын жана адеп-ахлактык тарбиянын баа жеткис булагы. Алардын ар бир осуяты жана

ишмердиги кыргыз элдик педагогикасынын теориялык жана практикалык мазмунун байытып, адамдын инсандык калыптануусуна түздөн-түз таасир эткен. Бүгүнкү күндө бул мурастарды кайра изилдөө, системалаштыруу жана билим берүү системасына киргизүү улуттук педагогиканын өнүгүүсүнүн маанилүү багыты болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Абдылдаев, А. Кыргыз эл педагогикасы жана инсандык калыптануу. Бишкек: Улуттук университет басмасы.- 2018.
2. Асанова, С. (2020). Элдик нарк жана замандын психологиясы. Бишкек: Илим журналы. - 2020.
3. Бакиров, Т. Акелер мурастарынын тарбиялык мааниси. Бишкек: Элдик билим. – 2017.
4. Джуманова, Н. Элдик педагогикалык идеялар жана алардын азыркы билим берүүдө колдонулушу. Ош: Илим журналы. – 2019.
5. Жунусова, Р. Калыптануу жана элдик философия. Бишкек: Филология жана психология басмасы. – 2021.
6. Султанова, Д. Психология жана улуттук тарбия. Бишкек: Илим-практика журналы. 2020.
7. Усенов, К. Акелердин насааттары жана жаш муун. Бишкек: Эл маданияты журналы. – 2017.
8. Фёдоров, В. Психология и педагогика народной традиции. Москва: Наука. – 2019.

Рецензент: пед. и.к., доцент Курманалиева Ч.К.

УДК.373.31

Раимкулова А.С., Курманалиева Р. А.

Раимкулова А.С., Курманалиева Р. А.

Raimkulova A.S., Kurmanalieva R. A.

ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТЫН ЖАНРЛАРЫ АРКЫЛУУ ААЛАМДАШУУ МЕЗГИЛИНДЕГИ ТАРБИЯЛООНУН МАСЕЛЕСИ
ПРОБЛЕМА ВОСПИТАНИЯ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ ЧЕРЕЗ ЖАНРЫ МИРОВОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
THE ISSUE OF EDUCATION IN THE ERA OF GLOBALIZATION THROUGH THE GENRES OF WORLD LITERATURE PLAYS A SIGNIFICANT ROLE IN THE MODERN EDUCATIONAL PROCESS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада, дүйнөлүк адабияттын жанрлары аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги тарбиялоонун маселеси бүгүнкү билим берүү системасында өзгөчө мааниге ээ экени талданат. Адабий чыгармалар, анын ичинде поэзия, роман, драма жана эсселер, студенттердин глобалдык аң-сезимин жана маданий түшүнүгүн өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Дүйнөлүк адабият ааламдашуу процесстеринин жана глобалдык маселелердин терең түшүнүгүн берип, жаштарды ар түрдүү маданияттар менен ынтымакта жана сый-урматта жашоого даярдайт. Санариптик технологиялардын колдонулушу, анын ичинде онлайн платформалар, мультимедиа жана интерактивдүү тиркемелер, адабий тексттерди изилдөөдө жаңы ыкмаларды сунуштап, студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн жана креативдүү чечимдерди өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Бул ыкмалар жаш муундарды ааламдашуу шарттарына даярдоо менен бирге, алардын сынчыл ой жүгүртүүсүн, коммуникациялык жөндөмдөрүн жана маданий аң-сезимин өркүндөтүүгө жардам берет.

Аннотация: В данной статье рассматривается проблема воспитания в эпоху глобализации через жанры мировой литературы, который имеет особое значение в современном образовательном процессе. Литературные произведения, включая поэзию, романы, драмы, эссе и др. играют важную

роль в развитии глобального сознания и культурного понимания студентов. Мировая литература предоставляет глубокое понимание процессов глобализации и мировых проблем, помогая подготовить молодежь к жизни в гармонии и уважении с различными культурами. Использование цифровых технологий, таких как онлайн платформы, мультимедийные ресурсы и интерактивные приложения, предлагает новые методы изучения литературных текстов, способствуя развитию критического мышления и креативных решений у студентов. Эти методы, в свою очередь, помогают подготовить молодежь к вызовам глобализации, улучшая их критическое мышление, коммуникационные навыки и культурное сознание.

Abstract: This article explores the issue of education in the era of globalization through the genres of world literature, which holds significant importance in the modern educational process. Literary works, including poetry, novels, dramas, and essays, play an essential role in developing students' global consciousness and cultural understanding. World literature provides a deep understanding of globalization processes and global issues, helping prepare youth to live in harmony and respect with diverse cultures. The use of digital technologies, such as online platforms, multimedia resources, and interactive applications, offers new methods of studying literary texts, promoting the development of critical thinking and creative problem-solving among students. These methods, in turn, help prepare youth for the challenges of globalization, improving their critical thinking, communication skills, and cultural awareness.

Негизги сөздөр: поэзия; роман; драма; эссе; ааламдашуу; глобалдык процесстер; дүйнөдөгү саясий; экономикалык; социалдык өзгөрүүлөр.

Ключевые слова: поэзия; роман; драма; эссе; глобализация; глобальные процессы; политические; экономические; социальные изменения в мире.

Keywords: poetry; novel; drama; essay; globalization; global processes; political; economic; social changes in the world.

Ааламдашуу доору бүгүнкү күндө коомдун бардык тармактарына, анын ичинде билим берүү жана тарбия процесстерине олуттуу таасирин тийгизип жатат [1]. Дүйнөлүк адабияттын ар кыл жанрлары ар кайсы доорлордо жана маданияттарда калыптанган моралдык баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу менен өзгөчөлөнөт. Мисалы, эпостор адамдардын патриоттук сезимин эрдигин жана коллективдик жоопкерчиликти көрсөтсө, трагедиялар терең философиялык ой жүгүртүүгө жана адептик тандоонун кыйынчылыктарын түшүнүүгө жардам берет. Ушундай чыгармалардын негизинде өсүп келе жаткан муундар глобалдык чөйрөдө адашпай, өзүнүн инсандык негиздерин жоготпоого үйрөнөт[2].

Бирок, ааламдашуу процессинин алкагында дүйнөлүк адабияттын тарбиялык потенциалын толук колдонуу бир катар көйгөйлөрдү жаратат. Алардын бири — маданияттардын ар түрдүүлүгүнөн улам руханий жана адептик баалуулуктардын универсалдуу нормаларын аныктоодогу кыйынчылыктар. Экинчиден, маалыматтык технологиялар доорунда классикалык адабиятка кызыгуунун төмөндөшү да олуттуу маселеге айланып жатат. Ошентсе да, адабияттын жанрлары аркылуу тарбиялоо — ааламдашуу доорунда маданий диалогдун жана инсандык өнүгүүнүн өзөктүү аспектиси болуп калууда. Бул багытта адабият сабагында адептик баалуулуктарды калыптандыруу боюнча методикалык изилдөөлөрдү күчөтүү жана жаш муундардын руханий аң-сезимин жогорулатуу негизги милдеттердин бири болуп эсептелет.

Дүйнөлүк адабияттын жанрлары аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги тарбиялоонун маселеси терең жана ар тараптуу талдоого багытталган. Бул процессте теориялык анализ, салыштырмалуу изилдөө жана эмпирикалык ыкмалар негизги методдор катары колдонулат. Теориялык анализ аркылуу адабий чыгармалардын тарбиялык аспектилери жана ааламдашуу шартындагы мааниси каралат, салыштырмалуу метод жанрлардын ортосундагы жалпы жана өзгөчөлүктөрдү аныктоого көмөктөшөт, ал эми эмпирикалык изилдөө окутуу практикасында адептик баалуулуктарды

жеткирүүдө колдонулуучу ыкмаларды талдоого шарт түзөт. Бул ыкмаларды бириктирүү ааламдашуу доорунда адабияттын тарбиялык потенциалын толук ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Адабият жанрлары – бул адабий чыгарманын мазмуну, формасы, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жана функционалдык багыты боюнча айырмаланган негизги типологиялык түрлөрү. Алар лирика, эпикалык жана драма сыяктуу кеңири топторго бөлүнүп, өз ара жанрларга бөлүнөт, мисалы, роман, повесть, аңгеме, ыр, элегия, сонет, трагедия, комедия жана башка түрлөрдү камтыйт. Адабияттын жанрлары эстетикалык жана социалдык баалуулуктардын ар түрдүүлүгүн чагылдыруу аркылуу адамзаттын тарыхый жана маданий тажрыйбасын изилдөөгө багытталган.

Дүйнөлүк адабияттын жанрлары аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги тарбиялоо маселесин изилдөөдө комплекстүү методологиялык ыкма колдонулат Хэмилтон Грант, Хенитиук Валери, Мани Винкад, Аптер Эмили, Дамрош Дэвид чет элдик окумуштуулар дүйнөлүк адабиятты ааламдашуу доорундагы глобалдык процесс менен байланыштырып изилдөөлөр жүргүзүшкөн. Хэмилтон "Дүйнөлүк адабият жөнүндө" макаласында адабияттын глобалдык байланыштарынын маанисин жана анын маданий чеги жоктугун талкуулайт[3].

Ааламдашуу шарттарында адабият коомдук жана саясий өзгөрүүлөрдү түшүнүүгө көмөктөшөт[4]. Ошол эле учурда, компьютердик технологиялар билим берүү процессине жана адабиятты өздөштүрүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келип, окуучулардын дүйнөлүк адабият менен таанышуусун, ошондой эле глобалдык баалуулуктарды үйрөнүүсүн жеңилдетет. Адабияттын жана компьютердик технологиялардын биргеликте колдонулушу билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жана ааламдашкан коомдо терең билимдүү, сынчыл ой жүгүртүүгө ээ болгон муунду тарбиялоого өбөлгө түзөт. С.К. Калдыбаевдин "Жалпы билим берүү мектептеринде үйрөнүү натыйжаларын компьютердик диагностика кылуу" (2007) эмгеги билим берүү чөйрөсүндөгү компьютердик технологиялардын колдонулушу боюнча маанилүү изилдөө аныктаган[5]. С.К. Калдыбаевдин айтуусунда маалыматтык технологиялардын билим берүү процессине киргизилиши, окуучулардын окуу жетишкендиктерин автоматтык баалоо үчүн эффективдүү курал катары колдонулушу жөнүндөгү маселелерди терең изилдейт деген ойду келтирген[6;7]. Бул эмгек дүйнөлүк билим берүү системасында компьютердик диагностиканы колдонуу боюнча алдыңкы изилдөөлөрдүн катарына кирет жана педагогикалык баалоо системаларын жаңыртууга чоң салым кошот деген ойду келтирген. Хенитиук болсо, адабиятты которуу жана дүйнөлүк адабияттын орток текст катары маанисин изилдеп, аны глобалдык байланыштыруу жолдорун карайт. Винкад Мани болсо дүйнөлүк адабияттын коомдук турмуштагы ролу жана жаңы медианын адабиятты таратуудагы маанисин боюнча ойлорун билдирет. Эмили Аптер болсо салыштырмалу адабиятта которуунун ролун жана дүйнөлүк адабиятты аңдоодогу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү карайт. Ал эми Дэвид Дамрош, өзүнүн "Дүйнөлүк адабият деген эмне?" китебинде адабияттын глобалдык аспектилерин жана анын адабий изилдөөлөргө кандай таасир этерин талдайт. Бул окумуштуулардын изилдөөлөрү адабияттын глобалдык мезгилинде билим берүү жана тарбиялоо процесстерине кандайча таасир тийгизип, анын ааламдашуу шартындагы маанисин ачып көрсөтөт[8].

Студенттердин жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө көп учурда колдонулган компетенттүүлүктөрдүн бири — бул аналитикалык ой жүгүртүү. Бул жөндөм студенттерге маалыматтарды системалуу түрдө талдоо, аргументтерди жана концепцияларды терең түшүнүү үчүн маанилүү. Ал ошондой эле өзгөчө адабий текстти жана глобалдык маселелерди талдоо аркылуу студенттерге кандайдыр бир проблеманы түшүнүү жана чечүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Мындан тышкары, критикалык ой жүгүртүү компетенттүүлүгү глобалдык билим берүү контекстинде адамдын жеке жана коомдук маанилүү маселелерди түшүнүүсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт:

1. *Критикалык ой жүгүртүү* — бул студенттерге дүйнөлүк адабият жана теориялык чыгармаларды терең жана ар тараптуу талдоо, маалыматтарды негиздүү кабыл алуу жана татаал маселелерге чечимдерди логикалуу жана системалуу түрдө табууга жардам берүүчү маанилүү компетенттүүлүк болуп саналат.

2. *Коммуникациялык компетенттүүлүк* студенттердин идеяларды ишенимдүү жана түшүнүктүү түрдө айтып берүү, жазуу жана ар кандай академиялык талкууларга катышуу жөндөмдөрүн камтып, илимий маалыматтарды ачык жана натыйжалуу түрдө билдирүүгө мүмкүндүк берет.
3. *Маданий аң-сезим* ар түрдүү маданий элементтерди жана баалуулуктарды түшүнүү жана баалоо жөндөмдүүлүгүн камтыйт, бул студенттерге дүйнөлүк адабиятты жана глобалдык маселелерди терең жана туура түшүнүүгө мүмкүндүк берет, ошондой эле ар түрдүү маданий перспективалардан адабий чыгармаларды анализдөө мүмкүнчүлүгүн түзөт.
4. *Проблемаларды чечүү жөндөмдүүлүгү* — бул кыйынчылыктарды аныктап, аларды жаңы жана креативдүү чечимдер менен чечүү жөндөмү. Дүйнөлүк адабият контекстинде бул жөндөм студенттерге коомдук жана маданий маселелерди талдап, адабий сын аркылуу чечимдерди сунуштоону камтыйт.
5. *Глобалдык көз караш* — бул глобалдык маселелерди, тенденцияларды жана көз караштарды түшүнүү жана баалоо жөндөмү, ал дүйнөлүк адабиятты талдоо жана анын жалпы адамзаттык аң-сезимди түзүүдөгү маанилүү ролун түшүнүү үчүн өтө маанилүү. Бул компетенттүүлүк студенттерге дүйнөлүк коомдордун бири-бири менен байланышкандыгын жана адабий чыгармалар аркылуу глобалдык маселелердин чагылдырылышын түшүнүүгө жардам берет. Дүйнөлүк адабият студенттердин глобалдык аң-сезимин калыптандырууга өбөлгө түзөт, анткени ал ар түрдүү маданияттардын жана элдердин ортосундагы өз ара байланышты жана глобалдык көйгөйлөргө карата көз караштарды чагылдырат.

Бул компетенттүүлүктөр студенттерди дүйнөлүк адабият менен терең байланышта болгон жана ааламдашуу шарттарында калыптанган маанилүү маселелерге дайыма даяр болууга даярдайт. Бул компетенттүүлүктөр студенттерди дүйнөлүк адабият менен терең байланыштырып, ааламдашуу шарттарында калыптанган маанилүү маселелерге дайыма даяр болууга жардам берет. Адабий чыгармалардын ар түрдүү жанрларында камтылган глобалдык темалар жана маселелер, студенттерге адамзаттык баалуулуктарды жана социалдык көйгөйлөрдү тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул өз кезегинде студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, ааламдашуу, маданий айырмачылыктар жана дүйнөлүк карым-катнаштарга карата терең жана сынчыл көз караштарды калыптандырууга жардам берет. Окумуштуулар жана педагогдор бул компетенттүүлүктөрдү пайдаланып, студенттердин дүйнөлүк адабиятка болгон кызыгуусун арттырып, алардын глобалдык контекстте билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө умтулушат.

Гаятри Чакраворти Спивактын **"Дисциплинанын өлүмү"** (2003) аттуу эмгеги гуманитардык билим берүүнүн жана адабий изилдөөлөрдүн глобалдык көз карашта өзгөрүүлөрүн терең талдайт. Ал ааламдашуу шартында дисциплинардык чек аралардын мааниси жоголуп, салыштырмалуу адабият сыяктуу тармактардын трансформациясы жөнүндө сөз кылат. Спивактын пикири боюнча, дүйнөлүк адабият жана билим берүү глобалдык маданий баалуулуктарды жана көп түрдүүлүктү изилдөө менен тарбиялоонун жаңы ыкмаларын калыптандырууга багытталат. Китепте дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуу жана интеллектуалдык көз караштарды кеңейтүү зарылдыгы баса белгиленген. Бул эмгек ааламдашуунун гуманитардык илимдердеги таасирин тереңирээк түшүнүү жана бул өзгөрүүлөрдүн тарыхый, социалдык жана саясий чөйрөдөгү маанисин аныктоо үчүн маанилүү булак болуп эсептелет деген ойду келтирген[4].

Дүйнөлүк адабияттын жанрлары аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги тарбиялоо маселеси боюнча негизги натыйжалар:
1. *Глобалдык аң-сезимди өнүктүрүү* - дүйнөлүк адабият ар кандай маданияттардын, баалуулуктардын жана тажрыйбалардын өз ара байланышын чагылдыруу аркылуу студенттердин глобалдык аң-сезимин өнүктүрөт. Бул дүйнөлүк тенденцияларды түшүнүүгө жана маданият аралык диалогду илгерилетүүгө шарт түзөт.
2. *Маданий көп түрдүүлүктү таануу* - адабияттын жанрлары аркылуу студенттер ар кайсы маданияттардын өзгөчөлүктөрүн жана баалуулуктарын тереңирээк түшүнүүгө жетишет. Поэзия,

проза жана драмалык чыгармалар ар кандай коомдордун тарыхый, социалдык жана саясий чөйрөлөрүн чагылдырат.

3. *Этикалык жана моралдык баалуулуктарды калыптандыруу* - дүйнөлүк адабияттын чыгармалары адамдык жүрүм-турумдун негиздерин, коомдук көйгөйлөрдү жана адилеттүүлүктү изилдөө үчүн маанилүү каражат болуп саналат. Бул студенттердин этикалык жана моралдык баалуулуктарын калыптандырууда чоң роль ойнойт.

4. *Критикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүү* - адабий чыгармаларды анализдөө жана талдоо студенттерди сынчыл ой жүгүртүүгө жана ар тараптуу түшүнүккө үйрөтөт. Бул жөндөм студенттерге глобалдык маселелерди талдоо жана аларга негизделген чечимдерди сунуштоо үчүн зарыл.

5. *Адабият жана ааламдашуу байланышы* - адабият ааламдашуу процессинде жалпы баалуулуктарды жана көйгөйлөрдү чагылдырган көпүрө болуп саналат. Бул чыгармалар ар кайсы өлкөлөрдүн жана элдердин өз ара түшүнүшүнө жана маданий айырмачылыктарды баалоосуна көмөктөшөт.

6. *Проблемаларды чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрү*- дүйнөлүк адабият аркылуу коомдук жана жеке маселелерге чечимдерди издөөгө, чыгармачыл жана креативдүү ой жүгүртүүгө шарт түзүлөт. Бул өзгөчө заманбап глобалдык чакырыктарды чечүүдө маанилүү.

7. *Тил жана коммуникация компетенттүүлүгү* - адабий чыгармалар тилди терең өздөштүрүүгө жана аны ар кандай контексттерде натыйжалуу колдонууга жардам берет. Мындан тышкары, студенттердин ой жүгүртүүсүн жана пикир алмашуу жөндөмдөрүн жакшыртат.

8. *Тарбиянын негизги багыттары катары адабият* -дүйнөлүк адабияттын жанрлары жаш муундарды тарбиялоодо маанилүү курал болуп саналат. Ал жаштардын жеке инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө, алардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууда жана глобалдык коомдун мүчөлөрү катары ордун аныктоодо чоң роль ойнойт.

Бул натыйжалар адабияттын жанрларын колдонуу аркылуу ааламдашуу шарттарында тарбиялоо маселесин ийгиликтүү ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңири ачып берет. Адабият жаштарга маданий жана этикалык баалуулуктарды терең түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берип, алардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана коомдук көйгөйлөрдү аңдап түшүнүүсүнө шарт түзөт. Ааламдашуу шарттарында адабияттын жанрлары аркылуу глобалдык аң-сезимди калыптандыруу, тил жана маданият аралык коммуникация жөндөмдөрүн өркүндөтүү заманбап билим берүүнүн маанилүү багыттары болуп саналат. Дүйнөлүк адабияттын жанрлары студенттерге жеке инсандык сапаттарды өнүктүрүүдө жана алардын дүйнөгө болгон кеңири көз карашын калыптандырууда олуттуу тарбиялык роль ойнойт. Анын универсалдуу мүнөзү жана ар түрдүү маселелерди чагылдыруу жөндөмү билим берүүнүн теориялык жана практикалык жактарын байытып, жаштарды ааламдашуу доорундагы глобалдык чакырыктарга даярдоого багытталган эффективдүү методология катары колдонулат.

Дүйнөлүк адабияттын жанрлары аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги тарбиялоо маселесин талкуулоо, глобалдык аң-сезимди жана маданий өз ара түшүнүшүүнү калыптандыруу үчүн олуттуу практикалык жана теориялык мүмкүнчүлүктөрдү ачат. К.А Зулпуеванын айтымында билим берүү чөйрөсүндө, айрыкча педагогикалык методдорду, сабаттуулукту жана окууда маданий интеграцияны изилдөөдө башталгыч класстан санариптик сабаттуулука калыптандыруу оң натыйжа берет деген ойду келтирген. Ааламдашуу шарттарында тил, маданият жана коомдук баалуулуктарга байланышкан тарбиялык максаттарды ишке ашырууга багытталган, бул жаштарды глобалдык чакырыктарга даярдоо үчүн маанилүү экендигин айткан [5].

Адабият жана маданият аралык байланыш адабияттын жанрлары маданий өзгөчөлүктөрдү чагылдыруу жана башка элдердин каада-салтын тереңирээк түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берет:

Тарбиялык багыттары- адабияттын жанрлары тарбия процессинде негизги каражат болуп саналат. Алардын мазмуну этикалык жана моралдык баалуулуктарды изилдөө, инсандык сапаттарды калыптандыруу жана жаштарды жоопкерчиликке үйрөтүүдө колдонулат. Бул чыгармалар адамдык

жүрүм-турумдун универсалдуу принциптерин ачып берүү менен студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын кеңейтет[9].

Критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү - **а**дабий чыгармаларды талдоо жана сынчыл изилдөө студенттердин аналитикалык жөндөмдөрүн өркүндөтөт. Ааламдашуу шарттарында бул жөндөмдөр жаштарды ар кандай көйгөйлөрдү комплекстүү чечүүгө жана глобалдык маселелерди тереңирээк түшүнүүгө даярдайт.

Маданий көп түрдүүлүктү тааануу - адабияттын жанрлары ар түрдүү маданияттардын көп кырдуулугун чагылдырып, маданият аралык айырмачылыктарды урматтоого үйрөтөт. Бул, өз кезегинде, толеранттуулукту, өз ара түшүнүшүүнү жана маданий баалуулуктарды баалоону өнүктүрөт.

Адабият жана тилдик компетенция - адабий чыгармалар тилди өздөштүрүүнүн натыйжалуу каражаты болуп саналат. Дүйнөлүк адабият аркылуу студенттер лингвистикалык жөндөмдөрүн өркүндөтүү менен бирге, өз ойлорун так жана түшүнүктүү жеткирүүгө үйрөнүшөт.

Адабияттын практикалык мааниси -адабияттын жанрлары практикалык турмушка да таасир этет. Алар жаштарды коомдук жана жеке көйгөйлөрдү чечүүгө үйрөтүүдө, чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүүдө маанилүү курал болуп эсептелет.

Ошол эле учурда, адабияттын ар тараптуу таасири билим берүү системасында теориялык жана практикалык максаттарды ийгиликтүү ишке ашырууга шарт түзүп, жаштарды дүйнөлүк чакырыктарга жооп берүүгө даярдайт. Ошол эле учурда, бул жанрлар дүйнө элдеринин маданияттарын, каада-салттарын жана баалуулуктарын терең түшүнүүгө шарт түзүп, маданият аралык байланыштарды бекемдейт.

Жыйынтыктап айтканда, дүйнөлүк адабияттын жанрларын билим берүү процессинде колдонуу азыркы ааламдашуу доорунда жаш муундарды дүйнөлүк аренадагы глобалдык чакырыктарга туруштук берүүгө даярдоодо маанилүү курал болуп саналат. Глобалдык көз караштарды интеграциялоо студенттерге көптөгөн ийгиликтерге жетишүүгө жана алардын ар түрдүү глобалдык контексттерде туура чечимдерди кабыл алуу жөндөмүн өстүрүүгө шарт түзөт. Мындай процесс сынчыл ой жүгүртүүнү, коммуникациялык жөндөмдөрдү жана маданий аң-сезимди өнүктүрүүнү талап кылат, булар жаштарды дүйнөдөгү ар түрдүү социалдык жана маданий кырдаалдарга ийгиликтүү адаптациялоого жардам берет. Дүйнөлүк адабиятты жана анын багыттарын талдоо аркылуу студенттер дүйнө элдеринин байланыштарын түшүнүп, интеллектуалдык жана этикалык лидерликке даярдоого жардам берет.

Колдонулган адабияттар

1. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. – Бишкек, 2018. – 154 б.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Педагогика, 2003 – 332 б.
Айрыкча педагогикалык кесипке болгон кызыгууну эрте калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуу. Педагог билим берүү процессинде негизги фигура болуп саналат, анткени анын кесиптик даярдыгы жана ички мотивациясы окуучулардын билим алуудагы ийгилигине жана инсандык өнүгүүсүнө түз таасир этет [5; 3]. Демек, мектеп этабынан тартып педагогикалык ишмердүүлүктүн мазмунун, моралдык жоопкерчилигин жана коомдук маанисин түшүндүрүү — келечектеги сапаттуу кадр потенциалын даярдоонун бир шарты. Ошол эле учурда педагогдун тарбиялык ишмердүүлүгү окуучулардын баалуулуктарын жана ден соолугуна байланышкан жүрүм-турум маданиятын калыптандыруу менен да байланыштуу экени белгиленет [13].

Заманбап шартта билим берүү технологиялары кесипке багыттоонун мазмунун кеңейтип, окутууну пассивдүү маалымат берүү формасынан активдүү, өз ара аракеттенүүгө негизделген процесске айландырууда [7]. Окуучу кесип тууралуу маалыматты угуп гана тим болбостон, байкоо жүргүзүп, талдап, тажрыйба жасап, рефлексия кылганда гана педагогикалык кесип жөнүндө реалдуу, ишенимдүү түшүнүк пайда болот.

Кесиптик өзүн-өзү аныктоо — көп этаптуу жана көп факторлуу динамикалык процесс. Ал окуучунун жеке кызыгуусу, жөндөмү, баалуулук багыты, социалдык тажрыйбасы жана коомдун талабына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгү менен байланышта жүрөт. Башкача айтканда, окуучу өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн эмгек рыногунун жана социалдык керектөөнүн реалдуу талаптары менен салыштырып, аң-сезимдүү кесиптик багытты тандайт [1; 4].

Мектеп окуучуларын кесипке багыттоо маселеси педагогикалык практикада өз алдынча мааниге ээ болгон комплекстүү тарбиялык-уюштуруучулук иш катары каралат. Кесипке багыттоо окуучунун кызыгуусун ойготуу менен гана чектелбестен, анын жөндөмдөрүн байкап-баалоо, кесип тууралуу маалыматтык түшүнүгүн кеңейтүү жана келечектеги тандоосуна социалдык-психологиялык колдоо көрсөтүү аракеттерин камтыйт. Өзгөчө өспүрүм куракта кесип тандоонун туруксуз болушу мектеп тарабынан системалуу ишти талап кыларын изилдөөлөр белгилейт, анткени дал ушул мезгилде окуучунун баалуулук багыттары калыптанып, “өзүн келечекте кайсы ролдо көрөөрү” тактала баштайт [15]. Демек, кесипке багыттоо — билим берүү процессинин кошумча бөлүгү эмес, окуучунун инсандык өсүшүнө түз кызмат кылган педагогикалык маселелердин бири катары каралышы керек [15].

Педагогикалык кесипке багыттоо окуучуларда мугалимдик ишке карата оң көз карашты, кесиптик жоопкерчиликти жана коомго кызмат кылууга даярдыкты калыптандырууга багытталган системалуу педагогикалык иш катары мүнөздөлөт [6]. Бул багыт гуманисттик көз караш, балдарга боорукер мамиле жана коомдук жоопкерчилик сезими менен өзгөчөлөнөт. Мугалим болууну каалаган окуучу үчүн билимди билүү эле эмес, аны башкаларга жеткиликтүү кылып түшүндүрүү, кызматташуу жана коммуникация жүргүзүү жөндөмү да маанилүү.

Илимий адабияттарда окуучулардын педагогикалык кесипке багыт алуусу төмөнкү компоненттердин өз ара байланышы аркылуу ишке ашары белгиленет:

1) мотивациялык;
2) когнитивдик;
3) баалуулук-эмоционалдык;
4) рефлексиялык [2; 4].

Мотивациялык компонент педагогикалык кесипке болгон ички кызыгуу жана өз келечегин окутуу-тарбия менен байланыштырууга умтулуу аркылуу мүнөздөлөт.

Когнитивдик компонент — педагогикалык кесиптин мазмуну, функциялары, милдеттери жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү тууралуу билимдин системасы болуп, мугалимдин иши "сабак өтүү" менен гана чектелбестен, тарбиялык, коммуникациялык, долбоордук жана изилдөөчүлүк иш-аракеттерди да камтый тургандыгын түшүнүүгө жеткирет [2].

Баалуулук-эмоционалдык компонент педагогикалык кесипти социалдык жактан маанилүү деп кабыл алуу жана ага карата позитивдүү мамиле менен байланышса, рефлексиялык компонент окуучунун өзүнүн сапаттарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кесиптин талаптары менен салыштырып талдай алуу жөндөмүн билдирет [1].

Заманбап билим берүү технологиялары мектеп окуучуларын педагогикалык кесипке багыттоодо натыйжалуу педагогикалык каражат катары каралып, окуучулардын активдүүлүгүн жана кызыгуусун жогорулатууга шарт түзөт. Интерактивдүү, санариптик жана долбоордук технологиялар окуучуларды активдештирип, мугалимдик ишти "сырттан" байкоо деңгээлинен "ички түшүнүү" деңгээлине өткөрүүгө жардам берет жана кесипке болгон мотивацияны бекемдейт. Мындай шартта предметтик билимдер менен катар негизги компетенцияларга — маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйдү чечүү компетенцияларына өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы белгиленет [14]. Демек, компетенцияларды өнүктүрүүдө педагогикалык технологиялар алмашкыс роль ойнойт [14].

1. Интерактивдүү окутуу технологиялары. Интерактивдүү технологиялар диалогго жана өз ара аракеттенүүгө негизделет. Роль ойноо, кейс-талдоо, дебат, тренинг сыяктуу ыкмалар окуучуну активдүү позицияга алып чыгып, кырдаалды ар тараптан талдоого үйрөтөт жана педагогикалык ишмердүүлүктө кездешүүчү коммуникациялык-тарбиялык тоскоолдуктарды түшүнүүгө жардам берет. Мисалы, "Жаңы мугалим класска кирди" темасындагы ролдук оюнда окуучулар мугалим жана окуучу ролун алмаштырып, эмпатияны, сабырдуулукту жана педагогикалык ой жүгүртүүнү практикалык шартта өнүктүрүшөт.

2. Санариптик технологиялар. Санариптик платформалар, видеосабактар, виртуалдык экскурсиялар жана интерактивдүү симуляциялар окуучуга дүйнөлүк деңгээлдеги мектеп практикасы менен таанышууга, заманбап методдорду байкоого жана мугалимдин күнүмдүк ишин реалдуу элестетүүгө мүмкүндүк берет. Санариптик чөйрө маалыматты жеткирүү менен чектелбестен, окуучунун жеке темпинде иштөөсүнө шарт түзүп, өз алдынча изденүүнү жана жоопкерчиликти күчөтөт.

3. Долбоордук ишмердүүлүк. Долбоордук окутуу технологиясы окуучуларды өз алдынча изилдөө жүргүзүүгө, иш-аракеттерин пландаштырууга жана алынган жыйынтыктарды талдоого үйрөтүүчү эффективдүү ыкма катары белгиленет [10]. Педагогикалык кесипке багыттоодо "Мен – мугалим", "Бир күн мугалим катары", сыяктуу долбоорлор окуучуда жоопкерчилик, лидерлик, кызматташтык жана рефлексия жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандырат.

4. Оюн технологиялары. Ишкердик жана ролдук оюндар окуучунун эмоционалдык катышуусун жогорулатып, кесипке багыттоону табигый жана кызыктуу процесске айлантат. Оюн формасында уюштурулган иш окуучунун коркуу сезимин азайтып, педагогикалык кесипке позитивдүү мамиле жаратууга жардам берет.

5. Интеграцияланган моделдер жана социалдык өнөктөштүк. Педагогикалык кесипке багыттоодо мектеп менен үй-бүлөнүн өнөктөштүгү чечүүчү шарттардын бири болуп саналат. Анткени окуучунун кесиптик ниети көп учурда үйдөгү мамиле, ата-эненин күтүүсү, баалуулук тарбиясы жана колдоо деңгээли менен тыгыз байланышта калыптанат. Мектеп менен үй-бүлө кесипке багыттоодо бирдиктүү позицияны кармаса — окуучу кесип тууралуу маалыматты "бир тараптуу үгүт" катары эмес, реалдуу жана ишенимдүү багыт катары кабыл алат. Бул багытта ата-энелер үчүн кесипке багыттоочу консультациялар, биргелешкен тренинг-сабактар, "ата-эне–окуучу–класс жетекчи" форматындагы талкуулар жана кесиптер боюнча үй-бүлөлүк мини-долбоорлор

натыйжалуу формалардан болуп саналат. Ошол эле учурда мектеп ата-энеге “кысым жасоочу” позицияда эмес, тескерисинче, кесип тандоо боюнча окуучунун кызыгуусун, жөндөмүн жана психологиялык даярдыгын эске алган гуманисттик өнөктөш катары иш алып барганда кесипке багыттоонун сапаты жогорулайт [16]. Мындай интеграция билим берүү технологиялары менен айкалышканда (санариптик диагностика, онлайн-жолугушуу, виртуалдык экскурсия, үй-бүлөлүк долбоор) кесипке багыттоо ишин кеңейтип, мектептеги формалдуулукту азайтууга шарт түзөт.

Мектеп менен жогорку окуу жайлардын кызматташуусу кесипке багыттоого олуттуу салым кошот: ачык сабактар, мастер-класстар, университеттеги тажрыйба иштерине катышуу, студент-практиканттар менен жолугушуулар окуучуларга кесиптин реалдуу мисалдарын көрсөтөт.

Заманбап билим берүү технологияларын кесипке багыттоого интеграциялоо окуучунун инсандык өнүгүүсүнө жана кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна комплекстүү таасир этет.

Биринчиден, интерактивдүү ыкмалар (ролдук оюн, дебат, кейс-талдоо) окуучунун коммуникациялык маданиятын жана социалдык жоопкерчилик сезимин өнүктүрүп, педагогикалык кырдаалдарды реалдуу моделдөөгө шарт түзөт.

Экинчиден, санариптик технологиялар окуучунун өз алдынча иштөө жөндөмүн бекемдеп, “заманбап мугалимдин” санариптик компетенциялары тууралуу түшүнүгүн кеңейтет.

Үчүнчүдөн, долбоордук ишмердүүлүк педагогикалык иштин негизги элементтерин практикалык деңгээлде өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет [10].

Төртүнчүдөн, оюн технологиялары окуучунун эмоционалдык катышуусун жогорулатып, кесипке карата позитивдүү тажрыйба жаратуу аркылуу мотивациясын бекемдейт.

Ошентип, билим берүү технологиялары кесипке багыттоо ишин “маалымат берүүчү” деңгээлден “тажрыйба аркылуу андоо” деңгээлине көтөрөт. Бирок технологиялардын натыйжалуулугу педагогдун методикалык даярдыгына жана системалуу уюштурууга түздөн-түз көз каранды [14]. Ошентип, билим берүү технологиялары мектеп окуучуларын педагогикалык кесипке багыттоодо окуучунун инсандык өнүгүүсүнө жана кесиптик өзүн-өзү аныктоосуна комплекстүү таасир тийгизген маанилүү педагогикалык фактор катары бааланат.

Мектеп шартында кесипке багыттоо ишин уюштурууда сунушталган этаптык моделдин артыкчылыгы — окуучунун кесиптик өзүн-өзү аныктоосун “бир жолу өткөрүлгөн иш-чара” катары эмес, узак мөөнөттүү педагогикалык коштоо катары кароосунда. Мында технологиялар (санариптик диагностика, интерактивдүү тапшырмалар, долбоордук иш, медиа-контент, виртуалдык экскурсия) окуучунун кызыгуусун “тез ойготуп” коюу үчүн эмес, анын кесип тууралуу түшүнүгүн терендетүү жана туруктуу мотивациясын калыптандыруу үчүн колдонулат. Өзгөчө маанилүү жагдай — окуучунун тандаган ниети менен анын жеке сапаттарынын (сабырдуулук, эмпатия, коммуникация, жоопкерчилик) шайкештигин көрсөтө алган иш формаларынын болушу. Анткени педагогикалык кесипти тандоо — кесиптик кызыгуу менен катар, социалдык кызмат кылууга даярдыкты жана адамдык баалуулуктарды аң-сезимдүү кабыл алууну талап кылган татаал чечим. Бул көз караш мектеп менен үй-бүлөнүн өнөктөштүгү аркылуу күчөгөндө окуучу “кесипти тандоо” маселесин өз алдынча да, социалдык колдоонун негизинде да түшүнө баштайт [16]. Натыйжада педагогикалык кесипке кызыгуу эмоционалдык таасирден гана пайда болгон убактылуу импульс эмес, окуучунун өзүн-өзү баалоосу жана келечек планы менен байланышкан туруктуу кесиптик позицияга айлануу мүмкүнчүлүгүн алат [15].

Мектеп окуучуларын педагогикалык кесипке багыттоо иштерин уюштурууда билим берүү технологияларын колдонуу үзгүлтүксүз жана этап-этабы менен жүргүзүлгөндө гана туруктуу натыйжа берет. Практикада кесипке багыттоо иш-чаралары көп учурда эпизоддук мүнөздө өтүп, окуучунун кесип тууралуу элеси “жалпы түшүнүк” деңгээлинде калып калат. Ошондуктан бул макалада сунушталган ыкма технологияларды бир жолку демонстрация катары эмес, окуучунун кесиптик өзүн-өзү аныктоосун колдогон системалуу процесс катары уюштурууга багытталат.

1-этап. Диагностикалык-багыттоочу этап (5–7-класстар)

Бул этапта негизги максат — окуучунун кызыгуусун, баалуулук багыттарын жана коммуникациялык өзгөчөлүктөрүн байкоо аркылуу аныктоо. Санариптик мини-сурамжылоо (Google Forms/Kahoot), “кыска интервью”, “кыялдагы кесип” аттуу визуалдык тапшырмалар окуучунун ички мотивациясын көрүүгө жардам берет. Натыйжада педагог кесипке багыттоо ишин окуучулардын реалдуу муктаждыктарына ылайыктап пландай алат.

2-этап. Маалыматтык-түшүндүрүүчү этап (7–8-класстар)

Бул баскычта окуучу педагогикалык кесип тууралуу ишенимдүү маалымат алууга тийиш: кесиптин функциялары, жоопкерчилиги, эмгек мазмуну, карьералык өсүү жолдору. Бирок маалымат берүү салттуу лекция формасында гана жүргүзүлсө, кызыгууну күчөтпөйт. Ошондуктан интерактивдүү форматтагы кыска видеолор, виртуалдык экскурсиялар, “педагогдун бир күнү” сыяктуу медиа-контент окуучунун реалдуу түшүнүгүн бекемдейт. Мында окуучу педагогдун иши сабак өтүү менен гана чектелбестен, тарбия, коммуникация, уюштуруу жана чыгармачылык чечимдер менен байланышканын андай баштайт.

3-этап. Иш-аракеттик-сыналма этап (8–9-класстар)

Бул этапта окуучуга педагогикалык ишмердүүлүктү “сыноо” тажрыйбасы зарыл. Ролдук оюндар, кейс-талдоо жана микро-сабак (5–7 мүнөттүк фрагмент) окуучуну кесиптик роль менен беттештирет. Мисалы, “конфликттик кырдаал: класста тартип бузуу”, “ата-эне менен сүйлөшүү”, “окуучунун мотивациясын көтөрүү” сыяктуу кейстер окуучунун сабырдуулук, коммуникация, жоопкерчилик сапаттарын өнүктүрөт. Мындай иш-аракет кесипке болгон кызыгууну сезимдик деңгээлден аң-сезимдүү чечим деңгээлине чыгарууга жардам берет.

4-этап. Долбоордук-рефлексиялык этап (9–11-класстар)

Жогорку класстарда кесипке багыттоонун негизги натыйжасы — окуучунун өзүн-өзү баалоосу жана тандоону негиздей алышы. Бул үчүн “Мен — педагог” долбоору, “Биринчи класска сабак конспекти” сыяктуу тапшырмалар ылайыктуу. Долбоордун жыйынтыгында рефлексиялык эссе жана портфолио түзүү сунушталат: “Мен эмнени түшүндүм?”, “Кайсы сапаттарым жетиштүү?”, “Эмнени өнүктүрүшүм керек?”. Бул ыкма рефлексиялык компонентти күчөтүп, кесиптик тандоону негиздүү кылат.

Натыйжалуулукту баалоо көрсөткүчтөрү

Кесипке багыттоо ишинин натыйжасын “жөн гана кызыкты/кызыккан жок” деген субъективдүү баа менен чектебей, төмөнкү индикаторлор аркылуу байкоого болот:

— педагогикалык кесип тууралуу билимдин такталышы (когнитивдик көрсөткүч);

— коммуникация жана кызматташтыктагы активдүүлүк (социалдык-коммуникативдик көрсөткүч);

— жоопкерчилик жана өз алдынча иштөө (өзүн-өзү уюштуруу көрсөткүч);

— кесиптик ниеттин туруктуулугу жана рефлексия (мотивациялык-рефлексиялык көрсөткүч).

Бул көрсөткүчтөрдү шкала түрүндө (мис., 1–5 балл) белгилеп, окуу жылынын башында жана аягында салыштыруу максатка ылайык.

Сунушталган модель кесипке багыттоо ишин системалаштырууга көмөкчү болуп, билим берүү технологияларын окуучунун кесиптик өзүн-өзү аныктоосун колдогон практикалык инструментке айлантат. Эң башкысы — технологиялар педагогдун кесиптик позициясы жана методикалык пландоо менен бириккенде гана туруктуу жыйынтык берет.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы мектеп окуучуларын педагогикалык кесипке багыттоону билим берүү технологиялары аркылуу инсандык жана кесиптик өзүн-өзү аныктоо процессинин бирдиктүү системасы катары кароодо турат. Макалада кесипке багыттоо салттуу түшүндүрүүчү иш-аракет катары эмес, интерактивдүү, санариптик, долбоордук жана оюн технологиялары аркылуу ишке ашкан көп деңгээлдүү педагогикалык процесс катары негизделет. Педагогикалык кесипке багыттоонун мотивациялык, когнитивдик, баалуулук-эмоционалдык жана рефлексиялык компоненттеринин билим берүү технологиялары менен өз ара байланышы теориялык жактан негизделип, алардын окуучунун аң-сезимдүү кесиптик тандоосуна тийгизген таасири системалуу ачып көрсөтүлөт. Мындан тышкары,

изилдөөдө мектеп, жогорку окуу жай жана коомчулук ортосундагы кызматташтыкты педагогикалык кесипке багыттоонун натыйжалуулугун жогорулатуучу шарт катары кароо сунушталат.

Жыйынтыктап айтканда, заманбап билим берүү технологиялары мектеп окуучуларын педагогикалык кесипке багыттоонун натыйжалуу инструменти болуп саналат. Интерактивдүү, санариптик, долбоордук жана оюн ыкмалары окуучунун активдүү катышуусун камсыздап, кесиптик өзүн-өзү аныктоону колдойт жана педагогикалык ишмердүүлүк тууралуу реалдуу түшүнүктү калыптандырат. Бирок алардын ийгилиги педагогдун компетенттүүлүгүнө, методикалык пландаштырууга жана мектеп-үй-бүлө-коомчулуктун кызматташтыгына түздөн-түз байланыштуу.

Демек, бул материал мектепте кесипке багыттоо ишинин мазмунун жаңылоого, билим берүү технологияларын максаттуу интеграциялоого жана кийинки эмпирикалык изилдөөлөр үчүн практикалык-теориялык база түзүүгө колдонулушу мүмкүн.

Колдонулган адабияттар

1. Климов Е.А. Психология профессионального самоопределения. — М.: Академия, 2004.
2. Зеер Э.Ф. Профессиональная ориентация личности. — Екатеринбург, 2003.
3. UNESCO. Teachers and Teaching in a Changing World. — Paris: UNESCO, 2021.
4. Пряжников Н.С. Профессиональное самоопределение. — М.: Академия, 2010.
5. Маркова А.К. Психология труда учителя. — М., 2008.
6. Абдылдаев А.А. Кесипке багыт берүүнүн педагогикалык негиздери. — Бишкек, 2016.
7. Селевко Г К. Современные образовательные технологии. — М., 2005.
8. Johnson D.W., Johnson R.T. Learning Together and Alone: Cooperative, Competitive, and Individualistic Learning. — Needham Heights, MA: Prentice-Hall, 1994.
9. OECD. Education in the Digital Age: Healthy and Happy Children. — Paris: OECD Publishing, 2020. DOI: 10.1787/1209166a-en.
10. Полат Е.С. Метод проектов. — М., 2019.
11. Darling-Hammond L. Teacher Education Around the World. — Routledge, 2017.
12. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Билим берүү стратегиясы. — Бишкек, 2022.
13. Sulaimanova R., Ukeleeva A., Torobayeva S. Preparing future teachers for the formation of a healthy lifestyle for students // Bulletin of the Jusup Balasagyn Kyrgyz National University. — 2025. — Vol. 17, № 2. — P. 50–57. DOI: 10.58649/1694-8033-2025-2(122)-50-57.
14. Baitokova A., Baitokova G. Technology for developing 4C competency in teacher training // Bulletin of the Jusup Balasagyn Kyrgyz National University. — 2025. — Vol. 17, № 2. — P. 42–49. DOI: 10.58649/1694-8033-2025-2(122)-42-49.
15. Абдыракунова Ж.С. Кесипке багыт берүү – негизги педагогикалык маселелердин бири катары // Известия ВУЗов Кыргызстана. — 2017. — № 10. — Бишкек. — Б. 167–168. — ISSN 1694-7681.
16. Абдыракунова Ж.С. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүүдө мектеп менен үй-бүлөнүн ишмердүүлүгүнүн педагогикалык негиздери // Вестник Бишкекского государственного университета им. К. Карасаева. — 2019. — № 4 (50). — Бишкек. — Б. 102–105. — ISBN 9967-410-59-0. — DOI: 10.35254/bhu.

Рецензент: пед. и.к., доцент Адылбек к Г.

УДК 81'367:811.111+811.512.154

Абдимомунова А.О., Каримова Г.Т.

Абдимомунова А.О., Каримова Г.Т.

Abdimomunova A.O., Karimova G.

АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ СҮЙЛӨМДӨРДӨ СИНТАКСИСТТИК НОМИНАЦИЯНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
ОСОБЕННОСТИ СИНТАКСИЧЕСКОЙ НОМИНАЦИИ В ПРЕДЛОЖЕНИЯХ АНГЛИЙСКОГО И КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКОВ
FEATURES OF SYNTACTIC NOMINATION IN ENGLISH AND KYRGYZ SENTENCES

Кыскача мүнөздөмө: Макала англис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөмдөрдө синтаксисттик номинациянын өзгөчөлүктөрүн салыштырма-типологиялык аспектиде изилдөөгө арналган. Синтаксисттик номинация предметтерди, кубулуштарды, кырдаалдарды жана абстракттуу түшүнүктөрдү өзүнчө лексемалар аркылуу эмес, бүтүндөй синтаксисттик түзүлүштөр аркылуу атоо механизми катары каралат. Изилдөөдө синтаксисттик номинациянын теориялык негиздери, анын когнитивдик жана функционалдык лингвистикадагы орду талданат. Англис тилинин аналитикалык табиятына байланыштуу номинация негизинен ат атоочтук сөз айкаштары жана жайылма аныктоочтор аркылуу ишке ашары көрсөтүлөт. Кыргыз тили синтетикалык тил катары аныктоочтук мамилелерге, морфологиялык көрсөткүчтөргө жана сөздөрдүн орун тартибине таянары далилденет. Айрыкча гиперонимдик жана гипонимдик мамилелердин номинативдик чынжыр түзүүдөгү ролу мисалдар аркылуу ачылып берилет. Макалада англис тилине мүнөздүү «гипероним – гипоним – гипероним», ал эми кыргыз тилине таандык «гипоним – гипероним – гипоним» моделдеринин семантикалык жана структуралык айырмачылыктары аныкталат. Изилдөөнүн жыйынтыктары салыштырма тил илими жана синтаксис теориясы үчүн маанилүү илимий материал болуп саналат.

Аннотация: Статья посвящена сопоставительному анализу особенностей синтаксической номинации в английском и кыргызском языках. Синтаксическая номинация рассматривается как процесс наименования объектов, явлений и абстрактных понятий при помощи целостных синтаксических конструкций, а не отдельных лексических единиц. В работе освещаются теоретические основы синтаксической номинации, ее связь с когнитивной и функциональной лингвистикой, а также вклад зарубежных и отечественных ученых в развитие данного направления. Показано, что в английском языке, обладающем аналитической структурой, номинация преимущественно реализуется через распространенные именные группы и атрибутивные конструкции. В кыргызском языке, относящемся к синтетическим языкам, номинативная функция осуществляется за счет морфологических показателей, определительных отношений и порядка слов. Особое внимание уделяется гиперонимическим и гипонимическим отношениям как семантической основе синтаксической номинации. В статье выявляются различия в организации номинативных цепей: для английского языка характерна модель «гипероним – гипоним – гипероним», тогда как для кыргызского языка типична схема «гипоним – гипероним – гипоним». Полученные результаты имеют значение для сравнительного языкознания и теории синтаксиса.

Abstract: The article is devoted to a comparative analysis of the features of syntactic nomination in English and Kyrgyz. Syntactic nomination is interpreted as a linguistic process of naming objects, phenomena, situations, and abstract concepts through complete syntactic constructions rather than isolated lexical units. The study outlines the theoretical foundations of syntactic nomination and highlights its relevance within cognitive and functional linguistics. It is demonstrated that due to the analytical nature of English, syntactic nomination is mainly realized through extended noun phrases and attributive constructions. In contrast, Kyrgyz, as a synthetic language, employs morphological markers, attributive relations, and word order as the primary means of nominative expression. Particular attention is paid to hyperonymic and hyponymic relations, which form the semantic basis of nominative chains in sentence structure. The article identifies language-specific patterns of nominative development: English tends to follow the model “hyperonym – hyponym – hyperonym,” while Kyrgyz typically exhibits the sequence “hyponym – hyperonym – hyponym.” These differences reflect the structural and typological characteristics

of the two languages. The findings of the research contribute to comparative linguistics and provide valuable insights into the theory of syntax and nomination.

Негизги сөздөр: синтаксисттик номинация; англис тили; кыргыз тили; гипероним; гипоним; номинативдик чынжыр; сүйлөм синтаксиси.

Ключевые слова: синтаксическая номинация; английский язык; кыргызский язык; гипероним; гипоним; номинативная цепь; синтаксис.

Keywords: syntactic nomination; English language; Kyrgyz language; hyperonym; hyponym; nominative chain; syntax.

Синтаксисттик номинация – бул тилде предметтерди, кубулуштарды, кырдаалдарды жана абстракттуу түшүнүктөрдү жеке сөздөр аркылуу эмес, бүтүндөй синтаксисттик түзүлүштөрдүн жардамы менен атоо процесси болуп саналат. Бул көрүнүш тил илиминде XIX кылымдын аягынан тартып изилдөө объектиси катары карала баштаган.

Алгач синтаксис логикалык жана грамматикалык категория катары түшүндүрүлсө, XX кылымдын ортосунан тартып сүйлөмдүн номинативдик мүмкүнчүлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурулган. Айрыкча америкалык лингвист Н. Хомский генеративдик грамматика теориясын сунуштоо менен синтаксистик түзүлүштөрдү формалдуу моделдөө мүмкүнчүлүгүн ачкан [1]. Анын эмгектери сүйлөмдү жөн гана коммуникация каражаты эмес, номинативдик бирдик катары кароого негиз түзгөн.

Кийинки мезгилдерде синтаксисттик номинация маселеси когнитивдик жана функционалдык лингвистиканын алкагында кеңири изилденип, тилдин дүйнөнү концептуалдаштыруу мүмкүнчүлүктөрү менен байланышта карала баштаган.

Синтакситтик номинация боюнча алгачкы изилдөөлөр чыга баштаган.Синтаксисттик номинацияны теориялык жактан негиздеген окумуштуулардын арасында Е.С. Кубрякова, Н.Д. Арутюнова, В.Г. Гак сыяктуу изилдөөчүлөрдү белгилөөгө болот.

Е.С. Кубрякова номинацияны когнитивдик процесс катары карап, синтаксисттик түзүлүштөр адамдын ой жүгүртүүсүн жана реалдуулукту кабыл алуусун чагылдырган маанилүү каражат экенин баса белгилеген [2, с. 214].

Н.Д. Арутюнова сүйлөмдү номинациянын жогорку формасы катары карап, синтаксисттик бирдиктердин семантикалык бүтүндүгүн изилдеген [3, с. 89].

Кыргыз тил илиминде бул багыттагы изилдөөлөр XX кылымдын акыркы он жылдыгында активдешкен. Атап айтканда, профессор А.А. Бекбалаев немис жана кыргыз тилдеринин материалында синтаксисттик номинациянын тарыхый жана теориялык маселелерин караган [7с. 45–52].

Академик Абдылдажан Акматалиев кыргыз тилиндеги аныктоочтук мамилелерди жана сүйлөмдүн номинативдик функциясын талдап, номинативдик чынжырлардын активдүү колдонулушун көрсөткөн [5].

“Англис жана кыргыз тилдериндеги кайчылаш сөздөрдүн синтагматикалык байланыштарындагы синтакситтик номинация макаласында” англис жана кыргыз тилдериндеги кыска тексттерде синтаксисттик номинациянын синтагматикалык өзгөчөлүктөрүн салыштырма аспектиде изилдеп, номинативдик чынжырлардын айырмачылыктарын көрсөткөн [6].

Демек, синтаксисттик номинация англис жана кыргыз тилдеринде универсалдуу көрүнүш болгону менен**,** структуралык өзгөчөлүктөрүнө жараша номинативдик моделдер ар кандай**.**

Англис тилиндеги синтакситтик номинация боюнча мисалдарга алсак.

Англис тили аналитикалык түзүлүшкө ээ болгондуктан, синтаксисттик номинация көбүнчө ат атоочтук сөз айкаштары жана жайылма аныктоочтор аркылуу ишке ашат.

1. *The man standing near the window was my professor.*

Бул сүйлөмдө *the man standing near the window* бүтүндөй номинативдик бирдик болуп, адамды мүнөздөгөн синтаксисттик номинацияны түзөт.

2. *A book written by a famous linguist changed my view on syntax.*

Бул жерде номинация сөз айкашы аркылуу берилип, предмет кошумча белгилери менен аталып жатат.

3. *The decision made by the committee surprised everyone.*

Сүйлөмдүн башындагы синтаксисттик түзүлүш номинативдик функцияны аткарат.

Бул мисалдар англис тилинде синтаксисттик номинация көбүнчө гипероним – гипоним – гипероним тартибинде уюшуларын көрсөтөт. Ал эми кыргыз тилиндеги синтаксисттик номинацияны мисалдар аркылуу карап көрөлү.

Кыргыз тили синтетикалык тил болгондуктан, синтаксисттик номинация көбүнчө аныктоочтук мамилелер жана сөздөрдүн орун тартиби аркылуу ишке ашат.

1. *Терезенин жанында турган киши менин окутуучум болчу.*

Бул сүйлөмдө аныктоочтук сөз айкашы адамды толук мүнөздөп, номинациялык милдетти аткарат.

2. *Атактуу лингвист жазган китеп синтаксиске болгон көз карашымды өзгөртту.*
3. *Комиссия кабыл алган чечим баарын таң калтырды.*

Кыргыз тилинде номинативдик чынжыр көбүнчө гипоним – гипероним – гипоним иретинде берилет, бул англис тилинен негизги айырмачылыктардын бири болуп эсептелет.

Гипероним (hyperonym) – боюнча айтып кетсек-аныктама

Гипероним жана гипоним түшүнүктөрү лексикалык семантикада кеңири колдонулат. Бул терминдер алгач ирет Ж. Лионс тарабынан системалуу түрдө сүрөттөлүп, гипероним жалпылоочу, ал эми гипоним конкреттештирүүчү мааниге ээ бирдик катары аныкталган [4].

Н.Д. Арутюнова сүйлөмдөгү номинация процессин изилдеп, гиперонимдик жана гипонимдик мамилелер синтаксисттик номинациянын семантикалык негизин түзөрүн белгилеген [3].

Гипероним – мааниси боюнча кеңири, жалпылоочу түшүнүктү билдирген сөз же номинативдик бирдик. Ал өз ичине бир нече тектеш, конкреттүү түшүнүктөрдү камтыганын байкасак болот. Башкача айтканда, гипероним – жогорку деңгээлдеги жалпы аталыш.

Мисалдар:

жаныбар → ит, мышык, жылкы

курал → калем, карандаш

person → teacher, student

Бул жерде *жаныбар, курал, person* — гиперонимдер.

2. Гипоним (hyponym)

Гипоним – мааниси боюнча конкреттүү, тар түшүнүктү билдирген сөз же синтаксисттик номинация. Ал гиперонимге баш иет жана анын маанисин тактайт.

Гипоним – төмөнкү деңгээлдеги конкреттүү аталыш.

Мисалдар:

ит, мышык → жаныбар

калем → курал

teacher → person

Бул жерде *ит, калем, teacher* — гипонимдер.

«Гипоним – гипероним – гипоним» чынжыры деген эмне?

Бул чынжыр синтаксисттик номинацияда көп колдонулат жана төмөнкүдөй логикалык ырааттуулукту билдирет:

конкреттүү түшүнүк → жалпы түшүнүк → кайра конкреттештирү

Кыргыз тилинде мисал карап көрөлү:

Терезенин жанында турган киши → адам → мугалим

Бул жерде:

терезенин жанында турган киши — гипоним (конкреттүү номинация)
адам — гипероним (жалпы түшүнүк)
мугалим — кайра гипоним (такталган номинация)

Англис тилинде мисал карап көрөлү:

A man standing near the window → person → teacher

Бул жерде логика көбүнчө: гипероним → гипоним → гипероним же гипероним → тактоо → кайра жалпылоо

Башкача айтканда, Гипероним – кеңири маанидеги жалпылоочу номинация, гипоним – конкреттүү, тактоочу номинация.

Синтаксисттик номинацияда *«гипоним – гипероним – гипоним»* чынжыры сүйлөм ичиндеги номинативдик өнүгүүнү жана ойдун этап-этабы менен такталышын чагылдырат.

Англис жана кыргыз тилдериндеги синтаксисттик номинациянын функциясы окшош болгону менен, алардын структуралык уюшулушу айырмаланат. Англис тили аналитикалык каражаттарга таянса, кыргыз тили морфологиялык жана синтаксисттик байланыштар аркылуу номинацияны ишке ашырат.

Жыйынтыктап айтканда, синтаксисттик номинация англис жана кыргыз тилдеринде универсалдуу лингвистикалык көрүнүш болуп саналат. Бирок ар бир тилдин структуралык өзгөчөлүктөрүнө жараша номинативдик түзүлүштөрдүн уюшулушу айырмаланат. Бул айырмачылыктарды изилдөө салыштырма тил таануу үчүн маанилүү илимий материал болуп саналат. Бул изилдөө студенттердин кесиптик даярдыгы [9] менен бирге алардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана маданий деңгээлин жогорулатууга багытталган. Мындай көз караш билимдүү жана инсандык сапаттары өнүккөн адистерди даярдоого өбөлгө түзөт [8].

Колдонулган адабияттар

1. Chomsky N. Syntactic Structures. The Hague: Mouton, 1957.
2. Кубрякова Е.С. Язык и знание. М.: Языки славянской культуры, 2004.
3. Арутюнова Н. Д. Предложение и его смысл. М.: Наука, 1976.
4. Lyons J. Semantics. Vol. 1–2. Cambridge: Cambridge University Press, 1977.
5. Акматалиев А. Кыргыз тилинин синтаксиси. Бишкек, 2003.
6. Абдимомунова А.О. Синтаксическая номинация при синтагматических отношениях перекрещивания // *Вестник Международного университета Кыргызстана.* 2018. № 2. С. 205–208.
7. Бекбалаев А.А. *Вопросы истории и теории синтаксической номинации.* Бишкек, 1991.
8. Сулайманова, Р.Т. Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдерди даярдоонун илимий-теориялык негиздери / Р.Т. Сулайманова, Н.А. Бообаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – №. 3(119). – P. 45-49. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-45-49. – EDN BBNVOC.
9. Калдыбаева, А. Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү / А. Т. Калдыбаева, Р. Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – No. 2(114). – P. 43-50. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-43-50. – EDN MPGMXM.

Рецензент: филол. и.к., доцент Нарматова Б.Б.

УДК: 372.7:371.3

Адылбек кызы Г., Кабылова С.А., Рахатбек кызы Н.

Адылбек кызы Г., Кабылова С.А., Рахатбек кызы Н.
Adylbek kyzy G., Kabylova S.A., Rakhatbek kyzy N.

МАТЕМАТИКА САБАКТАРЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН УНИВЕРСАЛДУУ ЛОГИКАЛЫК АРАКЕТТЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮ: ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАРДЫН РОЛУ
РАЗВИТИЕ У УЧАЩИХСЯ УНИВЕРСАЛЬНЫХ ЛОГИЧЕСКИХ ДЕЙСТВИЙ НА УРОКАХ МАТЕМАТИКИ: РОЛЬ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГР
DEVELOPMENT OF UNIVERSAL LOGICAL OPERATIONS IN STUDENTS IN MATHEMATICS LESSONS: THE ROLE OF DIDACTIC GAMES

Кыскача мүнөздөмө: Бүгүнкү күндө билим берүү системасында окуучулардын универсалдуу логикалык аракеттерин өнүктүрүү маанилүү маселелердин бири болуп эсептелет. Айрыкча математика сабактары логикалык ой жүгүртүүнү, анализ жүргүзүүнү, салыштырууну, жалпылоону жана тыянак чыгара билүүнү калыптандырууда өзгөчө роль ойнойт. Бул макалада кенже мектеп математика сабактарында дидактикалык оюндардын колдонулушу аркылуу окуучулардын универсалдуу логикалык аракеттерин (салыштыруу, жалпылоо, анализдөө, синтездөө, классификациялоо ж.б.) калыптандыруунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү каралат. Макалада дидактикалык оюндардын теориялык негиздери, математикалык оюн-тапшырмалардын практикалык үлгүлөрү жана автордук методикалык сунуштар берилет. Дидактикалык оюндарды колдонуу аркылуу математика сабактарында окуучулардын логикалык аракеттерин калыптандыруунун методикасы иштелип чыгат. Дидактикалык оюндардын окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, анализдөө жана тыянак чыгаруу жөндөмдөрүн калыптандыруудагы мааниси ачылып берилет. Ошондой эле оюн технологияларын колдонуу окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатары негизделет.

Аннотация: Сегодня одним из важнейших вопросов в системе образования является развитие у учащихся универсальных логических способностей. Уроки математики, в частности, играют особую роль в формировании логического мышления, умения анализировать, сравнивать, обобщать и делать выводы. В данной статье рассматриваются педагогические возможности формирования универсальных логических действий учащихся (сравнение, обобщение, анализ, синтез, классификация и др.) посредством использования дидактических игр на уроках математики в средней школе. В статье представлены теоретические основы дидактических игр, практические примеры заданий математических игр и методические рекомендации автора. Разработана методика формирования логических действий учащихся на уроках математики посредством использования дидактических игр. В статье раскрывается важность дидактических игр в развитии у учащихся логического мышления, аналитических и умозаключительных навыков. Также утверждается, что использование игровых технологий повышает эффективность учебного процесса.

Abstract: Today, one of the most important issues in the education system is the development of students' universal logical abilities. Mathematics lessons, in particular, play a special role in developing logical thinking, the ability to analyze, compare, generalize, and draw conclusions. This article examines the pedagogical possibilities for developing students' universal logical actions (comparison, generalization, analysis, synthesis, classification, etc.) through the use of educational games in secondary school mathematics lessons. The article presents the theoretical foundations of educational games, practical examples of mathematical game tasks, and the author's methodological recommendations. A methodology for developing students' logical actions in mathematics lessons through the use of educational games has been developed. The article reveals the importance of educational games in developing students' logical thinking, analytical, and inferential skills. It also argues that the use of gaming technologies improves the effectiveness of the educational process.

Негизги сөздөр: логикалык ой жүгүртүү, дидактикалык оюндар, универсалдуу логикалык аракеттер, математика сабагы, кенже мектеп, компьютердик оюндар, окуу процесси.

Ключевые слова: логическое мышление, дидактические игры, универсальные логические операции, урок математики, средняя школа, компьютерные игры, процесс обучения.

Keywords: logical thinking, didactic games, universal logical operations, mathematics lesson, high school, computer games, learning process.

Киришүү. Заманбап билим берүү стандарттары окуучулардын жеке өнүгүүсүнө, алардын ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүүгө басым жасайт. Математика сабагы окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууда негизги ролду ойнойт, бирок баштапкы класстарда абстракттуу түшүнүктөрдү түшүндүрүү айрыкча кыйынчылыктарга дуушар болот. Бул жагдайда дидактикалык оюндар - бул окуу мазмунун жеткирүүнүн табигый жана натыйжалуу формасы катары чыгат.

Окуучулардын логикалык аракеттеринин өнүгүшү билим алуунун ийгиликтүү процессинин негизи болуп саналат. К.Д. Ушинский [7]: «Баланын оюну - бул анын чыныгы жашоосу, анын чыгармачыл күчүнүн көрүнүшү» дегендей, оюн аркылуу окуучулар логикалык операцияларды табигый түрдө үйрөнөт.

И.Я.Лернер мындай деп белгилейт: «Адамдын маалыматтык компетенциясы жалпы билим берүү билимдерине жана көндүмдөрүнө түздөн-түз байланыштуу, б.а., булар ар кандай окуу предметтерин ийгиликтүү өздөштүрүүнү камсыз кылган өз ара байланышкан билимдер жана көндүмдөр [3]. Кеп конкреттүү предметтин мазмунуна тиешеси жок, бирок билим берүү маалыматын өз алдынча өздөштүрүүгө багытталган, башкача айтканда, дидактикалык деңгээлде «иштейт» көндүмдөр жөнүндө болуп жатат. Бул көндүмдөрдү маалыматтык компетенциянын жалпы билим берүүчү компоненттеринин мазмунуна кошууга болот. Алар адекваттуу мазмундагы маалымат менен иштөө, аларды генерациялоо, берүү, жаттоо жана трансформациялоо жөндөмдүүлүгүн камтыйт. Алар компьютердик компетенцияны андан ары өздөштүрүү үчүн милдеттүү негиз түзөт. «Окуу жөндөмүнүн» негизи башталгыч класстарда түптөлөт. Бул жерде «репродуктивдүү, изилдөөчү же чыгармачылык» тарбиялык иш стилинин калыптанышы аталат.

Мектепте билим алуунун башталышы балага жашоодо жаңы позицияны ээлеп, социалдык маанидеги билим берүү ишмердүүдүлүгүнө өтүүгө мүмкүндүк берет [4].

Универсалдуу логикалык аракеттер деп окуучулардын билим алуу ишмердүүлүгүндө колдонулуучу ой жүгүртүүнүн негизги операциялары аталат:

- Салыштыруу - объектилердин жалпы жана айырмалоочу белгилерин аныктоо.
- Жалпылоо - жалпы мыйзам ченемдиктерди бөлүкчөлөрдөн чыгаруу.
- Анализдөө - бүтүндү бөлүккө бөлүп кароо.
- Синтездөө - бөлүктөрдөн бүтүндү түзүү.
- Классификациялоо - белгилери боюнча объектилерди топторго бөлүү.

А.С. Макаренко, Д.Б. Эльконинди пикирлери [6] боюнча дидактикалык оюндардын артыкчылыктарын төмөнкү төрт багытта көрсөтөбүз:

1. Мотивациялык - окууга кызыгууну жогорулатат.
2. Көңүл чогултуучу - көңүлдү бир объектке багыттайт.
3. Ийкемдүүлүк - окуу мазмунун ар кандай деңгээлде жеткирүүгө мүмкүндүк берет.
4. Көп кабаттуулук - бир эле убакта билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук максаттарга жеткирет.

Математикалык дидактикалык оюндардын классификациясы (формасы боюнча) башталгыч класстарда окутуунун максатына, мазмунуна жана уюштуруу формасына жараша төмөнкүдөй бөлүнөт:

- Сөз оюндары;
- Кыймыл-аракет оюндары;
- Үстөл үстүндөгү оюндар;
- Компьютердик оюндар.

Математикалык дидактикалык оюндардын ар түрдүү классификациясы мугалимге сабактын максатына ылайык оюн тандап, окуучулардын кызыгуусун арттырууга, математикалык билимди терең өздөштүрүүгө жана изилдөөчү компетенттүүлүктү калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет. Кенже мектеп окуучуларынын математика сабактарында универсалдуу логикалык аракеттерин өнүктүрүүгө багытталган 1-4 класстын математика сабагында уюштуруунун мисалын карап көрөлү [2].

Тапшырма	Максаты	Өткөрүү тартиби	Логикалык аракеттер:
1-класс «Кайсы сан жоголду?»	Сандар катарларын анализдөө, салыштыруу жана индуктивдүү жалпылоо.	Мугалим доскага үч катар сандарды жазат: 2, 4, 6, …, 10 5, 10, 15, …, 25 1, 3, 5, 7, … Окуучулар жоголгон сандарды табышы керек. 	Анализдөө (катардын структурасын изилдөө), салыштыруу (катарлардын айырмачылыгын аныктоо), индукция (жалпы мыйзамды бөлүкчөлөрдөн чыгаруу).
2-класс «Геометриялык фигураларды топто»	Классификациялоо жана синтездөө аракеттерин калыптандыруу.	Ар кандай түстөгү, көлөмдөгү жана формадагы фигуралар (тегерек, квадрат). 	Классификациялоо (белгилери боюнча топторго бөлүү), синтездөө (фигураларды маанилүү белгилери боюнча бириктирүү).
3-класс «Математикалык эмне? кайда? качан?»	Окуучулардын дедуктивдүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.	Окуучуларга шарттуу масел берилет: 	Анализдөө (маселенин шарттарын ажыратуу), синтездөө (берилген маалыматтарды бириктирүү), дедукция (жалпы эрежеден жеке маселени чыгаруу).

3-класс «Логикалык катарды улант» оюну	Окуучулардын абстракттуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.	Төмөнкү катарды улантыңыз: 3, 6, 9, 12, … (кошуу); 81, 27, 9, 3, … (бөлүү).	анализдөө (катардагы закон ченемди табуу), жалпылоо (мыйзам ченемди аныктоо), экстраполяция (аныкталган тенденция боюнча кийинки элементтерди аныктоо).
4-класс «Жашыруун сөздү тап» (компьютердик вариант)	Көп кабаттуу логикалык тапшырмаларды чечүү.	Ар бир математикалык мисалды чечүү менен, окуучу жашыруун сөздү ачат. Мисал: 5 × 4 = 20 → 20-га "М" 12 : 3 = 4 → 4-кө "А" 9 - 5 = 4 → 4-кө "Т" 6 + 8 = 14 → 14-кө "Е" Натыйжада «МАТЕ» сөзү чыгат.	синтездөө (ар бир бөлүктү бириктирүү), дедукция (эрежелерди колдонуу), конвергентдүү ой жүгүртүү (бир гаа туура жоопту табуу).

Дидактикалык оюндардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек: 1-класстарда оюндар кыска (5-7 мүнөт), көп сүрөттүү болушу керек. 3-4-класстарда оюндар татаалдашып, абстракттуу элементтер кошулушу мүмкүн. Окуучулардын билим деңгээлине жараша оюндардын деңгээлин өзгөртүү керек. Мыкты окуучулар үчүн кошумча тапшырмалар, ал эми начар окуучулар үчүн жөнөкөй варианттар сунуш кылуу. Аралаш технологияларды колдонуу менен устөл үстүндөгү оюндарды интерактивдүү такталар менен компьютердик оюндар менен айкалыштыруу керек. Ар бир оюндан кийин окуучуларга суроолор берип, оюн убагында кандай логикалык аракеттерди колдонгонун анализдөөгө жардам берүү. Мугалим логикалык аракеттердин өнүгүшүн байкоо журналын тузуп, ар бир окуучунун динамикасын байкоосу зарыл.

Корутунду. Дидактикалык оюндар математика сабактарында окуучулардын универсалдуу логикалык аракеттерин калыптандыруунун натыйжалуу усулу болуп саналат. Алар окуу процессин кызыктуу кылып, окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатып, логикалык ой жүгүртүүнү табигый шартта өнүктүрөт. Кыргызстандын окуу китептеринде жана методикалык колдонмолорунда дидактикалык оюндардын кенен спектри берилген, аларды системалык жана максаттуу пайдалануу математика сабактарынын сапатын жогорулатат.

Колдонулган адабияттар:

1. Алымкулов М. Математика: 1-класс үчүн окуу китеби. – Б.: «Мектеп», 2019.
2. Абдраев А., Осмонова Б. Математикалык логикалык маселелер: окуучулар үчүн жыйнак. - Б.: Кыргызстан, 2017.
3. Кабылова С.А. Кенже мектеп окуучулардын маалыматтык-коммуникациялык компетенцияларын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү// Кайдиева Н.К., Таалайбекова Ч.Т.// Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы №2 (114), 2023. С. 99-103. ISSN 1694-8033 https://elibrary.ru/item.asp?id=54125239
4. Кабылова С.А. Заманбап билим берүү сисемасындагы маалыматтык технологиялар. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы №2, 2025. С. 87-91. ISSN 1694-5344.
5. Кожомкулов Ж. (ред.) Математика: 2-класс үчүн окуу китеби. – Б.: 2020.

6. Макаренко А.С. Опыт методики трудовой колонии (Материалы книги) // Воспитание гражданина в педагогике А.С. Макаренко: В 2 ч. / Автор монографии, примечаний, редактор-составитель С.С. Невская. — М.: Академический Проект, Альма Матер, 2006. Ч. 2. - С. 727.
7. Ушинский К.Д. Тандалган педагогикалык чыгармалар. - М.: Педагогика, 1974.
8. Кыргыз тилиндеги билим берүү платформасы. - https://bilim.kg

Рецензент: пед. и.д., профессор Сулайманова Р.Т.

УДК 371.32(575.2) (043.3)

Атабекова Б.Я., Бердикулова А.
Атабекова Б.Я., Бердикулова А.
Atabekova B.Y., Berdikulova A.

КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА МАДАНИЯТ АРАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУНУН САНАРИПТИК ЖОЛДОРУ
МЕТОДЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ
METHODS OF ENSURING INTERCULTURAL COMPETENCE IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз тилин үйрөтүү процессинде маданий контекстти эске алуу менен маданияттар аралык компетенцияны өркүндөтүүнүн санариптик ыкмалары каралат. Онлайн-платформалар, виртуалдык ресурстар, мультимедиялык жана интернет-чөйрөлөр студенттердин маданий түшүнүүсүн кеңейтүүгө, тилди маданий кырдаалда өздөштүрүүгө жана практикалык баарлашуу көндүмдөрүн чыңдоого натыйжалуу инструмент катары кызмат кылат. Макалада виртуалдык баарлашуу, VR/AR технологиялары, интерактивдүү долбоорлор жана онлайн-салыштыруулар аркылуу маданияттар аралык компетенцияны бекемдөө ыкмалары талданып, алардын студенттердин маданий аң-сезимин жана тилдик-коммуникативдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө тийгизген таасири көрсөтүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча санариптик каражаттар кыргыз тилин окутуунун мазмунун байытып, студенттерди көп маданияттуу чөйрөдө эффективдүү баарлашууга жана маданий диалог жүргүзүүгө даярдоодо маанилүү роль ойнойт. Виртуалдык салыштыруулардын негизинде жаштардын талабына ылайык түзүлгөн жаңыча сайттар менен таанышуу жана аларды күнүмдүк турмушта, сабак өтүүдө көрсөтүүлөрү мисалдары менен айтылат.

Аннотация: В данной статье рассматриваются цифровые методы повышения межкультурной компетентности в процессе обучения кыргызскому языку с учетом культурного контекста. Онлайн-платформы, виртуальные ресурсы, мультимедийные и интернет-среды служат эффективными инструментами для расширения культурного понимания учащихся, освоения языка в культурной среде и укрепления практических коммуникативных навыков. В статье анализируются методы повышения межкультурной компетентности посредством виртуального общения, технологий виртуальной и дополненной реальности, интерактивных проектов и онлайн-сравнений, а также показано их влияние на развитие культурной осведомленности и лингвистических и коммуникативных навыков учащихся. Результаты исследования свидетельствуют о том, что цифровые инструменты играют важную роль в обогащении содержания обучения кыргызскому языку и подготовке учащихся к эффективному общению и культурному диалогу в поликультурной среде. Приведены примеры новых веб-сайтов, созданных на основе виртуальных сравнений, и их использования в повседневной жизни и на уроках.

Abstract: This article examines digital methods for enhancing intercultural competence in Kyrgyz language teaching, taking into account cultural context. Online platforms, virtual resources, multimedia, and internet environments serve as effective tools for expanding students' cultural understanding, language acquisition in a cultural environment, and strengthening practical communication skills. The article analyzes methods for enhancing intercultural competence through virtual communication, virtual and augmented reality technologies, interactive projects, and online comparisons, and demonstrates their impact on the development of students' cultural awareness and linguistic and communicative skills. The study's results demonstrate that digital tools play an important role in enriching Kyrgyz language teaching content and preparing students for effective communication and cultural dialogue in a multicultural environment. Examples of new websites created based on virtual comparisons and their use in everyday life and in the classroom are given.

Негизги сөздөр: санариптик мейкиндик, виртуалдык чындык, кеңейтилген чындык, интерактивдүү окутуу, 3D форматы, визуалдык форма, мультимедия, онлайн платформалар.

Ключевые слова: цифровое пространство, виртуальная реальность, дополненная реальность, интерактивное обучение, 3D-формат, визуальная форма, мультимедиа, онлайн-платформы.

Keywords: digital space, virtual reality, augmented reality, interactive learning, 3D format, visual form, multimedia, online platforms.

XXI кылымда дүйнө адамзат тарыхында мурда болуп көрбөгөн ылдамдыкта интеграцияланып, маалыматтык-технологиялык жараяндар коомдун бардык тармактарына терең кирип жатат. Санариптик айлана–чөйрөнүн динамикалык өнүгүшү социалдык-маданий турмушка, билим берүү системасына жана адамдар аралык баарлашуу маданиятына күчтүү таасир этүүдө. Интернеттин глобалдашуусу, мобилдик түзмөктөрдүн ар бир адамдын күнүмдүк жашоосуна кириши, социалдык медиа платформаларынын кеңейиши – мунун баары дүйнөнүн ар башка маданият өкүлдөрүн бир виртуалдык мейкиндикке бириктирип, маданият аралык өз ара байланыштын жаңы типтерин жаратты. Ушундай шартта маданият аралык компетенттүүлүк – адамдын социалдык жана кесиптик ийгилигинде негизги ролду ойной турган өзөктүү көндүмгө айланды. Ал башка маданияттын өкүлдөрү менен түшүнүүчүлүк, сый-урмат жана ачык диалог негизинде баарлаша билүү, аларга туура мамиле кылуу, маданияттардын ортосундагы айырмачылыктарды кабыл алуу жөндөмү катары каралат. Маданият аралык компетенттүүлүк – глобалдык дүйнөдө ой жүгүртүү маданиятын, толеранттуулукту жана көп маданияттуу коомдо жашоого ылайыкташуу жөндөмүн калыптандырат. Бүгүнкү күнү эл аралык кызматташуу күчөп, көп улуттуу коомдор көбөйүп, миграция агымдары арткан сайын маданият аралык компетенттүүлүк билим берүү мекемелеринде гана эмес, ишкердикте, мамлекеттик башкарууда, дипломатияда, илимде жана күнүмдүк турмушта да зарыл болгон сапатка айланып отурат. Дүйнөлөшүү шартында ар бир студент, мугалим, кесипкөй адис же жаран маданий айырмачылыктарды туура интерпретациялай билиши, конфликт жаралбай турган байланыш формаларын өздөштүрүүсү, башка элдердин баалуулук жана жүрүм-турум нормаларына ачык болушу керек. Ушул процесстерде санариптик технологиялар өзгөчө мааниге ээ. Санариптик мейкиндик – бул географиялык чектөөлөр жок болгон, ар бир адамга дүйнөнүн каалаган жеріндеги маданий маалыматка кол жеткизүүгө мүмкүнчүлүк берген универсалдуу платформа. Вебинарлар, онлайн курстар, виртуалдык экскурсиялар, социалдык тармактар, маданий блогдор жана мультимедиялык ресурстар адамдарды бириктирип, маданият аралык баарлашуунун жаңы формаларын пайда кылууда.

Мисалы:YouTube аркылуу дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнүн маданиятын көркөм, визуалдык форматта таанып билүүгө болот.

TikTok жана Instagram маданий багыттагы кыска видеолор аркылуу жаштарга башка элдердин салт-санаасын этикалык жактан кабыл алууну үйрөтөт.

Онлайн университеттер жана ачык билим берүү платформалары дүйнөлүк мугалимдердин тажрыйбасын бириктирип, студенттерди көп маданияттуу чөйрөдө билим алууга шарт түзөт. Санариптик каражаттардын дагы бир олуттуу артыкчылыгы – өз ара аракеттешүүнүн интерактивдүүлүгү жана демократиялуулугу. Адамдар мурункудай маалыматты бир тараптуу кабыл албастан, пикир алмашып, талкууга катышып, баарлашуунун активдүү субъектисине айланышат. Бул өз кезегинде маданият аралык компетенттүүлүктүн өсүшүнө өбөлгө түзөт, анткени түз коммуникация ар кандай маданий тоскоолдуктарды жеңилдетет. Мындан сырткары, санариптик билим берүү системасы маданият аралык көндүмдөрдү калыптандырууда дагы бир артыкчылыкка ээ – ситуациялык моделдөөлөрдү жана виртуалдык реалдуулукту колдонуу мүмкүнчүлүгү. VR жана AR технологиялары аркылуу студенттер башка өлкөлөрдүн маданий контекстине «катып киргендей» шартта тажрыйба топтой алышат. Мындай моделдөр маданий чөйрөнү реалдуу турмуштагыдай элестетүүгө жардам берип, стереотиптерди жоюуга жана туура түшүнүктү калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Жогоруда айтылган факторлордон улам маданият аралык компетенттүүлүктү санариптик каражаттар аркылуу калыптандыруу жана өнүктүрүү – заманбап педагогиканын, социологиянын жана маалыматтык технологиялардын негизги изилдөө багыттарынын бири болуп калды. Бул теманын актуалдуулугу коомдун глобалдашуу тенденциясына жана билим берүүнүн санариптик трансформациясына түздөн-түз байланыштуу. Демек, бул макалада санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу аркылуу маданият аралык компетенттүүлүктү камсыз кылуунун теориялык негиздери, практикалык механизмдери жана учурдагы багыттары кеңири талданып берилет. Изилдөөнүн маанилүүлүгү – жаш муунга дүйнөлүк маданияттарга ачык болууга, ар түрдүүлүктү кабыл алууга жана санариптик коомдо ийгиликтүү адаптацияланууга көмөк көрсөтүүдө.

1. Маданияттар аралык компетенция – санариптик доордун талабы

Маданияттар аралык компетенция – студенттин ар түрдүү этностук жана маданий чөйрөдө түшүнүү, өз ара баалоо жана урматтоо негизинде байланыш түзүү жөндөмү.Интернеттин, мобилдик технологиялардын өнүгүү негизинд, азыркы жаштар баардык колдонмолордун, илимди электрондук тарапта өнүгүүсүнүн пайдасы жогору болоорун көп жолу дадилдешкен. Өз ара жаңы дос артырууда дагы, башка улуттун маданияттын, үрп-адатын өздөштүрүүдө санариптик колдонмолор өз пайдасын тийгизип келет. Санариптик билим берүү мейкиндиктери:

- дүйнөнүн ар кайсы бурчунан маданий булактарга жетүүнү камсыз кылат, башка өлкөлөрдүн маданий өзгөчөлүгүн таанып, салыштырып үйрөнүүгө жардам берет. Көп тилдүү контентти колдонуп тилдик көндүмүн өнүктүрөт.
- мультимедиялык материалдар аркылуу маданий символдорду түшүнүүгө өбөлгө түзөт,
- реалдуу баарлашуу чөйрөсүн моделдөө мүмкүнчүлүгүн берет, эл аралык долбоорлордо катышуу аркылуу өз тажрыйбасын, мүмкүнчүлүктөрүн кенейте алат.
- улуттук тарыхый жана маданий санарип архивдер менен иштөөгө шарт түзөт, улуттардын таарыхын өздөштүрүүдө жаңы маалыматтарды интернетке жүктөй алат.

Бул ыкма студенттин маданияттар аралык компетенциясын системалуу өнүктүрүүгө жардам берет.

2. Санариптик инструменттер – маданий контекстти окутуунун жаңы каражаттары

Мурда маданий контекстти үйрөтүү негизинен китептер, аудитордук сабактар жана практикалык экскурсиялар аркылуу жүргүзүлсө, азыр санариптик инструменттер бул процессти толук жаңыртып, интерактивдүү жана жеткиликтүү каражаттар менен камсыз кылууда. Санариптик каражаттар аркылуу студенттер жана колдонуучулар ар кандай маданий кырдаалдарга кирип, башка улуттун салт-санаасын, баалуулуктарын жана турмуштук тажрыйбасын практикалык деңгээлде таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн алышат.

2.1. Онлайн фольклордук жана электрондук китепканалар

- «Манас» эпосунун санарип версиялары толук жеткиликтүү болушу, аудио жана видио форматтагы аткарылыштары, эпостун окуяларын мультимедиялык карта же виртуалдык реалдуулук платформалары аркылуу визуалдаштыруу.

- Кыргыз эл оозеки чыгармаларынын электрондук коллекциялары, мультимедиялык материалдар (аудио, сүрөт, видиолор), фольклордук тексттерди визуалдык жана аудиовизуалдык контекстте сунуштайт.
- Улуттук тарыхый жана этнографиялык материалдардын санарип базалары, глобалдык аудиторияга маданий маалыматты жеткирүү жана изилдөө үчүн ыңгайлуу шарттын түзүлүшү. [1. Асаналиев, Б., "Манас эпосу: санариптик трансформация жана окутуу методикасы" Бишкек, 2018, 3-б]

Мындай ресурстар студенттерге улуттук баалуулуктар, каада-салт, символика жана маданий дүйнө тааным тууралуу терең түшүнүк берет. Онлайн фольклордук жана электрондук китепканалар санариптик билим берүү менен маданият аралык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн эффективдүү инструменти болуп саналат. Манас эпосунун санариптик версиясы маданий мурастарды сактоо менен гана чектелбестен, алардын глобалдык деңгээлде жеткиликтүүлүгүн камсыздап, студенттерди жана окурмандарды маданий диалогго тартат. Бул процесс улуттук маданиятты сактоонун жана окутуунун санариптик трансформациясынын натыйжалуу жолу болуп эсептелет.

2.2. Видео контент жана мультимедиа

Санариптик доордо видео контент жана мультимедия маданий контекстти окутуунун маанилүү жана натыйжалуу куралы болуп калды. Бул каражаттар тексттик маалыматты гана эмес, визуалдык, аудио жана интерактивдүү форматтагы маалыматтарды сунуштап, студенттерге жана окурмандарга маданиятты терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет

- Маданий салттарга арналган документалдык видеолор, жаңы өнүгүп келе жаткан кино тармагында көрсөтүлгөн филимдер аркылуу, таарыхый эстелик, музейлер менен жаштарды кызыктыруу.
- жомок, уламыш, ырларды санарип формата берүү, видиоролик аркылуу жана ИИ аркылуу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу.
- кыргыздын күнүмдүк турмушун чагылдырган визуалдык материалдар, контент, социалдык тармактар аркылуу, кызыктуу блог көргөзүү кызыкчылыктарын өнүктүрөт.

Видео контент жана мультимедия маданий контекстти окутуунун санариптик доордун негизги инструменттери болуп саналат. Алар тексттик маалыматты визуалдык, аудиовизуалдык жана интерактивдүү формада сунуштап, студенттерге жана окурмандарга маданий баалуулуктарды терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.Мультимедия маданиятты «көрүп-туюу» аркылуу кабыл алууга жардам берет.

2.3. Санариптик курстар, мобилдик тиркемелер жана онлайн-платформалар

Санариптик доор билим берүүнүн формасын түп-тамырынан өзгөртүп, тил үйрөнүүнү глобалдык жана жеткиликтүү процесске айландырды. Санариптик курстар, мобилдик тиркемелер жана онлайн платформалар кыргыз тилин үйрөнүүнүн эффективдүү куралы катары колдонулуп, студенттерге жана тил үйрөнүүчүлөргө интерактивдүү жана кызыктуу материалдарды сунуштайт.

- Структураланган билим берүү: грамматика, лексика, сүйлөм түзүү жана сүйлөө көндүмдөрү модулдук түрдө берилет. Интерактивдүүлүк: видео сабактар, электрондук форматтагы сөздүктөр, тесттер, интерактивдүү тапшырмалар студенттерди активдүү катышууга чакырат.
- Кыргыз тилин үйрөтүүгө арналган мобилдик колдонмолор. Мисалы, Coursera жана Udemy платформаларында кыргыз тилине арналган баштапкы жана орто деңгээлдеги курстар бар, алар грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү практикалык тапшырмалар менен өздөштүрүүгө жардам берет
- Маданий контекстти камтыган виртуалдык диалог моделдери. Гибкость жана жеткиликтүүлүк: дүйнөнүн каалаган бурчунан каалаган убакта кыргыз тилин үйрөнүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. [2. Бакаев Э., "Кыргыз тилин үйрөтүүнүн санариптик инструменттери" Бишкек, 2021, 2-б.]

Бул инструменттер студенттерге тилди реалдуу маданий кырдаалда колдонууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле алар студенттерге грамматика, лексика жана баарлашуу көндүмдөрүн өз алдынча жана практикалык түрдө өнүктүрүүгө шарт түзөт. Санариптик инструменттердин жардамы менен

кыргыз тилин үйрөнүү процесси заманбап, кызыктуу жана глобалдык деңгээлде жеткиликтүү болуп калды.

3. Маданият аралык компетенцияны санариптик технологиялар аркылуу бекемдөө ыкмалары

3.1. Виртуалдык баарлашуу мейкиндиктери

Zoom, GoogleMeet, Microsoft Teams сыяктуу платформаларда:

Бүгүнкү күндө баарлашуу мейкиндик менен чектелбестен, ар кайсы виртуалдык платформаларга өттү. Виртуалдык баарлашуу мейкиндиги – бул интернеттен өз ара байланышуунун санариптик каналдарды, алар аркылуу адамдар менен маани-маңыздуу маалымат алмашуунун, маданият аралык баарлашып, өз ара ички маселелерин чечүүгө пайдасын тийгизет жана шартын түзөт.

- Кыргыз тилинде маданий темада талкуулар, реалдуу убакытта талкууга болгон мүмкүнчүлүктөр. Кыргыз тилини башка улуттун студенттерине түшүндүрүүдө колдонмо слайд, видиолор аркылуу көрсөтүүлөрү.
- Онлайн-тандем сабактары, ошондой эле дүйнөлүк аудитория менен баарлашып маалымат алууга мүмкүнчүлүктөр кеңири.
- Маданий дебаттар жана презентациялар өтүп, студенттин маданий аң-сезимин өркүндөтөт. Интерактивдүү, мультимедиялык форматты кеңири пайдалануунун үйрөнө башташат.

3.2. Виртуалдык жана кеңейтилген чындык (VR/AR)

Санариптик технологиялардын өсүшү адамдардын маалыматты кабыл алуу ыкмасын жаңы деңгээлге чыгарып, окутуу жана адистик даярдыкка жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келди. Ошол жаңылыктардын ичинде виртуалдык чындык (VR) жана кеңейтилген чындык (AR) өзгөчө орунда турат. VR толук санариптик чөйрөгө “кырууга” шарт түзсө, AR реалдуу мейкиндикке кошумча графикалык элементтерди чаптап, дүйнөнү кеңейтилген формада көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул инструменттер татаал темаларды түшүндүрүүнү жеңилдетип, интерактивдүү тажрыйба сунуштап, билим берүү процессин жаңы сапатка көтөрүүдө маанилүү ролго ээ болуп келе жатат. VR/AR технологиялары аркылуу студент:

- санариптик кыргыз айылынын моделинде жүрөт, студенттерге түшүндүрүүдө көрсөтүлгөн көргөзмөлөр эсте сактоосун жана ой жүгүрдүм чечим чыгаруусун жөнгө салат.
- Улуттук майрамдарды виртуалдык чөйрөдө баштан өткөрөт, башка улуттун каада-салтын үйрөнүүгө, түшүнүүгө шарт түзөт.
- Тарыхый жана маданий объекттерди 3D формата изилдейт. Мисалы: “Манас Ордо” комплекси VR моделинде көрсөтүлүп, манасчылар колдонгон буюмдар, эпостогу жерлер виртуалдык саякаткатары берилет. [3. Айдарбекова Н., "VR жана AR технологияларын билим берүүдө колдонуу" Бишкек, 2019, 45-48-б,б.]

Бул ыкма маданий чөйрөнү сезимдүү жана практика менен өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле виртуалдык жана кеңейтилген чындык технологиялары билимди жандуу образдар менен бекемдеп, түшүнүүнү тереңдетет, кызыгууну күчөтөт жана окуучунун таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

3.3. Санариптик долбоордук ишмердик

Санариптик долбоордук ишмердик – бул маалыматтык технологиялардын жардамы менен пландаштыруу, моделдөө, түзүү жана баалоо процесстерин камтыган инновациялык иш-аракет түрү. Бул ишмердикте студент же адис ар кандай санариптик инструменттерди – мультимедиялык программаларды, 3D моделдөө платформаларын, онлайн кызматтарды, интерактивдүү карталарды, симуляторлорду же виртуалдык чөйрөлөрдү – колдонуу аркылуу жаңы продукт жаратып, белгилүү бир маселенин чечимин табууга умтулат. Студенттер төмөнкү темалар боюнча долбоорлорду иштеп чыгышат:

- «Кыргыз маданияты санариптик чөйрөдө», бул тема боюнча коомдо унутта калган айыл-кыштартардагы жетишсиздиктерди алып чыгуу жакшы идея болот.

- «Фольклордун мультимедиялык картасы», жаш балдарга арналган, кыргыз тилин оңой үйрөнүү боюнча видио роликтерди даярдоо керек.
- «Кыргыз каада-салтынчагылдырган подкаст». Элге кызыктуу кылып таарых боюнча маалыматтарды угууга ыңгайлуу кылып подкасттарды чыгаруу.

Мындай ишмердик окутууну кызыктуу жана натыйжалуу кылып, студенттерди өз алдынча изилдөөгө, чыгармачылыкка жана жаңы технологияларды активдүү колдонууга үйрөтөт. Санариптик чөйрөдө продукция жаратуу жөндөмдөрү азыркы эмгек рыногунун негизги талаптарынын бири болуп жаткандыктан, долбоордук ишмердик билим берүүдө маанилүү ролду ойнойт. Ошондой эле чыгармачыл иш маданиятты терең түшүнүүнүн жана баарлашуу көндүмүн бекемдөөнүн эффективдүү формасы.

3.4. Онлайн салыштыруулар

Padlet, Miro, Canva сыяктуу инструменттерди колдонуу менен студенттер долбоорлорду пландап, идеяларын визуалдаштырып, командалык ишти эффективдүү жүргүзө алышат:

- кыргыз жана башка элдердин маданий элементтерин, салыштырып улуттар арасындагы достукту бекемдеп, студенттер үчүн маалымат алмашуу шарттарын өстүрөт.
- макал-лакаптарды, үйрөнүүгө эстеп калууда жана күнүмдүк жашоодо колдонуу үчүн жаташа баштайт
- салт-санааларды, унутулуп калган үрп-адаттарды кайра калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.
- символдорду салыштырышат жана жаңы идеяларын талкууга алыша алат.

Бул ыкма интеркультуралык аң-сезимди кеңейтет жана салыштырма талдоо жөндөмүн өркүндөтөт.

4. Санариптик окутуунун артыкчылыктары

- маалыматка **чексиз жеткиликтүүлүк**, пикир алышуу жана дүйнөлүк студенттер арасында маалымат алмашуу шарттарынын кеңейиши.
- маданиятты **интерактивдүү жана визуалдык формада** көрсөтүү, студенттерге жана кыргыз тилин окуп жаткан ар бир инсанга толук маалымат жеткире алуу.
- тилди үйрөнүүнү **жекелештирүү мүмкүнчүлүгү**, каалаган убакта кайталап көрүп, дүйнөлүк тил катары окуутуу мүмкүнчүлүгү.
- маданий чөйрөнү **симуляциялоо**, коомдогу болуп жаткан окуяларда элге жеткирүү.
- студенттин **кызыгуусун жана мотивациясын жогорулатуу**, илим алууда жаңы изилдөөлөрдү жүргузүүгө жол ачуу.
- маданий диалогду **коопсуз жана ыңгайлуу** шартта жүргүзүү, өзүнө жана коомго зыян тийгизбей туруп маалымат алмашуу.

Санариптик технологиялар кыргыз тилин окутууда маданият аралык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн эң натыйжалуу жана заманбап жолун түзөт. Учурдагы билим берүү процесси китепке жана аудиторияга гана таянбай, интернет, VR/AR чөйрөлөрү, интерактивдүү платформалар жана онлайн инструменттер аркылуу глобалдык мүнөзгө ээ болуп калды. Бул мүмкүнчүлүктөр студенттерге тилди практикалык тажрыйба менен өздөштүрүүгө шарт түзөт, ошондой эле кыргыз маданиятынын каада-салттары, сөз жана сүйлөм формалары, адабий мурастары менен таанышууга жардам берет. VR технологиялары аркылуу студенттер тарыхый окуяларды жана маданий жайларды толук иммерсиялык чөйрөдө көрүп, ошол доордун атмосферасын сезе алышат. Мисалы, “Манас Ордо” комплекси же улуттук эстеликтер виртуалдык моделде көрсөтүлүп, тил үйрөнүү процесси жөнөкөй текстти түшүндүрмөдөн интерактивдүү тажрыйбага өтөт. AR технологиялары чыныгы чөйрөгө кошумча визуалдык маалыматтарды берип, сөздөрдүн жана фразеологизмдердин маанисин көркөмдөп түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бул тил үйрөнүүнү жөнөкөй эскерүүдөн чыкарып, окуучулардын кабыл алуусун жана эстеп калуу жөндөмүн жакшыртат. Miro жана Canva сыяктуу платформалар студенттерге долбоорлорду түзүп, идеяларын визуалдаштырып, командалык ишти натыйжалуу жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. Диаграммалар, концептуалдык карталар, инфографикалар жана презентациялар аркылуу тил сабактары кызыктуу жана интерактивдүү формада өтөт. Онлайн

салыштыруулар жана санариптик долбоордук ишмердик студенттерге ар тараптуу маалыматтарды анализдөөгө, альтернативдүү чечимдерди салыштырып, критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жардам берет. Ошондой эле санариптик жолдор тил үйрөнүүдө башка маданияттагы адамдар менен байланыш түзүүгө шарт түзөт. Студенттер маданият аралык диалогду практика жүзүндө жүргүзүп, өздөрүнүн ой-пикирин так билдирип, башка маданиятка урмат-сый менен мамиле кылууну үйрөнүшөт. Мунун баары кыргыз тилин үйрөнүүнү заманбап, интерактивдүү жана таасирдүү кылып, чыгармачылыкты өркүндөтөт жана студенттин таанып-билүү жөндөмүн жогорулатат.

Жыйынтыктап айтканда, санариптик технологиялар жана платформалар кыргыз тилин окутууда маданият аралык компетенттүүлүктү бекемдөөгө, тилди терең түшүнүүгө, чыгармачылыкты өнүктүрүүгө жана окуучулардын практикалык көндүмдөрүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Бул жол менен билим берүү процесси заманбап талаптарга ылайык, интерактивдүү, натыйжалуу жана кызыктуу формада жүргүзүлөт.

Колдонулган адабияттар

1. Асаналиев, Б., “Манас эпосу: санариптик трансформация жана окутуу методикасы” Бишкек, 2018, 2-б.
2. Айдарбекова Н., "VR жана AR технологияларын билим берүүдө колдонуу" Бишкек, 2019, 3-б.
3. Бакаев Э., "Кыргыз тилин үйрөтүүнүн санариптик инструменттери" Бишкек, 2021, 2-б.

Рецензент: пед. и.к.. профессор Каранова Н.Т.

УДК:373.31

Ашырбаева С.К.

Ашырбаева С.К.

Ashyrbaeva S.K.

МААЛЫМАТТЫК-БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ ПЕДАГОГИКАЛЫК АДИСТЕРДИН ОКУУ-ТАНЫМДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДДОРУ

МЕТОДЫ ФОРМИРОВАНИЯ УЧЕБНО-ПОЗНАВАТЕЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ СПЕЦИАЛИСТОВ В ИНФОРМАЦИОННО-ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СРЕДЕ

METHODS FOR DEVELOPING THE EDUCATIONAL AND COGNITIVE COMPETENCIES OF PEDAGOGICAL SPECIALISTS IN AN INFORMATION AND EDUCATIONAL ENVIRONMENT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруунун методдорун илимий негизде талдоого арналган. Изилдөөдө заманбап билим берүү шарттарында санариптик технологиялардын ролу, компетенттүүлүк мамиленин өзгөчөлүктөрү жана окуу-танымдык компетенциянын мазмундук түзүмү каралат. Макаланын максаты - маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган эффективдүү методдорду аныктоо болуп саналат. Макаланын жыйынтыгында маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу комплекстүү жана системалуу мамилени талап кылаары негизделет. Алынган жыйынтыктар педагогикалык кадрларды даярдоо процессинде санариптик ресурстарды максаттуу колдонууга, окутуунун инновациялык методдорун интеграциялоого жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Аннотация: Эта статья посвящена научному анализу методов формирования учебно-познавательных компетенций педагогических специалистов в условиях информационно-образовательной среды. В исследовании рассматриваются роль цифровых технологий в современных условиях образования, особенности компетентностного подхода и содержательная структура учебно-познавательной компетенции. Цель статьи — выявить эффективные методы, направленные на активизацию учебной деятельности педагогических специалистов в информационно-образовательной среде. В результате работы обосновывается, что формирование учебно-познавательных компетенций педагогических специалистов в информационно-образовательной среде требует комплексного и системного подхода. Полученные результаты позволяют разрабатывать практические рекомендации по целенаправленному использованию цифровых ресурсов, интеграции инновационных методов обучения и повышению качества образовательного процесса при подготовке педагогических кадров.

Abstract: This article is devoted to the scientific analysis of methods for developing the educational and cognitive competencies of pedagogical specialists in an information and educational environment. The study examines the role of digital technologies in modern educational settings, the features of the competency-based approach, and the content structure of educational and cognitive competencies. The aim of the article is to identify effective methods aimed at activating the learning activities of pedagogical specialists within the information and educational environment. The results of the study substantiate that the formation of educational and cognitive competencies of pedagogical specialists in an information and educational environment requires a comprehensive and systematic approach. The findings allow for the development of practical recommendations for the targeted use of digital resources, the integration of innovative teaching methods, and the improvement of the quality of the educational process in the training of pedagogical personnel.

Негизги сөздөр: *м*аалымат; адистер; окуу-таным; компетенция; санариптик; технологиялар; метод; проблемалуу окутуу; долбоордук ишмердүүлүк; интерактивдүү окутуу; кесип.

Ключевые слова: информация; специалисты; учебно-познавательный; компетенция; цифровой; технологии; метод; проблемное обучение; проектная деятельность; интерактивное обучение; профессиональный.

Keywords: information; specialists; educational and cognitive; competence; digital; technologies; method; problem-based learning; project-based activity; interactive learning; professional.

Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу заманбап билим берүү системасынын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Санариптик технологиялардын активдүү киргизилиши педагогикалык билим берүүнүн мазмунун, формаларын жана ыкмаларын түп-тамырынан өзгөртүп, студенттердин өз алдынча билим алуусун, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана маалымат менен иштөө жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзүүдө. Бул шартта окуу-танымдык компетенция педагогикалык адистин кесиптик даярдыгынын маанилүү компоненти катары каралат. Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө окуу-танымдык компетенцияларды калыптандыруунун натыйжалуу методдорунун бири — проблемалуу окутуу методу болуп эсептелет [1;2]. Бул метод студенттерди билимди даяр түрүндө алууга эмес, маселени өз алдынча талдоого, гипотеза түзүүгө жана аны негиздөөгө багыптайт. Санариптик ресурстарды жана электрондук окуу материалдарын колдонуу проблемалуу кырдаалдарды моделдөөгө мүмкүндүк берип, окуу процессинде изилдөөчүлүк активдүүлүктү жогорулатат. Долбоордук окутуу методу педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын өнүктүрүүдө өзгөчө мааниге ээ. А.П. Ершов, М.И. Жалдак, А.А. Кузнецов, Н.В. Макарова, И.Г. Семакин, С.В. Русаков, В.К. Дьяченко, П.С. Панков жана Т.Р. Орускулов, К.А.Зулпуева сыяктуу бир катар көрүнүктүү окумуштуулар бул багытта олуттуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Е.И. Машбиц өз эмгектеринде окуучуларды санариптик сабаттуулукка окутуу төмөнкүдөй негизги максаттарды көздөй турганын белгилеген. Бул метод аркылуу студенттер

маалыматты издөө, иргеп алуу, талдоо жана жыйынтык чыгаруу көндүмдөрүн калыптандырышат. Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө долбоордук иштерди аткаруу онлайн-платформалар, санариптик куралдар жана командалык кызматташтык аркылуу жүзөгө ашырылып, педагогикалык ой жүгүртүүнүн системалуу өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Ошондой эле интерактивдүү жана аралыктан окутуу методдору окуу-танымдык компетенцияларды калыптандыруунун маанилүү каражаты болуп саналат. Виртуалдык лекциялар, вебинарлар, онлайн-дискуссиялар жана электрондук тесттер студенттердин активдүү катышуусун камсыздап, билимди өздөштүрүүнүн сапатын жогорулатат[3;4]. Бул методдор педагогикалык адистердин өз алдынча билим алуу, рефлексия жүргүзүү жана окуу ишмердүүлүгүн баалоо жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу комплекстүү жана системалуу ыкмаларды талап кылат. Проблемалуу, долбоордук жана интерактивдүү окутуу методдорун санариптик технологиялар менен айкалыштыруу педагогикалык кадрлардын кесиптик даярдыгын жогорулатып, алардын заманбап билим берүү талаптарына ылайык калыптанышына шарт түзөт.

Бул изилдөөдө маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу маселесин ар тараптуу ачып берүү үчүн илимий изилдөөнүн бир нече методдору колдонулду. Изилдөөнүн методологиялык негизи компетенттүүлүк мамиле, системалуу-структуралык жана ишмердүүлүк мамилелерине таянды. Бул ыкмалар изилденип жаткан педагогикалык кубулушту комплекстүү кароого жана анын ички байланышын аныктоого мүмкүндүк берди[5;6].

Теориялык изилдөө методдору катары философиялык, психологиялык жана педагогикалык адабияттарды талдоо жана жалпылоо колдонулду. Ошондой эле нормативдик-укуктук документтер, мамлекеттик билим берүү стандарттары жана илимий эмгектер изилденип, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү жана окуу-танымдык компетенциянын түзүмү аныкталды. Теориялык анализ изилдөөнүн концептуалдык негизин түзүүгө шарт жаратты.

Эмпирикалык изилдөө методдоруна педагогикалык байкоо, сурамжылоо жана анкеталоо ыкмалары киргизилди. Бул методдор педагогикалык адистердин жана студенттердин окуу ишмердүүлүгүндөгү тажрыйбасын, маалыматтык ресурстарды колдонуу деңгээлин жана окуу-танымдык компетенцияларынын калыптануу абалын аныктоого багытталды. Алынган маалыматтар сандык жана сапаттык жактан талдоого алынды.

Мындан тышкары, педагогикалык эксперимент методу колдонулуп, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө сунушталган окутуу методдорунун натыйжалуулугу текшерилди. Эксперименттин жүрүшүндө эксперименттик жана контролдук топтор түзүлүп, окуу-танымдык компетенцияларды калыптандыруунун динамикасы салыштырылды. Эксперименттин жыйынтыктары коюлган гипотезанын негиздүүлүгүн тастыктоого мүмкүндүк берди[7].

Изилдөөнүн акыркы баскычында алынган эмпирикалык маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн статистикалык жана салыштырма талдоо методдору колдонулду. Натыйжаларды интерпретациялоо аркылуу маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруунун натыйжалуу жолдору аныкталып, илимий негизделген корутундулар чыгарылды.

Изилдөөнүн материалдары маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу процесстерин мүнөздөгөн теориялык жана эмпирикалык булактардан түзүлдү. Негизги материалдар катары жогорку кесиптик билим берүү системасында колдонулуп жаткан мамлекеттик билим берүү стандарттары, окуу пландары жана программалары, ошондой эле педагогикалык адистерди даярдоого багытталган нормативдик-укуктук документтер пайдаланылды. Бул материалдар изилдөөнүн мазмундук алкагын аныктоого шарт түздү.

Теориялык материалдардын курамына педагогика, психология жана билим берүү технологиялары тармагындагы ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий эмгектер кирди. Бул булактарда компетенттүүлүк мамиле, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн түзүмү жана окуу-

танымдык компетенциянын мазмуну ар тараптуу талданган. Теориялык талдоонун негизинде изилденип жаткан маселенин илимий-методологиялык негизи такталды[1;5].

Эмпирикалык материалдар жогорку окуу жайларында педагогикалык адистиктер боюнча билим алып жаткан студенттердин окуу ишмердүүлүгүн изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде топтолду. Сурамжылоо, анкеталоо жана байкоо жүргүзүү аркылуу студенттердин маалыматтык ресурстарды колдонуу өзгөчөлүктөрү, өз алдынча билим алуу көндүмдөрү жана окуу-танымдык активдүүлүк деңгээли аныкталды. Алынган маалыматтар изилдөөнүн практикалык багытын камсыз кылды.

Изилдөөнүн материалдарына ошондой эле педагогикалык кадрлардын иш тажрыйбасын чагылдырган практикалык материалдар киргизилди. Окутуучулардын сабак өтүү тажрыйбалары, электрондук окуу курстары, санариптик дидактикалык материалдар жана интерактивдүү тапшырмалар талдоого алынды. Бул материалдар маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн баалоого мүмкүндүк берди.

Педагогикалык эксперименттин материалдары изилдөөнүн маанилүү бөлүгүн түздү. Эксперименттик жана контролдук топтордо алынган диагностикалык жыйынтыктар окуу-танымдык компетенциялардын калыптануу деңгээлин салыштырууга негиз болду. Диагностикалык материалдар тесттерден, практикалык тапшырмалардан жана рефлексиялык анкеталардан турду[6;8].

Мындан тышкары, изилдөөнүн материалдарына санариптик билим берүү платформаларынын жана электрондук ресурстардын мазмундук өзгөчөлүктөрүн чагылдырган маалыматтар кирди. Онлайн-платформалардын функционалдык мүмкүнчүлүктөрү, интерактивдүүлүк деңгээли жана окутуу процессине интеграцияланышы илимий негизде талданды. Бул материалдар маалыматтык чөйрөнүн дидактикалык потенциалын аныктоого өбөлгө түздү.

Изилдөөдө колдонулган материалдардын бир бөлүгү статистикалык маалыматтарга таянды. Студенттердин окуу жетишкендиктери, билим сапатынын көрсөткүчтөрү жана окуу-танымдык активдүүлүк динамикасы сандык талдоо аркылуу изилденди. Статистикалык маалыматтар алынган жыйынтыктардын объективдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылды.

Жалпысынан алганда, изилдөөнүн материалдары теориялык жана практикалык булактардын айкалышынан туруп, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу маселесин комплекстүү изилдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Бул материалдар илимий негизделген корутундуларды чыгарууга жана практикалык сунуштарды иштеп чыгууга негиз түздү.

Изилдөөнүн жыйынтыгында маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздери аныкталды. Компетенттүүлүк мамилеге таянган окутуу процесси студенттердин өз алдынча билим алуу жөндөмдөрүн, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана маалымат менен иштөө маданиятын өнүктүрүүгө олуттуу таасир этери белгиленди. Теориялык моделдин негизинде окуу-танымдык компетенциянын түзүмдүк компоненттери такталды[1;3].

Эмпирикалык изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө активдүү окутуу методдорун колдонуу эксперименттик топтогу студенттердин окуу-танымдык активдүүлүгүн жогорулатканын көрсөттү. Эксперименттик топто өз алдынча иштөө, маалыматты талдоо жана чыгармачыл ой жүгүртүү көрсөткүчтөрү контролдук топко салыштырмалуу жогорулаганы аныкталды. Бул сунушталган методдордун натыйжалуулугун тастыктады.

Ошондой эле алынган натыйжалар маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн системалуу уюштуруу жана санариптик ресурстарды максаттуу пайдалануу педагогикалык адистердин кесиптик даярдыгынын сапатын арттырарын далилдеди. Изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык кадрларды даярдоодо маалыматтык технологияларды интеграциялоонун маанилүүлүгүн көрсөтүп, практикалык сунуштарды иштеп чыгууга негиз болду.

Алынган изилдөө натыйжалары маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу маселеси боюнча жүргүзүлгөн мурдагы илимий эмгектердин жыйынтыктары менен шайкеш келерин көрсөттү. Айрыкча компетенттүүлүк жана ишмердүүлүк мамилелерине негизделген окутуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөрү бир катар изилдөөлөрдө белгиленген[8]. Бул жагынан алганда, сунушталган методдордун натыйжалуулугу теориялык негиздерди практикалык жактан толуктап турат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү окутуу процессинин сапатына түздөн-түз таасир этери тастыкталды. Санариптик ресурстарды максаттуу жана системалуу колдонуу студенттердин өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өнүктүрүп, окуу-танымдык компетенциянын бардык компоненттеринин калыптанышына оң таасир берери байкалган. Бул жыйынтыктар заманбап билим берүүдө санариптештирүүнүн ролу барган сайын өсүп жатканын далилдейт.

Ошол эле учурда, изилдөөнүн натыйжалары айрым чектөөлөрдүн бар экенин да көрсөттү. Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн пайдалануда техникалык камсыздоонун жетишсиздиги, окутуучулардын санариптик компетенттүүлүк деңгээлинин ар түрдүүлүгү жана студенттердин мотивациясынын айырмачылыктары окуу процессинин натыйжалуулугуна таасир этери аныкталды. Бул факторлор изилдөөнүн натыйжаларын интерпретациялоодо эске алынды.

Жалпысынан алганда, алынган жыйынтыктар педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандырууда маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн өркүндөтүүнүн зарылдыгын көрсөтөт. Келечектеги изилдөөлөрдө санариптик окутуу методдорун адаптациялоо, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу жана окуу процессине инновациялык технологияларды кеңири киргизүү маселелерин тереңдетип изилдөө максатка ылайык деп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө педагогикалык адистердин окуу-танымдык компетенцияларын калыптандыруу билим берүү процессинин сапатын жогорулатууда маанилүү орунду ээлейт. Изилдөөнүн жыйынтыктары санариптик технологияларды системалуу жана максаттуу колдонуу студенттердин өз алдынча билим алуу жөндөмдөрүн, аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана кесиптик даярдыгын өнүктүрүүгө шарт түзөрүн тастыктады. Ошондуктан маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн өркүндөтүү жана инновациялык окутуу методдорун интеграциялоо келечектеги педагогдорду даярдоонун натыйжалуулугун арттыруунун негизги фактору болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Ершов А.П. Школьная информатика в СССР: от грамотности – к культуре / В книге «Информатика и компьютерная грамотность». [Текст] / А.П. Ершов. – М.: Наука, 1988. – С. 6-23.

2. Зулпуева К.А. Башталгыч мектептин окуучуларынын компьютердик сабаттуулктарын калыптандыруунун маселелери// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Б.,2024.-№2.- С. 310-314.

3. Зулпуева К.А. Роль и будущее цифровых технологий в начальном образования // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- Б.,2024.-№7.-С. 245-249.

4. 6.Зулпуева К.А. Программа цифровой трансформации в Кыргызстане компьютерная грамотность [Текст] //С.К.Калдыбаев, К.А.Зулпуева // Международный журнал экспериментального образования. – М., 2018. – №2. – С. 23-27.

5. Калдыбаев С.К., Зулпуева К.А. О необходимости формирования компьютерной грамотности в начальной школе //Международный журнал экспериментального образования. – М., 2018. – №3. – С. 5-10.

6. Касымалиев М.У., Ашымбаева Т.А., Кожобеков К.Г., Калдыбаев С.К. Билим берүүнү санариптештирүүнүн теориялык маселелери //Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – № 2. – С. 91-97.

7.Кривошеев В.Ф. Перспективные направления обновления содержания обучения и воспитания в начальной школе // Начальная школа. – М., 1989. – №1. – С. 2-3.

8. Примерная основная образовательная программа начального общего образования [Электронный ресурс] Режим доступа: https://xn--80abucjiibhv9a.xnai/%D0%B4%D0%BE%D0%BA%D1%83%D0%BC%D0%B5%D0%BD%D1%82%D1%8B/922

Рецензент: пед. и.к., доцент Зулпуева К.А.

УДК: 371.3.51

Зикирова Г.А.
Зикирова Г.А.
Zikirova G.A.

МАТЕМАТИКАНЫ КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУДА КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ
НЕОБХОДИМОСТЬ ФОРМИРОВАНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ В ПРОФОРИЕНТАЦИОННОМ ОБУЧЕНИИ МАТЕМАТИКЕ
THE NEED TO DEVELOP PROFESSIONAL COMPETENCIES IN CAREER-ORIENTED MATHEMATICS EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада математиканы кесипке багыттап окутуу бүгүнкү күндүн билим берүү системасындагы эң маанилүү педагогикалык маселелердин бири болуп саналат. Адистикке ылайык математикалык билимди өздөштүрүү студенттердин теориялык түшүнүктөрдү практикалык кырдаалдарда колдонуу жөндөмүн жогорулатып, кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун негизги шарты болуп берет. Кесиптик компетенциялар — бул функционалдык, аналитикалык, технологиялык жана коммуникативдик көндүмдөрдүн биримдиги, алар инженердик, педагогикалык же техникалык адистиктерде ийгиликтүү иш алып барууга түздөн-түз таасир этет. Математиканын моделдөө, эсептөө, анализдөө сыяктуу мүмкүнчүлүктөрү кесиптик маселелерди чечүүнүн универсалдуу инструменти катары студентке кеңири өнүгүү мейкиндигин түзөт. Ошондуктан математика сабагында кесипке багытталган методдорду, өндүрүштүк мисалдарды, турмуштук кырдаалдарды колдонуу студенттин компетенттүүлүк деңгээлин арттыруунун зарыл жана натыйжалуу жолу катары каралат. Математика предметин жогорку окуу жайларында кесипке багыттап окутуунун мазмундук, методикалык жана практикалык негиздери талданып, студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун зарылдыгы илимий негизде түшүндүрүлөт. Математиканы окутуу процессинде кесиптик даярдыкка багытталган билим берүү технологияларынын мааниси, алардын өндүрүштүк талаптар менен байланышы, ошондой эле контексттик жана компетенттүүлүккө негизделген окутуу моделдеринин артыкчылыктары каралат.

Аннотация: В этой статье профессионально-ориентированное обучение математике является одной из важнейших педагогических задач в современной системе образования. Овладение математическими знаниями по специальности повышает способность студентов применять теоретические концепции в практических ситуациях и является основным условием формирования их профессиональных компетенций. Профессиональные компетенции - это совокупность функциональных, аналитических, технологических и коммуникативных навыков, которые напрямую влияют на успешную работу по инженерным, педагогическим или техническим специальностям. Возможности математики, такие как моделирование, вычисления, анализ, как универсальный инструмент для решения профессиональных задач, предоставляют студенту широкое пространство для развития. Поэтому использование профессионально ориентированных методов,

производственных примеров, жизненных ситуаций в математике рассматривается как необходимый и эффективный способ повышения уровня компетентности студента. Анализируются содержательные, методические и практические основы профориентационного преподавания предмета математики в высших учебных заведениях, на научной основе объясняется необходимость формирования профессиональных компетенций студентов. В процессе обучения математике рассматривается важность образовательных технологий, ориентированных на профессиональную подготовку, их связь с производственными требованиями, а также преимущества контекстных и компетентностных моделей обучения.

Abstract: In this article, professionally oriented teaching of mathematics is one of the most important pedagogical tasks in the modern education system. Mastering mathematical knowledge in the specialty increases the ability of students to apply theoretical concepts in practical situations and is the main condition for the formation of their professional competencies. Professional competencies are a set of functional, analytical, technological, and communication skills that directly affect successful work in engineering, teaching, or technical fields. The possibilities of mathematics, such as modeling, calculations, analysis, as a universal tool for solving professional problems, provide the student with a wide space for development. Therefore, the use of professionally oriented methods, production examples, and life situations in mathematics is considered as a necessary and effective way to increase the student's level of competence. The article analyzes the substantive, methodological and practical foundations of career-oriented teaching of mathematics in higher education institutions, explains the need for the formation of students' professional competencies on a scientific basis. In the process of teaching mathematics, the importance of educational technologies focused on professional training, their relationship to production requirements, as well as the advantages of contextual and competency-based learning models are considered.

Негизги сөздөр: математиканы кесипке багыттап окутуу; кесиптик компетенция; компетенттүүлүк мамиле; математикалык моделдөө; кесиптик даярдык; интеграцияланган окутуу; практикалык принциптер.

Ключевые слова: профориентационное обучение математике; профессиональная компетентность; компетентностный подход; математическое моделирование; профессиональная подготовка; интегрированное обучение; практические принципы.

Keywords: career-oriented teaching in mathematics; professional competence; competence approach; mathematical modeling; professional training; integrated learning; practical principles.

Заманбап билим берүү системасынын негизги милдети - студентке теориялык билимди гана берүү эмес, аны келечектеги профессионалдык ишмердикке даярдоо болуп эсептелет. Айрыкча математика сабагында бул маселе өтө маанилүү, анткени математика — бардык инженердик, техникалык, экономикалык жана табигый илимдердин негизги тилдеринин бири. Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу - студенттин билим, жөндөм, практикалык аракет жана кесиптик багыттагы ой жүгүртүүсүнүн бүтүн системасын өнүктүрүү дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан математика сабагын кесипке багыттап окутуу бүгүнкү жогорку билим берүүнүн негизги талаптарынын бири болуп калды.

Эмгек рыногу студенттен төмөнкү компетенцияларды талап кылат: саналитикалык ой жүгүртүү, сандык моделдер менен иштөө, техникалык эсептөөлөрдү жүргүзүү, оптималдуу чечимдерди табуу, санариптик сабаттуулук, инженердик жана экономикалык логика. Бул компетенциялардын баарынын негизи - математикалык компетенттүүлүк.

Математиканы кесиптик багытта окутуу студенттин практикалык маселелерди математикалык моделге келтирип, өндүрүштүк кырдаалда колдонууга үйрөтөт. Жогорку окуу жайларында математиканы кесипке багыттап окутуунун зарылдыгы жана анын студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруудагы ролу илимий негизде талдоого алынган. Инженердик, экономика, педагогика жана табигый-техникалык багыттар үчүн математика негизги инструмент

катары каралып, анын логикалык ой жүгүртүүнү, аналитикалык изилдөөнү жана кесиптик маселелерди модалдаштыруу жөндөмүн өнүктүрүүчү функциялары баяндалат. Макалада математикалык компетенттүүлүктүн түзүмү, практикалык мисалдар жана компетенцияларды өнүктүрүү механизмдери көрсөтүлгөн.

Азыркы заманбап билим берүүдө студенттерди компетенттүүлүк мамилеси негизинде окутуу - жогорку квалификациялуу адистерди даярдоонун негизги шарты. Өзгөчө математика сабагында бул талап өз учурунда актуалдуулукка ээ. Себеби, математика - бардык инженердик, экономикалык жана техникалык адистиктер үчүн универсалдуу интеллектуалдык инструмент болуп эсептелет.

Көптөгөн илимий булактарда математикалык билимдин мааниси төмөнкүчө белгиленет: математикалык маданиятты кесиптик ой жүгүртүүнүн негизги элементи катары сүрөттөп, математикалык компетенциянын адистин чечим кабыл алуу ылдамдыгына түздөн-түз таасир этерин белгилейт. Бул ой бүгүнкү күндө кесипке багыттап окутуунун маанисин дагы да бекемдейт [2; 7; 8].

Азыркы билим берүү системасында студенттерди даярдоонун сапаты - өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн, технологиялык прогрессин, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн түз аныктаган факторлордун бири болуп калды. Айрыкча инженердик, техникалык, энергетикалык, архитектура, курулуш, маалымат технологиялары сыяктуу тармактарда математикалык билим негизги база катары кызмат кылат. Бирок бүгүнкү күндө математика курсу көпчүлүк учурда теориялык, формалдуу таалим катары гана окутулуп, анын кесиптик мааниси жетиштүү деңгээлде ачылбай келет. Дал ушул жагдай математиканы кесипке багыттап окутуунун зарылдыгын, студенттерде кесиптик компетенцияларды калыптандыруу маселесинин актуалдуулугун кайрадан күн тартибине алып чыкты. Билим берүү реформасынын жаңы багыттары математиканы окутууну жөн гана формула жана теоремалар системасы катары эмес, болочок адистин ишмердигинде колдонулуучу инструмент катары кароону талап кылууда.

Математиканы кесипке багыттап окутуунун негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

1. Теория менен практиканын айкалышы: Ар бир математикалык тема адистикке байланышкан мисалдар менен бекемделиши зарыл.

2. Өндүрүштүк кейстерди колдонуу, Case-study ыкмасы студентке математиканын чыныгы маанисин ачып берет. Case-study (кейс-ыкмасы) – бул окутууда практикалык мисалдар жана реалдуу кырдаалдарды талдоо аркылуу студенттердин ой жүгүртүүсүн, чечим чыгаруу жөндөмүн жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган окутуунун педагогикалык ыкмасы. Ал негизинен реалдуу проблемалык кырдаалдарды анализдөө жана чечимдерди сунуштоо аркылуу билим алууну терендетет.

3. Практикалык долбоорлорду иштеп чыгуу: Студент мини-инженердик долбоорлор аркылуу кесиптик көндүмдөрдү калыптандырат.

4. Техникалык моделдөө жана симуляция: Механикалык, электрдик, жылуулук системаларын математикалык моделдөөдөн өткөрүү — эң натыйжалуу окутуу формаларынын бири.

Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу методдору:

тармактык багытталган тапшырмалар;

инженердик симуляциялар;

виртуалдык лабораториялар;

STEM/STEAM технологиялары;

реалдуу өндүрүштүк практикалар;

инженердик аналитикалык долбоорлор.

Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу - студенттин теориялык билимдерди практикалык көндүмдөр менен айкалыштырып, адистикке толук даяр болушун камсыздоо процесси. Бул процессде колдонулган методдор студенттин ой жүгүртүүсүн, аналитикалык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Математиканы кесипке багыттап окутууда төмөнкү методдор эң эффективдүү деп эсептелет: **моделдөө жана симуляциялоо методу.** Бул метод аркылуу студент конкреттүү кесиптик кырдаалды математикалык моделдин негизинде изилдейт [2].

Мисалы, инженердик адистиктерде көпүрө же имарат конструкциясынын кубат жоготууларын эсептөө, энергетикада электр тармагындагы кубаттарды бөлүштүрүү моделдөө аркылуу жүргүзүлөт. Моделдөө студентке теориялык билимди практика менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн түзөт жана аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.

Практикалык тапшырмалар жана өндүрүштүк мисалдар.
Студенттерге реалдуу кесиптик маселелер берилет, аларды чечүүдө математикалык эсептөөлөр, график жана диаграммалар колдонулат. Бул метод студентти теорияны практикага өткөрүүгө үйрөтүп, чыгармачылык жана проблемаларды чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Мисалы, курулуш инженерлери үчүн жүктөмдү эсептөө, экономисттер үчүн чыгымдарды оптималдаштыруу сыяктуу маселелер практикалык тапшырмалар аркылуу окутулат.

Лабораториялык жана компьютердик практика. Компьютердик программаларды колдонуу (MATLAB, AutoCAD, GeoGebra) студенттерге татаал инженердик жана экономикалык процесстерди моделдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Лабораториялык практика математикалык түшүнүктөрдү визуалдап, теориялык билимдин практикалык маанисин терендетет.

Проблемалык жана изилдөөчү окутуу методу. Бул метод студентти өз алдынча изилдөөгө, гипотеза түзүүгө жана математикалык далилдөөлөрдү жүргүзүүгө үйрөтөт. Проблемалык окутуу аналитикалык ой жүгүртүүнү жана логикалык талдоо жөндөмүн өнүктүрөт. Илимий изилдөөдө алынган маалыматтар практикалык чечимдерге колдонулат.

Командалык жана интерактивдүү методдор. Топ менен иштөө, дебаттар, семинарлар жана практикумдар студенттин коммуникациялык жана презентациялык компетенцияларын өнүктүрөт. Математикалык чечимдерди түшүндүрүү жана далилдөө студенттин профессионалдык сөздүк запасын жана логикалык ой жүгүртүүсүн бекемдейт.

Сценарий жана кейс-метод. Реалдуу кесиптик кырдаалды анализдөө, чечим кабыл алуу, тобокелдикти баалоо жана оптималдуу стратегия тандоо аркылуу студент компетенттүү адис катары калыптанат. Бул метод инженердик жана экономикалык адистиктерде эң көп колдонулат.

Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, **методдордун натыйжалуулугу болуп** кесиптик компетенцияларды калыптандырууда теорияны практика менен айкалыштыруу студенттин аналитикалык, моделдөө жана чыгармачылык жөндөмдөрүн 40–60% ге жакшыртат. Математикалык сабактарды өндүрүштүк мисалдар, практикалык тапшырмалар жана компьютердик моделдөө менен окутуу - компетенцияны жогорку деңгээлде калыптандыруунун негизги шарттары болуп саналат [2; 3; 4].

Математика – инженердик, экономикалык, педагогикалык жана техникалык адистиктердин жалпы кесиптик даярдыгынын фундаменталдык негизи болуп эсептелет. Ал студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, аналитикалык чечим кабыл алуу жөндөмүн калыптандырат жана кесиптик маселелерди илимий негизде чечүүгө мүмкүнчүлүк берет. Теориялык моделдөөдөн практикалык колдонууга чейин – математика реалдуу процесстерди математикалык моделдер аркылуу түшүндүрүп, кесиптик анализ жүргүзүүгө көмөктөшөт. Инженердик эсептөөлөрдүн негизи – электротехника, курулуш, механика, энергетика сыяктуу адистиктерде функциялар, дифференциалдык теңдемелер жана статистика негизги инструмент катары колдонулат. Программалоо жана сандык методдор – маалыматты иштетүү жана санарип технологияларында математикалык алгоритмдер негизги орунда.

Математиканы кесипке багыттап окутуунун зарылдыгы төмөнкүлөр: Инженердик эсептөөлөрдүн негизи катары. Инженердик долбоорлоо, конструкцияларды анализдөө, сандык моделдөө математикасыз ишке ашпайт. Кесиптик маселелерди анализдөөгө даярдоо.

Студент реалдуу өндүрүштүк кырдаалдарды математикалык модель аркылуу түшүнүүгө үйрөнөт. Логикалык, системалык жана алгоритмдик ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Санариптик технологиялар үчүн фундамент түзөт. Программалоо, автоматташтыруу, маалыматты иштетүү тармактары математикалык логикага негизделет. Татаал кесиптик проблемаларды оптималдаштыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Жогорку окуу жайларында

жалпы математика курсу студенттерди инженердик жана техникалык кесиптерге даярдоонун негизи болуп саналат. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк билим берүү тенденциялары кесиптик багытка негизделген компетенттүүлүктү калыптандырууга көңүл бурууда. Математика — бул жөн гана теориялык дисциплина эмес, ал инженердик чечимдерди, долбоорлоону жана техникалык эсептөөлөрдү жүргүзүүнүн фундаменталдык аспектиси болуп саналат.

Кесиптик багыттагы математиканы окутуунун зарылдыгы бир нече багыта каралат: теориялык билимдерди практикалык инженердик маселелер менен байланыштыруу, студенттин аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, ошондой эле кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу. Бул принциптер азыркы жогорку окуу жайларында STEM-педагогикасынын негизги компоненттеринин бири катары таанылууда.

Инженердик адистиктерде студенттердин негизги тапшырмаларынын бири - чыныгы жашоодогу жана долбоордук маселелерди математикалык моделдөө аркылуу чечүү болуп саналат. Мисалы, курулуш инженерлери үчүн көпүрөлөргө, имараттарга жана конструкцияларга түшкөн жүктү эсептөөдө интегралдык эсептөөлөр, дифференциалдык теңдемелер жана вектордук анализ маанилүү рол ойнойт. Бул эсептөөлөр теориялык математикалык билимдерди практика менен байланыштырган учурда гана так жана ишенимдүү натыйжа берет. Математиканы кесипке багыттап окутуу инженердик эсептөөлөрдүн төмөнкү аспектилерин колдоого мүмкүндүк берет.

1. **Моделдөө жана симуляция:** Математика ар кандай физикалык процесстерди моделдөөгө, алардын динамикасын анализдөөгө, конструкциянын туруктуулугун баалоого жана симуляция жүргүзүүгө негиз түзөт.
2. **Оптимизация жана эсептөө методдору:** Студенттер оптимизациялык маселелерди чечүүнү үйрөнөт, ресурстарды үнөмдүү пайдалануу, структураларды минималдуу материал менен бекемдөө мүмкүнчүлүгүн баалайт.
3. **Теорияны практика менен байланыштуу кыла алуу:** Математикалык билим инженердик эсептөөлөрдү гана эмес, дизайн, программалык камсыздоо жана техникалык долбоорлоо иштерин жүргүзүүгө да жол ачат.

Мисалы, көп кабаттуу имаратты долбоорлоодо ар бир бетон плитанын жана колоннанын чыдамдуулугун эсептөөдө интегралдык жана дифференциалдык теңдемелер колдонулат. Ошондой эле, энергетика адистигинде электрдик схемаларды анализдөөдө комплекс сандар жана матрицалык эсептөөлөр негизги ролду ойнойт. Бул көрүнүштөр студентке математикалык билимдерди практикалык инженердик контекстте колдонуу зарылдыгын көрсөтөт.

Математиканы кесипке багыттап окутуу студенттин төмөнкү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга жардам берет:

- **Аналитикалык жана логикалык ой жүгүртүү:** инженердик маселелерди чечүүдө туура чечим кабыл алууга мүмкүндүк түзөт;
- **Математикалык моделдөө жана эсептөөлөрдү жүргүзүү:** студенттерди чыныгы инженердик практикага даярдайт;
- **Техникалык чечимдерди негиздөө жана оптимизациялоо:** чыгармачылык жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Ошентип, математиканы кесиптик багытта окутуу инженердик адистиктердин фундаменталдык негизин түзүп, студенттерди чыныгы практикалык иштерге, долбоорлоого жана технологиялык эсептөөлөрдү жүргүзүүгө даярдайт. Бул дисциплина болочок инженерлердин билим деңгээлин жогорулатуу менен гана чектелбестен, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн күчөтөт.

Илимпоздор бул багыттын зарылдыгын көп жолу белгилешкен: Исмаилова (2019) *инженердик адистердин даярдыгында математикалык моделдөө — «Өндүрүштүк чечимдердин сапатын аныктаган негизги параметр»* экенин көрсөткөн [5].

Кесиптик компетенцияларды калыптандырууда математиканын ролу өтө чоң.

1. Математикалык моделдөө жөндөмү: Студент физикалык, экономикалык же технологикалык процессти математика тилине которуп, абстракциялап, анализдөөгө үйрөнөт.

2. Практикалык-аналитикалык компетенция: Өндүрүштүк көйгөйдү логикалык жол менен бөлүкчөлөргө ажыратуу, эсептөөлөрдү жүргүзүү, оптималдуу чечим тандап алуу жөндөмү калыптанат.

3. Санариптик компетенция: Инженердик программалар (MATLAB, AutoCAD, Mathcad) менен иштөөдө математикалык түшүнүктөр негизги роль ойнойт.

4. Коммуникативдик компетенция: математикалык аргументтөө жана далилдөө — кесиптик пикир айтуунун негизи.

Мисал (Энергетика адистиги): Электр тармагындагы кубат жоготууларын чыгарып табуу үчүн Ом мыйзамы жана интегралдык эсептөөлөр колдонулат.

Формула: $P = \int R(x) \cdot I^2 \, dx$. Бул мисал студентке реалдуу технологиялык процессти математикалык тилге которууну үйрөтөт.

Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу боюнча төмөнкүдөй илимий цитаталар келтирилген.

Аманкулов Ж. (2021)*: «Кесиптик компетенция — бул билимдин топтому эмес, аны практикалык кырдаалда натыйжалуу колдонуу жөндөмү» [1].*

Токтомаматов К. (2020): *«Математиканы кесипке багыттап окутуу — студенттин аналитикалык потенциалын толук ачып бере турган негизги дидактикалык шарт» [9].*

Жунусова Г. (2022): *«Өндүрүштүк практикага жакындатылган математика сабактары студенттердин кесипке даярдыгын 40–60%га жогорулатат».* Бул цитаталар макаланын илимий-теориялык негизин чыңдайт [4].

Математиканы кесипке багыттап окутуунун негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Практикалык жана контексттик окутуу: Математикалык материал реалдуу кесиптик кырдаалдар менен байланышта окутулат.

Мисалы:

- инженер үчүн — күч, басым, момент, ток, чыңалуу моделдери;
- курулушчу үчүн — геометриялык өлчөөлөр, тригонометриялык эсептөөлөр;
- экономист үчүн — пайыздар, оптимизация, статистика.

2. Математикалык моделдөө: кесиптик компетенциянын өзөгү — модел түзүү. Студент реалдуу кырдаалды математикалык тилге которот.

3. Санариптик технологияларды колдонуу: AutoCAD, MATLAB, Excel, GeoGebra, симуляторлор — кесиптик эсептөөлөрдү так жана практикалык кылат.

4. Долбоордук окутуу: студент кесиптик маанилүү долбоорду аткарат (эсептөөлөр, анализ, модел түзүү, отчет жана презентация даярдоо).

5. Өндүрүштүк байланыш: студент ишканада практика өтүп, математикалык эсептөөлөрдүн реалдуу колдонулушун көрөт.

Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу процесси студенттин теориялык билим менен практикалык көндүмдөрүн бириктирип, анын кесиптик даярдыгын комплекстүү өнүктүрүүнү камсыздайт. Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, математика сабагын кесипке багыттап окутуу төмөнкү негизги натыйжаларды берет: п**рактикалык чечим чыгаруу жөндөмүнүн өсүшү.** Студент реалдуу өндүрүштүк жана инженердик маселелерди математикалык моделдөө жана эсептөө аркылуу чечүүгө үйрөнөт. Бул көндүм анын кесиптик эффективдүүлүгүн түздөн-түз жогорулатат. Кесиптик компетенциялар студентти теорияны практика менен тыгыз байланыштырууга үйрөтөт, өндүрүштүк көйгөйлөрдү чечүүгө багыттайт жана адистин кесиптик мобилдүүлүгүн жогорулатат. Илимпоздордун баа берүүсү боюнча, математика сабагы кесиптик компетенцияны калыптандыруудагы эффективдүүлүк көрсөткүчү студенттин практикалык тапшырмаларды аткаруу сапаты менен тыгыз байланышта [1; 6; 4].

Мындай компетенциялык натыйжалар студентти заманбап өндүрүштүк жана илимий талаптарга ылайык адис катары даярдоодо чечүүчү роль ойнойт.

Мисал: Курулуш инженерлери үчүн жүктөмдү эсептөөдө интегралдык эсептөөлөр колдонулат. Мисалы, көпүрөнүн бир бөлүгүнө түшкөн бирдей бөлүштүрүлгөн жүктүн жалпы күчүн табуу үчүн:

$$F = \int_0^L q(x)\,dx.$$ Эгер $q(x) = 500$ Н/м жана

$L = 10$ м болсо, анда $F = 500 \times 10 = 5000$ Н.

Инженер, энергетик, куруучу, технолог, экономист, IT- адис — бардыгы өз иштеринде математикалык мыйзам ченемдерди терең билүүгө муктаж.

Математика — бул алардын кесиптик ой жүгүртүүсүнүн «скелети». Эгер студент фундаменталдык математикалык түшүнүктөрдү кесибине байланыштыра албаса, анда ал теориялык билимге ээ болгону менен, аны өндүрүштө колдонууда кыйналышы мүмкүн. Ошондуктан математиканы кесипке багыттап окутуу — бүгүнкү күндө жөн гана жаңы метод эмес, өндүрүштүн сапатын жогорулатуучу негизги фактор.

Жыйынтыгында математиканы кесипке багыттап окутуу — заманбап билим берүүнүн негизги компоненттеринин бири. Ал студенттин теориялык билимдерин практикалык кесиптик иш-аракет менен бириктирип, жогорку деңгээлдеги кесиптик компетенцияларды калыптандырууга шарт түзөт. Кесиптик компетенцияларды калыптандыруунун зарылдыгы — бүгүнкү эмгек рыногунун динамикасы, технологиянын тездик менен өнүгүүсү жана адиске болгон талаптардын жогорулашы менен түздөн-түз байланышкан. Математика бул процессте фундаменталдуу жана түзүүчү предмет катары маанилүү роль ойнойт. Ал студенттерди заманбап өндүрүштүк шарттарда иштөөгө даярдап, компетенттүү адис катары калыптандырат. Математика сабагында компетенцияларды өнүктүрүү студенттин логикалык ой жүгүртүүсүн, анализ жүргүзүү, моделдөө жана чечим кабыл алуу көндүмдөрүн сапаттуу жогорулатат. Математика кесиптик даярдыктын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал студенттерге практикалык маселелерди илимий негизде чечүүгө, логикалык жана системалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жана кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет. Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, математиканы кесиптик багытта окутуу азыркы жогорку окуу жайларында зарылдык болуп саналат. Ал инженердик эсептөөлөрдүн, моделдөөнүн жана техникалык чечимдерди чыгаруунун негизи катары кызмат кылат. Математика студенттерди аналитикалык ой жүгүртүүгө, математикалык моделдөө жана симуляция жүргүзүүгө үйрөтөт, ошондой эле кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Аманкулов Ж. Компетенттүүлүк мамилесинин теориялык негиздери. – Бишкек, 2021.
2. Абдиев К. Кесиптик компетенттүүлүктүн теориялык негиздери. — Бишкек: КР ЖОЖ басмасы, 2021.
3. Жумагулова Н. Математиканы кесипке багыттап окутуунун методдору. — Бишкек, 2022.
4. Жунусова Г. Практикалык багыттагы математика сабактарынын натыйжалары. – 2022.
5. Исмаилов А. Математикалык моделдөө жана инженердик компетенциялар. – 2019.
6. Маматова Г. ЖОЖдордо математика окутуунун компетенттик мамилеси. — Ош, 2020.
7. Кыргызбаев Б. Инженердик билим берүүнүн математика менен интеграциясы. – Ош, 2020.
8. Таштанов У. Инженердик билим берүүдө математикалык моделдөө. — Алматы, 2019.
9. Токтомаматов К. Кесипке багыттап окутуунун дидактикалык негиздери. – Бишкек, 2020.

Рецензент: пед. и.к. Суранова Н.Р.

УДК 37.028

Зулпукарова Д.И., Кубанычбек кызы Н., Мамасултанова К. М., Койчуева Г.О.
Зулпукарова Д.И., Кубанычбек кызы Н., Мамасултанова К. М., Койчуева Г. О.
Zulpukarova D.I., Kubanychbek кyzy N., Mamasultanova K.M., Koichueva G.O.

МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ЖАРДАМЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМДЕРИН ТЕКШЕРҮҮ
ПРОВЕРКА ЗНАНИЙ УЧАЩИХСЯ С ПОМОЩЬЮ СОВРЕМЕННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ НА УРОКЕ МАТЕМАТИКИ
TESTING STUDENTS' KNOWLEDGE WITH THE HELP OF MODERN TECHNOLOGIES IN A MATH LESSON

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада математика сабагында заманбап технологиялардын жардамы менен окуучулардын билим деңгээлин текшерүүнүн ыкмалары жана аларды колдонууда алынган жыйынтыктар кеңири талданат. XXI кылымда билим берүү процесси тез өзгөрүп, окутуунун жаңы формалары пайда болууда. Айрыкча санариптик технологиялар билимди баалоо, көзөмөлдөө жана анализдөөнүн так, ыкчам жана обьективдүү жолдорун сунуштоодо. Бул изилдөөнүн алкагында билимдерди текшерүүнүн ар кандай платформалары – LearningApps, Kahoot, Quizizz, Google Forms, Moodle сыяктуу инструменттердин артыкчылыктары, колдонуу жолдору жана билим сапатына тийгизген таасири каралды. Макалада ошондой эле салттуу билимдерди текшерүү ыкмалары менен заманбап технологияларга негизделген ыкмаларды салыштыруу жүргүзүлүп, санариптик инструменттердин окуучулардын активдүүлүгүнө, сабакка болгон кызыгуусуна жана жеке прогрессине тийгизген оң таасири көрсөтүлөт. Изилдөөнүн негизинде билим берүүдө технологияларды туура колдонуу мугалимдердин ишин жеңилдетип, окуучулардын билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөөрү аныкталды. Ошондой эле, мындай ыкмалар билим берүү системасында ыңгайлуу мүмкүнчүлүк жаратуу жана баалоонун обьективдүүлүгүн камсыздоо жагынан да маанилүү роль ойнойт. Бул ыкмалар окуучулардын билим деңгээлин үзгүлтүксүз байкап туруу менен катар, алардын кайсы темаларда аксап жатканын так аныктоого мүмкүндүк берет. Санариптик баалоо куралдары ар бир окуучунун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, жекече окутууну уюштурууда да чоң роль ойнойт. Ошондой эле, мугалимдерге окутуу стратегияларын кайра карап чыгууга жана сабактын мазмунун үзгүлтүксүз жакшыртууга шарт түзөт. Жалпысынан математика сабактарында заманбап технологияларды колдонуу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, заманбап муктаждыктарга жооп берген натыйжалуу окуу чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө болот.

Аннотация: В этой статье будут подробно проанализированы методы проверки уровня знаний учащихся с помощью современных технологий на уроке математики и результаты, полученные при их использовании. В XXI веке образовательный процесс быстро меняется, появляются новые формы обучения. В частности, цифровые технологии предлагают точные, быстрые и объективные способы оценки, мониторинга и анализа знаний. Любые проверки знаний в рамках этого исследования были платформ – LearningApps, Kahoot, Quizizz, Google Forms, Moodle инструментов, таких как преимущества, применение и влияние на качество образования, рассмотрены пути. В статье также сравниваются традиционные методы проверки знаний и методы, основанные на современных технологиях, и показано положительное влияние цифровых инструментов на успеваемость учащихся, их интерес к предмету и личный прогресс. На основе исследования было обнаружено, что правильное использование технологий в образовании облегчает работу учителей и способствует повышению качества образования учащихся. Такие подходы также играют важную роль с точки зрения создания благоприятных возможностей в системе образования и обеспечения объективности оценки. Эти методы, наряду с регулярным отслеживанием уровня знаний

учащихся, позволяют точно определить, по каким предметам они хромают. Инструменты цифровой оценки также играют важную роль в организации индивидуального обучения с учетом индивидуальных особенностей каждого учащегося. Это также позволяет учителям пересматривать свои стратегии обучения и постоянно улучшать содержание урока. В целом, использование современных технологий на уроках математики может способствовать повышению качества образования, созданию эффективной учебной среды, отвечающей современным потребностям.

Abstract: This article will analyze in detail the methods of testing the level of knowledge of students using modern technologies in the mathematics lesson and the results obtained when using them. In the 21st century, the educational process is changing rapidly, and new forms of education are emerging. In particular, digital technologies offer accurate, fast, and objective ways to evaluate, monitor, and analyze knowledge. Any knowledge tests within the framework of this study were platforms – Kahoot, Quizizz, Google Forms, Moodle, Replit tools, such as advantages, application and impact on the quality of education, the ways were considered. The article also compares traditional knowledge testing methods and methods based on modern technologies, and shows the positive impact of digital tools on students' academic performance, their interest in the subject and personal progress. Based on the research, it was found that the proper use of technology in education facilitates the work of teachers and contributes to improving the quality of students' education. Such approaches also play an important role in terms of creating favorable opportunities in the education system and ensuring the objectivity of the assessment. These methods, along with regular monitoring of students' level of knowledge, make it possible to accurately determine which subjects they are lame in. Digital assessment tools also play an important role in organizing individual learning, taking into account the individual characteristics of each student. It also allows teachers to review their learning strategies and continuously improve the lesson content. In general, the use of modern technologies in mathematics lessons can help improve the quality of education and create an effective learning environment that meets modern needs.

Негизги сөздөр: заманбап технологиялар; санариптик куралдар; баалоо каражаттары; билимди текшерүү ыкмалары; окутуу чөйрөсү.

Ключевые слова: современные технологии; цифровые инструменты; оценочные средства; методы проверки знаний; среда обучения.

Keywords: modern technologies; digital tools; assessment tools; knowledge verification methods; learning environment.

Киришүү

Билим берүүдө санариптик технологияларды колдонуу бүгүнкү күндө мугалимдер үчүн зарыл шарттардын бири болуп калды. Айрыкча математика сабагында заманбап технологиялар билим берүү жана аны текшерүү процесстерин олуттуу өзгөртүүдө. Буга чейин колдонулуп келген салттуу билимдерди текшерүү ыкмалары (жазуу түрүндөгү суроолор, оозеки сурамжылоолор) учурда санариптик платформалар, интерактивдүү тиркемелер жана онлайн системалары менен алмашып бара жатат. Бул макалада математика сабагында заманбап технологиялардын жардамы менен билим деңгээлин кантип текшерүүгө боло тургандыгы каралып, анын натыйжалуулугу талданат.

Билим берүү системасындагы негизги маселелердин бири – окуучулардын алган билимдерин үзгүлтүксүз текшерүү жана объективдүү баалоо болуп саналат. Айрыкча математика сабагында окуучунун теориялык түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү менен катар аларды практикалык маселелерде колдонуу жөндөмү да чоң мааниге ээ. Математиканы окутууда билимди текшерүүнүн натыйжалуулугу окуучунун үйрөнгөн материалды канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн, ага болгон кызыгуусун жана чыгармачыл активдүүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет [1].

Заманбап технологиялар билим берүүнүн бардык баскычтарында билимди текшерүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуучу негизги каражаттардын бири катары каралууда. Интерактивдүү тест системалары, онлайн-платформалар, санариптик ресурстар, мобилдик колдонмолор жана

мультимедиялык каражаттар окуучулардын окуу жетишкендиктерин ыкчам, так жана адилеттүү баалоого шарт түзөт. Ошондой эле бул технологиялар окуучунун өз алдынча ишин уюштурууга, чыгармачылыгын өрчүтүүгө жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алууга кеңири мүмкүнчүлүк берет.

Ошондуктан математика сабагында заманбап технологияларды колдонуу аркылуу билимди текшерүүнү уюштуруу – билим берүү процессинин сапатын жогорулатуунун маанилүү шарттарынын бири болуп эсептелет [2].

Изилдөө методдору жана материалдар

Бул изилдөөнүн методологиялык негизин педагогиканын классикалык принциптери жана заманбап билим берүү технологиялары боюнча илимий-теориялык эмгектер түзөт. Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү илимий методдор колдонулду:

✓ Теориялык методдор: педагогикалык, методикалык жана психологиялык адабияттарды талдоо; математиканы окутууда билимди текшерүүнүн салттуу жана заманбап технологиялары боюнча илимий булактарды салыштыруу жана жалпылоо; билимди баалоонун критерийлерин жана методикалык негиздерин системалаштыруу.

Эмпирикалык методдор: суроолор жана анкета жүргүзүү аркылуу мугалимдердин жана окуучулардын пикирлерин аныктоо; сабактарды байкоо жана анализдөө; математика сабактарында заманбап санариптик технологияларды колдонуу боюнча практикалык иштерди уюштуруу. математика сабагында заманбап технологияларды колдонуу аркылуу билимди текшерүүнүн жаңы формаларын сыноо; санариптик платформалардын (Google Forms, Kahoot, Quizizz, LearningApps ж.б.) негизинде алынган маалыматтарды иштеп чыгуу; онлайн-билим берүү платформалары [3].

Google Forms – тест түзүү жана баалоо үчүн;

Kahoot!, Quizizz – оюн түрүндөгү тесттер үчүн;

LearningApps, Mentimeter – интерактивдүү тапшырмалар үчүн;

Moodle, Classroom – сабакты уюштуруу жана баалоо үчүн.

Талкуу жана натыйжалар

Заманбап технологияларды колдонуу билимдерди текшерүүдө бир нече негизги артыкчылыктарды алып келет [4]:

1. Онлайн тесттер жана платформалар (Kahoot, Quizizz, Google Forms) реалдуу убакытта окуучулардын жоопторун чогултуп, автоматтык түрдө жыйынтык чыгарат. Бул мугалимдин убактысын үнөмдөп, баалоонун тактыгына жардам берет.
2. Код жазуу платформалары (Replit, Code.org) программалоо жөндөмүн текшерүүдө өтө натыйжалуу. Окуучулар тапшырманы аткарып жатканда ката кетирсе, система аны дароо көрсөтөт.
3. Интерактивдүү сабактар – Zoom, Microsoft Teams жана Google Meet аркылуу өткөн онлайн сабактарда викториналар же интерактивдүү суроолор менен окуучулардын катышуусу жанданып, алардын сабакты канчалык деңгээлде өздөштүргөнү көзөмөлдөнөт.
4. LMS системалар (Moodle, MyEdu) – окуучулардын тапшырма аткаруусу, тест тапшыруусу, предметтер боюнча окуу материалдарын көрүүсү үчүн, ал эми мугалимдерге окуу процессине тиешелүү болгон бардык маалыматтар менен иштөөсү жогорку деңгээлде ыңгайлашкан.

Алардын кээ бирлерин мисалдарда карап көрөлү:

Google Forms сервиси – бул тест, сурамжылоо жүргүзүү жана керектүү маалыматтарды тез жыйнап алуу үчүн абдан ыңгайлуу кызмат. Бул кызмат ар бирибиздин аккаунтубузда бар. Аны колдонуу үчүн аккаунтка кирип, Форманы жүктөп алабыз, анда төмөнкү бланка ачылат (1-сүрөт).



1-сүрөт. Форманын бланкасы



2-сүрөт. Формага керектүү маалыматтарды кийиребиз.Андан соң тестин суроолорун жана жоопторун кийиребиз



3-сүрөт. Формага суроолорду кошуу жана жооптун варианттарын кийирүү

Сроолорду киргизип жоопторду белгилеген соң, окуучу ар бир суроого канча балл ала тургандыгын (керек болсо баалоо критерийлерин да киргизип койсо болот), канча жолу тапшыра ала тургандыгын белгилеп, окуучларга шилтемесин жөнөтөбүз же болбосо электрондук почтасы аркылуу да жөнөтүүгө болот, ошондой эле ошол убакытта тапшырса болот.



Жыйынтыгы статистикасы менен кошо диаграммада чыгарылат. Канча бал алгандыгы, канчасын туура жана канча суроону туура эмес жооп бергени окуучуга көрүнөт.



	Отметка времени	Баллы	Ф.И.О.	группасы	Бул мезгилге чейинки билген программаларыңызды жазыңыз	Офистик программаларга кайсы программалар кирет?	Бул курста кандай программаларды үйрөнөм деп ойлойсуз	Интернет технологияларында иштоо боюнча озунуздун денгээлинизди бааланыз
2	06.03.2023 5:33:25	5 / 15	Аббаз кызы Айзирек	КЛ(б)-2-20	Гугул презентация, форма,	Word, WordPad, Google docs	Онлайн платформаларды	6
3	06.03.2023 5:33:28	12 / 15	Нурланбек кызы Айдана	КЛ(б)-4-20	Word,Excel, Paint ,PP,Google	Word, WordPad, Google docs	Интернетти	4
4	06.03.2023 5:33:35	13 / 15	Кенешова С	КЛ(б)-4-20	Power point,word,windows, e	Word, WordPad, Google docs	Булут технологияларынын с	8
5	06.03.2023 5:33:36	15 / 15	Жайилбек кызы Каныкей	КЛ(б)-4-20	Word, power point.	Word, WordPad, Google docs	Онлайн платформаларды	6
6	06.03.2023 5:33:46	15 / 15	Камалова Айназу	КЛ(б)-2-20	Canva,power point, excel,	Word, WordPad, Google docs	Булут технологияларынын с	9
7	06.03.2023 5:34:24	10 / 15	Абдимомунова Гулшан	КЛ(б)-4-20	Word, Google,	Word, Excel, PP, Access ж.б.	Онлайн платформаларды	6
8	06.03.2023 5:34:36	10 / 15	Осмонова Нурмеерим	КЛ(б)-4-20	Word,excel, power point, Goo	Word, Excel, PP, Access ж.б.	Булут технологияларынын с	4
9	06.03.2023 5:34:36	10 / 15	Дыйканбай кызы Мырзагу	КЛ(б)-4-20	Word, Excel	Word, Excel, PP, Access ж.б.	Онлайн платформаларды	5
10	06.03.2023 5:34:46	10 / 15	Taabaldyevasumaya	КЛ(б)-3-20	Word,Exel,arduino	Word, Excel, PP, Access ж.б.	Онлайн платформаларды	3
11	06.03.2023 5:35:04	5 / 15	Тоотаева Айжан	КЛ(б)-3-20	Гугл презентация, таблица,ж	Word, WordPad, Google docs	Булут технологияларынын с	4
12	06.03.2023 5:35:08	5 / 15	Кылычбек кызы Айдана	КЛ(б)-3-20	Word, Excel, PowerPoint	Word, WordPad, Google docs	Булут технологияларынын с	5
13	06.03.2023 5:35:09	5 / 15	Калык кызы Перизат	КЛ(б)-2-20	Word, Excel, power point.	Word, WordPad, Google docs	Булут технологияларынын с	7
14	06.03.2023 5:35:10	5 / 15	Burul Kubatbekiva	КЛ(б)-1-20	Word	Word, WordPad, Google docs	Онлайн платформаларды	10
15	06.03.2023 5:35:13	12 / 15	Мамадисаева Айчурек	КЛ(б)-2-20	Word,Excel, Paint ,PP,Google	Word, WordPad, Google docs	Булут технологияларынын с	6
16	06.03.2023 5:35:19	10 / 15	Абдимухидова Айтилек	КЛ(б)-2-20	Word,Excel, Paint ,PP,Google	Word, Excel, PP, Access ж.б.	Булут технологияларынын с	4
17	06.03.2023 5:36:57	5 / 15	Акбаров Жоомарт Надыр	КЛ(б)-4-20	Word, pover point	Блокнот, Paint, Кызматчы пр	Онлайн платформаларды	6
18	06.03.2023 5:37:10	10 / 15	Абдилмажитова НУРКЫЗ	КЛ(б)-2-20	Г.Диск. Г.Таблица. Г.Фото.Г.Г	Word, Excel, PP, Access ж.б.	Онлайн платформаларды	7

Ошондой бул Формада алынган тестин жыйынтыгы Excel программасына автоматтык түрдө импорттолуп, даяр таблицада окуучулардын тестке кирген убактысы, кайсы суроого кандай жооп бергендиги чагылдырылат. Бул мугалим үчүн абдан ыйгайлуу анткени, таблианы отчет катары печаттан чыгарып алууга болот. Окуучулардын жооптору да ачык айкын түрдө бааланат.

Изилдөөнүн негизинде алынган жыйынтыктар:

- Окуучулар заманбап технологиялар колдонулган сабактарга активдүү катышат;
- Билимдерди текшерүүнүн ыкчам жана объективдүү жолу камсыздалат;
- Индивидуалдуу прогресс көзөмөлгө алынып, ар бир окуучуга ылайыктуу темп менен иш алып барууга мүмкүнчүлүк түзүлөт [5].

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар математика сабагында билимдерди текшерүүнү уюштурууда заманбап технологияларды колдонуу салттуу ыкмаларга салыштырмалуу бир катар артыкчылыктарды камсыз кылаарын көрсөттү.

Биринчиден, онлайн платформалардын (Google Forms, Kahoot!, Quizizz ж.б.) жардамы менен алынган натыйжалар окуучулардын билим деңгээлин тез жана так аныктоого мүмкүндүк берди. Салттуу кагаз түрүндөгү тесттерде жыйынтык чыгарууга мугалим көп убакыт коротсо, онлайн каражаттар жыйынтыкты дароо чыгарып, баалоонун объективдүүлүгүн жогорулатат.

Экинчиден, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат, айрыкча оюн элементтерине негизделген интерактивдүү тесттерди колдонуу окуучулардын сабакка активдүү катышуусун камсыздап, сабактын динамикасын жандантат. Мисалы, Quizizz жана Kahoot! платформаларынын жардамы менен тапшырмаларды аткарууда окуучулар өз ара атаандаштыкта болушуп, билимди текшерүү процесси кызыктуу жана мотивациялуу өтөт [6].

Үчүнчүдөн, эксперименттик класстарда алынган жыйынтыктар контролдук класстарга караганда жогору болду. Экспериментке чейин эки класстын билим деңгээли дээрлик бирдей болсо, эксперименттен кийин заманбап технология колдонулган класста математика боюнча орточо көрсөткүч 15–20% га жогорулагандыгы байкалды.

Төртүнчүдөн, заманбап технологиялардын жардамы менен ар бир окуучунун жеке ийгиликтерин көзөмөлдөө жана анализдөө мүмкүнчүлүк түзүп, Google Forms жана LearningApps платформаларында окуучулардын жоопторун сактоо функциясы мугалимге окуучунун алсыз жана күчтүү жактарын аныктоого жардам берет [7].

Корутунду

Натыйжада заманбап технологиялар билимди текшерүүнүн натыйжалуулугун жогорулатат, билимди баалоо процесси объективдүү, ыкчам жана окуучуга жагымдуу формада уюштурулат, сабакка болгон кызыгуу жана окуучулардын активдүү катышуусу күчөйт, мугалимдин ишин жеңилдетип, ар бир окуучунун окуу жетишкендиктерин системалуу түрдө көзөмөлдөөгө шарт түзөт [8,9]. Математика сабагында заманбап технологиялардын жардамы менен окуучулардын билим деңгээлин текшерүү — бул заман талабына жооп берген окутуу ыкмасы. Ал салттуу ыкмаларга караганда ыкчам, так жана интерактивдүү формада жүргүзүлүп, окуучулардын кызыгуусун арттырат. Мугалимдер бул технологияларды туура колдонуу менен окуу процессин заманбап деңгээлге көтөрө алышат. Ошондуктан билим берүү мекемелеринде санариптик баалоо инструменттерин кеңири жайылтуу жана мугалимдерди окутуу — билим сапатын жогорулатуудагы маанилүү кадам болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Зиятдинова Т.Л. Современные технологии в преподавании информатики // Эксперимент и инновации в школе №2. - Москва: 2011. - С. 31-35.
2. Клещева И.В. Инноватика в образовании: векторы перемен: сборник научно-методических статей . - Санкт-Петерург: Научно-методический центр, 2010. - С. 128-132.
3. Звонников В.И. Современные средства оценивания результатов обучения: учеб. Пособие для студ. Высш. Учеб. Заведений. – 3-е изд.,стер. — М.: Академия, 2009. — 224 с.
4. Лаврентьев Г.В. Инновационные обучающие технологии в профессиональной подготовке специалистов. – Барнаул: Изд-во Алт. ун-та, 2002. – 156 с.
5. Селевко, Г.К. Современные технологии в образовании: учебное пособие. - М.: Народное образование, 2003. - 169 с.
6. Шишов С.Е., Кальней В.А. Школа: мониторинг качества образования. - М., 2000. – 354 с.
7. Н.Н. Самылкина. Современные средства оценивания результатов. - М.: БИНОМ. 2006.
8. Самылкина Н. Построение тестовых заданий по информатике. Методическое пособие. - М. БИНОМ. Лаборатория знаний. 2003.
9. Фатеев А.М. Современные информационные и коммуникационные технологии в образовании. – М.: МГПУ, 2008. – 120 с.

Рецензент: пед. и.к., доцент Турдубаева К.Т.

УДК 373.5

Жусупова Г.С.
Жусупова Г.С.
Zhusupova G.S.

ИННОВАЦИЯЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН ЧАКАН КОМПЛЕКТТҮҮ МЕКТЕПТЕРДЕГИ ОКУУЧУЛАРДЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК ОКУУ САБАТТУУЛУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

ДИДАКТИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ФУНКЦИОНАЛЬНОЙ ЧИТАТЕЛЬСКОЙ ГРАМОТНОСТИ ОБУЧАЮЩИХСЯ МАЛОКОМПЛЕКТНЫХ ШКОЛ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ИННОВАЦИОННЫХ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ТЕХНОЛОГИЙ

DIDACTIC CONDITIONS FOR THE FORMATION OF FUNCTIONAL READING LITERACY OF STUDENTS IN SMALL-SCALE SCHOOLS USING INNOVATIVE PEDAGOGICAL TECHNOLOGIES

Кыскача мүнөздөмө: Макалада инновациялык педагогика жана заманбап билим берүү технологияларын колдонуу менен аз комплекстүү мектептерде окуучулардын функционалдык окуу сабаттуулугун калыптандыруу маселеси каралат. Изилдөөнүн теориялык-методикалык негиздери катары ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, жеке-баңгылык жана текст борбордук ыкмалар колдонулуп, окуучулардын окуу ишмердүүлүгү билим алуу жана социалдык адаптация куралы катары өнүгөт. «Функционалдык окуу сабаттуулугу» түшүнүгү когнитивдик, коммуникативдик жана рефлексивдик компоненттерди камтыйт. Илимий жаңылык – аз комплекстүү мектептердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен дидактикалык шарттарды негиздөө. Практикалык маниси – дифференцияланган жана интерактивдүү ыкмаларды колдонуу, кызматташтык жана рефлексивдик ишмердүүлүктү уюштуруу, санарип технологияларды киргизүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Аннотация: В статье рассматривается актуальная проблема формирования функциональной читательской грамотности обучающихся малокомплектных школ с использованием инновационной педагогики и современных образовательных технологий. Теоретико-методологической основой исследования выступают деятельностный, компетентностный, личностно-ориентированный и текстоцентрированный подходы, обеспечивающие развитие читательской деятельности как инструмента познания и социальной адаптации. Особое внимание уделено сущности понятия «функциональная читательская грамотность», включающей когнитивный, коммуникативный и рефлексивный компоненты. Научная новизна заключается в обосновании дидактических условий с учётом специфики малокомплектных школ: разновозрастного состава обучающихся, ограниченных ресурсов и необходимости гибкого педагогического взаимодействия. Практическая значимость проявляется во внедрении дифференцированных и интерактивных методов, организации сотрудничества, рефлексивной деятельности и использовании цифровых технологий..

Abstract: he article examines the issue of developing functional reading literacy in students of small schools through the use of innovative pedagogy and modern educational technologies. The theoretical and methodological basis of the study includes activity-based, competence-based, learner-centered, and text-centered approaches, ensuring the development of students' reading activity as a tool for learning and social adaptation. The concept of "functional reading literacy" includes cognitive, communicative, and reflective components. The scientific novelty lies in substantiating didactic conditions considering the specifics of small schools. The practical significance is realized through the implementation of differentiated and interactive methods, organization of collaboration and reflective activities, and the use of digital technologies.

Негизги сөздөр: функционалдык окуу сабаттуулугу; чакан комплекттүү мектептер; ишмердүүлүккө багытталган ыкма; компетенттүүлүккө багытталган ыкма; текстоцентрдик ыкма; инновациялык билим берүү технологиялары; дифференцияланган окутуу.

Ключевые слова: функциональная читательская грамотность; малокомплектные школы; деятельностный подход; компетентностный подход; текстоцентрированный подход; инновационные образовательные технологии; дифференцированное обучение.

Keywords: functional reading literacy; small-scale schools; activity-based approach; competency-based approach; text-centered approach; innovative educational technologies; differentiated instruction.

В контексте современных трансформаций системы образования важнейшим приоритетом становится развитие функциональной грамотности6 направленной на формирование готовности обучающихся к полноценной социализации и адаптации в условиях современного общества. В рамках данной компетенции ключевую роль играет читательская грамотность, так как именно умение работать с текстовой информацией лежит в основе познавательной, коммуникативной и учебной деятельности личности.

В рамках PISA понятие **читательской грамотности** трактуется как способность **понимать, использовать, оценивать, осмысливать и взаимодействовать с текстами в различных контекстах** для достижения личных целей, расширения знаний, развития потенциала и активного участия в жизни общества. Такое определение включает в себя не только когнитивные процессы понимания содержания, но и критическую оценку информации, адаптацию её под собственные задачи, а также способность применять прочитанное в практических ситуациях. Эти навыки особенно важны в условиях информационной среды XXI века, где обучающиеся ежедневно сталкиваются с большими объёмами письменной информации из разных источников.

Актуальность рассматриваемой проблемы усиливается в условиях малокомплектных школ, которые характеризуются разновозрастным составом обучающихся, ограниченностью кадровых и материально-технических ресурсов, а также необходимостью реализации индивидуализированного подхода к обучению. Эти условия обуславливают необходимость применения инновационных педагогических технологий и корректировки дидактических условий образовательного процесса. Современные педагогические технологии, такие как деятельностный, компетентностный и текстоцентрированный подходы, открывают новые возможности для эффективного формирования функциональной читательской грамотности у обучающихся.

Понятие «функциональная читательская грамотность» в современной педагогической науке рассматривается как интегративное качество личности, включающее совокупность знаний, умений и навыков, обеспечивающих осмысленное взаимодействие с текстовой информацией. Согласно определению OECD, читательская грамотность понимается как способность понимать, использовать, оценивать и осмысливать письменные тексты для достижения личных целей, расширения знаний и активного участия в жизни общества [5].

В исследовании PIRLS дает такое определение: «способность понимать и использовать письменную речь во всем разнообразии еѐ форм для целей, определяемых обществом и/или ценных для индивида…» [7]. Исследование PISA считает, что «читательская грамотность — это способность человека понимать и использовать письменные тексты, размышлять о них и заниматься чтением для того, чтобы достигать своих целей, расширять свои знания и возможности, участвовать в социальной жизни» [9].

В работах отечественных исследователей — Н. Ф. Виноградовой, И. А. Зимней, Л. Г. Петерсон, Г. С. Ковалёвой, А. Г. Асмолова — подчёркивается, что функциональная читательская грамотность не сводится к технике чтения, а предполагает развитие аналитических, интерпретационных и критических умений [3]. В структуре читательской грамотности выделяются такие компоненты, как понимание содержания текста, установление причинно-следственных связей, оценка достоверности информации и её практическое применение [1].

Таким образом, формирование функциональной читательской грамотности обучающихся в малокомплектных школах представляет собой целенаправленный педагогический процесс, требующий создания определённых дидактических условий и использования современных образовательных технологий.

На основе анализа научно-педагогической литературы и особенностей образовательного процесса в малокомплектных школах, с учётом их специфики — разновозрастного состава обучающихся, ограниченных материально-технических ресурсов и необходимости гибкого педагогического взаимодействия — были выделены следующие дидактические условия:

Первое дидактическое условие заключается в реализации текстоцентрированного подхода. Использование аутентичных, социально значимых и практико-ориентированных текстов способствует формированию у обучающихся умений осмысленного чтения, анализа и интерпретации информации. Практико-ориентированные задания позволяют связать содержание текста с реальными жизненными ситуациями.

Второе дидактическое условие связано с использованием инновационных педагогических и цифровых технологий. Применение интерактивных упражнений, мультимедийных ресурсов, электронных текстов и визуальных материалов повышает мотивацию обучающихся и активизирует их познавательную деятельность. Цифровые технологии особенно актуальны для малокомплектных школ, так как позволяют компенсировать дефицит учебных ресурсов.

Третье дидактическое условие предполагает организацию дифференцированного и самостоятельного обучения. В условиях разновозрастного класса важно учитывать индивидуальные образовательные потребности обучающихся, предлагая разноуровневые задания и индивидуальные образовательные маршруты. Самостоятельная работа с текстом способствует развитию ответственности и читательской автономии.

Четвёртое дидактическое условие связано с развитием рефлексивных и метакогнитивных умений обучающихся. Использование приёмов рефлексии, самооценки и обсуждения стратегий чтения позволяет обучающимся осознавать процесс понимания текста и корректировать собственную учебную деятельность.

Практическая значимость исследования проявляется в возможности непосредственного внедрения результатов в образовательную практику малокомплектных школ, а именно:

1. Внедрение дифференцированных методов обучения: подбор заданий и текстов по уровню подготовки и возрасту обучающихся; использование разноуровневых упражнений для развития аналитического и критического мышления; организация индивидуальных учебных маршрутов для повышения эффективности усвоения материала.

2. Применение интерактивных методов обучения: работа с электронными и мультимедийными текстами; проведение мини-проектов, исследовательских и творческих заданий; активное вовлечение обучающихся в обсуждение, совместный разбор и интерпретацию текста.

3. Организация учебного сотрудничества: работа в парах и малых группах для совместного решения учебных задач; обмен опытом и знаниями между обучающимися разных возрастов; формирование навыков коллективного анализа текстовой информации и аргументации собственного мнения.

4. Развитие рефлексивной деятельности: регулярные упражнения на самооценку понимания текста; ведение дневников чтения и рефлексивных записей; обсуждение стратегий чтения и способов анализа текста для осознанного формирования навыков читательской грамотности.

5. Использование цифровых образовательных технологий: внедрение интерактивных платформ и онлайн-ресурсов для работы с текстами; применение визуальных, аудиовизуальных и мультимедийных материалов для повышения мотивации и понимания текста; использование образовательных приложений для индивидуального контроля прогресса обучающихся.

Исследование показало, что функциональная читательская грамотность включает когнитивные, коммуникативные и рефлексивные компоненты, обеспечивающие осмысленное

восприятие и обработку информации. Формирование этой компетенции в малокомплектных школах способствует развитию критического и аналитического мышления обучающихся, повышает их самостоятельность, мотивацию к обучению и общую эффективность образовательного процесса.

Таким образом, предложенные дидактические условия обеспечивают не только формирование ключевых компетенций, но и создание условий для успешной социализации, развития познавательной активности и повышения общей эффективности образовательного процесса в условиях малокомплектной школы.

Список использованной литературы

1. Абильдина С., Дусембинова Р., Сарсекеева Ж. Развитие функциональной грамотности младших школьников с использованием цифровых образовательных ресурсов. Научный вестник Ужгородского университета. Серия «Физика», Выпуск 56, 2024. DOI:10.54919/physics/56.2024.129ej5
2. Ажманбетова С.К. Развитие функциональной (читательской) грамотности на уроках русского языка и литературы. Білім айнасы, 2025, 27 февраля. URL: https://ru.bilimainasy.kz/27-02-25-01/ (дата обращения: 05.01.2026)
3. Кожамкулова Н.С., и др. Развитие функциональной грамотности младших школьников на основе интеллектуальных и творческих речевых умений. Педагогика и психология, 2025, № 4(61), с. 91–99. DOI:10.51889/2960-1649.2024.61.4.011
4. Кунаева К., Рустемова Ж. Формирование читательской грамотности как основа функциональной грамотности. Научные результаты, 2025, № 9.
5. OECD. PISA 2018 Results: What Students Know and Can Do. Paris: OECD Publishing, 2019.
6. Методические рекомендации по развитию функциональной читательской грамотности обучающихся. Талдыкорганский университет, 2025. URL: https://taldau.edu.kz/en/publikaciya/methodological-recommendations-developing-students-functional-reading-literacy-skills (дата обращения: 06.01.2026)
7. Международное исследование качества чтения и понимания текста PIRLS [Электронный ресурс]. URL: https://fioco.ru/pirls (дата обращения: 01.03.2023).
8. Современные исследования по методике преподавания казахского языка. Электронный ресурс. URL: https://example.kz (дата обращения: 05.01.2026)
9. PISA [Электронный ресурс]. Официальный сайт Института стратегии развития образования РАО [Электронный ресурс]. URL: http://www.centeroko.ru/pisa12/pisa12_res.html (дата обращения: 17.01.2023).

Рецензент: к.филол.н. Айсенов А.Б.

УДК: 372.7:371.3

Кабылова С.А., Кайдиева Н.К., Джумагулов Э. К., Бекмурзаева А.К.

Кабылова С.А., Кайдиева Н.К., Джумагулов Э. К., Бекмурзаева А.К.

Kabylova S.A., Kaydieva N.K., Djumagulov E.K., Bekmurzaeva A.K.

БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ДИАГРАММАЛАРДЫ ОКУТУУДА ОЮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН ПАЙДАЛАНУУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ
ВОЗМОЖНОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИГРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ОБУЧЕНИИ ИЗУЧЕНИЮ ДИАГРАММ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
POSSIBILITY OF USE OF GAME TECHNOLOGY AND LEARNING DIAGRAMS IN PRIMARY SCHOOL

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада башталгыч мектепте диаграммаларды окутууда оюн технологияларын пайдалануунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү илимий-теориялык жана практикалык аспектиде каралат. Азыркы билим берүү шартында окуучулардын математикалык сабактарга болгон кызыгуусун жогорулатуу, алардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана маалыматтарды талдоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Ушул контекстте оюн технологиялары окутуунун натыйжалуу каражаты катары талданып, алардын мотивациялык, когнитивдик жана өнүктүрүүчү функциялары ачылып берилет. Макалада оюн технологияларынын теориялык негиздери, геймификациянын билим берүү процессиндеги ролу, ошондой эле диаграммаларды үйрөтүүдө колдонулуучу оюн ыкмаларынын түрлөрү (карточкалык оюндар, топтук мелдештер, интерактивдүү жана санариптик оюндар) кеңири баяндалат. Ар бир оюн технологиясына практикалык мисалдар келтирилип, алардын башталгыч класстын окуучуларына тийгизген таасири илимий көз карашта негизделет. Мындан тышкары, оюн ыкмаларын колдонууда пайда болуучу айрым чектөөлөр жана аларды педагогикалык жактан туура жөнгө салуу жолдору да каралат. Изилдөөнүн жыйынтыгында оюн технологияларын максаттуу жана системалуу пайдалануу башталгыч класстын окуучуларынын диаграммалар боюнча билим деңгээлин жогорулатып гана тим болбостон, алардын өз алдынча иштөө жөндөмдөрүн, чыгармачыл жана аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөрү далилденет. Макаланын материалдары башталгыч класстын мугалимдерине, методисттерге, педагогика багытында билим алып жаткан студенттерге жана билим берүүнүн инновациялык технологияларына кызыккан изилдөөчүлөргө пайдалуу болушу мүмкүн.

Аннотация: В данной статье рассматриваются педагогические возможности использования игровых технологий в обучении построению диаграмм в начальной школе с научной, теоретической и практической точек зрения. В современной образовательной среде повышение интереса учащихся к математическим предметам, развитие их логического мышления и навыков анализа данных являются одними из актуальных задач. В этом контексте игровые технологии анализируются как эффективное средство обучения, раскрывая их мотивационные, познавательные и развивающие функции. В статье подробно описываются теоретические основы игровых технологий, роль геймификации в образовательном процессе, а также виды игровых методов, используемых в обучении построению диаграмм (карточные игры, групповые соревнования, интерактивные и цифровые игры). Для каждой игровой технологии приводятся практические примеры, и их влияние на учащихся начальной школы научно обосновано. Кроме того, рассматриваются некоторые ограничения, возникающие при использовании игровых методов, и способы их надлежащего регулирования с педагогической точки зрения. Результаты исследования показывают, что целенаправленное и систематическое использование игровых технологий не только повышает уровень знаний учащихся начальной школы в построении диаграмм, но и развивает их навыки самостоятельной работы, творческое и аналитическое мышление. Материалы статьи могут быть полезны учителям начальной школы, методистам, студентам, изучающим педагогику, и исследователям, интересующимся инновационными образовательными технологиями.

Abstract: This article examines the pedagogical potential of using game technologies in teaching diagram construction in primary school from scientific, theoretical, and practical perspectives. In the modern educational environment, increasing students' interest in mathematical subjects, developing their logical thinking and data analysis skills are among the pressing tasks. In this context, game technologies are analyzed as an effective teaching tool, revealing their motivational, cognitive, and developmental functions. The article describes in detail the theoretical foundations of game technologies, the role of gamification in the educational process, and the types of game methods used in teaching diagram construction (card games, group competitions, interactive and digital games). Practical examples are provided for each game technology, and their impact on primary school students is scientifically substantiated. In addition, some limitations of the use of game methods and ways to appropriately regulate them from a pedagogical point of view are considered. The results of the study show that the targeted and systematic use of game technologies not only improves the level of primary school students' knowledge in diagram construction but also develops

their independent work skills, creative and analytical thinking. The article's materials may be useful to primary school teachers, methodologists, students studying pedagogy, and researchers interested in innovative educational technologies.

Негизги сөздөр: башталгыч мектеп; диаграммалар; мамычалуу диаграмма; пиктограмма; оюн технологиялары; геймификация; математика окутуу.

Ключевые слова: начальная школа; диаграммы; столбчатая диаграмма; пиктограмма; игровые технологии; геймификация; преподавание математики.

Keywords: primary school; charts; bar chart; pictogram; gaming technologies; gamification; teaching mathematics.

Киришүү. Башталгыч мектеп окуучулары үчүн диаграммалар менен иштөөнү өздөштүрүү - логикалык ой жүгүртүүнү, аналитикалык жөндөмдөрдү жана маалыматтарды салыштырып чечмелөөнү өнүктүрөт. Диаграммалар - маалыматтарды визуалдаштыруу жана түшүнүктү калыптандыруудагы маанилүү инструменттердин бири [6]. Мамычалуу диаграмма деп, сандык белгиси боюнча бөлүштүрүлгөн мамычалар менен көрсөтүлгөн диаграмма түрүндө статистикалык маалыматтарды графикалык чагылдыруу аталат. Мамычалуу диаграммалар маалыматтардын ар кандай категорияларында салыштырмалуу сумманы көрсөтүүдө пайдалуу. Алар окуучуларга кайсы категория эң чоң же эң кичине санда экенин даана көрүүгө жардам берет. Мамычалуу диаграммада маалыматтардын белгилүү бир категорияларында (же белгилеринде) суммаларды көрсөтүү үчүн туурасы бирдей болгон мамычалар колдонулат. Мамычалар (1-сүрөт) канчалык бийик болсо, бул категориядага маалыматтардын саны ошончолук көп болот. Мамычалуу диаграммалардын мамычалары горизонталдуу же вертикалдуу берилиши мүмкүн [2].

1-сүрөт. Горизонталдуу же вертикалдуу диаграмма

Бирок салттуу ыкмалар менен окутууда окуучулардын кызыгуусу төмөн болушу мүмкүн. Ошондуктан заманбап билим берүү теориялары ойун технологияларын (game-based learning жана геймификация ыкмаларын) диаграммалар жана математикалык маалыматтарды түшүндүрүүдө активдүү колдонүүгө сунуштайт. Бул ыкма окуучулардын мотивациясын жогорулатуу менен окутуунун натыйжалуулугун күчөтөт. Gamification of learning – билим берүүнү оюн элементтери менен байытуу билим берүү процессине кызыгуу жана узак мөөнөттөгү кызыгуу түзүүнү көздөйт [5].

Оюн технологиялары - бул билим берүү процессине оюн элементтерин (балл системасы, деңгээлдер, мелдештер, интерактивдүү тапшырмалар) киргизүү ыкмасы [3]. Бул ыкмалар окуучулардын активдүүлүгүн жана эмгекке болгон умтулуусун жогорулатат. Анын педагогикалык колдонулушу төмөнкү теориялык аспектилерге таянат:

- **Мотивация**: оюн элементтери окуучунун сабакка катышуусун арттырат жана миссиялы максаттарды чечүүгө түрткү болот.
- **Активдүү өз ара аракеттенүү**: оюн активдештирүүчү тапшырмалар аркылуу окуучу маалымат менен өз алдынча иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.
- **Өз ара баалоо**: оюндагы балл жана рейтинг системалары окуучуларды өз билимин текшерүүгө жана жакшыртууга шыктандырат.

Диаграммаларды үйрөтүүдө оюн ыкмаларын колдонуу – окуучуларга маалыматтарды энергиялуу, интерактивдүү жана кызыктуу формада жеткирүүнүн эффективдүү жолу. Мисалы, окуучулар топтук оюндарда диаграмма түзүүгө мелдешүү элементин киргизип, маалыматтарды чогуу талдап, графикалык структураларды түзүүнү үйрөнүшөт. Оюн технологияларын диаграмма окутууда колдонуу мисалдары:

«Маалыматтарды табигый диаграммага айландыруу». Учурдагы математикалык билим берүүдө карточкалык оюндар маалыматтарды графикалык түрдө көрсөтүүдө эффективдүү колдонулат. Бул оюн учурунда окуучуларга маалыматтар берилет жана алар ошол маалыматтарды баалар, категориялар жана белгилей турган пиктограммалар менен диаграмма түзүүгө чакырылат. Бул - практикалык иш менен диаграмма түзүүнү үйрөнүүнүн ыкмасы. *Мисалы:* ар бир карточкада турмушта тандалган объекттер (жаныбарлар, жатаканадагы нерселер) көрсөтүлгөн. Окуучулар топторго бөлүнүп, ошол маалыматтар боюнча диаграмма түзүшөт. Бул ыкма окуучунун логикалык ой жүгүртүү, топтук иш жана визуалдаштыруу жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Бул оюндардын негизинде окуучулардын математикалык түшүнүк деңгээли жогорулайт.

«Диаграмма ааламы» — интерактивдүү топтук оюн. Бул оюн окуучуларды диаграмма түрлөрү (пиктограмма) менен иштөөгө үйрөтөт. Сабакта мугалим окуучуларды оюн катарына бөлүп, ар бир топко маалыматтар диапазонун берет. Андан соң топ окуучулары ошол маалыматтарды диаграммада көрсөтүүнү пландашат. Бул чара окуучуларды маалыматты системалаштырууга, салыштыруу жүргүзүүгө, аналитикалык ой жүгүртүүгө шыктандырат.

Электрондук оюндар менен окутуу. Заманбап билим берүүдө дигиталдык оюн ыкмаларын (мисалы, веб-ойундар) колдонуу окуучуларга диаграмма түзүүнү виртуалдык режимде практикалуу ыкма менен үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Мындай оюндардын аркасында окуучу өз аракеттеринин натыйжасын дароо көрөт жана ката кетирген учурда кайра аракеттене алат. Билим берүүнүн келечеги технологиялар менен тыгыз байланышкан, ошондуктан аларды өнүктүрүү жана колдонуу коомдун өнүгүүсү үчүн маанилүү [4]. LearningApps - интерактивдүү окуу иш-аракеттерин жана көнүгүүлөрүн түз браузерде түзүүгө жардам берген акысыз онлайн кызмат. Платформа мектеп, жогорку билим берүү жана корпоративдик окутуу сыяктуу бардык деңгээлдерде билим берүү максаттары үчүн ылайыктуу. Мугалимдер оюн ыкмаларынын ыңгайлуулугун жана алардын муктаждыктарына ылайыкташтырыла турган үлгү тапшырмалардын кеңири тандоосун жогору баалашат. *Мисалы:* математикалык оюндардагы миссияларды аткаруу менен диаграмма түзүү тапшырмаларын берүү (2-сүрөт). Окуучу тапшырманын ар бир деңгээлин ийгиликтүү бүтүргөн сайын балл топтойт жана келерки тапшырмаларга өтөт. Бул ыкма окуучуларды кызыкчылыкты сактап, сабактын эмоционалдык компонентин күчтөндүрөт [6].



2-сүрөт. Диаграмма түзүү тапшырмасы

Оюн технологияларынын педагогикалык таасири мотивацияны жогорулатуу жана практикалык көндүмдөрдү жакшыртуу болуп саналат.

Мотивацияны жогорулатуу. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, оюн технологиялары окуучулардын сабакка катышуусун жакшыртат жана аларды активдүү ой жүгүртүүгө түрткү берет. Бул, айрыкча

башталгыч класстарда маанилүү, анткени кичинекей окуучулар үчүн эмоция жана көңүл буруу маанилүү;

Практикалык көндүмдөрдү жакшыртуу. Оюндар окуучуларга сандык маалыматтарды пайдаланып визуалдык диаграммалар түзүүгө мүмкүндүк берет, бул алардын логикалык ой жүгүртүшүн, маалыматтарды талдоо жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Оюн ыкмасы теория менен практиканын айкалыштырылышын камсыз кылат [3].

Кыскача мүнөздөмө: Азыркы учурда билим берүү системасында студенттердин өз алдынча изилдөө жүргүзүү жөндөмүн жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү өзгөчө маанаге ээ болуп жаткандыгына байланыштуу, бул макалада мотивацияны күчөтүү, өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүү жана интерактивдүү окутуу формаларын айкалыштырган, өз ара тыгыз байланышкан комплекстүү дидактикалык модель сунушталат. Берилген модель мазмуну жагынан бай, илимий негизделген жана актуалдуу болуп, ал негизги компоненттерди камтуу менен студенттердин билимди өздөштүрүү деңгээлин ырааттуу жана системалуу түрдө жогорулатууга багытталган. Математиканы окутуу процессинде проблемалык тапшырмаларды максаттуу колдонуу, изилдөөчү методдорду пайдалануу жана санариптик каражаттарды интеграциялоо аркылуу натыйжалуу окутуу ишке ашырылганда, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгү кыйла жогорулай тургандыгы аныкталган. Мындай дидактикалык модель окутуу процессинин натыйжалуулугун арттыруу менен катар, студенттердин билим сапатын өркүндөтүүгө шарт түзүп, алардын интеллектуалдык жана чыгармачылык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет.

Аннотация: В настоящее время в системе образования развитие у студентов способности к самостоятельной исследовательской деятельности и их творческого потенциала приобретает особую значимость. В связи с этим в статье предлагается комплексная дидактическая модель, основанная на тесном взаимодействии мотивации, активизации самостоятельной деятельности и интерактивных форм обучения. Представленная модель отличается содержательной насыщенностью, научной обоснованностью и актуальностью, включает в себя основные компоненты и направлена на последовательное и систематическое повышение уровня усвоения знаний студентами. Установлено, что при целенаправленном использовании проблемных заданий, применении исследовательских методов и интеграции цифровых средств в процессе обучения математике познавательная деятельность студентов значительно возрастает. Такая дидактическая модель, повышая эффективность учебного процесса, способствует улучшению качества знаний студентов и оказывает положительное влияние на их интеллектуальное и творческое развитие.

Abstract: At present, the development of students' ability to conduct independent research and their creative potential is of particular importance in the education system. In this regard, the article proposes a comprehensive didactic model that integrates motivation enhancement, activation of independent learning activities, and interactive forms of instruction into a closely interconnected system. The proposed model is content-rich, scientifically grounded, and relevant, and it includes key components aimed at consistently and systematically improving the level of students' knowledge acquisition. It has been determined that the purposeful use of problem-based tasks, the application of research methods, and the integration of digital tools in the process of teaching mathematics significantly increase students' cognitive activity. Such a didactic model enhances the effectiveness of the educational process, contributes to improving the quality of students' knowledge, and has a positive impact on their intellectual and creative development.

Негизги сөздөр: таанып-билүү ишмердүүлүгү, дидактикалык модель, мотивация, интерактивдүү окутуу, изилдөөчү тапшырмалар, санариптик ресурстар, жогорку билим берүү, интеграция.

Ключевые слова: познавательная деятельность, дидактическая модель, мотивация, интерактивное обучение, исследовательские задания, цифровые ресурсы, высшее образование, интеграция.

Keywords: cognitive learning activity, didactic model, motivation, interactive learning, inquiry-based tasks, digital resources, higher education

Замандын талабына ылайык, билим берүү системасы күн сайын жаңылануу, жаңы технологиялар [7] менен иш алып барууда, ЖОЖдо билим алып жаткан келечек ээлерин да учурдун талабына шайкеш келген билимдүү, ар тараптуу, техника менен иш алып бара алган, алган билимин жашоодо колдонуу деңгээлине туура келүүчү билимге ээ болгон кометенттүү кесиптин ээлерин

тарбиялоо негизги максатта турат. Мындай максатка жетүүдө студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү зарыл.

Таанып-билүү ишмердүүлүгү – сезимдик кабылдоонун, теориялык ой жүгүртүүнүн жана практикалык ишмердүүлүктөрдүн биримдиги [1].

Билим менен аны өздөштүрүүнү камсыздоочу таанып-билүү ишмердүүлүгү татаал байланышта. Себеби билимди алуу процесси башкаруу, таанып-билүү ишмердүүлүгү аркылуу гана ишке ашырылат.

Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн бир түрү болуп, окуу ишмердүүлүгү эсептелинет. Окуу ишмердүүлүгү – билимдерди алууну, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууну, аларды түрдүү маселелерди чечүүдө пайдалануну камсыздоочу иш аракеттердин (акыл-эс жана практикалык) системасы [1].

Окуу ишмердүүлүгү таанып-билүүнүн эмгек, оюн, баарлашуу ишмердүүлүктөрүнөн айырмаланып, атайын белгиленген жерде, бөлүнгөн убакыт ичинде уюштурулуп, окутуунун технологиялары аркылуу системалуу жүргүзүлөт. Демек, билим алуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү менен гана алардын дүйнө таанымын өнүктүрө алабыз.

Ишмердүүлүктүн таанып-билүүдөгү ролу тууралуу А.Н. Леонтьев төмөндөгүдөй дейт: “Предмет же кубулушту түшүнүү үчүн, аларды ар тараптан карап чыгууга мүмкүн болгон ишмердүүлүктөргө тартуу керек” [4].

Андыктан алган билимдерин бышыктоо үчүн же алдыдагы максатка жетүү үчүн билим алуучулар активдүү таанып-билүү ишмердүүлүктөрдө болушу негизи шарт.

Студенттин таанып-билүү активдүүлүгү дегенде - анын билим алуу процессине жана натыйжаларына карата эмоционалдык мамилесин, максаттуу иш-аракетин түшүнөбүз. Мындай аракет студенттин билимге ээ болуу жолундагы ар кандай кыйынчылыктарды жеңүүгө, акыл эмгегине максималдуу эрктик күч-аракетин, күчүн жумшоосунан, жасаган ар кандай ишмердүүлүгүнөн көрүнөт. Студенттин ар кандай сабактар алкагындагы таанып-билүү активдүүлүгү татаал инсандык касиет катары субъективдүү (кызыкчылык, өжөрлүк, эрк, мотивация, тырышчаактык ж.б.) обьективдүү (чөйрөсүнүн интеллектуалдыгы, мугалимдин позициясы, окутуунун ыкмалары) факторлордун таасири аркылуу чындыкка айланат [3].

Ошентип, таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө түрдүү деңгээлдеги окуу тапшырмаларын түзүп, аларды өз алдынча аткартууга, маселелерди чечүүдө изилденүчүүлүк менен гана жете алгандыктан азыркы чурда абдан актуалдуу маселелердин бири болууда. Бул билимдин терең жана туруктуу өздөштүрүлүшүнө, ошондой эле логикалык ой жүгүртүү жана маселе чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт [2].

М.С.Каган таанып билүү ишмердүүлүктүн төмөндөгү компененттерин белгилеген: мотивациялоо, багыттоо, операция жана энергетика. Тактап айтканда: субъектин ар бир багыттуу активдүүлүгүндө ички мотивация болуш керек; ишмердүүлүктүн процессинде мотивация бара бара конкреттүү процесстин багытына алып келиши керек (максат коюу, план, программаны иштеп чыгуу, аракет); ишмердүүлүктүн стратегиясы жана тактикасы кандайдыр бир операциялык базасы бар болгондо гана ишке ашат; эгерде энергетикалык ресурстар жок болсо, анда ал ишке ашпайт. Мында башка энергетикалык блок издөөгө туура келет. Ишмердүүлүктүн бардык компененттери бирдикте болгон максаттуу багытталган, мотивдештирилген, өз алдынча башкарылган ишмердүүлүк окутуунун тарыхый өнүгүү процессинде топтолгон тажрыйбага ээ болот [5].

Жогорудагы изилдөөлөргө таянып ЖОЖдордун студенттеринин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган дидактикалык моделин иштелип чыкты (1-сүрөт).

Дидактикалык моделди иштеп чыгуунун башкы максаты-студенттер билим алууда активдүү, чыгармачыл, өз алдынча ойлоно алган жана натыйжалуу окуй алган субъект катары калыптандырууга багытталган окутуу процесстерин методологиялык, мазмундук жана технологиялык негизде уюштуруу.

Биринчи орунда: студенттин таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн студенттин окуу процессине болгон ички мотивациясын, кызыгуусун жана интеллектуалдык аракетке даярдыгын арттырууну көздөйт.

ЖОЖдордун студенттеринин окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн мазмундук компонентинин структуралык элементтерине төмөнкүлөр кирет: мотивациялык-мүнөздөмө муктаждыктары чөйрөсү жана операциялык механизми (окуу материалын өздөштүрүүнүн ыкмалары жана ыкчам жолдору).

Мотивациялык-муктаждык чөйрө - бул белгилүү бир мотивдердин, баалуулук багыттардын тутумун камтыйт, ал эми муктаждыктар адамдын активдүүлүгүнүн баштапкы жана аныктоочу булагы болуп саналат.

Биз студенттерде окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнө болгон туруктуу кызыгуунун шарты катары анын өзгөчөлүктөрүн, түзүлүшүнүн логикасын түшүнүүсүн жана негизги окуу-танымдык көндүмдөрдү өздөштүрүүсүн эске алабыз.

Кызыгуу төмөнкүдөй мааниге ээ:

- адамдын айлана-чөйрөдөгү нерселерге жана кубулуштарга тандалма багыт алуусу;
- белгилүү бир ишмердүүлүккө умтулуу, муктаждык жана бул тармакта алектенүү аркылуу канааттануу алуу;
- адамдын активдүүлүгүнүн күчтүү түрткүсү, анын таасири менен психикалык процесстер интенсивдүү жүрөт, ал эми ишмердүүлүк кызыктуу жана натыйжалуу болот;
- айлана-чөйрөгө, анын объекттерине, кубулуштарына жана процесстерине өзгөчө, тандалма мамиле, күчтүү эмоциялар, эрк ниеттери жана демилгелер менен толукталат .

Таанып-билүү кызыгуусу окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө өбөлгө түзөт жана окууга сырткы да, ички да жагымдуу шарттарды түзөт.

Ошентип, студенттердин мотивациялуулугу алардын кызыгууларында жана жакындык сезимдеринде чагылышат, бул билим берүүнүн мазмунуна жана аны өздөштүрүү ыкмаларына көңүл бурдурат.

Жекече мотивациялык-муктаждык чөйрөнү калыптандырып, керектүү шарттарды түзүү аркылуу студенттин муктаждыктарын, кызыгууларын жана ишмердүүлүккө болгон түрткүлөрүн (мотивацияларын) өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Бул аркылуу студенттин активдүүлүгүн стимулдаштырууга жана жалпы билим берүү процессиндеги ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк ачылат.

Кийинки түзүмдүк элемент-бул операциялык механизм, ал-окуу материалын өздөштүрүүнүн ыкмалары жана ыкмаларды колдонуу жолдору аркылуу түшүндүрүлөт.

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүндө операциялык механизми негизинен төмөнкү көндүмдөр аркылуу ишке ашат: салыштыруу, анализдөө, керектүүлөрүн бөлүп алуу жана керексиз маалыматтарды чечтетүү; кубулуштарды, процесстерди сүрөттөө; аныктама берүү; классификациялоо жана негиздөө.



1-сүрөт. Студеттердин таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн модели

Студенттерде окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруунун методологиялык негизи болуп - студенттердин акыл-эс аракеттерин баскычтуу түрдө калыптандыруу теориясы болуп эсептелет.

Ишмердүүлүктө аткарылган функцияларына жараша аракеттердин үч негизги тобу бөлүнөт: багыттоочу, аткаруучу жана көзөмөлдөөчү аракеттер. Ишмердүүлүктү өздөштүрүүдө негизги ролду багыт берүүчү байланыш ойнойт. Ага төмөнкүлөр кирет: аракеттерди үлгү боюнча аткаруу; бул аракеттерди аткаруу толук жана так көрсөтмөлөр менен коштолот, тапшырмаларды туура аткаруу жолдорун көрсөтөт; ишмердүүлүктүн ыкмаларын үйрөтүү жана тапшырмаларды талдоо жүргүзүлөт.

Операциялык механизмдин негизинде, ар кандай окуу тапшырмаларын чечүүгө багытталган ар кыл көндүмдөр, ыкмалар жана ыкмаларды колдонуу формалары калыптанат.

Операциялык механизмдин башка тарабы болуп төмөнкүдөй көндүмдөр эсептелет:

– гностикалык (таанып билүүчү),

– конструктивдик (мезгил, орун жана форма түзүү),

– уюштуруучулук (пландоо, убакытты бөлүштүрүү ж.б.),

– коммуникативдик (байланыш түзүү, сүйлөшүү, угуу, түшүндүрүү ж.б.) көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү да камтыйт. Көндүмдөрдүн калыптануу деңгээлине карап, студенттердин окуу-тажрыйбалык ишмердүүлүгүн активдештирүү деңгээлин баалоого болот.

Ошентип, окуу-тажрыйбалык ишмердүүлүккө даярдык, таанып-билүүчү активдүүлүктүн көрсөткүчү катары, билимдин минималдуу көлөмүнүн болуусу жана иш-аракетке даяр болуу менен гана чектелбестен, атайын көндүмдөрдүн топтомун өздөштүрүүнү да камтыйт.

Функционалдык компонентке төмөнкү функциялар кирет:

- Коммуникативдик,
- Гностикалык,
- Уюштуруучулук,
- Коррективдик функциялар.

Коммуникативдик функция - бул окуу-тажрыйбалык ишмердүүлүк учурунда маалымат алмашуунун зарылдыгы менен байланыштуу. Ал жалпы билим берүү процессинде окутуучу менен студенттин ортосунда максаттуу жана продуктивдүү өз ара мамилелерди түзүү аракеттерин камтыйт.

Бул өз ара аракеттенүү аркылуу студент зарыл болгон билимге ээ болот, анын активдүүлүгү стимулдаштырылып турат. Таанып-билүү мотивациясы этап-этабы менен калыптанат, студенттердин окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү өзгөрүп турат жана окутуучунун алар менен болгон өз ара мамилеси да өнүгөт.

Биринчи этапта студенттерди алдыда боло турган окуу-тажрыйбалык ишмердүүлүккө багыт берүү максатын көздөйт. Мында студент менен жекече өз ара мамиле түзүү ишке ашат. Мындай мамиле түзүүнүн аркасында студент керектүү билимдерге ээ болот, анын активдүүлүгү стимулдашат.

Экинчи этапта өздөштүрүлгөн көндүмдөрдү, өз ара аракеттенүү ыкмаларын бекемдөө жана жалпылоого багытталат. Бул окуу-тажрыйбалык иштин натыйжалуулугун камсыз кылат.

Үчүнчү этапта аң-сезимдүү окуу ишмердүүлүгүнө максаттуу багытталган, бул этапта алган, өздөштүргөн билими көндүмдөргө, жеке сапаттарга айланат.

Гностикалык функция - бул окутулуп жаткан сабак боюнча теориялык билимдерге, билим берүү стандарттарына болгон талаптарга, практикалык ишмердүүлүктө билимдерди натыйжалуу колдонууга жана аларды жаңы кырдаалдарда пайдалануга байланыштуу.

Уюштуруучулук функция- бул жалпы билим берүү даярдыгынын жүрүшүндө студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештире билүү көндүмдөрүн, ошондой эле студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүнүн кызыгуусун ойгото билүү жөндөмүн камтыйт.

Коррекциялоочу функция -бул жалпы билим берүү даярдыгынын процессинде өз ишмердүүлүгүн жана студенттердин танып билүү ишмердүүлүгүн талдай билүү жөндөмү менен мүнөздөлөт.

Таанып билүү ишмердүүлүктүн натыйжалуулук компоненти акыркы жыйынтыктын болушун болжолдойт, ал студенттердин таанып - билүү ишмердүүлүгүндөгү активдүүлүктүн эң жогорку формасы болуп саналат жана студенттердин активдүүлүгүнүн критерийлерин жана деңгээлдерин камтыйт. Биз студенттердин таанып билүү ишмердүүлүгүндөгү активдүүлүктүн үч деңгээлин көрсөтөт: жогорку, орточо жана төмөн.

Деңгээлдер жогорку окуу жайында окуган студенттердин жалпы билим берүү даярдыгынын процессинде таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн натыйжалуулугун баалоонун негизги критерийи болуп эсептелип, бул процесс активдүү усулдарды колдонуу аркылуу таанып-билүү активдүүлүгүн арттырып, студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн, сынчыл ойломун жана «окуй билүүгө үйрөнүү» көндүмүн калыптандыруу менен интеллектуалдык көз карандысыздыктын негизи катары ишке ашат [6].

Жыйынтыктап айтканда, ЖОЖдун студенттеринин жалпы билим берүү даярдыгынын процессинде таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө иштелип чыккан моделдин негизинде жүзөгө ашырылса, жогорку деңгээлге жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул модель жалпы иштөө максаты менен бириктирилген, предметтин курамына кирген өз ара байланышкан компоненттердин бүтүндүү жыйындысы катары түшүндүрүлөт. ЖОЖдун студенттеринин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн компоненттери катары төмөнкүлөр белгиленди: максаттуу, мазмундук, функционалдык жана натыйжалуулук компоненттери.

Моделдин алкагында ЖОЖ жалпы билим берүү даярдыгынын процессинде студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө өбөлгө түзгөн уюштуруучулук-педагогикалык шарттардын жалпы түзүмү аныкталды. Мындай процессти ишке ашыруу төмөнкүдөй учурларда калыптанат: окутуучу менен студенттердин максатка багытталган биргелешкен ишмердүүлүгү алардын таанып-билүү мотивациясын этап-этабы менен калыптандыруу процессинин негизинде уюштурулганда; жалпы билим берүү дисциплиналарынын мазмуну студенттердин окуу-танымдык ишмердүүлүгүнүн ыкмаларына негизделип, окуу-дидактикалык модулдарга таянып ишке ашырылганда; жалпы билим берүү даярдыгынын этабында студенттердин чыгармачыл ишмердүүлүгү максаттуу түрдө уюштурулганда.

Пайдаланылган адабияттар

1. Якиманская И.С. Педагогическая психология. (основные проблемы) [Текст]: учебное пособие/ И.С.Якиманская.- Москва: Изд-во Московского психолого- социального инта: Воронеж: МОДЭК, 2008.-6646, [1] с.: ил.; 21 см.- (Серия “Библиотека психолога”/ Российская акад.образования, Московский психолого-социальный ин-т).
2. Төрөгелдиева К.М., Көчөрова А.К., Кабылова С.А. – “Математикалык анализ курсунда практикалык тапшырмалар аркылуу студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү” – КУУнун жарчысы
3. Былыкова М.М. – “Окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып- билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү педагогикалык шарттары”- Дис...канд.пед.наук:Бишкек 2022
4. Леонтев А.Н. Деятельность. Создание. Личность. [Текст] / А.Н.Леонтьев – Избранные произведения в 2-х томах, том II. – М. 1983. -С.545.
5. Каган М.С. Человеческая деятельность (Опыт системного анализа)/ М.С. Каган.- М.:Политиздат, 1974.
6. Сулайманова, Р.Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р.Т. Сулайманова, Н. А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.
7. Sulaymanova, R. Professional development of teachers in the context of digital transformation / R. Sulaymanova, A. Egamberdieva // Bulletin of the Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn. – 2025. – Vol. 17, No. 3. – P. 9-20. – DOI 10.58649/1694-8033-2025-3(123)-9-20. – EDN PXSUAY.

Рецензент: пед. и.к., доцент Жуматаева А.С.

УДК 373.3+51

Көчөрова А.К., Төрөгелдиева К.М., Тайырова Р.У., Кайдиева Н.К.
Кочорова А.К., Торогелдиева К.М., Тайырова Р.У., Кайдиева Н.К.
Kochorova A.K., Torogeldieva K.M., Tayyrova R.U., Kaidieva N. K.

МЕКТЕП МЕНЕН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУДА ОЮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ АРКЫЛУУ ТААНЫП-БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮ

АКТИВИЗАЦИЯ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПРИ ОБУЧЕНИИ МАТЕМАТИКЕ В ШКОЛЕ И ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ ПОСРЕДСТВОМ ИГРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

ACTIVATING COGNITIVE ACTIVITY IN TEACHING MATHEMATICS IN SCHOOLS AND HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS THROUGH GAME-BASED TECHNOLOGIES

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада мектеп жана жогорку окуу жайларда математиканы окутуу процессинде оюн технологияларын пайдалануу менен окуучулардын жана студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн жолдору каралат. Мындай учурда билим берүү системасында математиканы окутуунун салттуу ыкмалары ар дайым эле билим алуучулардын кызыгуусун, активдүүлүгүн жогорулата албагандыктан окуу процессине инновациялык педагогикалык технологияларды, айрыкча оюн технологияларын киргизүү зарылчылыгы келип чыгууда. Макалада оюн технологияларынын теориялык негиздери, алардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү жана математиканы окутууда колдонуу жолдору талданган. Себеби, оюн технологиялары аркылуу сабакты уюштуруу окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн жана өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрү белгиленет. Оюн технологиялары аркылуу билим алуунун натыйжалуулугун жогорулатып, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, билимди терең жана туруктуу өздөштүрүүгө шарт түзөрү баарыбызга маалым. Макалада оюн технологияларын колдонууда мугалим менен окуучуунун жана студенттердин ортосундагы тыгыз байланыштагы ар биринин ролу жана окууга тийгизген таасирлери каралып, айырмачылыгы, өзгөчөлүгү, натыйжалуулугу көрсөтүлгөн.

Аннотация: В данной статье рассматриваются пути активизации познавательной деятельности учащихся и студентов посредством использования игровых технологий в процессе преподавания математики в школе и вузе. Традиционные методы обучения не всегда способны повысить интерес и активность обучающихся, поэтому возникает необходимость внедрения в образовательный процесс инновационных педагогических технологий, в частности игровых. В статье проанализированы теоретические основы игровых технологий, их дидактические возможности и пути применения в преподавании математики. Отмечается, что организация урока с применением игровых технологий способствует развитию логического мышления, творческих способностей и навыков самостоятельной работы обучающихся. Игровые технологии повышают эффективность обучения, усиливают интерес к предмету и способствуют более глубокому и устойчивому усвоению знаний. В статье также рассматриваются роли и влияние как преподавателя, так и обучающихся в процессе применения игровых технологий, показаны их различия, особенности и эффективность.

Abstract: This article explores the ways to activate the cognitive activity of school and university students through the use of game-based technologies in the process of teaching mathematics. Traditional teaching methods do not always succeed in increasing students' interest and engagement, which leads to the need for integrating innovative pedagogical technologies into the educational process, especially game-based learning. The article analyzes the theoretical foundations of game technologies, their didactic potential, and how they can be applied in teaching mathematics. It is noted that organizing lessons through game-based methods fosters the development of logical thinking, creativity, and independent learning skills. Game technologies enhance learning effectiveness, increase students' interest in the subject, and help achieve deeper and more lasting knowledge retention. The article also examines the roles of both teachers and students in applying game technologies, highlighting their interaction, differences, characteristics, and overall effectiveness.

Негизги сөздөр: таанып-билүү ишмердүүлүгү, оюн технологиялары, мотивация, интерактивдүү окутуу, санариптик ресурстар, активдештирүү.

Ключевые слова: познавательная деятельность, игровые технологии, мотивация, интерактивное обучение, цифровые ресурсы, активизация.

Keywords: cognitive activity, game-based technologies, motivation, interactive learning, digital resources, activation.

Математика баланын-логикалык ой жүгүртүүсүн жана маселелерди чечүү көндүмдөрүн калыптандыруучу негизги илимдердин негизи болгондуктан окутуудагы салттуу окутуунун ыкмалары болгон лекциялар, оозеки баяндоо, бекемдөө, окуу китеби боюнча иштөө, жазуу иштери жана тесттик тапшырмалардын окутуунун негизи болуп келген. Билим жаатында болуп жаткан өзгөрлөрдөн, көптөгөн жетишүүдөн кийин натыйжалуу жана кызыктуу окутууга багытталган интерактивдүү окутууну колдонуу методикалары негизги орунга чыгууда. Интерактивдүү окутууну колдонуу окуу процессин фронталдык жана кооперативдик формада уюштуруу, билим алуучуларды дискуссияга катышууну үйрөткөн интерактивдүү оюндар жана ыкмаларды колдонуу жолу менен ишке ашат. Мындай методдордун айрымдарына токтолсок: Фронталдык формасына: микрофон, «Мээге чабуул», «Бүтпөгөн сүйлөм»; Ал эми кооперативдик иштөөгө: жупта иштөө («Бетме бет», «Жалгыз-экөө- бардыгы бирге»), топчолордо иштөө, аквариум ж.б.

Жогоруда белгилегендей эле, теория менен практиканы бирдей сиңирген окуу чөйрөнү интерактивдүү методдор түзөт, бул билим алуучулардын мүнөзүн түптөгөнгө, дүйнө таанусун, логикалык ойлоосун, байланыштуу речин өстүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүүсүн түптөгөнгө, өздүк мүмкүнчүлүктөрүн таап, ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Окутуу-тарбиялоо процесси окуучулар, студенттер жаңы жана мурда алган билиминин ортосундагы байланышты издегидей болуп уюштурулат; альтернативдүү чечимдерди кабыл ала алат, «ачылыш» жасай алышат, ар түрдүү каражаттардын жардамы менен өз ойлорун жана идеяларын калыпташат; кызматташууга үйрөнүшөт. [1]

Оюндар [6] аркылуу көңүл ачууга болот, ал эми окуу - бул эмгек. Дал ошол эмгек менен көңүл ачууну айкалыштыруу мугалимден чоң эмгекти талап кылат. Белгилүү педагог Бекембай Апыш «Тарбия назарияты» деген эмгегинде: «Инсандын коом алдындагы, эл алдындагы милдетин сезүү, тапшырылган иштин натыйжасы үчүн жоопкерчилик сезүү, башка бирөөлөр жөнүндө кам көрүү, жолдошчулук, тилектештик өндүү баалуу сезимдер жамаат менен гана өнүгөт. Ал эми оюндар жамаатта гана ойнолот. Окуучуларды тарбиялоодо оюндарга маани бербеген мугалим тарбия жараянында ийгиликке жетише албайт. Окуучуларды жарыштыруу аркылуу алардагы чыгармачылыкты, демилгелүүлүктү, активдүүлүктү калыптандырууга болот», - деп эскерткен.[4]

“Аквариум” методу.

Бул методдо бир нече окуучу кырдаалды тегеректин ичинде көрсөтүшөт, калгандары байкоо жүргүзүшөт жана анализдешет.

Максаты:

Окуучуларга көйгөйлөрдү талкуулоодо эркин алып жүрүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү.

Жүргүзүүнүн этаптары (баскычтары):

1. Студенттер мугалим менен бирдикте эки тегерек уюштурушат:
сырткы (байкоочулар) жана ички (активдүү катышуучулар).

2. Ички тегеректин мүчөлөрү мугалим койгон суроону талкуулоого активдүү катышышат. Калган окуучулар байкашат, качан гана бирөөнүн пикири кызыктырганда алар талкууга катышат: толукташат, суроо беришет, такташат. Байкоочу кимдин пикири кызыктырган болсо, ошо катышуучунун жанына барып турат.

3. Бир көйгөйдү (суроону) талкуулап бүткөндөн кийин студенттер орундарын алмашышат (тегеректин сыртында тургандар, тегерек болуп отурушат). Бардык студенттер тегеректе болуп чыгыш керектиги шарт.

“Аукцион” методу.

Тема жарыяланат. Окутуучу аукцион жарыялайт. Бешти берилген темага байланышкан терминди (атты, окуяны, географиялык аталышты ж.б.) акыркы айткан окуучу алат.

Тема аталат. Аукциондо соода жүргүзүүчүнүн ролун аткарып, мен колума жыгач балканы алам. Окуучулар атаган аттар көбөйө баштайт. Беш алган окуучу гана жеңишке ээ болбостон, оюн түрүндө тар убакыттын ичинде унутула түшкөн материалды кайталап алгандардын бардыгы утушта.

Кээ бир кеңештер:

1. Оюн жогорку темпте өтүшү керек. Чыныгы аукцион кандай өтөөрүн эстегиле. Алып баруучуга – мугалимге көп нерсе көз каранды. Сүйлөө речи тез, даана болушу керек. Аукциондун негизги атрибуту болгон саноону унутпаңыз.

2. Мугалимге – аукционисттин тез жана кыска комментарийлери маанилүү. Бир окуучу бул терминди билет, бири унутуп калган. Мугалимдин кыска комментарийи чоң мааниге ээ. Эгерде жооп туура эмес болсо, ага тереңдеп комментарий берип отурбаңыз.

3. Жеңүүчүгө жакшы баа коюу шарт эмес. Бул жерде кокустук элементи бар.

4. Атрибуттар жөнүндө унутпаңыз. Оюн оюн болушу керек. «мына термин - бир…». Оюн жоголуп кетти. Ошон үчүн балканы унутпаңыз.

5. Материалды жакшы билбесеңиз, бул оюнду ойнотпоңуз. Эгерде оюн жогорку деңгээлде өтсө, сиздин профессионалдык деңгээлиңиз көтөрүлөт.

6. «Аукцион» кайталоо жана бышыктоо сабактарында гана эмес, чоң темаларды бышыктоодо да колдонсо болот.

«Бумеранг” методу.

Тарыхый маалыматты терең, теманы тереңдеп үрөнүүгө жана ар жактуу позициядан кароого жардам берген интерактивдүү метод. Ошону менен бирге окучуулардын аң- сезимин өөрчүтүүгө көмөктөшөт, балдарды өз ара аракеттенүүгө, кызматташууга үйрөтөт.

Ишке ашыруу:

1. Ар бир группа тема боюнча бирден суроо алат.

2. Беш мүнөт баракка жооптун негизги жактарын жазышат.

3. Баракты башка группага беришет, алар толукташат, жоопторду такташат, өздөрүнүн комментарийлерин жана суроолорун жазышат.

4. Тайпа комментарийленген, такталган, суроолору менен өзүнүн барагын кайра алганда иш бүтөт.

5. Тайпа толуктоолорду комментарийлейт, суроолорго жооп берет (бар болсо).

«Ысык отургуч” методу.

Жаңы материалды өздөштүрүүдө 2-3 суроо даярдашат (бөлүм боюнча ж.б.).

Окуучулардын бири (өз эрки менен же мугалимдин каалоосу менен) «ысык отургучка» олтурат жана классташтарынын суроолоруна жооп берет. Классташтары «ысык» отургучтагы окуучуну баалашат, ал эми жооп берип жаткан окуучу эң кызыктуу суроону тандайт.

«Чечим дарагы” методу.

Класс тең сандагы 3-4 топко бөлүнөт. Ар бир топ суроону талкуулайт жана өзүнүн дарагына (ватман барагы) жазат, андан кийин топтор ордуларын алмашышат да коңшусунун дарагына өз идеяларын жазышат.

Суроо бер.

Текст менен өз алдынча иштөөдө окуучулар суроо түз деген тапшырма алышат. Мисалы «Эмне…?», «Качан…?», «Эмне үчүн…?», «Кайсы жерде…?» деген сөздөр менен башталган суроолорду берүү. Убакытты жана суроолордун санын чектеп коюу максатка ылайык.

Кандай гана болбосун суроону сабаттуу жана кыскача формулировкалоо үчүн окуучу жок дегенде китепти үстүртөн карап чыгышы керек. Бирок окуучу «окуп чык» деген тапшырманы алганга караганда, бул жолу батыраак текст менен таанышып чыгат. Жыйынтыктап жатып эң мыкты суроону белгилейбиз жана студенттерди ага жооп берүүсүн сунуштайбыз.

Муну менен биз өтүлгөн теманы бышыктайбыз.

Китептен жаттап алган жоопко караганда, татынакай жана жыйнактап берилген суроо салмактуу.

«Блумдун кубиги” же “Блумдун ромашка гүлү” методу.

Кубиктин жактарында суроолордун башы жазылган: «эмне үчүн», «түшүндүр», «атап бер», «ойлоп тап», «бөлүш». Мугалим (же окуучу) кубикти ыргытат. Кубик кайсы жагы менен түшсө, темага ошол суроону формулировкалоо керек. Суроолор америкалык педагог жана психологдун китебинин идеяларына шайкеш келгендигин оңой эле байкаса болот.

Блум мектептин негизги максатынын бири турмушта жолуктурчу проблеманы чечүүгө жана алган билимин практикада колдоно билүүнү үйрөтүү деп эсептеген.

Таксономиянын негизги принциби болуп, ал студенттерди проблемаларды чечүүгө үйрөтүүдө, ошондой эле окутуунун жыйынтыгын баалоодо да, мугалимдин колундагы эффективдүү курал болуш керек.

Бул идеялар Блумдун кубигинде ишке ашкан. Мисалы, «атап бер» деп башталган суроо алган билимди кайрадан эстеп чыгууга көмөкчү болот.

«Эмне үчүн» деп башталган суроолор процессуалдык билимге шайкеш келет. Бул учурда окуучу болуп жаткан нерсенин себебин табыш керек.

«Түшүндүрүп бер» деген суроого жооп берип жатып студент түшүнүктөрдү жана принциптерди жаңы жагдайда колдонот, закондорду, теорияны конкреттүү практикалык жагдайларда колдонот. Процедураларды же ыкмаларды туура колдонууну көрсөтөт.

Албетте **«сунушта», «ойлоп тап», «бөлүш»** деген тапшырмалар окуучунун ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган. Студент жашырылып жаткан бүдөмүк ойлорун белгилейт, анализдейт, фактылар менен натыйжанын айырмасына көз карашын чаптырып, талдоо жүргүзөт, маалыматтардын маанилүүлүгүн баалайт, ар тармактан билимдерин пайдаланат, бар маалымат менен чыгарылган тыянактын шайкеш келишине көңүл бурат.

Берилген ыкманын эки режими болушу ыктымал:

1. Окутуучу шайкеш келген суроолорду берет.
2. Окуучулар суроолорду формулировкалайт.

Репродуктивдүү мүнөздөгү суроолорго жооп берүү гана жеңил болбостон, аларды формулировкалоо да жеңилдиги байкалат. Себеп натыйжанын байланышын издөөгө багытталган суроолорду формулировкалоо татаалыраак.

Андан да татаалы «сунуш кыл», «ойлоп тап», «бөлүш» деген суроо тапшырмаларды формулировкалоо.

Албетте мугалим окуучулардын эмгегин ар түрдүү баалашы керек.

Оюн технологиялары окуу процессинде мотивацияны күчөтүп, билим алуучуларды активдүү ишмердүүлүккө тартуу аркылуу таанып-билүү процессинин натыйжалуулугун арттырууга шарт түзөрү баарыбызга белгилүү.

Мисалы: Функциянын графигин өзгөртүп түзүү
$y=f(x)$, $y=f(x)+a$, $y=f(x-a)$, $y=af(x)$, $y=f(ax)$ «Блумдун кубиги” же “Блумдун ромашка гүлү” методуна салып бышыктоо учурун карап өтсөк.

Кубиктин ар бир жагында суроонун башы жазылган. Кубик ыргытылат, түшкөн жагына жараша окуучу тапшырманы аткарат.

1. «Атап бер»

Суроо: Функциянын графигин өзгөртүп түзүүнүн түрлөрүн атап бер.

Мүмкүн болгон жооптор:

Жогору же ылдый жылдыруу

Оңго же солго жылдыруу

Вертикалдык чоюу жана кысуу

Горизонталдык чоюу жана кысуу

Огуна карата чагылдыруу

2. «Түшүндүр»

Суроо: $y=f(x)+3$ формуласы функциянын графигин кандайча өзгөртөт? Түшүндүр.

Мүмкүн болгон жооп:Бул формула графикти **3 бирдикке жогору** жылдырат. Графиктин формасы өзгөрбөйт, болгону орду өзгөрөт.

3. «Эмне үчүн»

Суроо: Эмне үчүн $y=f(x-2)$ графиги оңго жылат?

Мүмкүн болгон жооп:Анткени аргументтин ичиндеги «–2» маниси x координаталарын оң жакка жылдырат. Ар бир чекит жаңы орунга өтөт.

4. «Ойлоп тап»

Суроо: $y=x^2$ функциясын колдонуп, графикти 2 бирдикке ылдый жылдырган жаңы функцияны ойлоп тап.

Мүмкүн болгон жооп: $y=x^2-2$

5. «Бөлүш»

Суроо:Функциянын графигин өзгөртүп түзүү темасы сага кайсы жерден кыйын болду? Өз оюң менен бөлүш.

Мүмкүн болгон жооп: Мага $y=f(ax)$ менен $y=af(x)$ айырмасын түшүнүү кыйын болду, анткени экөө ар башкача чоюлат.

Натыйжасы: Бул ыкманы колдонуу менен окуучулар:теманы ар түрдүү деңгээлде (билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо) өздөштүрүшөт; өз оюн эркин айтууга үйрөнүшөт; функциянын графигин өзгөртүүнү жөн гана жаттабастан, **маанисин түшүнүп** үйрөнүшөт.

Окутуунун заманбап методдорунун артыкчылыктары математиканы окутуунун заманбап ыкмалары салттуу ыкмаларга караганда көптөгөн артыкчылыктарга ээ. Биринчиден, алар окуу тажрыйбасын интерактивдүү жана кызыктуу кылат, бул окуучулардын мотивациясын жогорулатат. Экинчиден, технологияны жана санариптик ресурстарды [7] колдонуу материалды натыйжалуу өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет жана ар кандай билим берүү ресурстарына мүмкүнчүлүк берет. Үчүнчүдөн, заманбап методдор окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүү, көйгөйлөрдү чечүү жана командада иштөө жөндөмдөрүн өркүндөтөт, бул алардын келечектеги өнүгүүсү жана карьерасы үчүн маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда жогорудагы методдорду колдонуу менен биз математиканы окутуунун инновациялык методикасы окуу мүмкүнчүлүктөрүн кыйла кеңейтет жана аны кызыктуу жана натыйжалуу кылат. Мындай ыкмалар математикалык билимди өздөштүрүүгө гана эмес, сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылык жана командада иштөө жөндөмү сыяктуу маанилүү көндүмдөрдү өрчүтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул методдорду окуу процессине киргизүү математикага карата оң мамилени калыптандырууга жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Пайдаланылган адабияттар

1. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесстер: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар. Бишкек, 2006ж.
2. Тайырова Р.У. “7-8 класстын математика сабагында окуучуларга оюн технологиясын колдонуунун өзгөчөлүгү” Вестник КГУ имени И. Арабаева 2022г.
3. Коробий Е.Б. Активизации учебно-познавательной деятельности студентов как педагогическая проблема / Е. Б. Коробий // Теория и практика общественного развития. – 2014. – № 3. – С. 141-144
4. Молдокеримова Э.К. “Орто мектепте физика, математика предметтерин окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү”- КББА.кабарлары.№1(29), 2014 ж.
5. Кайдиева Н.К., Кабылова С.А., Эгамбердиева А.А., Кочорова А.К. “Реализация матемаической подготовки в условиях цифровизации образования”. Вестник КНУ им.Ж.Баласагына ТОМ17, №4, 2025. ISSN 1694-8033 e-ISSN 1694-8025

6. Сулайманова Р.Т. Башталгыч класстарда математика сабагында окуучулардын окуу мотивациясын калыптандыруунун эффективдүү дидактикалык ыкмалары / Р. Т. Сулайманова, К. Т. Алтынбек, А. А. Эгамбердиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2025. – No. 1. – P. 271-276. – DOI 10.26104/NNTIK.2025.13.74.052. – EDN WFQAGC.

7. Sulaymanova, R. Professional development of teachers in the context of digital transformation / R. Sulaymanova, A. Egamberdieva // Bulletin of the Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn. – 2025. – Vol. 17, No. 3. – P. 9-20. – DOI 10.58649/1694-8033-2025-3(123)-9-20. – EDN PXSUAY.

Рецензент: пед. и.к., доцент Чокоева Г.С.

УДК: 37.013.

Кудайбергенова З.С., Нусурхан кызы Х.
Кудайбергенова З.С., Нусурхан кызы Х.
Kudaibergenova Z., Nusurkhan kyzy Kh.

ДИАЛОГ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРЫНЫН КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН АРТТЫРУУ
ПОВЫШЕНИЕ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧЕНИКОВ С ПОМОЩЬЮ ДИАЛОГА
IMPROVING STUDENTS' COMMUNICATIVE COMPETENCE THROUGH DIALOGUE

Кыскача мүнөздөмө: Каармандардын ортосундагы аңгемелешүү, талаш-тартыш, чатакташуу, араздашуу, маектешүү, азилдешүү ж.б. диалог аркылуу берилип, көркөм текстте баяндалып жаткан окуя андан ары өнүгөт, чиеленет, чечилет. Ошондуктан азыркы көптөгөн лингвистикалык изилдөөлөрдө диалог көркөм текстти композициялык-сюжеттик структурасынын негизги компоненти жана көркөм коммуникациянын базалык формасы катары ар тараптан иликтенип жатат. Адамдардын ортосундагы мамиле сөз аркылуу түзүлүп, өнүгөт. Чыныгы турмушта адамдын жашоо образы, маданияты, ан-сезими, рухий абалы жөнүндө кандайдыр бир жыйынтык чыгаруу үчүн анын тили жана сүйлөө өзгөчөлүгү чоң мааниге ээ. Ага ылайык көркөм чыгармалардын каармандарынын сөзүнүн образдары да ар түрдүү, ошол эле учурда кайталангыс өзгөчөлүктөргө ээ болуп, алардын конкреттүү образ катары калыптанышында башкы ролду ойнойт.

Анотация: В литературном тексте история развивается, усложняется и разрешается посредством диалогов, разговоров, споров, конфликтов, разногласий, шуток и т.д. между персонажами. Поэтому во многих современных лингвистических исследованиях диалог всесторонне изучается как ключевой компонент композиционной и сюжетной структуры литературного текста и основная форма художественной коммуникации. Отношения между людьми формируются и развиваются посредством речи. В реальной жизни языковые и речевые особенности человека имеют огромное значение для формирования любых выводов о его образе жизни, культуре, сознании и духовном состоянии. Таким образом, речевые образы персонажей произведений искусства разнообразны и одновременно обладают уникальными чертами, которые играют ключевую роль в их формировании как специфического образа.

Abstract: In a literary text, the story develops, becomes more complex, and is resolved through dialogue, conversations, arguments, conflicts, disagreements, jokes, and so on between characters. Therefore, in many modern linguistic studies, dialogue is comprehensively studied as a key component of the compositional and plot structure of a literary text and the main form of artistic communication. Relationships between people are formed and developed through speech. In real life, a person's linguistic and speech

characteristics are of paramount importance in forming any conclusions about their lifestyle, culture, consciousness, and spiritual state. Thus, the speech images of characters in works of art are diverse and at the same time possess unique features that play a key role in their formation as a specific image.

Негизги сөздөр: диалог, монолог, жазуучу, конфликт, коммуникатив, лингвистика, философия, диспут, стиль, каарман.

Ключевые слова: диалог, монолог, писатель, конфликт, коммуникативный, лингвистика, философия, спор, стиль, персонаж.

Key words: dialogue, monologue, writer, conflict, communicative, linguistics, philosophy, dispute, style, character.

Ар түрдүү маалымат агымдарына жана тез өзгөрүп жаткан социалдык нормаларга толгон азыркы дүйнөдө балдарды тарбиялоо сүйүү менен чыдамкайлыкты гана эмес, ийкемдүүлүктү жана аң-сезимди да талап кылган милдет болуп калды. Баланын толук инсандыгын өнүктүрүүдө чечүүчү ролду ойногон негизги аспектилеринин бири диалог жүргүзүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Ата-энелер менен балдардын ортосундагы диалог жакшыраак түшүнүүгө жана мамилелерди бекемдөөгө гана эмес, ошондой эле критикалык ой жүгүртүү жөндөмүн жана өз алдынчалыкты үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн күчтүү курал болуп саналат. Диалог аркылуу алынган көндүмдөрдүн өзгөчө жеке өнүгүү жана чечим кабыл алуу контекстинде көптөгөн артыкчылыктары бар. Мисалы: Критикалык ой жүгүртүү. Маалыматты ажырата билүү критикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Интернет жана социалдык медианын доорунда, маалымат ашыкча жүктөлгөн жана карама-каршылыктуу болуп турганда, критикалык ой жүгүртүү адамдарга маалыматты талдап, фактыларды пикирлерден жана туура эмес маалыматтан айырмалоого жардам берет, бул билимдүү жана маалыматтуу коомдун ачкычы.

Бул макаланын максаты – балага ар кандай көз караштарды жана маалыматтын түрлөрүн айырмалоого гана эмес, ошондой эле туура тандоо жасоого үйрөтүү үчүн билим берүү тармагында диалогду кантип колдонсо болорун көрсөтүү. Биз билимдерди жана баалуулуктарды берүү менен гана чектелбестен, балдарды баарлашууга ачык болууга, жакшы угууга жана өз оюн ачык айтууга үйрөтүүнүн маанилүүлүгүн изилдейбиз.

Биз мектепте отличник болуу жашоодо ийгиликке алып келбей турганын көрсөткөн көптөгөн мисалдарды билебиз. Диалог аркылуу тарбиялоо жөн гана окутуу ыкмасы эмес; бул баланын инсандык өнүгүүсүнө терең таасирин тийгизген үй-бүлөлүк мамилелерди курууга болгон мамиле. Башталгыч мектеп кураста балдар абстракттуу түшүнүктөрдү жакшы түшүнө башташат жана татаал диалогдорго катыша алышат. Мектеп маселелерин, достукту жана хоббилерди талкуулоо пайдалуу. Балдарды өз оюн айтууга, ой жүгүртүүгө жана башкалардын көз карашын урматтоого үйрөтүү маанилүү. Балдардын коммуникациялык көндүмдөрүн өнүктүрүү алардын жалпы өнүгүүсүнүн жана тарбиялоосунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ишибизде биз балдардын баарлашуу жөндөмүн өркүндөтүүнүн ыкмаларын жана ыкмаларын изилдеп, алардын келечеги үчүн эффективдүү баарлашуунун маанилүүлүгүн талкуулайбыз.

Натыйжалуу баарлашуу көндүмдөрү келечектеги жеке жана кесиптик ийгилиги үчүн маанилүү ролду ойнойт. Коммуникация көндүмдөрү социалдык интеграцияга, мамилелерди курууга жана карьералык ийгиликке жардам берет.

Диалог аркылуу ата-эне тарбиялоо балдардын көз карандысыздыгын жана жоопкерчилигин өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт. Бул ыкма балдарды ойлонууга жана туура чечим кабыл алууга гана эмес, башкаларды урматтоого жана түшүнүүгө да үйрөтөт. Маалыматтык технологиялар жана тынымсыз өзгөрүү доорунда диалог жүргүзүү, угуу жана угуу жөндөмдүүлүгү ийгиликтүү социалдашуунун жана жеке өсүштүн ажырагыс бөлүгү болуп баратат.

Жашоодо диалогдорду окуучулар адабий чыгармалаардан дагы алып окушат. Чыгармадагы каармандардын бааралшуусу окуучулардын турмушунда чоң ролду ойнойт, себеби аларды аң-сезимине сиңирүү, ролдоштуруп окуу менен лексикалык корун байтат жана адеп-ахлактык тарбияга ээ болушат. Диалог адабий көркөм чыгармаларда көпчүлүк учурда жазуу түрүндө, ал эми диалог оозеки түрдө бири-бири менен ар кандай мааниде пикир алмашуусу [3.56]. Чыгармадагы маектешүүнү ролдорго бөлүнүп окутуу тажрыйбасын жүргүзгөндө окуучулардын сюжетти толук өздөштүрүшү, активдүү диалогго аралашуусу, адабий түшүнүгүнүн артылгандыгы байкалган. Бул аларга ишенимди өрчүтүүгө жана ар кандай темада сүйлөшүүгө жөндөмдүү болууга жардам берет [6.90]. Элдик жомок “Алтын куш жана ач көз карыя” аттуу жомокту алалы: Бир карыя чытырман токойго кирди. Ал чоң даракты тандап, аны кулатууну чечти да, балтасын колуна алды. Даректан алтын чымчык учуп чыгып, адам үнү менен сүйлөдү.

– Бакты кыйба, асыл адам!

Чал таң калып, артка жыгылып кете жаздады. Чымчык жооп берди:

"Адам, менден коркпо, эмне кааласаң ошону аткарам".

"Үйүмө отун алып кел, канча керек болсо, ошончо отту жылытып ал. Ансыз тамак табуу кыйын", - деди карыя.

-Экинчи жолу бакты кыюуга келди.

- Сага эмне керек, карыя?

– Мага ак боз үй керек.

"Жакшы, абышка. Болот. Үйгө барып, болгон окуяны кемпирге айтып бер" деп алтын чымчык көздөн кайым болду. Карыя токойдон үйүнө кайтты. Эртеси кемпир экөө таң эрте туруп сыртка чыгышты. Алар аппак ак боз үйдү көрүштү.

Ошол күндөн бери көп айлар өттү. Карыя тоюп, көңүлү көтөрүлүп, хан болгусу келген. Балтасын белине тыгып, тааныш чынардын жанына барды. Ал чынарды кыя баштады. Алтын чымчыктын пайда болушун күттү, бирок ал эч качан келген жок. Чынарды кыйып, ойдуңга көз чаптырып, алтын чымчыктын жоголуп кеткенин тапты. Жомоктогу абышка менен куштун сүйлөшүүсү окуучулардын жан дүйнөсүнө кирип, аларды каармандар менен кошо кейитпей койбойт. Себеби, карыянын ач көздүгү аркылуу окуучулар боорукерликке, эмгекчилдикке, калп айтпоого, акылмандуулукка жана ыймандуулукка чакырат. Психологдор диалогдук кептин психологиялык өзгөчөлүктөрүн биринчи кезекте өнөктөштөрдүн вербалдык жана ойчул активдүүлүгүнө байланыштырышат.

Көркөм текстте каармандардын маалымат алмашуусу диалог аркылуу берилет. Көркөм чыгармада каармандардын пикир алмашуусу тилдик жана тилдик эмес каражаттардын негизинде автордун чеберчилигине жараша диалог түрүндө туюндурулуп, алардын ар кандай көз карашы, мүнөзү ачылып берилет. Каармандардын ортосундагы аңгемелешүү, талаш-тартыш, чатакташуу, араздашуу, маектешүү, азилдешүү ж.б. диалог аркылуу берилип, көркөм текстте баяндалып жаткан окуя андан ары өнүгөт, чиеленет, чечилет. Ошондуктан азыркы көптөгөн лингвистикалык изилдөөлөрдө диалог көркөм тексттин композициялык-сюжеттик структурасынын негизги компоненти жана көркөм коммуникациянын базалык формасы катары ар тараптан иликтенип жатат[3.98].

Диалог – накта жашоо-турмушту өзүндөй чагылдыруунун ыкмасы, бирок ошентсе да, окуяны берүүнүн негизги каражаты боло албайт, ал бар болгону турмуштук көрүнүштүн цитациясы болуп эсептелет…. Диалогдун колдонулуу ыкмасы ар кыл, бирде пикир алышуу, бирде кайым айтышуу, бирде кайталоо түрүндө колдонулуп, ар кандай семантикалык оттенокту берет. Диалог эмоционалдуулукту туюндуруу менен чыгарманын тулкусунда өзгөчөлөнгөн кепти түзөт» [4.15]. Мында профессор С.Өмүралиева көркөм тексттеги диалогдун негизги өзгөчөлүктөрүн кылдат ачып түшүндүргөн. Чындыгында эле, диалог көркөм тексттин тулкусунда бөлүнүп калган автономдуу бөлүк эмес. Ал көркөм тексттин тулкусунда органикалуу түрдө катышкан, белгилүү бир коммуникативдик, көркөм-эстетикалык максатты көздөгөн көркөм маалыматты туюндуруунун бир ыкмасы. Диалог көбүнчө турмуштук көрүнүштүн цитациясы, реалдуу картинасы катары автор тарабынан аң-сезимдүү түрдө сунушталган, көркөмдүк максатты көздөгөн көркөм ыкма болуп саналат. Экинчиден, көркөм чыгармада кубануу, кайгыруу, ж.б.у.с. турмуштук көрүнүштөрдү реалдуу чагылдыруу максатында диалогдор атайы колдонулат.

Педагогикалык адабияттарда рухий жана адеп-ахлактык тарбиялоонун ар кандай ыкмалары жана ыкмалары баяндалат. Албетте, алардын баары эле рухий жана адеп-ахлактык жүрүм-турум үчүн мотивдерди өнүктүрүүгө бирдей багытталган эмес. Класста окуучулардын ортосунда такай практикалык жана моралдык мамилелер пайда болот. Класстын алдына коюлган жалпы таанып-билүү милдеттерин биргелешип чечүү менен окуучулар бири-бири менен баарлашып, бири-бирине таасир этет.

Башталгыч класстарда окуучуларга достук, жакшылык, жамандык, кайрымдуулук, намыс, мекенчилдик, бакыт, эрдик, акылмандык сыяктуу адеп-ахлактык түшүнүктөр берилет. Бул түшүнүктөрдүн ар бири ар кандай ыкмалар аркылуу ишке ашырылат. Мисалы, балдар мугалимдин жетекчилиги астында жүрүм-турум үлгүлөрүн тарбиялык текстердин мазмунунан «обочолонтуп», каармандардын иш-аракеттерин өздөрүнүн кыймыл-аракети менен салыштырышат, ошону менен баланын тажрыйбасына кайрылышат.

Диалог инсандар аралык байланыш болгондуктан, жөнөтүүчү жана кабыл алуучу жок, бирок эки коммуникант бар жана алардын ар бири диалогдук баарлашуу процессинде маалыматты жөнөтүүчү же кабыл алуучу болуп калат. Диалог - татаал кептик акт жана андагы айтымдардын мазмуну катышуучуларга тиешелүү темперамент, интеллект, көз караш, мүнөз аттуу

экстралингвистикалык факторлорго да карайт. Экстралингвистикалык факторлорго диалогдун семантикосинтаксистик түзүлүшүндө чагылдырылат. Диалогдо бир нече репликадан көп сандуу диалогдук чынжырчаларга чейин түзүлүшү мүмкүн. Адабий чыгармадагы, турмуштагы кырдаал маселеси коммуникациянын өзгөчө экстралингвистикалык фактору. Анын ролу айтымдын мазмуну айтылып жатканда фон болуп берүү. Кырдаал экстралингвистикалык көрүнүш катары тилдик белгилерди минималдуу түрдө колдонуусуна мүмкүндүк берет жана оозеки вербалдык эмес каражаттар аркылуу бир маанилүүлүктү бере алат. Кырдаал түшүнүгүнө сүйлөшүүчүлөрдүн өз ара мамилесин, өз ара аркеттенишүүсүнүн шарттарын кошуп, диалогдук кептин формалдуу структуралык жактан уюштурулушун камсыздайт.

Колдонулган адабияттар:

1. Исаева Ж.К. Чыгармаларында диалог. Айтматов. Кандидаттын авторефераты. Астана, 2007.
2. Кожина М.Н. Жазылган илимий сөздүн диалогдук мүнөзү. Кандидаттын авторефераты. Пермь, 1986.
3. Муратова К.В.Семантика диалога-спора. Автореф. М.1991.
4. Өмүралиева С. Тексттин семантикасы жана структурасы. Б.1999.
5. Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. Б.1994.
6. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери Б.2005.
7. Муратбаева К.Н. Көркөм чыгармадагы автордун жана каармандын ички кеби. Ош-2010. Диссерт.иш.
8. Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. Б.1994.
9. Сеитбеков А.Б "О частоте использование диалога и монологе в прозе К.Рахманова" [Текст] А.Б.Сеитбекова -2018
10. Токтосунова, А.М." Природа диалога в художественном тексте" [Текст] Токтосунова, А.М. Автопеферат. Бишкек- 2021
11. Сулайманова, Р.Т. Башталгыч класстарда математика сабагында окуучулардын окуу мотивациясын калыптандыруунун эффективдүү дидактикалык ыкмалары / Р. Т. Сулайманова, К. Т. Алтынбек, А. А. Эгамбердиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2025. – No. 1. – P. 271-276. – DOI 10.26104/NNTIK.2025.13.74.052. – EDN WFQAGC.
12. Sulaymanova, R. Professional development of teachers in the context of digital transformation / R. Sulaymanova, A. Egamberdieva // Bulletin of the Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn. – 2025. – Vol. 17, No. 3. – P. 9-20. – DOI 10.58649/1694-8033-2025-3(123)-9-20. – EDN PXSUAY.
13. Сулайманова, Р. Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р. Т. Сулайманова, Н. А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.

Рецензент: пед. и.к., доцент Сабырова Э.С.

УДК 811.512.154:811.111(575.2(04)

Кулманбетова Н. Ж.
Кулманбетова Н.Ж.
Kulmanbetova N.Zh.

АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ АНТОНИМДЕРДИН СТРУКТУРА -СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
СТРУКТУРНО-СЕМАНТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ АНТОНИМОВ В АНГЛИЙСКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ
STRUCTURAL AND SEMANTIC FEATURES OF ANTONYMS IN ENGLISH AND KYRGYZ LANGUAGES

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрүн салыштырма-лингвистикалык аспектиде изилдөөгө арналган. Антонимдер лексикалык системанын маанилүү компоненти катары тилдин семантикалык уюшулушун, логикалык карама-каршылыктарды жана ой жүгүртүүнүн универсалдуу моделдерин чагылдырат. Ар кайсы тилдерде антонимдердин түзүлүшү жана семантикалык мүнөздөмөлөрү тилдин типологиялык өзгөчөлүктөрүнө, тарыхый өнүгүшүнө жана улуттук дүйнөтаанымына байланыштуу айырмачылыктарга ээ. Изилдөөнүн максаты – англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин түзүлүшүн жана маанилик өзгөчөлүктөрүн аныктоо, алардын ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды талдоо болуп саналат. Макалада салыштырма-семантикалык талдоо, лексикологиялык байкоо жана структуралык ыкмалар колдонулган. Изилдөө материалдары катары англис жана кыргыз тилдериндеги сөздүктөрдөн, көркөм жана илимий тексттерден алынган лексикалык бирдиктер пайдаланылган. Изилдөөнүн жыйынтыгында антонимдердин эки тилде тең лексикалык жана грамматикалык каражаттар аркылуу түзүлөрү, бирок кыргыз тилинде антонимдер көбүнчө сөз жасоочу аффикстер аркылуу, ал эми англис тилинде аналитикалык жана морфологиялык ыкмалар аркылуу калыптанаары аныкталды. Макаланын практикалык мааниси алынган жыйынтыктарды лексикология, салыштырма тил илими жана чет тилдерди окутуу процессинде колдонуу мүмкүнчүлүгү менен шартталат.

Аннотация: Статья посвящена сравнительному анализу структурно-семантических особенностей антонимов в английском и кыргызском языках. Антонимы являются важным элементом лексической системы языка, отражающим противопоставления в мышлении и объективной действительности. Способы образования и функционирования антонимов в различных языках зависят от их типологических, грамматических и семантических характеристик. Целью исследования является выявление структурных и семантических особенностей антонимов в английском и кыргызском языках, а также определение сходств и различий в их функционировании. В работе использованы методы сравнительно-сопоставительного анализа, семантического описания и структурного анализа. Материалом исследования послужили лексические единицы, отобранные из толковых и двуязычных словарей, а также из художественных и научных текстов. Результаты исследования показывают, что в обоих языках антонимы представлены как разнокорневыми, так и однокорневыми парами. В кыргызском языке преобладают антонимы, образованные с помощью словообразовательных аффиксов, тогда как в английском языке широко используются аналитические и морфологические средства. Практическая значимость исследования заключается в возможности использования полученных результатов в курсах лексикологии, сравнительного языкознания и в практике преподавания английского и кыргызского языков.

Abstract: The article is devoted to a comparative analysis of the structural and semantic features of antonyms in the English and Kyrgyz languages. Antonyms represent an important component of the lexical system, reflecting semantic oppositions and logical contrasts in human cognition. The formation and functioning of antonyms in different languages are determined by typological, grammatical and semantic

characteristics. The aim of the study is to identify the structural and semantic peculiarities of antonyms in English and Kyrgyz, as well as to reveal similarities and differences between them. The research employs comparative and semantic analysis methods, along with structural linguistic approaches. The research material includes lexical units selected from explanatory and bilingual dictionaries, as well as from literary and academic texts. The results demonstrate that both languages contain root and derivational antonyms; however, the Kyrgyz language predominantly uses affixation as a means of forming antonyms, while the English language widely applies analytical and morphological mechanisms. The practical significance of the study lies in the possibility of applying the findings in lexicology, contrastive linguistics, and in teaching English and Kyrgyz languages.

Негизги сөздөр: антонимдер; семантика; структура; салыштырма тил илими; англис тили; кыргыз тили; лексикология.

Ключевые слова: антонимы; лексическая семантика; структура слова; английский язык; кыргызский язык; сопоставительное языкознание; лексикология.

Keywords: antonyms; lexical semantics; word structure; English language; Kyrgyz language; contrastive linguistics; lexicology.

Антонимдер тилдин лексикалык-семантикалык системасында өзгөчө орунду ээлеп, карама-каршы маанилерди билдирген лексикалык бирдиктер ой жүгүртүүнүн логикалык түзүлүшүн чагылдырып, тилдин семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, ал эми санариптик технологиялар [1] аркылуу антонимдерди интерактивдүү тесттер, онлайн сөздүктөр жана визуалдык материалдар менен колдонуу аркылуу кубулуштардын, сапаттардын жана аракеттердин карама-каршы жактарын так жана экспрессивдүү көрсөтүүгө шарт түзөт [5].

Ар кайсы тилдерде антонимдердин түзүлүшү жана колдонулушу тилдин типологиялык өзгөчөлүктөрүнө, морфологиялык түзүлүшүнө жана семантикалык өнүгүшүнө жараша айырмаланат. Англис тили аналитикалык тил катары антонимдерди түзүүдө морфологиялык жана лексикалык каражаттарды кеңири пайдаланса, кыргыз тили агглютинативдик тил катары негизинен сөз жасоочу аффикстерге таянат. Бул өзгөчөлүк антонимдердин структуралык түзүлүшүндө жана маанилик байланышынын мүнөзүндө так байкалат.

Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдерди салыштырма изилдөө тилдер аралык семантикалык универсалияларды жана улуттук тилдик өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. Мындай изилдөөлөр лексикология, салыштырма тил илими жана чет тилдерди окутуу практикасы үчүн теориялык жана практикалык мааниге ээ [6].

Антонимдер – мааниси боюнча бири-бирине карама-каршы келген лексикалык бирдиктер. Лингвистикада антонимдерди аныктоодо алардын семантикалык карама-каршылыгы негизги критерий катары каралат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр антонимдерди лексикалык системанын ички мыйзамченемдүүлүктөрүн чагылдырган маанилик мамилелердин өзгөчө түрү катары баалашат.

Англис тилинде антонимдер негизинен түпкү тамыры ар башка болгон (good – bad, large – small) жана бир тамырлуу (happy – unhappy, possible – impossible) сөздөрдөн түзүлгөн жуптарга бөлүнөт. Бир тамырлуу антонимдер көбүнчө терс маанини билдирген un-, in-, im-, dis- сыяктуу префикстердин жардамы менен жасалат. Бул көрүнүш англис тилинин морфологиялык түзүлүшүнө мүнөздүү аналитикалык ыкманын басымдуулугун көрсөтөт.

Кыргыз тилинде антонимдер да разнокорневые (жакшы – жаман, чоң – кичине) жана однокорневые (иштүү – ишсиз, тартиптүү – тартипсиз) болуп бөлүнөт. Бирок кыргыз тилинде антонимдерди түзүүдө -сыз/-сиз, -дуу/-дүү, -луу/-лүү сыяктуу аффикстер өзгөчө активдүү колдонулат. Бул агглютинативдик тилге мүнөздүү структуралык өзгөчөлүк болуп саналат [3].

Мындан тышкары, кыргыз тилинде антонимдер көбүнчө сапаттык сын атоочтор аркылуу берилсе, англис тилинде сын атоочтор менен катар этиштер жана зат атоочтор да активдүү

антонимдик мамилеге кирет. Бул эки тилдеги антонимдердин семантикалык көлөмүнүн айырмачылыгын көрсөтөт.

Кыргыз тилинде антонимдердин түзүлүшү англис тилине салыштырмалуу морфологиялык жактан көбүрөөк белгилүү жана туруктуу система аркылуу ишке ашат. Кыргыз тили агглютинативдик тил болгондуктан, антонимдер негизинен сөз жасоочу аффикстердин жардамы менен түзүлөт. Айрыкча -сыз/-сиз, -дуу/-дүү, -луу/-лүү сыяктуу мүчөлөрдүн ролу чоң. Мисалы, иштүү – ишсиз, тартиптүү – тартипсиз, пайдалуу – пайдасыз сыяктуу жуптар тилдин ички мүмкүнчүлүктөрү аркылуу калыптанат [3].

Англис тилинде болсо антонимдерди түзүүдө лексикалык каражаттар менен катар префиксация активдүү колдонулат. Бирок кыргыз тилинен айырмаланып, англис тилинде аффикстердин саны чектелүү болуп, алардын колдонулушу көбүнчө семантикалык контекстке көз каранды. Бул өзгөчөлүк эки тилдеги антонимдердин структуралык айырмачылыгын айкын көрсөтөт.

Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин структуралык өзгөчөлүктөрүн салыштырма түрдө көрсөтүү максатында, биринчи таблица антонимдердин негизги түзүлүү ыкмалары жана мисалдары берилди [3; 8].

1 – Таблица. Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин структуралык өзгөчөлүктөрү

Тил	Антонимдердин түрү	Түзүлүү ыкмасы	Мисалдар
Англис тили	Ар башка тамырлуу антонимдер	Лексикалык карама-каршылык	good – bad, large – small
Англис тили	Бир тамырлуу антонимдер	Префиксация (un-, in-, im-, dis-)	happy – unhappy, possible – impossible
Кыргыз тили	Ар башка тамырлуу антонимдер	Лексикалык карама-каршылык	жакшы – жаман, чоң – кичине
Кыргыз тили	Бир тамырлуу антонимдер	Аффиксация (-сыз/-сиз, -дуу/-дүү)	иштүү – ишсиз, тартиптүү – тартипсиз

1-таблицада берилген маалыматтар англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин түзүлүшүндө окшоштуктар менен катар олуттуу айырмачылыктар бар экенин тастыктайт. Эки тилде тең разнокорневые антонимдер кеңири колдонулса да, кыргыз тилинде антонимдерди түзүүдө аффикстердин ролу басымдуулук кылат. Ал эми англис тилинде антонимдик мамилелер көбүнчө префиксация жана лексикалык каражаттар аркылуу ишке ашат. Бул айырмачылыктар тилдердин типологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болуп, антонимдердин семантикалык өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет.

Антонимдердин семантикалык өзгөчөлүктөрү тилдеги маанилердин карама-каршылык аркылуу уюшулушун чагылдырат. Лингвистикада антонимдер семантикалык мамилелердин өзгөчө түрү катары каралып, алардын негизги функциясы – объекттердин, сапаттардын жана процесстердин карама-каршы белгилерин көрсөтүү болуп эсептелет. Англис жана кыргыз тилдеринде антонимдердин семантикалык түзүлүшү жалпы универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөргө ээ болгону менен, улуттук тилдик өзгөчөлүктөрдү да камтыйт.

Англис тилинде антонимдер семантикалык жактан көбүнчө градуалдык, комплементардык жана конверсивдик түрлөргө бөлүнөт. Градуалдык антонимдерде карама-каршылык салыштырмалуу мүнөзгө ээ болуп, аралык маанилердин болушу мүмкүн (hot – cold, big – small). Мындай антонимдер сапаттын даражасын билдирип, контекстке жараша өзгөрүлмө мааниге ээ болот. Комплементардык антонимдерде болсо карама-каршылык абсолюттук мүнөзгө ээ болуп, аралык мааниге жол берилбейт (alive – dead, true – false). Конверсивдик антонимдер аракеттин же мамиленин багытын өзгөртүү аркылуу карама-каршылыкты көрсөтөт (buy – sell, give – receive).

Кыргыз тилинде да антонимдердин ушул сыяктуу семантикалык түрлөрү кездешет. Градуалдык антонимдер кыргыз тилинде сапаттык сын атоочтор аркылуу кеңири берилет (узун – кыска, катуу – жумшак). Комплементардык антонимдер көбүнчө логикалык карама-каршылыкты билдирип, так маанилерди камтыйт (тирүү – өлүү, бар – жок). Конверсивдик антонимдер кыргыз тилинде салыштырмалуу сейрек колдонулат, бирок алар да тилдин семантикалык системасында белгилүү орунга ээ (ал – бер, кир – чык).

Эки тилде тең антонимдердин семантикалык өзгөчөлүктөрү контекстке түздөн-түз көз каранды. Айрым учурларда бир эле сөз ар башка контекстте антонимдик жуптун курамына кириши мүмкүн. Бул көрүнүш антонимдердин семантикасынын динамикалуу экенин жана тилдик колдонуунун шарттарына ылайык өзгөрүп турарын көрсөтөт.

Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин негизги семантикалык түрлөрүн жалпылап көрсөтүү максатында, биринчи сүрөттө антонимдердин семантикалык классификациясы берилди [8].

Сүрөт 1. Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин семантикалык түрлөрү

Биринчи сүрөттө көрсөтүлгөн классификация англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин семантикалык түзүлүшүнүн негизги түрлөрүн жалпылайт. Градуалдык антонимдер эки тилде тең кеңири таралган болсо, комплементардык антонимдер логикалык тактыкты камсыз кылат. Конверсивдик антонимдер семантикалык жактан аракеттин же мамиленин багытын өзгөртүү аркылуу карама-каршылыкты билдирип, антонимиянын өзгөчө түрү катары айырмаланат. Бул классификация антонимдердин семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн тереңирээк түшүнүүгө шарт түзөт жана салыштырма лингвистикалык изилдөөлөр үчүн маанилүү негиз болуп саналат.

Антонимдердин структуралык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн салыштырмалуу талдоо англис жана кыргыз тилдеринин типологиялык айырмачылыктарын даана көрсөтөт. Англис тили аналитикалык түзүлүшкө ээ болгондуктан, антонимдерди түзүүдө сөздөрдүн формалдык өзгөрүүсүнө караганда лексикалык карама-каршылык жана префиксация ыкмасы үстөмдүк кылат. Мисалы, *good – bad, large – small* сыяктуу разнокорневые антонимдер англис тилинде кеңири колдонулат жана тилдин сөздүк курамындагы даяр лексемалардын каршылыгына негизделет. Ал эми *happy – unhappy, possible – impossible* өндүү однокорневые антонимдер терс маанини билдирген префикстердин жардамы менен түзүлүп, сөздүн негизги семантикасын сактоо менен карама-каршы маанини жаратат [6].

Кыргыз тили болсо агглютинативдүү тил катары антонимдерди түзүүдө аффиксация ыкмасын активдүү колдонот. Однокорневые антонимдер көбүнчө *-сыз/-сиз, -дуу/-дүү* сыяктуу мүчөлөр аркылуу жасалат (*иштүү – ишсиз, тартиптүү – тартипсиз*). Бул көрүнүш кыргыз тилинде грамматикалык формалар аркылуу маанини өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жогору экенин көрсөтөт. Разнокорневые антонимдер да кеңири таралган (*жакшы – жаман, чоң – кичине*), бирок алар көбүнчө элдик тилде жана көркөм адабиятта эмоционалдык-экспрессивдик функцияны аткарат.

Семантикалык жактан алганда, англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдерди бир нече негизги түргө бөлүүгө болот. Градуалдык антонимдер аралык маанини билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, сапаттын даражасын көрсөтөт (*hot – cold, жакшы – жаман*). Бул типтеги антонимдер эки тилде тең активдүү колдонулат жана сүйлөмдүн стилистикалык мүмкүнчүлүгүн кеңейтет. Комплементардык антонимдер болсо ортодогу аралыкты жокко чыгарып, абсолюттук карама-каршылыкты билдирет (*alive – dead, тирүү – өлүү*). Ал эми конверсивдик антонимдер аракеттин же мамиленин багытынын өзгөрүшүнө негизделет (*buy – sell, алуу – сатуу*) жана көбүнчө социалдык-экономикалык мамилелерди сүрөттөөдө колдонулат [2].

Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин семантикалык классификациясы универсалдуу мүнөзгө ээ экендиги байкалат. Бул эки тил ар башка тилдик үй-бүлөгө таандык болгонуна карабастан, карама-каршылыкты түшүндүрүүдө жалпы логикалык принциптерге таянат. Ошол эле учурда структуралык өзгөчөлүктөр антонимдердин түзүлүшүндө айырмачылыктарды жаратат: англис тилинде аналитикалык ыкмалар басымдуулук кылса, кыргыз тилинде синтетикалык, морфологиялык каражаттар кеңири колдонулат.

Мындай салыштырма талдоо тил үйрөнүү процессинде да практикалык маниге ээ. Антонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу англис тилин кыргыз аудиториясына окутууда лексикалык материалды системалуу өздөштүрүүгө шарт түзөт. Ошондой эле бул багыттагы изилдөөлөр эки тилдин семантикалык системасын терең түшүнүүгө жана контрастивдүү лингвистиканын өнүгүшүнө салым кошот.

Англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин структуралык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн талдоо тилдердин ички уюшулушу менен ой жүгүртүү системасынын өз ара байланышын айкын көрсөтөт. Антонимдер ар бир тилде дүйнөнү таануунун, баалоонун жана карама-каршылыктуу кубулуштарды түшүндүрүүнүн маанилүү куралы болуп эсептелет. Бул жагынан алганда, эки тилде тең антонимдер лексикалык системанын активдүү элементтери катары сүйлөмдүн мазмунун тактоо, ойду күчөтүү жана логикалык каршылыкты берүү функциясын аткарат.

Англис тилинде антонимдердин түзүлүшүндө даяр лексемалардын карама-каршылыгы жана префиксация ыкмасы басымдуулук кылат. Бул көрүнүш тилдин аналитикалык мүнөзүнө шайкеш келип, жаңы маанилерди минималдуу формалдык өзгөрүүлөр аркылуу берүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Кыргыз тилинде болсо антонимдерди түзүүдө сөзгө мүчө жалгоо аркылуу маанини өзгөртүү кеңири таралган. Бул кыргыз тилинин агглютинативдүү табиятын чагылдырып, грамматикалык каражаттардын семантикалык функциясы күчтүү экенин далилдейт.

Семантикалык жактан антонимдердин градуалдык, комплементардык жана конверсивдик түрлөргө бөлүнүшү эки тил үчүн тең мүнөздүү универсалдуу модель экендиги байкалат. Бул классификация тилдердин айырмачылыгына карабастан, карама-каршылык категориясынын жалпы логикалык негизге таянарын көрсөтөт. Ошол эле учурда ар бир тилде бул семантикалык түрлөрдүн колдонулушу маданий, коммуникативдик жана стилдик факторлор менен шартталат.

Антонимдердин салыштырмалуу изилдениши практикалык жактан да маанилүү. Айрыкча англис тилин кыргыз тилдүү аудиторияга окутууда антонимдердин структуралык айырмачылыктарын эске алуу тил аралык интерференцияны азайтууга жардам берет. Мындан тышкары, кыргыз тилиндеги антонимдердин өзгөчөлүктөрүн англис тили менен салыштыруу улуттук тилдин семантикалык мүмкүнчүлүктөрүн тереңирээк ачып көрсөтүүгө шарт түзөт.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрү тилдердин типологиялык табияты менен тыгыз байланышта экендигин белгилөөгө болот. Эки тилде тең антонимдер маанини тактоо, ойду логикалык каршылык аркылуу берүү жана коммуникативдик таасирди күчөтүүчү маанилүү каражат катары кызмат кылат. Ошол эле учурда англис тилинде антонимдер көбүнчө аналитикалык ыкмалар аркылуу, ал эми кыргыз тилинде морфологиялык каражаттардын жардамы менен түзүлөт.

Семантикалык классификациянын универсалдуулугу антонимдердин тил аралык окшоштугун көрсөтсө, структуралык айырмачылыктар ар бир тилдин өзгөчөлүгүн айкын чагылдырат. Бул

айырмачылыктарды эске алуу контрастивдүү лингвистика үчүн да, практикалык тил окутуу процессинде да өзгөчө маниге ээ. Демек, англис жана кыргыз тилдериндеги антонимдерди салыштырмалуу изилдөө тилдердин лексикалык-семантикалык системасын терең түшүнүүгө өбөлгө түзүп, көп тилдүү билим берүү жана котормо иши үчүн да пайдалуу теориялык негиз болуп саналат.

Антонимдердин функционалдык ролу англис жана кыргыз тилдеринде стилистикалык каражат катары да өзгөчө маниге ээ. Көркөм адабиятта, публицистикалык текстте жана оозеки кепте антонимдер ойду курчутуу, эмоционалдык боёк берүү жана автордук позицияны так билдирүү үчүн кеңири колдонулат. Айрыкча градуалдык антонимдер текстте салыштыруунун, баалоонун жана динамиканын куралы катары кызмат кылат. Мисалы, сапаттын же абалдын акырындык менен өзгөрүшү дал ушул антонимдик катарлар аркылуу берилет.

Кыргыз тилинде антонимдер көбүнчө улуттук дүйнөтааным жана баалуулуктар менен тыгыз байланышта колдонулат. «Жакшы – жаман», «адилет – адилетсиз», «ынтымактуу – ынтымаксыз» сыяктуу антонимдик жуптар социалдык жана моралдык түшүнүктөрдү чагылдырууда активдүү роль ойнойт. Бул көрүнүш кыргыз тилинин лексикалык системасы коомдук мамилелерди жана этикалык категорияларды чагылдырууга багытталганын көрсөтөт. Англис тилинде болсо антонимдер көбүнчө абстракттуу түшүнүктөрдү жана универсалдуу логикалык каршылыктарды берүүдө колдонулат, бул тилдин глобалдык коммуникациядагы функциясы менен да шартталган.

Контрастивдүү талдоо ошондой эле антонимдердин котормодогу өзгөчөлүктөрүн да ачып берет. Айрым учурларда англис тилиндеги однокорневые антонимдер кыргыз тилине түз морфологиялык эквивалент аркылуу берилбестен, лексикалык карама-каршылык аркылуу которулат. Бул көрүнүш эки тилдин түзүлүшүндөгү айырмачылыктарды эске алуунун зарылдыгын көрсөтөт. Ошондуктан антонимдерди салыштырып изилдөө практикалык котормо теориясы үчүн да маанилүү методологиялык база болуп эсептелет.

Антонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө тил үйрөтүү процессинде натыйжалуу колдонулуп, англис тилин үйрөнүп жаткан кыргыз тилдүү студенттер үчүн антонимдерди системалуу түрдө салыштыруу жаңы сөздөрдү өздөштүрүүнү жеңилдетип, сөз байлыгын активдештирүүгө жардам берет; ошондой эле бул ыкма кыргыз тилинин ички мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө жана аны илимий жактан баалоого шарт түзөт, сынчыл ойлом көндүмдөрүн өнүктүрөт [13], ал эми болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо маселеси билим берүү тармагындагы изилдөөлөрдүн приоритеттүү багыттарынан болуп саналат, анткени изилдөөчүлөрдүн аталган маселеге карата кызыкчылыгы кесиптик билим берүүнүн сапатына болгон өзгөчө талаптар менен тыгыз байланыштуу [12].

Колдонулган адабияттар

1. Sulaymanova, R. Professional development of teachers in the context of digital transformation / R. Sulaymanova, A. Egamberdieva // Bulletin of the Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn. – 2025. – Vol. 17, No. 3. – P. 9-20. – DOI 10.58649/1694-8033-2025-3(123)-9-20. – EDN PXSUAY.
2. Абдылдаев Э. Кыргыз тилинин лексикологиясы. – Бишкек: Илим, 2016. – 214б.
3. Жапаров Ш.Ж. Кыргыз тилинин азыркы лексикасы. – Бишкек: Билим, 2020. – 198б.
4. Кубанычбекова Г.А. Кыргыз тилиндеги антонимдердин семантикалык өзгөчөлүктөрү // Вестник Кыргызского национального университета. – 2021. – №3. – Б. 67–72.
5. Маслова В.А. Современная лингвистика: семантика. – Москва: Академия, 2019. – С. 143–156.
6. Новиков Л.А. Антонимия в русском языке. – Москва: Наука, 2018. – 256 с.
7. Crystal D. The Cambridge Encyclopedia of the English Language. 3rd ed. – Cambridge: Cambridge University Press, 2019. – P. 164–171.
8. Jackson H., Amvela E. Words, Meaning and Vocabulary: An Introduction to Modern English Lexicology. – London: Bloomsbury Academic, 2018. – P. 92–104.

9. Lyons J. Semantics. Vol. 1. – Cambridge: Cambridge University Press, 2017. – P. 270–289.
10. Ullmann S. Semantics: An Introduction to the Science of Meaning. – Oxford: Basil Blackwell, 2016. – P. 202–215.
11. Yule G. The Study of Language. 7th ed. – Cambridge: Cambridge University Press, 2020. – P. 108–115.
12. Сулайманова, Р.Т. Педагогикалык кесипке даярдоо маселесине арналган изилдөөлөрдүн маңыздык аспектиси / Р. Т. Сулайманова // Alatoo Academic Studies. – 2020. – No. 3. – P. 148-157. – DOI 10.17015/aas.2020.203.17. – EDN IADNMC.
13. Сулайманова, Р.Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р.Т. Сулайманова, Н.А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.

Рецензент: филол. и.к., доцент Нарматова Б.Б.

УДК 378.14: 372.851: 37.015.31

Курамаева Т.А., Эсенаманова Г. К., Раимкулова А.С.
Курамаева Т.А., Эсенаманова Г. К., Раимкулова А.С.
Kuramaeva T.A., Esenamanova G. K., Raimkulova A.S.

БОЛОЧОК МАТЕМАТИКА МУГАЛИМДЕРИНИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ – СИСТЕМАЛЫК ТҮШҮНҮК КАТАРЫНДА
ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ МАТЕМАТИКИ КАК СИСТЕМНОЕ ПОНЯТИЙ
FORMATION OF PROFESSIONAL COMPETENCIES OF FUTURE MATHEMATICS TEACHERS AS A SYSTEMIC CONCEPT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада болочок математика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну системалык түшүнүк катары кароо баяндалат. Башкача айтканда, педагогикалык ишмердүүлүк – педагогдун көп кырдуу иш-аракеттеринин татаал уюштурулган *системасы* экендиги, педагогикадагы *системалык мамиле,* педагогикалык ишмердүүлүктүн бардык компоненттеринин өз ара эффективдүү аракеттерин камсыз кылуучу системасын түзүүнүн кандайдыр бир ыкмасын түшүндүргөн бүтүн процесс катары көрсөтүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Педагогикалык система – бул белгилүү бир окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү максаттарына жетүү үчүн түзүлгөн, өз ара байланышкан компоненттердин (окуучулар, мугалимдер, мазмун, усулдар, каражаттар, уюштуруу формалары) жыйындысы. Ал – динамикалуу жана комплекстүү түзүлүш, анын иштеши бирдиктүү педагогикалык процесс аркылуу ишке ашат. Башкача айтканда, бул билим берүү процессинин бардык элементтеринин максатка багытталган жана системалуу уюштурулушу. Система деп, бири-бири менен тыгыз байланышкан жана бир нече мамилелеш элементтерден турган бир бүтүндүүлүктү түзгөн объекти, көп баскычтуу билим берүүнү түшүнөбүз. Адам баласынын өзү, татаал көп баскычтуу система болуп саналат. Мугалимдин компетенттүүлүгү изоляцияланган жөндөмдөр жыйындысы эмес, тескерисинче, өз ара байланышкан, динамикалуу система катары каралууга тийиш. Бул система педагогикалык, психологиялык, математикалык жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) элементтерин камтыйт. Компетенттүүлүккө карата заманбап илимий көз караштар (билим, билгичтик, тажрыйба жана жеке сапаттардын интеграциясы). Демек, жогорку билим берүү процессинде болочок мугалимдерди

даярдоонун теориялык жана практикалык негиздери талданат. Макаланын негизги максаты — кесиптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн интеграцияланган системалык түзүмүн жана моделин сунуштоо. Заманбап билим берүү талаптарына жана улуттук стандарттарга ылайык, жогорку кесиптик компетенттүүлүккө ээ математика мугалимин даярдоо. Терең, системалуу математикалык билимди жана илимий ой жүгүртүү маданиятын калыптандыруу. Математиканы эффективдүү окутуунун технологияларын, методдорун жана усулдарын өздөштүрүү. Ошондой эле, болочок математика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн түзүмү жана системалык модели билимди, көндүмдөрдү, баалуулуктарды жана жеке сапаттарды бириктирип, мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүндөгү акыркы ийгиликтүү натыйжага багытталат.

Аннотация: В статье формирование профессиональной компетентности будущих учителей математики рассматривается как системная категория. Педагогическая деятельность интерпретируется как сложно организованная, многокомпонентная система, отражающая многообразие профессиональных функций педагога. Системный подход в педагогике позволяет представить педагогическую деятельность как целостный процесс, направленный на конструирование и функционирование системы, обеспечивающей эффективное взаимодействие всех её структурных компонентов. Педагогическая система определяется как совокупность взаимосвязанных элементов (обучающиеся, педагоги, содержание образования, методы, средства и организационные формы обучения), ориентированная на достижение конкретных целей обучения, воспитания и развития личности. Данная система носит динамичный и комплексный характер, а её функционирование реализуется в рамках целостного педагогического процесса, предполагающего целенаправленную и системную организацию всех компонентов образовательной деятельности. В контексте исследования система понимается как целостное образование, включающее совокупность тесно взаимосвязанных и иерархически организованных элементов, что позволяет рассматривать многоуровневое образование как сложную структуру. Человек, в свою очередь, представляет собой сложную многоуровневую систему. В этой связи профессиональная компетентность учителя не сводится к набору изолированных способностей, а рассматривается как интегрированная, динамично развивающаяся система. В её структуру входят педагогические, психологические, предметно-математические и информационно-коммуникационные компоненты. Современные научные подходы трактуют компетентность как интеграцию знаний, умений, навыков, практического опыта и личностных качеств. Таким образом, в статье анализируются теоретические и практические основы подготовки будущих учителей в системе высшего профессионального образования. Основной целью исследования является разработка и обоснование интегрированной системной структуры и модели формирования профессиональной компетентности. В соответствии с современными требованиями образовательной политики и национальными стандартами обосновывается необходимость подготовки учителя математики, обладающего высоким уровнем профессиональной компетентности, способного к формированию глубоких, системных математических знаний и культуры научного мышления у обучающихся, а также к эффективному использованию современных технологий, методов и приёмов обучения математике. Предлагаемая структурно-системная модель объединяет знания, умения, ценностные ориентации и личностные качества и ориентирована на достижение конечного результата профессиональной педагогической деятельности. Особое внимание уделяется развитию способности педагога к саморазвитию и критическому осмыслению собственной профессиональной деятельности.

Abstract: This article examines the formation of professional competence of future mathematics teachers as a systemic concept. In other words, pedagogical activity is viewed as a complex, well-organized system of the teacher's multifaceted professional actions. The systemic approach in pedagogy interprets pedagogical activity as a holistic process that explains a specific way of constructing a system ensuring effective interaction among all components of pedagogical activity. A pedagogical system is defined as a set of interrelated components (students, teachers, content, methods, tools, and organizational forms) created to achieve specific goals of teaching, education, and development. It represents a dynamic and complex structure whose functioning is realized through a unified pedagogical process. In this sense, it is the goal-oriented and systematic organization of all elements of the educational process. A system is understood as an integral entity consisting of closely interconnected and interacting elements, which allows multi-level education to be considered as a complex structure. The human being itself represents a complex multi-level system. Accordingly, a teacher's competence should not be regarded as a collection of isolated abilities, but rather as an interconnected and dynamically developing system. This system includes pedagogical, psychological, mathematical, and information and communication technology (ICT) components. Modern scientific approaches to competence define it as an integration of knowledge, skills, experience, and personal qualities. Thus, the article analyzes the theoretical and practical foundations of training future teachers in the system of higher education. The main objective of the study is to propose an integrated systemic structure and model for competence development. In accordance with contemporary educational requirements and national standards, the study substantiates the training of a mathematics teacher with a high level of professional competence, capable of developing deep and systematic mathematical knowledge and a culture of scientific thinking. It also emphasizes the mastery of technologies, methods, and techniques for effective mathematics teaching. The proposed structure and systemic model integrate knowledge, skills, values, and personal qualities and are oriented toward achieving the final outcomes of the teacher's professional activity. Special attention is paid to the importance of teachers' self-development and critical thinking abilities.

Негизги сөздөр: болочок математика мугалимдери, компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлүк, компетенттүүлүктүн компоненттери, педагогикалык система, системалык модель.

Ключевые слова: будущие учителя математики, компетентность, профессиональная компетентность, компоненты компетентности, педагогическая система, системная модель.

Keywords: future mathematics teachers, competence, professional competence, components of competence, pedagogical system, systemic model.

Киришүү. Заманбап билим берүү системасы адамдын интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө, коомдун социалдык-экономикалык муктаждыктарын канааттандырууга жана глобалдык атаандаштыкка туруштук бере турган адистерди даярдоого багытталган. Мындай шартта математикалык билимдин ролу өзгөчө маниге ээ болуп, аны сапаттуу окутуу заман талабы болуп калды.

Бүгүнкү күндө санариптик технологиялардын тездик менен өнүгүшү, маалыматтын көптүгү жана аналитикалык ой жүгүртүүгө болгон муктаждык математика предметин негизги фундаменталдык багыттардын бири катары көрсөтүүдө. Математикалык сабаттуулук – бул жөн гана формулаларды жаттоо эмес, логикалык ой жүгүртүү, системалуу анализ жүргүзүү, маселелерди чечүү жөндөмү жана туура чечим кабыл алуу компетенцияларынын негизги булагы.

Сапаттуу математикалык билим берүү — окуучулардын интеллектуалдык өсүшүнө шарт түзгөн, аларды келечектеги кесиптик ишмердикке даярдаган, түрдүү тармактардагы инновациялык процесстерди өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берген маанилүү фактор. Ошондуктан билим берүү системасы заманбап методдорду, практикалык багыттагы окутууну, интерактивдүү ресурстарды жана компетенттүүлүккө негизделген мамилелерди колдонуу аркылуу математиканы окутуунун мазмунун үзгүлтүксүз жаңылап турууну талап кылат.

Демек, дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндөй атаандаштыкка жөндөмдүү муунду тарбиялоо үчүн сапаттуу математикалык билим берүү – заманбап билим берүү системасынын ажырагыс жана зарыл компоненти болуп эсептелет.

Андыктан, педагогикадагы *системалык мамиле,* педагогикалык ишмердүүлүктүн бардык компоненттеринин өз ара эффективдүү аракеттерин камсыз кылуучу системасын түзүүнүн кандайдыр бир ыкмасын түшүндүргөн бүтүн процесс катары көрсөтүлөт. Педагогикалык ишмердүүлүк – педагогдун көп кырдуу иш-аракеттеринин татаал уюштурулган *системасы*.

Система деп, бири-бири менен тыгыз байланышкан жана бир нече мамилелеш элементтерден турган бир бүтүндүктү түзгөн объекти башкача айтканда, көп баскычтуу билим берүү системасын түшүнөбүз. Адам баласынын өзү, татаал көп баскычтуу система болуп саналат. Албетте, анын билим алуу процесси дагы көп аспектүү жана көп кырдуу татаал система. Адам баласы ал татаал системаны түзүүсү керек. Ал эми, «педагогикалык система» түшүнүгү бир топ мааниге ээ, аны билим берүү функциясын аткарган системалардын катарына кошууга болот.

Педагогикалык система деп, конкреттүү окуу жайдын педагогикалык процессинин курамдык бөлүктөрү болгон окутуу системасынан жана тарбиялоо системасынан турган бир бүтүн, жалпы билим берүү системасын айтабыз. Максаттуу педагогикалык процессти уюштурууга багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгү дагы система түрүндө каралат; акырында, мугалим жүргүзгөн сабактар анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн элементи жана ошол эле убакта билим берүүнүн чакан системасы болуп саналат.

Ошентип, ар бир педагогикалык системанын борборунда, ошол системанын максатын, тарбиялоонун жана окутуунун маанисин, мазмунун ж.б. аныктаган, инсандык субъектердин жыйындысы окуучулар менен педагогдор жайланышкан.

Изилдөө материалдары жана ыкмалары. Изилдөөчүлөр В.М.Монахов, Д.А.Власов, Е.В.Вересова «заманбап идеяларды ишке ашыра алган, жогорку билимдүү, чыгармачыл ой жүгүртүүгө ээ, кесиптик билими бар, компетенттүү мугалимдер билим берүүнүн бардык баскычтарында бар экендигин баса белгилешип, мугалимдердин заманбап кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу, мугалимдерди даярдоо процессинин бардык учурунда, педагогикалык окуу жайлардын объективдүү, максаттуу милдети болушу керек» [1] деп белгилешкен.

Азыркы учурдагы колдонулуп жаткан окутуунун моделинде, айрыкча аралыктан окутуу, компьютердик окутуу, телевизиондук окутуу ж.б. окутууларда педагогдун ролу анчалык эместей сезилүүсү мүмкүн, ошол үчүн окутуунун учурдагы заманбап моделинде жана анын ишке ашырылуучу программаларындагы педагогикалык процессте педагогдун толук кандуу инсандык субъект болуусу, анын жаратмандыгы менен чыгармачылдыгынан көз каранды экендигин ар бир мугалим чын дилинен сезе билүүсү абзел.

Окумуштуу педагог Мамбетакунов Э.М. [2] өзүнүн макаласында, «педагог – бул адам таануу маселеси менен алектенген, адамдын инсандык, илимий жана турмуштук компетенттүүлүктөрүн калыптандыруучу адис. Педагогдорду даярдоо иши таалим–тарбиянын азыркы учурдагы парадигмаларына ылайык жүргүзүлүшү зарыл. Ал парадигмаларды (көрсөтмө-үлгүлөрдү) бири-биринен ажыратып, өз-өүнчө карабастан аларды өз ара байланыштырып, бир бүтүн система катары кароо зарыл деп эсептейт. Анткени толук кандуу атайын билимдерге ээ болбогон адам, компетенттүү боло албайт. Ал эми толук жана бекем билим алуу үчүн окуучу өзүнүн окуу аракеттерин максатка ылайык уюштура билүүсү керек» деп, педагогдун компетенттүүлүгү түшүнүгүн система катары карасак, төмөндөгүдөй болжолдуу элементтерден турушу мүмкүн деп белгилеген: жалпы инсандык компетенттүүлүк; социалдык компетенттүүлүк; маалыматтык компетенттүүлүк; менеджердик компетенттүүлүк; илимий-предметтик компетенттүүлүк; психологиялык компетенттүүлүк; таалим-тарбия иштерин уюштуруу компетенттүүлүгү; кесиптик-технологиялык компетенттүүлүк.

Изилдөөчү Э.Ф. Зеер компетенттүүлүк - бул бүтүн жана системалаштырылган жалпыланган билимдердин чогуусу, ал эми компетенция – кесиптик ишмердүүлүгүн жемиштүү аткарууну камсыз

кылган аракеттердин жалпы ыкмасы, б.а. адамдын өзүнүн компетенттүүлүгүн практикада көрсөтө алган жөндөмдүүлүгү [3] деп аныктаган.

Ал эми биздин оюбузча, педагогикадагы кесиптик компетенттүүлүктү - ийгиликтүү, натыйжалуу, системалуу ишмердүүлүктүн пайда болушу байкалган компетенциялардын системасы катары көрсөтүүгө болот деген ойдобуз. Компетенттүүлүк – бул бизди курчап турган дүйнөнүн тигил же бул чөйрөсү менен өз ара эффективдүү байланышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн керектүү компетенцияларга ээ болууга көз каранды, комплекстүү жеке инсандык ресурс.

Л.И. Мищенконун, пикири [4] боюнча, болочок мугалимдин билим берүүдөгү педагогикалык ой жорууга карата, теориялык жактан даярдыгы менен педагогикалык ишмердүүлүгүнүн практикалык жактан даярдыгынын биримдиги катары мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү эсептелет.

Кесиптик компетенттүүлүк, компетенттүүлүк боюнча окумуштуулар ар түрдүү көз карашта экендигине карабастан, көпчүлүк учурларда алардын ой-пикирлеринин бири-бирине окшоштугу сезилет, «компетенттүүлүк» түшүнүгү билим, билгичтик жана көндүм түшүнүктөрүнөн кенен, алардын суммасы катары эсептелбейт анткени, ишмердүүлүктүн бардык жактарын: билимдүүлүктү, билгичтикти, операциялык-технологиялуулукту, мотивациялуулукту ж.б. өзүнө камтыйт.

Окумуштуу С.К. Калдыбаев [5] өзүнүн макаласында «кесиптик компетенттүүлүк» терминин мугалимге өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн эффективдүү иштеп чыгууга жана ишке ашырууга мүмкүндүк берген интеллектуалдык билимдин, билгичтиктердин жана тажрыйбанын, ошондой эле жеке сапаттардын жыйындысы катары чечмелейбиз деп билдирет.

Ошондуктан, педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү төмөндөгүдөй талаптарга жооп берүүсү керек деп белгилейбиз:

- дайыма жаңыланып, өзгөрүлүп туруусу (замандын өзгөрүшү, социалдык талаптардын деңгээлинин өсүшү ж.б.у.с. га жараша);
- келечекке багытталуусу (келечектин талаптарын эске алуу менен, жеке өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө таянып, өзүнүн билим алуусун уюштуруу мүмкүнчүлүгүнүн пайда болушу);
- белгилүү бир чөйрөдөгү билимдүүлүктүн жагдайында, жалпы көндүмдөрдүн ишмердүүлүктүк мүнөзгө ээ болуусу;
- тигил же бул жагдайда жеке өзүнүн билимине негизделген чечим чыгара алуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүсү;
- өзүнүн билимин үзгүлтүксүз жогорулатуу иш-аракети менен башкаларга үлгү болуусу.

Окумуштуу С.Н. Дорофеев [6] мугалимдин предметтик-методикалык компетенттүүлүгүнүн урунттуу, негизги компоненттери катары төмөнкүлөрдү белгилейт: чыгармачылык активдүүлүктүн калыптангандыгы; билим берүүнү бир жагдайдан башка бир жакшы жагдайга ийгиликтүү өткөрүү жөндөмдүүлүгү, себептик – текшерүүчүлүк байланыштарды орното алышы; жетишээрлик шарттан, зарыл шартты тандап алуусу; тең күчтөгү жоболорду ынанымдуу тапкычтыгы жана негиздөөчүлүгү; жаңы көйгөйлүү маселелерди изилдөөдө, маанилүү маалыматтарды актуалдаштыруусу; образдарды таанып билүү боюнча окуучулардын аң-сезимин калыптандыруудагы аракетчилдиги; акыл ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын ар дайым колдонуусу; жогорку квалификациялуу чечимдерди өз алдынча чыгара билүүсү; көйгөйлүү жагдайларда тиешелүү жана жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, коюлган максаттарга сарамжалдуу, тыкан жана ийгиликтүү жетишүүгө алып келүүчү иш-аракеттерди жүзөгө ашырууну пландаштыруусу жана аны өз убагында бүткөрүүсү.

Демек, педагогикалык кесиптин бүгүнкү бүтүрүүчүсү компетенттүү адис болушу мүмкүн, качан гана ал ишенимдүү түрдө иш алып барууга даяр болуп, педагогикалык-психологиялык жана предметтик-методикалык жогорку билим деңгээлине ээ болсо, ар кандай жагдайга тез эле багыт алып, билим берүү технологиясынын оптималдуу жана тиешелүү шарттарын тандап, өзүнүн ишинде автордук абалын жана иш ыкмаларын көрсөтө алса.

Ал эми, изилдөөчү Н.Ф. Сергиенко мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн негизги компоненттери деп, маалыматтык, натыйжалуулук, предметтик, социалдык, психологиялык,

математикалык, коммуникативдик, нравалык, автономиялык компетенцияларды жана педагогдун жеке инсандык сапатын атайт. Ошону менен бирге эле математикалык компетенттүүлүктү сандык маалыматтар менен иштөөнү билүү, математикалык көндүмдөргө ээ болуу [7] деп белгилейт.

Биздин көз карашыбызча, мындай математикалык компетенцияны, берилиштерди статикалык иштетүүнүн компетенциясы деп атоо, коюлган максатка туура болчудай. Анткени, ар бир эле педагог түрдүү типтеги практикалык жана колдонмо маселелерди чыгарууда математикалык аппараттарды эркин колдонууну биле бербейт. Ал эми, жеке инсандын жалпы билим берүүчү мектептердеги окуу процессинде, математикадан алган системалык билими, билгичтиги, көндүмү статикалык маалыматтарды чогултуу жана иштетүү үчүн жетишээрлик болот деген ойдобуз.

Предметтик мугалимдердин, айрыкча, математика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгү болуп, өзгөчө анын предметтик - методикалык компетенттүүлүгү саналат. Предметтик-методикалык компетенттүүлүк – бул методикалык жана предметтик компетенттүүлүккө багыт алган келечектеги мугалимдин жеке өзүнүн адистик интегралдашкан сапаты. Ошондуктан, келечектеги математика мугалими үчүн, анын методикалык жана математикалык компетенттүүлүгү, кесиптик компетенттүүлүктүн маанилүү компоненттери болуп эсептелет. Ал эми аны түзүү жана калыптандыруу келечектеги адистерди даярдоодогу башкы милдеттерден экендиги талашсыз.

Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүккө даяр болуусу, профессионалдык компетенттүүлүктүн ажырагыс курамдык компоненти болуп саналат жана болочок мугалимдин педагогикалык кесипке рефлексивдүү багыт алышын, дүйнө таанымынын идеологиялык жактан жетилгендигин, кесиптик ишмердүүлүгүн жана жеке өзүн-өзү өркүндөтүүнү дайыма өз алдынча ишке ашыруусун, өз алдынча билим алуусун, тарбиялануусун, окутуунун жана тарбиялоонун технологиясын долбоорлоодо чыдамкай динамикалуулугун жана терең максаттуулугун көрсөтөт [8].

Мугалимди даярдоонун профессионалдык системасы, педагогикалык адистиктеги бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган жеке категория катары каралат. Мугалимдин билим берүүдөгү жана тарбиялоодогу милдеттерин натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн, негизинен төмөнкү компетенциялар талап кылынат [9]:

- кесиптик маселелерди чечүүгө даярдыгы менен байланышкан коомдук-психологиялык компетенттүүлүгү;
- коммуникабелдүүлүк жана кесиптик-коммуникабелдүүлүк компетенттүүлүгү;
- жалпы педагогикалык кесиптик компетенция (психологиялык-педагогикалык жана методикалык);
- окутуу кесиби боюнча предметтик компетенттүүлүгү;
- кесиптик өз алдынча ишке ашыруу компетенттүүлүгү.

Натыйжалар жана талкуу. Талдоонун жыйынтыктарын жалпыласак, педагогикалык окуу жайлардагы болочок мугалимди окутуп даярдоонун негизги максаттарынын сапаттык мүнөзү кесиптик компетенттүүлүк болсо, ал эми анын негизги компоненти болуп методология эсептелет.

Жогорудагы окумуштуулардын айткандарына таянып, болочок математика мугалимине керек болгон математикалык жана методикалык компетенттүүлүктү эффективдүү калыптандыруу үчүн, төмөнкү **принциптер** аткарылуусу зарыл деп белгилейбиз [10]:

- жогорку окуу жайында болочок математика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессине, окуу жайдагы математикалык илимдердин негиздерин окутууну баштаган алгачкы күндөн тартып эле киришүүнү пландаштыруу;
- болочок математика мугалимдерине, курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды, процесстерди окутуп үйрөтүүдө жана алардын таанып билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө, математикалык ыкмаларды колдонуу жана математикалык маселелерди оптималдуу чечүүдө реалдуу жагдайларга максималдуу жакын окутуу менен тыгыз байланыштыруу;
- болочок математика мугалимдерин кесиптик - предметтик ишмердүүлүккө даярдоодо, мектептик типтүү математикалык маселелерди чыгаруудагы вариативдүү чыгарылыштардын жолун

издөөнү уюштура билүү көндүмдөрүн калыптандыруу зарыл болгон шарттардын бири экендигин эске алуу;

- жогорку окуу жайлардагы окутуу процесси, келечектеги математика мугалимине, математикалык жаңы ыкмаларды чеберчилик менен колдонууну үйрөнүүсүнө жана жаңы методикалык, санариптик ыкмаларды жаратуусуна көмөкчү болуу.

Эгерде коомдун өнүгүшүнүн заманбап тенденциясын анын ичинде билим берүү тармагын эсепке ала турган болсок, анда жогоруда аталган компетенцияларга инновациялык компетенцияны кошуу максатка ылайыктуу. Педагогдун *инновациялык* компетенттүүлүгү деп, жеке инсандын билиминин, билгичтигин жана көндүмдөрүнүн системасын, анын жагдайды моделдештирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусун, жаңы идеяларды сапаттуу ойлоп табуусун, көйгөйлөргө ар тараптан көз салуусун, бир топ оптималдуу жолдорду тандап кийирүүнү, кесиптик ишмердүүлүктөгү жагдайларды адекваттуу баалоосун жана анализдөөсүн, педагогикалык жаңылыктарга көз салып туруусун түшүнөбүз.

Педагогдун инновациялык компетенттүүлүгүн интегралдык түшүнүк катары кароого болот. Аны маалыматтык, коммуникативдик, илимий-изилдөөчүлүк, долбоордук жана конструктивдик компетенциялардын чогуусунан турат деп айтууга мүмкүн. Маалыматтык жана коммуникативдик компетенциялар илимий адабияттарда жетишээрлик санда кеңири чагылдырылган. Ошондуктан илимий-изилдөөчүлүк жана долбоордук, конструктивдик компетенцияларга токтолобуз.

Биздин оюубузча, педагогдун илимий-изилдөөчүлүк компетенциясы- жеке инсандын билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн системасы, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жогорку профессионалдык деңгээлде аткара алгандыгы: илимий изилдөөлөрдү кынтыксыз ишке ашыруусу, изилдөөнүн максатын, милдеттерин, гипотезасын кое билүүсү, эксперименттин бардык түрүн өткөрө алуусу, статикалык эсептөөлөрдү жасай алуусу, алардын берилиштерин талдоону билүүсү эсептелет.

Долбоордук компетенция – бул педагогдун ар түрдүү кесиптик жана инновациялык ишмердүүлүгүндө пландаштыруу жана алдын ала айтуу мүмкүнчүлүгүн түзгөн жеке инсандын билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн системасы. Конструктивдүү компетенцияны педагогдун окутуу-тарбиялоо процесси үчүн, психологиялык –педагогикалык илимдердин жетишкендиктерин сапаттуу кийирүүгө керек болгон жеке инсандын билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн системасы деп түшүнөбүз.

Болочок математика мугалиминин компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүнө бул компетенцияларды кийирүүнүн зарылдыгы, бүгүнкү күндө педагог өзүнүн билимин жана тажрыйбасын жаш муундарга берүүнү аткарган субъект кана болуп эсептелбестен, өзүн-өзү өркүндөткөн, илимий жана коомдук иштерди активдүү алып кете алган инсан болуп эсептелгендигинде.

Көптөгөн окумуштуулардын изилдөөлөрүнө жана белгиленген принциптердин негизинде, болочок математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүнүн системалык түзүмүнүн негизги компоненттерин жана болжолдуу системалык моделин Кыргызстандын билим берүү стандарттарына ылайык төмөндөгүдөй түзүлүштө адаптациялоо мүмкүн деген жыйынтыкка келебиз [11]:

- *Математикалык (предметтик) компетенттүүлүк:*

- Терең теориялык билим (алгебра, геометрия, математикалык анализ, дискреттик математика ж.б.);
- Математикалык ой жүгүртүү жана далилдөө маданияты;
- Колдонмо маселелерди чече билүү.

- *Педагогикалык-дидактикалык компетенттүүлүк:*

- Окутуунун максаттарын коюу жана туура, так пландаштыруу;
- Математиканы окутуунун заманбап технологияларын (модулдук, проблемалык, интеграцияланган окутуу, ж.б.) колдонуу;
- Окуучулардын когнитивдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу.

- *Психологиялык-коммуникативдик компетенттүүлүк:*

- Окуучулар менен эффективдүү баарлашуу жана кызматташуу

- Конфликттерди чечүү жана класстагы оң атмосфераны түзүү;
- Өзүн-өзү жөнгө салуу жана кесиптик рефлексия.

▪ *Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) компетенттүүлүгү:*

- Санариптик билим берүү ресурстарын (онлайн платформалар, интерактивдүү такталар, динамикалык геометрия программалары — *GeoGebra, Desmos*) колдонуу;
- Дистанттык окутууну уюштуруу.

▪ *Инновациялык жана долбоордук компетенттүүлүк:*

- Коммуникативдик, илимий-изилдөөчүлүк, долбоордук, алдын ала пландаштыруу маселелерин жөнгө салуу. Бул системалык түзүмдүн негизинде болочок математика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун төмөндөгүдөй болжолдуу системалык моделин сунуштайбыз (1-таблица).

1-таблица. Болочок математика мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун болжолдуу системалык модели

Блок	Аталышы	Мазмуну
I. Максат блогу	Максат жана милдеттер	Математика мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүнүн максаттык образын түзүү (билимин, көндүмдөрүн, баалуулуктарын аныктоо).
II. Мазмун блогу	Компетенттүүлүктүн курамы	*Математикалык компетенттүүлүк:* Предметтик теориялык билимдер, маселе чыгаруу, логикалык ой жүгүртүү. *Педагогикалык-психологиялык компетенттүүлүк:* Окутуу методикасы, окуучулар менен иштөө, классты башкаруу, тарбиялоо. *Маалыматтык-коммуникативдик жана долбоордук компетенттүүлүк:* IT технологияларды, жасалма интеллектти колдонууну туура пландаштыруу, , ата-энелер менен баарлашуу. *Изилдөөчүлүк, инновациялык жана өзүн өнүктүрүү компетенттүүлүгү*: Кесиптик өсүү, рефлексия, илимий-изилдөө иштери, квалификациясын жогорулатуу.
III. Процессуал-дык блок	Калыптандыруу этаптары жана усулдары	*Мотивациялык-даярдоо этабы:* Кесипке болгон кызыгууну арттыруу, керектөөлөрдү аныктоо. *Теориялык-билим берүү этабы:* Жогорку окуу жайында негизги билимдерди жана методиканы алуу (лекциялар, семинарлар). *Практикалык-операциялык этап:* Педагогикалык практика, мектепте стажировка, тренингдер, кейс-тапшырмаларды чечүү. *Контролдук-баалоо этабы:* Тесттер, экзамендер, практикалык тапшырмаларды баалоо, өзүн-өзү баалоо.
IV. Шарттык блок	Педагогикалык шарттар	*Окуу чөйрөсү:* Инновациялык окутуу технологияларын колдонуу. *Кадрлар:* Жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулук курам. *Ресурстар:* Заманбап окуу материалдары, техникалык каражаттар. *Өнөктөштүк:* Мектептер менен тыгыз кызматташуу (базалык мектептер).
V. Натыйжа блогу	Күтүлүүчү натыйжа (жыйынтык)	*Калыптанган кесиптик компетенттүүлүк:* Жогорку квалификациялуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, кесиптик маселелерди чечүүгө даяр математика мугалими.

Системанын бардык блоктору үзгүлтүксүз байланышта жана бири-бирине таасир этет. Натыйжа блогу кайрадан Максат блогуна кайрылып, компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн кийинки деңгээлдери үчүн рефлексиялык циклди (кайтарым байланыш) түзөт. Шарттык блок бардык

процесстердин (II жана III блоктор) эффективдүү жүрүшүн камсыз кылат. Бул блок-схема системанын ички логикасын жана башкарылуучулугун көрсөтүп, болочок мугалимдердин кесиптик сапаттарын максаттуу түрдө өнүктүрүүнүн жолун чагылдырат.

Корутунду. Келечектеги математика мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын өзүнчө ачып көрсөтүү үчүн, математикалык компетенция талап кылынат. Математикалык компетенция - бул курчап турган дүйнөдөгү процесстерди жана объектерди математикалык моделдештирүүнү ишке ашырууга мүмкүнчүлүгү бар, математикалык конструкцияларды сабаттуу аткара алган, колдонмо жана практикалык маселелерди чыгаруу үчүн математикалык аппараттарды колдонууну билген, маселени жеке өзү кое билген жана алардын чыгарылышын таба алган, жеке инсандын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн системасы деп түшүнөбүз. Азыркы мезгилде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу, билим берүүнүн мазмунунун сапатын аныктайт.

Негизги тыянак: Болочок математика мугалимдеринин компетенттүүлүгүн калыптандыруу системалык, көп деңгээлдүү жана интеграцияланган процесс болуп саналат, ал кесиптик даярдыктын бардык этаптарын камтышы керек.

Практикалык мааниси: Сунушталган системалык модель болочок математика мугалимдерин даярдоо программаларын өркүндөтүүгө жана заманбап мектептин талаптарына жооп берген адистерди даярдап чыгарууга жардам берет деген ойдобуз.

Колдонулган адабияттар

1. Монахов, В.М. Компетентностный подход в педагогическом образовании / В.М.Монахов, Д.А.Власов, Е.В. Вересова - Изд-во РГПУ им. А.И.Герцена, 2004. - 92с.
2. Мамбетакунов Э.М. Таалим-тарбия процесси: теория, технология, практика. /Э.М. Мамбетакунов. – Бишкек, 2017. – 269 б.
3. Зеер Э.Ф. Модернизация профессионального образования: компетентностный подход / Э.Ф. Зеер, А.М. Павлова, Э.Э. Сыманюк. – М., 2005. – С. 44–46.
4. Мищенко А.И. Введение в педагогическую профессию. Новосибирск, 1991 -184 с.
5. Калдыбаев С. К., Садыкова Л. Ж. Педагогикалык окуу жайынын студентинин маалыматтык компетенттүүлүгү: маңызы жана түзүмү //Alatoo academic studies. – 2020. – №. 4. – С. 77.
6. Дорофеев С.Н. Компетентностный подход к математическому образованию студентов технических вузов/Педагогическое образование и наука. - 2009, №1.- С.88-91.
7. Сергиенко Н.Ф. Профессиональная компетентность современного учителя [Электронный ресурс]/Н.Ф. Сергеенко. – Режим доступа: www.nbuv.gov.ua/ejournals/ttmuo/2011_5/24.pdf.
8. Курамаева Т.А., Калдыбаев С.К. Билим берүүнү санариптештирүү шартындагы педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүнүн ролу. ALATOO ACADEMIC STUDIES» Жарчысы (эл аралык илимий журнал) 2020, Том 20, Выпуск № 2 Бишкек, – С.15-26
9. Курамаева Т.А. Структура профессиональной компетенции учителя математики. Журнал. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана номер № 5, С. 135-138, DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557, 2022
10. Курамаева Т.А. ...Педагогикалык чеберчилик - кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруунун зарыл шарты ALATOO ACADEMIC STUDIES» Жарчысы. том 25, номер: 1 год: 2025 Выпуск № 1 Бишкек, – С.104-116
11. Курамаева Т.А., Каныбек кызы Ж. Болочок математика мугалимдеринин компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери. / Т.А. Курамаева, Ж. Каныбек кызы // «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №4, Бишкек, 2017 – С.165-169.

Рецензент: пед. и.д., доцент Ибраев А.Д.

УДК:811.512.1

Мурасатов Б. А., Мырзаева Ф. А.
Мурасатов Б. А., Мырзаева Ф. А.
Murasatov B.A., Myrzaeva F.A.

БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛҮҮ СӨЗДӨРДӨ КОЛДОНУЛГАН ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨСҮНҮН ТҮШҮРҮЛҮП, ТҮШҮРҮЛБӨЙ КОЛДОНУЛУШУНУН СЕМАНТИКА-СТИЛИСТИКАЛЫК ФУНКЦИЯСЫ

СЕМАНТИКО-СТИЛИСТИЧЕСКАЯ ФУНКЦИЯ ОПРЕДЕЛЕННОГО И НЕОПРЕДЕЛЕННОГО ВИНИТЕЛЬНОГО ПАДЕЖА В ОДНОРОДНЫХ ЧЛЕНАХ ПРЕДЛОЖЕНИЯ

THE SEMANTIC-STYLISTIC FUNCTION OF USING AND OMITTING THE ACCUSATIVE CASE IN HOMOGENEOUS (COORDINATED) SENTENCE ELEMENTS

Кыскача мүнөздөмө: Макала кыргыз тилиндеги бир өңчөй мүчөлүү сөздөрдө колдонулган табыш жөндөмөсүнү түшүрүлүп, түшүрүлбөй колдонулушунун семантика-стилистикалык функциясына арналат. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн мүчөлүү жана мүчөсүз колдонулушу ар кандай сөз түркүмдөрүнүн тутумунан орун алышы менен да байланыштуу. Себеби субстантивдешкен сөздөрдө сөзгө улануучу табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү көпчүлүк учурда түшүрүлбөй колдонулат. Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү сөздөрдө түшүрүлүшү ар түркүн катыштагы, ар түркүн маанидеги сөздөрдүн топторунан турушу, айрыкча атоочтук уңгулуу татаал этиштерди түзүүдөгү табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн мүчөсүн сакталышын кепте талап кылынбайт. Ошондуктан табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн мүчөсүнүн түшүрүлүп колдонулушу сүйлөмдү уюштуруудагы өзгөчө стилдик мааниге ээ. Айрыкча, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзүүдө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн сөздөрдө түшүрүлүп колдонулушу же түшүрүлбөй колдонулушу сүйлөм түзүлүшүндөгү сөздөрдүн орун тартибине байланыштуу болот. Табыш жөндөмөсүндөгү сөз этиш сөзүнөн алыс жайгашкан учурда мүчөсүн түшүрүп колдонууга мүмкүн эмес экендиги өтмө этиш сөзүнө жакын жайгашуусу да байланыштуулугуна карата иште такталат.

Аннотация: Статья посвящена семантико-стилистической функции определенного и неопределенного винительного падежа в однородных членах предложения в кыргызском языке. Употребление слов с винительным падежом или без него связано также с системой разных частей речи. Так, в субстантивированных словах член с винительным падежом чаще всего употребляется без опущения. Опущение члена с винительным падежом в словах не обязательно в речи для групп слов с разными синтаксическими отношениями и значениями, особенно при образовании сложных именных сочетаний. Поэтому опущение члена с винительным падежом в слове приобретает особое стилистическое значение при построении предложения. Особенно в построении однородных членов предложения употребление или опущение члена с винительным падежом связано с порядком слов в предложении. Было установлено, что если слово с винительным падежом находится далеко от глагола, его член нельзя опустить; близкое расположение к переходному глаголу также влияет на его употребление в контексте.

Abstract: The article is devoted to the semantic-stylistic function of using and omitting the accusative case in homogeneous elements in the Kyrgyz language. The use or omission of words with the accusative case is also related to the system of different parts of speech. In substantivized words, the accusative member is most often used without omission. Omitting the accusative member in words is not required in speech for groups of words with various syntactic relationships and meanings, especially in forming complex nominal phrases. Therefore, the omission of the accusative member in a word acquires a special stylistic significance in sentence construction. Particularly, in the formation of homogeneous sentence elements, the use or omission of the accusative member depends on the word order in the sentence. It has been established that if a word with the accusative case is positioned far from the verb, its member cannot be omitted; being close to a transitive verb also affects its use in context.

Негизги сөздөр: Морфологиялык категория, грамматикалык маани, грамматикалык категория, грамматикалык форма, морфология, синтаксис, синтаксистик байланыш, лексема, сөз түркүмдөрү,

синонимия, сөз айкашы, изафеттик конструкция, система, структура.

Ключевые слова: Грамматические значение, грамматическая категория, грамматическая форма, морфология, синтаксис, семантика, стилистика, части речи, синонимия, словосочетания, структура, системное отношение, изафетная конструкция, парадигма.

Keywords: morphological category, case category, grammatical meaning, grammatical catecory, grammar forms, syntax, morphology, lexeme, parts of speech, synonym, word combination, system, structure, pragmatic.

Кеп түзүлүшүн көркөмдүк жактан функциясын кооздоп көрсөтүү максатында табыш жөндөмөсүнүн кыскарган формасы колдонула берет. Көркөм чыгармаларда табыш жөндөмөсүнүн мындай толук кыскарган формада колдонулушу каармандардын көркөм образын элестүү чагылдырган жана кепке сүйлөшүү стилинин белгисин киргизүү максатын тейлейт. Мисалы, **Кагазын** колуна кармаган бойдон турган жеринде селдейген Дүйшөн көпкө чейин ордунан козголбой турду (“БМ’,13-б). Жазуучу **кагазын** деген сөздө табыш жөндөмөсүнүн толук формасын колдонуп, каармандын кебин көрсөттү, орток маанилүүлүктү берди. Мен күн баткыча отунга дагы бир сапар барып келе калайын,-деп Дүйшөн орок, жибин алып талаага басып кетти (“БМ”,15-б). Автор **орок-өрокту,орогун жип-жипти,жибин** деген табыш жөндөмөнү колдонуп, каармандын кебин жеке маанидеги максатында пайдаланып, мектеп окуучуларынын эртеңки күнүн ойлогон Дүйшөндүн убаракерчилиги табыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн кыскарган формасы орток мааниде колдонду. Сүрөт тартыш үчүн айылга, ал турсун, үч-төрт күн мурда бардым (“БМ’,126). Сүйлөмдө **сүрөт-сүрөттү** деген сөздү берүүдө **сүрөт** деген табыш жөндөмөсүндө турган сөздү көмүкөдө колдонулушу каармандын кебинде стилдик жактан сүйлөмгө кошумча мааниге ээ болушун жаратат **[1:225-б.]**

Сүйлөшүү стилинеде айрым каратма, кириндi сөздөр “-Эй, катын!-деди ал ордон чыгып, сен качантан бери **элди** башкарып, билерман болуп кеткенсиң, көп сүйлөбөй **ишиңди** кыл!” (БМ’,20-б). Мындагы **элди, ишиңди** деген сөздөргө табыш жөндөмөнүн мүчөлөрүн кошуп айтуу менен сүйлөшүү кебинде жактырбоочулук мааниге ээ болорун билдирет.

Демек, кыргыз тилинде зат атоочтун табыш жөндөсүнүн мүчөсү көркөм жана сүйлөшүү кебинин стилиндеринде ички, сырткы эмоцияны түзүүчү каражаттар болгондуктан, автор тарабынан көркөм чыгарманын стилинде берилди.

Мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүнүн сүйлөмдүн тутумунда стилдик ролу абдан чоң. Анткени, мүчөсүз табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр тилде көркөмдүүлүктү, ырааттулукту жаратат. Демек, кандайдыр бир обьекти түзүүчү сөз мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүндө ишке ашырылышы ар түрдүү катыштарды чагылдырат: китеп оку, китепти оку, бул катыштар бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө ар түркүн моделдерди жаратат.

Мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүндөгү сөз тилдин каражаттарында үнөмдөө принцибинде, кептин так айтуусуна ийгиликке жетишине чоң ролу бар.

Анткени табыш жөндөмөсүндөгү сөз кепке ритм-мелодикалык көркөм жаратуу менен, айрыкча поэзияда абдан чоң көркөмдүүлүктү жаратат.

Мына ошондуктан табыш жөндөмөсүнүн мүчөлүү жана мүчөсүз формасы тилде ар түрдүү стилдик ыкмалардын жаралышына өбөлгө болот. Мисалы, 1.Ит чуркатып куш салган айыл адамдары жайлоо талаасында чуркап жүрүшөт (А. Т.). 2.Анысы кол байлоо болду (А. Т.). Келтирилген мисалдарда биринчи сүйлөмдөгү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп колдонулду. Ал эми экинчи сүйлөмдөгү сөздөрдө айкашып келген чуркатып, салган деген сөздөрү бири-бири менен ажырагыс тизмекте айкашып, биринчи компонентеги табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн колдонбой талап кылышы сүйлөмгө уйкаштыкты жаратып, экинчиден, тилдик каражаттардын үнөмдөө принцибине ылайыкталып,мүчөлүү табыш жөндөмөсүнө караганда сүйлөмдү кыскартып айтуу аркылуу уюшуларына жол берет. Ушул эле сүйлөмдү алып карасак:- Итти чүркатып кушту салган колхоз адамдары жайлоо талаасында чуркап жүрүшөт деп да колдонууга болот. Бирок мындай учурда конкреттүү жеке итти чуркатып жана кушту салганы жөнүндө болуп калат [2:124-б.]

Фразеологиялык сөз айкаштарынын формасындагы уюшулган сөздөрдө, айрыкча биринчи

компоненттери өзгөрүүгө учурабайт, ошондуктан алар тилдин шартында толук формада келет.

Табыш жөндөмөсүнүнүн мүчөсүз формада уюшулушу бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө өтө активдүү катышат. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө табыш жөндөмөсү бир нече сөздөрдүн тутумунда колдонулушу мүмкүн. Мындай бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр кепте бүтүндөй эле мүчөлүү формада колдоно берсек, анда стили таптакыр татаалдана баштайт эле. Ошондуктан табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн түшүрүп колдонуу аркылуу бир нече сүйлөмдүн стилин жеңилдетип, кептин ар түрдүү моделдерин жаралышы, сүйлөмдүн конструкциясын ритмика мелодикалык үндөшүү жагынан тактуулукка алып келет. Мына ошондуктан кыргыз тилинде мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсү - тил илиминде стилдик багыттагы каражат.

Мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүнүн сүйлөм составында жыш колдонулушун негизги себептерин жогоруда айтылып кетти. Демек негизги себептери кеп тизмегинде стилистикалык багыты менен далилдене тургандыгы аныкталды. Мисалы, Бир күнү жаш бала көл жээгинде ойноп жүрүп, ары жактан келе жаткан Аскар, Байсал, Сапарларды көрөт. Бул келтирилген мисалдарыбызда (Аскар, Байсал) конкреттүү энчилүү аттардан болсо дагы мүчөсүз колдонулду. Эмне үчүн биз конкреттүү жеке маанидеги аталыш (Аскар, Байсал, Сапарларды) деген бир өңчөй мүчөлүү сөздөрдү мисал катары карадык.

Анткени айрым тилчилер энчилүү аттар жеке маанидеги аталыштагы сөздөргө улануучу табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн түшүрүп колдонууга болбойт деген аныктамасына карама-каршы келүүчү аныктаманы жаралышы мүмкүн экен. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн алдынан орун алган конкреттүү аныктоочу сөз өзүнөн мурунку сөздөрдү конкреттештирип, мүчөсүз формада колдонулат Мисалы, Алыскы каттамда бара жаткан автобуз аялдамага токтогондо, жергиликтүү айылдын тургундары колунда бар жумуртка. сүт, айрандарын жүргүнчүлөргө сунушту. Мындагы жумуртка, сүт сөздөрү мүчөсүз, ал эми айран сөзү мүчөлүү колдонулду. Бирок табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн баары жалпы мааниге ээ, ал эми контекстте конкреттүү нерсе жөнүндө болуп жатат. Мындай учурда жөндөмө мүчөлөрүнүн мүчөлүү жана мүчөсүз колдонулушу конкреттүүлүк деле негизги белги болуп бере албагандыгы далил болду.

Айрым учурларда бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр таандык мүчөнү кабыл алып жөндөлүш тибинде турса да, атоо маанисиндеги сөздүн табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн талап кылып турат.

Мындай атоолор аныкталгыч катары мурда болуп өткөндүгү таандык жөндөлүшкө байланыштуу экендиги **белгилүү** жана **белгисиз** категориясын жактоочулары тарабынан аныкталгандыгы конкреттүү атоодогу белгилүү мааниси аркылуу айтып өтүүгө болот [3:215-б.]

Демек, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү мүчөлүү колдонулган табыш жөндөмөсү менен биргеликте атоо маанисиндеги сүйлөмдүн бир өңчөй конструкциясын жана стилистикалык максатка ээ болушун талап кылат.

Мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсү стилдик максатты ишке ашыруу үчүн инверсия кубулушуна ээ. Инверсия кубулушундагы өтмө этиш сөзү, андан соң атоо маанисиндеги сөзгө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланат. Демек бул кубулушта атоо маанисиндеги сөз менен этиш сөзү орун тартиптерин алмаштырып, табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй колдонулушу грамматикалык закон ченемдүү көрүнүш.

Албетте, бул закон ченемдүүлүк бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө да бузулган учурлары болот. Мисалы, Алып кел, алдагы кашык-машык, табак- сабак, майда-чүйдөлөрүндү (М. А.). Мында кашык-машык, табак-сабак, майда-чүйдөлөрүндү сөздөрү мүчөлүү жана мүчөсүз колдонулду. Эгерде сүйлөм тутумундагы кашык-машык, табак-сабак сөздөрүнүн кимиси жыйынтыктоочу орунда жайланышса, анда бул сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй сакиалып колдонмок.

Инверсия кубулушундагы *өтмө* этиштен кийин табыш жөндөмөсүндөгү сөз мүчөлүү колдонулушу төмөнкүдөй:

Басып өтүп тоолор менен тегизди,
Таштап артка мелмилдеген деңизди,
Канатына жакшы жышаан байланып,
Каркыралар жапыз учуп кетипгги. (Э. А.)

Табыш жөндөмөсү уланган сөз менен өтмө этиш сөздөрүнүн орун тартиби боюнча алардын ортолорун кандайдыр бир сөз алмаштырып турса, анда табыш жөндөмөсүндөгү сөз мүчөлүү айтылат. Мисалы, Өз мүлкү туруп башканыкына көз арткан ач көздү, адилетсизди, зулумду биринчи жолу көрдүм. Демек, мында-ач көздү, адилетсизди, зулумду деген бир өңчөй мүчөлүү табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр мүчөлүү айтылды. Анткени бир өңчөй мүчөлүү табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн мүчөлүү айтылышынын себеби, этиш сөздөрү менен атоо маанисиндеги сөздөрдүн

ортосуна биринчи жолудеген сөз орун алган. Ошондуктан мындай учурда табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн мүчөсүн түшүрүп колдонууга болбойт.

Айрым учурларда бир өңчөй толуктоочту уюштуруучу зат атооч сөз түркүмдөрү менен этиш сөздөрүн аралыгына кандайдыр бир сөздүн орун алган учурларында деле табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү айрым учурларда түшүрүлүп колдонула берет. Мисалы, Ушул бир айдын ичинде эле колхоздун элине Бекмурат миң даана чөп, алты жүз кой, бир жүз жылкыны насыяга берди (А. Т.).

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү сөздөрдө талап кылынышы семантикасы бардык эле учурда негизги шарт болбостон, алардын стилистикасы негизги маселе болот[4:342-б.]

Эгерде атоо маанисиндеги бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүнүн функциялык шартына токтолсок, анда бир өңчөй мүчөлүү толуктоочторду чагылдырган мүчөлүү табыш жөндөмөсүнүн формасы башка мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсү тилде тоскоол болгон мүчөлөрдөн кутулуу менен үнөмдөө максатына ээ болуу. Мисалы, Борбордук Сибирдин энергетикалык системасы Иркутск, Красноярск, Томск, Кузбасс, Барнаул, Омск, жана Петропавловскийди бириктирет. (“С. К”.)

Ал эми бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн составында кездешүүчү табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн жалаң мүчөлүү же жалаң мүчөсүз компонентери салыштырмалуу аралаш формасына караганда аз кезигет. Мисалы, Ал менин какшыгымды да, таңуулаганымды да, кеңешимди да ажыратып туюна албай койду. (А. Т.)

Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп же түшүрүлбөй сакталып колдонулушу ар кандай түзүлүшгө жасалат. Жөндөмө мүчөлөрдүн сүйлөм тугумунда сөзгө улануучулук касиети боюнча айрым учурларда жөндөмө мүчөлөрү бир типте түшүрүлүп, түшүрүлбөй, же аралаш колдонулган учурлары болот.

Табыш жөндөмөсү уланган сөздүн компоненти таандык мүчө аркылуу айкашып турса, анда алардын акыркы сөзүнө таандык мүчө уланып, андан соң табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланат. Мисалы, Өз айланасына замандын эң мыкты адамдары болгон сүрөтчү, музыкант, архитектор, акындарын топтоду. (А. С.) Мен анын адамгерчилик. туруктуулук. жөнөкөйлүүлүк. кичи-пейилдигин жактырам. (М. А.) Бул сүйлөмдөрдө бизге белгилүү болгондой табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп, андан соң таандык мүчөдөн кийин табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланышы шарт. Жогоруда келтирилген мисалдарыбызда табыш жөндөмөсүнүн мүчөлүү жана мүчөсүз формалары боюнча берилген тилдин закон ченемдүүлүгүнө баш ийип, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн ар бир компонентиндеги табыш жөндөмөсүндөгү сөз мүчөлүү колдонулууга тийиш болчу. Бирок үнөмдөө принцибине байланыштуу акыркы компоненттеринен башкаларынын баары мүчөсүз айтылууга тийиш. б. а. аралаш формасы колдонулат [5:25-б.]

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү табыш жөндөмөсүндөгү сөз менен өтмө этиш сөзүнүн аралыгы алыс жайланышкан учурда, анда бир өңчөй мүчөдөгү сөздүн акыркы компонетиндеги орун алган сөзгө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланып колдонулат. Мисалы, Карыялар үйүнө шаардык кеңеш тарабынан жылуу жумшак тумак, өтүк, шым, кейнөктөрдү жардам иретинде алып келишти. (“К. Т”.)

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн тутумундагы сөздөр кыймыл атоочтуктар, атоочтуктар менен ажырагыс сөз тизмегинен турса, биринчи компоненттеринен орун алган сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланбай, ал эми акыркы компонентинен орун алган сөз мүчөлүү кездешкен учурларын кездештирүүгө болот. Мисалы, Айылда эки-үч кишинин башы бириксе эле, күч сынашуу, ат жарыш, тогуз коргоол ойномой, чүкө атмайды башташат (“Агым”, 2004).

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн акыркы компонентинен орун алган сөз татаал этиштердин составы менен айкашса, анда табыш жөндөмөсүндөгү сөз мүчөлүү аяктайт. Мисалы, Күйөө кошчусу Сапарбай Осмонду тигиндейде коштоп ага бирдемелерди айтып жүрдү (Т. С.). Сен мойнундагы салыгынды мага төлөбөй жүруп, эми эчкилеримди жегиң келдиби? (К.Ж.). Мен өкмөттүн милдетин аткарып жүрөмүн. (Т.С.).

Атоочтук унгулуу татаал этиштердин компонентиндеги атоо маанисиндеги сөзгө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй колдонулушу жөнүндө мындай деп жазат: “Тилде татаал этиштер аналитикалык жана синтетикалык эки жол аркылуу жасалат. Мына ошондуктан аналитикалык жол аркылуу жасалган этиштердин компонентинен орун алган сөзгө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй колдонулат [6:125-б.]

Айрым окумуштуулардын ою боюнча жөнөкөй этиш сөздөрүнө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү салыштырмалуу татаал этиш сөздөрүнө караганда табыш жөндөмөсүнүң мүчөсү аз санда айкашат деген оюна кошулууга болот. Ошондуктан жогорку келтирилген мисалдарыбызда табыш жөндөмөсү уланган сөздүн акыркы компонентинин функциясы этиш сөз түркүмүнүн түзүлүшүнө байланыштуу болот [1:554-б.]

Табыш жөндөмөсү уланган сөздүн акыркы компоненти субъект менен обьект сөздөрүнүн айырмалоо үчүн кызмат кылат. Мисалы, Андан соң ал 1985-жылы студенттик курулуш отрядына барып короо курган студенттер: Жаныбек, Барчын, Азиз, Асанбек, Илимдерди эстей баштады. Качан Ала-Тоо айылына жеткенде Курманбек бул кабарды уккан соң бир түндө Атантай, Жолон менен Кошойду кошо чакырттып алды.

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн тутумундагы сөздөр субстантивдешкен сын атоочтор турганда, акыркы компонентинен орун алган сөз мүчөлүү формасын сактап калат. Мисалы. Жаман-жакшыны билип жүргөн жакшы.

Табыш жөндөмөсү уланган сөз өтмө этиш менен айкашуусуна да байланыштуу болот. Мисалы, Айылдагы бай-манаптардардан көргөн кодук, зордуктарын айтып берди (А. Т.). Көп эл, көп жерлерди тааныды (К. Ж.). Жогорку келтирилген мисалдарда бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланбай кыймыл-аракет менен айкашып турганда, алардын кыймыл-аракет менен түздөн-түз катыштыгы жок, себеби булардын маанилик катышын эң акыркы сөзгө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланып толуктап байланыштырып турат, экинчиден, объект кандайдыр бир абстракттуу маанини түшүндүрүп турат, ошондуктан акыркы компонентине мүчө жалганып турат.

Айрым учурларда табыш жөндөмөсүн талап кылуучу сөз өзүнөн мурда орун алган сөздөр сурама ат атоочтордон турушу мүмкүн, мындай учурда сурама ат атоочтор менен айкашып, анда табыш жөндөмөсүндөгү сөзгө мүчө жалганып жана жалганбай айтылат. Мисалы, Эми кандай заман, кандай доорду көрөбүз (А. С.).

Поэзияда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн түшүрүлүп колдонулушу, проза жанрынан айырмаланып өтө активдүү катышат. Ошону менен бирге поэзия жанрында мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүнүн өзүнүн өзгөчөлөнгөн эрежелери бар. Анткени поэзия жанрында ыр саптарындагы муундардын дал келүүсү стилдик ыкка келтирүүнүн негизги белгилери.

Мүчөлүү жана мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүнүн муундардын санынын жана уйкаштуулуктун дал келишин уюштуруу. Мындай учурларда табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн бир нече топтошуп келүүсү жөндөмө мүчөлөрүнүн сөздөрдө мүчөлүү жана мүчөсүз түзүлүштө орун алгандарынан байкоого болот. Мындай учурда табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн мүчөлөрү аралаш түрүндө уюшулат [1:775-б.]

Жаратты жерди, көктү, күн, ай, түндү,
Жашоонун жан-жаныбар жасап түрдүү (Жусуп Баласагын).

Бул ыр түзүлүштөрү жерди, көктү, түндү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланган сөздөр, ал эми күн, ай сөздөрү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп колдонулган сөздөрдөн уюшулуп, ырда муундардардын санын дал келүүсүнө жана уйкаштуулуктун жаралышына өбөлгө болду. Эгерде мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн тутумунан орун алган сөздөрдөгү табыш жөндөмөсүн мүчөсүн баарын мүчөлүү же мүчөсүз формада колдонсок, анда сүйлөм маанилик жактан татаалданмак.

Мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсү ыр саптарында муундук сандын дал келүүсүн уюштурат. Буларды ар түрдүү эрежелерде караса болот.

Табыш жөндөмөсүндөгү сөз инверсия кубулушун түзүүчүлүк касиетке ээ болгондо, негизинен, орун тартиби этиш сөзү менен алмашканда табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн мүчөсү талап кылынып, тилде бул мүчөнүн түшүрүлбөй колдонулушу закон ченемдүү:

Жашообузда бийик коюп намысты,
Көксөп келдик мараларды алыскы.
Көксөп келдик булактарды туптунук,
Көксөп келдик эгин өскөн аңызды. (А. М.)

Демек, ыр саптарында анда-санда муундардын санын ашып калган учурлары болот. Мында эреже бузулганына байланыштуу муун саптарын дал келүүсүнө мүчөсүз табыш жөндөмөсү шарт түзөт:

Арзып бир алган авакем,
Аккудай чүрөк жеңемди,

Атайлап мактап берейин,
Азайгчы деги жеменди. ГМ. А.)

Мындагы жеңемди жана жеменди деген сөздөр мүчөлүү айтылды, анткени табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү инверсия кубулушунда мүчөсү түшүрүлбөй колдонулуп, муун жана уйкаштуулуктун бирдей дал келүүсү сакталат. Ошондуктан ыр саптарында мындай инверсия кубулушунда табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн мүчөсүнүн сакталышына жол берилет.

Ыр саптарында табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн талап кылынышы муун түзүлүштөрүнүн дайыма эле дал келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло бербейт. Мындай учурда автор инверсия кубулушуна көңүл бурбай эле мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүндөгү сөздү тандап алат, ыр саптарын муун саптарына дал келүүсү үчүн мүчөсүз табыш жөндөмөсүнө басым жасайт:

Короонун дал өстүрүп, бышырып нан,
Мөмөлөткүн күбүлтпөй жемиш жагын (Н. Ж.).

Мындай ыр саптарында инверсия кубулушунда түзүлсө деле нан сөзүнө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү кабыл алынган жок. Анткени нан сөзүндө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп колдонулушу ыр саптарында муундардын дал келүүсү үчүн кызмат кылат. Ошондуктан кыргыз тилинде айрым учурларда инверсия кубулушунда деле муундардын дал келүүсүнө байланыштуу жөндөмө мүчөлөрдүн түшүрүлүп колдонулушуна жол берилет.

Кыргыз тилинде зат атооч сөз түркүмү таандык болгон сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөйт. Мында сөздөгү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү -ды, -ди, -ду,-дү вариантарында түзүлөт. Бул закон ченемдүүлүктүн да кээ бир учурларда бузулган учурлары кездешет. Мындай учурда муундардын санын ашыкча болушуна шарт түзүлөт:

Көкүрөктө кандайдыр бир жалын болсо,
Анда менин сөзүмө көңүлүң бөл?

Бул ыр саптарында таандык болгон табыш жөндөмөсү мүчөсүз формада турат. Мындай учурда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй колдонулуш керек болчу. Бирок табыш жөндөмөсүн мүчөсүн түшүрүлбөй колдонулса муундардын сандары дал келбей калат.

Кыргыз тилинде зат атооч сөз түркүмү жардамчы этиш сөз түркүмү менен ажырагыс биримдикте туруп атоочтук уңгулуу татаал этиштерди түзүлгөн учурлары болот. Атоочук унгулуу татаал этиштин биринчи компоненттеги зат атооч сөзү мүчөлүү жана мүчөсүз табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн составынан куралат:

Түндөр жаман кырсык салып кетпесин,
Наалат келип ат тизгинин шарт бурап
Азабынды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата Журт! (А. О.)

Бул ыр саптарындагы атоочтук уңгулуу татаал этиш сөздөрүндөгү табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн мүчөлөрү түшүрүлүп (кырсык салып), түшүрүлбөй (азабынды алайын) деген сөздөр колдонулду. Анткени бул татаал айкашуулардын мүчөлөрүнүн бир эле моделде жөндөмө мүчөлөр түшүрүлүп, же түшүрүлбөй колдонулса, анда ыр саптарынын мааниси, стили татаалданып кетмек. Ошондуктан мындай учурларда авторлор табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү аралаш (мүчөлүү жана мүчөсүз) формасын чогуу берген [8:190-б.]

Кыргыз тилинде атоочтук уңгулуу татаал этиштердин алдынан орун алуучу табыш жөндөмөсүндөгү зат атооч сөз түркүмүнүн мүчөсү түшүрүлбөй колдонулат, бирок ыр саптарында айрым учурларда эреженин деле бузулган учурларын жолуктурууга болот:

Кой жайып Ала-Тоодо бирге жүргөн,
Кишенде муң-мундашып өмүр сүргөн.
Эзелки менин сүйгөн досум келди,
Кечеги өздөрүнчө бирге күлгөн. (Ж. Т.)

Мында өмүр сүргөн деген атоочтук уңгулуу татаал этиштин айкашуусунан түзүлүп, биринчи компонентеги зат атооч сөзүнүн табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү колдонулуп айтылыш керек болчу, бирок үйкаштык, үндөштүүлүк боюнча ыр саптарынын муун ченеминин дал келүүсүнө байланыштуу эреже боюнча түшүрүлүп айтылды.

Кыргыз тилинде табыш жөндөмөсү өтмө этиш сөзүнүн алдынан орун алат. Мындай учурларда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн түшүрүп колдонууга болот. Табыш жөндөмөсүндөгү сөз кыймыл-аракет түздөн-түз багытталганы сүйлөм тутумунда табыш жөндөмө мүчөсүнүн толук жана толук эмес түрүндө колдонууга боло тургандыгын ипгге каралды.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги бир өңчөй мүчөлүү сөздөрдө колдонулган табыш жөндөмөсүнүн мүчөлүү жана мүчөсүз формасынын маанилик катышы, түрк тилдериндеги табыш жөндөмөсүндөгү сөз сыяктуу эле кыймыл-аракеттин обьектиге түздөн-түз багытталышы менен шартталып турат. Мына ошондуктан сөздөгү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлбөй сакталалып колдонулабы, же табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү сакталбай түшүрүлүп колдонулабы маанилик жактан эч кандай өзгөчөлүккө ээ болбойт. Мүчөлүү жана мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөм тутумунун түзүлүшүнүн ар түрдүү жагдайына байланыштуу өзгөчөлүккө ээ болот. Айрыкча мүчөсүз колдонулган табыш жөндөмөсү бирдей катыштагы, бирдей маанидеги сөздөрдүн тутумунда чогуу келишинде же табыш жөндөмөсүндөгү сөз өтмө этиш сөзү менен өтө жакын орун алуусу иште каралды.

Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн мүчөлүү жана мүчөсүз колдонулушу ар кандай сөз түркүмдөрүнүн тутумунан орун алышы менен да байланыштуу. Себеби субстантивдешкен сөздөрдө сөзгө улануучу табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү көпчүлүк учурда түшүрүлбөй колдонулат. Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү сөздөрдө түшүрүлүшү ар түркүн катыштагы, ар түркүн маанидеги сөздөрдүн топторунан турушу, айрыкча атоочтук уңгулуу татаал этиптгерди түзүүдөгү табыш жөндөмөсүндөгү сөз мүчөсүн сакталышын кепте талап кылынбайт. Табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн мүчөсүнүн түшүрүлүп колдонулушу сүйлөмдү уюштуруудагы өзгөчө стилдик мааниге ээ. Айрыкча, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзүүдө табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн сөздөрдө түшүрүлүп колдонулушу, же түшүрүлбөй колдонулушу сүйлөм түзүлүшүндөгү сөздөрдүн орун тартибине байланыштуу болот. Табыш жөндөмөсүндөгү сөз этиш сөзүнөн алыс жайгашкан учурда мүчөсүн түшүрүп колдонууга мүмкүн эмес. Ошондуктан табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп колдонулушунда өтмө этиш сөзүнө жакын жайгашуусу иште такталды.

Колдонулган адабияттар

1. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, текстаану, лингвопоэтика [Текст]. – Бишкек: Б-сыз, 2009. – 927 б.

2.Вербицкий В.И. Грамматика алтайского языка. Казан: 1896.

3. Гаджиева Н.З. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Синтаксис [Текст] / Н.З.Гаджиева, Б.А.Серебриников. - М.: Наука, 1986. –285 с.

4.Грамматика азербайджанского языка. Баку: Элм, 1971.

5.Дмитриев Н.К. Грамматика башкирского языка. –М.- Л.: Изд.АН СССР, 1940.- 205с.

6.Дыренкова Н.П. Грамматика ойротског языка. М.-Л.: 1948.

7. Жапаров А. Синтаксический строй кыргызского языка. Т 1-2.- Бишкек: Мектеп, 1992.- 429с., - 351 с.

8.Казем-Бек, М.А. Общая грамматика турецко-татарского языка [Текст]

10.Кононов, А.Н. Грамматика современного узбекского литературного языка [Текст] / А.Н.Кононов. - М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1960. – 447 с.

11.Юдахин К.К. Кыргызско- русский словарь. Т.I.- М.: Гос. изд-во иностранных и национальных словарей, 1949.- 576б.

Рецензент: филол. и.к., доцент Черикчиева Г.М.

УДК:37.01:37.018

Ордобаева С.Р.

Ордобаева С.Р.

Ordobaeva S.R.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНА ИННОВАЦИЯЛЫК ПЕДАГОГИКАНЫ ЖАНА ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН МАЗМУНУ, ФОРМАЛАРЫ, МЕТОДДОРУ

СОДЕРЖАНИЕ, ФОРМЫ И МЕТОДЫ ПРИМЕНЕНИЯ СОВРЕМЕННЫХ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПРОЦЕССЕ ВНЕДРЕНИЯ 12-ЛЕТНЕГО ШКОЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ
CONTENT, FORMS AND METHODS OF APPLYING MODERN INNOVATIVE TECHNOLOGIES IN THE PROCESS OF IMPLEMENTING 12-YEAR SCHOOL EDUCATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада он эки жылдык билим берүү процессине таасир берүүчү заманбап инновациялык технологияларды колдонуунун мазмуну, формалары жана методдору жөнүндө сөз болот. Учурдагы окуу программаларын кайра карап чыгуу менен компетенттүүлүккө негизделген окутуу стандарттарын ишке ашыруу жана окуучулардын жекелештирилген окуу муктаждыктарына басым жасалат. Билим берүү деңгээлин жана анын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган дистанттык окутуу системаларын, электрондук окуу материалдарын иштеп чыгуу жана аралаш окутуу форматтарын камтыган санариптик куралдарды интеграциялоого олуттуу басым жасалат. Макаланын негизги максаты он эки жылдык мектеп билим берүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу көбүнчө билим берүүгө алдыңкы ыкмалардын, заманбап технологияларды колдонуу менен мамлекеттик билим берүү стратегиясын чындоо жана анын гармониялуу ишке ашыруу жолдорун аныктоого багытталган. Методологиялык жагынан алганда, долбоорго негизделген окутуу, интерактивдүү форматтар, формативдик баалоо жана инсанга багытталган билим берүү ыкмалары маанилүү дидактикалык стратегиялар катары сунушталат. Ошондой эле мугалимдердин ролдорунун өзгөрүшүнө, алардын кесиптик ишмердүүлүгүндө насаатчылык көндүмдөрдү көбүрөөк өздөштүрүшүүсүнө, балдардын өсүп-өнүгүүсүнө ылайык атайын окуу программаларды, материалдарын иштеп чыгуу талабы коюлат.

Аннотация: В данной статье говорится о содержании, формах и методах современных инновационных технологий, влияющих на двенадцатилетний образовательный процесс. Пересмотр существующих учебных программ будет сосредоточен на внедрении стандартов обучения, основанных на компетенциях, и индивидуализированных учебных потребностях учащихся. Значительный акцент делается на интеграцию цифровых инструментов, в том числе систем дистанционного обучения, разработку материалов электронного обучения и смешанных форматов обучения, направленных на обеспечение уровня образования и его доступности. Основная цель статьи – определить пути укрепления государственной стратегии образования и её гармоничного осуществления с использованием передовых методов обучения, современных технологий и успешного внедрения двенадцатилетнего школьного образования. С методологической точки зрения в качестве важных дидактических стратегий предлагаются проектное обучение, интерактивные форматы, формативное оценивание и личностно-ориентированные методы обучения. Также существует потребность в изменении ролей педагогов, овладении ими большим количеством наставнических навыков в своей профессиональной деятельности, разработке специальных образовательных программ и материалов в соответствии с ростом и развитием детей.

Abstract: This article discusses the content, forms, and methods of modern innovative technologies that influence the twelve-year educational process. The revision of existing curricula will focus on the introduction of competency-based learning standards and the individualised learning needs of students. Significant emphasis is placed on the integration of digital tools, including distance learning systems, the development of e-learning materials and blended learning formats aimed at ensuring the level of education and its accessibility. The main objective of the article is to identify ways to strengthen the state education strategy and its harmonious implementation using advanced teaching methods, modern technologies and the successful introduction of twelve-year school education. From a methodological point of view, project-based learning, interactive formats, formative assessment and personality-oriented teaching methods are proposed as important didactic strategies. There is also a need to change the roles of teachers, for them to master a

wide range of mentoring skills in their professional activities, and to develop special educational programmes and materials in line with the growth and development of children.

Негизги сөздөр: 12 жылдык билим берүү; билим берүү реформасы; санариптик технологиялар; окуу планын иштеп чыгуу; инновация; жогорку квалификациялуу окутуу.

Ключевые слова: 12-летнее образование; реформа образования; цифровые технологии; разработка учебных программ; инновации; повышение квалификации.

Keywords: 12-year education; education reform; digital technologies; curriculum development; innovation; professional development.

Кыргыз Республикасында он эки жылдык билим берүү моделине өтүү биринчи ирээтте окутуу процессинде илимий-технологиялык жетишкендиктрге негизделген алдыңкы педагогикалык ыкмаларды жана эң жаңы технологияларды Кыргызстандын билим берүү чөйрөсүнө интеграциялоону талап кылат [2]. Негизги мектепте билим берүүнү структуралык жактан трансформациялоо окутуу мөөнөтүн узартуу менен гана чектелбестен, окуу программасынын мазмунун, окутуу методдорун жана билим берүү технологияларына байланыштуу материалдык-техникалык базаны комплекстүү жаңыртууну билдирет. 2025-жылы аякташы пландаштырылган бул реформаны ишке ашыруу мамлекеттин билим берүү тармагын дүйнөлүк тенденцияларга ылайык жаңыртууга, ошондой эле дүйнөлүк эмгек чөйрөсүндө кыргызстандык бүтүрүүчүлөрдүн сертификаттарынын маанисин жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга болгон стратегиялык каалоосун чагылдырат. [3]

Он эки жылдык билим берүүгө өтүү жөн гана административдик реформа эмес, билим берүү процессинин максаттарына, мазмунуна жана ыкмаларына таасир этүүчү фундаменталдык принциптерге таасир этүүчү терең трансформация болуп саналат. Бул кайра түзүүнүн негизги максаты мектеп билим берүүсүнүн деңгээлин жогорулатуу, аны кабыл алынган дүйнөлүк стандарттарга ылайыкташтыруу жана окуучуларга керектүү негизги көндүмдөрдү өнүктүрүү катары каралат. Бул контекстте алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды интеграциялоо жана заманбап технологиялык куралдарды маңыздуу колдонуу фундаменталдык маниге ээ. Бул инновациялар ар бир окуучу үчүн окууга максаттуу мамиле кылуу, алардын окууга болгон кызыгуусун ойготуу жана бирдей билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат.[1]

Изилдөөнүн негизги максаты - бүгүнкү күндөгү билим берүү трансформацияларына мүнөздүү мүмкүнчүлүктөрдү жана кыйынчылыктарды көрсөтүү, ошондой эле он эки жылдык билим берүү циклин киргизүү шартында мектеп тармагында туруктуу прогресстин векторлорун аныктоо.

Изилдөө ыкмалары

Бул изилдөө көп деңгээлдүү методологиялык алкакка негизделген, ал алдыңкы педагогикалык идеяларды жана алдыңкы технологияларды, айрыкча он эки жылдык билим берүүгө өтүүнү эске алуу менен, Кыргызстандын билим берүү тармагына интеграциялоонун мазмунун, форматтарын жана ыкмаларын комплекстүү изилдөөнү камсыз кылат. Максаттарга ийгиликтүү жетүү үчүн теориялык изилдөөлөрдү да, эмпирикалык маалыматтарды чогултууну жана талдоону да камтыган тең салмактуу ыкмалар колдонулган.

Теориялык салыштыруудан тышкары, баштапкы маалыматтарды чогултуу ыкмалары колдонулган. Аларга квалификациялуу билим берүү адистери менен маектешүү, мугалимдер тарабынан берилген отчетторду талдоо жана мамлекеттик билим берүү органдары тарабынан чогултулган расмий статистиканы талдоо кирген. Жазылган жыйынтыктарды түшүнүү үчүн индукцияга жана дедукцияга негизделген логикалык ыкмалар колдонулган. Индуктивдик ыкма белгилүү бир жазылган фактыларга негизделген кеңири үлгүлөрдү алууга мүмкүндүк берген, ал эми дедуктивдик куралдар алынган эмпирикалык маалыматтар менен салыштыруу аркылуу алдын ала божомолдорду ырастоо үчүн колдонулган. Иштин акыркы этабы он эки жылдык билим берүү

схемасынын алкагында билим берүү чөйрөсүнүн эволюциясынын ыктымалдуулук векторлорун аныктоо үчүн болжолдоочу алкакты колдонууну камтыган.

Изилдөөнүн натыйжалары

Он эки жылдык окуу планынын киргизилиши менен дал келген, Кыргызстандын билим берүү системасына алдыңкы педагогикалык ыкмаларды жана заманбап технологияларды интеграциялоо боюнча жүргүзүлгөн талаа изилдөөсү бир катар маанилүү өзгөрүүлөрдү ачып берди. Бул өзгөрүүлөр уюштуруу түзүмүнө да, билим берүүнүн мазмунуна да таасирин тийгизет.

Негизги максат - 2025/2026 окуу жылынан баштап бүткүл өлкө боюнча иштей турган он эки жылдык билим берүү циклин ийгиликтүү ишке ашыруу. Бул өкмөттүк демилге толук орто билим берүүнү үч ырааттуу баскычка бөлүү менен дүйнөлүк билим берүү стандарттарына шайкеш келүүнү көздөйт: башталгыч (1–6-класстарды камтыйт), негизги (7–9-класстар) жана орто мектеп (10–12-класстар) [4]. Бул архитектура акыркы баскычтарда, айрыкча табигый илимдер, математика жана IT сыяктуу дисциплиналарда окуучуларды интенсивдүү профилдөө мүмкүнчүлүгүн берет, бул бүгүнкү эмгек рыногунун реалдуулуктарына жакшыраак даярдануунуу камсыз кылууга багытталган [5].

Жүргүзүлүп жаткан реформанын алкагында билим берүү курстарын иштеп чыгуу эки жүздөн ашык эксперттерден турган топ тарабынан даярдалган акыркы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана коштоочу окуу куралдарынын комплекстүү топтомуна негизделген. Бул максатка жетүү үчүн 2025-жылы жаңы окуу китептерин түзүүгө жана андан кийин таратууга болжол менен 744 миллион сом бөлүнгөн, алар, башка нерселер менен катар, алдыңкы дидактикалык куралдарды камтыйт жана белгилүү бир компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган [6]. Билим берүү процессинде интегративдик мазмунга артыкчылык берилгени, мисалы, англис тилинин чет тили катары ролун системалуу түрдө күчөтүүдө, ошондой эле санариптик көндүмдөрдү түздөн-түз күнүмдүк билим берүү практикасына интеграциялоо талабында чагылдырылган [7].

Санариптештирүүгө келсек, ачык булактардан алынган маалымат ата-энелер эми биринчи жолу балдарын билим берүү мекемелерине каттоо үчүн "Түндүк" порталы сыяктуу электрондук кызматтарды колдоно ала тургандыгын көрсөтүп турат. Бул инновация бюрократиялык жол-жоболорду бир топ жөнөкөйлөтүп, билим берүү мекемелери менен үй-бүлөлөрдүн ортосундагы санариптик байланышты жеңилдетет. Андан тышкары, мугалимдер үчүн "E-Kundoluk" деп аталган бирдиктүү электрондук документтештирүү системасы ишке киргизилди. Бул ишке ашыруунун натыйжасында мугалимдер кагаз түрүндөгү отчетторду башкарууга милдеттүү эмес жана административдик жол-жоболор бир топ жөнөкөйлөштүрүлдү жана натыйжалуу болуп калды.

1-таблица - Кыргыз Республикасында он эки жылдык билим берүү моделин киргизүү

Көрсөткүч	Маани
12 жылдык системаны толук ишке ашыруу	Ооба (2025-жылдан баштап)
Окуу программаларын иштеп чыгууга катышкан эксперттердин саны	> 200
Жаңы окуу китептери үчүн мамлекеттик бюджет (2025-жыл)	744 млн. сом
Жогорку класстарда жогорку билим берүүгө басым жасалган темалар	Математика, жаратылыш таануу илимдери, чет тилдер, информатика
Мектепке онлайн катталуу	Tunduk платформасы аркылуу
Мугалимдер үчүн бирдиктүү электрондук система	«E Kundoluk»

2025-жылга чейин Кыргызстан он эки жылдык билим берүү моделин ийгиликтүү ишке ашырды, бул билим берүү тармагындагы түп-тамырынан бери өзгөрүүнү белгиледи. Окуу программаларын иштеп чыгууга катышкан адистердин кеңири чөйрөсү ар тараптуу кесиптик консенсуска жетишилгенин көрсөтүп турат, ал эми мамлекеттик каржылоонун олуттуу көлөмү (744

миллион сом) бул реформанын жогорку статусун ачык көрсөтүп турат. Заманбап санариптик административдик чечимдерди, атап айтканда, "Түндүк" жана "E-Kundoluk" платформаларын колдонуу башкаруу процесстерин оптималдаштырып, ата-энелер жана мугалимдер үчүн өндүрүмдүүлүктүн жаңы горизонтторун ачат.

2-таблица - Билим берүүдөгү инфраструктуралык чечимдер жана санариптештирүү

Көз караш	Көрсөткүч	Маани / %
Мектептерде интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү	Интернетке туташкан мектептер	92%
Компьютерлерге кирүү мүмкүнчүлүгү	Компьютерлери бар мектептер	94%
Автоматташтырылган маалымат системалары	EMIS, Күндөлүк ж.б. ишке ашырылды.	Ооба
Атайын топтор үчүн мектепке онлайн кирүү мүмкүнчүлүгү	"Тунгуч" онлайн мектеби	2375 окуучу
Инклюзивдик ыкмаларды улантуу	Мугалимдердин кесиптик өнүгүү программалары	>105 программалар

Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин басымдуу көпчүлүгү интернетке туташкан жана компьютерлер менен жабдылган, бул билим берүүдө электрондук куралдарды колдонуу үчүн фундаменталдык шарттарды түзөт. Комплекстүү маалымат системаларын (мисалы, EMIS жана Kundoluk) интеграциялоо административдик жүктү азайтып, ар кандай баалоо түрлөрү үчүн зарыл болгон маалымат кампасын түзөт. Тунгуч аралыктан окутуу мекемеси жалпыга жеткиликтүү билим берүү жана аралыктан окутуу жаатында ийгиликтүү өнүгүүнүн үлгүсүн көрсөтүп турат. Сабактарда санариптик технологияларды практикалык колдонуу жергиликтүү ресурстардын айкалышы жана аларды окутуу ыкмаларына интеграциялоонун натыйжалуулугу менен аныкталат.

12 жылдыкка багытталган билим берүүнү киргизүү башталгыч мектептердеги мурунку баалоо механизмдерин кайрадан карап чыгууну талап кылат. Салтуу баалоонун ордуна окуучулардын өзүн-өзү баалоосуна түрткү берүүгө багытталган жана дүйнөлүк баалоо стандарттарына шайкеш келген дифференциацияга жана так критерийлерге негизделген система киргизилиши зарыл. Тактап айтканда, төртүнчү класстан баштап баллдык система киргизилет, ал эми жогорку класстарда өздөштүрүлгөн компетенцияларды так чагылдыруу жана жеке прогрессти так көрсөтүү үчүн критерийлерге негизделген стандарттар колдонулат.

Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу дагы реформалык чаралардын негизги багыты болуп саналат. Эл аралык демилгелер ишке ашырылууда, мисалы, окутуунун деңгээлин жогорулатууга жана инклюзивдүү мамилелерди киргизүүгө, айрыкча санариптик технологияларды өздөштүрүүгө жана билим берүү стратегияларын окуучулардын ар кандай муктаждыктарына ылайыкташтырууга багытталган SmartEd программасы (2025–2029) алкагында ЮНИСЕФ менен кызматташуу [8]. Алдын ала сурамжылоонун жыйынтыктары мугалимдердин санариптик методдор боюнча кесиптик көндүмдөрүнүн олуттуу жогорулаганын көрсөтүп турат, бул адистештирилген окутуу жана кайра даярдоо курстарынын натыйжасында жетишилген; бирок, айыл жерлериндеги мугалимдер коомчулугун камтуу андан ары масштабдоону талап кылат.

3-таблица - Окутуучулар курамы, компетенциялардын өнүгүшү, туш болгон кыйынчылыктар

Көзкараш	Байкоо жүргүзүү	кесепеттери / таасир
Мугалимдердин квалификациясы	50 000ден ашык мугалим окутулду	Окутуунун методдорун модернизациялоо
Интегративдик окутуу	Жаңыртылган окуу	Педагогикалык ар

ыкмалары	программалары жана методдору	түрдүүлүктү жогорулатуу
Инфраструктурадагы айырмачылыктар	Айыл жерлери көп учурда артта калууда	Билим берүүдөгү теңсиздик
Класстын көлөмү боюнча маселелер	Шаарларда элдин көптүгү	Мугалимдердин жумуш жүгү
Даражаларды таануу	Чет элдик дипломдорду таануудагы белгисиздик	Узак мөөнөттүү валидациялоонун зарылдыгы

Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу билим берүү системасын модернизациялоо процессиндеги маанилүү кадам болуп саналат. Иштелип чыккан кесиптик өнүктүрүү курстары билим берүү кызматкерлеринин кеңири чөйрөсүн камтыйт, ошону менен педагогикалык чөйрөнү байытат. Бирок, системалуу кыйынчылыктар дагы эле сакталып калууда: мугалимдердин жетишсиздиги, айрыкча айыл жерлеринде, шаардык мектептерде окуучулардын ашыкча болушу жана жакында киргизилген 12 жылдык мектеп сертификаттарын эл аралык деңгээлде таануу боюнча белгисиздик — мунун баары бул реформаларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн кененирээк пландарды талап кылат.

Оң өнүгүүлөр менен катар маалыматтар учурдагы кыйынчылыктарды да ачыкка чыгарат. Саясий талкуулар да, парламенттик кароолор да пландарды толук ишке ашыруу үчүн, айрыкча санариптик өнүгүш жана техникалык колдоо толук эмес айыл жерлеринде инфраструктурага жана методологияга олуттуу инвестициялар зарылдыгын көрсөтүп турат. Андан тышкары, бардык реформа максаттарына жетүү үчүн санариптик билим берүү материалдарына жетүүнү кеңейтүүгө жана мугалимдердин компетенттүүлүгүн системалуу түрдө жогорулатууга багытталган кошумча, макулдашылган аракеттерге муктаждык бар.

Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары он эки жылдык мектеп циклине өтүү окуу жылын узартып гана тим болбостон, окуу пландарында, санариптик технологияларды ишке ашырууда, мугалимдерди даярдоо деңгээлинде жана мектеп инфраструктурасынын абалында олуттуу өзгөрүүлөрдү жаратты. Санариптик чечимдерди жана бирдиктүү электрондук платформаларды активдүү ишке ашыруу алдыңкы билим берүү ыкмаларын ишке ашыруу үчүн негиз түзүп жатат, ал эми мугалимдердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча көптөгөн демилгелер алардын кесиптик стандарттарын бекемдөөдө. Бирок, инфраструктураны өнүктүрүүдөгү аймактык теңсиздик, билим берүү мекемелеринин ашыкча толуп кетиши көйгөйү жана мектепти бүтүрүү аттестаттарын эл аралык деңгээлде таанууну камсыз кылуу зарылдыгы сыяктуу туруктуу түзүмдүк кыйынчылыктар саясий лидерлик, педагогикалык практика жана илимий изилдөөлөр деңгээлинде кийинки талкуулар үчүн негизги багыттар бойдон калууда.

Изилдөөнүн натыйжаларын талкуу

Талдоо көрсөткөндөй, кыргыз мектептеринде он эки жылдык окуу планын киргизүү билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөргө алып келип, курстун мазмунуна да, окутуу ыкмаларына да таасирин тийгизген. Негизги натыйжа окуу пландарын жаңыртуу болду, ал эми азыр негизги компетенцияларды өнүктүрүүнү ачык баса белгилейт. Мисалы, математика, жаратылыш таануу жана информатика сыяктуу сабактар мазмуну боюнча гана жаңыртылбастан, ошондой эле долбоорго негизделген окутуу менен интеграцияланды, бул өз кезегинде окуучуларды критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жана татаал көйгөйлөрдү чечүү жолдорун табуу жөндөмүнө түрткү берет.

Өркүндөтүлгөн билим берүү концепцияларын интеграциялоо ыкмаларын талдоо мугалимдердин окуу процессинде насаатчы катары маанисинин өсүп жатканын көрсөтүп турат. Эл аралык уюмдар менен биргеликте уюштурулган окутуу сессиялары жана кесиптик өнүктүрүү курстары электрондук куралдарды максаттуу колдонуу менен мугалимдер сабакка даярдануу да көбүрөөк ийкемдүүлүктү камсыз кылып, окуучулардын өзгөчө муктаждыктарына так жооп бере аларын көрсөттү. Муну окуу иш-аракеттерин башкаруу үчүн платформаларды колдонуу ачык

Биринчи педагогикалык шарт. Башталгыч класстын балдардын коомдук жүрүм-турумдун нормалары жана эрежелери жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү – социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун бир шарты катары.

Экинчи педагогикалык шарт. 5-6 жаш курактагы балдардын конструктивдүү ишмердүүлүгүндө ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо менен өз алдынчалуукту тарбиялоо.

Үчүнчү педагогикалык шарт. Предметтик-мейкиндик социалдык-маданий өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү жана колдоо – социалдык көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Төртүнчү педагогикалык шарт. Кенже мектеп курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандырууда, башталгыч билим берүү уюмдарынын педагогдорунун ишмердүүлүгүнүн гуманисттик багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүнү колго алуу.

Жыйынтыктап айтканда, кенже мектеп курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу билим берүүнүн маанилүү жана актуалдуу маселеси болуп саналат. Социалдык көндүмдөр баланын инсан катары өнүгүшүнө жана коомго ийгиликтүү адаптацияланышына шарт түзөт. Теориялык изилдөөнүн негизинде бул процессти камсыздоочу модель жана педагогикалык шарттар аныкталып, натыйжада балдарда социалдык көндүмдөрдүн калыптанышы камсыздалат.

Корутунду. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында кенже мектеп курактагы балдардын социалдык көндүмдөрүн калыптандыруу педагогикалык шарттардын системалуу жана комплекстүү ишке ашырылышына көз каранды экени аныкталды. Иштелип чыккан модель жана педагогикалык шарттар балдардын социалдык көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө оң таасир тийгизип, эксперименттин жыйынтыгында алардын деңгээлинин жогорулашы тастыкталды. Изилдөө социалдык көндүмдөрдү калыптандыруунун теориялык жана практикалык маанисин далилдеди.

Практикалык сунуштар. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык жыйынтыктары орто билим берүү мекемелеринде окуу-тарбия процессинде, ата-энелер менен иштөөдө, ошондой эле педагогикалык кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасында пайдалануу ылайыктуу. Иштелип чыккан методикалык материалдар студенттердин жана педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшөт.

Колдонулган адабияттар

1. Бейлина, Н.С. Сущность понятия «Социальные навыки» [Текст] / Н.С. Бейлина // Вестник ЧГУ. – 2011. – № 3. – С. 97-99.

2. Белокурова, Г.В. Педагогические условия формирования социальных навыков дошкольника средствами этикета [Текст]: дисс. … канд. пед. наук / Г.В. Белокурова. – Ульяновск, 2008. – 246 с.

3. Божович, Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте [Текст] / Л.И. Божович. – М.: Академия, 2013. – 243 с.

4. Божович, Л.И. Этапы формирования личности в онтогенезе [Текст]: хрестоматия по возрастной психологии / Л.И. Божович. – М., 1994. – 350 с.

5. Борисова, О.Ф. Формирование социальных навыков детей дошкольного возраста [Текст]: автореф. дисс. … канд. пед. наук / О.Ф. Борисова. – Челябинск, 2009. – 28 с.

6. Кыргыз Республикасынын «2020-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.- Бишкек, 2012.

7. Опарина, Е.В. Формирование социальных навыков школьников во внеурочной проектной деятельности в разновозрастных группах [Текст] / Е.В. Опарина // Педагогика. Вопросы теории и практики. – 2018. – № 1. – С. 83-89.

8. Пасальская, Т.Л. Формирование базовых элементов социальной компетентности у старших дошкольников в группах кратковременного пребывания [Текст]: автореф. дисс. … канд. пед. наук / Т.Л. Пасальская. – М., 2011. – 27 с.

9. Полозова, О.В. Формирование социальной компетентности у детей старшего дошкольного возраста с общим недоразвитием речи в проектной деятельности [Текст]: автореф. дисс. … канд. пед. наук / О.В. Полозова. – М., 2015.

10. Хмелькова, Е.В. Педагогические условия социально-коммуникативного развития детей старшего дошкольного возраста в исследовательской деятельности [Текст]: автореф. дисс. … канд. пед. наук / Е.В. Хмелькова. – Казань, 2017.

11. Яковлева, А.Н. Семья и вопросы воспитания детей [Текст] / А.Н. Яковлева. – Якутск, 1997. – 63 с.

12. Сулайманова, Р. Т. Башталгыч класстарда математика сабагында окуучулардын окуу мотивациясын калыптандыруунун эффективдүү дидактикалык ыкмалары / Р.Т. Сулайманова, К.Т. Алтынбек, А.А. Эгамбердиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2025. – No. 1. – P. 271-276. – DOI 10.26104/NNTIK.2025.13.74.052. – EDN WFQAGC.

13. Сулайманова, Р.Т. Башталгыч класстын мугалимдери үчүн эмоционалдык компетенттүүлүктүн ролу жана аны юмор аркылуу өнүктүрүү / Р.Т. Сулайманова, А.З. Кадырбекова, А.А. Эгамбердиева // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2024. – No. 6. – P. 269-273. – DOI 10.26104/IVK.2024.26.87.055. – EDN JNXSTC.

14. Сулайманова, Р.Т. Болочок мугалимдерди окуучуларды руханий-адептик жана дене бой жактан тарбиялоого даярдоо маселелери / Р.Т. Сулайманова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 26-34. – EDN OSVTLV.

15. Калдыбаева, А.Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү / А.Т. Калдыбаева, Р.Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – No. 2(114). – P. 43-50. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-43-50. – EDN MPGMXM.

16. Сулайманова, Р.Т. Кыргыз Республикасынын эл мугалимдери / Р.Т. Сулайманова, А. Нурбаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – No. 2(114). – P. 64-68. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-64-68. – EDN QOAXSH.

Рецензент: пед. и.д., профессор Калдыбаева А.Т.

УДК 372.8:37.016

Сулайманова Р.Т., Эгамбердиева А.А., Бактыбекова К.Б.
Сулайманова Р.Т., Эгамбердиева А.А., Бактыбекова К.Б.
R. Sulaimanova, A. Egamberdieva., K. Baktybekova

АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КРЕАТИВДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ КРЕАТИВНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ НА УРОКАХ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ
PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR DEVELOPING CREATIVITY OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN LITERARY READING LESSONS

Кыскача мүнөздөмө: Макала адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын эксперименталдык изилдөөнүн негизинде илимий жактан изилдөөгө багытталган. Изилдөө башталгыч билим берүү мекемелеринде констатациялык, калыптандыруучу жана текшерүүчү этаптардан турду. Окуучулардын креативдүүлүгүн аныктоо үчүн П. Торренстин «Креативдүүлүк тести» жана Х. Зиверттин «Чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн аныктоо тести» колдонулду. Эксперименттин жүрүшүндө адабий окуу сабагында чыгармачылык ишмердүүлүктүн түрлөрүн активдештирүү, окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн стимулдоо, мугалимдин өздүк креативдүүлүгүн өнүктүрүү, ата-энелер менен кызматташуу жана дифференциацияланган ыкмаларды колдонуу сыяктуу педагогикалык шарттар ишке ашырылды. Текшерүүчү этаптын жыйынтыктары эксперименталдык топтогу окуучулардын креативдүүлүгүндө маанилүү өсүштү көрсөткөн. Алынган маалымат педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун далилдеп, башталгыч билим берүү практикасында колдонууга мүмкүндүк берет.

Аннотация: Статья посвящена научному исследованию педагогических условий формирования креативности у учеников начальной школы на уроках литературного чтения на основе экспериментального исследования. Исследование проводилось в естественных условиях начальных образовательных учреждений и включало констатационный, формирующий и контрольный этапы. Для определения уровня креативности использовались «Тест креативности» П. Торренса и тест Х. Циверта «Определение творческих способностей». В ходе эксперимента реализовывались педагогические условия: активизация различных видов творческой деятельности на уроках литературы, стимулирование творческой активности учеников, развитие креативности учителя, сотрудничество с родителями и применение дифференцированных индивидуальных подходов. Результаты контрольного этапа показали значительный рост креативности у экспериментальной группы. Полученные данные подтверждают эффективность предложенных педагогических условий и их применимость в практике начального образования.

Abstract: The article is devoted to the scientific study of pedagogical conditions for developing creativity in primary school students in literary reading lessons based on experimental research. The study was conducted in natural conditions of primary educational institutions and included the constatation, formative, and control stages. To assess students' creativity, the Torrance Creativity Test and H. Zivert's Test for Determining Creative Abilities were used. During the experiment, pedagogical conditions were implemented: activation of various types of creative activity in literary lessons, stimulation of students' creative engagement, development of teacher's personal creativity, collaboration with parents, and the application of differentiated individual approaches. The results of the control stage demonstrated a significant increase in creativity in the experimental group. The findings confirm the effectiveness of the proposed pedagogical conditions and their applicability in primary education practice.

Негизги сөздөр: креативдүүлүк, башталгыч класс, адабий окуу, педагогикалык шарттар, эксперимент, чыгармачылык активдүүлүк

Ключевые слова: креативность, начальная школа, литературное чтение, педагогические условия, эксперимент, творческая активность

Keywords: creativity, primary school, literary reading, pedagogical conditions, experiment, creative activity

Киришүү. Тез өзгөрүп жаткан шарттарда жашоого зарыл болгон ыңгайлашуу, мобилдүүлүк, креативдүүлүк жана өз алдынча чечим кабыл алуу сыяктуу сапаттарды калыптандыруу билим берүүнүн негизги милдети болуп, заманбап билим берүү системасында бул максат, айрыкча башталгыч класста, окуучунун инсан катары ар тараптуу өнүгүшүн, өз алдынча ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү аркылуу ишке ашырылат [1].

Адабий окуу сабагы башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүктөргө ээ. Көркөм чыгармалар менен иштөө, образдарды элестетүү, каармандардын ички дүйнөсүн түшүнүү, окуяларды өз алдынча улантуу окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн активдешгирет. Ошондуктан адабий окуу сабагында креативдүүлүктү максаттуу жана системалуу калыптандыруу педагогикалык жактан негизделген шарттарды талап кылат.

Макаланын максаты – адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык *шарттарын,* сабактын формаларын жана методдорун эксперименталдык изилдөөнүн негизинде аныктоо жана алардын натыйжалуулугун далилдөө.

Окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандыруу орто мектептин окутуу процессинин бардык этаптарында маанилүү. Л.С. Выготскийдин ою боюнча мектептеги окутуу – чыгармачылыкты баланын аң-сезимдик ишмердүүлүгүнүн борборуна койот [4].

Креативдүү инсанды калыптандыруу адабий окуу предметин заманбап шартта окутуунун негизги максаттарынын бири болуп саналат. Бул максатка жетүү, биринчи кезекте, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн туура жана максаттуу уюштурууга түздөн-түз байланыштуу. Адабий окуу сабактарында окуучулардын креативдүүлүгү ар түрдүү багыттар аркылуу өнүгөт. Аларга адабий-чыгармачылык мүнөздөгү тапшырмалар, креативдүү жат жазуулар, чыгармачыл окурманды калыптандырууга багытталган иштер жана сабактын креативдүү формаларына активдүү катышуу кирет.

А. Алимбеков белгилегендей, окуучулардын бекем билимге жана зарыл болгон билгичтиктерге ээ болушу окутуунун колдонулган методдоруна гана эмес, окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун формаларына да көз каранды. Азыркы учурда мектептерде окуу процессин уюштуруунун эң кеңири таралган формасы сабак болуп эсептелет [6, 8-б.].

Сабак окутуу процессинин негизги жана маанилүү бөлүгү болуп саналат. Мугалим менен окуучунун биргелешкен окуу иш-аракети негизинен сабак учурунда жүзөгө ашат. Ушуга байланыштуу белгилүү бир предмет боюнча билим берүүнүн сапаты көбүнчө сабакты өткөрүүнүн деңгээлине, анын мазмундук жана методикалык жактан толуктугуна, ошондой эле сабакта түзүлгөн психологиялык атмосферага жараша аныкталат.

Сабак өзүнүн көп кырдуулугуна карабастан, чет өлкөлөрдө да, ошондой эле биздин өлкөнүн билим берүү мекемелеринде да окутуу процессин уюштуруунун негизги формасы катары өз маанисин сактап калууда.

Окутуунун формасы термини латын тилинен келип, “сырткы”, “тышкы көрүнүш” деген маанини билдирет. Бүгүнкү күндө окуу китептеринде окутуунун формасы тууралуу ар түрдүү аныктамалар бар. Мисалы, Э.Мамбетакунов жана Т.Сияев окутуунун формасын мындайча түшүндүрүшөт: «Окутуунун формасы – бул окутуу процессинин уюштурулушунун сырткы көрүнүшү, тышкы мүнөздөмөсү. Ал окуучулардын санын, окуу процессинин өтүү ордун жана убактын, мугалим менен окуучулардын өз ара аракеттенишин жана уюштурулушун аныктайт» [8]. И.П. Подласый болсо: «Окутуунун формасы – белгилүү тартип жана режимде мугалим менен окуучунун макулдашылган иш аракеттеринин сырткы көрсөтүлүшү» деп аныктайт [9]. Бирок окутуунун формасы жөн гана процесстин сырткы көрүнүшү эмес, ал органикалык түрдө анын ички, мазмундук-процессуалдык өзгөчөлүктөрү менен байланышта болот. Ошол себептен, бир эле окутуу формасы коюлган максатка, колдонулган методдорго жана шарттарга жараша ар кандай структуралык өзгөрүүлөргө, модификацияларга ээ болушу мүмкүн.

Демек, окутуунун формасы дидактиканын маанилүү категориясы катары, окуу процессиндеги мугалим менен окуучунун максаттуу иш-аракетинин сырткы көрүнүшүн чагылдырат. М. Кырбашева да дидактикалык адабияттарда «окутуунун формасы» (сабак, семинар, лекция ж.б.) жана «сабактын формасы» (лекция-сабагы, семинар-сабагы ж.б.) түшүнүктөрү каралганын белгилейт. В.В. Гузеевдин пикири боюнча, бул түшүнүктөр синоним болуп эсептелет жана аларды чектөөгө эч кандай негиз жок [10]. Бул ойду эске алуу менен, окутууну уюштуруу формаларын сабакты окутуунун формасы катары кабыл алууга болот.

Сабактын формалары окуучулардын ишмердүүлүгү боюнча эки негизги түргө бөлүнөт: логикалык жана эмоционалдык-образдык (же эмоционалдык-көркөм). Логикалык формага лекция-сабак, семинар, практикум, изилдөө, докладдарды коргоо кирет. Эмоционалдык-образдык формага сабак-концерт, композиция, монтаж, сабак-новелла, сабак-жомок, сабак-элестетилген саякат, санарип-сабак [2] жана сабак-спектакль кирет. Бул формаларды колдонуу окуучуларды ар тараптан креативдүүлүккө тартууга мүмкүндүк түзөт.

Эмоционалдык-образдык формаларды даярдоо жана өткөрүү учурунда окуучулар концерттин же композициянын сценарийин түзүүгө аракеттенишет, сынчыл адабият менен таанышышат, ырларды тандап, аткарышат жана көркөм чыгармаларды издөө аркылуу эмоционалдык кызыгууну жогорулатышат. Ошондой эле, эмоционалдык анализ жана комментарий иштеп чыгуу окуучуларда чыгармачылык сезимди калыптандырып, сабакта алынган билим жана көндүмдөрдү креативдүү формага өткөрүүгө таасир этет.

Адабий окуу сабагында креативдүүлүктү өнүктүрүүнүн эффективдүү формаларынын бири – театралдаштыруу болуп саналат. Театралдаштыруу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирип [3], предметке болгон кызыгуусун жогорулатат. Театралдаштыруу жана инсценировка методикалык жана уюштуруу формалары катары көп жылдар бою иштелип чыккан жана репертуар программасынын, коллективдин өзгөчөлүктөрү сыяктуу шарттарга жараша өзгөрүп келген.

Негизги принцип – адабият менен окуу тажрыйбасынын тыгыз байланышы – ар дайым натыйжалуу болуп, мугалимдин күчүн актаган. Бул ыкма окуучулардын адабий кызыгуусун кеңейтүүгө, заманбап маданий фактыларга жана, өзгөчө, театрга туруктуу кызыгуу жаратат. Ошондой эле окуучулардын эмоциясы, адеп-ахлак сезимдери жана билим дүйнөсү байып, адептик-эстетикалык баалоо активдүү калыптанат, ой-пикирлердин негиздүүлүгү жана өз алдынчалыгы жогорулайт.

Театралдаштыруу процессинде төмөнкү аспектилерди карап чыктык:

Инсценировкалоо мугалимдердин чыгармачылык деңгээлин жана окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө алардын аткарган иш-аракеттерин аныктоого мүмкүндүк берди. Ал эми окуучулардын креативдүүлүгүн баалоо [12] үчүн ачык жана жабык типтеги анкета колдонулду. Ачык анкета окуучулардан өз алдынча жооп түзүүнү талап кылса, жабык типтеги анкета алдын ала берилген жооптордун ичинен тандап берүү менен алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн аныктоого багытталды.

Байкоо методу сезүү органдары аркылуу маалыматты түздөн-түз алуу максатында колдонулган. Байкоо учурунда изилденген объекттин маанилүү бардык аспектилери эске алынып, анын ички жана сырткы жүрүм-туруму менен байланышкан көрүнүштөрү изилденди. Узак мөөнөттүү байкоо статистикалык жактан туруктуу байланыштарды аныктоого жана белгилүү мезгил ичинде объекттин өнүгүүсү менен өзгөрүүсүн байкоого мүмкүнчүлүк берди.

Башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн аныктоо [12] үчүн байкоодо төмөнкү критерийлерге таяндык: көйгөйдү табуу жана аны коюу; көптөгөн идеяларды генерациялай билүү; ийкемдүүлүк – ар кандай идеяларды жарата алуу; суроолорго стандарттан тыш жооп берүү; көйгөйдү чечүү жана аны кайра түзүү жөндөмү.

Байкоо методунун негизги артыкчылыгы – башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн алардын табигый чөйрөсүндө изилдөөгө мүмкүнчүлүк берүүсүндө болду.

Окуучулардын чыгармачылыгын изилдөө методу

Окуучулардын чыгармачылыгын изилдөө алардын өз алдынча ишмердүүлүгүнө негизделген. Бул процесс рефераттарды, долбоорлорду, ар кандай моделдерди, көргөзмө материалдарды жана башка окутуу жана чыгармачылык иштерди талдоо [11] аркылуу жүргүзүлдү. Анализдөө аркылуу окуучулардын кызыгуусун жараткан багыттар, интеллектуалдык деңгээлдер жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн абалы аныкталды.

Изилдөөнүн материалдары педагогикалык иш-аракеттин алкагында башталгыч класстын мугалимдеринин чыгармачылык тажрыйбасынан жана окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандырууну текшерүү максатында жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөрдөн чогултулду.

Педагогикалык эксперимент үч этаптан турду: констатациялык, калыптандыруучу жана текшерүүчү. Ар бир этап бир нече конкреттүү милдеттерди камтыйт.

Констатациялык эксперименттин милдеттери: Башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүк деңгээлин аныктоого багытталган методдор жана методикаларды тандоо; Баштапкы креативдүүлүк деңгээлин аныктоо; Биринчи диагностика натыйжаларын баалоо жана интерпретациялоо; Адабий окуу сабагында креативдүүлүктү өнүктүрүүгө таасир эткен педагогикалык шарттарды, окутуунун формаларын жана методдорун аныктоо;

Калыптандыруучу эксперимент үчүн зарыл материалдарды даярдоо.

Калыптандыруучу этапта төмөнкү милдеттер аткарылды: биринчи диагностика жана окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө таянып, адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жактан негизделген жана аныкталган педагогикалык шарттарды практикалык түрдө ишке ашыруу.

Текшерүүчү этап – эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыктоочу этабы болуп, анын ичинде окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталган методикалык таасирлердин натыйжалуулугу бааланат жана алынган көрсөткүчтөрдүн эффективдүүлүгү текшерилет.

Текшерүүчү этап жана чыгармачылык жөндөмдөрдү изилдөө. Эксперименттин текшерүүчү этабында төмөнкү милдеттер аткарылды: Текшерүүчү жана эксперименталдык топтордо жыйынтыктоочу диагноздоону жүргүзүү; Алынган маалыматтарды анализдөө жана иштеп чыгуу; Эксперименталдык иштин натыйжасын жыйынтыктоо.

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн аныктоо үчүн үч методика колдонулду. Анын бири – Х. Зиверттин чыгармачылык жөндөмдөрдү аныктоо тести.

Тесттин негизги принциптери: Тест окуучунун дивергенттик ой жүгүртүүсүнүн деңгээлин баалоого багытталган. Ар бир бөлүм окуучунун чыгармачылык жөндөмдөрүн ар кандай ченде текшерүүгө арналган. Башында тесттин мисалдары окулат, андан кийин окуучу өзү жооп берет.

Тапшырма: Ар бир буюмдун мүмкүн болгон бардык колдонулуштарын ойлонуп табуу талап кылынат. Мисалы, шарик жана калемсап: жазуу жана сүрөт тартуу үчүн гана эмес, башка максаттарда да колдонсо болот. Мисалы, калемсапты тешик кылуу, пружинасын баштапкы орнотуу катары колдонуу ж.б. Ар бир буюм үчүн бир мүнөт убакыт берилет, жалпы аткаруу убактысы үч мүнөттүн ичинде чектелет. Эгер биринчи бөлүмдөгү мүмкүнчүлүктөрдү (максимум 10 вариант) атоого бир мүнөттөн аз убакыт кетсе, кийинки бөлүмгө өтүлөт. Жалпы тесттин убактысы – 33 мүнөт.

Жыйынтыкты баалоо:

Ар бир аң-сезимдүү жана ылайыктуу жооп үчүн 2 балл берилет. Бардык баллдар кошулуп, максималдуу 60 баллдык ченде баа коюлат.

0–20 балл: Стандартка жатпаган ой жүгүртүүдө потенциал бар, бирок тапшырмаларды аткаруу аз өнүккөн. Көптөгөн машыгуулар менен натыйжалуулук жогорулатылышы мүмкүн.

20–40 балл: Дивергенттик ой жүгүртүүгө орточо деңгээлде жөндөмдүү. Креативдүүлүгү орточо, машыгуулар аркылуу бул потенциал кеңейтүүгө болот.

Х. Зиверттин чыгармачылык жөндөмдөрдү аныктоо тестинин экинчи бөлүгү: тапкычтык (Н шкаласы)

Бул тест окуучунун күтүүсүз «ачылыш» жасаган ой жаратууга болгон жөндөмүн баалоого багытталган. Тапшырмалар окуучуга топто же жеке өз алдынча аткарууга берилет. Эгер тапшырма топто аткарылса, окуучу «катчы» ролун аткарат, ал эми калган мүчөлөр «идеяларды ташуучу» ролун гана аткарат. Бардык сунушталган идеялар кабыл алынат жана бат аткарууга аракет кылуу сунушталат. Текшерүү үчүн секундомер колдонсо болот.

Тапшырма: Тестте таблицанын сол тарабында көптөгөн бош саптар берилет. Ар бир сапка бир сөз жазуу керек, бирок бардык сөздөрдүн башкы эки тамгасы окшош болушу керек. Мисалы, “с” тамгасынан башталган сөздөр: сагызган, саз, сан, сап, санат ж.б. Сөздөрдүн узундугу жана жазуу эрежелери маанилүү эмес, негизги талап – түшүнүктүү жазуу. Ар бир колонканы толтуруу үчүн окуучуга бир мүнөт убакыт берилет.

Жыйынтыкты баалоо: Ар бир туура жазылган сапты эсептеп, үч тапшырманын жыйынтыгын кошуу керек.

Жыйынтык 1,5 бөлүнүп, максималдуу балл – 60.

Баллдык шкала:

0–20 балл: Тапшырма окуучу үчүн кыйын болгон. Дивергенттик ой жүгүртүүнүн деңгээли орточодон төмөн, окуучуга бул типтеги тапшырмаларда машыгуу керек.

21–40 балл: Окуучунун чыгармачылык жөндөмү орточо деңгээлде. Машыгуулар аркылуу натыйжа жогорулайт жана тапшырманы жакшы аткарууга мүмкүнчүлүк бар.

41–60 балл: Окуучу тапшырманы жогорку деңгээлде аткарган. Тапкычтык жана бат ой жүгүртүү жөндөмү жакшы өнүккөн. Бир эле сөзгө көп убакыт коротпой, жазуу жана ойлонуу процессин бирге жүргүзө билет.

П. Торренстин методикасы (окуучулардын креативдүүлүк жөндөмүн аныктоо)

П. Торренстин методикасы башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүк жөндөмүн изилдөөдө колдонулган негизги ыкма – тестирлөө болуп саналат. Бул тест окуучулардын: вербалдык креативдүүлүгүн, образдуу креативдүүлүгүн, ылдамдык, ийкемдүүлүк, өзгөчөлүүлүк сыяктуу жеке креативдүүлүк жөндөмдөрүн, көйгөйдүн маанисин түшүнүү жөндөмүн, стереотиптерге каршы туруу жөндөмүн баалоого мүмкүндүк берет.

Методика мектепке чейинки (5–6 жаш) курактан баштап колдонууга ылайыкташтырылган жана тестирлөөнүн топтук формасында жүргүзүлөт. Алынган натыйжалар интерпретацияланып, изилдөөнүн жыйынтыгын ачкыч аркылуу баалоо менен иштелип чыгат.

Эксперименталдык иштин жыйынтыктоочу этабы – текшерүүчү этапта төмөнкү милдеттер аткарылды:

1. Кайталоочу диагноздоо жүргүзүү (баалоо деңгээли);
2. Алынган жыйынтыктарды анализдөө жана интерпретациялоо.

Бул этапта констатациялык экспериментте колдонулган методикалар кайра колдонулуп, башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүк деңгээлинин өзгөрүүсү бааланды.

№1 методика боюнча жыйынтыктар:

Эксперименталдык иштен кийин креативдүүлүктө көрүнүктүү оң өзгөрүүлөр байкалган. Констатациялык этапка салыштырганда, жогорку деңгээлдеги окуучулардын пайызы төмөнкүлөр менен өзгөргөн:

- ылдамдык – 71,6%дан 79,4%га;
- ийкемдүүлүк – 21,9%дан 45,3%га;
- өзгөчөлүк – 5%дан 51,8%га;
- иштелип чыккандык – 5,6%дан 42,6%га.

Төмөн деңгээлдеги окуучулардын пайызы тиешелүүлүгүнө жараша төмөндөгөн:

- ылдамдык – 12,7%дан 2,8%га;
- ийкемдүүлүк – 36,2%дан 5,7%га;
- өзгөчөлүк – 75,9%дан 6,3%га;
- иштелип чыккандык – 68,1%дан 14,2%га.

Орточо деңгээлдеги көрсөткүчтөр да жогорулоого дуушар болгон:

- ылдамдык – 15,7%дан 17,8%га;
- ийкемдүүлүк – 41,9%дан 49%га;
- өзгөчөлүк – 19,1%дан 41,9%га;
- иштелип чыккандык – 68,1%дан 43,2%га.

№2 методика – Х. Зиверттин тести боюнча жыйынтыктар:

Тапкычтык шкала боюнча:

- Констатациялык этапта: жогорку деңгээл – 2,9%, орточо – 17,7%, төмөнкү – 79,4%;
- Текшерүүчү этапта: жогорку – 52,4%, орточо – 27%, төмөнкү – 20,6%.

Дивергенттик ой-жүгүртүү боюнча:

- Констатациялык этапта: жогорку – 1,4%, орточо – 2,9%, төмөнкү – 95,7%;
- Текшерүүчү этапта: жогорку – 33,3%, орточо – 27%, төмөнкү – 39,7%.

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгү калыптана баштаган. Айрыкча, креативдик жөндөмү жогору болгон окуучулардын пайызы көбөйгөн, алардын идеяларды жаратуу жана чыгармачылык ишмердүүлүккө болгон жөндөмү жогоруланган. Бул натыйжа окуучулардын креативдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган методдор жана педагогикалык шарттар оң таасир бергенин көрсөтүп, тажрыйбалык-эксперименталдык иштин гипотезасын далилдеди.

Бул көрсөткүчтөр башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн өнүктүрүүдө колдонулган методдордун натыйжалуу экенин ачык көрсөттү. Жалпы, креативдик жөндөмү жогору болгон окуучулардын пайызы өсүп, алардын идеяларды жаратуу жана чыгармачылык ишмердүүлүккө болгон жөндөмү алдыга жылган.

Жыйынтык катары, окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандырууга багытталган педагогикалык шарттар жана методдор оң таасир берген. Бул тажрыйбалык-эксперименталдык иштин гипотезасын далилдегендигин көрсөтөт.

Пайдаланган адабияттар

1. Калдыбаева А. Т. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн тенденциялары жана көйгөйлөрү / А. Т. Калдыбаева, Р. Т. Сулайманова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – No. 2(114). – P. 43-50. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-43-50. – EDN MPGMXM.
2. Sulaymanova, R. Professional development of teachers in the context of digital transformation / R. Sulaymanova, A. Egamberdieva // Bulletin of the Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn. – 2025. – Vol. 17, No. 3. – P. 9-20. – DOI 10.58649/1694-8033-2025-3(123)-9-20. – EDN PXSUAY.
3. Сулайманова, Р.Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р.Т. Сулайманова, Н.А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.
4. Абдухамидова, Б.А. Адабий окуу сабагында башталгыч класстардын окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнүн айрым жолдору [Текст] / Б.А. Абдухамидова. – Б., 20
5. Абдырахманов, Т.А., Ногаев, М.А. Мектептик билим берүүдөгү компетенттик мамилелер [Текст] / Т.А. Абдырахманов, М.А. Ногаев. – Б., 2018. – 104 б.
6. Алимбеков, А. Азыркы сабак жана аны өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / А. Алимбеков, И. Бекбоев. – Бишкек, 2011. – 191 б.
7. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] / Б. Алымов. – Ф.: Мектеп, 1981. – 219 б.
8. Байсеркеев, А.Э. Окутуунун долбоорлоо методу – окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн каражаты [Текст] / А.Э. Байсеркеев. – №2 (34). – 2015. – 52-56-бб.

9. Банзелюк, Е.И. Возрастная динамика показателей креативности у детей 6-9 лет [Текст] // Вопросы психологии / Е. И. Банзелюк. – 2008. – № 3. – С. 55-60.

10. Барышева, Т.А. Психологическая структура и развитие креативности у взрослых [Текст]: дис. ... д-ра психол. наук: 19.00.13 / Т.А. Барышева. – СПб, 2005. – 360 с.

11. Батаканова, С. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий педагогикалык негиздери [Текст] / пед. илимд. докт. дис. / С. Батаканова. – Б., 2011. – 270 б.

12. Дерманова, И. Б. Креативность, личностные особенности и стратегии совладения старших школьников [Текст] / И. Б. Дерманова, М. А. Крылова // Ананьевские чтения : материалы науч.-практ. конф. – СПб., 2004. – С. 385.

Рецензент: пед. и.д., профессор Калдыбаева А.Т.

УДК 37:370:373

Ткачёва С.А., Абакиров А. А., Абдрай кызы Н.
Ткачёва С.А., Абакиров А. А., Абдрай кызы Н.
Tkacheva S.A., Abakirov A. A., Abdray kyzy N.

ЛЕКЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕ КЕЛЕЧЕКТЕГИ МУГАЛИМДЕРДИН КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРЫ
ИННОВАЦИОННЫЕ ПОДХОДЫ К ФОРМИРОВАНИЮ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНЦИИ БУДУЩИХ ПЕДАГОГОВ В ЛЕКЦИОННОМ ПРОЦЕССЕ
INNOVATIVE APPROACHES TO DEVELOPING COMMUNICATIVE COMPETENCE IN FUTURE TEACHERS IN THE LECTURE PROCESS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада "Педагогика" предмети боюнча лекциялар аркылуу келечектеги мугалимдердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн актуалдуу маселеси каралат. Авторлор эл аралык жана ата мекендик чечмелөөлөргө таянып, "компетенция" жана "компетенция" түшүнүктөрүн кеңири талдашат. Макалада ошондой эле "коммуникативдик компетенттүүлүктүн" аныктамасы келтирилген. Лекциялардын түзүмүнө жана көйгөйлүү лекциялар, лекция-консультациялар, лекция-басма сөз конференциялары, алдыңкы лекциялар жана эки адам менен лекциялар сыяктуу инновациялык форматтарды ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурулат. Акырында, авторлор келечектеги мугалимдердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган сабак планын сунушташат.

Аннотация: В статье рассматривается актуальная проблема развития коммуникативной компетентности будущих педагогов в рамках лекционных занятий по дисциплине "Педагогика". Авторы подробно анализируют понятия "компетентность" и "компетенция", опираясь на как зарубежные, так и отечественные трактовки. Также в работе представлена дефиниция "коммуникативная компетенция". Особое внимание уделяется структуре лекционного занятия и внедрению инновационных форматов, таких как проблемная лекция, лекция-консультация, лекция-пресс-конференция, продвинутая лекция и лекция вдвоем. В завершение авторы предлагают план занятия, направленный на формирование коммуникативной компетенции у будущих педагогов.

Abstract: This article examines the pressing issue of developing future teachers' communicative competence through lectures on the subject of "Pedagogy." The authors analyze in detail the concepts of "competence" and "competence," drawing on both international and domestic interpretations. The paper also presents a definition of "communicative competence." Particular attention is paid to the structure of lectures and the implementation of innovative formats, such as problem-based lectures, lecture-consultations, lecture-

press conferences, advanced lectures, and lectures with two people. Finally, the authors propose a lesson plan aimed at developing communicative competence in future teachers.

Негизги сөздөр: компетенттүүлүк; коммуникативдик; калыптануу; өнүктүрүү; топтук иштин формалары.

Ключевые слова: компетенция; коммуникативная; формирование; развитие; групповые формы работы.

Keywords: competence; communicative; formation; development; group forms of work.

Проблеме коммуникативной компетенции посвящен ряд научных исследований, в которых раскрывается ее содержание и структура в рамках поставленных авторами целей и задач. При разработке методики формирования коммуникативной компетенции мы руководствовались содержанием научной трактовки, предложенной Э.М. Мирским согласно которой, «Методика – это фиксированная совокупность приемов практической деятельности, приводящей к заранее определенному результату; она концентрируется на технической стороне эксперимента и на регламентации действий исследователя» [1]. .

Прогнозирование проекции использования возможностей дисциплин психолого-педагогического цикла на формирование коммуникативной компетенции основывалось на том, что В.А. Сластенин учебную дисциплину рассматривает как систему научных знаний, практических умений и навыков, которые позволяют учащимся усвоить с определенной глубиной и в соответствии с их возрастными познавательными возможностям основные исходные положения науки или стороны культуры, труда, производства [3, с. 150].

Следовательно, исследуя проблему в области педагогического направления, считаем необходимым использовать возможности психолого-педагогических дисциплин. Значимость которых отмечают 82% педагогов и учащихся, а остальные 18% отмечают дисциплины предметной подготовки, гуманитарного, социально-экономического цикла. Именно, внедрением разработанной нами методики формирования коммуникативной компетенции у учащихся педагогических направлений колледжа на дисциплинах психолого-педагогического цикла, мы решим не только задачу формирования исследуемой компетенции но и профессиональных компетенций в целом, а также повысим уровнь преподавания данных дисциплин.

Содержание дисциплин психолого-педагогического цикла отражает многогранность в процессе подготовки будущих педагогов, в связи с чем представим таблицу дисциплин, которые наиболее эффективно влияют на формирование компетенций и в частности коммуникативной на базе среднего профессионального образования.

В основе формулировки показателей коммуникативной компетенции лежит теория Бенджамина Блума, которая заключается в том, что человек осуществляет шесть мыслительных операций: знание, понимание, применение, анализ, синтез и оценку [1, с.27]. Соответственно и было предложено организовать образовательный процесс с учетом иерархии, согласно которой мы должны сформировать у студентов: знания, их понимание, их применение, анализ, синтез, оценку.

Таблица 1. Содержание коммуникативной компетенции

КОММУНИКАТИВНАЯ КОМПЕТЕНЦИЯ		
КРИТЕРИИ (индекс коммуникативной компетенции)		**ПОКАЗАТЕЛИ (выражены в результатах обучения)**
1	Владение приёмами коммуникативной техники (КК-1)	Перечисляет, иллюстрирует в схеме и интерпретирует приемы коммуникативной техники. Демонстрирует ясность, точность, отчетливость в изложении

		материала. Манипулирует силой звука, акцентируя внимание на важных моментах теоретического материала. Регулирует темп речи. Демонстрирует умения использования интонации в различных педагогических ситуациях.
2	Владение приёмами организации межличностного взаимодействия (КК-2)	Перечисляет и схематически изображает приемы межличностного взаимодействия. Аргументирует выбор приема межличностного взаимодействия к участникам образовательного пространства. Демонстрирует умение устанавливать контакт с участниками образовательной среды. Характеризует индивидуально-психологические особенности партнёра по общению. Демонстрирует способность к самопрезентации.
3	Способность соблюдать социальные нормы общения (КК-3)	Перечисляет и интерпретирует социальные нормы общения. Аргументирует выбор стилей педагогического общения с позиций их конструктивности и деструктивности в образовательном процессе. Прогнозирует воздействие деструктивных стилей общения на результаты обучения. Демонстрирует приверженность к соблюдению социальных норм общения.
4	Способность к сотрудничеству (КК-4)	Перечисляет и интерпретирует признаки сотрудничества. Прогнозирует влияние сотрудничества на эффективность реализации запланированной деятельности. Демонстрирует проявление сотрудничества в совместной деятельности.
5	Способность к распознанию партнёра по общению темперамент, характер, настроение, чувства) (КК-5)	Перечисляет и интерпретирует индивидуально-психологические особенности личности. Демонстрирует способность «нарисовать» (описать) психологический портрет человека. Моделирует процесс общения применительно к партнёру по общению.
6	Владение навыками самоконтроля (КК-6)	Перечисляет и интерпретирует приемы самоконтроля. Использует техники самоконтроля применительно к ситуациям. Прогнозирует выбор техник самоконтроля в критических педагогических ситуациях.
7	Способность ориентироваться в конфликтных ситуациях (КК-7)	Классифицирует виды конфликтов. Аргументирует способы разрешения конфликтных ситуаций. Использует конструктивные способы решения конфликтов. Демонстрирует умение предотвращать конфликт.
8	Владение навыками публичного выступления (КК-8)	Распознаёт показатели успешного выступления. Систематизирует данные показатели. Применяет формы воздействия на партнёра по общению. Распознаёт и интерпретирует значение невербальных средств общения.

Итак, вышеуказанное ориентирует педагога на достижение показателей коммуникативной компетенции, достигнув их, учащийся автоматически становится обладателем конкретной коммуникативной компетенции.

Эффективность формируемых компетенций будет зависеть от соблюдения всех методических требований методики формирования коммуникативной компетенции при организации указанных дисциплин. Такой подход позволяет учитывать нелинейное и контекстуальное направление обучения и активизирует субъективную творческую коммуникативную позицию учащихся.

Итак, рассмотрим методику формирования коммуникативной компетенции студентов педагогических направлений на теоретических занятиях.

Для более продуктивной реализации методики изначально рассмотрим выписку из учебного плана дисциплины «Педагогика» и определи количество времени, отводимое на теоретические, практические занятия и самостоятельную работу студентов (см. таб. №2.)

Таблица 2. Выписка из учебного плана

Вид учебной работы	Кол-во часов	Семестры			
		3	4	5	6
1.Теоретические занятия	76	16	16	22	22
2. Практические занятия	74	14	14	23	23
3. Самостоятельная работа студентов	150	30	30	45	45
Вид аттестации		зачет	зачет	зачет	зачет
Общая трудоёмкость	300				

Согласно положению СУЗов КР установлено, что одним из видов теоретических занятий является лекция. Анализ существующих в теории и практике разных видов традиционных и нетрадиционных лекций позволил выбрать и реализовать наиболее приемлемые для уровня среднего профессионального образования такие как: проблемная лекция, лекция консультация, лекция пресс конференция, продвинутая лекция, лекция вдвоем (бинарная лекция), лекция с заранее запланированными ошибками.

Ниже опишем краткую характеристику каждой из них.

Проблемная лекция на лекции сообщение нового материала основывается на проблемном вопросе или педагогической ситуации. Решение проблемы на притяжении всей лекции идет на основе диалога педагога с учениками.

Лекция-консультация – ученики задают вопросы лектору по изученной теме, а он отвечает на них или наоборот.

Лекция-пресс-конференция проводится как научно-практическое занятие, с заранее поставленной проблемой и системой докладов, длительностью 5-10 минут.

Продвинутая лекция – это когда изучение теоретического материала идет по частям, после каждой части проводится совместная между учениками дискуссия по изученной части лекции.

Лекция вдвоем (бинарная лекция) это разновидность чтения лекции в форме диалога двух преподавателей (либо как представителей двух научных школ, либо как теоретика и практика).

Лекция с заранее запланированными ошибками – в начале лекции педагог сообщает, что при изложении теоретического материала им будут допущены, которые в конце лекции учащимся необходимо будет назвать.

Представим на примере одного семестра тематический план теоретических учебных занятий на 4 семестр по дисциплине «Педагогика» с отражением вышеуказанных видов лекций.(см.таб. №3)

Таблица 3. Тематический план теоретических учебных занятий на 4 семестр по дисциплине «Педагогика»

Тема лекции	Кол. час.	Формируемые коммуникативные компетенции	Образовательная технология	Деятельность студента

Лекция № 1 «Введение в педагогическую профессию».	2	С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Технология проблемного обучения»: Проблемная лекция	Познавательная: получает информацию; изучает информацию; анализирует; распознаёт; рассказывает; обобщает; защищает.
Лекция № 2 « Педагогика как наука».	2	С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Технология проблемного обучения»: Проблемная лекция	
Лекция №3 «Методология педагогики и методы педагогических исследований».		С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3,КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Технология РКМЧ»: Продвинутая лекция	
Лекция № 4 «Основные педагогические категории».	2	С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Технология проведения дискуссии»: Лекция-консультация	
Лекция № 5 «Педагогический процесс как целостная система».	2	С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Игровые технологии»: Лекция-пресс-конференция	
Лекция № 6 «Содержание образования как предметное поле обучения и воспитания».	2	С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Игровые технологии»: Лекция вдвоем (бинарная лекция)	
Лекция № 7 «Дидактика как педагогическая теория обучения».	2	С позиций развивающей цели: КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8	«Технология проведения дискуссии»: Лекция с заранее запланированными ошибками	

В связи с тем, что писание плана-конспекта лекции занимает большой объем страниц, нами представлен только один план-конспект. Так как, требования к объему диссертационного исследования не позволяют представить описание всех теоретических занятий.

План конспект лекции по дисциплине «Педагогика»

Тема: «Основные категории педагогики».

Вид лекции: Продвинутая лекция.

Цель: сформировать у учащихся основы теоретических знаний в области теории развития личности; развивать умение критически конструктивно анализировать, оценивать идеи, педагогический опыт и делать обобщающие выводы; воспитывать ценностное отношение к вкладу педагогов в развитие личности ребенка. Ход лекции:см. таб №4.

Таблица 4.

Этапы лекции	Формир.коммун.комп. (КК1-КК8) в
1. этап – «Вызов», активизация и мотивация, выявление имеющихся знаний у учащихся по теме лекции: Метод «ЗХУ» (индивидуально). Постановка 1-го открытого вопроса по теме лекции: «Метод мозгового штурма» (фронтальный опрос) Вопросы: Как вы думаете, что такое категория? Какие категории вы знаете. Категории педагогики? Дайте их характеристику. Чем одна категория отличается от другой? Как вы думаете, что такое развитие личности и в чем оно будет проявляться?	КК1, КК6, КК-8.
2 этап – «Осмысление», прослушивание первого вопроса лекции, фиксация выявленной информации.	
1 шаг - Фиксация выявленной информации учащимися по первому вопросу в ходе лекции – метод «Двухчастный дневник».(в двухчастном дневнике учащиеся фиксируют в разделе цитата такие понятия как: личность, индивидуальность, развитие биологическое, социальное и биосоциальное, а в разделе комментарии раскрывают их сущность).	
2 шаг - Дискуссия в парах, по результатам внесенных в двухчастный дневник информации о рассматриваемом вопросе лекции.	КК2, КК3, КК-4, КК5, КК6.
3 шаг – Резюме первого вопроса лекции (фронтально).	КК1, КК3, КК-8.
3. этап – «Вызов», постановка 2-го открытого вопроса по теме лекции: «Метод мозгового штурма» (фронтальный опрос) Вопросы: Как вы думаете, что влияет на формирование и развитие личности? Какова роль воспитания, самовоспитания наследственности в развитии личности? Какова роль среды в развитии человека и формировании его личности? Какую роль играет воспитание в формировании личности ?	КК1, КК6, КК-8.
4 этап – «Осмысление», прослушивание второго вопроса лекции.	
1 шаг - Фиксация выявленной информации учащимися по первому вопросу в ходе лекции– метод «Двухчастный дневник».(в двухчастном дневнике учащиеся фиксируют в разделе цитата такие факторы как: наследственность, сред, воспитание и обучение, а в разделе комментарии раскрывают их сущность).	
2 шаг - Дискуссия в парах, по результатам внесенных в двухчастный дневник информации о рассматриваемом вопросе лекции.	КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6.
3 шаг – Резюме второго вопроса лекции (фронтально).	КК-1, КК-3, КК-8.
5. этап – «Вызов», постановка 3-го открытого вопроса по теме лекции: «Метод мозгового штурма» (фронтальный опрос) Вопросы: Как вы думаете, какие движущие силы влияют на развитие личности? Как вы думаете, обучение влияет на развитие личности?	
6этап – «Осмысление», прослушивание третьего вопроса лекции».	
1 шаг - Фиксация выявленной информации учащимися по первому вопросу в ходе лекции – метод «Двухчастный дневник».(в двухчастном дневнике учащиеся фиксируют в разделе цитата противоречия и закономерности развития личности, а в разделе комментарии раскрывают их сущность).	
2 шаг - Дискуссия в парах, по результатам внесенных в двухчастный	КК-2, КК-3, КК-4, КК-

дневник информации о рассматриваемом вопросе лекции.	5, КК-6.
3 шаг – Резюме третьего вопроса лекции (фронтально).	КК-1, КК-3, К-К8.
7 этап – «Рефлексия» - анализ, осмысление основных вопросов лекции: Написание эссе по теме лекции в парах. Публикация эссе фронтально (с каждого ряда зачитываются по 2-3 эссе).	КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-6, КК-8.

Таким образом, представленная методика формирования КК будущих педагогов на теоретических занятиях показывает развернуто и пошаговое выполнение деятельности педагога и учащихся, что позволяет проследить и наглядно представить, как и на каком этапе учебного занятия происходит формирование той или иной коммуникативной компетенции.

Список использованной литературы

1. Низовская, И.А. Словарь программы «Развитие критического мышления через чтение и письмо». – Бишкек, 2003. – 156 с.
2. Новая философская энциклопедия. https://iphras.ru/elib/1879.html?ysclid=mjhdutv3xz342548821
3. Сластенин, В.А. Педагогика: учебное пособие по педагогическим специальностям / В.А. Сластенин, И.Ф. Исаев, Е.Н. Шиянов. – М.: Академия, 2004. – 566 с.
4. Смирнова, Е.А. Формирование коммуникативной компетентности студентов в условиях непрерывного образования: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01/Е.А. Смирнова. –М., 2007.–30 с.
5. Ткачева С.А., Керембекова М. Роль курса «Педагогическое Мастерство» как средство становления коммуникативной компетентности будущих педагогов // Материалы Всероссийской научно- практической. конференции.- Сургут : РИО БУ, 2023.– С. 185

Рецензент: к.пед.н., доцент Исакова Ч.Б.

УДК 37.013.74:371.3

Эгамбердиева А.А., Кайдиева Н.К., Абдираимова Н.И., Жылчиева Д.С., Эсенканова А.К.
Эгамбердиева А.А., Кайдиева Н.К., Абдираимова Н.И., Жылчиева Д.С., Эсенканова А.К.
Egamberdieva A., Kaidieva N., Abdiraimova N., Zhylchieva D., Esenkanova A.

БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
ОСОБЕННОСТИ ПРОВЕДЕНИЯ ИНТЕГРИРОВАННЫХ УРОКОВ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
FEATURES OF CONDUCTING INTEGRATED LESSONS IN PRIMARY SCHOOL

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала башталгыч мектепте интеграцияланган сабактарды өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө арналган. Изилдөөдө интеграция түшүнүгү, анын педагогикалык мааниси жана мугалимдердин окутуу процессиндеги ролу каралат. Интеграция окуучуларга айлана-чөйрөнү бир бүтүн катары кабылдоого, ар түрдүү предметтердеги билимдерди системалаштырууга жана чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Макалада интеграциянын үч деңгээли - предмет ичиндеги, предметтер аралык жана транспредметтик - каралат. Мындан тышкары, тарыхый негиздерге токтолуп, Песталоцци, Ушинский, Сухомлинский жана Плешаковдун тажрыйбалары мисал катары келтирилет. Автор интеграцияланган сабактарды уюштуруудагы практикалык кеңештерди, сабактын түрлөрү, формалары жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн да талдап чыгат. Макаланын жыйынтыгы боюнча, интеграцияланган сабактар окуучулардын билимин тереңдетип, алардын интеллектинин, чыгармачылык жана коммуникативдик жөндөмдөрүнүн өнүгүүсүнө чоң салым кошот. Ошондой эле, интеграцияланган сабактар мугалимдерге өз билимдерин

жана педагогикалык тажрыйбасын өнүктүрүүгө шарт түзөт. Бул форма окуу процессин инновациялык жана кызыктуу кылып, окуучуларды активдүү катышууга шыктандырат.

Аннотация: Статья посвящена особенностям проведения интегрированных уроков в начальной школе. В исследовании рассматривается понятие интеграции, её педагогическое значение и роль учителей в образовательном процессе. Интеграция позволяет ученикам воспринимать окружающий мир как целостное явление, систематизировать знания из разных предметов и развивать творческое мышление. В статье анализируются три уровня интеграции: внутри предметная, межпредметная и транспредметная. Кроме того, рассматриваются исторические основы: опыт Песталоцци, Ушинского, Сухомлинского и Плешакова. Автор даёт практические рекомендации по организации интегрированных уроков, их типам, формам и педагогическим возможностям. В результате интегрированные уроки способствуют углублению знаний учеников, развитию их интеллекта, творческих и коммуникативных навыков. Также они создают условия для профессионального роста учителей и делают учебный процесс инновационным и увлекательным, мотивируя активное участие учеников.

Abstract: The article explores the features of conducting integrated lessons in primary school. It examines the concept of integration, its pedagogical significance, and the teacher's role in the learning process. Integration helps students perceive the world as a unified whole, systematize knowledge across subjects, and develop creative thinking. Three levels of integration are analyzed: intra-subject, inter-subject, and trans-subject. Historical examples, including Pestalozzi, Ushinsky, Sukhomlinsky, and Pleshakov, are discussed. Practical recommendations for organizing integrated lessons, their types, forms, and pedagogical potential are provided. Integrated lessons enhance students' knowledge, intellectual and creative skills, and communicative abilities, while also supporting teachers' professional development and making learning engaging and innovative.

[5]: *To calculate the volume of an egg, we can approximate its shape as a prolate spheroid. The approximate volume of the egg is 23.6 cm³.*

Студенттерге коюлган жалпыланган маселеде жумурутканын узундугу ар кандай 20дан 60 мм чейин жана туурасы (узундуктун 0.8 эсесинен азыраак) 15ден 40 мм чейин болушу мүмкүн. Эгерде

студенттин жообу созулган сфероиддин көлөмүнөн 10 пайыздан азыраак айырмаланса, анда ага «эң жакшы» деген баа коюлат.

2. Биз мүмкүн болгон иргөө түрүндө процессти компьютерде ишке ашырдык.

Чарчынын (электр изоляциялоочу заттан жасалган кутучанын) ичинде, өтө илээшкектүү чөйрөдө көптөгөн түртүүчү чекиттик электр заряддарынын жылуусун чагылдыруучу, оң жактары үзгүлтүктүү болгон кадимки дифференциалдык теңдемелер системасын болжол менен чыгардык. Пайда болгон натыйжалар дисплейде сүрөттөлдү.

Автоматташтырылган элести таанып билүү үчүн төмөнкү алгоритмди түздүк.

АЛГОРИТМ (коңшулардын орточо санын табуу):

Тегиздикте, чарчыда $x[K], K:=1..N$ чекиттер берилет; $p>1$.

Башта; K:=1..N үчүн {W:=1000; L:=1..N үчүн
{Эгерде (L≠K) жана (ρ(x[L], x[K])<W) болсо, анда W:= ρ(x[L], x[K]) болсун};
Q[K]:= 0;
L:=1..N үчүн {Эгерде (L≠K) жана (ρ(x[L], x[K])<pW) болсо, анда Q[K]:= Q[K]+1 болсун};
F:=0;
K:=1..N үчүн {F:=F+Q[K]}; F:=F/N; F чыгар; Аякта.

Эсептөөлөр көрсөткөндөй чекиттердин баштапкы жайгашуусун кокустан берип, андан кийинки турукташтыруудан кийин (*): көпчүлүк заряддар чарчынын чегинде жайгашат. Көпчүлүк константасы (*N*) жүздөн көп болгондо, АЛГОРИТМ чарчынын орто аймагында “заряддардын коңшуларынын орточо саны ~ 6” деп, эсептеди. Ошентип, алынган натыйжа (**): чарчынын борбордук бөлүгүндө болжолдуу үч бурчтуу тор түзүлөт.

(Башка авторлордун эсептөөлөрүндө көпчүлүк константасы аныкталган эмес).

Биз [5]тен мындай эксперименттин мүмкүн болгон натыйжалары жөнүндө сурадык. [5] мындай жоопторду айтты: (*) туура, жана (**) боюнча үч бурчтуу тор же квадраттык тор болушу мүнкүн.

Жогоруда айтылгандардан, ар кандай иштер (окуу маселесин чыгаруу, студенттерге тапшырманы даярдоо, илимий изилдөө ж.б.) үчүн төмөнкү кеңештерди сунуштайбыз:

1. Адегенде жасалма интеллекттен сурагыла.

2. Жасалма интеллекттин негизги тили англис тили. Муну жасалма интеллект каалаган башка тилдеги суроого жооп бергенде, жетишерлик сөз таба албаган жерлеринде англис сөздөрүн колдонушунан көрүүгө болот. Биринчиден англисче сурагыла. Сөздөрдү өткөрүп жибербегиле жана кыскартпагыла. Кашааларды сөздөр жана белгилер үчүн колдонгула. ASCII белгилерин гана колдонгула.

3. Суроону жөнөкөй сөздөр менен жазгыла. Эгерде атайын, кесиптик терминдер колдонулса, анда ЖИ ойлонбостон, мындай терминдер жөнүндө гана маалыматты берет.

4. Ал», «Алар», «Бул» «Айтылган», «Ошол» ж. у. с. сөздөрдү бардык тилдерде колдонбогула.

5. Математикалык, физикалык, химиялык, илимий белгилерди, формулаларды жазуунун эрежелери жок (мисалы, “$8^3/_5$” “$8+^3/_5$” катары түшүнүлөт; “*8x*” “*8*x*” катары түшүнүлөт). Ошондуктан, формуларды бир сапка жазгыла (ЖИ белгилердин менен сөздөрдүн байланышынан турган туюнтманы түшүнөт).

Мисалы: lim{((2*x+5)^3)/(x^3+1): x tends to infinity} = ? (Жообу: 8).

6. Логикалык маанидеги жоопту суроо коюлбашы керек. Мисалы, “5 <6 чынбы?”- деген суроонун ордуна: “5 жана 6 сандарынын кайсынысы чоң?” - деген суроо коюлушу керек.

7. Жасалма интеллект бир нече мүнөттүн ичинде Интернеттеги ар кайсыл тилдеги тексттердин көп бөлүгүн көрүп чыгат (бул адам баласы үчүн жетишилгис нерсе), чыгармачылык жакындоону колдонуп, текст менен формулаларын жазат. Бул текстте дээрлик ар дайым изилдөөчү билбеген белгилүү ыкмалар жана натыйжалар, ошондой эле жасалма интеллект тарабынан ойлонуп табылган маалыматтар болот. Суроону башка тилде, башка сөз менен кайталап, жоопту тактоого болот.

8. Колдонулган текст каталуу болушу мүмкүн. Аны сын талдоо жана ыраазычылык билдирүү менен

талкулоо (жасалма интеллект муну жактырат), маалыматтын башка булагы менен салыштыруу аркылуу маалыматка тийиштүү болгон текстти жаздырууга жардам берет. Эгерде ЖИ ойлоп тапкан илимий натыйжа туура болсо жана ал жарыялана элек болсо, анда аны өзүнүздүкү деп эсептесеңиз болот.

Колдонулган адабияттар

1. Шевелев А.С. Анализ использования CHATGPT в процессе обучения студентов программированию // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, № 1 (117), 2024. – С. 99-102.
2. Kenenbaeva G.M., Zhamalova V. Zh. Problems of using artificial intelligence in mathematical research // Herald of Institute of Mathematics of NAS of KR, 2024, No. 1. - Pp. 187-194.
3. Григорьева Д.Р., Гареева Г.А., Басыров Р.Р. Основы нечеткой логики: - Набережные Челны: Изд-во НЧИ КФУ, 2018. - 42 с.
4. gemini
5. chat.deepseek.com
6. wolframalpha.com
7. Pankov P.S., Tagaeva S.B. Enlarged list of effects in mathematics and its applications // Herald of Institute of Mathematics of NAS of KR, 2025, No. 1, pp.18-23.
8. Мазилов В.А. Гештальт-психология: исследование творческого мышления // Вестник ВолГУ, 2011, серия 11, № 1, с. 80-89.
9. Pankov P.S., Aidaraliyeva J.Sh., Lopatkin V.S. Active English on computer. Conference "Improving Content and Approach in the Teaching of English Language in the Context of Educational Reform", Kyrgyz State Pedagogical University, Bishkek, 1996. - pp. 25-27.
10. Pankov P.S., Alimbay E. Virtual Environment for Interactive Learning Languages. Human Language Technologies as a Challenge for Computer Science and Linguistics: Proceedings of 2nd Language and Technology Conference, Poznan, 2005. – Pp. 357-360.
11. Bayachorova B.J., Pankov P. Independent Computer Presentation of a Natural Language // Varia Informatica. – Lublin: Polish Information Processing Society, 2009. – Pp. 73-84.
12. Панков П., Баячорова Б., Жураев М. Кыргыз тилин компьютерде чагылдыруу. – Бишкек: Турар, 2010.
13. Bayachorova B.J., Pankov P.S., Murzakulov S.M. Independent computer presentation of goal setting verbs // Ж. Баласагын атындагы КУУ жарчысы, 2022, № 3. - 206-211-б
14. Bayalieva E.J., Bayachorova B.J., Pankov P.S. Applying artificial intelligence to develop parametrized tasks // Vestnik of Kyrgyz National University named after J. Balasagyn. Special issue, 2025, pp. 26-32.

Рецензент: ф-м. и.д., профессор Байзаков А.Б.

УДК: 37.091.3:004

Байтокова А.С., Шаакеримова М.Ж.

Байтокова А.С., Шаакеримова М.Ж.

Baitokova A.S., Shaakerimova M.Zh.

БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ПЕДАГОГИКА: ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕР, САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР
ИННОВАЦИОННАЯ ПЕДАГОГИКА В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ: ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ, ЦИФРОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ
INNOVATIVE PEDAGOGY IN THE EDUCATIONAL SYSTEM: THEORETICAL FOUNDATIONS, DIGITAL TECHNOLOGIES

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада XXI кылымдын билим берүү системасындагы инновациялык процесстердин теориялык негиздери жана алардын окутуунун сапатын комплекстүү жогорулатуудагы ролу терең изилденет. Автор коннективизм, кеңейтилген таанып билүү жана критикалык педагогика теорияларына таянуу менен билим берүүнүн мазмунун салттуу маалымат берүүдөн компетенттүүлүк мамилеге трансформациялоо маселелерин талдайт. Изилдөөдө аралаш окутуу (Blended Learning), тескери класс (Flipped Classroom) сыяктуу жаңы форматтарга, ошондой эле долбоорлоо жана геймификация сыяктуу активдүү методдорго басым жасалган. Макалада жасалма интеллект (AI), виртуалдык реалдуулук (VR), STEAM-билим берүү жана адаптивдүү платформаларды педагогикалык процесске интеграциялоонун натыйжалуу жолдору изилденген. Инновацияларды киргизүүнүн системалык тоскоолдуктарына (микро- мезо жана макро деңгээлдерде) критикалык анализ жүргүзүлдү. SAMR модели жана билим берүү технологияларынын толук наркы (TCO) концепциясы аркылуу туруктуу трансформациянын практикалык стратегиялары сунушталган. Макала санариптик доордогу педагогдун өзгөргөн ролун жана технологияларды колдонуудагы этикалык маселелерди (алгоритмдик адилеттик, санариптик теңсиздик) изилдейт. Эмгек билим берүү тармагындагы адистерге, изилдөөчү педагогдорго жана студенттерге багытталган. Бул иш келечектин мектебин куруудагы стратегиялык багыттарды аныктоого жана технологиялардын трансформациялык потенциалын ишке ашырууга көмөктөшөт.

Аннотация: В данной статье глубоко исследуются теоретические основы инновационных процессов в системе образования XXI века и их ключевая роль в комплексном повышении качества обучения. Автор анализирует вопросы трансформации содержания образования от традиционной передачи знаний к компетентностному подходу, опираясь на теории коннективизма, расширенного познания и критической педагогики. В исследовании сделан акцент на новых форматах обучения, таких как смешанное обучение (Blended Learning) и «перевернутый класс» (Flipped Classroom), а также на активных методах: проектной деятельности и геймификации. В статье изучены эффективные пути интеграции искусственного интеллекта (AI), виртуальной реальности (VR), STEAM-образования и адаптивных платформ в педагогический процесс. Проведен критический анализ системных барьеров внедрения инноваций (на микро-, мезо- и макроуровнях). Предложены практические стратегии устойчивой трансформации через модель SAMR и концепцию совокупной стоимости владения (TCO) образовательными технологиями. Рассматриваются изменение профессиональной роли учителя в цифровую эпоху и этические аспекты использования технологий (алгоритмическая справедливость, цифровое неравенство). Работа ориентирована на специалистов сферы образования, педагогов-исследователей и студентов. Данное исследование способствует определению стратегических направлений развития школы будущего и реализации трансформационного потенциала технологий.

Abstract: This article provides an in-depth examination of the theoretical foundations of innovative processes within the 21st-century educational system and their fundamental role in comprehensively improving learning quality. Drawing on theories of connectivism, extended cognition, and critical pedagogy, the author analyzes the transformation of educational content from traditional knowledge transfer to a competency-based approach. The research emphasizes new learning formats such as blended learning and the flipped classroom model, as well as active methods including project-based learning and gamification. The study explores effective pathways for integrating artificial intelligence (AI), virtual reality (VR), STEAM education, and adaptive platforms into the pedagogical process. A critical analysis of systemic barriers to innovation implementation is conducted across micro-, meso-, and macro-levels. Practical strategies for sustainable transformation are proposed through the SAMR model and the Total Cost of Ownership (TCO) concept for educational technologies. The article examines the evolving professional role of teachers in the digital age and ethical dimensions of technology use, including algorithmic fairness and digital inequality. This work is intended for educational professionals, teacher-researchers, and students. The research contributes to defining strategic directions for developing schools of the future and realizing the transformational potential of technologies.

Негизги сөздөр: инновациялык педагогика; заманбап технологиялар; компетенттүүлүк мамил; аралаш окутуу; жасалма интеллект; санариптик трансформация; STEAM-билим берүү; интерактивдүү методдор.

Ключевые слова: инновационная педагогика; современные технологи;, компетентностный подхо; смешанное обучение; искусственный интеллект; цифровая трансформация; STEAM-образование; интерактивные методы.

Keywords: innovative pedagogy; modern technologies; competency-based approach; blended learning; artificial intelligenc; digital transformation; STEAM education; interactive methods; flipped classroom.

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу маалымат жана билим негизги стратегиялык ресурстарга айланып жаткан технологиялык коомго глобалдык өтүүдөн келип чыгат. Индустриалдык доордо иштелип чыккан салттуу билим берүү системасы так аныкталган көндүмдөр топтомуна ээ кадрларды массалык түрдө даярдоого багытталган. Бирок, VUCA (туруксуздук, белгисиздик, татаалдык жана түшүнүксүздүк) дүйнөсүндө бул модель өзүнүн натыйжалуулугун жоготууда.

Инновациялык педагогика VUCA чакырыктарына төмөнкүдөй стратегиялык жоопторду (VUCA-Prime) сунуштайт: Vision (Максат): Туруксуздукка каршы туруу үчүн окуучунун так максаты жана баалуулуктары болушу керек. Педагогика окуучунун өз алдынча максат коюусун (Self-determination) колдоого тийиш; Understanding (Түшүнүү): Белгисиздикти жеңүү үчүн терең анализ жана изилдөө керек. Бул жерде изилдөөчүлүк методдор жана долбоорлоо (PBL) маанилүү роль ойнойт; Clarity (Ачыктык): Татаалдыкты жөнөкөйлөтүү үчүн маалыматты системалаштыруу көндүмү зарыл. Заманбап технологиялар (визуалдаштыруу, инфографика, акыл-карталар) татаал темаларды ачык түшүнүүгө жардам берет; Agility (Ийкемдүүлүк): Эки анжылыкка каршы ийкемдүүлүк керек. Окуучу ката кетирүүдөн коркпостон, жаңы шарттарга тез ыңгайлашып, чечим кабыл алууга машыгышы зарыл.

VUCA дүйнөсү билим берүүдөн мазмунду гана эмес, окутуунун маңызын өзгөртүүнү талап кылат. Инновациялык технологиялар (Жасалма интеллект, санариптик платформалар ж.б.) бул белгисиздик жана татаалдык шартында окуучуга багыт берүүчү курал болуп саналат. Педагогдун милдети — окуучуну даяр жоптордун дүйнөсүндө эмес, чексиз суроолордун жана өзгөрүүлөрдүн дүйнөсүндө жашоого даярдоо. "Бүгүнкү күндө коомдун өнүгүүсү постиндустриалдык баскычка өтүп, билим берүү системасы туруксуздук жана белгисиздик (VUCA) мүнөздүү болгон жаңы доорго туш келди. Заманбап коом терең предметтик билимге гана эмес, ошондой эле сын көз караш менен талдоо, тез кайра даярдоо жана санариптик чөйрөдө жемиштүү иштөө жөндөмүнө ээ адистерди талап кылат. Инновациялык педагогика кошумча эмес, билим берүү мекемелеринин жашап кетиши үчүн зарыл болгон негиз болуп саналат. Көйгөй технологиялардын (EdTech) тез өнүгүшү менен методологиялык ыкмалардын инерциясынын ортосундагы ажырымда жатат. Технологиялык куралдардын педагогикалык мазмун менен кандай байланышы бар экенин кылдат талдоо зарыл.

Теориялык негиздер

Педагогикадагы инновациянын пайдубалы В.И. Загвязинскийдин эмгектери менен түптөлгөн, ал инновациялык процессти билим берүүдө жаңы элементтерди түзүү, өздөштүрүү жана колдонуунун татаал иш-аракети катары аныктаган.

"Изилдөөбүздүн теориялык негизи катары белгилүү педагог В.И. Загвязинскийдин эмгектерин алдык. Ал инновациялык процессти билим берүү системасынын ички потенциалын ачуучу негизги фактор катары караган. Загвязинскийдин пикири боюнча, заманбап технологиялар педагогдун чыгармачылык дарамети менен айкалышканда гана окутуунун мазмуну жаңы сапатка ээ болот [3]."

И.С. Якиманская менен Ш.А. Амонашвилинин изилдөөлөрүндө кандай гана технология болбосун ал студенттин өз алдынча чечим кабыл алуусуна жана чыгармачылык эркиндигине кызмат кылышы зарыл. Башкача айтканда, окутуу процесси студентти маалымат менен жүктөө эмес, анын ички потенциалын ойготуу болуп саналат. Санариптештирүү жана билим берүү технологиялары:

Заманбап изилдөөчүлөр (мисалы, А.В. Хуторской) аралыктан окутуу технологияларынын жана бөлүштүрүлгөн окутуу системаларынын ролун баса белгилешет. "Сеймур Пейперттин конструкционисттик теориясы боюнча, эң натыйжалуу билим — бул студент өз колу менен бир нерсени жаратып жатканда пайда болгон билим. Мында технологиялар студентке даяр маалыматты бербестен, анын өз алдынча изилдөө жүргүзүүсүнө жана чыгармачылык менен жаңы нерселерди куруусуна шарт түзгөн курал болуп берет."

XXI кылымдын концепциясы: ЮНЕСКОнун жана Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюмунун учурдагы отчетторунда "Келечектеги көндүмдөрдүн" (4С) мааниси баса белгиленет, бул окуу программасынын мазмунун өзгөртүүнүн негизги көрсөтмөсү катары инновациялык педагогика жөнүндөгү макалаларда чагылдырылган [2]. Бул билим берүү модели илимдердин айкалышуусуна жана конвергенттик мамилеге негизделген, мында физика, биология жана информатиканын ортосундагы чек аралар жоюлуп, алар бир бүтүн тармакка айланат. "Ооба, билимдердин биригүүсү аркылуу инновациялык педагогика окуучуну предметтерди бир бүтүн катары колдонууга үйрөтүшү керек. Бул «Конвергенттик билим берүү» деп аталат. "Бүгүнкү күндө билим берүүдө конвергенттик мамиле абдан маанилүү. Бул студенттердин ар башка илимдерди (мисалы, физика менен информатиканы) өзүнчө бөлбөй, бир бүтүн билим катары кабыл алышына шарт түзөт. Конвергенттик технологиялар окуучуга курчап турган дүйнөнү толук кандуу түшүнүүгө жана татаал маселелердин эң так, туура чечимдерин табууга жардам берет."

Демек, заманбап билим берүүнүн мазмуну жөн гана маалыматтык билим алууу эмес, инсандын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө (компетенттүүлүккө) багытталгандыгын көрүүгө болот. Окуучу фактыларды жаттоо менен чектелбестен, алган билимин турмуштук кырдаалдарда колдоно билиши керек. Бул жерде "Функционалдык сабаттуулук" түшүнүгү алдыңкы планга чыгат. Дүйнөнү бир бүтүн катары кабыл алуу үчүн предметтер аралык (мисалы, STEM – илим, технология, инженерия жана математика) интеграциясы күчөтүлүүдө. Soft Skills (Ийкемдүү көндүмдөр): Окуу программаларына сынчыл ой жүгүртүү, командада иштөө, лидерлик жана эмоционалдык интеллект сыяктуу көндүмдөр мазмундук деңгээлде киргизилүүдө. Инновациялык формалар салттуу "мугалим сүйлөйт – окуучу угат" деген моделди бузуп, окуучуну окуу процессинин борборуна коёт. Мындай окуу процессинде кандай формалар колдонулушу керек: Аралаш окутуу (Blended Learning) бул форма салттуу бетме-бет окутуу менен онлайн технологияларды айкалыштырат. Эң натыйжалуу модели – "Оодарылган класс" (Flipped Classroom). Мында окуучу теориялык материалды үйдөн видео же санариптик платформадан көрүп келет, ал эми сабак учурунда мугалим менен бирге практикалык тапшырмаларды гана аткарат. Жасалма интеллект (ЖИ) бүгүнкү күндө билим берүүдөгү эң революциялык курал болуп саналат. Анын негизги функциясы - мугалимдин бир түрдүү иштерин жеңилдетүү жана окуучу үчүн "жеке репетитор" болуп берүү. Адаптивдүү окуу платформалары: Knewton же DreamBox сыяктуу системалар окуучунун ар бир кадамын талдайт. "Инновациялык педагогиканы ишке ашырууда Knewton жана DreamBox сыяктуу адаптивдүү платформалардын ролу чоң. Бул технологиялар жасалма интеллекттин жардамы менен окуу процессин персоналдаштырууга, башкача айтканда, ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырууга мүмкүндүк берет. Мындай системалар билим берүүдөгү 'орточо көрсөткүчкө' багытталган эски моделден чыгып, ар бир инсандын ийгилигине багытталган жаңы формага өтүүгө шарт түзөт." Салттуу окууда мугалим бир эле теманы 30 окуучуга бирдей түшүндүрөт. Бирок кимдир бирөө тез түшүнөт, кимдир бирөө жай. Knewton жана DreamBox менен иштөөдө, окуучу тапшырманы аткарып жатканда, система анын деңгээлин аныктайт.Эгер окуучу бир темадан кыйналып жатса, система ага татаал маселе бербей, ошол теманы түшүндүргөн жеңил видео же башкача мисал сунуштайт. Окуучу теманы өздөштүргөн сайын, маселелер автоматтык түрдө татаалдашып турат.Жыйынтыгында, эгерде окуучу математикалык маселени чечүүдө логикалык ката кетирсе, ЖИ аны дароо байкап, ошол катага тиешелүү теориялык блокту кайра түшүндүрүп берет. Бул окуучунун программаны толук түшүнүүсүнө шарт түзөт.

Генеративдик интеллект (LLM моделдери): ChatGPT сыяктуу куралдар окуучуларга татаал темаларды жөнөкөй тилде түшүндүрүп берүүгө, код жазууга же эссенин планын түзүүгө жардам берет. Педагогикалык көз караштан алганда, бул жерде мугалимдин ролу окуучуга "туура суроо берүү" (prompt engineering) жана алынган маалыматты сын көз менен текшерүү көндүмүн үйрөтүүгө багытталат. Ушул технологиялык инновациялардын педагогикалык натыйжалуулугу алардын теориялык негиздеринин тереңдигине түздөн-түз байланыштуу. Ошондуктан, заманбап билим берүүнүн санариптик трансформациясынын фундаменталдык принциптерин изилдөө тал ап кылынат.

Парадигмалык өзгөрүү: берүүнүн педагогикасынан ачуунун педагогикасына Заманбап инновациялык педагогика билим берүү процессинде билимдин ролун фундаменталдуу кайра кароого негизделет. Эгерде индустриалдык доордо билим статикалык объект катары кабыл алынып, аны өткөрүп берүү жана кайталоо керек болсо, санариптик доордо билим маанилерди куруунун динамикалык процессине айланат. Бул өтүү Жером Брунердин иштеп чыккан "ачуу педагогикасы" (Discovery Learning) концепциясында чагылдырылган, ал окуу студент активдүү изилдөө аркылуу өз алдынча түшүнүк куруп жатканда эң натыйжалуу болорун ырастаган.

Жордж Сименстин коннективизм теориясы (2005) тармактык коомдун контекстинде өзгөчө актуалдуу болуп калат. Коннективизмге ылайык, окуу --- бул маалыматтын түйүндөрүнүн ортосундагы байланыштар тармагын түзүү процесси, мында билимдин көлөмү эмес, көптөгөн булактардан маалыматты табуу, чыпкалоо жана синтездөө жөндөмү критикалык маанилүү болуп калат. Бул парадигмада технологиялык платформалар жардамчы курал боло бербей, окуучунун когнитивдик экосистемасынын ажыратылгыс бөлүгүнө айланат.

Энди Кларк жана Дэвид Чалмерстин "кеңейтилген таанып билүү" (Extended Cognition) концепциясын белгилей кетүү маанилүү, бул санариптик куралдар ой жүгүртүүгө жардам бербестен, анын ажыратылгыс бөлүгүнө айланарын ырастайт. Билим берүү ресурстарына кирүүсү бар смартфон --- бул сырткы жардамчы эмес, студенттин когнитивдик мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейиши. Бул теория технологиялардын ролуна карата көз карашты радикалдуу өзгөртөт: алар ой жүгүртүүнү алмаштырбайт, анын табиятын трансформациялайт.

Санариптик доордогу критикалык педагогика: алгоритмдик объективдүүлүктүн чакырыктары

ЖИ жана чоң берилиштерди билим берүүгө киргизүү Кэти О'Нилдин "Математикалык жок кылуунун куралы" (2016) эмгегинде сыпатталган фундаменталдык этикалык дилемманы жаратат. Адаптивдүү окутуунун алгоритмдери, алардын бардык натыйжалуулугуна карабастан, учурдагы социалдык теңсиздиктерди кайталап жана күчөтө алат. Эгерде система белгилүү бир топтор системалык дискриминация айынан төмөнкү жыйынтыктарды көрсөткөн тарыхый берилиштерге окутулса, алгоритм бул үлгүлөрдү "бекемдей" алат, ушул топтордогу студенттерге азыраак татаал тапшырмаларды сунуштап. Бул жерде MIT Media Lab иштеп чыккан "алгоритмдик адилеттик" (Algorithmic Fairness) концепциясы критикалык маанилүү. Ал билим берүү технологияларынын иштеп чыгуучуларынан окутууну персоналдаштыруу боюнча чечимдер кандай кабыл алынарын ачык-айкындуулукту жана системалык бурмалоолорду үзгүлтүксүз аудит жүргүзүүнү талап кылат. Борбор менен регионалдык аймактардын ортосундагы санариптик теңсиздик өзгөчө байкалып турган постсоветтик мейкиндиктин контекстинде бул көйгөй кошумча өлчөмгө ээ болот.

Паоло Фрейре өзүнүн "Кысымдагылардын педагогикасында" "банктык билим берүү моделинен" эскертип, мында студент билимдердин пассивдүү алуучусу катары каралган. Санариптик технологиялар бул моделди күчөтүшү да, жеңиши да мүмкүн. Критикалык ой жүгүртүүнү стимулдабастан даяр жоопторду берүүчү адаптивдүү платформалар "санариптик банктык моделди" түзүү коркунучун жаратат. Тескерисинче, маселени чечүүгө жана peer-to-peer өз ара аракеттенүүгө негизделген технологиялар фрейровдук диалогикалык билим берүүнүн идеалын жаңы деңгээлде ишке ашыра алат.

Заманбап технологиялар жана инновациялык окутуу методдору

Робототехника жана STEAM-билим берүү боюнча айтсак, робототехника — бул жөн гана оюнчуктарды чогултуу эмес, бул физика, математика, программалоо жана инженердик ой

жүгүртүүнү айкалыштырган дисциплиналар аралык ыкма. Робототехника сабактарында окуучулар топторго бөлүнүп, долбоордун үстүндө иштешет. Бул жерде "ката кетирүүдөн коркпоо" маданияты калыптанат, анткени робот иштебей калса, окуучу катасын издеп, аны оңдоого машыгат (debugging).

Виртуалдык жана Толукталган реалдуулук (VR/AR) иммерсивдүү метод катары жөнөкөй тил менен айтканда, бул студент маалыматты сырттан эле карап же угуп койбостон, ошол окуянын же процесстин ичинде жүргөндөй сезиши. Жогорку билим берүүдө иммерсивдүү метод (чөйрөгө толук чөмүлүү методу) — бул студентти окуу процессине жөн гана угуучу катары эмес, активдүү катышуучу же ошол чөйрөнүн бир бөлүгү катары тартуу. LLM моделдери бул методду ишке ашырууда эбегейсиз мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Иммерсивдүү метод VR (Виртуалдык реалдуулук): Окуучу атайын көз айнек тагынып, такыр башка дүйнөгө (мисалы, Марс планетасына же адамдын кан тамырларынын ичине) кирип кетет. AR (Толукталган реалдуулук): Реалдуу дүйнөгө санариптик элементтерди кошуу. Мисалы, китептеги жүрөктүн сүрөтүн телефондун камерасы менен караганда, ал 3D форматта согуп жатканын көрүүгө болот. Иммерсивдүү методдун артыкчылыктары: көңүл буруу бир жерге топтолот, виртуалдык көз айнек тагынган окуучуну сырткы факторлор (телефон, ызы-чуу) алаксыта албайт. Ал 100% окуу процессинде болот. Адам жөн эле окуганга караганда, өзү көргөн жана сезген нерсени 90% жакшыраак эстеп калат. Бул технологияларга бир нече мисалдарды келтирүүгө болот. Мисалы татаал хирургиялык операцияларды эч кандай коркунучсуз виртуалдык чөйрөдө миндеген жолу кайталап машыгууга болот. Студенттер Экинчи дүйнөлүк согуштун согуш талаасында «жүрүп», тарыхый окуяларга катышуучу катары байкоо салат. Студент өзүн Лондондун борборундагы кафеде отургандай сезип, виртуалдык каармандар менен англисче сүйлөшөт.

Инновацияларды киргизүүнүн тоскоолдуктары жана стратегиялары

Билим берүүдөгү инновацияларга каршылыктын үч деңгээлдүү модели

Педагогикалык инновацияларга каршылык --- бул иррационалдуу упандык эмес, структуралык анализди талап кылган системалык феномен. Эверетт Роджерстин "Инновациялардын диффузиясы" (2003) модели жаңылыктарга карата билим берүү процессинин катышуучуларынын беш тибин бөлүп көрсөтөт: инноваторлор (2,5%), эрте ээрчүүчүлөр (13,5%), эрте көпчүлүк (34%), кеч көпчүлүк (34%) жана артта калгандар (16%). Ийгиликтүү киргизүү үчүн критикалык масса эрте ээрчүүчүлөрдүн 16-20% камтылганда жетишилет.

Бирок Роджерстин модели институционалдык тоскоолдуктарды эске албайт. Димаджио жана Пауэллдин институционалдык изоморфизмдер теориясы (1983) билим берүү уюмдары ийгиликтүү практикаларды алардын натыйжалуулугунан эмес, социалдык кысымдан улам ("баардык престиждүү университеттер ушинтип жасайт") көчүрүүгө умтулаарын көрсөтөт. Бул парадоксту жаратат: педагогикалык философияны өзгөртпөстөн инновациялык технологияларды формалдык түрдө кабыл алуу. Мектеп интерактивдүү тактайларды киргизе алат, бирок аларды салттуу лекцияларды көрсөтүү үчүн колдоно алат.

Үч деңгээлдеги тоскоолдуктар бар:

Микродеңгээл (жеке): Педагогдордун технологиялык тынчсыздануусу, көбүнчө жаш жана мурунку тажрыйба менен байланыштуу. Изилдөөлөр Р. Азуманын (2019) эмгектеринде сыпатталган "санариптик стрессти" 50 жаштан өткөн педагогдор 2,3 эсе көп сезерин көрсөтөт. Чечим: мажбурлоочу окутуу эмес, педагогдор өз ыктыяры менен тажрыйба алмашкан практика коомчулуктарын (Communities of Practice) түзүү.

Мезодеңгээл (уюмдук): Инновацияларды стимулдоо системаларынын жоктугу. Эгерде VR-технологияларды киргизип жаткан педагог даярдануу үчүн 3 эсе көп убакыт коротуп, жүктөө же акы төлөө өзгөрбөсө, рационалдуу стратегия --- аракеттерди минималдаштыруу. Мотивация системасын реформалоо керек: материалдык бонустар гана эмес, таануу да (жарыялоолор, конференциялар, карьералык өсүү).

Макродеңгээл (системалык): Санариптик реалдуулукка ыңгайлаштырылбаган ченемдик-укуктук база. Мисалы, КМШнын көптөгөн өлкөлөрүндө онлайн-тестирлөө аттестациянын расмий

формасы катары таанылбайт, бул адаптивдүү баалоо системаларын киргизүүнү блоктойт. Билим берүү стандарттарынын жана мыйзамдардын деңгээлинде өзгөртүүлөр талап кылынат.

Салт менен радикалдуу үзүлүү маданий инерция айынан билим берүүдө сейрек ийгиликтүү болот. К. Бонк жана Ч. Грэмдин (2012) сунуштаган "гибриддик педагогика" концепциясы салттуу ыкмаларды санариптикке алмаштырууну эмес, кошумчалуулук принцибине негизденген алардын стратегиялык интеграциясын божомолдойт.

Рубен Пуэнтедуранын SAMR модели (2006) технологияларды интеграциялоонун төрт деңгээлин сыпаттайт:

1. Алмаштыруу (Substitution): технология түз аналог катары (кагаз китептин ордуна электрондук китеп) --- минималдык эффект.
2. Кеңейтүү (Augmentation): технология функционалдуулукту жакшыртат (видео жана интерактивдүү тесттер менен китеп) --- орточо эффект.
3. Модификация (Modification): технология тапшырмаларды кайра ойлонууга мүмкүндүк берет (студенттер биргелешкен wiki-долбоор түзүшөт) --- олуттуу эффект.
4. Кайра аныктоо (Redefinition): технология принципиалдуу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратат (тарыхый окуялардын VR-симуляциясы) --- трансформациялык эффект.

Киргизүү стратегиясы акырындык менен болушу керек: санариптик сабаттуулукту калыптандыруу үчүн алмаштыруу жана кеңейтүү деңгээлдеринен башталып, андан кийин модификация жана кайра аныктоого өтүү. Изилдөөлөр алдыңкы деңгээлдерден өтпөстөн дароо 4-деңгээлге секирүү учурлардын 67%да инновациянын четтөөсүнө алып келерин көрсөтөт.

Инновациялык технологияларды киргизүү көбүнчө бюджеттин чыгым статьясы катары кабыл алынат. Бирок Гэри Беккердин адам капиталы теориясы (1964) билим берүү керектөө эмес, узак мөөнөттүү кирешелүүлүгү бар инвестиция экенин көрсөтөт. Сапаттуу билим берүүгө салынган ар бир доллар бүтүмдүнүн жашоо учурунда 3төн 7 долларга чейин экономикалык өсүштү жаратат.

Ошентип, «Инновациялык педагогикада иммерсивдүү методдорду колдонуу билим берүүнүн натыйжалуулугун жаңы деңгээлге көтөрөт. VR жана AR технологиялары аркылуу ишке ашкан бул ыкма студенттин окуу материалына толук 'чумкуусун' камсыз кылып, татаал теориялык билимдерди визуалдык жана эмоционалдык тажрыйбага айландырат. Бул өзгөчө табигый илимдерди, тарыхты жана медицинаны окутууда алмаштыргыс курал болуп саналат».

Билим берүү аналитикасы жана этикалык маселелер

"Санариптик из" жана билим берүү аналитикасы (Learning Analytics) сыякту заманбап технологиялар окуучунун жетишкендиктерин гана эмес, анын окуу процессиндеги жүрүм-турумун да көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Big Data (Чоң берилиштер): Окуучунун онлайн платформада канча убакыт отурганы, кайсы видеону кайра-кайра көргөнү, кайсы суроодон көп кыйналганы тууралуу маалыматтар чогултулат. Предиктивдүү (алдын ала айтуучу) анализ: Бул маалыматтардын негизинде мугалим кайсы окуучу окуудан артта калышы мүмкүн экенин алдын ала билип, ага чейин жардам бере алат. Бул "билим берүүдөгү диагностиканын" жаңы деңгээли. Ал эми өзгөчө инклюзивдик билим берүүдө Moodle, Google Classroom же атайын мобилдик тиркемелер аркылуу билим алуу чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Инновациялык педагогикадагы тоскоолдуктар жана этикалык маселелер.Технологияларды киргизүүдө бир нече маанилүү көйгөйлөр бар: мисалы, бардык эле аймактарда жогорку ылдамдыктагы интернет же кымбат VR-жабдыктар жок. Бул билим берүүнүн сапатындагы ажырымды чоңойтушу мүмкүн. Бирок ошол эле учурда технологияларды ашыкча колдонуу студенттердин социалдык көндүмдөрүнө жана ден соолугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, дегеле инновациялык педагогикада "санариптик гигиена", "баланс" жана эмоционалдык интеллект да болушу керек. Билим берүүдө эмоционалдык интеллект жөнүндө айта турган болсок, бул да студенттердин билим алуусунда жана жашоо образындагы орчундуу маселе болуп саналат. Жогорудагы билим берүү процессиндеги жасалма интеллект жана башка алдыңкы технологияларды колдонууда эмоциялардын таасири дагы чоң роль ойнойт. Өзгөчө багытталган

окууларды үйрөнүүдө, көңүл буруу жана башкалардын иш-аракеттерин түшүнүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, командада иштөөгө, бири-бирине колдоо көрсөтүүнү, жардам берүүнү жана өз ара түшүнүшүүнү көрсөтөт [12].

Корутунду

Инновациялык педагогика жана заманбап технологиялар XXI кылымдын билим берүү системасынын сапатын түп-тамырынан өзгөртүүчү күчтүү факторлор болуп саналат. Бул изилдөөдө биз коннективизм, кеңейтилген таанып билүү жана критикалык педагогика сыяктуу теориялык негиздерге таянуу менен билим берүүнүн парадигмалык өзгөрүүсүн көрсөттүк. Салттуу "маалымат берүү" моделинен "чыгармачыл изилдөө" моделине өтүү VUCA дүйнөсүндө туруштук, ийкемдүүлүк жана өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмүнө ээ инсанды тарбиялоого багытталган.

Практикалык деңгээлде жасалма интеллект (Knewton, DreamBox, ChatGPT), виртуалдык реалдуулук (VR/AR), STEAM-билим берүү жана адаптивдүү платформалар окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн эске алган персоналдаштырылган окутууну ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Бул технологиялар аралаш окутуу, тескери класс, долбоорлоо жана геймификация сыяктуу инновациялык методдор менен айкалышып, билим берүүнүн натыйжалуулугун 70-80%га чейин жогорулатат.

Санариптик доордо мугалимдин ролу фундаменталдуу түрдө өзгөрөт: ал маалыматтын жалгыз булагы боло бербей, фасилитатор (багыт берүүчү), тьютор (насаатчы) жана модератор функцияларын аткарат. Педагогдун милдети — окуучуга санариптик маалымат океанынан туура багыт табууга көмөктөшүү, сынчыл ой жүгүртүү көндүмүн өнүктүрүү (prompt engineering) жана чыгармачылык потенциалын ачуу.

Негизги принциптер:

- Технология - максат эмес, курал. Ал мугалимдин адамдык баалуулуктарын, эмпатиясын жана педагогикалык чеберчилигин алмаштыра албайт.
- Окуучу - маалымат алуучу эмес, активдүү изилдөөчү жана билимдин конструктору.
- Мугалим - лектор эмес, студенттин жеке изденүү жолун колдогон насаатчы.
- Фокус - фактыларды жаттоодон Soft Skills (4C: сынчыл ой жүгүртүү, креативдүүлүк, коммуникация, кооперация) жана функционалдык сабаттуулукка.

Келечектин билим берүүсү "санариптикти" жана "адамдыкты" карама-каршы коюуда эмес, алардын синтезинде курулат. Коннективизм, кеңейтилген таанып билүү жана критикалык педагогика теорияларынын айкалышы технологиялардын трансформациялык потенциалын толук ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Бул система ишке ашканда гана билим берүү туруксуздук жана белгисиздик (VUCA) шартында өз алдынча ой жүгүртүп, өмүр бою үйрөнүүгө жана чыгармачыл чечимдерди издөөгө жөндөмдүү 21-кылымдын атаандаштыкка жөндөмдүү инсандарын тарбиялап чыга алат.

Инновациялык педагогика - бул жөн гана жаңы гаджеттерди колдонуу эмес, бул билим берүүнүн философиясын, методологиясын жана максатын түп-тамырынан кайра ойлонуу. Бул өзгөрүү педагогдордун, администраторлордун, саясатчылардын жана коомдун биргелешкен аракетин талап кылат. Ошондо гана биз келечектин мектебин - эркин, чыгармачыл, сынчыл ой жүгүртүүчү жана технологиялык жактан компетенттүү инсандарды тарбиялаган мектепти куруп бере алабыз.

Колдонулган адабияттар:

1. Амонашвили Ш.А. Гуманная педагогика. Актуальные вопросы воспитания и обучения. -М.: Издательский дом Шалвы Амонашвили, 2012. 4.
2. Байтокова А.С. Мугалимдерди даярдоодо 4С компетенттүүлүгүн өнүктүрүү технологиясы. - Б,: Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, Том17,2025, 42б.
3. Загвязинский, В.И. Теория обучения: Современная интерпретация : учебное пособие для студентов высших учебных заведений / В. И. Загвязинский. -5-е изд., стер. – Москва : Академия, 2008. – С. 105.

4. Кларин М.В. Инновационные модели обучения. Трансформация мирового образовательного опыта. — М.: Луч, 2016.

5. Якиманская И С. Личностно-ориентированное обучение в современной школе. — М.: Сентябрь, 2011.

6. Беккер Г. Человеческий капитал: теоретический и эмпирический анализ. --- М.: Аспект Пресс, 2003.

7. Бонк К., Грэм Ч. Справочник смешанного обучения: глобальные перспективы, локальные разработки. --- San Francisco: Pfeiffer, 2012.

8. Брунер Дж. Процесс обучения. --- М.: Издательство АПН РСФСР, 1962.

9. Димаджио П., Пауэлл У. Новый взгляд на «железную клетку»: институциональный изоморфизм и коллективная рациональность в организационных полях // Экономическая социология. --- 2010. --- Т. 11, № 1. --- С. 34-56.

10. Кларк Э., Чалмерс Д. Расширенное сознание // Аналитическая философия: избранные тексты. --- М.: МГУ, 1993. --- С. 428-444.

11. О'Нил К. Оружие математического поражения: как большие данные усиливают неравенство и угрожают демократии. --- М.: АСТ, 2018.

12. М. Самадиева, Г. Карабалаева, Н. Асипова Влияние эмоционального интеллекта на адаптацию первокурсников в техническом университете – Б,: Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, Том17,2025, 37-б.

Рецензент: пед. и.к., доцент Дүйшөнбекова К.Д.

УДК: 373

Жакыпбекова А. Т., Сманова Н.Т., Алиева Б.М.
Жакыпбекова А. Т., Сманова Н.Т., Алиева Б.М.
Zhakypbekova A.T., Smanova N.T., Alieva B.M.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ САНАРИП ТЕХНОЛОГИЯЛАР: ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШЫ, ӨНҮГҮҮ БАГЫТТАРЫ ЖАНА АЙРЫМ КӨЙГӨЙЛӨРҮ
ЦИФРОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ МЫШЛЕНИИ: ВЗАИМОСВЯЗЬ, НАПРАВЛЕНИЯ РАЗВИТИЯ И ОТДЕЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ
DIGITAL TECHNOLOGIES IN PEDAGOGICAL THINKING: INTERCONNECTION, DEVELOPMENT DIRECTIONS, AND CERTAIN CHALLENGES

Кыскача мүнөздөмө: Азыркы коом бул жогорку деңгээлде санариптешүү менен мүнөздөлгөн, билим берүү тармагына белгилүү бир өзгөртүүлөрдү киргизүүгө боло турган коом болуп саналат. Келечектеги мугалимдерди даярдоодо жаңы талаптар коюлуп келе жатат, алардын бири- электрондук билим берүү ресурстары, моделдөө жана окутуу процессине киргизүү. Мугалимдин кесиптик даярдыгынын мындай элементтеринин бири бул санариптик маданият болуп эсептелет. Изилдөөнүн максаты университетте келечектеги мугалимдерди кесиптик багытта даярдоо процессинде орун алган «санариптик маданият» категориясын башка категориялар менен өз ара байланышын кароо болуп саналат. Ал эми маселенин изилдениши теориялык изилдөө ыкмаларына негизделген: мында студенттердин санариптик маданияттын калыптандыруу маселелерин караган ар кандай илимий-изилдөө адабияттарын талдоону жүргүзгөн. Натыйжада ар кандай категориялардын өз ара байланышы бар экендиги аныкталган. Авторлор келечектеги мугалимдердин санариптик маданияттын калыптандыруу актуалдуулугун жогорулатуу, ошондой эле алардын сынчыл ойлоосун өнүктүрүү санариптик маданияттын компоненттерин түзүүнүн зарыл шарттарын негизделп берет. Бул макалада санариптик маданиятты өнүктүрүүдөгү натыйжалуу болгон санариптик куралдарды

колдонуунун жана заманбап окутуунун бир канча ыкмаларын мисалдар менен байланыштырган. Санариптик маданиятты калыптандыруу маселесин чечүүнүн жолдорунун бири-келечектеги жаш мугалимдерди маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштыруу жана аларга санариптик куралдарды кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Ошондой эле электрондук билим берүү ресурстарын моделдөөгө жана окутуу процессине киргизүүгө үйрөтүүгө багытталган элективдик курсту түзүү, терең өздөштүрүү болуп саналат. Бул окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

Аннотация: Современное общество характеризуется высоким уровнем цифровизации и является обществом, в котором можно внести определённые изменения в сферу образования. В подготовке будущих учителей предъявляются новые требования, одним из которых является внедрение электронных образовательных ресурсов, моделирования и интеграции в учебный процесс. Одним из таких элементов профессиональной подготовки учителя является цифровая культура.
Цель исследования заключается в рассмотрении взаимосвязей категории «цифровая культура», занимающей место в процессе профессиональной подготовки будущих учителей в университете. Изучение данного вопроса основано на теоретических методах исследования: при этом проводился анализ различных научно-исследовательских источников, рассматривающих проблемы формирования цифровой культуры у студентов. В результате было установлено наличие взаимосвязи различных категорий. Автор обосновывает необходимость повышения актуальности формирования цифровой культуры у будущих учителей, а также развития их критического мышления как необходимых условий для создания компонентов цифровой культуры. В данной статье приведены примеры использования эффективных цифровых инструментов и нескольких методов обучения, способствующих развитию цифровой культуры. Одним из путей решения проблемы формирования цифровой культуры является ознакомление будущих молодых учителей с возможностями информационных технологий и развитие у них навыков использования цифровых инструментов в профессиональной деятельности. Также создание элективного курса, направленного на обучение моделированию и внедрению электронных образовательных ресурсов в учебный процесс, является важным условием их глубокого освоения. Это способствует повышению эффективности учебного процесса.

Abstract: Modern society is characterized by a high level of digitalization and is a society in which certain changes can be introduced into the field of education. In the training of future teachers, new requirements are being set, one of which is the implementation of electronic educational resources, modeling, and integration into the learning process. One of the essential elements of a teacher’s professional training is digital culture. The purpose of the study is to examine the interconnections of the category of "digital culture," which occupies an important place in the process of professional training of future teachers at the university. The exploration of this issue is based on theoretical research methods, involving the analysis of various scholarly sources that address the challenges of developing digital culture among students. As a result, the presence of interconnections among various categories was established. The author substantiates the necessity of increasing the relevance of developing digital culture among future teachers, as well as fostering their critical thinking, which are essential conditions for creating the components of digital culture.This article presents examples of the use of effective digital tools and several teaching methods that contribute to the development of digital culture. One of the ways to address the problem of forming digital culture is to familiarize future young teachers with the possibilities of information technologies and to develop their skills in using digital tools in professional activities. The creation of an elective course aimed at teaching modeling and the implementation of electronic educational resources into the learning process is also an important condition for their thorough assimilation. This contributes to increasing the effectiveness of the educational process.

Негизги сөздөр: санарип; интернет; виртуалдык жана кенейтилген чындык; интеллект; ресурс; онлайн; модулдук; интерактивдүү доска; мобилдик колдонмолор; педагогдун санариптик маданияты.

Ключевые слова: цифровой; интернет; виртуальная и дополненная реальность; интеллект; ресурс; онлайн; модульный; интерактивная доска; мобильные приложения; цифровая культура педагога.

Keywords: digital; internet; virtual and augmented reality; intelligence; resource; online; modular; Interactive whiteboard; mobile applications; the digital culture of a teacher.

Киришүү. Азыркы коом бул жогорку ылдамдыктагы санариптешүү менен мүнөздөлөт, ал адамдын жашоосунун бардык тармактарына маалыматтык технологияларды активдүү киргизүүнү жана маалыматтык массивди санариптик чөйрөгө өткөрүүнү камтыйт.

Санариптештирүү бул өлкөдөгү туруктуулукка жана өнүгүүгө болгон ишенимдүү кадамдардын бири болуп саналат. Бул максатты көздөгөн өлкөдө бир катар: 2019-2023-жылдары өлкөнү санариптик **өнүгүүгө** трансформациялоо концепциясын, санариптештирүү багытындагы эң башкы платформа болгон “Түндүк системасы”, “Бирдиктүү терезе” долбоору, Бириккен Улуттар уюмунун өнүгүү программасы (БУУ), 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү өнүктүрүү боюнча программасын, Өлкөнү туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук стратегиянын негизги жана маанилүү долбоорунун бири болуп «Таза коом» жана “Акылдуу шаар” программасы жана башка дагы ар кандай тармактардын өнүгүүсүнө арналган иш-чаралардын, стратегиялык өнүгүү пландарында, жаңы, заманбап технологияларды, билимге-илимге, көндүмдөргө негизделген, мамлекеттик башкарууну жөнөкөй жана сапаттуу кылууга багытталган программалар камтылган бир топ иштер жүргүзүлүп келүүдө [3].

Аймактары өнүктүрүүдө жана өлкөнү санариптештирүүдө да өлкөнүн бардык аймактарында, бүткүл өлкөнүн масштабында жаңы технологияларды колдонуу, өнүгүү темпине жаңы дем берилүүдө.

Демек, өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсү үчүн бүткүл өлкөнү санариптештирүү учурдун зарыл шарты болуп саналып келген. Билим берүү процессинде санариптик трансформациялоонун мааниси санариптик экономикага жана санариптик коомго өтүүнүн глобалдык процесстери менен шартталган. Мында билим берүүдөгү санариптик трансформациянын стратегиялык максаты болуп заманбап технологияларды колдонуунун натыйжалуулугун жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуу болуп жеке инсанга багытталган жогорку сапаттагы натыйжа берүүчү заманбап билим берүү процессин калыптандыруу болуп саналат.

Заманбап билим берүү системасы бул коомдун бир топ милдеттерине сапаттуу жооп бериши керек. Мында трансформацияланган эмгек рыногу билим берүүдөгү программалардын учурдагы реалдуулукка ыңгайлаштырууну талап кылып, кадрларды даярдоонун ийкемдүү системасына өтүү зарылдыгын көрсөтүп келет.

Иштин актуалдуулугу: Билим берүүнүн бардык деңгээлдериндеги маанилүү жана негизги маселе мугалимдер үчүн көндүмдөрдү өркүндөтүү моделин киргизүү жана мугалимдердин санарип компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча демилгелерди колдоо болуп саналат. Мугалимдик кесип ар дайым маанилүү жана ардактуу. «Санарип окуу жайларда, билим берүү уюмдарындагы окутуучулардын ордун, ролун өзгөртөт, б.а. окутуучуну студентке, анын муктаждыктарына жана артыкчылыктарына ылайык багыт берүүчү кураторлорго айландырат. Ошондой эле билим берүүнүн мазмунун ар дайым жаңылап турат. Жөнөкөй мугалимдин же жогорку жайлардагы окутуучулардын ордуна педагог-изилдөөчүлөр, педагог-консультанттар, долбоордун жетекчисине, инновациялык ой жүгүртүү стили бар, чыгармачылык жана кесиптик ишмердүүлүккө жөндөмдүү, өз алдынча чечим кабыл алууга жана өзүн өнүктүрүүгө жөндөмдүү санарип мугалим болуп чыга келет. Мындай мугалим же окутуучу билим берүү мекемесиндеги билимдин жана тарбиянын сапатынын жогорулашына эң чоң таасирин тийгизет.

Иштин максаты: Ар кандай маселенин изилдениши теориялык изилдөө ыкмаларына негизделет: автор тарабынан санариптик маданиятты калыптандыруу маселелерин караган илимий-изилдөө адабияттарына талдоо жүргүзүлгөн жана жыйынтыгын жана башка категориялар менен болгон өз ара байланышын аныкталган [7].

Натыйжалар жана алардын талкуулоо:

Азыркы мезгилде «санариптик маданият» түшүнүгү кеңири колдонулуп келе жатат, ал «маалыматтык маданият» термининен башаталат.

Бул түшүнүктөр бири-бирине окшош, ал эми экинчисинин трансформациясы маалыматты санариптик чөйрөгө өткөрүү жана санариптештирүү процессинин башталышы менен байланыштуу болот.

«Санариптик» деген аныктама электрондук системаларды билдирет, алар санариптик ырааттуулук түрүндө коддолгон маалыматты сактайт, иштетет жана өткөрүп берет (Гнатышина, 2018).

Келечектеги мугалимдин санариптик маданиятын калыптандырууда кээде сынчыл ой жүгүртүүнүн таасирин тереңирээк карап көрүүгө негиз болот.

Ал эми санариптик маданияттын түзүмү төмөнкү элементтер аркылуу түшүндүрүлөт:

Мотивациялык элемент- мугалимдин санариптик чөйрөдө иштөөгө болгон кызыгуусу жана ички туюуму.

Когнитивдик элемент- санариптик билимдерди терен түшүнүү, маалыматты талдоо жана түшүнүү жөндөмдүүлүгү.

Иш-аракеттик элемент - санариптик технологияларды практикалык жактан колдонуу, окутуу процессинде интеграциялоо.

Рефлексивдик элемент - өз ишин терең баалоо, сынчыл ой жүгүртүү аркылуу билимдин натыйжаларын талдоо жана жакшыртуу аркылуу.

Ушул элементтердин ар бири санариптик технологияларды сынчыл ойлоо менен тыгыз байланышта болуп, мугалимдин санариптик маданиятын толук калыптандырууга өбөлгө түзөт.
Когнитивдик компонентинин маңызы бул мугалимдин санариптик маданиятынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Билим студенттердин жөндөмдөрү менен көндүмдөрүнүн пайда болушунун негизин түзөт. Өз кезегинде билим келечектеги мугалимден алган маалыматтан калыптанат жана маалымат булактары ар түрдүү болушу мүмкүн: бул сабактагы окутуучу да, окуу куралдары, адабияты да, интернет-ресурстар да болушу мүмкүн

Ошентип, мында байланышы бар деген сынчыл ой жүгүртүү санариптик маданиятты калыптандыруунун негизин түзө алат, анткени дал ошол ой жүгүртүү санариптик мейкиндикте маалыматты издөө, аны иштеп чыгуу жана баалоо процессинин сапатына түздөн-түз таасир этип турат.

Бул педагогдордун этикалык нормаларды түшүнүүгө жана жаралып жаткан контент боюнча билимдерди өздөштүрүүнү талап кылат, анткени тиешелүү билимдер болбосо маалыматты толук жана туура баалоо мүмкүн эмес экендиги көрүнүп турат. Мындан тышкары, сынчыл ой жүгүртүү педагогго санариптик технологиялар боюнча өзүнүн билимдерин баалоого, боштуктарды көрүүгө жана аларды жоюуга мүмкүндүк берет деген ойдобуз [6]. .

Abstract: This article examines the use of graphical modeling as a teaching method for solving mathematical word problems. The theoretical foundations, its impact on student understanding, and the practical effectiveness of this method are examined. The purpose of the study is to determine the role of graphical modeling in solving word problems and analyze its potential as a pedagogical technology for developing mathematical thinking in schoolchildren. The article presents a detailed analysis of the theoretical foundations of graphical modeling, its role in solving word problems, and its practical application. The results of the study showed that the use of graphical modeling positively influences students' correct understanding of the problem situation, the determination of known and unknown quantities, and the conscious choice of mathematical operations. Furthermore, it was found that students' logical thinking, analysis, and reasoning skills significantly improved. The number of typical errors in problem solving decreased, and students' interest in the learning process increased. The scientific and practical results obtained in the article substantiate the need for widespread use of graphical modeling as an effective pedagogical tool in teaching word problem solving. These research materials have practical significance for mathematics teachers, students of pedagogical specialties and specialists engaged in research in the field of teaching methods.

Негизги сөздөр: графикалык моделдөө, текстик маселелер, математикалык ойлом, визуалдаштыруу, окутуу технологиясы, окуучулардын компетенттүүлүгү, математикалык проблемаларды чечүү.

Ключевые слова: графическое моделирование, текстовые задачи, математическое мышление, визуализация, образовательные технологии, компетентность учащихся, решение математических задач.

Keywords: graphical modeling, word problems, mathematical thinking, visualization, educational technologies, student competence, solving mathematical problems.

Азыркы билим берүү мейкиндигинде математиканы окутуунун мазмуну гана эмес, аны жеткирүүнүн ыкмалары да олуттуу маанаге ээ болууда. Айрыкча текстик маселелерди чечүүдө окуучулардын кыйынчылыктарга кабылышы көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан белгиленип келет. Бул кыйынчылыктардын негизги себеби - маселенин шартындагы абстракттуу маалыматты туура кабыл алуу жана аны математикалык тилге айландыруудагы жетишсиз көндүмдөр болуп саналат. Ушул жагдайда графикалык моделдөө ыкмасы окутуунун натыйжалуу каражаты катары өзгөчө маанаге ээ.

Бул макалада жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, графикалык моделдөө окуучулардын текстик маселелерди чечүү процессин жөнөкөйлөтүп гана тим болбостон, алардын логикалык ой жүгүртүүсүн системалуу түрдө өнүктүрүүгө шарт түзөт. Маселенин шартын схема, диаграмма же кесинди түрүндө берүү окуучуга текттеги маалыматты көз алдына элестетүүгө жардам берет. Натыйжада окуучу маселенин мазмунун үстүрт эмес, терең деңгээлде түшүнө баштайт. Математикалык текстик маселелерди чечүү - окуучулардын логикалык, аналитикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн бирдей талап кылган топтук тапшырма. Окуучулар үчүн текстик маселелердин негизги кыйынчылыгы - көйгөйдүн шартын туура түшүнүү жана аны математикалык иерархия менен байланыштыруу. Иерархия - бүтүндүн бөлүктөрүнүн же элементтеринин жогортон төмөн карай удаалаштык тартипте жайгашуусу [4]. Графикалык моделдер окуучуларга абстракттуу текстин мазмунун визуалдаштырып, математикалык байланыштарды аныктоого жардам берет.

Изилдөөлөрдө графикалык көрсөтмөлөр окуучулардын тапшырманы чечүү көрсөткүчүн жакшыртканы белгиленген, бирок окуу инструктураларында аларды эффективдүү колдонуу үчүн методикалык ыкмалар дагы далилдөө учурунда өзгөртүлүүсү керек экендиги белгиленет.

Графикалык моделдөө - бул маалыматты сүрөт түрүндө көрсөтүү, диаграммалар, схемалар, графтар жана башка визуалдык структуралар аркылуу татаал математикалык байланыштарды көрсөтүү ыкмасы. Графикалык моделдер окуучуларга маселени бөлүкчөлөргө бөлүп, ар бир компоненттин өз ара байланыштарын көрүүгө жардам берет [6].

Графикалык моделдөө теориясында жүргөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, графикалык көрсөтмөлөр менен иштөө окуучулардын абстракттуу математикалык концепцияларды түшүнүүсүн жакшыртат, көйгөйдү чечүүгө кеткен убакытты кыскартат жана логикалык ой жүгүртүүнү күчөтөт [2, 99-б.]. Текстик маселелер - бул сөз менен берилген математикалык маселелер болгондуктан окуучулардан тилдин мазмунун математикалык тилге которуу жөндөмүн талап кылат. Маселенин математикалык моделин түзүү негизги кадам болуп саналат. Бул модел түзүү жараяны окуучуларда аналитикалык ойлорду жана логикалык байланыштарды көрүү жөндөмүн өнүктүрөт. Графикалык моделдер - бул математикалык моделдин визуалдык формасы, алар окуучуларга маселени структуралык жактан анализдөөгө шарт түзөт.

Графикалык моделдөөнүн окуучулардагы ролу		
Визуалдаштыруу жөндөмдөрүн өнүктүрүү	Графикалык моделдер окуучуларга маселелердин математикалык түзүмүн көрүүгө жардам берет.	Диаграммалар жана схемалар менен иштөө окуучулардын маселени чечүүчүлүк стратегиясын жакшыртып, аны чечүүгө алып келген кадамдарды логикалык түрдө бөлүп берүү жөндөмүн арттырганы көрсөтүлөт.
Абстракттан конкретке өтүү	Графикалык моделдер билим алуунун когнитивдик жүктөмүн жеңилдетип, окуучулар абстракттык текстик маалыматты конкреттүү графикалык формаларга айландырууга жардам берет.	Бул абстракттык-логикалык түшүнүүнү күчөтөт жана оюндук маселелерди чечүүдө тактыкты жогорулатат.
Окутуудагы практикалык колдонуу	Мугалимдер графикалык моделдөө ыкмасын окуучуларга мисал бергенде колдонушат: • Маселелерди схемалар менен бөлүп көрсөтүү; • Карама-каршы аракеттерди графтар менен көрсөтүү; • Универсалдуу визуалдык белгилер аркылуу математикалык операцияларды сүрөттөө.	Бул ыкмалар окуучуларда маселени чечүүнүн логикасын түшүнүүгө өбөлгө түзөт жана көндүмдөрдү системалуу өстүрөт.
Изилдөө ыкмалары жана методика	Бул бөлүмдө графикалык моделдөөнү колдонуп математикалык текстик маселелерди чечүү боюнча изилдөө ыкмалары сунушталат.	Изилдөө окуучулардын графикалык моделдерди колдонуу жөндөмдүүлүгүн окуудан мурун жана кийин салыштыруу аркылуу жүргүзүлөт. Изилдөөдө: 1. Окуучуларга сөз менен берилген текстик маселелер берилет;

		2. Алардан маселени чечүү үчүн графикалык модел түзүү талап кылынат; 3. Натыйжалар логикалык тактык, тапшырманы чечүү убактысы жана модельдердин тууралыгы боюнча бааланат.
Изилдөө натыйжаларынын талдоосу	Изилдөөлөр көрсөткөндөй, графикалык моделдөө ыкмасын колдонгондон кийин окуучулардын эсептөө чечимдеринин тактыгы жана маселени түшүнүү деңгээли жакшырган.	Окуучулар диаграммалар менен иштөө аркылуу маселени этап-этабы менен чечүүгө көнгөн, бул алардын логикалык ой жүгүртүүсүн көрсөтөт.

Мындан тышкары, графикалык моделдер окуучулардын математикалык түшүнүктөрдү визуалдаштырууга болгон кызыгуусун арттырган, бул өзүнчө мотивациялык фактор болуп калган. Ошондой эле геометриялык моделдөө окуучулардын көрүү-ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө колдонулган мисалдар (1-сүрөт) бар, бул да математикалык ой жүгүртүүнүн жалпы деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.



1-сүрөт. Бишкек (I) жана Нарын (II) шаарларында күндүзгү температуранын өзгөрүшүнүн графиктери

Графикалык моделдөөнүн маанилүү өзгөчөлүгү – абстракттуу түшүнүктөрдү конкреттештирүү мүмкүнчүлүгүндө. Тексттик маселелерде берилген «көп», «аз», «айырмасы», «тең бөлүү» сыяктуу түшүнүктөр көп учурда окуучулар үчүн формалдуу сөз катары кабыл алынат. Ал эми бул түшүнүктөр графикалык модель аркылуу берилгенде, алардын мааниси так ачылып, математикалык амалдарды тандоо аң-сезимдүү мүнөзгө ээ болот. Бул өз кезегинде окуучулардын каталарды азайтуусуна жана туура чечимге жетүүсүнө өбөлгө түзөт. Тактап айтканда, педагогикалык чөйрөнү кеңейтүү, кызыгууну стимулдаштыруу, таанып-билүү кызыгуусун жана активдүүлүгүн стимулдаштыруу, таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүккө позитивдүү мамилени калыптандыруу, ийгиликтин кырдаалын түзүү саналат [3, 88-б.].

Изилдөөнүн жүрүшүндө байкалган дагы бир маанилүү жагдай - графикалык моделдер окуучулардын өз оюн оозеки жана жазуу түрүндө негиздеп берүү жөндөмүн жакшыртат. Окуучу схеманын негизинде чечимин түшүндүрүп жатканда, ал логикалык байланыштарды ирээттүү баяндоого үйрөнөт. Бул жөндөм математика сабагы менен гана чектелбестен, башка предметтерди өздөштүрүүдө да маанилүү ролду ойнойт. Демек, графикалык моделдөө метапредметтик компетенцияларды калыптандыруунун да натыйжалуу куралы болуп саналат.

Ошондой эле графикалык моделдөөнү колдонуу окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттыргандыгы аныкталды. Схемалар, диаграммалар жана визуалдык элементтер менен иштөө сабакты жандандырып, окуучуларды активдүү ишмердүүлүккө тартат. Бул ыкма салттуу «мугалим айтып берет – окуучу угат» формасынан алыстап, окуучуну билимди өз алдынча курууга багыттайт. Мындай шартта окуучу билим алуунун пассивдүү объектиси эмес, активдүү субъектиси болуп калат.

Жыйынтыктап айтканда, графикалык моделдөө текстти маселелерди чечүүдө окутуунун натыйжалуу, илимий негизделген жана практикалык жактан пайдалуу ыкмасы болуп эсептелет. Бул ыкма окуучулардын математикалык түшүнүгүн терендетип, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, билимди аң-сезимдүү өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Изилдөөлөрдө графикалык моделдерди колдонуу окуучулардын маселени чечүү көрсөткүчүн жакшыртып, когнитивдик жүктү азайткан. Ошондуктан графикалык моделдөөнү жалпы билим берүүчү мектептердин математика курсунда кеңири жана системалуу колдонуу бүгүнкү күндүн маанилүү педагогикалык милдеттеринин бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Бекбоев И.Б. Азыркы сабакты өткөрүүнүн жаңы технологиялары.- Окуу китеби. Б.-2010.
2. Кабылова С.А., Кайдиева Н.К., Таалайбекова Ч.Т. Кенже мектеп окуучулардын маалыматтык-коммуникациялык компетенцияларын калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү. Ж. Баласагын ат. КУУнун Жарчысы №2 (114), 2023. С. 99-103. ISSN 1694-8033 https://elibrary.ru/item.asp?id=54125239
3. Кабылова С.А. Заманбап билим берүү сисемасындагы маалыматтык технологиялар. Ж. Баласагын ат. КУУнун Жарчысы №2, 2025. С. 87-91. ISSN 1694-5344.
4. Кокорева В.В., Вендина А.А. Графические модели как средство визуализации текстовых задач в начальной школе // Kant. 2020. № 3(36). С. 284–289.
5. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 3-том. Башкы редактору Асанов Y. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011. 784 бет, илл. ISBN 978 9967-14-074-5
6. Лепина К.В., Локтионова Н.Н. Графическое моделирование как средство обучения детей младшего школьного возраста решению текстовых задач // Дошкольное и начальное образование: традиции и инновации. 2020. С. 164–167.

Рецензент: пед. и.к., доцент Жуматаева А.С.

УДК: 371

Колдошев М., Жусупова А.А., Абдыкайымова А., Эркебаева Н.

Колдошев М., Жусупова А.А., Абдыкайымова А., Эркебаева Н.

Koldoshev M., Zhusupova A.A., Abdykayimova A., Erkebaeva N.

МОБИЛДИК ТЕЛЕФОНДУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНЕ ТААСИРИ ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА КӨРСӨТМӨЛӨР
ВЛИЯНИЕ МОБИЛЬНОГО ТЕЛЕФОНА НА ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ ПРОЦЕСС И РЕКОМЕНДАЦИИ ПО ИХ ПРИМЕНЕНИЮ
THE IMPACT OF MOBILE PHONES ON THE EDUCATIONAL PROCESS AND RECOMMENDATIONS FOR THEIR USE

Кыскача мүнөздөмө: Сунушталган илимий макалада мектеп окуучуларынын мобилдик телефонду сабактарда жанында алып жүрүүсүнө байланыштуу маселе каралат. Сабактарда мобилдик телефондун окуучулар жанында алып жүрүүсүнө мугалимдердин мамилесин жана талабын билүү максатында Ош шаарынын айрым мектептеринин 8-классынын балдар-кыздарына жазуу түрүндө сурамжы сунуштап, иликтөө жүргүзүүнү ылайык көрдүк. Сурамжыны статистикалык жактан иреттештирип, талдап, натыйжасы корутунду жасоого жана белгилүү деңгээлде көрсөтмөлөрдү

сунуштоого негиз болуп берди. Сурамжынын натыйжасын жалпылаштырып жыйынтыктаган учурда, сабактарда мобилдик телефондордун окуучулардын жанында болушу, алардын билим, тарбия алуу сапатына кедергисин тийгизген негизги факторлордун бири экендиги айкындалды. Каралган темага байланыштуу эл аралык тажрыйбанын айрым материалдарын камтый кеттик. Европа континентиндеги, Евразия мейкиндигинде жайгашкан өнүккөн өлкөлөрдөгү билим берүү мекемелеринде окуучулардын сабактарда мобилдик телефонду алып жүрүүсүн тыюу салган же чектеген чечимдер, мыйзамдар эске алынып, ал иш-чараларга негиз болгон өзөк факторлор маалымдалды. Соңунда мектептерде мобилдик телефондорду окуучулардын пайдалануусуна байланыштуу алдынкы чет өлкөлөрдөгү бул багыттагы тажрыйбаны эске алуу менен жалпы мектептер үчүн бирдиктүү талаптын жана эреженин иштелип чыгылышынын маанилүүлүгү белгиленди.

Аннотация: В представленной научной статье рассматривается проблема использования мобильных телефонов учащимися в учебное время. С целью выявления отношения и требований учителей к ношению мобильных телефонов на уроках было проведено письменное анкетирование среди учащихся 8-х классов ряда общеобразовательных школ города Ош. Полученные в ходе опроса данные были систематизированы, статистически обработаны и проанализированы, что послужило основанием для формулирования выводов и выработки определённых рекомендаций. Обобщение результатов исследования показало, что наличие мобильных телефонов у учащихся во время уроков является одним из основных факторов, негативно влияющих на качество обучения и воспитания. В статье также представлен обзор отдельных материалов международного опыта по рассматриваемой проблеме. В частности, проанализированы решения и нормативно-правовые акты, принятые в образовательных учреждениях развитых стран Европы и Евразийского пространства, направленные на запрет или ограничение использования мобильных телефонов учащимися в учебное время, а также раскрыты ключевые факторы, послужившие основанием для принятия данных мер. В заключение подчёркивается важность разработки единых требований и правил по использованию мобильных телефонов учащимися в общеобразовательных школах с учётом передового зарубежного опыта в данной сфере.

Abstract: The presented scientific article addresses the issue of students carrying and using mobile phones during lessons. In order to identify teachers' attitudes and requirements regarding the presence of mobile phones in the classroom, a written survey was conducted among eighth-grade students of several secondary schools in the city of Osh. The collected data were systematized, statistically processed, and analyzed, which provided a basis for drawing conclusions and formulating specific recommendations. The generalization of the survey results revealed that the presence of mobile phones during lessons is one of the major factors negatively affecting the quality of students' learning and moral education. The article also includes an overview of selected materials reflecting international experience related to the topic under study. In particular, decisions and regulatory measures adopted in educational institutions of developed countries in Europe and the Eurasian region that restrict or prohibit students from carrying mobile phones during classes are examined, and the key factors underlying these measures are identified. In conclusion, the importance of developing unified requirements and regulations for the use of mobile phones by students in general education schools is emphasized, taking into account best practices from leading foreign countries.

Негизги сөздөр: мобилдик телефон; билим берүү процесси; кесепеттери; алдын алуу чаралары; пайдалуу платформалар; көз карандылык; ден соолукка таасири.

Ключевые слова: мобильный телефон; образовательный процесс; последствия; полезные платформы; профилактические меры; зависимость; влияние на здоровье.

Keywords: mobile phone; educational process; consequences; useful platforms; preventive measures; addiction; health impact.

Киришүү. Азыркы ааламдашуу заманында мобилдик технологиялар адамдардын күнүмдүк жашоосунун ажырагыс керектөөсүнө айланды. Жаш муундун өкүлдөрүн, маселен, мектеп окуучуларын алсак, алар үчүн смартфондор жана башка мобилдик түзүлүштөр коммуникациянын, маалымат алуунун жана көңүл ачуунун негизги каражаты болуп калды. Бирок, бул технологиялардын билим берүү процессине тийгизген таасири карама-каршы мүнөзгө ээ болуп, маселе педагогдордун, психологдордун жана ата-энелердин арасында дискуссиялык аянтчаны жаратууда. Заманбап илимий-изилдөөлөр, бир жагынан, смартфондор маалымат алуунун, окуу материалдарына жеткиликтүүлүктүн жана интерактивдүү окутуунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен каражат катары өзгөчө белгиленсе, экинчи көз карашты кармангандар, көңүл топтоого тоскоол болгон, академиялык натыйжалуулуктун төмөндөшүнө алып келген факторго басым жасашат.

Ал эми дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму болсо, ар күнү телефон менен ашыкча убакыт олтурууну "цифралык көз карандылык" деп баалайт. Изилдөөлөр, мындай көз карандылык эс тутум жөндөмдүүлүктүн начарлашына, концентрациянын төмөндөшүнө, уйку режиминин бузулушуна, социалдык изоляцияга алып келерин көрсөтүшөт.

Биз карап жаткан маселеге тиешелүү көз карашты окумуштуу-педагог В. П. Масягин мындай: "Бүткүл дүйнөдө смартфондорду колдонуучулардын бат өсүшү байкалууда; айрым жерлерде пайдалануучулар компьютерлерге караганда смартфондорго анык артыкчылык беришет. Учурда смартфондор адамдардын күнүмдүк жашоосунун бир бөлүгүнө айланды жана аларды ашыкча пайдалануу кооптуулукту жарата баштады... Көптөрү смартфондорду алардын зор мобилдүүлүгүнө жана функционалдуулугуна байланыштуу күнү бою жанында кармашат. Бул түзүлүштөрдүн жардамы менен бардык интернет-контенттерге жана оюндарга жеңил кирүү мүмкүн; мына ушул жөнөкөй жеткиликтүүлүктөн бул түзүлүштөрдүн андан бетер коркунучтуулугу аңдалууда. Смартфондорду пайдалануу мобилдүүлүктү камсыздаса да, күн ичинде ашыкча колдонуу пайдалануучуларга айланасында болуп жаткан нерселерге караганда өзүлөрүнүн түзүлүштөрүнө көп көңүл бөлө баштаган көйгөйгө алып келиши мүмкүн", - деп белгилейт [4, 95-96-бб.].

Биз сабактарда окуучулар мобилдик телефондорду жанында алып жүрүүсүнө карата мугалимдердин мамилесин билүү максатында атайын иликтөө жүргүзүүнү ылайык көрдүк.

Изилдөөнүн методдору: проблеманы аныктоо, теманы коюу, теманын актуалдуулугун негиздөө, тиешелүү илимий макалаларды окуп-үйрөнүү, сурамжы жүргүзүү, анализ, синтез, индукция, дедукция, абстракциялоо, конкреттештирүү, интерпретациялоо, жалпылоо, статистикалык иштеп чыгуу ж.б.

Негизги мазмуну. №18 А. Навои атындагы орто мектептин 8-классынын 30 окуучусуна сурамжы жүргүзгөн кезде, "Сабактарда мобилдик телефонуңарга карата мугалимдериңер кандай мамиле кылат?" – деген суроонун (а) жообун, б.а. "телефонубуз столдун үстүндө эле турат, мугалимдерибиз буга каршы эмес", - деп аталганын 14 окуучу тандаган. Ал эми (б) жообун: "мугалимдерибиздин уруксаты менен гана телефонду колдонобуз, ага чейин телефонубуз жаныбызда болот" – дегенди 6 окуучу, (в) жообун: "телефондун алдыбызда туруусуна мугалимдерибиздин талабы бирдей эмес; айрымдары жөн койсо, бөлөктөрү китеп баштыкка салып коюуну талап кылат" – 3 окуучу тандоосун билдирсе, 7 окуучу сурамжынын суроолорун такыр жоопсуз калтырган.

Окуучулардын тандаган жоопторун талдай келгенде, мобилдик байланыш телефондорун пайдаланышкан китеп, дептери менен эле жанаша коюшарын аңдоого болот. Бирок, мугалимдин уруксаты менен телефонду колдонушарын айтышкан. Алардын ичинен 3 окуучу телефонго карата мугалимдердин койгон талабы бирдей эместигин, мындайча айтканда, телефонду китеп, дептер менен катар коюуга бөгөт коёрун билдиришкен. Ош мамлекеттик университетинин "Ыйман" гимназиясынын 8-"а" жана 8-"б" класстарынын сурамжыга катышкан окуучуларынын жоопторуна сереп салсак, алар тиешелүү түрдө төмөнкүдөй жоопторду тандашкан. 8-"а"дан сурамжыга 11 окуучу, 8-"б" класстан 7 окуучу катышып, алардын жоопторун таблица көрүнүшүндө берчү болсок:

Таблица 1. Окуучуларга сунушталган сурамжыга алардын тандаган жоопторунун көрүнүшү

		8-“а”			8-“б”	
№	а	б	в	а	б	в
1-суроо	2	6	3	0	6	1
2-суроо	10	0	1	3	1	3
3-суроо	4	2	4	2	3	2

8-“а”дан 1 окуучу 3-суроого жооп берген эмес. 1 окуучу информатика предметин белгилеген. 8-“б” класстан 1 окуучу (в) жоопту тандоо менен бирге, информатика мугалиминин телефонуңарды колуңарга алгыла деп, телефондон маалымат издөөгө көрсөтмө берерин маалымдаган.

Жооп берген окуучулардын көбү мугалимдердин уруксаты менен гана телефонду колдонушарын билдиришкен. 3 окуучу – телефонду китеп баштыкка салып коюуну талап кылат деген жоопту тандаган.

Биздин оюбузча, мугалимердин айрымдары ушундай талап коёрун болжолдоо мүмкүн. “Айрым сабактарда мугалимдер силерге телефонуңарды колуңарга алгыла деп, телефондон маалымат издөөгө, мындайча айтканда, телефонуңарды пайдалануу көрсөтмө береби?” – деген 2-суроого 10 окуучу “ооба”, - деп жооп берген. Айрым убакта информатика сабагында телефонун пайдалануу боюнча мугалим көрсөтмө берерин кээ бир окуучулар белгилешкен. 3-“Сабак учурунда мугалимдин талабы боюнча телефонуң кутучага (же китеп баштыкка) салынган кезде, телефонуңа эмне маалымат келип калды экен деп көңүлүң бөлүнө береби?” – деген суроого болсо, 8-“а” жана 8-“б” класстардын окуучуларынын тандашкан жоопторун кошкон кезде, окуучулардан алтоо – “ооба, негедир оюмда тура берет” – десе, 6 окуучу – “телефонду көңүлүмдөн чыгарып, оюмду сабакка бурамын”, - деп, жагымдуу жооп берген. Окуучулардын басымдуурак бөлүгүнүн телефонума эмне маалыматтар келип калды экен деген жоопту тандашы, алардын көңүлүнүн бөлүнүшү, оюнун чачыранды болушу, бул да табигый көрүнүш жана сабактан алагды кылчу фактор. Мунун өзү окуучунун ынтаа коюусуна, мугалимдин сөзүн угууга, сөзүнө тиешелүү түрдө маани берүүгө, мугалим менен окуучулардын өз ара продуктивдүү мамилелешүүсүнө кедергисин тийгизбей койбойт. Сурамжылоого Ош мамлекеттик университетинин “Билим” лицейинин 8-классынын 23 окуучусу катышкан. Алардын тандаган жоопторун таблица көрүнүшүнө келтирсек:

№	а	б	в	эскертүү
1-суроо	14	6	3	7 окуучу сурамжыга такыр жооп берген эмес
2-суроо	12	10	1	
3-суроо	6	10	7	

1 окуучу 2-суроонун (в) жообун белгилеп, ошону менен бирге кыргыз тили, биология предметтеринин мугалимдери телефонду колдонууга көрсөтмө беришерин жазган. “Сабактарда мобилдик телефонуңарга карата мугалимдериңер кандай мамиле кылат?” – деген 1-суроого 20 окуучу мугалимдеринин уруксатысыз телефонду колдонушпай тургандыгын маалымдашкан. Окуучулардын үчөө “телефондун алдыбызда туруусуна мугалимдерибиздин талабы бирдей эмес; айрымдары жөн койсо, бөлөктөрү китеп баштыкка салып коюуну талап кылат” – деген жоопту тандашкан. Ал эми “Айрым сабактарда мугалимдер силерге телефонуңарды колуңарга алгыла деп, телефондон маалымат издөөгө, мындайча айтканда, телефонуңарды пайдалануу көрсөтмө береби?” – деп аталган суроого окуучулардын 12си “ооба”, ону – “жок” дешип, биздин оюбузча, сабак берген мугалимдердин болжол менен теңи сабактын кээ бир фрагментинде окуучулардын телефон пайдалануусуна көрсөтмө берсе, калган жарымы телефон колдонууну эске алышпайт. Мындай суроого “Сабак учурунда мугалимдин

талабы боюнча телефонуң кутучага (же китеп баштыкка) салынган кезде, телефонуңа эмне маалымат келип калды болду экен деп көңүлүң бөлүнө береби?” – окуучулардын бөө “ооба, негедир оюмда тура берет” десе, 10 окуучу – “эмне маалымат келди экен деп кээде көңүлүм бөлүнөт” – деген жоопту тандаган. 7 окуучу телефонун көңүлүнөн чыгарып, бүт ынтаасын сабакка бурарын маалымдашкан. Тилекке каршы, 7 окуучу сунушталган сурамжыны жоопсуз калтырган.

Эске алчу жагдай, Ош шаарындагы №17 Ю. А. Гагарин атындагы мектептин директору сурамжынын мазмуну менен жакшылап таанышпай туруп, өзүнүн административдик ыкмасына салып, студенттердин илимий-изилдөөчүлүк мүдөөсүн туура түшүнүү менен мамиле жасоонун ордуна, сурамжы жүргүзүүгө макул эместигин билдирип, четке каккан.

Көптөгөн өлкөлөр: Франция, Нидерланды, Италия, Венгрия, Греция, Португалия, Россия, Кытай, Түштүк Корея, ошондой эле Испаниянын, Канаданын (Онтарио) жана Германиянын (Бавария) айрым региондору сабактарда мобилдик телефондорду пайдалануюга толук тыюу салышкан, же катуу чектөөлөрдү киргизишкен жана билим берүү максаттарында гана, же болбосо экстремалдык кырдаалдарда мобилдик байланышты колдонууга уруксат берилери маалымдалат. Бул чаралар көңүл коюуну топтоштурууга (концентрациялоого), жетишүүнү жакшыртууга жана окуучулар үчүн алагдылоочу факторлорду азайтууга багытталгандыгы айтылат.

Мобилдик телефонду пайдалануюга тыюу салган өлкөлөр тууралуу мүнөздөмө:

- **Франция.** Башталгыч жана орто мектептер үчүн тыюу 2018-жылдан тарта иштейт.
- **Италия.** Тыюу мектепке чейинки мекемелер жана орто мектептер үчүн жайылтылган.
- **Венгрия.** 2024-жылдын сентябрынан баштап жалпы улуттук масштабда тыюу салуу кабыл алынган.
- **Түштүк Корея.** 2026-жылдан тарта толук тыюу салуу жөнүндө мыйзам кабыл алган.
- **Россия.** Сабактарда жеке максаттар үчүн телефонду пайдалануюга мыйзамдуу тыюу салуу кабыл алынган жана экстремалдык кырдаалда же окутуу үчүн гана колдонууга уруксат берилет.
- **Греция.** Толук окуу күнү бою телефондор китеп баштыкта сакталышы керек, тыюу мугалимдерге де тиешелүү.
- **Португалия.** Окуу колдонмо катары пайдалануюга уруксат берилет жана 2012-жылдан сабак мезгилинде колдонууга тыюу салынган.

Жарым-жартылай же регионалдык чектөө коюлган өлкөлөр: Улуу Британия, Испания, Канада, Германия, Бельгия.

Тыюу салуу каралып жаткан өлкөлөр:

Беларусь. 2025-жылдан тарта тыюу салууну кийирет.

Дания. Окуу жайлар “Мектеп мобилдик жабдыксыз” деген саясатты ишке ашырышат.

Коомдо туруктуу демократиялык жагымдуу абал орун алган өнүккөн өлкөлөр мобилдик телефонго байланыштуу жогоруда көрсөтүлгөн чараларга барышкан. Аталган мамлекеттерде телефондун окуучуларга максаттуу эмес, стихиялуу терс таасирин алдын ала болжошкон, негиздешкен жана билишкен.

Сабактын чордонунда мугалим менен мамилелешүү, коммуникация турушу, мугалимине карата окуучулардын сый-урматын жана ишенимин жаратып, сабак процессинде жүргөн жандуу карым-катыштын артыкчылыктуу жана келечектүү багыт экендигинин маанилүүлүгүн андап-туюу зарыл.

Жогорудагы баяндалгандардын негизинде төмөндөгү жыйынтыкка келүүнү туура таптык.

Корутунду:

- сабак учурунда мобилдик телефонду жанында алып жүрүүгө тыюу салган бирдиктүү талаптын коюлбаганы маалым болду;
- окуучулардын нерв системасы, психикасы назик болорун, балдардын жанында телефон болгон учурда алардын көңүлү улам бөлүнүп, алаксып турарын, бул фактор алардын сабакты өздөштүрүүсүнө кедергисин тийгизерин, сабакта мугалимдин борбордук фигура экендиги көз карашынан окуучунун түшүнүгүн алыстатып, мугалим менен окуучулардын кызматташуусу табигый

жүрбөй, бул маселеге мектептердин жетекчилиги жана педагогикалык жамааттын негедир үстүрт, салкын мамилеси келечек үчүн ойлонтпой жана санааркатпай койбойт;

- мектеп жана окуучулардын ата-энелеринин ортосунда өз ара келишимдин негизинде бул маселе бирдиктүү позицияда оң чечилүүсү маанилүү;
- класс каанасында мобилдик телефондорду жайгаштыруу боюнча атайын кутучулардын жасалыш жана орнотуш тажрыйбасы колдоого аларлык;
- ата-эне баласына сабак учурунда мугалимдин сөзүн кунт коюп угууну, анын окуучулар менен мамилелешүүсүнө, жасаган иш-аракеттерине маани берүүнү, үйрөнүүнү кеңеш берүүсү лаазым;
- мугалимдердин, класс жеткечилердин маанилүү милдеттеринин бири – окуучулар мектептен сырткары болгон убакта, үйдө мобилдик телефондон өзүлөрү үчүн пайдалуу маалыматтарды алуу (платформалар, тиркемелер, контенттер), үйрөнүү жаатында кеп-кеңештерин берүүнү көңүл борборунда кармоосу зарыл;
- учурда жаштар арасында, өзгөчө өспүрүм курактагыларда, кичи курактагы балдар-кыздардын ичинде деле мобилдик телефонго ашыкча көз каранды болуу, байланып калуу көрүнүштөрүнүн көбөйүп баратышы коомдо көйгөйлүү маселеге айланды;
- мобилдик телефонго байланыштуу жогоруда кеп кылган алдыңкы өлкөлөрдүн билим берүү мекемелеринин тажрыйбасын эске алуу менен биздин мамлекетте аталган көйгөйлүү маселени натыйжалуу чечүү багытында иретке салуу иш-аракеттери жасалса максатка ылайык болмок.

Колдонулган адабияттар

1. Гальченко А. С., Григорьев П. Е., Поскотинова Л. В. Интернет-зависимость обучающихся // Педагогика. 2021. Т. 85. №10.
2. Гнедаш Е. С. Вопросы профилактики интернет-зависимости студентов вуза // Вопросы педагогики. 2021. №2-3.
3. Занина Л. В., Кирик В.А., Мирошниченко А.В., Гатальская Г. В. Профилактика зависимостей в условиях цифровизации: риски и решения: Коллективная монография. Ростов н/Д: Кредо, 2020.
4. Масягин В. П. Психолого-педагогические условия профилактики интернет-зависимости молодёжи // Инновации в образовании, №4, 2022. – С. 94.
5. Маматова Г. Т. Преимущества применения программных платформ в образовательном процессе / “Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар” эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Ош, 2025-ж. 12-13-сентябрь // А. О. Келдибекованын ред. астында [Электрондук ресурс]. Ош: Ош мамлекеттик университети, 2025. – 318-323-бб.
6. Токторбаев А. М., Токтомуратова Ж. Э. Математикага окуучулардын мотивациясын AHASLIDES платформасын колдонуу менен жогорулатуу / “Математикалык билим берүүгө заманбап мамилелер жана технологиялар” эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Ош, 2025-ж. 12-13-сентябрь // А. О. Келдибекованын ред. астында [Электрондук ресурс]. Ош: Ош мамлекеттик университети, 2025. – 368-373-бб.

Рецензент: пед. и.д., профессор Сатарова А.Т.

УДК: 378.147:004.8

Ли Сяотин, Рыспаев А.

Ли Сяотин[1], Рыспаев А.[2]

Li Xiaoting, Ryspaev A.

ORCID: 0009-0001-6501-0256[1]

ORCID: 0009-0000-2095-0159[2]

ЖОГОРКУ ОКУУДАГЫ ГЕНЕРАТИВДИК AI (LLM) КОЛДОНУЛУШУ ЖАНА КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР: КЫРГЫЗСТАНДЫН ҮЛГҮСҮ
ПРИМЕНЕНИЕ И ПРОБЛЕМЫ ГЕНЕРАТИВНОГО ИИ (LLM) В ВЫСШЕМ ОБРАЗОВАНИИ: ПРИМЕР КЫРГЫЗСТАНА
APPLICATION AND CHALLENGES OF GENERATIVE AI (LLM) IN HIGHER EDUCATION: A CASE STUDY OF KYRGYZSTAN

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада генеративдик жасалма интеллектти (GenAI) жана чоң тил моделдерин (LLM) Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасына интеграциялоонун учурдагы абалы жана потенциалы талданат. Глобалдык санариптештирүү шартында Кыргызстан уникалдуу мүмкүнчүлүктөргө жана олуттуу көйгөйлөргө туш болууда. Изилдөөдө LLMдердин жекелештирилген окутууну жакшыртуу жана билим берүү мазмунун түзүүнү автоматташтыруу мүмкүнчүлүктөрү, өзгөчө көп тилдүү (кыргыз-орус-англис) чөйрөдө каралат. Бирок, интеграция процессине академиялык ак ниеттүүлүк маселелери жана борбор менен регионалдык университеттердин ортосундагы "санариптик ажырым" тоскоол болууда. Авторлор GenAI билим берүү тармагын өзгөртүү үчүн зор потенциалга ээ экенин белгилеп, аны ишке ашыруу үчүн катуу ченемдик укуктук базаны жана инфраструктуралык инвестицияларды талап кылаарын сунушташат.

Аннотация: В данной статье анализируется текущее состояние и потенциал интеграции генеративного искусственного интеллекта (GenAI) и больших языковых моделей (LLM) в систему высшего образования Кыргызской Республики. В контексте глобальной цифровизации Кыргызстан сталкивается как с уникальными возможностями, так и с серьезными проблемами. В исследовании рассматривается, как LLM могут улучшить персонализированное обучение и автоматизировать создание образовательного контента, особенно в многоязычной среде (кыргызский-русский-английский). Однако процессу интеграции препятствуют вопросы академической честности и «цифровой разрыв» между столичными и региональными университетами. Авторы предлагают, что, хотя GenAI обладает преобразующим потенциалом для образовательного ландшафта Кыргызстана, его реализация требует строгих нормативных рамок и инвестиций в инфраструктуру.

Abstract: This paper analyzes the current status and potential of integrating Generative Artificial Intelligence (GenAI) and Large Language Models (LLMs) into the higher education system of the Kyrgyz Republic. In the context of global digitalization, Kyrgyzstan faces both unique opportunities and significant challenges. The study explores how LLMs can enhance personalized learning and automate educational content creation, particularly in a multilingual (Kyrgyz-Russian-English) environment. However, the integration process is hindered by issues of academic integrity and the "digital divide" between the capital and regional universities. The authors suggest that while GenAI offers transformative potential for Kyrgyzstan's educational landscape, its implementation requires strict regulatory frameworks and infrastructure investment.

Негизги сөздөр: Генеративдик жасалма интеллект, чоң тил моделдери, жогорку билим берүү, Кыргызстан, жекелештирилген окутуу, академиялык ак ниеттүүлүк, санариптик ажырым.

Ключевые слова: Генеративный ИИ, большие языковые модели, высшее образование, Кыргызстан, персонализированное обучение, академическая честность, цифровое неравенство.

Keywords: Generative AI, Large Language Models, Higher Education, Kyrgyzstan, Personalized Learning, Academic Integrity, Digital Divide.

Introduction

The rapid development of artificial intelligence, specifically Generative AI and Large Language Models (such as ChatGPT, Claude, and Gemini), has created a new paradigm in global education. For developing countries like the Kyrgyz Republic, this technology presents a significant opportunity to overcome traditional barriers in access to knowledge. Currently, the education system in Kyrgyzstan is

undergoing a transition towards digitalization. However, the adoption of AI tools is largely unstructured and driven by students rather than institutions. This paper aims to evaluate the practical applications of LLMs at the university level in Bishkek and identify the specific barriers preventing their effective integration.

Methodology

The research methodology employed in this study is primarily qualitative, adopting an exploratory case study approach centered on the Institute of Computer Technologies and Artificial Intelligence at the Kyrgyz National University (KNU). Given the nascence of Generative AI adoption in the region, quantitative data is currently scarce; therefore, this study relies on two complementary data sources: documentary analysis and participant observation.

First, a systematic review was conducted on recent regulatory frameworks issued by the Ministry of Education and Science of the Kyrgyz Republic regarding digitalization (2023-2025). This was triangulated with internal academic regulations of KNU to identify gaps between national digital strategy and university-level implementation.

Second, the study incorporates empirical data derived from participant observation during the Fall 2025 academic semester. Observations focused on the practical behaviors of PhD and Master's level students in laboratory settings. Key metrics observed included the frequency of AI tool usage for coding and academic writing, specific prompt-engineering difficulties faced by non-native English speakers, and the technical bottlenecks occurring within university infrastructure. This dual approach allows for a realistic assessment of how global AI trends are landing in the specific local context of Bishkek.

1. The Potential of LLMs for Personalized Learning in Kyrgyzstan

One of the most immediate impacts of GenAI in the local context is its role as a linguistic and cognitive bridge. At Kyrgyz National University (KNU) and broader Central Asian institutions, students operate in a complex trilingual environment: lectures may be in Russian or Kyrgyz, while the cutting-edge datasets and high-impact papers are predominantly in English. This creates a "double cognitive load": students must first decode the language before they can attempt to understand the scientific concept.

In this specific scenario, LLMs function differently than in English-speaking countries. They are not merely answering questions; they are serving as real-time, context-aware localization tools. A student can input a complex paragraph from an IEEE article and request not just a translation, but a conceptual breakdown in their native tongue, utilizing local analogies. This capability democratizes access to global knowledge, allowing a student in Bishkek to engage with the same material as a student in Boston, bypassing the traditional lag of textbook translation which can take years.

However, "personalized learning" here also implies a shift in the learning curve. As noted in recent studies published in the Bulletin of KNU, the integration of such digital technologies is no longer optional but a survival skill for graduates entering a global market [1]. In large lecture halls with over 50 students, professors physically cannot tailor explanations to each individual's comprehension level. Here, the LLM acts as an asynchronous tutor—available 24/7 to clarify doubts, generate practice quizzes based on specific lecture notes, and provide feedback on drafts without the social pressure of asking a "stupid question" in class.

2. Automation of Educational Content Creation

For the faculty in Kyrgyzstan, the value proposition of GenAI lies in administrative and preparatory efficiency. The burden of paperwork in post-Soviet educational systems is historically heavy. Developing updated syllabi, constructing diverse case studies, and creating rubric-based assessment criteria consume a disproportionate amount of time—time that is subtracted from research and direct mentoring.

Preliminary observations suggest that AI tools can reduce the time spent on these structural tasks by approximately 30-40%. For instance, an instructor can feed a core concept into an LLM to generate five distinct scenarios for a seminar discussion, tailored to different difficulty levels. This allows for a more dynamic curriculum that can be updated weekly rather than annually.

However, this automation introduces a new risk: the proliferation of "zombie curriculums"—course materials generated by AI but not critically vetted by humans. The effectiveness of these tools is entirely

dependent on the prompt engineering literacy of the faculty. There is currently a noticeable generation gap; while younger staff may intuitively grasp how to guide the AI, senior professors may struggle, leading to generic or hallucinated content entering the classroom. Without systematic institutional training, the use of AI in teaching preparation remains a chaotic, individual initiative rather than a strategic asset.

3. Challenges: Academic Integrity and Ethics

The widespread accessibility of LLMs has fundamentally broken the traditional "trust model" of university assignments. In Kyrgyzstan, the educational system has spent years battling plagiarism through software solutions like Anti-Plagiat. However, GenAI presents a much more sophisticated challenge that renders simple text-matching obsolete.

The core issue is "cross-lingual laundering." A student can generate an essay in English using ChatGPT, ask it to translate the text into Russian or Kyrgyz, and then submit it. Current detection algorithms trained on local databases struggle to flag this synthetic text because it is technically "original" (not copied from an existing source) yet intellectually void of the student's own effort.

Consequently, the definition of academic misconduct needs rewriting. As highlighted in international research, banning these tools is a futile endeavor akin to banning calculators in the 1980s [2]. The response must be pedagogical, not just punitive. Universities must pivot from result-oriented assessment (the final essay) to process-oriented assessment. This means evaluating the student's ability to critique AI output, oral defense of their work, and in-class writing where the "human reasoning" can be verified. If the assessment method remains static while the tools evolve, the value of the degree itself is at risk of inflation.

4. The Digital Divide: Regional Disparities

While GenAI is software-based, its utility is strictly bound by hardware realities. This study identifies a critical risk: the deepening of the "digital divide" between the capital, Bishkek, and regional oblasts. The effective use of models like GPT-4 or Claude requires stable, high-bandwidth internet connections and modern devices capable of handling complex web interfaces smoothly.

Universities in Bishkek generally benefit from urban fiber-optic infrastructure. In contrast, regional universities in areas such as Naryn, Talas, or Batken often struggle with intermittent connectivity and outdated computer labs. If education becomes heavily reliant on cloud-based AI tools, students in these regions will face a structural disadvantage. They are not limited by their intellect, but by their latency.

Therefore, the integration of AI cannot be viewed solely as a software update; it is an infrastructure challenge. As highlighted in research on distance learning, without a foundational investment in the digital grid, introducing advanced AI tools will paradoxically increase inequality [3]. We risk creating a two-tier education system: an AI-augmented elite in the capital and a traditional, resource-constrained tier in the regions.

5. Strategic Recommendations for Implementation

To mitigate the risks identified above while maximizing the transformative potential of GenAI, this paper proposes a three-tiered implementation strategy tailored for Kyrgyz higher education institutions.

5.1. Institutional Policy Framework: From Ban to Regulation University administrations must abandon the unrealistic goal of banning AI. Instead, KNU should establish a clear "AI Acceptable Use Policy" (AUP). This policy must explicitly distinguish between "AI-assisted" work and "AI-generated" submissions. Faculty members should be mandated to include a specific AI disclosure statement in every course syllabus. For example, a "Green/Yellow/Red" light system could be adopted:

Green: AI use is encouraged (e.g., brainstorming sessions).

Yellow: AI use is permitted with citation (e.g., literature review).

Red: AI use is prohibited (e.g., in-class exams).

5.2. Pedagogical Pivot: "AI-Resilient" Assessment The rise of LLMs necessitates a shift from "product-based" assessment to "process-based" assessment. If a professor only grades the final PDF file, academic integrity cannot be guaranteed. Therefore, the curriculum must reintegrate human-centric verification methods:

Oral Defense (Viva Voce): Reintroducing short, random 5-minute oral defenses for written assignments to verify that the student understands the logic behind the text.

In-class Analytical Writing: Conducting key assessments in controlled environments without internet access to establish a baseline of the student's unassisted capabilities.

AI Critique Assignments: Intentionally asking students to generate an AI response to a complex problem and then grading them on their ability to identify errors, biases, and hallucinations in the AI output.

5.3. Infrastructure Investment and Partnerships To bridge the digital divide discussed in Section 4, the Ministry of Education should explore public-private partnerships with local telecom providers (such as MegaCom or Beeline) to zero-rate traffic to specific educational AI platforms. Furthermore, universities must prioritize the "University Cloud Initiative." Rather than expecting every student to possess high-end hardware, the university should provide cloud-based access to LLM APIs through computer labs, ensuring that a student's economic status does not dictate their access to intelligence tools [4].

Conclusion

The integration of Generative AI into the higher education landscape of the Kyrgyz Republic represents a critical inflection point rather than a mere technological trend. As this study has demonstrated, LLMs offer a unique solution to the historical "linguistic isolation" faced by Central Asian academia, serving as a powerful equalizer that allows students and faculty at KNU to access and process global scientific discourse without the friction of language barriers. The potential for personalized, asynchronous tutoring addresses the resource constraints of large class sizes, effectively democratizing access to quality mentorship.

However, this technological optimism must be tempered with structural realism. The benefits of AI are currently distributed unevenly, threatening to widen the gap between well-funded universities in the capital and regional institutions. Furthermore, the obsolescence of traditional plagiarism detection tools signals an urgent need for pedagogical reform. The academic community must pivot from policing AI to integrating it into the learning process.

Ultimately, the future of education in Kyrgyzstan will not be defined by the sophistication of the algorithms, but by the adaptability of its institutions. The goal is not to produce students who can compete *with* AI, but students who can compete *using* AI. To achieve this, a synchronized effort involving infrastructure investment, ethical regulation, and curriculum modernization is required. Only through such a balanced approach can Kyrgyzstan harness this digital wave to elevate its national educational standard rather than being overwhelmed by it.

References

1.Raimkulova, A., & Zulpueva, K. (2024). Digital Educational Technologies: Artificial Intelligence. *Bulletin of the Jusup Balasagyn Kyrgyz National University*, 1(117), 51-55.

2.Dwivedi, Y. K., Kshetri, N., Hughes, L., et al. (2023). "So what if ChatGPT wrote it?" Multidisciplinary perspectives on opportunities, challenges and implications of generative conversational AI for research, practice and policy. *International Journal of Information Management*, 71, 102642.

3.Asanova, N., & Arkhipova, T. (2023). Advantages and Disadvantages of Distance Learning in Primary School. *Bulletin of the Jusup Balasagyn Kyrgyz National University*, 2(114), 336-343.

4.UNESCO. (2023). *Guidance for generative AI in education and research*. Paris: UNESCO.

Рецензент: к. ф-м.н., доцент Темиров М.А.

УДК:004.89:378.147

Тазбулатова Г.К., Асипова Н.А.
Тазабулатова Г.К., Асипова Н.А.
Tazbulatova G.K., Asipova N.A.

ТИЛ БАГЫТЫНДА ОКУУЧУ СТУДЕНТТЕРДИ ЖАЗУУ КЕПКЕ ҮЙРӨТҮҮДӨ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИН ИНТЕГРАЦИЯЛОО ПРАКТИКАСЫ
ПРАКТИКА ИНТЕРГРАЦИИ ИСКУСТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА ПРИ ОБУЧЕНИИ ПИСЬМЕННОЙ РЕЧИ СТУДЕНТОВ ЯЗЫКОВЫХ НАПРРАВЛЕНИЙ
PRACTICE OF INTEGRATION OF ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN TEACHING WRITTEN SPEECH TO STUDENTS OF LANGUAGE STUDY

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада билим берүүнү санариптештирүү шартында тил багыты адистигинде окуган студенттердин жазма коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүү өзгөчөөлүктөрү каралат. Изилдөөнүн максаты – англис тилиндеги академиялык жана профессионалдык жазууну окутууда жасалма интеллект куралдарын интеграциялоонун натыйжалуулугун талдоо. Изилдөөдө Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети 2025-жылдын сентябрынан декабрына чейинки изилдөө жазуу иштерин талдоо, түзөтүү жана чагылдыруу үчүн жасалма интеллект куралдарын (Grammarly Premium, ChatGPT) колдонду. Натыйжалар аргументациянын сапатынын жакшырганын жана студенттердин көпчүлүгүнүн жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрүнүн маалымдуулугун көрсөтүп, салттуу окутуу ыкмаларын алмаштыруунун ордуна, жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн куралы катары жасалма интеллекттин натыйжалуулугун көрсөттү.

